КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

# КЛАССИКАЛЫК ИЗИЛДӨӨЛӨР ЖАНА ТЕКСТТЕР

## *САГЫМБАЙ ОРОЗБАКОВ*

# «МАНАС»

## I ТОМ

Академик Абдылдажан Акматалиевдин
жалпы редакциясынын астында

***Түзгөндөр***
***Самар МУСАЕВ***
***Абдылдажан АКМАТАЛИЕВ***
***Жазгүл ТОЙЧУБЕК КЫЗЫ***

Бишкек
«ПРИНТ-ЭКСПРЕСС» – 2018

УДК
ББК
К

Кыргыз Республикасынын 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы (2014-ж. 2-июнь, №119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтомунун (2015-ж. 6-апрель, №151-б.) негизинде жарык көрдү.

Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды.

Редколлегия:

Акматалиев А. А.
Байгазиев С. О.
Жайнакова А. Ж.
Маразыков Т.
Мусаев С. Ж.
Садыков Т.
Токтоналиев К. Т.
Эркебаев А. Э.

**К** **Классикалык изилдөөлөр жана тексттер:** Сагымбай Орозбаков. «Манас». I том / Түзгөндөр: С. Мусаев, А. Акматалиев, Ж. Тойчубек кызы. – Бишкек: «Принт-экспресс», 2018. – 552 б.

ISBN

«Классикалык изилдөөлөр жана тексттер» сериясынын бул томуна залкар манасчы Сагымбай Орозбаковдун айтуусундагы «Манас» эпосунун варианты берилди.

Китеп фольклористика, манастаануу адистиги боюнча эмгектенген окумуштууларга, жогорку окуу жайлардын филология факультеттеринин студенттерине, аспиранттарга жана элдик маданий мурастарга кызыккан жалпы окурмандарга сунуш кылынат.

УДК
ББК

К

ISBN

© КРУИАнын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, 2018

© Принт-экспресс, 2018

## БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗ РУХУНУН ТУУ ЧОКУСУ

Адамзаттын агып турган тиричилиги дайыма болочокко багытталганы менен, өткөн тажрыйбасы – анын түпкү күлазыгы, таянган тоосу, келечек урпактарга энчиленген мурасы. Мунсуз коомдук жана маданий турмуштун уланышы мүмкүн эмес. Бул аныктама эң оболу сөз табиятына таандык. «Өнөрдүн алды кызыл тил» деп илгеркилер бекер айтпаса керек. Чоң кеменгерлик менен айтылган нерсе – эмне гана болбосун, адам тарабынан жасалган ар бир кыймыл, аракет, бүткөн иш жана чектелген максат алды менен адамдын аң-сезиминен даярдалып чыгат. Сөздөн, ойдон башталып, адамдын ар түркүн жетишкени тажрыйба катары кайра ойго, сөзгө келип бекемделет, аң-сезимди байытат. Азыркы мезгилде сөз сапаты күтүлбөгөн тездик менен сапаттан сапатка, баскычтан-баскычка дүркүрөп көтөрүлүп жатат. Илимдеги, техникадагы, коомдук турмуштагы чукул өсүштөр, кубулуштар инсаныттын ой жүгүртүүсүн күндөн-күнгө шаштыртып, түгөнгүс информациянын дайрасында утурлатып барууда. Ушундан келип чыккан көрүнүш – жаңы маданияттын таасири табийгый түрдө кылымдардан бери келаткан сөз өнөрүнүн калыптарын «бузуп», ал турмак, анын классикалык эрежелерин дагы жаңылантууга, түрдөнтүүгө алып келди. Көркөм адабияттын философиялык, имандык маңызынын барган сайын тереңдеши адам жарык келечекке, прогресске умтулуусун сүрөттөө эң маанилүү, эң зарыл борбордук маселеге айланышы – бул биздин күндөрдүн талашсыз белгиси. Ошондой болсо да, элдин генийинен жаралган көркөм сөз өнөрүнүн не бир асыл заттары байыркы туңгуюктан бери кайра оор, узак сапар тартып, өзүнүн наристе нукуралык сапатын коротпой, биздин күнгө жетип, бүгүнкү күндүн реалдуу көрүнүшү катарында кабыл алынат. Дайыма кыймыл-аракеттин, дайыма жандуу организмдин касиетине ээ мындай баа жеткис асыл зат өткөн маданий эстеликтин чегинен чыгып, түз эле азыркы учурдун талабына шаймашай жооп берген жандуу эстетикалык кубулуш катарында элдин реалдуу руханий асылдыктарына келип кошулат. Кыргыз элинин улуу мурасы – эпикалык традициясы мына ушундай баа жеткис руханий

байлыкка жатат. Кыргыз эли Борбордук Азиядагы эң байыркы элдердин бири экени тарыхка маалим. Өзүнүн өсүш жолунда узак, татаал кылымдарды башынан өткөргөн кыргыз эли этикалык маданияттын эң бийик үлгүлөрүн жаратууга жетишкен. Башка элдер өзүнүн өткөндөгү маданиятын, тарыхын жазма адабиятта, скульптурада, архитектурада, театр, сүрөт искусствосунда сактап келген болсо, кыргыз эли өзүнүн бүткүл аң-сезимин, ар-намысын, күрөшүн, көздөгөн максатын жана бир катар учурларда реалдуу тарыхый окуяларын оозеки эпикалык жанрда чагылдырган. Тил жана эпосторду изилдеген өткөн кылымдардагы белгилүү алман немец филологу Якоб Гримм: «Биздин тилибиз – бул биздин тарыхыбыз да», – деп жазгандай, биздин улуттук тилибиз жана эпикалык дастандарыбыз – биздин тарыхыбыз деп айтууга толук акыбыз бар. Ушул жагдай, ушул шарт эпостун ар түрдүү тарыхый, турмуштук багытта өсүп-өнүгүшүнө алып келген. Маселен, «кенже» эпос деп аталган поэмаларды алып көрөлү. Адам жана табияттын сыйкырдуу күчтөрү жөнүндөгү «Төштүк», адам жана жаратылыш жөнүндөгү «Кожожаш», социалдык-турмуш жөнүндөгү утопиялуу «Кедейкан», романтикалуу сүйүү жөнүндөгү «Олжобай менен Кишимжан» эпостору улуу «Манас» эпосуна карата гана шарттуу түрдө кенже эпос деп аталат. Болбосо булардын ар бири өзүнчө зор дүйнө, түгөнгүс байлык. Бирок, кантсе да кыргыз элинин мына ошол байыркы ата мурасынын эң туу чокусу – улуу «Манас» эпосу. Чынында да «Манас» жомогу өзүнүн кайталангыс көркөмдүк кубаты боюнча, нечен кылымдардын кайгылуу, оор окуяларын тулку боюна сиңирип, имандык, философиялык мазмундуу жыйынтыктоолору боюнча, элдин тагдырын ар тараптан: жашоо-тиричилик, жоопкерчилик, үй-бүлө шарттары, ар түрдүү салт-санаа, социалдык-коомдук турмуш тарабынан кеңири жана толук камтышы боюнча, дүйнөдөгү эң сейрек кездешкен дүйнөлүк поэтиканын эстеликтеринин үлгүлөрүнө жатат. Сөз жок, «Манас» эпосунда реалдуу турмуш, тарыхый окуялар (кыргыз элинин тагдырына байланыштуу) чагылганы талашсыз. Ал турмак, эпостун келип чыгышы да белгилүү бир тарыхый кырдаалга байланыштуу болушу мүмкүн. Бирок, «Манас» тарыхый санжыра эмес. Бул баарынан мурда ошол тарыхый жана реалдуу окуялардын негизинде кыргыз элинин чыгармачылык генийинен жаралган, улам такталып, тазарып, артыкбаш жүктөрдөн бошонуп, керектүү, зарыл жаңы кошумчаларды кабыл алып, тулку боюна сиңирип, өзүнүн бүгүнкү көз кайкыган бийиктигине

жеткен көркөм чыгарма. Ошондуктан бул чыгармада кадимки кадыресе жашоо-тиричилик менен катар, акыл жеткис укмуштуу фантастика, тарыхый окуялардын алыскы чагылышы менен катар, шумдуктуу миф табигый түрдө бирге, жанаша жашайт. Аларды биринен бирин ажыратууга, бөлүп алууга болбойт. Алар бирине-бири өтмө-катар чырмалышкан. Элдин көркөмдүк аң-сезими аркылуу муундан-муунга, укумдан-тукумга өткөн «Манас» эпосу, ошентип, бышып жетилип, чыңалып, күчүнө толуп турган кезде бизге, биздин күнгө туш келди. Бул анын зор тарыхый бактысы. Болбосо ким билет, эпос эмес, эпосту жараткан эл улам бир трагедиядан бир трагедияга учурап, азаюудан азаюуга бараткан. Улуу Октябрдын жаркыраган таңы менен кыргыз эли капарына келбеген жаңы дүйнөгө туш келип, анын бирден-бир перзенти «Манас» эпосу сөздүн түз маанисинде да, каймана маанисинде да кайрадан жаралды. Улуу эпос эми өзүнүн экинчи өмүрү, түбөлүк өлбөс өмүрү, китептин өмүрү менен жашоо дооруна өттү. Ошентип, бир мезгилде ооздон-оозго өтүп, уруудан-урууга гана белгилүү болгон зор эстетикалык окуя өзүнүн накта көркөмдүк наркына ээ болуп, дүйнөлүк маданияттын алтын казынасына түздөн-түз келип кошулду. Тарыхый көз караш менен караганда, «Манас» эпосу башка эстетикалык өлчөмдүн негизинде, башка талап, башка тарыхый-турмуштук шартта жаралган. Ага бүгүнкү күндүн адабиятынын көркөм жана идеялык максаттарын коюуга, ага бүгүнкү күндүн адабиятынын закон ченемдери менен мамиле жасоого болбойт. Ошондой болсо да, эпос биздин күндөргө жеткирген тарыхый чындыкты жана көркөм чындыкты бүгүнкү күндүн тили менен, түшүнүктөрү менен түшүндүрүүгө жана аныктоого толук болот. Эмне үчүн, кеп ушунда. Байыркы доордо, дүйнөлүк маданияттын кербен жолунан алыста, обочодо, айрыкча тарыхый шарттар менен, өзүнчө бир аймак менен чектелген кырдаалда жаралган бул эпос бизге эмнеси менен, кандай асыл заты менен баалуу? Ириде айтылуучу сөз мындай: эпостун эң негизги идеясы, анын бүткүл «кан тамырын» аралап өткөн идея адамзаттын жаралышынан бери адамды аздырып-тоздуруп, кубантып-сүйүнтүп, изденттип, улам алдыңкы максаттарга умтултуп, адам чаалыгып-чарчап бараткында ага канат байлап, күч берип, дем берип келген өлбөс, карыбас идея. Эпостун бүткүл көркөмдүк түзүлүшү, пафосу эң негизги бир идеяны баштан-аяк улап, өөрчүтүп-өнүктүрүп отурат, ал эркиндик идеясы, көз каранды эместиктин идеясы. «Манас» эпосунун өлбөс-өчпөстүгү,

түбөлүктүүлүгү, дүйнөлүк баа жеткис маданий эстеликтердин катарынан орун алышы да дал ушул идеялык-эстетикалык касиетине байланыштуу. Эпос ырдаган, эпос даңазалаган эркиндик, көз каранды эместик идеясы менен бүгүнкү биз түшүнгөн эркиндик, көз каранды эместик идеясынын ортосунда ички маани-мазмуну боюнча асман-жердей айырма бар. Бирок, бизге эпос дал ошонусу менен баалуу, дал ошонусу менен кымбат, анда элдин эркиндик жөнүндөгү идеалы, философиясы, имандык чен-өлчөмдөрү бузулбай, «таралбай», ошол жаралган калыбында жеткендигинде. Албетте, эпос деген – эпос. Ар түрдүү тарыхый кырдаалдарга ылайык эпостун көркөмдүк турпатына, кала берсе, идеялык түзүлүшүнө ар түрдүү катмарлануулар болбой коюшу мүмкүн эмес. Бүгүнкү окуучу, дүйнөлүк классика, дүйнөлүк фольклор менен кабары бар окуучу, аны оңой эле сезет. Катмарлануунун өзү да эпостук касиет. Мындагы эң маанилүү башкы маселе – «Манас» эпосунун түпкү нукура идеясы миң жылдар бою ар түрдүү тоскоолдуктарга, кысымдарга учураганына карабастан өзүнүн наркын коротпой биздин улуу заманга жеткенинде. Бул – эпостун майтарылгыс күчү. «Манас» эпосу – бийик гуманизмге сугарылган эпос. Мындай деп айтыш бир караганда парадоксалдуу угулушу мүмкүн. Анткени, эпос баштан-аяк согуштук жүрүштөргө, чабуулдарга, кандуу кыргынга негизделген. Мындайынча жөнөкөйлөштүрүп айтсак, Манастын бүт өмүрү согушта, чабуулда өтөт. Ал өзүнүн эң акыркы жүрүшүнө акылман аял Каныкейдин каршы болгонуна карабастан жөнөйт. Ушул жолку кыргында Манас өзү катуу жарадар болуп (ал ошондон акыры каза табат), кырк чоросунан бүт айрылат. «Манас» эпосу ушундай финалына, жыйынтыгына карабастан, бийик гуманизм идеясын бекемдеген, адамды сүйүү, адамды баалоо коом турмушунун эң бийик имандык нормасы экенин бекемдеген дүйнөлүк гениалдуу эпостун катарына кирет. Эпосту жараткан элдин акылмандуулугу көркөм чыгарманын трагедиялуу финалынан эле даана сезилип турат. Мындай кайталангыс финал улуу чыгармага гана мүнөздүү жана жарашыктуу. Манастын өлүмү жана кырк чоронун кырылышы айтып бүткүс трагедия. Азыркы тил менен айтканда Шекспирдин талантына шайкеш трагедия. Эгерде, элдин баатыры журттун айтканына көнбөй, адилетсиз чабуулга аттанса, анда, эл өзүнүн сүйүктүү каарманын да аябайт. Эпостун гуманисттик жыйынтыгы да мына ушунда. Илимий терминология менен айтканда, «Манас» эпосун баатырдык эпостун катарына кошушат. Бул чындыкка туура

келет. Ошондой болсо да, эпос караманча согуштук жүрүштөрдү гана баяндап, даңазалап чектелбейт. Эпос камтыган окуя, турмуш өтө кеңири жана ар түрдүү. Ал кадимки тиричилик ырым-жырымдан баштап, адамдын эл, жер менен болгон татаал байланышына чейин сүрөттөйт. Аш, той, каада-салт, айтор, адам турмушуна, тилегине, умтулуу-максатына тиешелүү окуялардан сүрөттөлбөй калган эч нерсе жоктой. Башкасын айтпаганда деле, Көкөтөйдүн ашында сүрөттөлгөн каада-салт эмне деген эстетикалык мааниге ээ. Дал ошол көркөмдүктүн күчүнөн улам байыркы турмуштук көрүнүштөр өзүнүн кадыресе этнографиялык алкагынан чыгып, адамдык адилеттүүлүктү, акылмандыкты даңазалаган терең философиялык жыйынтыктоолорго келет. Эпостун бийик гуманизми, имандык сабагы андагы таасын тартылган Аялдын сонун образынан эле сезилет. Ал гана эмес бүгүнкү күндүн эстетикалык талабы, түшүнүгү менен эле мамиле этсек, эпостогу Аял анчейин ишмер, колунан көөр төгүлгөн уз гана эмес, эң оболу ал – өзүнчө сын көз карашка ээ болгон индивид, инсан, ошону менен бирге ал жоокердин теңтайлаш шериги, акылман кеңешчиси, баатырдыгынан да кем калбаган жан жолдошу. Ошол түнт заманда, дүйнөлүк маданий прогресстен сырткары шартта таралган элдин эпосунда аялга ушундай баа берип, аялдын акылын, ыйбаасын, ишмердүүлүгүн, баатырдыгын романтизациялаган көркөм чыгармага азыр да таң калбай кароого мүмкүн эмес. Арийне, эпостун көркөмдүк структурасын, укмуштуу сүрөттөөлөрдүн табиятын, бир чети куудул сөздөн башталып, бир чети трагизм менен аяктаган татаал стилдик кубулуштардын ички сырын ачып, чечмелеп көрсөтүү – адабиятчы-фольклорчунун жумушу. Мен, бирде, азырынча жазуучу катарында гана, жалпы адабиятка түздөн-түз тиешем, катнашым бар болгондуктан гана «Манас» эпосу сөз өнөрүнүн эң бийик, эң таза үлгүлөрүнө жатаарын айтпай коё албайм. Жөнөкөйлөштүрүп айтканда, кол жазмадан окуганда бир учурда тамшанып, таң калбай коюуга болбойт. Ал мындай. Эпосто баатырлар, чоролор, дөөлөр сүрөттөлөт, алар минген тулпарлар сүрөттөлөт, алардын ар биринин курал-жарактары, жоокер кийими сүрөттөлөт. Эпосто ошондой эле ар түрдүү аялдар сүрөттөлөт. Алардын иштеген иши, даярдаган буюмдары, сайган саймаларынан тартып, сырткы кебете-кешпирине чейин сүрөттөлөт. Эпосто толуп жаткан согуштук эпизоддор, баатырлардын жекеме-жеке беттешүүлөрү сүрөттөлөт. Жаратылыштын ар түрдүү кубулуштарынан тартып, адамдын ички кайгы-кубанычына

чейин сүрөттөлөт. Мына ушунун баарын манасчыдан угуп отуруп же жазылып алынган кол жазмадан окуп отуруп, ар бир сүрөттөө өз ордунда экенин көрүп, ар бир сүрөттөөнүн өзүнчө көркөмдүк системасы, көркөмдүк максаты бар экенин сезип, элдин көркөмдүк фантазиясына таң калбай койбойсуң. Маселе бул жерде таамай, так айтылган салыштыруу, эпитетте гана эмес. Көп, кылымдар бою өз ичине камтыган көп катмарлуу эпостун мазмунга, адам турмушунун ар түрдүү жактарын, социалдык-турмуш, сүйүү-лирикалык, моралдык-этикалык маселелерин, байыркы кыргыздардын географиялык, медициналык, астрономиялык, философиялык түшүнүктөрүн бүтүндөй камтыган эпостук мазмунга, бир учу жомоктон, мифтен, фантастикадан башталып, бир учу реализмге (фольклордук маанидеги) келип жеткен көркөм форманын бипбирдей жанаша өсүп, бир бүтүн гармония түзгөнүндө. «Манас» эпосунун мазмундук жана көркөмдүк гармониясын айрыкча манасчынын аткарып жаткан процессинде, айрыкча, унутулгус Саякбай сыяктуу улуу манасчы аткарып жатканда сезесиз. Бул учурда эпостун, маселен, алсак, Каныкейдин Тайторуну чапканы, Алмамбеттин арманы сыяктуу атактуу окуялар гана эмес, ар бир сөз, ар бир ыр сабы, ар бир тирада манасчынын не бир кыймыл-аракети, үнү, сырткы кубулуштары менен айкалышып, ушулардын баары бир асыл заттан жаралгансып, ажырагыс бирдикти түзөт. Мына ошондо «Манасты» угуп отуруп, анын не бир кооздук-асылдыгына моокуң канып, ошол жазуусу жок, жазуу маданиятынан алыс шарттарда кыргыз эпосу ушундай таңгаларлык көркөмдүк жарашыкка, сөздү, музыканы, театрды өзүнө бириктирген гармонияга кантип жетти экен деп ойлойсуң. Мына ушул укмуштуудай көркөмдүк гармониянын касиетинен улам эпосто сүрөттөлгөн Кошой, Жолой, Макел дөөлөрдөн тартып Манас баштаган чоролорго чейин, Бакай карыядан тартып акылман Каныкейге чейин, Коңурбайдан тартып Көзкамандарга чейин белгилүү турмуштук шарттарда жашаган тирүү кейипкерлердей көз алдыбыздан тартылып өтөт. Биз ал турмак, кээде бул каармандар эпостук көркөм образдар экенин унутуп коюп, чынында да бир доордо, бир кылымдарда реалдуу жашаган тарыхый адамдардай сезип кетебиз. Көркөм чыгарманын багынтар күчү, өлбөстүк касиети дал ушунда эмеспи. Көркөмдүктүн бийик ченөлчөмү менен караганда эле Манас, Алманбет, Чубак, Сыргак, Бакай, Коңурбай сыяктуу монументалдуу планда тартылган образдарды айтпай эле коёлу, эпизоддук каармандардын катарына кошулган (азыркы

адабий түшүнүктү дагы бир жолу колдонуп айтсак) Тазбаймат, Кыргыл чал сыяктуу персонаждардын так элестүү типологиясы жагынан эң мүнөздүү образын түзүү өтө өнүккөн, бышып жетилген көркөм ойлоо аң-сезимине негизделери талашсыз. Кыргыз элинин мына ушундай көркөм ойлоо аң-сезими баарынан мурда, баарынан күчтүү эпикалык жанрда, эпикалык традицияда көрүндү. Кыргыз элинин эпикалык көркөм ойлоо аң-сезимин философиялык, эстетикалык, психологиялык, филологиялык-фольклордук жагынан терең жана комплекстүү изилдөө – окумуштуулардын кезектеги милдети деп түшүнөм. Анткени, оозеки чыгармачылыктагы көркөм ойлоо аң-сезиминин жалпы көркөмдүк принциптери, маселен, синкретизм, индивидуалдуу автордун белгисиздиги, же жоктугу, оозеки формада өнүгүү ж.б. «Манас» эпосуна мүнөздүү болсо дагы, менин терең ишенимимде эпос катарында бул көркөм чыгарма дүйнөлүк эпикалык практикада өтө уникалдуу көрүнүштүн катарына жатат. Бул бөтөнчөлүк баарынан мурда эпостун структуралык негизинде жаткан көркөм ойлоо аң-сезимине байланыштуу. Дал ушул кылымдардан бери өнүгүп-өөрчүп келаткан көркөм ойлоо аң-сезиминин бай жана күчтүү традициясынын негизинде гана Сагымбай Орозбаков, Саякбай Каралаев сыяктуу индивидуалдуу көркөм сүрөткерлер (негизинен «Манас» эпосун кесип кылгандар) өсүп чыгышкан. Тилекке каршы ушундай улуу манасчылардын далайы унутулуп, тарыхтын терең, калың катмарларында калды, айрымдар легенда түрүндө бизге жетти, кээ бирөөлөрү жөнүндө үстүртөн гана дарегибиз бар. Бирок, оозунан а дегенде эле ыр төгүлгөн, улуу эпостун уйкаштары чубурган не бир залкар манасчылардын болгону, манасчылардын өзүнчө бир «мектеби», уламалуу салты болгону күнөмсүз иш. Мына ошол улуу салтты улагандардын бири – азыр биз вариантын өзүнчө китеп түрүндө жарыялап отурган Сагымбай Орозбаков. Өзүн көрбөсөк да, манасчы Сагымбай Орозбаковдун ашкере даңкы ушул күнгө чейин калың журттун арасында ооздон түшпөй айтылып келе жатат. Бул кокусунан келип чыккан иш эмес. Үстүбүздөгү кылымдын башында жашап өткөн Сагымбай Орозбаков, маалыматтарга караганда, манасчылардын тизмесинде башкача бир орун ээлеп, өзүнчө бийиктелген аскар тоо. Албетте, муну калктын аңызы, сүймөнчүлүгү десе болоор. Ал эми Сагымбай Орозбаковдун өз оозунан 20-жылдарда изилдөөчүлөр жазып алган «Манас» дастанын окуп көрсөк, жогорудагы айтылган Сагымбайдын даңкы эң орундуу экени апачык боло түшөт.

«Манасты» көп эле жомокчулар айтып келген. Алардын устаттыгына эч кандай күмөн койбой, Сагымбай Орозбаковдун өнөрүн айырмаланта бөлүп кароого толук эби бар. Сагымбайдан жазылып калган тексттерди кунт коюп окуп чыккан ар бир адам Сагымбайдын сөз байлыгына, акындык чеберчилигине, сүрөткер кудуретине баш ийбей койбойт. Бул бир ааламда укмуш жаралган уникалдуу талант. Балким, эч убакытта кайталанбас руханий көрүнүштүр. «Манас» – «Манас» болгондон берки эпостун тамчыга тамчы кошулуп, сөзгө сөз, ойго ой кыналып, байыркы кыргыз журтунун бүткүл чыгармачылык кубатын Сагымбай бир өзү дилине сыйгызып тургандай сезилет. Мына, эми Сагымбайдын айткандары китеп катары окурмандарга тартууланууда. Улуттук маданияттын алды-артын түшүнгөн ар бир адам буга кубанбай коё албайт. Улуу нерсени окуп моокумун кандырууга улуу маданият керек экени белгилүү. Жетимишинчи жылдардагы кыргыз окурмандарынын даярдыгы бир кыйла өсүп, дүйнөлүк маданияттын даражасына жетилип отурат. Демек, өткөн замандардагы көркөм мурастарга тийиштүү сын көз менен мамиле этип, ошол кездеги идеяларды азыркы күндөгү идеялардын бийиктигинен ылгап кабылдоосу закон ченемдүү иш. Мисалы дейли, жер жүзүндө китеп аттуунун төл башы байыркы «Библияда» биздин коомдук көз карашыбызга шайкеш келбеген жерлери толуп жатат. Ошого карабай, бүткүл байыркы инсанатка тиешеси бар «Библияны» адабий эстелик катарында биз танбайбыз. Биз аны кайсы доордо, кандай тарыхый баскычта, коомдун кандай социалдык абалында, инсанаттын өнүгүш жолунда бул китеп кандайча түзүлүп, ошол заманда кандай идеяларды көздөгөнүн эске алып оң, терс жактарын сын көз менен аныктап, аны менен катар бүткүл инсанат маданиятынын байыркы эстелиги катарында биз аны баалайбыз. Ошонун сыңарындай байыркы кыргыздын оозеки «библиясы» – «Манас» татаал жана улуу нерсе. Азыркы күндөгү билимге жетилген окурмандар «Манаска» чыгармачылык мүнөздө мамиле этиши зарыл экендиги белгилүү. Муну анча айтып отуруштун да кажаты жок. Ар бир нерсе өзүнүн тарыхый тушунда каралса, анда вульгардык социологияга жол берилбейт. Замандан-заман өтүп, жер үстүндө кыргыз тили жашап тургуча «Манас» биздин улуттук туу чокубуз катарында тура бермек.

***ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ***

# «МАНАС» ЭПОСУ

Андак Ансар, Аглан Акбар, мурункулардан калган сөз. Ан Азирети Мукамбет Мустапа салайлий галейхи васаламдан төрт жүз жетимиш беш жылдан кийин түрк элинен, Түркстан жеринен Каракан, Огуз кандан кийин Аланча кан уругунан Байгур, Уйгур деген болгон экен. Уйгурдан Кашкар, Жаркент, Котон, Көөнө-Турпан, Үч-Турпан, Аксы, Күчөр деген жайлардагы элдерди уйгур аташкан экен. Байгурдун тукуму Анжиян, Нарын, Ысык-Көл,

Чүй, Лепси, Кара-Курум, Эртиш, Сары-Арка, Булгар, Жөнгөр-Кече, аяк жагы Орол тоолоруна чейин таралган экен. Жана Байгур балдары Бабыркандан Түбөй, Түбөйдөн Көгөй, андан Ногой, Шыгай, Чыйыр үч уул болгон. Бул үч уулдун дөөлөтү көлдөй толгон. Ногойдон төрт уул болгон: Орозду, Үсөн, Бай, Жакып. Кытай өкүматы буларды бөлүп кеткен. Ошол Жакыптын Чыйыр деген агасы өлгөн. Андан кийин Жакып Чыйырдын Шакан аттуу катынын алган жана да монгол калкынан Бөйөндүн уулу Чаян дегендин Бакдөөлөт аттуу кызын алган. Ошо эки катындан бир баласы да болбогон, өзү элүү жашка келген, эсепсиз бай болуп, салтанаты адамдан артык болгон. Шакан аты калып, мурунку эринин аты менен Чыйыр деп аталып, Чыйыр деп гана айтылбастан бара-бара Чыйырды аталып кеткен. Алиги Жакып бай баласы жоктугун арман кылып ыйлап, ушул төмөндөгү сөздөрдү айткан:

«Тукуму жок өтөм – деп,
Туяксыз кантип кетем – деп,
Жалгыз куу гана башым бар,
Датым кимге жетем?! – деп.
Күндө-түндө тыным жок,
Дүнүйө жыйдым тепеңдеп,
Ажал жетсе бир күнү
Акыретке кетем – деп,
Артымда туяк болбосо,
Артык дөөлөт нетем?!» – деп.
Баласы жоктон зарланып,
Балалууну көргөндө,
Байкуш Жакып арданып,
Ботосу жоктон зарланып,

Ботолууну көргөндө
Боздоп Жакып арданып,
Көңүлү түрдүү сөгүлүп,
Көздөн жашы төгүлүп,
Бир кудайга зар айтып,
Бил баштаган нар айтып
Мойнуна куржун салынып,
Мазарды көрсө бай Жакып
Баркырап ыйлап жалынып:
«Бербесе Теңир чарам жок,
Беш түлүктөн мал жыйдым,
Беш чака булча арам жок
Жака салып тон кийип,
Жабдык салып ат минип,
Жанымда болгон карам жок!»
Тутунарга туяк жок,
Тууганымдан айрылган
Журтта мендей чуңак жок!
Карманарга туяк жок,
Канатынан айрылган
Калкта мендей чунак жок!
Ажал анык, чара жок,
Аман жүрөр санаа жок.
Акыретке бет алсам
Атакелеп артымдан
Наалып калар балам жок!
Кунаным жүрөт кур болуп,
Кууп минер балам жок,
Кудайым кылды чарам жок!
Талаада жүрөт тайларым,
Таптап минер балам жок,
Таалайыма ыйлайын,
Ак ишине чарам жок!
Жашым жетти кырк сегиз,
Дүнүйө күттүм куп тегиз.
Акыретке бет алсам
Алтын, күмүш бул калат,
Алган жарым тул калат.
Айдаган малга ээ болуп
Алтайдан келген кул калат,
Аргымак семиз – кур калат.
Атлес, шайы, дүрүйө,
Артымда бала жок туруп,
Арбыды мынча дүнүйө,
Айдап, жыйып акыры
Азабын тарттым күнүгө.
Зарланып жүрүп бала үчүн
Зар болдум жакшы күлүүгө!
Оболоп учкан ак шумкар
Таптап салар кишим жок,
Баш күнүмөн мал жыйдым
Бала менен ишим жок.
Жүргөнүм менин чала экен,
Дүнүйө ээси бала экен,
Артыңда бала жок болсо,
Дүнүйөсү курусун,
Бузулуп калган калаа экен!
Атам Ногой кан болду,
Жакып кандай жан болду?!
Айдаган жылкым сан болду,
Айылымдын үстү чаң болду,
Чайнаганы май болду,
Чарбадары бай болду.
Тиккени сарай үй болду,
Тексиздин баары бий болду,
Зарланып ыйлап бала үчүн
Жакып бай байкуш ий болду.
Күрөөкө зоот дат болду,
Кермеде толгон ат болду,
Көйкүлүктү көргөндө
Күлкүдөн Жакып жат болду!
Ээлеп минер бала жок,
Эгем кылса чарба жок,
Эркек бала күтөм – деп,
Эр Жакыпта санаа жок!»

Жакып ушу сөздү айтып, ыйлап көңүлү бузулуп, көз жашы тизилип, жылкы, төө малынан кайтып, кудайга зарын айтып, күңгүрөнүп ыйлап, шаршемби күнү малдан үйүнө кайтып, ушу сөздү айтып, Туучунак минип желип, бай Жакып туптуура үйүн көздөй келип, айылынын жанына жакын атасынын аты Акымбек, анын Меңдибай деген бир баласы бар эле, он бир жашында, суусар бөркү башында, келди Жакып кашына, көзү түштү жашына.

«Ай, аке не ыйлайсыз? Эртели-кечти эки көздөн жашты тыйбайсыз?» – деп сурады. Ал сөзүнө Жакып жооп айтып турбады. Абыдан катуу ыйлап, үйгө келип түштү. Атын байлабады, алды-артын карабады, караганга жарабады. Үйгө кирди, киргенин Чыйырды байбиче көрдү. Кандайлыктан капаланды экен? – деп: «Не болду сизге – деп, капалыктын жөнүн айтчы бизге?» – деп, жооп сурады.

Анда Жакып кеп айтат,
Ачууланып бек айтат:
«Эси жок кандай катынсың,
Эсирген кандай каапырсың?!
Эртели-кечти мен чыксам
Элким үйдө жатырсың.
Эркелеткен балаң жок,
Эрмек болор адам жок,
Же сүйөрүңө балаң жок,
Же сүйүнүшөр адам жок.
Ушундайды эстесем
Сүлдөрүм бар, дарман жок,
Сүйсөм бала арман жок!
Баштатадан тек жүрдүм,
«Бала болор!» – деп жүрдүм,
Байкабастан көп жүрдүм.
Кутмандуудан бата алдым,
Куруп калсын дүнүйө,
Куу баш Жакып атандым!
«Карыды Жакып куу баш» – деп,
Калктын баары сени айтат:
«Катыны жүрөт туубас!» – деп.
Санап туруп дүнүйө
Заманам бүгүн айланды,
Баштагы сенин жолуң кууп,
Бакдөөлөт жолу байланды.
Эки катын алганым,
Эч туяк көрбөй калганым,
Эсиме түшүп эркиндик,
Эгеме ыйлап зарландым!»
Бай Жакып турду муну айтып,
Байбичесин муңайтып:
«Мендей карыган кемпирди
Мээнетке кудай келтирди.
Менин элү .гөжашым жеткени,
Эчактан бери тү .үлдүм,
Эсимден бала кеткени.
Эркелеткен катының
Эмдиге туубай неткени?»
Бакдөөлөт ат коюлуп,
Бала тууп бергендей
Басып жүрөт чоюлуп.
Эки катын биригип
Эркек – деп, сени сактады,
Эркелеткен катының
Эмдиге бала таппады.
Эзелден ишим тетири,
Эгем таала чактады.

«Мөмөсүз жыгач отундур,
Туубай турган болгон соң
Тумшугу жок катындыр!»
Байбиче турду майышып,
Бай Жакып турду кайышып,
Жетип келди Бакдөөлөт
Жекенге буту чалышып.
Бакдөөлөт туруп муну айтат,
Байбичени муңайтат:
«Мен шордуудга нетти? – деп,
Эжекемдин жолун кууп,
Этегимден кан чыкпай,
Баштагы болгон эжемдин
Жолун жолдоп кеттим! – деп.
Балам десем зарлаңып,
Бала туубай койгондон
Байбиче өлбөйт арданып.
Үйүм толгон көөхар таш,
Үмүтүм көп, башым жаш!
Жер ортосу боз дөбө
Билесиз басып жылбасын,
Мээнет баскан Чыйырды
Бендени сендей кылбасын!
Берер кудай өзүмө,
Мен киргенде үйүңө,
Мен өңдөнгөн алуучу
Көрүнөт экен көзүңө!»
Бакдөөлөт аны айтыптыр,
Басып чыгып кайтыптыр.
Аны көрүп байбиче
Айтар сөзү жок болуп,
Акыл ойлоп токтолуп,
Көңүлү канча сөгүлүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Жүүнү бошоп жыгылып,
Жук алдына бүгүлүп:
«Алагөр кудай барымды,
Төрт түлүктүү малымды!
Аман койсо чалымды
Жашартар кудай жанымды.
Ушунчанын ээси
Угар бекен зарымды?
Алла берсе тилегим
Аябас элем барымды!»
Аны айтып байбиче
Башын койду жаздыкка,
Бакдөөлөттүн көңүлү
Кеткен экен кастыкка.
Кас көңүлү билинди,
Ыйлап жатып Чыйырды
Чырым көзү илинди.
Уйкуга көзү барыптыр,
Уюп уктап калыптыр.
Чыканагы талыптыр,
Чырым уйку алыптыр,
Ак селдеси башында,
Ак сакалдуу бир адам
Келип кирди кашына,
Ыйлап жаткан бакырдын
Ырайымы келди жашына:
«Барбардигер бар кудай
«Ыйлаба!» – деди силерди,
Мени буйруп жиберди.
Аяктай болгон ак алма –
Аселден ширин бал алма,
Алла буюрган алма – деп,
Напсиң өлсүн жалма – деп,
Кызыл алма кыз – деди,
Кызматкербиз биз – деди,
Кылган ишиң түз – деди,
Мынабу айткан сөзүмдүн
Маанисине түш – деди,
Ак амири күч – деди.
Айтканымды бил – деди,
Алтымыш кулач ажыдаар
Ат ордуна мин!» – деди.

«Алиги жеген ак алмам
Курсагыма толуптур,
Артымдан чыкты ышкырып,
Ажыдаар болуптур,
Ачууланып оп тартса
Ай-ааламды соруптур.
Көрдүм чочуп нес болуп,
Узарыптыр өз боюм
Бир жүз отуз кез болуп.
Ойгонуп чочуп калганым,
Оюма ар иш алганым.
Байкап көрдүм кашымда
Бай Жакып уктап калганын».
Коңуругу баш жарып,
Козголбой уктап бай Жакып
Кыйын уктап калыптыр,
Ойготпоюн аны – деп,
Байбиче оюна алыптыр.
«Байбиче, байга нетти? – деп,
Байлаган киши жок беле,
Аты бошоп кетти – деп,
Акымбек уулу Меңдибай
Жакындап кууп жетти – деп,
Байлаар киши болбосо
Ал өңдөнгөн доңузду
Байбичеси, токолу
Байлап койсо нетти?» – деп,
Бердике туруп бек айтты,
«Бербей койду бала» – деп,
Барбардигер Аллага
Өчөшөбү?» – деп, айтты.
«Бала берер кудурет,
Өкүмүн өзүнөн бөлөк ким билет,
Ат байлаар адам болбосо
Бакдөөлөткө чоң милдет!»
Бердике муну айтканы,
Бакдөөлөттүн мойнуна
Баса минди шайтаны:
«Буурул сакал адамдар
Мындай бузук сөздү айтабы?
Кызматкер балдар кырк эле,
Малайдан башым кутулбайт,
Жалчыдан жаным тынчыбайт,
Ошончонун баарынан
Ат алар киши түк калбайт!?
Мен байлоочу белем башынан,
Байы чыкпай калганбы
Байбиченин кашынан?
Куруп калган томаяк
Курсагы тоюп алганбы
Куу кемпирдин ашынан!?»
Бердике чалга бек айтат,
«Мээнет баскыр!» –деп айтат.
Безеленип Бакдө .лөт
Бекем-бекем кеп айтат.
Бердике сөзү токтолду,
Белден ашкан Меңдибай
Ат кууган бойдон жок болду.
Көз байланды, түн болду,
Ат кууган бойдон жоголуп
Меңдибай аты ким болду?
Меңдибайдын энеси –
Байжайыраак эмеси.
Канымжан келди кашына,
Карап көрсө бай Жакып
Жаздык коюп башына,
Узарып уктап калыптыр,
Ушуну көрүп Канымжан
Уруштун сөзүн салыптыр.
Чыйырдыга кеп айтат,
Чымырканып бек айтат:
«Баштатан башы байлалуу
Малайың белек? – деп, айтат.
Ойготсоңчу эриңди,
Ойлосоңчу сөзүмдү,
Он бирде балам жоголсо,

Оболдон бала көрбөдүң,
Мени да окшоткону турсуң өзүңө.
Байбиче десе мактанып,
Бирди-экини кипгани
Бир да илбейсиң көзүңө.
Эртеден балам жоголду,
Эч албайсың эсиңе.
Каракчы бар, ууру бар,
Жалгызымдан айрылсам
Сенин жаныңды коёр
ким дейсиң?!
Миңдеп жаткан жылкыңды
Бир түгүнө албаймын,
Чыбыр толгон жылкыңды
Чыпалагына албаймын,
Адыр толгон жылкыңды
Аягына албаймын,
Өзүн тирүү бербесең,
Өлбөй тирүү калбаймын!
Байбиче сага мал кызык,
Бу күндө мага бала ысык,
Олтурамбы бу жерде
Ойноп сага алышып.
Түн ортосу болуптур,
Жыбырап жылдыз толуптур.
Же алигиче кабар жок,
Артынан киши барган жок,
Узатпай уштап алууга
Ургаачы менде дарман жок!»
Бай Жакып атын качырды,
Басып келип Канымжан,
Чыйырды мээсин ачытты.
Байбиче турду балк этип,
Балкы тон менен жалк этип.
«Кармап кетсе баламды,
Каракчы бар, ууру бар,
Какчаңдаган куу кемпир
Сенден кара жан аяп каламбы?
Аябайм сенден жанымды,
Адашып балам жоголсо
Албаймын дүйнө малыңды,
Азыр ойгот чалыңды!
Бөрүсү бар, түлкү бар.
«Бай жандаймын – деп, жүрүп
Балам кокус жоголсо
Мага да мазак менен күлкү бар.
Аюу менен жолборс бар.
Жолугуп калса кокустан
Аман жаның койбос бар.
Жолукса жолборс албайбы,
Анан менин жолум катып
калбайбы?!
Качырса каман чалбайбы,
Анан менин калемим катып
калбайбы?!
Ат байлоодон эригип,
Алжыганың билбейсиң,
Ак маралдай керилип,
Кеткен сенин кыябың,
Кемигениң билбейсиң.
Келинден бетер сыягың,
Сенин кеткен атың кубалап
Менин кетилеби туягым?
«Кеби менен курусун!» – деп,
Мени кенебей турган сыягың!
Балам кетти кечинде,
Күн батар жакын кезинде,
Артынан барган бир жан жок,
Албайсыңар эсиңе!
Жылкычы бар, койчу бар,
Жыргап жүрөт ушулар.
Төөчү менен уйчулар
Дөөгүрсүп жүрөт ушулар,
Байбиче болсоң мейлиң ээ,
Баланын баркын билбейсиң,
Баятадан сөз айтсам,

Куураган куу баш кемпирсиң,
Кулагыңа илбейсиң!»
Басып барды камынып,
Бай Жакыпка чамынып:
«Жоошураак аттан минбейсиң
Же жобогонуңбилбейсиң
Бу жолу каткан куу малды
Ээлө .чүбүз ким дейсиң?
Каргаша болуп атыңыз
Качып кетип жоголду,
Капаланып сен келип,
Кантип ишим оңолду.
Капа бойдон сен келип,
Мен кашыңа чыгып теңселип,
Канымжан кылды капаны,
Айтпаган кеби калбады,
Ажалсыз менин жанымды
Азирейил албады,
Артыңда бала болбосо,
Ак жоолуктуу курусун,
Арылбайт экен арманы!
«Таап бер!» – деп, келип баламды,
Бетимде наарым калбады,
Түн бою кылды урушту,
Түк көргөнүм жок эле
Бул өңдөнгөн жумушту.
Таап берсеңчи баласын,
Талыкшып жатып аласың,
Издесеңчи баласын,
Эринип жатып аласың!
Жакын калды таңына,
Жапаа түштү жанына,
Кечинде келдиң, жыгылдың,
Кебелбей уктап не кылдың?
Күндүүдөн келдиң, жыгылдың,
Күчөнүп уктап не кылдың?
Арам өлгөн Туучуңак
Адырды көздөй кеткенби,
Ат качканы өзүңдөн
Же сенин ажалың жакын
жеткенби?!
Доңуз копкон Туучунак,
Бу токтобой качып неткени,
Же тоого чыгып кеткенби?
Аны кармайм – деп, жүрүп
Акымбек уулу жоголду,
Капкайдагы сөздү айткан
Катындан көрдүм чогоолду.
«Качкан атты кармайм» – деп,
Баладан көрбөй шоктугун,
Береги катын көрүптүр
Менин парзантымдын жоктугун!
Кайгырып келип жыгылдың,
Кадырың билген киши жок,
«Катыным карма!» – деп, койбой,
Минген ат менен ишиң жок,
Бирөөнүн кууптур баласы,
Эртетеден эсти алып,
Бүлүндүрдү анасы.
Таңга жакын түн болду,
Эч көрүнбөйт карасы.
Таппайсыңбы баласын,
Таң эртеңден бер жакка
Даңкайып жатып аласың!
Токолуң кетти кээрдеп,
Береги топоруң келди сээрдеп,
«Балам!» – деп, башым катырды,
Урушуп таңды атырды».
Байбиче сөзү токтолду,
Бай Жакып жаткан ордунан
Баш көтөрүп октолду.
«Кайгырбачы кемпирим,
Кадыр Алла буюрса
Кайта толор кемтигиң!
Күйүнбөчү кемпирим,
Күсөгөнүң табылса

Күндө толор кемтигиң!
Белги болор өрнөгүм,
Мен бекер жатып өлбөдүм.
Уйкуну бекер уктабай,
Урматтуу бир түш көргөнүм.
Кукулуктап үн чыкса
Куштан башка үнү бар,
Куйрук-башы жаркылдайт,
Куудан аппак жүнү бар,
Айбат менен караса
Алп кара куш сүрү бар.
Саңоорлору сары алтын,
Таканак жүнү баары алтын,
Чырымтал жүнү чылк алтын.
Текөөрү болот темир – дейт,
Серпкени өлгөн себил – дейт,
Жар берүүчү жапар теңир – дейт.
Тумшугу болот тунжур – дейт,
Туяк болот канжар – дейт.
Жыпар менен жуулган
Жибектен боону тагыпмын,
Алтымыш кулач жибек боо
Аягына тагыпмын,
Ай мунарын жем кылып,
Абыдан сыйлап багыпмын.
Күмүштөн боо тагыпмын,
Күпкөлөп жүрүп багыпмын.
Асмандагы канаттуу
Айбатынан уча албай,
Жерде жүргөн аяктуу
Желип чыгып кача албай.
Ага конорго туур жайладым,
Алача моюн ак шумкар
Ага кошо байладым,
Билдим бир жакшылык болорун,
Анын качан болор экенин,
Бирок биле албай шорум
кайнадым!»
Бай Жакып айтты түшүнү,
Байбиче билди ушуну.
«Кондурат экен кудайым
Башыңа дөөлөт кушуну,
Башка жанга билдирбей,
Жакынга айткын ушуну.
Мен да жакшы түш көрдүм,
Эритет экен кудайым
Жүрөктөгү музуңду.
Ээн калган көп малдын
Несин аяп коёлу.
Эртеңден баштап эл жыйып,
Эч болбосо элүү-кырк мал соёлу.
Ат кууган бала табылса
Аябай малды соёлук,
Арты кандай ким билет,
Бир аз той кылып коёлук.
Кабыл болсо түлөөбүз,
Кайтып аман табылса,
Кайып болгон бүлөбүз.
Бай Жакып келди ачуусу,
Башкача кыйын тийиптир
Байбиченин айтуусу:
«Мен маңгулдун баарын
чаптымбы,
Башынан мынча мал союп,
Башкадан дүйнө таптыңбы?!
Мен кытайды жеке чаптымбы,
Кырктан бээ сойгудай
Сен кызматтан дүйнө
таптыңбы?!
Эркек түгүл кыз туубай,
Эмгектен чыгып, бел буубай
Мынча малды не кырам,
Мал түгөнүп калган соң
Сенин парзантыңды не кылам?!
Бала болсун мал менен,
Аргымак болсун жал менен,

Ар ким ишин кылбайбы
Өзүнө туштук ал менен!»
Кеңешип кемпир чал менен
Олтурганда шол жерде
Таңдын сары жылдызы
Чыга келди таң менен.

Жакып байбичесинин эч нерсеси – баласы жок туруп, кырк бээ соёлу дегенине ачуусу келип, эшикке чыгып, Бакдөөлөттүн үйү жакка басып бара жатты эле, кулагына куп бир добуш келди:

«Атаке неге кайгырдың
Акылыңдан айрылдың.
Алты суу толгон мал кылдың,
Алганыңды дал кылдың,
Кыламын десең кыйындык
Кытай да сага чабылар,
Кыйналбагын дүйнө үчүн
Кылымдын малы табылар!
Оолукпагын дүйнө үчүн
Орус да сага чабылар,
Ойроттун малы табылар!»
Кулакка келди бир добуш,
Куп тыңдаса эр добуш,
Көрүнбөдү көзүнө,
Элең-селең караса,
Билинбеди өзүнө:
«Кеткеним болбойт экен!» – деп,
Кемпири түштү эсине,
Кайра басты бай Жакып,
Жаш имерди көзүнө.
Артынан чыгып Бакдөөлөт,
Жакыптын келди өзүнө:
«Байкасам, байым түш көрдүм,
Башкача сонун иш көрдүм,
Боз ала туйгун боосу жез,
Боору кара, мойну кез,
Оң колуңа алыпсың,
Обону көздөй салыпсың.
Сол колуңа алыпсың,
Сонону көздөй салыпсың.
Бөпөлөдүң, үндөдүң,
Талпынып конду колуңа,
Салганыңдын баарысы
Далдайып жатты жолуңа.
Байбичеңдин үйүндө
Балдагы алтын туурда
Баса конбой талпынат,
Канатынын күүсүнө
Канча жандар чарпылат.
Куп айтамын жалган жок,
Куу кемпир куру калган жок.
Туурдагы туйгунуң
Турна моюн, жез канат,
Тумшугу болот, боо манат,
Үйдөн туруп талпынса
Үйүмдөгү эки куш
Кайра качып жалтанат,
Ушу кандай түш экен?»
Баркырады бай Жакып
Балага чукак киши экен:
«Көргөн болсоң түшүңдү
Оңдосун Алла ишиңди!
Бүгүнкү түнүң кандай түн?
Кечээги күнүм кандай күн?
Кечээ түштү оюма,
Кадыр Алла буйругу
Такатым турбай боюма.
Ар неме кирди түшүмө,
Айран болуп турамын
Кемпирдин айткан ишине.
Арбыныраак мал союп,
Жорутсак белем бул данти?!»

Аны айтып бай Жакып
Бакдөөлөт үйүн бет алды,
Жанашалап Бакдөөлөт
Бай Жакыпка кеп салды:
«Не аяйсың абышка
Бу ээн калган көп малды,
Байбиче айткан кеп экен,
Байкап көрсөм айтканы
Баарыбызга эп экен,
Кана, кабарын мен да угайын,
Канча мал сойгун – деди экен?»
Ачууланды бай Жакып:
«Байталдан сойгун кырк – деди,
Баарын бирдей жык – деди,
Байбиченин сөзү ушул,
Малдан тойгон кези ушул.
Сен да айтасың: «Сойгун!» – деп,
Бу соолуп калган кандай кеп?!
Малды бакса сан болот,
Малдуу киши кан болот.
Менин мал союуга оюм жок,
Же бала көргөн тоюм жок,
Бул ишиңден кыйын жок,
Же бир түшүрүп жаткан
жыйын жок.
Мен эл ээси эмес, мал ээси,
Бекер минтип кырган соң
Бизге да болор мал кээси.
Кебиңди, катын, албаймын,
Кээсине малдын калбаймын,
Кетсе дөөлөт колумдан
Анда кедей болуп зарлаймын!»
Муну айтып бай Жакып
Буруп жүзүн алганы,
Буркурап ыйлап Бакдөөлөт
Капшытынан кармады:
«Кырк байталды сой» – деген
Кысынган экен байбиче,
Бакдөөлөт билген кеп болсо,
Байым сага эп болсо,
Сексенди союп сел кылып,
Коногума чакырып
Сегиз уруу эл кылып,
Арбытпас белем ашыңды,
Майлабас белең башыңды.
Эстебейсиң, билбейсиң
Элүүгө келген жашыңды!
Дүнүйө арбын, чала жок,
Жүрөсүң ыйлап бала жок,
Кургатпайсың жашыңды.
Кулдар бийлеп жүрбөйбү
Куураган малың менен
башыңды?!
Малың бар да, элиң жок,
Байкап турсам, өзүңдүн
Эл сураарга эбиң жок,
Сыңар жанга жол айтып
Кубандырган кебиң жок.
Байбиче сөзүн кылсаңчы,
Малды аябай кырсаңчы!
Бала десем, карысың,
Байдасы жок тарыйсың.
Тарыган экен бейлиң – деп,
Талаада калды кебим – деп,
Тагдыр ажал бир келсе
Табылар сенин эбиң – деп,
Таарынсаң мейлиң эрим! – деп,
Бакдөөлөт токтоп калганы.
Ачууланып бай Жакып
Байбиче үйүн бет алып
Басып жана барганы.
Астынан чыкты Канымжан:
«Бай Жакып сизге не болду,
Менин балам кайда жоголду?!
Таппайсыңбы баламды,
Ат куудуруп, издебей

Көрбөдүм сендей адамды?!
Кечээтеден балам жок,
Көөнүмө салдың аланды.
Ач албарс кылыч миздебей,
Ак бараң атсаң түздөбөй,
Алигиче баламды
Артынан кууп издебей,
Айтамын Жакып атыңды
Аке дебей, сиз дебей!
Баланын баркын билбеген,
Малайын сөгүп тилдеген,
Кулуңдун баркын билбеген,
Кулдарын сөгүп тилдеген
Куу баштыгың билинди,
Кадырын билбей баланын
Как баштыгың билинди,
«Кандай болду балам!» –деп,
Кара боорум тилинди!
Чыканак жерге салбадым,
Чырым уйку албадым,
Көрбөй турбу көзүңүз
Чыгып күндүн калганын?
Курама кыргыз көп болду,
Курган кандай кеп болду,
Калкымда казак көп болду,
Кандай курган кеп болду?!»
Какылдабай турабы,
Катындыкы да эп болду.
Анда Жакып муну айтат:
«Бу кургурдуку эп болду.
Кой деген жакшы мал экен,
Койчунун аты бар бекен?
Уй деген улук мал экен,
Уйчунун аты бар бекен?
Ат кеткен жөнүн билейин,
Алып келчи минейин,
Сакалымды тарайын,
Заңкылдатып отурбай,
Мунун баласын издеп карайын.
Ат куудурган баласын,
Бу баласын таппасак
Бизге коёт экен жалаасын».
Койчунун коңур күрөңүн
Токунуп Жакып миниптир,
Тозоңу жок, чаңы жок,
Карааны жок, изи жок,
Же кабарын билген киши жок,
Тоодой болгон бай Жакып
Томсоруп жолго кириптир.
Адыр-адыр бел менен,
Аркар баскан жол менен,
Будур-будур бел менен,
Бугу оттогон жер менен,
Булуңдуу токой чер менен,
«Шумурай бала нетти? –деп,
Арам өлгөн Туучунак
Кайда качып кетти? – деп,
Куу баланын мингени
Кунан бекен, тай бекен,
Кууса кайдан жетти?! – деп,
Же токтолорго жери жок,
Мунун жоголорго эби жок.
Караңгыда баланы
Качырып каман чалдыбы?
Мени кара басып кун берип,
Кадемим катып калдыбы?
Жолдон жолборс алдыбы?
Жолум катып кун берип,
Менин шороюм куурап
калдыбы?!»
Нардай боздоп, каңгырап,
Ай-талаада Жакып бай
Меңдибайлап заңгырап,
Кыйкырыгы баш жарып,
Кырдап келет, бай Жакып,
Кызылдай жанын бу күндө

Кыйнап келет, бай Жакып,
«Кызыл аяк неткен?!» – деп,
Ыйлап келет, бай Жакып,
Салкындуунун өзөнүн
Бойлоп келет, бай Жакып,
Өлгөн го – деп, баланы
Ойлоп келет, бай Жакып,
Токой койбой, таш койбой –
Жойлоп келет, бай Жакып.
Алты бөлөк аралды
Арытып Жакып карады,
Ак-Өтөк деген аралга,
Арасында кара суу,
Аттатып өтүп барады.
Арам өлгөн Туучунак
Астынан чыкты табылып,
Ат үстүнөн караса
Ак жолборстун териси
Атында турат жабылып.
Аны көрүп Жакыптын
Акылы кетти жаңылып:
«Баланы жолборс алган го,
Менин башыма мүшкүл калган го,
Балакетке салган го.
Жеп жатканда баланы
Жетик мерген аткан го,
Жеке башым кун берип
Жеримден шорум каткан го.
«Жеткирип кунун алсын» –деп,
Бу желмогуз атка жапкан го.
Алганын көрүп баланы,
Андис мерген аткан го,
Аргасыздан кун берип,
Менин абыдан шорум каткан го.
«Атынан таанып алсын» – деп,
Атыма тери жапкан го.
Куну курсун, кутулам,
Бейжай экен энеси,
Безеленген эмеси,
Мээнетке шондон тутулам.
Аман экен өз атым,
Алла кандай түн эле,
Кайгы менен түн каттым!
Атым аман табылды,
Табылганы курусун,
Ак жолборстун териси
Кандайлыктан жабылды?
Артынан түшүп кубалап,
Же адашып бала кеттиби,
Же качып келген бул атка
Же кабылан каршы жеттиби?
Качырып кармайм дегенде
Каран калган Туучунак
Муну как жүрөккө тептиби?!
Жолборстун боорун бөлгөнбү,
Ат алам – деп, ак жолборс
Ажалы жетип өлгөнбү?
Өлгөндү бирөө көргөнбү,
Эрмектеп бирөө сойгонбу,
«Ээси таанып алар» – деп,
Атыма жаап койгонбу?
Бу арам өлгүр токтоптур,
Ар тарабын боктоптур,
Нак ушу жердин өзүндө
Таң атканча оттоптур,
Же жолборстун калган эти жок,
Меңдибайдын энеси
Бейжай катын бети жок,
Жатып калган күйүнүп,
Же Жакыптын жаман нээти жок,
Же: «Качкан атты карма!» – деп,
Балага айткан киши жок.
Атты кандай кууду экен,
Бекер жүрчү шумурай
Мени менен иши жок.
Мээнет тартып, кун берип,

Мендей шорлуу киши жок!»
Атты алды колуна,
Кайтайын – деп, жолуна
Бай Жакып карайт соңуна.
Токойдон чыгып буралып,
Толук жүзү нурланып,
Меңдибай чыгып келгени,
Сабыркап турган Жакыпка
Саламды бала бергени:
«Ай, атаке, Жакып бай,
Кандай жансың» –дегени.
«Айылга жүрсүз баш болуп,
Кечээ чыктым жолуңдан,
Ыйлапсыз көзүң жаш болуп.
Кандайлыктан ыйлайт – деп,
Кара жашын тыйбайт – деп,
Как ошондо сурадым,
Кашыңа токтоп турбадым,
«Балада мунун ою» – деп,
Майышып ичим бурадым.
Байбиче менен сүйлөшүп,
Үйүңө кирип суладың.
Астыңдагы Тууучунак,
Ат байлаар киши жок болуп,
Турбады атың токтолуп,
Чылбырын сүйрөп бош басты,
Чындап качып, кыр ашты.
Кыр ашкан атты тозом – деп,
Кубаласам озом – деп,
Кунан менен чү – дедим.
Куу чабдар чуркап жеткени,
Кызыл күүгүм чак эле,
Кырдан чыгып кыйкырып,
Кырк бала тийип кеткени.
«Бай Жакып!» – деп, бакырат,
«Манастап» ураан чакырат.
Тууучунак качып жөнөлдү,
Кырк бала кууп өмөлдү,
Бара жаткан жолуңда,
Барандалар көп өлдү.
Балаңды башта жашырдың,
Атыңды кырдан ашырдың.
Токойго атың жеткени,
Жолборс кучак саларда
Жолдош болгон бир бала
Күрсү урарда Тууучунак
Жолборсту тепти бир туйлап,
Бала да күрсү урганы,
Күркүрөп жолборс сулады.
Билбей калдым мен дагы
Тууучунак боорун бөлгөнүн,
Же башка чапкан баланын
Күрсүсүнөн өлгөнүн.
Жолборсту бирөө сойгону,
Атыңа артып койгону.
«Меңдибай бала сен – деди,
Жибербеймин мен – деди,
Тамак ичип ойнойлу,
Тамашага кел» – деди.
Салкындын суун бойлодум,
Таң атканча ойнодум,
Уйкуга чырым албадым,
Урушуп калба салбадым,
Күрөшкөн менен аларга
Келер эмес дарманым.
Кырк балаң мында жүргөн соң,
Бай Жакыпбай атаке,
Кандай кылган арманың?!
Меңдибай айтты безилдеп,
Берди Жакып жоопту:
«Бекер айтпа балам!» – деп.
Кырк бала түгүл бири жок,
Өлгөн Жакып, тири жок.
Шылдыңың балам эп – деди,
Бу кандай кулакка сыйбас
кеп – деди.

Балам, мазак кылбачы,
Эми үйүңө кет – деди.
Энең кылды мазакты,
Түндөтөн бери уктатпай
Артыкча салды азапты.
Жок десем жолборс тери бар,
Кырк чилтен деген бар деген,
Жолдош болсо эби бар.
Байбичем аты Чыйырды,
Бала үчүн ыйлап чыңырды.
Токолум аты – Бакдөөлөт,
Толук менде көп дөөлөт,
Баласынын жогунан
Күтө албады көп сөөлөт.
Берсе кудай бир бала
Болор эле көп сөөмөт.
Түндөгү түндүн өзүндө
Көрүнбөдү көзүмө,
Атакелеп баланын
Айткан үнү угулду,
Алкымыма жүрөгүм
Апкаарып келип тыгылды.
Берсе кудай баланы,
Казынасы канча көп,
Кемип андан калабы?!
Эрмек кылба карыганда,
Кетели, үйгө баралы».
Баланы алып, атты алып,
Барды Жакып үйүнө,
Байбиче менен Бакдөөлөт
Басып чыкты сүйүнө.
Канымжан келди кашына,
Баласын көрүп кургурдун
Койну толду жашына:
«Эсиң чыгып ыйлаган,
‘Эшикке түндө чыкпаган,
Жаткандан турбай түшкөчө
Эрикпестен уктаган,
Талаага не деп жаттың? – деп,
Таң атканча уктабай
Бекерге шорум катты – деп,
Бу жолборстон кантип
калдың? – деп,
Баарыбызды бу жерде
Жоболоңго салдың!» – деп,
Энеси минтип сурады.
Көргөнүн айтпай Меңдибай
Көөдөк бала турабы:
«Бай Жакыптын Туучунак
Баскан бойдон кетти – деп,
«Кетет экен аты» – деп,
Кетүүгө көзүм жетти – деп,
Куу чабдар минген кунаным,
Аны жүгүртмөккө кубандым.
Кызыл күүгүм чак эле,
Кыр ашып аты кеткени,
Кызык жетип кармаарда
Кырк бала кырдан жеткени,
Туучунакты кубалап,
Тийип алып кеткени,
Кырк бала болду жолдошум,
Кызыкта болду бу башым,
Ат үстүндө ак жолборс
Балдар жапты терисин,
Таң атканча чаң кылдык
Салкындуунун керисин.
Түшкө жакын мен көрдүм
Бай Жакыптын келүүсүн.
Бай Жакып үнү баркырап,
Меңдибайлап чакырды,
Мени карап бакырды.
Чакырганда: «Бар!» – деди,
Байкуш атам бай Жакып
Бала үчүн болгон кар – деди,
Мен барганча бай Жакып
«Балага болор зар!» –деди.

Бакдө .лөт менен байбиче
Көрүп турду көз менен,
Угуп турду сөзүнөн:
«Бекерби, чынбы? – деп, сурайт,
Меңдибайдын өзүнөн.
«Көөдөк бала турбайбы,
Калп айтса кудай урбайбы,
Көргөн иши чын го – деп,
Бу бир көз боочудай сыр го – деп,
Бербердигер бир Алла
Кечээтеден бер жакка
Белгини кандай кылды – деп,
Береги эки катыным
Мээне-тке мени койду – деп,
Же белгиси жок турушуп,
Мени менен урушуп,
Берчи мына той – деди,
Бээ семизин сой! – деди.
Калмактан жылкы куугандай,
Кантип соём көп малды
Катыным эркек туугандай.
Же кытайдан черүү келгендей,
Кырамын кантип көп малды
Кыз күйөөгө бергендей.
Кызыл ала кыламбы
Кырдан кырк теке аткан
мергендей?!
Айылы бирге акыр, – деп,
Анда бар кыйла акыл – деп,
Айтууга кепке макул – деп,
Акбалта бийди чакыр! – деп.
Уругу кыргыз нойгуттан,
Нуска билген жакшы жан
Бердикени чакыргын,
Бери келсин мында – деп,
Бечара менен карыпка
Кемпир, берериңди чында – деп,
Дамбылданы чакыргын,
Даяр болсун мында – деп,
Далай келет талапкер,
Берериңди чыңда! – деп.
Эркегинин баарысын
Нээти казат караткан,
Ургаачысын ар жерде,
Уруш, кыстоо тар жерде
Үлкөн калба бар жерде
Ак түлөөгө жараткан
Камбар боздун үйүрүнөн
Кармап келгин бир бээ.
Тогуз кары бээ болсун,
Токсон кары кой болсун,
Ушунун баарын сойгон соң
Толуп жаткан той болсун.
Ак баш инген төө болсун,
Аты жоктор жөө болсун,
Сыйырдан жетөө суюлсун
Ач арыктар тоюнсун.
«Мал сойсоң бала
берет!» – деп,
Байбичем жүрөт делектеп.
«Той кылсаң бала берет!» – деп,
Бакдөөлөт жүрөт электеп.
Берейинчи тоюңду,
Анан карап келип турайын
Катындар сенин жоюңду.
Чакыргын! – деп – күлдүрдү»,
Катындар минтип бүлдүрдү.
Кабарын айтып бай Жакып
Баарысына билдирди,
Малын союп бүлдүрдү,
Жылкычысы Ыйманды
«Ылдам алып кел!» – деди,
Бадачысы Байболду
«Бачым алып кел!» – деди.
Койчу башы Кубат – деп,
«Барып кабар айта көр,

Койду ылдам чубат!» – деп.
Төө башчысы Сарбаны,
Төрт түлүктүү малына
Төрт азамат барганы.
Төрт түлүктүү малынан
Бөлүп айдап баарынан.
Жергесинде Жакыптын
Жетимиш үйлүү киши экен,
Элүү жашка чыкканча
Бул эч кылбаган иши экен.
Тогуз жылкы, токсон кой,
Болуп жаткан бул бир той.
Уйдан сойду жетини,
Төөдөн сойду экини,
«Бу бай Жакып бирди көрдү!» –
Башканын баары шекиди.
Жер очокту ойдурду,
Жыйып-жыйнап баарысын,
Жыйырма кара сойдурду.
Кызматка кыркты тургузду,
Ошо күнү чакырды
Он эки уруу кыргызды.
Катындар салды азапка,
«Кабар бер – деди – казакка,
Барып кел – деди – маңгулга»,
Кабар берди калмакка.
Эки күн этин бышырды,
Элдин алдын түшүрдү.
Табакты элге тарттырды,
Майга тоюп баарысы,
Кешигин кенен арттырды.
Кара-Шаар калмагы
Кары, жашы барганы.
Кырда жаткан кыргыздын
Кыйласы барды бу тойго,
Алтайдагы казактын
Арбыны барды бу тойго,
Эки күнү эт тартты,
Атын чаап, эл кайтты.
«Кетпесин – деп, – тууганым»
Келип Жакып элге айтты.
Кыргыздын байы Бактыгул,
Жакын тууган мына бул.
Казактан Үйшүн карыя,
Алчын менен абагы,
Ата уулудан калганы.
Кыргыздардан Байжигит,
Кыпчактардан Таз чечен,
Нойгуттардан Акбалта,
Ногойлордон эр Эштек,
Түрктүн уулу Дамбылда,
Түмөнбайдын Абдылда
Баарын жыйып бай Жакып
Өз үйүнө киргизди,
Бирден ичик, бир кымкап
Эр башына кийгизди.
Караламан калганга
Сарпайдан үч жүз тон болду.
Бечаранын балдары
Той жемекке барганы,
Белине жоолук кур берди,
Бербей калдым дегенге
Беш теңдеген бул берди.
Эттерин алып этектеп,
Жамбаш алып, баш алып,
Атасы жок жаш балдар
Көздөрүнө жаш алып.
Бакдөөлөт менен Чыйырды
Ошол бакырларды чакырды.
Чакырып алып кашына,
Ырамы келип жашына,
Бир-бирден чапан кийгизди
Жетимдердин баарына.
Жарым койлук эт берип,
Талабына жеткирип,
Таратты тойдон кетирип.

Жаш калбады, карысы
Бай Жакыптын үйүнө
Жыйылып кирди баарысы.
Көңүлү жакын көсөмү,
Көкүрөк тунук чечени,
Олтурган экен жыйылып,
Билермандын нечени.
Түшүн Жакып бай айтат,
Түк таштабай жай айтат:
«Түшүмдө бир куш алыпмын,
Түмөндүү жерге салыпмын.
Кукулуктап үн чыкса,
Куштан бөлөк үнү бар,
Куйрук-башы жаркылдап,
Куудан аппак жүнү бар.
Айбат менен караса
Алп кара куш сүрү бар.
Саңоорлору сары алтын,
Таканак жүнү баары алтын,
Чырымтал жүнү чылк алтын,
Текөөрү болот темир – дейт,
Серпкени өлгөн себил – дейт,
Жар берүүчү жапар теңир – дейт.
Тумшугу болот тунжур – дейт,
Туягы темир канжар – дейт.
Жыпар менен жуулган
Жибектен боону тагыпмын,
Алтымыш кулач жибек боо
Аягына тагыпмын.
Ай мунарын жем кылып,
Аябай сыйлап багыпмын.
Күмүштөн боону тагыпмын,
Күн мунарын жем кылып,
Күпкөгө салып багыпмын.
Асмандагы канаттуу
Айбатынан уча албайт,
Жерде жүргөн аяктуу
Желип чыгып кача албайт.
Ага конорго туур жайлапмын,
Алача моюн ак шумкар
Ага кошо байлапмын.
Билдим бир жакшылык болорун,
Кара жором жоруңар
Канаты күмүш ак туйгун
Качан келип конорун?!
Байбичем байкуш түш көрүп,
Башкача сонун иш көрүп,
Алма жеп ичи толуптур,
Артынан чыгып ышкырып,
Алтымыш кулач ажыдаар
Ат ордуна болуптур!
Ал эмине болуучу,
Акылмандар олтурсуң,
Бу түшүмдү жоручу?!
Жана токолум сонун түш көрүп,
Үйүндө эки куш көрүп,
Боору кара, мойну кез,
Болот текөөр, боосу жез,
Капшытка туур жайлаптыр,
Катыным экөөн байлаптыр,
Бул эмине болуучу,
Бу түшүмдү жоручу?!»
Баянын айтып бай Жакып
«Байкаңар – деди, – карылар,
Жакшылап түштү жоручу,
Жакынымсың баарыңар!»
Жакып бай айтып токтолду,
Жар-жоронун баарынан
Жалгыз жооп жок болду.
Сакалдарын тарашып,
Бири-бирин карашып,
Айта албады бир сөздү
Акылынан адашып.
Аш кайнамдай токтолду,
Ага чейин кыңк этип
Айтууга киши жок болду.

Аш кайнамга жеткенде,
Алардын шайы кеткенде,
Байжигит кепти баштады:
«Эй, Бердике менен Дамбылда,
Белгилүү чечен Таз элең,
Бай Жакып түшү түш экен,
Бул оңунан чыккан иш экен,
Ушу түшү чын болсо,
Ойротту баскан киши экен!
Куш болгондо баладыр,
Азыр бала жогунан
Бай Жакып көөнү аладыр.
Ай тийген жердин баарысын
Алат экен балаңыз,
Андан тынсын санааңыз!
Күн тийген жердин баарысын
Күтөт экен балаңыз,
Күндө тынып санааңыз!
Алтымыш кулач жибек боо
Аягына такканың,
Ай мунарын жем кылып,
Азем менен бакканың.
Алтымыш жашка чыкканча
Аким болуп журт сурап,
Алат экен дүйнөнү,
Арбак конуп башына,
Аны Алла Таала сүйгөнү.
Ажыдаар ат кылып
Байбичең минип жүргөнү
Шол баланын орою
Дүйнө жүзүн сүргөнү.
Ажыдаардай айбаттуу,
Арстандай кайраттуу,
Эркек уул эр болуп,
Не кыйындын баарысы
Эсеп берип эл болуп,
Карайт экен көзүнө,
Кара тоодой касиет
Конот экен өзүнө.
Бадыша болуп бай Жакып,
Балаңыздын орою
Көрүнгөн экен көзүңө!»
Бай Жакып боздоп ыйлады
Байжигит айткан сөзүнө,
Байлап койгон ак умкар
Жакыптын келди эсине.
«Карчыга болсо эр – деди,
Ак шумкар кошо байладым,
Муну да жоруп бер!» – деди.
«Сууктун күнү кыш – деди,
Шумкар болсо кыз» – деди.
Эр Жакып дагы эстеди:
«Эрке токол Бакдөөлөт
Жоругун түшүн тез – деди.
Бакдөөлөттүн үйүнө
Байланган эки куш – деди,
Муну байкаңар кандай иш!?» –
деди.
Дамбылда туруп кеп айтат:
«Баракелде Байжигит,
Куп жоруду!! – деп, айтат.
Бакдөөлөт туур эки уул,
Баштагы сөзгө бакканда
Баянын айтсак мына бул.
Айтылгандай борумун,
Алат экен ал экөө
Агасынын орунун.
Көкүрөк черин жазгандай,
Көрүптүрсүз үчөөңүз
Дүйнөдө түштүн сонунун.
Алла оңдосун ишиңди,
Азырет Жусуп жорусун
Айткан ушу түшүңдү!»
Бата берип тарады,
Барар жолун карады.
Тою тарап кеткени,

Жакыптын көргүн неткенин,
Зарланып жүргөн байкуштун
Талабына жеткенин.
Ар бенденин кудайым
Тилегин берсин жудайын,
Атын атап алардын,
Алладан жардам сурайын.
Ногойдун уулу Жакыптыр,
Оокатын кылып жатыптыр,
Аралдын башын жай алып,
Алтайдын тоосун таянып,
Аксы менен Күчөрдөн
Ичерине чай алып,
Иленин башын таянып,
Кара-Шаарга мал көктөтүп,
Калмактарга көптөтүп,
Казактан көрүп кордукту,
Калмактан көрүп зордукту,
Байкуш болуп азгандар
Бай Жакыпка жолукту.
Кыйладан көрүп кордукту,
Кытайдан көрдү зордукту.
Орозду кандын он уулу
Опол тоо калган жерине,
Ойрон болгон бай Жакып
Ногойдун келбей элине.
Байдын эки баласы
Басканы Кашкар талаасы.
Бай акем: «Жакып кантти?!» –деп,
Басылбай жүрдү санаасы.
Көзкаман аты – Үсөндүн,
Ал кытайга кетип түзөлдү,
Башка өсмөк болду баласы,
Баскан-жүргөн жерлери
Манжурия талаасы.
Тебиттин аркы тушунда,
Тырп чыкпай калган ушунда.
Кылыптыр кытай өкүмдү,
Кыйрынан азып бай Жакып,
Кылмышы жоктон өкүндү,
Кыстоосун көрүп калмактын,
Кыйналып Жакып өкүрдү.
Азган менен тозгондон,
Ата-энеден бозгондон,
Ар кайсысын бир жактан
Айдап келип кошкондон
Жетимиш болду түтүнү,
Жетип барып арыз айтып,
Жер алууга күтүндү.
Иленин башы Эки-Арал
Ататып алды жерине,
Азыркысын жайлап тур
Азоо-Белдин белине.
Айта берсек сөзү көп,
Азыр кулак салыңыз
Арстан Манас кебине.
Тойдон кийин токтолуп,
Эки жыл тамам өтүптүр,
Эр Манас бойго бүткөнү
Тамам үч ай жетиптир,
Байбиченин көңүлү
Башкага ооп кетиптир.
Өз тамагы эсте жок,
Же көрүнүүчү көзгө жок,
Бал, шекерге карабайт,
Башка тамак жарабайт:
«Жесем –деп, –жолборс жүрөгүн!»
Мындан башка санабайт.
Же тийбейт жолборс жүрөгү,
Жинди болуп байбиче,
Жеригинен жүдөдү.
Жылкычы кабар бергени,
«Каңгайдын Карамергени
Бир жолборс атты дегени.
Жолборсту атып салды – деп,
Терисин союп алды – деп,

Боор, жүрөк, башка эти
Кош жанында калды» – деп.
Айтканын Чыйыр угуптур,
Алдынан чуркап чыгыптыр.
Барып калды Чыйырды
Жылкычынын жолуна,
Кара кулак чоң жамбы
Кармай барды колуна:
«Кайыптан дүйнө тап – деди,
Карап турбай жылкычым,
Кайта ылдамдап чап! – деди.
Жашырып-жаап жүрбөгүн,
Жарып жолборс жүрөгүн,
Алып кел – деди, – өзүмө,
Ата-энемден сен жакын
Көрүнөсүң көзүмө!
Каалаганың баарысын
Канча да берем өзүңө!»
Байбиче айтып бу кепти,
Жылкычысын жиберди,
Жылкычы буга таң калды,
Акысына жамбы алды.
Ара конуп арага,
Ал жылкычы сандалды.
Барса жолборс жатыптыр,
Зыңкыйып муздап катыптыр,
Жолборстон жүрөк алганы,
Жолго кайра салганы.
Жол боюнда бир бээ
Телиден өлүп жатыптыр,
Жылкычылар жыйылып,
Аны союп атыптыр.
Анын да алды жүрөгүн,
Экөөн бирдей бермекке,
Байбиченин бул ишин
Байкап соңун көрмөккө.
Жылкычы жолго салганы,
Эртесинде түш ченде
Жылкычы келип калганы.
Жылмайып басып байбиче,
Элечектен каш чыгып,
Эки көздөн жаш чыгып,
Байбиче келип турганы.
Жылкычы аты Бадалбай,
Байбиче келип кеп айтат:
«Бадалбай балам! –деп, айтат,
Эки жүрөк эмине,
Жолборстор жолго жатканбы,
Каңгайдын Карамергени
Катарлап экөөн атканбы?
Же мал жүрөгүн жолборс – деп,
Башынан шорум катканбы?!
Айт, Бадалбай балам? – деп,
Аныктап сурап алам» – деп,
Байбиче сүйлөп салыптыр.
«Жүрөгү – деп, – жолборстун»
Бадалбай айтып калыптыр.
«Аллам азыр турбайбы,
Жалган айтсам жашаймбы,
Аксиң мени урбайбы!
Кыласыңбы дары – деп,
Кыйла барктап аны – деп,
Кызарып агып турбайбы
Жүрөгүнүн каны» – деп,
Бадалбай айтты баянды,
Байбиче көөнү жай алды.
Челкеңдей басып байбиче
Челекке суусун алганы,
Оозу капкак, жез казан
Эки жүрөк салганы,
Чала-була бышырып.
Жанга бербей жалмады.
«Сонун экен бу да – деп,
Сорпосун ичем жуда!» – деп,
Эки аяктай сорпосун
Немесин койбой жалмады,

Байбиченин талгагы
Магдырап канып калганы.
Байбиче жыйды эсини,
Байкап уккун баягы
Бай Жакыптын сөзүнү.
Эр Манас бойго бүткөнү
Тогуз айга жетиптир.
Тогуз ай, тогуз күн болуп,
Толгоо жаңы киргени
Бейшемби кечи түн болуп.
Курсакка бала бүткөнү,
Кубаттанды Жакып чал,
Кубаттанган кайраты
«Аман-эсен тууса!» – деп,
Назырга айткан канча мал!
Карынга бала бүткөнү
Кайраттанган Жакып чал,
Каралдым аман туулса – деп,
Назырга айткан канча мал.
Ак боздон бээ союлду,
Алтындан бакан коюлду,
Аны сайын байбиче
Айгайын салып чоюлду.
Коңшунун баары жыйылды.
Козголгон сайын байбиче
Кокуюн айтып ыйынды.
Ордого толо жыйылды,
Ойбоюн айтып ыйынды.
«Бала туур бекен!?» – деп,
Бай Жакып жүрөк дегдеди,
Бала койсо чиренип
Байбиче бою тердеди.
Бала катуу чиреди,
Байбиче бакан тиреди,
Бекем туйлап кеткенде
Басып тарткан катындар
Башы жерге киреди.
Байбиченин ичинде
Ажыдаарбы, жолборспу,
Же адамдан арга болбоспу?!
Бала туйлап кеткенде
Байбиче көзү сүзүлдү,
Белдемчинин жакасы
Беш жеринен үзүлдү
Алып келип бай Жакып
Аксарыбашыл кой чалды,
Ай туякка бээ чалды,
Ай мүйүзгө уй чалды,
Айры өркөчкө төө чалды.
Аны сайын байбиче
Айгайын баспай үн салды:
«Менин жанымды жечү балабы,
Же жарып ичтен алабы?!
Бу башымды жечү балабы,
Бай Жакып жесир калабы?!
Же жабыр баян – шер беле,
Же менин жатарым кара жер беле?!
Жараткан Жапар кудайым
Мени кандай жалмоочу бала берди
эле?!» Баканды кармап бакырды,
Бакшы менен бүбүдөн
Немесин койбой чакырды.
Түндүктү карап түйүлдү,
Көргөндөр жандан түңүлдү.
Жети күн тартты толгоону,
Жергеси чарчап болгону.
Алты күн тартты толгоону,
Айылы чарчап болгону.
«Толгоосу эми толду – деп,
Эртеңки күнү бейшемби,
Туур күнү болду» – деп,
Бердикенин катыны
Беленденип салыптыр,
Дамбылданын катыны
Даярданып алыптыр.

Акбалтанын катыны
Азыр болуп калыптыр,
Кутубайдын катыны
Курсагын оңдоп алыптыр,
«Кудай берсе тубар» – деп,
Куруп калган Жакыптын
Кулагына салыптыр.
Байбичең тууйт дегенде
Бай Жакып ыйлап каңгырап,
Бакырып ыйлап заңгырап:
«Баласы жоктон жүдөдүм,
«Эркек!» – деп, бирөө жүгүрсө,
Жарылып кетер жүрөгүм.
Ботосу жоктон майышып,
Боздоп жүрдүм кайышып,;
«Сүйүнчү!» – десе бир адам
Тура албасмын тайышып.
Өзүмдү өзүм жайлайын,
Өңкөй бышты кара боз
Элүү-кыркты байлайын.
Айылга туруп нетейин,
Адырга чыгып кетейин,
Токтолуп туруп нетейин,
Тоого чыгып кетейин.
Жыгылсам да, талсам да,
Же кайрат кылып калсам да,
Элге шылдың болбостон
Ээн жакка барайын,
Алыстан айыл карайын,
Айткандан кабар алайын».
Ушуну айтып бай Жакып
Кыл аркан керме шайлатты,
Кырк кара боз быштыны
Кыдырата байлатты.
«Жетпей калса минсин» – деп,
Жети кур ат байлатты.
«Эркек болсо – эр болсо,
Кыз болбосун не болсо,
Кыз болсо үйдө калыңар,
Кыймылдаба баарыңар,
Эркек болсо чабыңар,
Талаадан мени табыңар.
Сүйүнткөн болсо кудайым
Сүйгөнүңдү алгын жудайын.
Кубанткан болсо кудайым
Кур аттан берем жудайын.
«Эркекпи?» – деп,
«кызбы?» – деп,
Аныктап алып чабыңар,
Адырдан мени табыңар!»
Айтып Жакып аттанды,
«Атты байлап койду!» – деп,
Айылдагылар шаттанды.
Жакып бай жолго салыптыр,
Жорго боз айгыр үйүрү
Жолунан чыгып калыптыр,
Кара жалдуу кула бээ
Кайкалактап алыптыр.
«Кайдан келди булар? – деп,
Как ушу бүгүн тубар – деп,
Тоо башына токтобой,
Болуп жүрчү эле улар – деп,
Болду, акыр болбоду
Кула бээм азыр тубар – деп.
Эркек болсо кулуну
Энчилейин балама,
Эгем Таала кудурет
Жеткирер бекен санаама!?
Жорго боз атын жоёюн,
Катыным тууса эркекти
Мындан кийин айгырын
Камбар боз – деп, коёюн.
Ургаачысынын баарысын
Ак түлөөмө соёюн,
Эркегинин баарысын
Нээти казат коёюн!»

Ушуну айтып бай Жакып,
Атынан түшүп алганы,
Жылкыга көзүн салганы,
Жылкынын баары чубашып,
Жылгага кирип калганы.
Азканакай жабырга,
Ат кулактуу шабырга
Асты барып токтоду,
Аркы-терки оттоду,
Туруп, жатып кула бээ
Тууй турган окшоду,
Аны көрүп бай Жакып:
«Ак!» –деп, карап токтоду.
Аны таштап салыңар,
Байбичеси Шакандын
Баянын угуп алыңар.
Толгоосу сегиз күн болгон,
Толготкон мындай ким болгон,
Тарткандардын баарысы
Талыкшып колу тим болгон.
Умай эне бериште
Урду келип баланы,
Урганына чыдабай
Үжүддү көздөй барганы.
«Ак амири, чык! – деди,
Айтканымды ук!» – деди.
Анда бала муну айтат:
«Ыгы менен айда – деп,
Ырыскым менин кайда? – деп.
Уруп кирди Умайың,
«Ур!» – деген улук кудайым.
«Ырыскың жалган жайда – деп,
Ылдамдап сууруп айда – деп,
Тар курсакка талашып,
Таппайсың мындан пайда – деп,
Талаага сыйбайт ырыскың
Барсаң, жалган жайда!» – деп.
Балага Мүкил берište
«Бачым болгун, айда – деп,
Чыдатпады мланик.
Чыгууга бала ойлоду,
Чыбыктайын толгонду,
Чыккан сайын Чыйырды
Чыдай албай чыңырды.
Талыкшып турган келинди:
«Тарта көр! – деди,- белимди».
Он эки катын бек тартты,
«Оңдойгөр кудай!» – деп, тартты.
Каканак суусу шар этти.
Баланын үнү бар этти.
Карынды катуу сүзгөнү,
Эки колун толтура
Кан чеңгелдеп түшкөнү.
Бала жерде туйлады,
Бар-бар этип ыйлады.
«Эркек бекен, кыз бекен,
Мага качан айтат?!» – деп,
Байбиче жашын тыйбады.
Көшүдү көзү илинип,
Көрө салган катынга
Эркектиги билинип,
Чочогу чыкты чороюп,
«Эркек экен!» – дегенде
Эси кетип Чыйырды
Жыгылып кетти сороюп.
«Байбичеге нетти?! – деп,
Мартуу басып кетти!» – деп,
Катындын баары чочуду,
Кайта башын көтөрүп,
Жыгылбады, жоошуду.
«Антандабай катындар,
Аныктап көрчү каапырлар?!
Жерден алгын тез – деди,
Дамбылданын зайыбы
Киндигин өзүң кес!» – деди.
Баланын кести киндигин,

Кубангандан Чыйырды
Кудаанын билди бирдигин.
Оромолун колго алып,
Ороюн – деди баланы,
Ошо күндө бу бала
Оң колун сууруп алганы.
«Ой-бой татай, нетти!?» – деп,
Отуздагы жигиттей
Колун сууруп кетти – деп.
Татай көтөк, нетти?! – деп,
Так кырктагы кишидей
Тартып бутун кетти – деп,
Карап турбай катындар
Кармалашсаң нетти?!» – деп,
Канымжан катын муну айтат:
«Кандай сөзүң жаман! – деп,
Кармоого карууң келбесе,
Сен, качып кутул аман!» – деп,
Бакдөөлөт жерден алганы
Бакырып жаткан баланы.
Он бештеги баладай
Көтөргөндө салмагы,
Берген экен кудайым
Берекелүү баланы,
Көзү каткан Бакдөөлөт
Көтөрүп өөп алганы.
Куртканын зайыбы Канышбек
Оозантмакка баланы
Оозуна эмчек салганы,
Өзөгүн үзө бир соруп
Өлө жазып калганы.»
«Сандык толо май – деди,-
Салган кошо бал – деди,
Эки-үч карын май алып
Эми оозуна сал!» – деди.
Үч карын май алганы,
Үч кайтара салганы,
Үч карындын майларын
Үч саатка койбой жалмады.
Астына алып Чыйырды
Оң эмчегин салганы.
Оболкусу сүт чыкты,
Экинчиси суу чыкты,
Үчүнчүсү кан чыкты,
Чыдай албай байбичеден
жан чыкты.
Чыгарып алып эмчекти,
Чакырып журтка бериптир
Сегиз бээ союп жентекти,
Тоюнбаган тоюнуп,
Топтогон малдар союлуп.
Ачтын баары тоюнуп,
Ар түрлүү малдар союлуп.
Балдарын катын жетектеп,
Май көтөрүп этектеп,
«Бай Жакып кайда экен?!» – деп,
Айылдагы жигиттер
Баары шашып энтеңдеп.
Эми аны таштап салыңар,
Жакыптан кабар алыңар.
Байлаган аты кырк сегиз,
Баары күлүк тептегиз.
Айылдагы адамдар
Арбып-дарбып минишип,
Апкаарып жолго киришип,
Тоого чапты топтошуп,
Адырга чапты анталап,
Бөксөгө чапты бөлүнүп,
Талаага чапты дабырап.
«Бай Жакып кайда кетти?!» – деп,
Баарысы жүрөт жабырап.
Эркектен неме калбаптыр,
Эки атты бирөө албаптыр,
Кермеде жылкы калбаптыр.
Кедеңдей басып Сулайка
Келип ордун караптыр,

«Кеткен экен Акбалта,
Кетсе ишке жараптыр.
Керменин несин карайын,
Энди үйгө барайын».
Басып келип Сулайка
Башын үйгө салыптыр,
Үтүрөйүп Акбалта
Үйдө олтуруп алыптыр,
Көрө салып Сулайка
«Көтөк!» – деп, чочуп калыптыр.
Абышкам, дүнүйөдөн тойдуңбу,
Атпай журт алган олжодон
Бир неме албай койдуңбу?
Сүйүнчүгө шайлаган,
Кызыр чалган бай Жакып
Кырк кара боз байлаган,
Кырк жылкыдан бирди албай
Сенин кандай шоруң кайнаган?!
Жана байлаптыр сегиз кур атты,
Ошолордон кур калып,
Олтурушуң уяттыр!»
Акбалтанын катыны
Ачууланып акыры
Айтып муну салганы.
Акырайып Акбалта
Катынга багып калганы:
«Эй, кара жолтой Сулайка,
Карасаңчы кудайга!
Тоюнбаган топор бар,
Жарыбаган жарды бар,
Кууруңкай жүргөн куулар бар,
Мал көрбөгөн бакыр бар,
Айылда жүргөн айбан бар,
Короодо жүргөн коңшу бар,
Коёбу мага ушулар?!
Эркек-кызын аңдабай,
Эки жагын карабай,
«Эр Жакыпка барам!» – деп,
Эбак чаап кетиптир,
Эгем берер ырыскы,
Албай койсо Жакыптан
Акбалтага нетиптир!
Кудайдан ырыс сурабай
Кууп жүргөн Жакыпты
Кулдар алсын сүйүнчү,
Алладан ырыс сурабай,
Аңдып жүргөн Жакыпты
Аңгилер алсын сүйүнчү.
Барбадым да, албадым,
Же балакетке калбадым,
Азыр атка минерге
Келбейт менин дарманым,
Канча күндөн бери жакка
Каралашып жүрөсүң,
Канча сенин алганың?»
Акбалта айтып салганы,
Суп чапандан бирөө экен
Сулайканын алганы.
Эки элечек, бир чапан
«Мына менин олжом!» – деп,
Эрине таштап салганы.
«Бай кудайга казына,
Барсаңчы Жакып кашына!»
Катын айтып салганы,
Ага болбой Акбалта
Мойнун буруп алганы.
«Кырк киши кетти чапкылап,
Элүү киши таласа
Жакыптын жаны калабы?!
Кермеде сегиз кур атты
Кез келген минип чуратты.
Катыны эркек тубарбы
Карыганда малын талатып,
Атаа, мындай Жакыпты
кудай урарбы,
Элүү киши барган соң

Энтелеп барып Акбалта да
Андан сүйүнчү сураарбы?!
Жалгыз илик көк чолок
Жандоого кантип чабамын,
Жакыпты кайдан табамын?!
Элким атым көк чолок
Эңишке кантип чабамын,
Элирип кеткен кесек кул,
Алардын элесин кайдан табамын?
Уудан калган итке окшоп.
Элким кайда чабамын!?»
Акбалта айтып болбоду,
«Барсаң, барсаң, байым!» – деп,
Катыны камап койбоду.
Анда Акбалта кеп айтат,
Ачууланып бек айтат:
«Кандай курган катынсың,
Калабалуу каапырсың.
«Бай Жакыпка бар сен» – деп,
Тынчымы койбой жатырсың.
Дөөгүрсүгөн кулдар баргандыр,
Күлүктү минип алгандыр,
Аларын алып Жакыптан,
Тарап кетип калгандыр».
Акбалта айтып токтолду,
Катыны шондо кеп айтат,
Катууланып бек айтат:
«Жүгүрткөн киши алабы,
Жүрбөгөн куру калабы?!
Чапкылаган аларын,
Кудай өзү билбейби
Чарчаган куру каларын!
Булут минип учса да
Буюрбаса калбайбы,
Буюрган киши албайбы,
Чапкандар куру калбайбы,
Жазууда кудай буюрса
Жатса да киши албайбы!
Көк чолок менен чабарсың,
Жазууда кудай буюрса
Жакып байды табарсың!»
«Барбаймын!» – деп, айта албай,
Бармак болду Акбалта
Катындын сөзүн кайтарбай,
Байлап койгон көк чолок
Басыгы ылдам шайтандай.
Акбалта чал бокчоюп,
Аттанып чыгып чокчоюп,
«Же жададым үйдө
жатып – деп,
Табылар бекен
Жакып?» – деп,
Акбалта жолго салыптыр,
Айылга жакын көмүскө,
Азганакай жабырда,
Ат кулактуу шабырда,
Кара суунун четинде,
Көк өтөктүн бетинде
Минген атын суудуруп,
Кара жалдуу кула бээ
Бир ак сур кулун туудуруп,
Олтурган экен бай Жакып.
Шыйрагын оңдоп шыпырып,
Тумшугун сыгып, телчитип
Энесине ээрчитип,
Олтурган экен Жакып бай,
Көк чолок минген Акбалта
Жакыпты көрдү жайма-жай.
Жан жагында киши жок,
Жакып жалгыз олтурат
Киши менен иши жок.
Акбалта көрүп акыры,
«Сүйүнчү!» – деп, бакырды.
Кубангандан бай Жакып:
«Не дейсиң?» – деп, чакырды.
Анда Акбалта муну айтат:

«Айтканымды туюнчу,
Арстаным Жакып, сүйүнчү!
Карыганда байбиче
Кабылан тапты, сүйүнчү!
Жобогондо байбиче
Жолборс тапты, сүйүнчү!
Жоголордо байбиче
Жолдош тапты, сүйүнчү!
Эриккенде байбиче
Эрмек тапты, сүйүнчү!
Кайгырганда байбиче
Каралды тапты, сүйүнчү!»
Акбалта айгай салыптыр,
Аны уккан соң бай Жакып
Акылынан таныптыр.
Көздүн жашы он талаа,
«Көрдүмбү! – деди, – бир бала,
Мерсент берген кудайым,
Жараткандын өзүнөн
Жашын узун сурайын!
Тууганына сүйүнбөй,
Турарын тилеп кудайдан,
Муңканган бойдон өтөм – деп,
Ойлодум эле бу жайдан».
Акбалта келди жайма-жай,
Шалак этип жыгылып,
Талып калды Жакып бай.
Жакыптын келди кашына,
Тең курбусу Акбалта
Ырамы келди жашына,
Барбана болду башына.
Кыйкырса Жакып кыңк этпейт,
Кыймылдатса былк этпейт.
Акбалта чочуп калганы,
Ак калпакты колго алып,
Байпаңдай басып Акбалта
Аккан суугa барганы.
Басып келип Акбалта
Талып калган Жакыптын
Көөдөнүнө бүрккөнү.
Көтөрдү башын бай Жакып,
Суудан бою үрккөнү.
Сурады Жакып Балтадан:
«Акбалта чалым неттиң? – деп,
Сен кай жактан жеттиң? – деп,
Келгенде мени неттиң? – деп,
Суу бүрктүң менин өзүмө,
Эч эчтеңке көрүнбөйт
Караган менин көзүмө,
Кандайлыктан талганым
Билинбейт менин өзүмө.
Өзүң келдиң не үчүн?
Өзөгүм өрттөй күйүптүр,
«Сени сүйлөсө экен» – деп,
Кулагым кепти сүйүптүр,
Не жүрөсүң Балта чал,
Кебиң болсо айта сал?»
«Айтпадымбы сага – деп,
Эркек тууду катының,
Не бересиң мага?» – деп,
Акбалта айтып салганы.
«Анык бекен, чынбы? – деп,
Айтагөр Балтам чынды – деп,
Эркек бекен парзантым,
Көзүң көрүп чыктыңбы?
Же карап анык көрө албай,
Катындардан уктуңбу?
Кайтып айтчы, чалым!» – деп,
Бай Жакып сурайт дагы кеп.
Акбалта сөзүн баштады,
Тең курбуң Жакып шашпады,
Уккан сайын Жакып чал
Бурчактай көзүн жаштады.
«Байбичең тууду эркек уул,
Байкасаң Жакып сөзүм бул
Баркыраган доошу

Тай чабым жерден угулду,
Олтурат элем үйүмдө,
Окшуп келип жүрөгүм
Оозума тыгылды.
Каралашкан катындар,
Кармалашкан келиндер,
Кошо жүргөн зайыптар,
Кошоматчы кишилер
Жашы менен кары айтат,
Жалпы аламан баары айтат:
«Курсакты катуу сүздү – дейт,
Эки колун толтура
Кан чеңгелдеп түштү – дейт,
Орогондо чиренсе
Отуздагы кишидей
Ошондо да күчтүү – дейт.
Бала да болсо мыкты,– дейт,
Байбиченин боорун
Балчыктай кармап чыкты –
дейт».
«Эй, нени айтасың Акбалта,
Жанчыгымда бар эле
Сары алтындан бир калта,
Санап сага берейин
Жайытта малдан бир канча
«Сүйүнчү» – дейсиң, жакшы кеп,
Сүйүнгөн менен бай Жакып,
Чының айтсаң болбойбу
Дүнүйөңдөн какшы – деп.
Эй, ботом,
Өлөңдүү жерге өрт койгон
Бир өткүр бала десеңчи,
Өз журтума чуу салчу
Жеткир бала десеңчи!
Кара сууга кан куйган
Бир канкорду тууган белем да,
Калайыкка чаң салган
Анткорду тууган белем да!?
Байбичемди өлтүрчү
Ажалды тууган белем да,
Баш бербеген дүйнөгө
Бир тажаалды тууган белем да!
Эр өлтүрүп соёр да,
Кункор кылып коёр да!
Нар өлтүрүп соёр да,
Булкор кылып коёр да!
Кызыл-тазыл көрүнсө
Кыздардан ала качар да,
Малымды суудай чачар да.
Баласы боорун алыппы,
Же ботом, байбиче аман
калыппы?»
Анда Акбалта кеп айтат,
Ачууланып бек айтат:
«Балам жок» – дейсиң майышып,
«Карам жок» – дейсиң кайышып,
Балага жаңы жетесиң,
Бай Жакып байым нетесиң?
Баладан малды жуук көргөн
Бакыл киши экенсиң,
Бекинем малга – деп жүрүп,
Бейыйман өлөр бекенсиң!?
Же берериң болсо берсеңчи,
Же бере албасаң Жакып бай
«Бербеймин сага!» – десеңчи.
Айтарың болсо айтсаңчы,
Айтар малың жок болсо
Мен азыр үйгө кайтсамчы».
Акбалта сүйлөп салганы,
Ал сөзүнө Жакып бай
Арсаңдап күлүп калганы.
«Андай болсо Акбалтам,
Мына бу алтынды алчы
бир калта.
Эркегинин баарысын
Нээти казат караттым,

Ургаачысынын баарысын
Ак түлөөгө жараттым.
Үйүрү үч жүз болуптур,
Жашы үч асыйга толуптур,
Камбар боздун үйүрүнөн,
Каалап туруп тогузду ал,
Төөдөн алгын төртөөнү,
Төрт уруу малдан төрт тогуз,
Калганы болсо Акбалтам,
Катындардан калпып ал,
Кыз балдардан кымтып ал,
Келиндерден кетип ал,
Сүйгөнүңдү сүйрөп ал,
Каалаганын кармап ал,
Жээк-жергемен жетип ал,
Сүйүнчүлөп келгениң
Болду бекен Балта чал?!»
Камбар боздун үйүрүнөн
Кармап берди тогузду.
«Ай-талааны нетели,
Аттангын, үйгө кетели.
Байбичеге жүрөлү,
Баласын барып көрөлү.
Акбалта менен бай Жакып
Айылына кайта барыптыр,
Аңыртка кеткен кырк киши,
Алардын астынан чыгып
калыптыр:
«Сүйүнчү бай, сүйүнчү!»
Айгайды алар салыптыр.
«Кай бириңди ылгаймын,
Жакының бар, жатың бар,
Өз-өзүңөр алыңар
Миңген-миңген атыңды,
Аттан куру калганың
Айт кудайга датыңды».
Бай Жакып үнүн укканы,
Канышбек менен Канымжан
Каршы басып чыкканы.
«Бешик боосу бек болсун,
Кундагың боосу кут болсун!»
Бай Жакып айтып бу сөздү,
Басып кирди үйүнө.
Жакут ичик жамынып,
Жаккан оттой камыгып,
Баласын алып болукшуп,
Байбичеси толукшуп,
Олтурган экен үйүндө.
Бай Жакып шондо кеп айтат,
Бакдөөлөткө бек айтат:
«Байбиченин баласын
Алып келчи!» – деп, айтат.
Бакдөөлөт барып кол сунду,
Байбиче берип озунду.
Баланы Жакып алганы,
«Бала деген шубу?!» – деп,
Бакырып ыйлап калганы.
Кубанды Жакып ыйлады,
Кучакта бала туйлады.
Баланын үнү баркырап,
Айбатынан атасы
Баары бою калтырап,
Баркырап ыйлап баласы,
Жалмалап тамак карады,
Атакеси бай Жакып
Аяк-колун кармоого
Алы келбей барады.
«Балаң кандай ыйлаак!?» – деп,
Байбичени карады.
«Берсең эмчек нетти – деп,
Бир баланы тойгузбай
Бейилиң кандай кетти?» – деп.
«Жакшы эле менин сүтүм – деп,
Эки сорсо эмчектин
Немесин койбойт бүтүн – деп,
Эң ачкараак балаң бар,

Тамагына күтүн» – деп,
Байбиче сөзүн салганы,
Байкайын – деп, баласын
Бай Жакып көзүн салганы:
«Маңдайы жазы, башы кууш,
Бар боюнда турат тууш,
Кочкор тумшук, кош кирпик,
Көркү калча, көзү тик,
Жалаяк ооз, жар кабак,
Жаагы жазы, ээги узун,
Ээрди калың, көзү үңкүр-
Эр мүнөзү көрүнөт.
Алакан жазык, колу ачык,
Аттанып чыкса жолу ачык
Алп мүнөзү көрүнөт.
Кең көкүрөк, жайык төш,
Аркасы кең, бели түз,
Айбаты катуу, заар жүз –
Бил мүчөсү көрүнөт,
Жолборс моюн, жоон билек,
Жооруну калың, таш жүрөк,
Жылма кабак, жылдыз көз,
Бөрү кулак, жолборс төш-
Бөлөкчө түрү бар экен!
Кут кылган болсо кудайым,
Кудайдан жашын сурайын!
Кеткенден алар кегимди,
Кек алганын көрөрмүн
Кетирбесе эбимди,
Өткөндөн алар өчүмдү,
Өч алганын көрөрмүн
Өлтүрбөсө өзүмдү».
Баштагы мүнөз жоголду
Бай Жакыптын нээтинен,
«Бар кудайым берген!» – деп,
Баланы өптү бетинен.
Байбиче баланы алганы,
Балкайтып эмчек салганы.
Балкыта бир той кылайын
Бар кудайым жалгады!»
Аябай бир той кылууну
Бай Жакып эсине алганы:
«Уругу кыргыз улуу журт,
Ар жагы түрк артык журт,
Аянбай бир той кылайын»...
Ойротто мындай ким болгон,
Ошо кезде жылкысы,
Эсеп кылып санаса,
Отуз сегиз миң болгон.
«Арбын малым Алтайда,
Канча малым Кан-Тоодо,
Жылкымдын чети Шыйкууда,
Коюм сексен миң экен,
Конушум Кара-Шаарда
Жакшы бир той кылайын
Жаздын алды баарда.
Кулан-Жайлак, Куу-Тезде
Кур атым жатат бу кезде.
Чыландын башы Чөңөр-Жар
Аз болгондо алты миң ашык төөм
бар. Карагайлуу Камбылда,
Кар баспаган Жамбылда
Өзөнгө жайсам толду эле,
Жеке өзүмө караган
Жети миң үй болду эле.
Баарына кабар салайын,
Малымды жыйып алайын.
Азыркы турган аз кыргыз
Алы келип күтө албас.
Анжиян менен Ташкенге
Аларга кабар салайын,
Ага-инимдин баарысын
Бир чогултуп алайын.
Кашкар деген кыштакты,
Кабак-Арт менен Сары-Колдо
Кабырга тууган кыпчак бар,

Кашыма жыйып алайын.
Алчын, үйшүн, найманды,
Абак, тарак, аргынды
Айтайын тойго баарыны.
Уругу тыргоот калмагы,
Ушу балам туулганы
Укпай киши калбады,
Маңгулдун жыйып баарысын,
Кытайдын жыйып кыйласын,
Сарттын алып санатын,
Талыганча канатым
Казынамды ачайын,
Кара малды чачайын.
Күмүшүм жатат таш болуп,
Күрүчүм жатат аш болуп,
Күлүгүм семиз мас болуп,
Күлүктү таптап минүүгө
Күрдөөлдүү кыргыз аз болуп.
Алтыным жатат таш болуп,
Амбарда буудай аш болуп,
Аттарым семиз мас болуп,
Аттарды таптап минүүгө
Айылымда кыргыз аз болуп.
Кордугун көрүп кытайдын,
Конушун кошпой куруду,
Коңшу болуп маңгулга,
Кор болду Ногой уругу.
Орозду калды Ополдо,
Бай калды башкы Сугумда,
Көзкамандын балдары
Көйкапка жакын барганы,
Көрө албай бизди калганы,
Көрүндү көзгө ойлосом
Бу дүнүйө жалганы».
Улуу бир той берүүгө,
Айтып болуп ал сөздү,
Бай Жакып белин байлады.
Чакырууга чыгарды
Таамай отуз кишини,
«Чакыргын –деди –ошону,
Кызыл чок Кытай четинен,
Асты киши калбасын
Алтай тоонун бетинен.
Жетип келсин жеркендик,
Тойго келсин тотулук,
Каптай келсин кашкарлык,
Кошо келсин котондук.
Марал-Башы, Долонду,
Басып өткүн олорду».
Самарканды, Жызакты
Санатын айтып узатты.
Оро-Төбө, Кожентти,
Олуя-Ата, Ташкенди.
Орчун Кокон, Маргалаң,
Иле менен Чүйүнө,
«Кабарымды уккандар
Калбасын – деди – үйүнө.
Туурасы Эртиш суу болсун,
Аягы Орол тоо болсун,
Кара-Кум калмак калбасын,
Кабарсыз жатып албасын,
Бир чети Тибет чөл болсун,
Күн чыгыш жагы кытайдын
Камбылдын Кунар бел болсун,
Чакырарым тоюма
Ошондон берки эл болсун,
Той берем быйыл жайында,
«Кай жерде?» – деп, сураса,
«Үч-Арал» – деп, дайында.
Төрт жарым айдан калбасын,
«Төгүн» – деп, жатып албасын,
Беш айдан кийин калбасын,
«Бекер» – деп, жатып албасын!
Өзү келсин өнөрпоз,
Баары келсин балбаны,
Байлап келсин күлүгүн,

Мага салсын түлүгүн».
Ээрчите келсин эшенин,
Четине алсын чеченин,
Кошуп келсин кожосун,
Ала келсин аярын,
Болжоп келсин молдосун,
Мында келип өкүнбөй,
Мыктап келсин жолдошун,
Баш байгеге саярым
Беш жүз кызыл нарым бар,
Эки төөгө жүктөгөн
Эндей алтын зарым бар,
Беш жүз жылкы, бир миң кой
Баш байгеде дагы бар.
Аяк жагын сураса
Алты кара, сексен кой,
«Арзан» – десең, келбей кой.
Катыным бала тапканга
Калкка берген бу бир той.
Ортосун өзүн ойлоп бил,
Отуз атка байге бар,
Озуп келсе күлүгүң
Ойротто жок пайда бар!»
Чакырчууну жиберди,
Жайкай конду шиберди.
Мөмө-чөмө жемишке
Так жүз киши жиберди
Төрт миң атан төө менен,
Түнөгөр балбан дөө менен:
«Таза болсун дасторкон,
Көпчүлүктөн көп корком».
Бай Жакып баарын күтүнүп,
Байбиче тонун бүтүрүп,
Кедейлер кийим жамашып,
Келиндер чачын тарашып,
Кызматкер киймин жамашып,
Кыз балдар чачын тарашып,
«Кызык тойду көрсөк» – деп,
Кылайтпай күнүн санашып,
Азаматтын баарысы
Аргымак жалын тарашып,
Ай кылайтпай санашып
Күн айланды күзүнө,
Жакып бай жайнай конуптур
Үч-Аралдын түзүнө
Канды тоонун оюна,
Кара суунун боюна,
Карап тургун калайык
Кан Жакып кылган тоюна.
Жакып бай туун аштады,
Тойду бүгүн баштады,
Ошо күнү бейшемби,
Токсон бээ союп таштады.
«Эртеңки күнү жума» – деп,
Жүз бээни сойду жуда – деп,
«Беш жүз бээ соёюн»
Берген соң малды кудай» – деп,
Ишемби сойду элүүнү,
Жекшемби сойду элүүнү,
Дүйшөмбү сойду элүүнү,
Бейшемби сойду элүүнү,
Шаршемби сойду элүүнү.
Бейшембинин күнүндө
Берсе кудай тилегим
Алтымыш ак боз бээ алыңар,
Камбар боздун үйүрүнөн
Кармап келип чалыңар.
Камбар боздун үйүрүнөн
Кармап келип союңар,
Кабыл болсо тоюңар.
Эки миң эркек коюм бар,
Эбактан бери бу тойго
Атап койгон оюм бар,
Немесин койбой союңар.
Элүү бордоку өгүз бар
Немесин койбой союңар,

Ага-ини туугандар
Аламанды коюңар!»
Төрт жүз төөгө арттырган
Мөмө-чөнө жемиши,
Баары келди жыйылып,
Телегейи тегизи.
Алты жүз атан төөгө
Аппак күрүч арттырды,
Кытайларга ылайык
Кырк миң чанач – меш менен
Кара мейиз салдырган
Кызыл арак тарттырды.
Кыларына келгенде
Кызматын журттан арттырды.
Жети жүз очок ойдурду,
Жетимиш үйлүү кыргызын
Эт башкартып койдурду.
«Аркы атабыз Алаш – деп,
Намысыңа талаш!» – деп,
Алты жүз аргын, найманды
Эт тартууга жайлады.
Калмакка казан астырды,
Эзетке этин бастырды,
Сартка сорпо сапыртты,
Жер очоктун баарысын
Жеркендикке каздырды.
Дутар менен комузун
Колуна алып чертишип
Отуз үйлүү нойгуттук
Отун жарып, кертишип
Сурнайды суулап тартышып,
Ырчылар ырын айтышып,
Кош башчылар баарысы
Коно турган жерине
Кой өңөрүп кайтышып,
Колго келген маңгулдар:
«Бадыша экен Жакып!» – деп,
Кошоматын айтышып.
Кытайдан кырк миң кол келди,
Кыл жылоолуу ойроттон
Туушаң төрө зор келди.
Калмактан канча кол келди,
Казак, кыргыз мол келди.
Түрктөн түмөн кол келди,
Дүйнөнү басып мол келди.
Ногойдон калган кызыл туу
Оболотуп аштады,
Оюнду жаңы баштады.
Карасман калмак балбаны
Казактын Калдар бөкөсү
Каршы алдына барганы.
Кармашкан жерден эр Калдар
Каптай камтып алганы,
Калдайтып барып калмакты
Кара жерге салганы.
Атанын көйрөң журт болбос,
Апыраңдап көп казак
Айгайлашып калганы.
Алты жылкы, бир төө
Байгесине алганы.
Маңгулдан Чокон дөө чыкты,
Ат минбеген жөө чыкты.
«Аркы атасы Туран – деп,
Намыстуулар жөнөл – деп,
Берки атаңар Түрк – деп,
Беттешиңер жүрүп – деп,
Аты Чокон балбан – деп,
Беттешкенин алган – деп,
Намыстанып маңгулдар
Айбаттуусун салган – деп,
О, түгөнбөй жаткан түрктөн
Түгөлбай аттуу балбан – деп,
Бу сүрүшкөнүн алган» – деп,
Каалады калкы баарысы,
Жашы менеы карысы.
Чокон дөө келди күркүрөп,

Оозунан түтүн буркурап,
«Башын үзгүн түрктүн!» – деп,
Маңгулдун баары чуркурап.
Майданга Чокон барганы,
«Барасыңбы,
жокпу?» – деп,
Түгөлбайдай балбанга
Түрктүн баары барганы.
«Кейпи суук иттерге
Кетире көрбө намысты.
Аркы атаң Жапет жар болсо,
Аяй көрбө бул итти
Алы-күчүң бар болсо!»
Баарысы айтып барганы,
«Барбаймын!» – деп, айта албай,
Майдандан башын тарта албай,
«Түк барбайм!» – деп, айта албай,
Түрктөрдүн сөзүн кайтарбай
Бармак болду бекинип,
Сый тонун сыйрып чечинип,
Балбандын кийимин кийинип.
Бабасына сыйынып,
Байтүгөл басып барганы,
Барган жерден бул экөө
Багалектен кармады,
Күрөштү экөө салганы,
Бири маңгул, бири түрк,
Билектешип калганы,
Бир жулкканда Байтүгөл
Билегин сууруп алганы.
Эрдемсиген Чокондун
Байтүгөл колун кармады,
Балбансыган бадирек
Суура албай колун калганы.
Колун кошо Байтүгөл
Белбоодон барып кармады,
Менменсиген чоң Чокон
Бери бакпай калганы.
Калың журт карап турганы,
Калдайтып келип Чоконду
Байтүгөл кармап урганы.
Балбанды түрк жыгыптыр,
Алты сыйыр, беш жылкы
Байгесин алып чыгыптыр.
Түрк кубанды дүркүрөп,
Кызыл чок кытай журтунан
Күнөс деген бир балбан
Күрсүсүн алып колуна,
Күндөй болуп күркүрөп:
«Турандын болгон тукуму
Төгөмүн – деп,- каныңды,
Кыямын – деп,- жаныңды,
Кетирем – деп,- саныңды!»
Майданга кирди бакырып,
«Түрк тукуму болгонуң,
Кел бери!» – деп, чакырып.
Аркы атасы Барак кан,
Өз атасы Камбар кан,
Казактан чыкты мыкты жан,
Өзүнүн аты Айдаркан.
Айдаркан чыкты айкырып,
Айбаттанып бакырып:
«Кытайдан болсоң, сен – деди,
Кылым түрктөн мен – деди,
Кызыталак каапырым,
Кыйын болсоң кел!» – деди.
Кытайдын баары дүргүшүп,
Коркоктору мүргүшүп,
Алтымыш миң аскери
Айгай салып та-талап,
Аламан койду санталак.
«Тойду баштап салдым –деп,
Тозокко кандай калдым?!» –деп,
Бай Жакып шашып анталап.
Түрктүн баары дүркүрөп,
Күн батыш журту күркүрөп,

«Казак, кыргыз, өзүбек
Казатка тууган өзү – деп,
Кажылдаган каапырдын
Кандай айткан сөзү?!» – деп,
Кыпчактардан Эламан,
Кыйыр тууган чечен Таз,
Татарлардан эр Эштек,
Жедигердин Багышы,
Жеткир бийдин Агышы
Маңгулдан алды калысты.
Балбан чыкпай, ат чаппай,
Токтотуп тойду салышты,
Эрегиш болуп эки журт
Эки күн жатып алышты.
Эки күн токтоп жатканы,
Эртеси атты чапканы.
Байгенин башын байлады
Беш жүз жылкы, бир миң кой,
Байгесине шайлады
Беш кызыл нарыны,
Эки төөгө жүктөгөн
Эсептеп алтын зарыны,
Алты кара, сексен кой,
Байлап берди бай Жакып,
Койчу, айткан байгесинин
баарыны.
Эки күн атын айдады,
Эл танакка жайланды,
Үчүнчү күндө аттанып,
Тойго келген көпчүлүк
Куржун-кече байланды.
Атка болжол айтыптыр
Өгүз-Кечүү, Калкандан,
Ошо жерден кайтыптыр.
Эштектин аты Желтаман,
Сүрөгөн экен Эламан.
Араандай оозу ачылып,
Кара болот суулугу
Жерди көздөй басылып,
Даңканы тийген жерлери
Таш да болсо казылып,
Төрт аягы ачылып,
Ооздуктан ак көбүк
Омуроодо чачылып,
Сары кызыл, кара жал
Сайдан чыккан булуттай
Закымдай учкан кандай мал!
Артынан келет жакындап
Аткан октой бир сур ат.
Аркасынан жакындап
Багыштын аты Суркийик,
Анда-санда бир тийип.
Анын арка жагынан
Каңгайлардын Карасур,
Анын жүгүрүшүн карап тур!
Анын арка жагынан
Таз чечендин Тоокара,
Семиз экен бечара,
Соорусу көөп солоктоп,
Сүрөөгө кирип болоктоп.
Алардын арка жагынан
Алтайлардын Наркара
Арышын керип адымдап,
Айгайын алтай салыптыр,
Ачып көздү жумганча
Бир тору тай келип калыптыр.
Тай өткөн жашы кунандыр,
Калмактын Каражой
деген түндүкчү
Артынан салып айгайды,
Кунанына кубанды:
«Тыргооттук сага нетти?! – деп,
Тырмактай болгон кунаным
Сай тулпарга жетти – деп,
Көтөрмөлөй көргүн – деп,
Көп тыргоот кандай өлдүң?!» – деп.

Аркасынан караса
Анжияндын Акелик
Бакпаягы майышып,
Кабыргасы кайышып,
Коңур бий келип айкырды:
«Коржоңдогон бу доңуз
Не болган?!» – деп, бакырды.
Айкырыгын укканда
Арам өлгөн Акбакай
Коёндой кулак жапырды,
Даңканды көккө сапырды.
Кулжага келген сүрөөчү
Кумдуу сары талаада:
«Кудай колдой көргүн!» – деп,
Куралып калган көп түрк,
Кужулдаган көпчүлүк.
«Кытай алса бекер – деп,
Кызыр бизден кетер – деп,
Каңгай алса бекер – деп,
Касиет бизден кетер – деп,
Желтаман менен Суркийик
Бирөө алса экен!» – деп,
Ат сүрөгөн адамдар
Жетпей келет тепеңдеп.
Байгеге жакын калганы,
Башын чайкап Желтаман
Басууга келбей калганы.
Багыштын аты Суркийик
Барып тууга бир тийип,
Жедигер аты чыкканы,
Желектүү тууну жыкканы.
Багыштын аты чыкты – деп,
Бай Жакып туусун жыкты!» – деп,
Азиянын калкына
Азыр болду ушу кеп.
Орто Азия, күн батыш,
Озуп аты келген соң
Эми осолдук болор тим жатыш:
Айры өркөчкө төө чалды,
Ай туякка бээ чалды.
«Уругум кыргыз түрк – деп,
Бай Жакыптын урматын
Урматтайлы жүрүп!» – деп.
«Тууганым Багыш соогат! – деп,
Душмандын баарын жогот!» – деп,
Бай Жакып байге башында,
Бай Балта чалы кашында.
Отуз бир ата байге бар,
Ойротто мындай кайда бар!
Отуз бир ат байге алыптыр,
Акбалтанын Көкчолок
Отуз бир болуп калыптыр,
Алты кара, сексен кой
Акбалта айдап алыптыр.
«Соогат – дедиң, байым – деп,
Айтарга менин жайым – деп,
Беш жүз жылкыны өзүң ал,
Кой дегениң канча мал,
Айдаарга бизде болбойт ал,
Кут кылсын кудай тоюңду,
Өзүң алчы коюңду.
Беш жүз кызыл нарыңды,
Эсеп кылып санап бер
Эки төө алтын зарыңды.
Аксакалым ат минсин,
Топ башылар тон кийсин,
Айылдан келген адамдар
Алтынды сатып булдасын,
Арам жемсөө жигиттер
Бирин бири бурдасын,
Наадан адам билбейт ко
Акыр ушу жалганга
Өмүр сүрүп турбасын!»
Аны айтып эр Багыш,
Энди келди Жакып бай:
«Казак, кыргыз, катаган

Баарыбыз бир атадан,
Куткардыбы кудайым
Кытай, калмак чатадан!?»
Атабыздын сөзү бар,
Өзүбектин өзү бар,
Карыганда бир мерсент
Бай Жакып бала көрүптүр,
Ат коюучу кези бар.
Кыпчактардан Байжигит,
Кыргыздардан Эламан,
Анжияндык Куртка чал,
Аргындан Каракожо бар,
Нойгуттардан Акбалта,
Ногойлордон Эштек бар,
Түрк уулунан Абдылда,
Өзүбөктен Дамбылда
Өзүлөрү олтурду.
Катагандан Мунар бий
Карк алтын дейилде сарпай кий,
Ак сакалдан алтооң кий,
Кара сакал, кер мурут
Калгандарга бир-бир тон,
Үч сарпайы чыгарды,
Үлкөндөргө ыйгарды,
Кийген тону жараншты,
Бирин бири карашты.
Бай Жакып баланы алыптыр,
Этегине салыптыр,
Ээрчий басып Чыйырды
Эки кымкап алыптыр.
Элүү дилде кызыл бул
Колуна кармап салыптыр.
«Ат коюңар!» – деп, айтып,
Ак сакал Жакып кеп айтып,
Көптүн келди астына.
«Ат асмандан дечү эле,
Жакшы ат коёр бекен?» – деп,
Көзүн салып бай Жакып,
Аяк менен башына.
Олтурган эрлер дегдеди,
Оозуна бир ат келбеди,
Ат коё албай алдырап,
Акылмандын баарысы
Карап турду жалдырап.
Ак күлөлүү дубана
Асасы колдо шалдырап,
Кайдан келди жан билбейт,
Пайда болду дубана,
Байкап көрдү буларга:
«Сонундан тонду кийипсиз,
Чогулуп баарыңкирипсиз,
Барбы мында жумушуң
Баарыңбирдей сабыркап,
Кандай токтоп турушуң
Айтыңарчы угайын,
Абалы сизден сурайын?»
Дубана жооп сурады,
Бердике берди жообун:
«Ат коюп берсең балага
Алар элең дубанам
Бул адамдардын сообуң.
Башы Байгур уругу,
Түбү түрктүн улугу,
Бабасы Бабыр кан – деди,
Жакып деген бу киши
Баласыз жүргөн жан – деди.
Жерге сыйбайт малы көп,
Коюп берсең бир жакшы ат
Кубангандай асман-көк!
Жеткен элүү жашы – деп,
Жеке мерсент ушу – деп,
Ат коё албай көпчүлүк
Камалып турган тушу» – деп,
Бердике сүйлөп салганы,
«Берген болсоң, уруксат
Мен коёюн атын» – деп,

Дубана сүйлөп калганы.
«Ат коюңуз, акыр!» – деп,
Адамдын баары чуу этти.
«Баш жагына «мем» келсин
Байгамбардын сүрөтү,
Ортосуна «нун» келсин
Олуянын сүрөтү,
Аягына «сен» келсин
Арстандардын боруму,
Арты кайда кетти экен
Ал үчөөнүн оруну? «
Окуп билди «Манас!» – деп,
Оозуна келди шондой кеп.
Ат коюлду – «Манас!» – деп,
«Алла Таала сактасын,
Ар балаадан калас!» – деп,
Бата кылды баарысы,
Жашы менен карысы.
«Аты жакшы болду» – деп,
Айтканда көңүл толду!» – деп,
Ата-энеси кубанды,
Алып турган энеси
Алтынды, кымкап буларды.
Жая салды дубана,
«Алдым дагы, бердим!» – деп,
Алиги көргөн дубана
Кайта берди буларга.
Катагандан Урматбай
Карыясы алганы,
Кашкардын Калматакунга
Тондун бири калганы.
Кабар ал ушу сөзүнөн
Карап турган дубана
Кайып болду көзүнөн.
Айтып турган Сагынбай
Алган экен бу кебин
Арбактардын өзүнөн,
Кетирбейт экен кудайым
Кеч-эртели эсинен.
Жазып жаткан молдосу
Жарашкан экен жолдошу,
Айта берсем арга жок
Адабият болбосу.
Арбактардын акы үчүн
Ачып муну окусун
Ак калпак кыргыз молдосу.
Айткан тилим эне тил,
Акылмандар ойлоп бил.
Аркы атаңыз Түрктүр,
Анык тили кыргызда,
Аңдай албай жүрүптүр.
Номдон Жапет тараган,
Ушулардын тукуму
Улук болгон Кара кан.
Кара кандан кийинки
Байгур, Бабыр тараган.
Бабырдын уулу Түбөй кан,
Кызмат кылган канча жан.
Түбөйдүн уулу Көгөй кан,
Көгөйдөн Ногой, Шыгайдыр.
Кенже иниси Чыйыр – деп,
Бу кеткендерден калган кеп.
Ногойдун уулу төрт болду,
Алардын бет алган жагы
өрт болду.
Кармаган жери көп болду.
Анжиян менен Кашкарды,
Анын баарын башкарды.
Самаркан менен Букарды,
Санатын алды буларды.
Орол менен Үркүттү,
Ойдо жаткан чүрчүттү
Деңиздин Ноор көлүнө
Тегерете үркүттү.
Алтайдын тоосун бүт алган,
Кырк уруу кыргыз уругу

Кытайга барып чаң салган.
Ошо жерде кыргыз токтолду,
Опоосу жок бу жалган!
Көгөйдөн дөөлөт кайтыптыр,
Кырга барган кыргызга
Кытайлар өкүмөт айтыптыр.
Бу жакта Көгөй журту
бөлүнүптүр,
Көзүнө дүнүйөнүн көрүнүптүр
Бөлүнүп тууганынан
кыргыз калып,
Кытайлар тынчын алган
уруш салып,
Кененген жарым кыргыз
Кебил барып,
Куралган Кундуз, Талкан
жерин алып,
Кураган буларды да жыпар калык.
Качып барган кыргыздар
Катаган, тейит калкы бар,
Кадимки Кошой алпы бар,
Кыпчакта Кылыч беги бар,
Акпай, Мамбет эри бар,
Ооп качып баргандан
Ооган деген кеби бар.
Акпай чыккан тейиттен,
Жүгөрү деген бирөө бар
Акырет кеткен шейиттен.
Найман, шаңгай да кыргыз,
Акырет кеткен бабаңдын
Ар орунун табарбыз.
Беш уруу кыргыз Ооганда,
Бек заадалар бар анда.
Бабаларын, үлгүсүн
Байкап аны уксаңар
Пайда болор көп жанга.
Бир жагы бар кыргыздын
Коросандын четинде,
Бүтүн Шыгай уругу
Жерген дарыя бетинде,
Жеткириптир кудурет
Ушу кепти нээтиме.
Аягы Ыспан аралы,
Балык менен Бадакшан
Баянын айтып баралы,
Кырда жаткан эл байы
Кыргыз болор далайы.
Багдатта кыргыз дагы бар,
Букардагы кыргыздар
Өз тилинен айрылып
Тажик болгон чагы бар.
Урумда жаткан түрктүр,
Азып кетип журтунан
Арап болуп жүрүптүр.
А да кыргыз уругу
Ыстамбулдун улугу,
Каңгайда калып көп кыргыз
Калмак болуп куруду.
Алтайда казак ал да түрк,
Үркүттө казак бул да түрк,
Кара-Шаар, Кумулду,
Кабары бизге угулду,
Ошолордун баарысы
Ойлоп турсам жуда түрк.
Кокон, Ташкен, Маргалаң
Козголбогон бу да түрк,
Түркстан турат жерибиз,
Түмөн кыргыз элибиз,
Түп атаңдан түрөйүн,
Түгөнө койбос кебибиз,
Жоготпоюн аягын
Жомогуңа келиңиз,
Аркы түбүн алаш – деп,
Ат коюлду Манас – деп.
Ат коюлуп, той тарап,
Жер-жерине кеткени,

Арадан жети жыл өтүп,
Сегизге Манас жеткени.
Сегиз жылдын быягы,
Бала да болсо башында
Быйыл сегиз жашында
Бендеден башка сыягы.
Эркелетип энеси,
Аркалап жүрдү атасы,
Аркалабай не кылсын
Артында жалгыз ботосу,
Ар мүчөсүн карасаң
Адамдан башка жотосу.
Кээ бир күнү караса
Кездей белин буунат,
Керээли-кечке жуунат.
Кете берет бир күнү
Билгенин кылып турбастан,
Жүрүп кетет кээ бирде
Бир ай да колун жуубастан.
Арам-адал түк билбей,
Ар бир түрлүү иш кылат
Ага-инисин көзгө илбей.
Болуп турат кээ күнү
Байлоодо буудан мингендей,
Басып кетет кээ күнү
Байлатпаган жиндидей.
Улук мазар дегенди
Кыйык атып ойногон,
Кыялына келгенин
Кылбай асты койбогон.
Балдарды көрсө жыйыптыр,
Мазарды көрсө кыйыптыр,
«Бай Жакыптын бул уулу
Бир балакет кылат!» –деп,
Калайык ушак кылыптыр.
Дубана көрсө уруптур,
Асасын тартып алыптыр,
Азапка бөөдө салыптыр.
Андайын көргөн эл-журту
«Акыр бир балаа кылат!» – деп,
Айыңдашып калыптыр.
Кожону көрсө коркутат,
Бир сабаада кымызды
Колуна берсе бир жутат.
Акылы кетип аз болбойт,
Жарым челек аракты
Жалгыз ичсе мас болбойт.
Доргону көрсө токмоктойт,
Жамбы тийсе колуна
Чака булча токтотпойт.
Баркын билбейт дүйнөнүн,
Бай Жакып байкап күйгөнү,
Баары сөзүн бай Жакып
Байбичеге сүйлөдү:
«Аңдасам балаң акыл аз,
Жөнүн таппайт,
дөөлөт мас,
Тил азар деймин
динге кас.
Мал азабын балага
Бир тарттырып көрөлү,
Жайлоодогу койчуга
Алты ай малай берели,
Эркелетип олтурбай,
Катыктырып көрөлү.
Сөз айтууга жатыксын,
Сөөгү бышып катыксын.
Малдын баркын билгизип,
Малай кылып киргизип,
Дүнүйө баркын билгизип,
Түккап барып киргизип,
Ошпур деген койчу бар,
Оңдоп койсун ушулар».
Ал акылды бай Жакып
Байбичеге айтып салганы,
«Макул экен бул сөз!» – деп,

Байбиче кабыл алганы.
Чакырды, Жакып баланы,
Бай Жакыптын балага
Мал бактыруу талабы.
«Карыгамын атаң – деп,
Кагылайын ботом – деп,
Жылкы, төө малым бар,
Карып калдым, мал табар
Кайда менин алым бар.
Араң бир жүз коюм бар,
Ошпур деген бир бай бар,
Алтай баксаң козусун
Коюбузга кошумча
Кой берер – деп, оюм бар.
Бабаң Жакып мен – деди,
Балам, мал табар кезиң
сен – деди.
Барып Ошпур козусун
Аз күнү багып бер» – деди.
Жооп берди баласы,
Жоругу белек Манасы:
«Ошпур кайда бай? – деди,
Баласы жок, малы көп,
Ал куруган кандай жан? – деди,
Ачка кылып койбосо,
Жеткирип мени сал – деди.
Бай бекен малы мол– деди,
Арасы канча жол?» – деди.
Анда Жакып кеп айтат:
«Арасы күндүк» – деп, айтат.
«Кой берүүчү бай болсо,
Андан не үчүн качайын
Жегениме май болсо,
Орун-төшөк жай болсо
Чоң эмесмин, баламын,
Жообуңду ата аламын,
Токтобоймун, барамын.
Байкуш болор нээтим жок,
Мал табууга барамын,
Мени коюп, атаке,
Өз алыңды карагын».
Бармакка бала кубанды,
Бай Жакып келип токутту
Кула чабдар куңанды.
Ээрчитип Жакып алганы,
Эрмек кылып баланы,
Өз койчусу Ошпурдун
Короосуна барганы.
«Барсыңбы, Ошпур бай? – деди,
Жатырсыңбы жай? – деди.
Ошпур бай күттүң далайды,
Алып келдим мен сизге
Козу багар малайды».
Ошпур үйдөн чыкканы,
Жакыптын сөзүн укканы.
«Түшүңүзчү аттан?!» – деп,
Чылбырынан тутканы.
Аттан түшүп Жакып бай,
Акылдашты жайма-жай,
Ал айылда бар экен
Атасы кыргыз Кадообай,
Анын бардыр бир уулу,
Баласынын аты Чегебай,
«Манас менен Чегебай
Козу баксын жайма жай.
Бай Жакып айтты ушуну:
«Баксын –деди, –козуну».
Ошпур менен Кадоого,
Баланы багып, кароого,
Кээде ач болсун, кээде ток,
Кеби тийсе ур да, сок».
Катыксын –деп, –баламды,
Кан Жакыптын талабы.
Жашырып айтып Жакып бай,
Кайтты үйүнө жайма-жай,
Кандай кылат сөзүн ук

Кадыр Алла бир кудай.
Кайтып Жакып кеткенин,
Манастын көргүн неткенин,
Арасынан булардын
Жетинчи күнгө жеткенин.
«Чеге бала чором – деп,
Жеке менин жором – деп,
Жүр козуга баралы,
Жүдөтпөй малды багалы».
Козусун айдап кобурап,
Тоону көздөй жобурап,
Баланын сөзүн сөздөшүп,
Бара жатат бул экөө
Бадалдуу тоону көздөшүп.
Козусун балдар жайыптыр,
Колуна чыбык алыптыр,
Каршы алдынан бир бөрү
Качырып чыга калыптыр.
Карышкыр – деп, бөрү – деп,
Кабарын мурун укпаган,
Жашы жеткен тогузга,
Карыш үйдөн чыкпаган.
Көзүн Манас салганы,
Баса калып козунун
Көтүн жулуп алганы,
«Бул эмине шумдук?!» – деп,
Көрүп айран калганы.
Манас туруп кеп сурайт,
Он бирдеги баладан:
«Бул эмине?» – деп сурайт.
Көрө салып Чегебай:
«Атасынын көрү – деп,
Аты мунун бөрү – деп,
Коё берсе эркине
Кете берет тоо жакка
Бу козунун баарын жеп».
Чегебай айгай салганы:
«Кыйкырганың эмине,
Кыңк этпегин дегеле,
Бөрү болсо нетер – деп,
Карды тойсо кетер» – деп,
Манас айтып салганы:
«Козуга убал болор – деп,
Баарын жесе каапырдын
Карыны араң толор» – деп,
Бала чуркап калганы.
Бара жаткан балага
Бөрү көзүн салганы.
Кайрат кылды күркүрөп,
Кайра качты Чегебай
Кара бою дүркүрөп.
«Коркоксуң, кайра качтың – деп,
Акылыңдан шаштың» – деп,
Кужуру кайнап эр Манас:
«Кулагынан алайын,
Өлбөгөн жерде калайын!
Мунун атын бөрү дейби? – деп,
Адамды бөрү жейби?» – деп,
Кашына чуркап барганы.
Көтөрүп алып козуну
Качып карышкыр кеткени,
Чала-була куйруктап,
Кууган менен жетпеди.
Тогузунда коркпогон
Эрлиги эмей неткени!
Көтөргөн бойдон көк бөрү
Тоодон ашып кеткени.
Токтобостон кубалап,
Капчал улуу зоо экен,
Көз учкан бийик тоо экен,
Карышкыр кирип кеткени,
Козунун канын кубалап
Артынан Манас жеткени.
Жетип барып караса
Аттары бар канаттуу,
Адамдан башка санаттуу,

Аргымак, бедөө минишкен,
Аземдүү тонду кийишкен,
Ак жолуна киришкен
Бир үңкүрдө кырк киши –
Бир өтөктө жык киши.
Чайдоосто чайы кайнаган,
Дасторкону жайнаган,
Албан түрлүү жемиштен
Оозго салып чайнаган.
Аларды көрүп алганы,
Жартысын жеген козусун
Жанына байлап салганы.
Козусу аман маарап тур,
Козуга Манас карап тур,
«Жартысын жеп козунун,
Көтөрүп алып кетти – деп,
Көрдүм эле көз менен,
Бу козуга нетти? – деп,
Көтөрүп келип козумду
Карышкыр кайда кетти? – деп,
Кана, карап турган адамдар
Айтыңарчы кепти?» – деп,
Бала минтип сурады.
«Көпкөрүнөө көзүмчө
Төгүлдү козу каны – деп,
Өлгөндөй болду жаны –деп,
Эми келип бу жерден
Эч бир жерде тагы жок
Тирүү көрдүм аны – деп,
Мына, тирүү турат козум – деп,
Сураганым ушу» – деп,
Бала токтоп калганы.
Баягы турган кырк адам
Балага көзүн салганы:
«Козуңду алган бөрү – деп,
Коркпогун балам көөнүң – деп,
Тагы барбы козуңда,
Жараты барбы ушунда?
Карап турсуң коюңду,
Бизди кимге өлчөйсүң оюңда?
Казатка кудай чыгарган
Кайратың турат боюңда.
Коркпой сөздү тыңда – деп,
Козуң турат мында» – деп,
Балага сөздү салганы.
Көрүп туруп эр Манас
Көңүлү айран калганы.
«Кайтарган козум көп – деди,
Бир козумду көтөргөн
Бөрүнүн түгү көк – деди.
Козунун жарымын бөлдү эле,
Көзүмчө козум өлдү эле.
Ит сүрөттүү, тик кулак,
Бир кулач жерди бир чурап,
Козума бөрү жеткени,
Козумду кызыл кан кылып,
Көтөрө качып кеткени.
Таштуу кырдан ашты эле,
Жалгыз менден качты эле,
Жаны чыгып шашты эле.
Бөрү кайда кетти? – деп,
Бөлөкчө кылба кепти – деп,
Бу сиздерге нетти? – деп,
Кууп келдим бөрүнү,
Бөрү качып сиздерге
Салган экен жөнүнү.
Артынан кууп мен келсем
Адам болуп калыпсыз,
Алып келип козумду
Аман байлап салыпсыз,
Ар борумуң, бир бөлөк,
Кайдан келген калыксың?
Көрдүңөрбү бөрүнү?
Көрүнүп кетсе сиздерге
Көргөзүп кой жөнүнү?»
Адамдар анда кеп айтат:

«Аңдап көр, балам – деп, айтат.
Бөрү болгон биз – деди,
Бөлөкчө жансыз сиз – деди.
Кызыр Илияс деген бар
Сизди кырк күндөн бери издеди,
Кырк чилтен деген биз – деди,
Козуңа салган тиш – деди,
Тиш орду барбы из? – деди.
Аңдап көрчү аңтарып
Козуңуздун куйругун,
Биздер тутуп жүрөбүз
Бир кудаанын буйругун.
Кубаттуу болор тирлигиң,
Кудаанын билгин бирлигин,
Көрбөй туруп ынанып,
Көңүлдүн чыгар кирлигин!
Бербердигер бир Алла
Бар! – деп, билгин ката жок,
Туудурду дебе, ата жок,
Тууй турган эне жок,
Туш келишер неме жок,
Өзгө тууган – урук жок,
Өзүнөн бөлөк улук жок,
Өкүмүнө чара жок,
Өзү бар, андан бала жок,
Өзүнөн бөлөк даана жок!
Кирпик ирмем кидирген
Капилети болбогон,
Макулуктун баарысын
Базилинде колдогон,
Эгер амир кылса асман-жер
Бир мистеге толбогон
Жараткан бардыр кудайың,
Жан-жаныбар баарысын
Колдоп турат жудайын.
Болсо сенде дил – деди,
Болжоп акты бил – деди.
Ак ислам динине
Азбай, балам, кир!» – деди.
Анда Манас кеп сурайт:
«Кандайлыктан адамдар
Карышкыр болдуң? – деп, сурайт.
Карышкыр болгон кайсыңыз,
Кайсы экениң айтыңыз?
Кана, көк бөрү болчу көрөйүн,
Көңүлүм анан бөлөйүн,
Айткан насиятыңа
Анан кийин көнөйүн.
Кандай жансың билейин,
Кабарыңа кирейин.
Кайсы экенин биле албай
Карап турмун силерди,
Куп билейин сөзүңдү
Кудайың кайдан жиберди?
Не себептен ушундай
Эндекей койгон силерди?
Ушунчаны жараткан
Кайда болот кудайың,
Үйү-жайы кай жерде?
Абалы ордун сизден сурайын».
Ал сөздү бала салганы,
Кызматта жүргөн кырк чилтен
Каткырып күлүп калганы:
«Урматы бар бул жайда,
Үй болобу кудайда!?
Угуп турган кулагың,
«Ушу!» – деп, билгин турагын!
Жыт билиптир мурдуңуз
Сасык менен жакшыны
Күчүн билип туруңуз,
Ачуу менен таттууну
Билген ооз тилиңиз,
Аны да актын күчү – деп,
Акыл менен билиңиз.
Көрүп турган көзүңүз,
Кудуреттин күчү – деп,

Куп билиңиз өзүңүз.
Кармай турган колуңуз,
Кадыр Алла күчү – деп,
Кабарынан болуңуз.
Баса турган бутуңуз,
Кудуреттин күчү – деп,
Көңүлүңө тутуңуз.
Көкүрөк, жүрөк, дилиңиз
Кудаанын үйү экен – деп,
Куп ошондой билиңиз!»
Кырк чилтен айта салганы,
Бир силкинип да бирөө
Көк бөрү боло калганы.
«Бирде бөрү, бирде адам,
Анык сонун экен!» – деп,
Көөнүнө бала алганы.
Көт жагынан Чегебай
Бала келип калганы,
Манас менен кырк чилтен,
Баарына көзүн салганы,
Маарап турган козуну,
Аман көрүп ошону
Айран-азыр калганы.
Аял-уял сөзү жок
Кырк чилтен айтып салганы:
«Баланын аты Чеге – деп,
Мындан кийин муну
Чеге дебе – деп,
Кутман болор сага – деп,
Дартыңа болор дабаа – деп,
Куту бий болуп атанат,
Кудаанын атын жат алат.
Отуз тогуз жолдошуң,
Алардын аты колдо – деп,
Олтурбайбыз бул жерде
Жүрөлүк эми жолдо» – деп,
Кайып болду көзүнөн,
Кыпындай неме калбады
Кырк кишинин өзүнөн.
Эки бала энтелеп,
Козусун алып жетелеп,
Келди тоонун башына,
Көп козунун кашына.
«Жана көргөн көп киши
Куп сыйлады, мени – деп,
«Куту бий» – деди, сени – деп,
Белги калбай жоголду,
Бекер эмес өздөрү,
Бек айбат экен сөздөрү.
Колу тийди алардын,
Козу соо болгон жок,
Кой, ушуну соёлу,
Этин жейли, тоёлу,
Ата-энебиз сураса
Аларга айтпай коёлу».
Акылдаша салышты,
Козуну союп алышты.
Жагарына оту жок,
Айран-азыр калышты.
«Бу козуну сойдук – деп,
Сойгон менен ушуну
От таба албай койдук» – деп,
Жыйып алды жыгачты,
Ойсуратты отунду,
От таба албай отурду.
Ошонгуча болбоду
Белине балта байлаган,
Беш таначар айдаган
Бир чал келип калганы,
Балдарга көзүн салганы:
«Кандай бейбаш баласың
Бекеринен не үчүн
Козу союп саласың?
Эне-атаңа айтамын,
Айтып коюп кайтамын!»
Абышка жолго салганы,

Оттугу бар жанында,
Бастырарда абышка
Бала тура калганы,
Ат жылоодон алганы,
«Абышкам токтоп, от бер!» – деп,
Асылып бала калганы.
Абышка жайын сурасаң,
Алтай тыргоот калмагы.
«Үтүгүңө шоодай! – деп,
Үтүрөйүп бу калмак,
Үксөңдөгөн куу калмак
От бербеди балага.
Тогуз жашар баланын
Толук ачуу келгени,
Курдан кармап алганы,
Оодара тартты атынан,
Чалды жерге салганы.
Чал жыгылды чалкадан:
«Жүрөк, боору үзүлүп,
Жүдөгөн чал өлөт!» – деп,
Жанындагы Куту бий
Жөлөп калды аркадан.
Чалдын көзү сүзүлүп,
Кур белинен үзүлүп,
Оттук менен бычагын,
Кыжыры кайнап кычаган,
Кыраан Манас жаш бала
Чалдан тартып алганы.
Анда Манас кеп айтат,
Ачуусу келип бек айтат:
«Чагып бер десем чакмакты,
Көрбөдүм сендей акмакты.
Айтып бар – деп, – Ошпурга»,
Ачуусу келип ошого,
«Айдайсың тана мал – деди,
Алдың каткан чал – деди,
Айтып барып Ошпурга
Мага билгениң кылып сал! – деди.
Сенин танаңдын бирин соёюн,
Тамашага коёюн,
Аларсың Жакып байдан – деп,
Ачуулансам бир жолу
Көчүрөм ушу жайдан – деп,
Көз жеткен жердин баарынан
Көрбөдүм сендей айбан – деп.
Айтып барып байыма
Талабыңа жет – деди,
Тарпың калбай өлөсүң,
Чал, аттанып кет! – деди.
Оттук, бычак, куруңуз,
Олжо бизге мунуңуз,
Оолак кет, эрте туруңуз!»
Бул абышка кеп сурайт:
«Бурут кимдин баласы,
Жөнүн айтчы?» – деп сурайт.
Анда Манас кеп айтат,
Ачуусу келип бек айтат:
«Аты-жөнүм сурабай,
Аттангын чалым!» – деп, айтат.
Корккондон чалың компоюп,
Аттанып алып зомпоюп,
Оттук, курдан айрылып,
Ошпурду көздөй сумсайып
Чалдын жөнөп кеткенин,
Балдардын көргүн неткенин.
Сараймандын айылы экен,
Саламат экен атасы,
Эки жүз козу сугарып,
Козусун жайып чыгарып,
Кемирчек казып алыптыр,
Бул экөөнүн кашына
Алар төрт бала келип калыптыр.
Төртөө боюн теңешип,
Төмөнтөн келет кеңешип:
«Бу козу оттоочу жер эле,
Бир жагы токой чер эле.

Чендетпейлик черине,
Келтирбейлик буларды
Козу оттоочу жерине.
Экөөн койсок ыйлатып,
Эзип, жанчып кыйратып,
Үйлөрүнө барар – деп,
Ушу жерге келиштен
Үмүтүн үзүп салар – деп,
Короосуна барар – деп,
Коркуп кетип калар» – деп.
Төрт бала келе калганы,
Аксакалы Айнакул
Жанындагы Кутмандын
Төшүнө минип алганы.
«Төрөм кантер экен?» – деп,
Чегебай көзүн салганы,
«Төрө» демек, бир кыял
Оюна келип калганы.
«Ой, бачагар, тургун! – деп,
Аны барып жаш Манас
Жыга тартып салганы.
Тура калып Манаска
Жудурук коюп калганы.
Башты көздөй туштады,
Манас туруп муштады.
Айнакул калба баштады,
Манас башка койгондо
Башы үзүлө таштады,
Эки көзүн жаштады.
Эстен танып далдайып,
Айнакул калды шалдайып.
«Ойногонго нетти? – деп,
Ооп эсиң кетти – деп.
Ойлонбостон айтасың
Оозуңа келген кепти – деп.
Өз кылганың өзүңө,
Жетип келип баскыдай
Не көрүндү көзүңө?!»
Муну айтып эр Манас
Жакасынан сүйрөдү,
«Жаным чыгат, кокуй!» – деп,
Жалынып бала сүйлөдү:
«Сынганга окшойт башым – деп,
Чыкты көздөн жашым!» – деп,
Тура албады ордунан,
«Тур!» – деп, келип бу Манас
Көтөрдү анын колунан.
Урууга келген үч бала
Манастын кирди соңунан,
Бирөө кармап солунан,
Бирөө кармап оңунан,
Бирөө келип жабышып,
Түшпөдү Манас жонунан.
Ачууланып Манастын
Түгү тешти тонунан.
Камтый кармап үчөөңү
Урду жерге колунан.
Төртөө бирдей ыйлады,
Төгүп жашын тыйбады.
«Төрө мени дегин! – деп,
Козунун этин жегин» – деп,
Төртөөн Манас сыйлады.
Шишкебек кылып козуну,
Жегин деди ушуну,
Куйрук менен башыны,
Куп жедирди ушуну.
«Тойдуңарбы кардыңар?
Кардың тоюп алган соң
Үйгө не үчүн бардыңар?
Алты бала чогулдук,
Нак ушу жерге жатабыз,
Ашык оюн атабыз».
Аны айтып бу Манас
Козусун кошуп алганы,
Коркутуп антип салганы,
Балдардын баарын кетирбей

Конуп жатып алганы.
Түн ортосу болгондо
Кобо калып бу Манас
Жана бир козу кармады.
Балдарына сойдурду,
Баягы турган алтоону
Шишкебекке тойдурду.
Балдарды минтип майтарып,
Басып жүрөт, уктабайт
Козуларын кайтарып.
Саргарган таң чыгыптыр,
Дагы кармап бу Манас
Бир козуну жыгыптыр,
Ач болобуз эртең – деп,
Ойготту эле баарысын,
Бешөө турду темтеңдеп.
«Бачымыраак бышыр» – деп,
Манас шашат энтеңдеп.
Шишкебегин сайышып,
Козуларын жайышып,
Алты бала турушту,
Андай кылды жумушту.
Айылдагынын баарысы
Кечээ кечтен бери жакка
Козу издешип курушту.
Койдун баары маарашып,
«Козу кайда кеткен? – деп,
Бай Жакыптын баласы
Манас түпкө жеткен!» – деп,
Кокту-кырдан карашып,
«Кеткен экен шум балдар
Айыл таппай адашып».
Ошпур айтып ушуну
Атка минип алыптыр,
Айгайды кырга салыптыр.
Саламаттын айылы
Санаалары бузулуп,
Козусу үчүн кысылып,
«Төрт балага неткен? – деп,
Адашып булар кеткен – деп,
Кыргандыр го кыйласын,
Карышкыр түпкө жеткен! – деп,
Аттуу, жөөлүү болушуп,
Адырдан издеп тепеңдеп,
«Алла эмине болду экен,
Аман тапсак экен!» – деп,
Алар дагы санап жүр,
Ар коктудан карап жүр,
Алмалуунун жылгада,
Алыс жерден караса
Айдап алып козуну,
Алты бөрү талап жүр.
«Кудай уруп коюптур,
Козунун көзүн оюптур,
Кырып жүрөт ана – деп,
Кызталак балдар кана?!» – деп,
Саламат айлы баарысы,
Бу жактан келет кыйкырып
Кадоо, Ошпур карысы.
Туш-тушунан сабалап,
Аттуу-Жөөлүү бабалап
Жетип келип караса
Карышкыр түгүл таш да жок,
Бая балдарынан башка жок.
Он-он беши жыйылып
Чогулушуп турады,
«Не кондуңар мында?» – деп,
Жаш балдардан сурады.
«Береги Ошпур байдын малайы
Ойрон кылды далайды,
Үч козуну сойду – деп,
Үйүбүзгө жибербей,
«Конуп жат! – деп койду» – деп,
Балдар сөзүн салганы.
Байдын бирөө Саламат
Байкап туруп бу кебин,

Айран-азыр калганы.
Конгонуңар талаа – деп.
Козуну бөлүп сана» – деп,
Конгон жерин карады.
«Сана» деген Саламат,
Жанында кыйла жамагат,
Эсен, түгөл козусу.
Энди Ошпурга кеп айтат:
«Эсебин ал козуңдун,
Козу эсебин алууга
Мен сенден мурун озундум».
Саламат айтып салганы,
Кадоо менен Ошпур бай
Козусун санап алганы.
«Аман экен жуда – деп,
Апкаарышып жаш балдар
«Манас козу сойду» – деп,
Калп айтышты булар» – деп,
Козуларын бөлүштү,
Айдап-кырып жүргөнүн
Алыстан алар көрүштү.
Карыялар кеп айтат:
«Бу кандай кеп?! – деп айтат,
Алты бөрү аралап
Жүрөт эле козуну,
Анык көрдүк ушуну.
Келсек алты бала – деп,
Ары-бери ойлонуп,
Көңүлүм болду ала – деп,
Алыстан бизге көрүнгөн
Алып-жулуп ыргыткан
Ач бөрүлөр кана?» – деп,
Акылдашты чалдары,
Айдап алып козусун,
Айылга барды балдары,
«Айтор, бир шумдук
экен!» – деп,
Алар да айран калганы.
Чал чогулуп турганда
Баягы Маңачор калмак барганы.
Ошпур байга кеп айтат:
«Тааптырсың малайды,
Малайың кылар далайды!
Тогуздагы бала экен,
Тозоку болчу жан экен.
Онго жакын бала экен,
Ойрон болчу жан экен,
Үрпөйгөндө кайраты
Үрүстөмдөй бар экен,
Жетимиш төрт жашым – деп,
Жерге кире таштады
Серпкенинде башым – деп,
Оодарып аттан алды – деп,
Ойрон болор чагымда
Жанындагы бир бала
Жакшы жөлөп калды – деп.
Жалган дебе мунумду,
Тартып алды курумду.
Оң жактан салды кучакты,
Оодарып тартып алды го
Оттук менен бычакты.
Алып бер малайыңдан – деп,
Бузук сүйсөң бурутум
Бычагын тартып алармын
Мен дагы далайыңдан!» – деп,
Баянчор айтып салганы.
«Бар болсо алып берем» – деп,
Ошпур жөнөп калганы.
Жамыратып козуну,
Жалдыратып көзүнү,
Байкап тургун Ошпурдун
Балага айткан сөзүнү:
«Кандай курган баласың
Келгениңсегиз күн болду
Калбаны мынча саласың!
Карып калган калмактын

Үзүптүрсүң куруну,
Калмак келип турбайбы
Катуу салып суруну.
Ойноп алсаң берегой
Оттук менен бычагын,
Ушу бейилиң бар болсо
Сени ойрон кылып бычамын!
Берегой, Манас балам-дед,
Мен дагы абийир алам» – деп,
Ошпур чал айта салганы,
Одурайып бетине
Манас карап алганы.
«Мен кечээ алдым жаңы
олжо – деп,
Менин бербесимди болжо – деп,
Олжону берип болобу,
Ошентсе Манас оңобу!?
Чал сүйөнөт чалдарга,
Бөлүп берип койгомун
Жанымдагы балдарга.
«Бергин» – десең, Ошпур бай
Калаба салып көрөмүн,
Калмагыңды өлтүрүп,
Кунун байлап беремин!»
Муну айтып жаш Манас
Баянчорго жеткени,
Айбатына тура албай,
Аттана качып кеткени.
Артынан кууп Манасы,
Аттууга жөө жетпеди.
Манаска Ошпур бата албай,
Батынып кебин айта албай,
«Курган кандай бала – деп,
Мени кууратмакка бай Жакып
Берген экен мага – деп,
Бай Жакыпка барайын,
Мунун баянын айтып салайын,
Куу баладан кутулуп,
Анан тынчтык алайын».
Аны ойлонуп Ошпур бай
Бай Жакып көздөй жөнөдү.
Эртеси жок кечинде,
Кечки дигер кезинде
Барды Жакып байына,
Баланын барган жайына,
Бакдөөлөт менен Чыйырды
Амандашты баарына.
«Балаң кандай жүрөт?» – деп,
Байбиче келди жанына.
«Аман-эсен акыр – деп,
Билгенин кылып жатыр – деп,
Өзүңөрдөн кой багып
Мен бир жүргөн бакыр – деп,
Коё берсем оюна
Козу менен коюнду
Түгөткүдөй такыр – деп,
Албасаңар болбос – деп,
Ал коюңдан койбос, – деп,
Көп болсок да койчубуз
Байкап турсам балаңдын
Көңүлүнө толбос – деп.
Айдап коюң бөлдү – деп,
Аз күнү койсоң угасың,
Аксакал Ошпур өлдү!» – деп.
А сөзүн айтып салганы,
Аңдап-билип байбиче
Бай Жакыпка барганы:
«Кутула албай жүрдүңбү
Курган жалгыз баламдан,
Бассам муунум бошонуп,
Балам кетпейт санаамдан!
Кутула албай жүрсүңбү
Көргөн жалгыз караңдан,
Көп чочунам шол жерде
Калмак деген арамдан.
Калмактын калың жеринде,

Алтайдын арбын элинде
Азыр коюң Туушаң тоонун
белинде.
Тентек өскөн балаң бар,
«Телмирип жүрөт бекен?» – деп,
Көңүлүмдө алаң бар.
Алып келгин баламды,
Сактатпаймын талааңды!»
Байбиче сүйлөп салганы,
Байкап туруп бу кепти,
Бай Жакып оюна алганы.
А күнү анда конуптур,
Эртеңки жарык болгону,
Баланын алды кунанын,
Баянын билди булардын.
«Баламды алып келейин,
Байбиченин колуна
Соо-саламат берейин,
Ошпур байым жүргүн» – деп,
Ойду-тоону ойлонуп,
Бай Жакып жолго салыптыр.
Ошо күнү кечинде
Ошпур байдын айылына
Бай Жакып жетип алыптыр.
Атасы Жакып кеп айтып:
«Айланайын каралдым,
Бери келгин –деп, –айтып,
Козу бакпай коюпсуң
Бир айча да болгон жок,
Бир түндө үчтөн союпсуң.
Урупсуң кары калмакты,
Калмак ойлоп кетиптир
Мени бир балаага салмакты!»
Бай Жакып айтып салганы,
Манас угуп алганы:
«Эмне дейсиң, ата?» – деп,
Бала көзүн салганы.
«Корголоп жүрүп күн көрбөй
Коё койсом не болор?!
Качып жүрүп күн көрбөй
Катылышса көрөрмүн,
Каза жетсе Алдадан
Кандай да болсо өлөмүн.
«Калмактан мени кач» – дебей,
Атаке, кайтып өзүң жөнөгүн!»
Анда Жакып кеп айтат:
«Энең алды эсимди,
Баласын малай берди» – деп,
Эл кайтарды десимди.
Эми куру барганда
Энең алар эсимди!»
Бай Жакып турду майышып,
Баласына кайышып.
«Барбаймын!» – деп, айта албай,
Бай Жакып сөзүн кайтарбай
Бармак болду баласы,
Жакыптын тынды санаасы.
Кере күндүк жол эле
Бара турган арасы,
Асты жагын караса
Ак-Өтөктүн талаасы,
Алмалуунун Алты-Суу
Айылынан түшчүлүк
Жылкы жатар жери бу.
Жылкычы башы Ыйманды,
Ак-Өтөктөн көрүптүр
Асман баскан туманды.
«Бул эмине тозоң?!» – деп,
Айран болуп турганы.
Аңдап турса артынан
Жылкычысын токмоктоп,
Алты зубун калмагы
Он чактысы чогулуп
Ортого алып кууганы.
Кулундары куюгуп,
Кунандары жарышып,

Куйругун сыртка салышып,
Аңгилери алышып,
Токтото албай жылкычы
Токмокту жеп калышып.
Жер коруган калмагы,
Жер коруган калмакка
Жетип Жакып барганы:
«Алты зубун нетти? –деп,
Жылкыны кызыл май кылып
Эмине болуп кетти? –деп,
Апырандабай баарыңар
Айтыңарчы кепти?» – деп.
Жакыпты көрүп желгени,
Жылкычысы Ыйманы
Ыйлап жашын тыйбады,
Жанына жакын келгени,
Башы-көзү кан болуп,
Манас турат таң болуп.
Таңыркап Манас турады:
«Кимдин малы бу мал?» – деп,
Бай Жакыптан сурады.
«Калмактар кандай урган? – деп,
Бу жылкы кайда мурун
турган? – деп,
Эмине үчүн калмактар
Бу байкушту урган?» – деп,
Баласы сурай калганы.
Чыдай албай бай Жакып
Чынын айтып салганы:
«Балам, биздин жылкы – деп,
Башы жок мал курусун,
Баштатан мазак кылды – деп,
Алты зубун калмагы
Коруган экен жерин – деп,
Отуз байтал, беш аттан
От майына бердим – деп,
Ошону да азсынып,
Кууп жылкым келди» – деп,
Жакып бай айта салганы.
Жакып байды көргөндө
Жарылдашып калмактар
Курчап келип калганы:
«Тегеректеп турсак – деп,
Тентегирээк сүйлөсө
Бай Жакыпты урсак» – деп.
Кортук башчы кеп айтат:
«Кайнатам калдай! –деп, айтат.
Урмак үчүн камын жеп,
Ачууланды бу Кортук:
«Аминиңе шоодай!» – деп.
Анда Манас сурады:
«Атаке, бул эмине деди?» – деп.
Анда Жакып муну айтат:
«Айланайын балам – деп,
Анын несин сурайсың,
Аябай азап тартууга
Азыр турат бабаң!» деп,
Оозуна Жакып алганы,
Он калмактын бирөөсү
Озунуп келип Жакыпты
Оройго камчы салганы.
Башына камчы чабылды,
Тебетей чаңы кагылды.
Тегеректеп он калмак
Бай Жакыпка жабылды.
Атасын көрүп жаш Манас
Урушмакка камынды.
Жылкычысы Ыйманы
Жаш кайыңдан кыйганы,
Кайыңдан кыйып катырган,
Кабыгы менен жаткырган,
Кара боолук express тактырган
Ыймандын алды колунан,
Бай Жакып үйгө келгенче
Балакет чыккан жолунан,
Качырып кирди жаш Манас

Калмактардын соңунан.
Укуруктун учунан кармап алганы
Калмактын Кортук башчысын
Качырып келип жаш Манас
Как төбөгө салганы.
Укурук тийди башына,
Кан жабылды кашына,
Калмактын мээси агарып,
Кошо кетти, караса,
Укуруктун башына.
Бекем башка чабылды,
Мээ укурукка жабылды,
«Лайламалуу!» – деп,
Калмактар эстен жаңылды.
Аттан түштү албайып,
Жер кучактап далдайып,
Жолдош болгон тогузу
Коркуп турду шалдайып:
«Баласы укурук алды – деп,
Башчы болгон Кортуктун
Башын жарып салды – деп.
Баланы кармап алалык,
Башына шири салалык.
Үйгө алып барып кыйнайлык,
Алты зубун калмактын
Аяк-башын жыйнайлык.
Каңгайга кабар салалык,
Маңгулдун баарын алалык.
Бай Жакыпка түк койбой,
Талап кетип калалык!»
Кармайбыз – деп, камынды,
Карап турган Манаска
Кайгайлашып жабылды.
Укуругу колунда,
Ушунун кара соңуна,
Чилтенден уккан бирлигин,
Көңүлдүн жойду кирлигин:
«Бир кудай өзүң колдо, – деп,
Колдой көр ушу жолдо!» – деп
Кармоого калмак жеткени,
Качырганда каапырга
Карап турбай жаш Манас
Карсылдаша кеткени.
Чапканы түштү чалкадан,
Урганы түштү узундан,
Урушкан менен калмактар
Аман калбас ушундан.
Атасы Жакып айкырып:
«Айланайын, койгун!» – деп,
Арачалап бакырып,
Беш жылкычы, бир бала
Менменсиген калмакты
Беш-алтоон кубалап
Бел ашырды жапырып.
«Бери токто, балам!» – деп,
Бай Жакып барат чакырып.
Аралоого калмакка
Айылына жакын калыптыр,
«Жалгызым эми кантет!» – деп,
Аркасынан баланын
Айгайды Жакып салыптыр.
Атасы үнүн уккан соң
Астындагы сур бышты
Оозун тартып алыптыр,
Атакеси Жакып бай
Артынан келип калыптыр:
«Айланайын каралдым,
Алды-артыңды карагын,
Кызырлуу кыргыз элиң жок,
Азыр, кыйындык кылар эбиң жок!
Түркүстан жайык жериң жок,
Түмөн алаш элиң жок,
Тентектик кылар эбиң жок,
Дегелешип калмакка
Тең айтышар кебиң жок!
Балтыр этиң толо элек,

Балбан чагың боло элек.
Жүрөк этиң толо элек,
Жүткүнөр чагың боло элек.
Карагын айткан сөзүмдү,
Аңдап көрчү, кулунум,
Алды-артында күйөр жок.
Ачып кара көзүңдү
Каңгайдан калың кол келет,
Карып калган чагымда
Кара жанга зор келет.
Алтайдан арбын кол келет,
Аксакал болгон чагымда
Азаптуу жанга зор келет.
Кызыл чоктуу көп ойрот,
Мени кытай кайдан соо коёт.
Кара чоктуу көп ойрот,
Калмак кайдан соо коёт?!
Кара көзүм оёт – дейм,
Карып калган атаңды
Каапырлар кармап соёт – дейм.
Кара жаным саа курман,
Белиме таңуу каралдым,
Сени дагы кокустан
Мерт таптырып коёт – дейм.
Өлбөсөң өчүм аларсың,
Өлүп калсаң, каралдым,
Өксүп жатып каларсың!
Кетпесең кегим аларсың,
Кетип калсаң, кулунум,
Кемип жатып каларсың!
Баштан ары бир салып
Башчысын мурун сойдуң, – деп,
Башкалары не болду,
Балаага мени койдуң – деп,
Чокудан ары бир салып,
Чоңсунганың сойдуң – деп,
Жолдоштору не болду,
Мени жоболоңго койдуң – деп.
Жүргүн кайра жөнөйлү,
Калмактарды көрөлү,
Кантер экен каапырлар,
Кааласа кунун берели».
Бай Жакып кайра бастырды.
Бала Манас кеп айтат:
«Эй, атаке –деп, айтат,
Курулай корктуңдегеле,
Кун дегениңэмине?»
Анда Жакып кеп айтат:
«Кун –деп, санап мал алат,
А малына көнбөсөк
Бу курган кыргыз таланат.
Айыбына санап мал алат,
Айтканына көнбөсөк
Аз кыргыз мында таланат.
Акырында, кулунум,
Өлтүрбөй койбойт өзүңдү,
Ойбой койбойт көзүңдү
Аңдап бил айткан сөзүмдү».
Баласы Манас кеп айтат:
«Эй, атаке, – деп, айтат,
Абалыңда кол салып,
Сизди келип камалап,
Урган калмак турбайбы,
Жалгыз чака бул берсем
Мени кудай урбайбы!
Кылымга малың толуптур,
Эсебин уксам, атаке,
Кырк миң жылкың болуптур,
Жылкычың Ыйман угузду,
Жыйылып турган жеримде
Кулакка сөзүн жугузду.
«Калмак өлүп калды – деп,
Кааласа алар малды» – деп,
Кайрат айтты Ыйманың,
Калмакка кыргын саларда
Кайтарып мени тыйганың,

Ырасын айтсам сөзүм бул –
Ырысымды кыйганың!
Коркуп жүрүп бирөөдөн
Мен короого малды жыйбадым,
Жалынып жүрүп бирөөгө
Мен жайытка малды жыйбадым!
Арбытып айыл жыяйын,
Аманат жанга бир өлүм,
Намыс үчүн кыяйын.
Короого коңшу жыяйын,
Корксо да жанга бир өлүм,
Арбак үчүн кыяйын.
Сенин түбүң кимден болчу – деп,
Түрмөгүн, айтып койчу – деп,
Тегиң кимден болчу – деп,
Терип айтып койчу?!» – деп,
Тегин бала сурады,
Телмирип Жакып турады.
Түбүн бала сурады,
Түнөрүп Жакып турады.
«Оо, балам, уругуң кыргыз-
түрк – деп,
Өкүмөт кылган бабабыз.
Кытайдын журтун сүрүп – деп,
Айрылганбыз эл-журттан
Ар кайсыбыз ар жерде
Аким болуп жүрүп – деп.
Чоң атаң аты Ногой – деп,
Ногой кайдан оңой – деп.
Каратып турган Кашкарды,
Кара-Шаарга жеткенче
Кан атаң Ногой башкарды.
Санатын алган Сар-Колду,
Ага самаган душман сап болду.
Ордо кылган Ополду,
Даңдун тоонун оюна
Далай журтун которду.
Айдап билген Алайды,
Анжиян менен Самаркан,
Алсыраткан далайды.
Соонар көлдү бойлогон,
Балам, бабаң Ногой тушунда
Согушкандар сойлогон.
Лоп жакасын жердеген,
Ойротко намыс бербеген.
Бизди кудай урганда
Эл кадырын биле албай
Эндейиңки турганда
Эсенкандын жарлыгын,
Көрүп калдык ошондо
Бирлигинин барлыгын,
Тартып калдык ошондо
Кытайлардын тарлыгын.
Көрүп калдык ошондо
Башка токтоп турбаган
Дүнүйөнүн карлыгын!
Эсенкандын элинен
Элүү жүз миң кол келди,
Чаап түштү талкалап
Биз караткан көп элди.
Эндекей жатып эзилдик,
Кенебей жатып кесилдик.
Байкабай жатып малындык,
Башыбыз торго чалындык:
«Бар кудай, жанды койгун?! – деп
Жараткан!» – деп, жалындык.
Кыргынды кытай салганы,
Кыргыз урук – түрк оолат
Кыйла жан өлүп калганы.
Кытайдан качып кыйла жая
Балам, Багдатты көздөй барганы
Баштатан минтип чачылып,
Бабаңдын ичте арманы,
Букарабыз бу күндө,
Башты кытай кармады.
Бай деген бир агаң бар,

Ополду жердеп калганы.
Орозду деген агаң бар,
Жайлайт – деп, угам Алайды.
Жакып деген өз атаң,
Жардылыктан, жоктуктан
Мен да көрдүм далайды,
Үсөн аттуу аганды
Үмүтүм андан үзүлдү,
Кытайдын кыям жагында
Даңгирди жердейт шекилдүү
Бери жагында кырк күндүк
Караңгы токой чер бар – дейт,
Ал токойдун ичинде
Аюу, жолборс, кабылан
Албан түрдүү шер бар – дейт.
Андан өтүп барганда
Кайып багып, мал кылган
Канча түрдүү эл бар – дейт.
Байкап турсам не түрлүү.
Барса-келбес жер бар, – дейт
Көп алыс жолго барды – дейт,
Кергөн, уккан эл айтат,
Эл айтканда нени айтат:
«Көрө албайсың!» – деп, айтат.
Үсөн атын жойду – деп,
Аттары бузук алардын
Көзкаман – деп, койду – деп.
Улуу уулу Көкчөкөз,
Угулат мага шондой сөз,
Экинчиси Чагалдай,
Анын элесин калдык таба албай.
Үчүнчүсү Агалдай,
Үшкүрөмүн бара албай.
Төртүнчүсү Дөрбөлдөй,
Анын барган жери бир көрдөй.
Бешинчиси Арбалдай
Бербердигер бир кудай
Бендесин чачат ар кандай.
Алтынчысы Бекебай,
Аларды санап олтурсам
Арман кылам бир далай.
Жетинчиси Токтобай,
Мен алардын жанында
Жеримде жатам жайма-жай.
Ногой деген бабаңдын
Иниси бар эр Шыгай.
Шыгайдын уулу Жапакты
Сары-Кол менен Үч-Артта,
Жатат – деди ушунда.
Жердеген жери Азия,
Сейли-Самин тушунда.
Жатат – деп, угам жан багып,
Жеркен жагы күн батыш
Жамыра тоодо мал багып.
Балам, чачылган сенин тууганың,
Менин чамам кетип турганым,
Капилет жерден эр өлүп
Карыганда менин курганым!»
Кан Жакып айтып болгону ,
Кайышып бала толгонду.
«Кайда кетип калды экен
Бөрү болгон кырк киши,
Кайда экен?» – деп, ойлонду.
«Бекер эмес эле!» – деп,
Бел-белди карап элеңдеп.
Жакыпка жооп айта албай:
«Жаман жерден өлтүрүп,
Иш кылдым – деп, шайтандай!»
Талаага көзүн салганы,
Кызыл байрак көтөргөн
Кырк киши чыга калганы.
Кырк кишини көргөн соң
Каткырыгы баш жарып,
Бала күлүп калганы.
Баласы күлүп турганга
Бай Жакып көзүн салганы:

«Элсиз, күнсүз болдуң – деп,
Не көрүп балам күлдүң? – деп,
Өлтүрүп эрди сойдуң – деп,
Өкүнүчкө мени койдуң!» – деп,
Жакып бай сөзгө алганы.
Жакыпка жооп айтканча
Жабырлашып кырк чилтен
Балага келип калганы.
Атасын бала билбеди,
Адам көзүнө илбеди,
Амандашып сүйлөшүп,
Таанып калган кишини
Таамай көрүп ушуну,
Өлүп жаткан калмактын
Айтты кылган ишини:
«Атама таяк салды –деп,
Айдады кууп малды –деп,
Өзүңдөй кылып мен дагы
Өтүнүп таяк салдым – деп,
Укурук менен бир салсам
Ушинтип өлүп калды – деп,
Атам турат кайгырып,
Акылынан айрылып.
Айттыңар силер: «Алда!» – деп,
Азыр турам бу жерде
Алла болсоң колдо – деп!»
Жаш бала айтып салганы,
«Бери бастыр, балам» – деп,
Кырк чилтен сүйлөп калганы.
«Кайгырбагын өзүң – деп,
Жумгун балам көзүң!» – деп,
Кайберен кырк чилтен
Балага айтып туруптур,
Бала көзүн жумуптур,
Жумган жерде кулагы
Лаилалла иллалла
Келме шахадат угуптур,
Алды-артында караса,
Көз жеткен жердин баарында
Көпкөк темир кийинген
Көп аскер курчап туруптур.
Алтындуу таажы башында
Агала сакал бирөө тур
Аскеринин кашында.
Жумуп турган көзү бар,
Сурай турган Манастын
Чилтендерден сөзү бар.
Чилтендерден кеп сурайт:
«Көк темир кийген көп аскер
Бу кимдики?» – деп, сурайт.
Анда чилтен кеп айтат:
«Аңдатайын – деп, айтат,
Ак буйругу биздики,
Аскердин баары сиздики.
Башыңа дөөлөт конор – деп,
Өлүп жаткан калмактын
Баласы жолдош болор – деп
Бу Манжурия элинен
Сенин башың үчүн келинген.
Жолдош болгон баласы
Манжудан келген эл үчүн
Манжыбек – деп, аталат.
Каратоко калкы бар,
Кайраты толук каркы бар.
Алгын кабар сөзүмдөн,
Атасы өлдү өзүңдөн,
Эртели-кечти эки убак
Баласы чыкпайт сөзүңдөн
Кармаарыңа кол болул,
Казатка чыксаң жол болуп,
Көрөрүңө көз болул,
Көкүрөгүңө эс болуп,
Жоголгон калмак карасы,
Кудаанын күчүн карачы,
Жоролошуп өзүңө,
Жолдош болот баласы.

Жайнаган жылкы мал – деди,
Жайып барып жылкыңды
Айылынын жанына
Азыр бүгүн сал – деди.
Алла Таала өкүмүн
Анан көрүп ал!» – деди.
Жана Манас кеп сурайт,
Жайы-көйүн кеп сурайт:
«Алтын таажы башында,
Аскердин турган кашында
Бу ким деген?» – деп, сурайт.
Аскердин турган кашында,
Азыр он беш жашында,
Акылы болор жай – деди,
Атасы анын – Бай – деди,
Жалпы түрктүн журтунда
Жарыгы тиер ай» – деди.
Аны айтып чилтендер
«Ачкын – деди – көзүңдү!»
Көзүн Манас ачыптыр,
Көрсө, Жакып атасы
Үйүн көздөй качыптыр.
Жылкычы башы Ыйманы
Жылкыны айдап жыйганы.
Кайып болду кырк чилтен,
Караса как талаада,
Кайгырып бала ыйлады,
Кара жашын тыйбады.
Карыптык түшүп башына,
«Атакем кайда кетти? – деп,
Мен ай-талаада неттим? – деп,
Кызыл байрак кырк адам
Кылчайбай кайып болду – деп,
Ээн талаа, эрме чөл
Мени элким кылып койду – деп,
Айдап жылкыны алайын,
Атасынын көрү калмакка
Айдап берип салайын!
Ыйман аба, жүргүн – деп,
Жылкыны айдап түргүн» – деп,
Жылдырып жылкы айдады.
«Калабага саласың
Өлгөн калмак жерине
Өчөшкөндөй барасың,
Өкүмүңө саласың,
Азыр өткүрсүгөн баласың,
Өмөлүп калмак келгенде
Өзүңдү билбей каларсың!»
Айласы жоктон жылкычы,
Айдаган Жакып жылкысы,
Бара турсун ушулар:
«Коруган жери кайда? – деп,
Коркпой ылдам айда! – деп.
Коркурап кыйла жыгылган
Бая кордук көргөн кишилер.
Жер коруган калмактын
Жетиси калган жыгылып,
Алтоо аман калыптыр,
Аттарын кошуп жылкыга,
Ыйманкул айдап алыптыр.
Чамбылала чаң болуп,
Кызылала кан болуп,
Эстерин жыйып элдиреп,
Акылын жыйып алдырап,
«Көк теңири урду!» – деп.
Алды-алдынан балдырап,
Өлүп жаткан Кортукту
Өзүлөрү көрүшүп,
Өткүр Манас баланын
Өкүмүнө көнүшүп,
Көнбөгөндө неткени
Жөөлөп басып жөө болуп
Үй-үйүнө кеткени.
Экөөнүн колу сыныптыр,
Бирөөнүн буту чыгыптыр,
Үчөөнүн башы айрылып,

Үшкүрүшүп кайгырып,
Калмак барсын жайына
Карсыман суунун сайына.
Жылдырып алып жылкы айдап,
Бара турсун жаш Манас
Жылкы салар жайына.
Аны таштап салыңар,
Атакеси Жакыптан
Айтылса кабар алыңар.
Байкуш болуп бүгүлүп,
Баласынан түңүлүп:
«Ажына мойнуна минди – деп,
Манасым болду жинди – деп,
Бакырсам укпайт тилди – деп,
Оюна келген кепти айтып,
Оолуккан бойдон кетти – деп,
Кыйкырып айтсам кылчайбайт,
Жин болбосо нетти?! – деп,
Манжурия калмагын
Башка чаап сойду – деп,
«Балам – десем байкабайт,
Баладан жаным тойду!» – деп,
Барган экен катынга,
Байбиче айран-таң калды
Бай Жакып айткан датына.
«Көз катканда көргөнүм,
Көлөкө жалгыз эрмегим,
Мен шордуула не акыл,
Бербердигер кудурет
Мага бир мээнеттүү бала
бергенин!
Карасын көрбөй баламын
Каңгырып кайда барамын?
Как талаада калуучу
Менин ушу беле талабым?!
Койчу кылып кор кылдың,
Карaанын көргөз баламдын
Жылкың менен жылас бол,
Калабаны салганын,
Калмактын бирөөн өлтүрүп,
Качып келип калганын
Каралдым жинди болду деп»
Кабарды мага салганың!
Өлгөнүн көзүң көрбөйбү,
Өзү жалгыз Алданын
Өкүмүнө көнбөйбү,
Же качырбай кармап көлбейби.
«Каралдың минтип калды» – деп,
Менин как өзүмө бербейби!
Баламды таштап талаага,
Жолугупмун шум башым
Балага мерес балаага!
Өлгөн калмак өлгөндүр,
Өлгөнүн келип көргөндүр,
Калмак өлсө кашайтып,
Менин каралдымды көмгөндүр!
Орой жаш бир баланы
Өмөлсө калмак сойбойбу,
Өксүтүп мени койбойбу!»
Муну айтып Чыйырды,
Муңканып ыйлап чыңырды.
Жакасын айрып тонуну,
Жалдырады, карады
Жакыптын келген жолуну.
Караса бала көрүнбөй,
Байбиче чыкты эринбей.
Кырга чыгып карады,
Кыйла саваа санады.
Кой, байдын атын минейин,
Бастырып жолго кирейин,
Өлдү бекен, тирүүбү
Өзүм барып билейнн.
Аман бекен жалгызым,
Аны барып көрөйүн,
Колунда болсо калмактын
Анын кордугун көрбөй өлөйүн!

Камбарбоздун үйүрүнөн
Кармап минген Бозтайлак,
Бозтайлак атка минейин.
Ботомдун жөнүн билейин.
Атасы айтып келди – деп,
«Ажына, шайтан минди» – деп,
Не болгонун биле албай,
Энтелеп мага келди» – деп,
Байбиче муну ойлонуп,
Баскан бойдон толгонуп,
Бозтайлак чечип алганы,
«Ботом эй, атты чечкен
бу ким?» – деп
Бай Жакып чыга калганы.
«Минесиң кайда
атты? – деп,
Чылбырдан кармай калганы.
Чымырканып Чыйырды,
Чылбырын сууруп алганы:
«Байкуш болгон мен! – деди,
Баладан тойгон сен! – деди,
Өлүүбү-тирүү билбейсиң,
Өчөшкөнсүп балага,
Баланы таштап талаага
Өзүңдөй жүрчү ким дейсиң?!»
Бозтайлак менен болукшуп,
Байбиче чыкты толукшуп,
Бара турсун байбиче,
Аны таштап салыңыз,
Алиги барган баладан
Айтылсын кабар алыңыз.
Айдап жүргөн жылкысы
Коругуна барыптыр,
Козголбой жайып салыптыр.
Кордук көргөн калмактар
Кокуйлап үйгө барыптыр.
Жагалалап буркурап,
Жалпы баары чуркурап,
«Байгурдун кылган кордугу,
Башкача кылган зордугу,
Кыргыздын кылган кордугу,
Кыйын экен зордугу!
Айыл башын өлтүрүп,
Айдап жылкы алуусун,
Корук кылган жерлерге
Мунун кордоп келип салуусун.
Койбойлук тирүү жанын – деп,
Колго тийсе союңар
Жанагы Жакып деген чалын –
деп,
Жалпы алалык малын!» – деп,
Ар тарапка аттанып
Калмактар кабар салыптыр.
Калмактан угуп кабарын
Саламаттын иниси
Сарбан аттуу бир киши
Бай Жакыпка барыптыр:
«Камынып жатат калмак – деп,
Эртең шашке-түш менен
Сизди чаап салмак – деп,
Түрк уругу болгон соң
Типти чыдабадым аңдап!» – деп.
Жакып чыкты тыш жакка,
Жалынып чыкты бир акка:
«Акбалтага айтыңар,
Бердикеге барыңар,
Менден кабар салыңар,
Бекер өлүп калбайлык,
Белендengin баарыңар!
Дамбылдага нетти? – деп,
Карпаңдады бай Жакып:
«Түгөнгүр кайда кетти? – деп,
Түгөнүп калган ушунда
Түбүмө кемпир жетти – деп,
Бозтайлак минип ушунда
Болбой катын кетти – деп.

Өзүм баштап өлсөм да,
Өзү кадыр Алданын
Өкүмүнө көнсөм да,
Мал-мүлкүмдү алса экен,
Балам аман калса экен!
Намыстанып калмактар
Аттанган экен баарысы.
Оңдурбас жумуш болуптур.
Алты зубун журтуна,
Аябай кабар салыптыр.
Менин өлгөнүм болсо көрбөйбү,
Өңкөй кыргыз балдары
Өкүргөнсүп көмбөйбү!
Кеткеним болсо көрбөйбү,
Кеңири түрк балдары
Кейиген болуп көмбөйбү!
Саламат менен Ошпурга,
Салам айткын ошого
Карабек казак бийине,
Казак, кыргыз бир тууган,
Калмак камап жатканда
Кантип жатат үйүндө?
Наймандан жоро баатырга айт,
Шашкеге калбай ылдам кайт.
Коңурат Байбак карыга айт,
Айдаркан деген тың бала,
Как ошого тийип кайт!»
Ушуну айтып Сарбанды,
Ат которуп мингизип,
Айтып сөзүн билгизип,
Бай Жакып жолго салганы.
Ат аябай Сарбаны
Күн чалганда барганы:
«Бай Жакып бай өлдү! – деп,
Малын калмак бөлдү – деп,
Онго жетпей баласы –
Ойрон болгон Манасы
Ошо кошо өлдү! – деп,
Өлгөнүн көзүм көрдү! – деп,
Түрк уругу барсыңбы?!
Баарың дүңкүйүп жатып
алдыңбы?!
Байгур уулу барсыңбы,
Баарың баш көтөрбөй калдыңбы?!
Сарбанбек кабар салыптыр,
Ал кабарды укканда
Казак, кыргыз, кара түрк
Сапырылып калыптыр.
Күлүктү минип тыңданып,
Күрөөкө кийип чыңданып:
«Кызырлуу Жакып бай эле,
Кызматы кетер бөөдө – деп,
Кыжылдаган ит калмак
Кайдан бизден өөдө!» – деп,
Найзанын баары шоодурап,
Азамат көзү жоодурап,
Бел байлаган жигиттен
Беш жүзү чыкты бөлүнүп,
Беш атанын уулунан
Белгилеген байрактан
Беш-алтысы көрүнүп.
Беш-алты жүз кол менен,
Жүрө турсун ушулар
Чынжырдан чыккан жол менен.
Аны таштап салыңыз,
Чыйырдынын кабарын
Не болду угуп алыңыз.
Бозтайлак атты моюндап,
Ыйлап жашын коюндап,
«Жалгызым менин нетти? –деп,
Каралдым кайда кетти? –деп,
Жылкынын салып сүрдөөнө,
Кезикпей жандын бирөөнө,
Байбиче жолго чыгыптыр,
Жылкыга жакын келгенде
Баласы чыгып калыптыр.

«Энеке сага не болду,
Эсиң кайда жоголду?
Элким жолго түшүпсүз,
Ыйлагандай түрүң бар,
Эки көзүң шишипсиз.
Бозтайлак минип алыпсыз
Болжолсуз келип калыпсыз.
Кандай келдиң өзүңүз,
Кыйкыргандай сөзүңүз,
Жаш ордуна кан агып
Ыйлаганга окшоп көзүңүз.
Атамдын атын минипсиз,
Ашыгып жолго кирипсиз,
Айтчы, энеке, сырыңды,
Сиз бир немени билипсиз!»
Бала сурап калганы,
Байбиче сөзүн салганы:
«Атаң барды акырып,
Айгай салып бакырып,
«Жылкымды калмак бөлдү – деп,
Жер коруган калмактан
Жети, алтысы өлдү – деп,
Өлгөнүн көзүм көрдү – деп,
Беш жылкычы, бир балаң
Калмакты сүрүп бөлдү, – деп,
Токтоттум – деп, – аларды.
Кудай билет алардан
Бирөө тирүү каларды.
Кайра тартып карасам
Алты-Өзөндүн Ак-Түзгө
Калмактан өлүк толду – деп,
Кандайлыгын билбедим,
Балам жинди болду – деп,
Кыйкырсам укпай койду – деп,
Кызык жинди болду – деп,
Жүр – десем болбой койду – деп,
Жүйө жок жинди болду» – деп,
Түңүлүп сенден калыптыр,
Түнөрүп атаң барыптыр,
Айласыз жинди болду – деп,
Аңдабай кепти койду» – деп,
Эси чыгып калмактан
Элиргенин билбедим,
Же коркуп калып калмактан
Коруганын билбедим.
Же койбой турган балакет
Тооруганын билбедим.
Атаңдын сөзү ушу – деп,
Аның үчүн энекең
Ашыгып келген тушу» – деп,
Энеси айтып сөздөдү,
Сөзүнө бала көздөдү.
«Аманыңда кетели,
Ай-талааны нетели!»
Энеси айтып салганы,
Жылкычысы Ыйманды
Эсине бала алганы.
«Кайда кеттиң, Ыйман?!» – деп,
Кырга чыгып жаш бала,
Кырга чыгып кыйкырды.
Кыйкырыгын укканы,
Жылкынын бир жак четинен
«Мен мында!» – деп, чыкканы.
«Өңгөлөрүң кайда? – деп,
Өзөнгө жылкыңды айда – деп,
Өмөлүп калмак кол келсе
Өз жаныңды жайла – деп,
Калмак келип калар – деп,
Каалаcа жылкыны алар – деп,
Жолдошторуңду алгын – деп,
Бешөөң болуп алыңар,
Бекке боюң салыңар.
Санаты канча мага айтчы
Айдаган жылкы малыңар?
Кажылдаган калмакка
Урушкан менен шо жерде

Түк келе албас алыңар».
Манас айтып турганы,
Жылкычысы Ыйманы
Манаска моюн бурганы:
«Сегиз миң беш жүз
жылкы» – деп,
Санатын айтып турганы,
«Алса баарын алар – деп,
Алган менен жылкымды
Азапка өзү калар – деп,
Жүр кетели, энем» – деп,
Ээрчитип алып энесин
Эркексип жолго салыптыр,
Баласынын артынан
Байбиче жүрүп калыптыр.
Эртеси жок кечинде,
Күн батар маал кезинде
Баягы өлгөн калмагы,
Калмактын сөөгүн алганы
Жетелеп алып бир атан,
Жети калмак барганы.
Байбиче, бала жолунан
Калмактар чыгып калганы.
Кайдан жүргөн катын? – деп,
Калмактар көзүн салганы.
Тарбын деген бир калмак
Тааныган экен баланы:
«Так ушул бала жуткан!» – деп,
Алтоону айтып салганы.
«Андай болсо нетели,
Муну айдап алып кетели.
Энеси экөөн алпарып,
Эмгекке тирүү салалы.
Эми көкө теңир бериптир
Көөп жүргөн баланы.
Көргөн жерден жибербей,
Байлап алып баралы
Эр өлтүргөн баланы,
Энесин кошуп алалы!»
Бирөө төөдө калганы,
Алтоо барды ат коюп,
Ат койсо да бат коюп.
Балага жакын барганы:
«Баламды алат экен!» – деп,
Байбиче ыйлап зарлады.
«Көз катканда көргөнүм,
Көрүнгөн жалгыз эрмегим,
Карыганда көргөнүм,
Каралды жалгыз эрмегим
Билдиң бекен, каралдым,
Бизди кармап кетүүгө
Калмактардын келгенин?!»
«Калмак келсе нетер, – деп,
Кайгырбачы, энеке,
Алты киши турбайбы,
Алы кантип жетер – деп,
Алтымышы келсе да
Алдырып ийсем бекер» – деп.
Алтоо келип аларды
Арага алып турганы,
Ат чылбырдан алууга
Бирөө колун сунганы.
«Колуңду сунба, каапыр – деп,
Кой, өлөсүң акыр! – деп,
Тартты Манас чылбырды.
Энекеси Чыйырды:
«Не болом?!» – деп, чыңырды.
Жана болбой жандырып
Калмак колду салганы,
Жаалданып эр Манас
Далысынан кармады.
Көтөрүп колго турганы,
Көз алдында Тарбынды
Бирин бири менен урганы.
Тарбынга катуу тийгени,
«Лайламалуу!» – деп,

Өлүм тонун кийгени.
Анысы да өлгөнү,
Өлгөнүн анык көргөнү.
Катыла албай балага
Калганы качып жөнөдү.
Азабын артык тартышып,
Берки калган беш калмак
Эки өлүктү төөгө артышып:
«Бу бурут кандай бала?! – деп,
Жок белем буга дабаа – деп,
Бир кишинин үстүнө
Жана бир киши өлтүрүп
Кетишине кара!» – деп,
Калмактар кайра кайтышты,
Кажылдашып барышып,
Көргөндөрүн айтышты.
Энеси менен баласы
Кайтып үйгө барганы,
Бай Жакып көрүп баланы
Бакырыгын салганы:
«Эсен, тирүү келдиңби?!
Эс акылдан тандым – деп,
Эртеден сенден түңүлүп,
Не кайгыга калдым – деп,
Энең экөөң келген соң
Эсимди жыйып алдым – деп,
Не кылар экен калмак – деп,
Эсим чыгып, туш-тушка
Элге кабар салдым!» – деп,
Бай Жакып айтып салганы.
Бай Жакыпка байбиче
Баласы кылган жумушун,
Ара жолдон калмактын
Алеңгир кылган урушун,
Атынан жулкуп бөлгөнүн,
«Тарбынга тийип тарбайып,
Өлдү бирөө далбайып,
Өзгөлөрү катылбай,
Кетти – деди – шалдайып».
Бай Жакып анда барк этип,
Ачууланып карк этип,
«Кызы талак калмактар
Кызыккан экен мага –деп,
Кыргыз дагы кыйла журт,
Кырылышып көрөйүн,
Кырк миң жылкым бар экен,
Кылым түрк журтунун
Кызматына бөлөйүн!
Аркы атам аты Туран – деп,
Намыстанса калмактар
Ак жазганын көрөм – деп,
Калмак курсун, калар – деп,
Мыктаганда мындагы
Сегиз миң жылкыны алар – деп,
Өчүрүп өчүн жибербес
Өзү жүрсө, балам – деп,
Өчүмдү кийин алар» – деп,
Бай Жакып кылды кайратты,
Байбиче көзүн жайнатты.
Байкап турат бай Жакып
Баласынын айбатын:
Өлгөндү албайт эсине,
Өртү күйүп көзүндө,
Эр өлтүрдүм бүгүн – деп,
Эгер албайт эсине.
Эрикпей кулак салыңар
Эки эрин бирдей өлтүргөн
Калмактардын сөзүнө.
Жеке Кортук өлдү – деп,
Жети жүз калмак жыйыптыр,
Жергесинин баарысын
Канды булоон кылыптыр.
Калмак конуп калыптыр,
Зубун-зубун калмактар
Эр өлгөн айылга барыптыр,
Канча малын кырышып,

Канды булоон кылышып:
«Түгөтүп түрктү салабыз,
Түк койбой талап алабыз!
Кайда анын айылы? – деп,
Каңгыраган бу түрк
Кайсы жактан келди? – деп,
Бай болуптур мында – деп,
Бай экен – деп, – Жакыпка
Мамырчылык кылба – деп,
Жер талашып, эр өлгөн
Акылмандар сында! – деп,
Кунду кандай кылабыз,
Буга куугунду кандай салабыз?
Айыпты кандай алабыз,
Айып алдык – деп тим болбой
Азапка кандай салабыз?
Бай Жакып менен баласын
Бирө .н жутуп албасак
Адам болбой калабыз!»
Бу сөздү айтып салганы.
Куптан маал болгондо
Кужулдашып чуркурап,
Катындары чыркырап:
«Баягы Манас тутуптур,
Барган жети кишинин
Дагы бирөөн жутуптур!
Өлүгүн жүктөп алыптыр,
Өзгөсү келип калыптыр.
Жолдон ага жолугуп,
Жоболоңду салыптыр.
Качырса койбос какай го
Дагы бирди чалыптыр,
Каршы чыгып, кармайм – деп,
Булардын кадеми катып
калыптыр!»
Колго келген калмакка,
Койбой Жакып элинен
Коңшусун талап алмакка,
Кобурашып баягы
Конок болгон калмакка,
Акылдашып олтурат
Аскерге келген калмакка,
Аламан коюп таң эртең
Аралдагы Жакыптын
Айылын талап алмакка
Кеңешип кебин бүтүрүп,
Жарык болду, таң сүрүп.
Жебелерин асынып,
Жергелешип бастырып,
Колокторун асынып,
Кылкылдашып бастырып.
Милтелерин чоктошуп,
Жүз, элүүдөн топтошуп
Калмактар жолго салганы,
Кайыңдуунун өзөндө
Кайнап жаткан жылкынын
Караанын көрүп алганы.
«Бу да Жакып малы – деп,
Буйрук бизге баары – деп,
Чабуул коюп калганы,
Эки миңден, бир миңден
Эңшерип тийип айдады.
Колду көрүп шекинип,
Жылкычысы Ыйманкул
Жылгага кирди бекинип.
Каңгайлап калмак тийишти,
Кара жагал тондорун
Сыртынан баса кийишти.
«Манжуулук бизден эр өлдү,
Алтайлык сага не болду?!
Көңтөрүп баарын аларсың,
Көңүлүңө карасак
Көзүңө илбей барасың!
Эрин өлгөн менден, – деп,
Эмнең чыкты сенден?! – деп,
Алтайлыктын калмагы

Насиби айдап келген – деп,
Бай Жакыптын малы – деп,
Өлгөн калмак манжуулук,
Өзүбүз олжо алсак – деп,
Жаман атты жазыгын
Бизге коюп салсак – деп,
Бай Жакыптын жылкысын
Баарын тийип алсак – деп,
Аз болгондо сегиз миң,
Алып кетсек баарысын,
Азабынын баарысын
Манжууга коюп салсак, – деп,
Байдасын көрүп алсак – деп,
Акылыңар ушу – деп,
Мындагынын баарысын
«Адамбы?!» – деп, – ойлойсуң,
Же айткан тилге болбойсуң,
Алтайдан келген калмактар
Өкүмдүгүң койбойсуң
Мындагынын баарысын
Өлүк ко – деп, ойлойсуң!
Бай Жакыптын жылкысын
Баарын алсаң тойбойсуң!
Байкасаңар болбойбу,
Ээсиз калган бу малдан
Эки миң алган тойбойбу.
Эптүү алсаң болбойбу!»
Аны айтып акырып,
Айыл башы Атакул:
«Манжуулуктар өлдүңбү?!
Мобуларды көрдүңбү?
Бай Жакыптын жылкысын
Баарын айдап бердиңби?!
Элинен азган бир түрк
Эртең өчүн албайбы,
Эңсеңер катып калбайбы!
Жанына батса Жакып бай
Алы келбей калса да,
Арызга бир күн барбайбы,
Азапка бизди салбайбы,
«Эки эрге кун – десе,
Алар акың бул» – десе
Артык алган жылкынын
Азабы бизге калбайбы.
«Кунуңду качан алдык?» – деп,
Алтайдан келген калмактар
Куйругун сыртка салбайбы!»
Дөгөн деген башчысы,
Эки жүз элүү түтүндүн
Эл бийлеген жакшысы,
Үч жүздөй экен жасоосу,
Жакып байдын жылкысы
Укурук, жүгөн тийбеген
Үркүп жүрөт азоосу.
Дөгөн келди бакырып,
Жылкыны кайра жапырып.
Алтайлык келди акырып,
Домабил деген башчысы
«Токтотпо!» – деп, бакырып.
«Айып алгандыкы – деп,
Атасынын көрү кыргыздын,
Алгандын кетем баарын жеп!
Кун куугандыкы! – деп,
Куруп калсын кыргыздар,
Куугандын кетем баарын жеп!
Өлгөн манжуу өзүң – деп,
«Өлгөнүмө кун ал!» – деп,
Кечээ күнү биздерге
Не үчүн айткан сөзүң? – деп,
Ат арытып, тон тозуп,
Алыстан келдик мында – деп,
Чакырып алып биздерди
Бекер ишти кылба – деп,
Жакып кыргыз – бурут – деп,
Кайда жүрөт жылкыны
Талаша турган журт?! – деп,

Кайра жылкы тозосуң
Өзүңдүн напсиң куруп!» – деп.
Домабили күүлөнүп,
Дөгөндү көздөй сүйлөнүп:
«Өлгөн манжуу сен – деди,
Өч алууга түрктөн
Өтүнүп келген мен – деди.
Өзүң мени чакырып,
Өкүмсүнбө сен – деди,
Чакырганың чын болсо
Чыгымымды бер – деди,
Ат арытып, тон тозуп
Азап кылдың сен!» – деди.
Аны укканда Дөгөндүн
Абыдан ачуу келгени,
Абсап жагын көргөзүп:
«Ал мунумду сен!» –деди.
«Көргөзөт мага көтүн – деп,
Жарайын кулдун өтүн!» – деп,
Атына камчы салганы,
Качырып барып Дөгөнгө
Айбалта шилтеп калганы.
Айбалта менен бирди жеп,
«Атаңдын көрү Алтай!» – деп,
Дөгөн айгай салганы.
Манжуулук кирди бакырып,
«Кайдасың!» – деп, бир бирин,
Алтайлыкты жапырып.
Алар төрт жүз, бул үч жүз,
Чабышкан жери керме түз.
Айбалта башка шака-шак,
Чоюнбаш башка чака-чак!
Найзаны төшкө мылгытып,
Манжуулуктун кыйласын
Айылын көздөй дыргытып,
Домабил баштап эрлери
Токтотпой сүрүп келгени.
Кас чыкты калмак өзүнөн,
Кара учуптур көзүнөн,
Каарлуу айткан кадимки
Домабил жайсаң сөзүнөн:
«Кыс талакты кырыңар,
Кызыл кыргын кылыңар,
Кыз, катынын олжолоп,
Андан кийин тыныңар!»
Аны айтып Домабил,
Айгайды бийик салганы.
Манжуулук качып баарысы,
Дөгөн баштап карысы
Айылга жакын барышты.
Айылынан Алтайдан
Жана эки жүз барыптыр,
Кечээ күнү угушкан,
Кун алууга чыгышкан.
Жер жайнаган мол болуп,
Алтайлыктан келгени
Сегиз жүз аскер кол болуп,
Башчысы ким? – деп, сурасаң
Эр Домабил зор болуп,
Тура албады бетине,
Манжуулук качып камалды
Айылынын четине.
Катын, кызын олжолоп,
Айдап алып кетмекке
Алтайлыктын нээтинде
Чагалалап баарысы
Камалган айыл четине.
Мылтыктарын октошуп,
Милтелерин чоктошуп,
Калмак деген санталак,
Эки бети канталап,
Манжуулуктун баарысы
Эси чыгып анталап:
«Өлөбүз!» – деп, өкүрүп,
Өткөн ишке өкүнүп,
Үйүн кармап чеп кылып,

Арбып кетип алтайлык,
«Айрылдык кара жандан!» – деп,
Аманат жандан шек кылып.
Камалышып калышып,
Катын, кызы баарысы
Канжар, бычак алышып,
Баканын алып сүйрөшүп,
Балдыр-салдыр сүйлөшүп,
Кара жанын калкалап
Качары жок аркалап,
Барары жок мааналап
Кеп айталбай дааналап,
Уруша турсун ушулар
Түн боюнча кол жүрүп,
Ат аябай жол жүрүп
Түрктөн келген кишилер
Жакын келип калыптыр.
Мынча аскер келдик – деп,
Жакыпка кабар салыптыр.
Таң атканда бай Жакып,
Бай Жакып болуп башында,
Балта чалы кашында,
Алтымыш киши аттанып,
Аксакал Жакып шаттанып,
Бармак болуп жылкыга
Бай Жакып жолго салганы,
«Барам ата, мен да!» – деп,
Ак сур бышты токунуп,
Манас да жөнөп калганы.
Жылкыны салган жерине,
Жыйылган калмак элине
Бай Жакып көзүн салганы:
«Аман экен малым – деп,
Арбын калмак кол экен,
Аламандап ат койсо
Азыр келбес алым!» – деп,
Карaанын көрүп камалып,
Бараанын көрүп байланып,
Титине албай көпчүлүк
Сийдиги булут айланып,
Бадалдуунун оюна
Бай Жакып токтой калганы.
Өлгөн Кортук баласы,
Өздөрүнө белгилүү
Акылынын даанасы,
Аты Шакум бу бала,
Акылы даана куу бала:
«Өз кордугун көргөнчө,
Жат кордугун көрөйүн,
Бакылга башым бийлетпей,
Март кордугун көрөйүн,
Барып алып бу көрө
Жакыпка кабар берейин,
Жайымды айтып салайын.
Жакып байга барайын,
Жанында болсо баласы,
Жаңы өспүрүм Манасы
Жайы-көйүн көрөйүн!»
Муну ойлонуп бу бала,
Мурунтан Шакум куу бала
Уруштан чыгып бөлүнүп,
Астындагы Куучабдар
Учкан куштай көрүнүп,
Бала Шакум барганы.
Бай Жакыпты көргөндө
Көздүн жашы төгүлүп,
Түшүп аттан, баш уруп:
«Алтайлык түпкө жетти – деп,
Айылымды талап кетти! – деп,
Аксакал Жакып баатыр, – деп,
Алтайлыктан кол келип
Айылымды талап жатыр – деп,
Аман койбойт бир жанды
Ажылдаган каапыр – деп,
Атам өлдү сиздерден,
Манжуудан келген аз айыл

Асты аргабыз калбады
Бөлөктөн жардам издээрден.
Кыргыздан келген сиз элең,
Кытайдан келген биз элек.
Кырганы жатат алтайлык,
Кыйлабыз өлүп тамтайдык.
Жайытта жаткан малыңды
Жалгызын койбой айдады,
«Артык алба малын» – деп,
Айтып шорум кайнады.
«Аяйсың – деп, бурутту»,
Айылымды кырып курутту
Үйдү кармап чеп кылып,
Үлкөн улук кеп кылып,
Өлчөп турбуз өзүбүз
«Өлөбүз!» – деп, шек кылып,
Койчу, Жакып атаке,
Корооңо барып коноюн,
Коңшулаш тууган болоюн,
Кокус өлгөн атама
Козуңду да албай коёюн!
Айылыңа барып коноюн,
Аралаш тууган болоюн,
Ажалдан өлгөн атама
Албастан кунум коёюн!»
Шакум бала бу кепти
Жакыпка айтып салганы.
Чынжырга салган жол менен,
Камбардын уулу Айдаркан
Карк алты жүз кол менен,
Байрактары делбиреп,
Кайкандан чыга калганы.
Аны көрүп бай Жакып
«Бачым жүрө көргүн!» – деп,
Айгайды азыр салганы.
Аны көрүп алар да
Ат коюп жүрүп калганы.
Бай Жакып да бакырып,
«Бат жүргүн!» – деп, чакырып,
Байрактын башын жапырып,
Бай Жакып атка миниптир,
«Булар марашып аткан
экен!» – деп,
Бачымдашып тепеңдеп,
Алар келип калганы.
Аркасынан Жакыптын
Андан-мындан жыйылган
Отуз киши барыптыр,
Антип-минтип чогулуп
Жети жүз сексен кол болду.
Ошол колдун ичинде
Ортоктош болгон нойгут бар.
Кызыр чалган Жакыптын
Кызматын көргөн кыргыз бар.
Аркасы тийген найман бар,
Коңшулаш жүргөн коңурат,
Үйүрлөш жүргөн үйшүн бар.
Аралашкан алчын бар,
Аргындан Каракожо бар,
Ата уулудан кошо бар.
Анда Жакып бай айтат:
«Өлгөн киши өзүмкү,
Бу өзгө калмак не кылат?
«Өлгөндүн кунун албайт» – деп,
Өчөшүп мынча не кырат?!
Талган калмак өзүмкү,
Талаада калмак не кылат?
«Талгандын айыбын
албайт» – деп,
Талкалап муну не кырат?!
Атасы өлгөн бу бала
Алды менин тынчымды
Аягымды кучактап,
«Айрып койгун, ата!» – деп,
Агып жашы бурчактап.
Зарлап карап турат – деп,

Талабына жеткирбей
Талатып ийсек уят – деп,
Кыйналып бала турат – деп,
Кыз ыталак алтайга
Кырдырып ийсек уят – деп.
Олжолотсок окус – деп,
Таңда күнү бизди да
Талкалап кетер кокус – деп.
Аламан коюп калыңар,
Атышкансып барыңар,
Айрып муну алыңар!
Арадаш тууган болом – дейт,
Айылыңа келип коном – дейт,
Аңдаңарчы балдар?!» – деп,
Бай Жакып айтып салганы,
«Атасынын көрү калмак!» – деп,
Айдаркан сүйлөп калганы.
«Муну айырбайт деген
эмне!» – деп
Манас айтып калганы.
Оңдошуп атын минишип,
Жарашып жарак кийишип,
Урушмак болду калмакка.
«Урушсак ушуну алабыз,
Ураанды ким – деп, салабыз?»
Көпчүлүк сурап калганы,
Көргүн Манас баланы:
Көк найза колго алганы,
Астындагы сур кунан
Атына камчы салганы,
Башка сөзгө карабай,
«Манастап» ураан салганы,
«Манас, Манас, Манас!» – деп,
Ошо жерде баатырың
Чабуул коюп калганы.
Баары бирдей бакырып,
Кылкандай найза жапырып,
Башка сөз келбей оозуна,
«Манастап» ураан чакырып,
Ак асаба, кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу,
Көк асаба, кызыл туу,
Көк жаңырган улуу чуу.
Мылтыктарын сундуруп,
Айгай кулак тундуруп,
Калмакка найза сундуруп,
Желегин желге жапырып,
Тозоңду тоодой сапырып,
Домабил шорун катырып,
Кыйкыйлап кирип калганы,
Кыргынды кыйла салганы.
Айбатына туралбай
Ат соорусун салганы,
Аземилге бет алып
Ат коюп качып калганы.
Аламандап жети миң,
Бирөөн жанчты экинин,
Үчөө өлдү жетинин
Аламанды улуу түрк
Коюп кетип баратат,
Айбалталап чокусун
Оюп кетип баратат,
Алты-бештен ар жерге
Союп кетип баратат.
Чакыр-чукур чаң кылып,
Керме өтөктү кан кылып,
Өлтүргөнүн сан кылып,
Керменин Кара-Белине
Кирип кетип баратат,
Сазайларын калмактын
Берип кетип баратат.
Сакал менен мурутун
Санап казак, кыргызың
Терип кетип баратат.
Өйдө салып калмактар
Өрүп кетип баратат,

Көрбөгөндү алтайлык
Көрүп кетип баратат.
Астында Манас жаш бала
Баштап кетип баратат,
Карагай найза сүңгүнү
Калмактардын жонуна
Аштап кетип баратат.
Кара жанын жаш Манас
Карыштап кетип баратат,
Астындагы ак сур ат
Арыштап кетип баратат,
Алтайлык качып ар жакка
Жапыстап кетип баратат.
Сегиз жүз келген алтайлык,
Төрөсү өлүп Домабил,
Төрт жүз он үч кишиси
Төгүлүп каны далдайды.
Түштүк жерге сүрүптүр,
Түшүргөндүн баарысын
Этегин башка түрүптүр.
Эсеп жок өлүп бүлүптүр,
«Эми оңбойбуз мындан!» – деп
Эстүүлөрү билиптир.
Асты качып үркүшүп,
Алтайды ашып дүргүшүп,
Калганынын кыйласы
Камбылга качып кириптир.
Жалгызынын артынан,
Баласынын дартынан
Туучунакты моюндап,
Туулгасын коюндап,
Бай Жакып барат бакырып,
«Балам, бери токто!» – деп,
Байрак булгап чакырып.
«Асый эмес, бышты – деп,
Астына элдин түштү – деп,
Чарчабаган бу доңуз
Кандай жылкы күчтүү!?» – деп,
Бай Жакып атын каргады,
Айрыштын Сары-Кайкаңдан
Баласын жетип кармады.
Манас токтоп калган соң,
Андан ары кубалап
Алтайга киши барбады.
«Кут болсун, Манас
төрөм!» – деп,
Кортуктун уулу барганы,
Кубанып Жакып атасы,
Кайра тартып калганы,
Баягы калмактардын тон тоноо
Кара журт талап алганы.
Алтайлыктын калмагы
«Ажыдаар чыкты – деп,
Аты Манас мыкты! – деп,
Эсенканга неткен – деп,
Эмдигиче соо коюп,
Эси кайда кеткен?» – деп,
Жаң-жуңуна жарылдап,
Калдайына каңкуулап,
Доотайына добурап,
Дуу-дуга арзын беришип,
Кыйратмак болдук аны – деп,
Кытайга айтып келишип
Жата турсун жайында.
Жазып, окуган молдолор
Муну жакшылап байка оюңда.
Айрып манжуу калмагын,
Аты-тонун олжолоп
Айылына барганын.
Кыргынды кыйла салыптыр,
Манжуудан барган калмактан
Кырк төртү өлүп калыптыр.
Өлүгүн жыйнап алышты,
Өкүрүп ыйлап калышты.
«Өкүрбөңөр ыйлап» – деп,
Калганынын баарына

Кайрат айтып салышты,
Казак, кыргыз барышты.
«Журт бололук сизге – деп,
Өлгөн жанды тиргиздиң,
Тууган болгун бизге – деп,
Ырайыңар артыкча
Көрүнөт жакшы көзгө – деп,
Ынаныңар сөзгө – деп,
Душман болдук сиздерден,
Ишенбейт бизге өзгө!» – деп.
Калмактардын карысы
Кары Жакып байынын
Кашына келди баарысы.
«Өлүктү кандай кылсак?» – деп,
Акылдашты баарысы.
Бала Манас кеп айтат:
«Баарыңарга эп болсо,
Мен бийлеген кеп болсо
Бизди тууган көр – деди,
Жерди казып, өлүктү
Баарын бирдей көм» – деди.
«Макул болот акыр» – деп,
Жерди терең оюшту,
Өлүгүн көөмп коюшту.
Өңкөй баары мусулман
Айылына тарап конушту.
Жылкычысын чакырып
Бай Жакып кашына алганы:
«Кары-куру бээден,
Как баш болгон аттардан
Төрт жүзүн айдап кел – деди.
Атасы өлгөн балага,
Арада өлгөн калмакка,
Аларга бөлүп бер!» – деди.
Бергенин бөлүп алышты,
Береке таап калышты.
Жана Жакып жылкыдан
Жыйырма үч жылкы алпарып,
Жыйынга союп салышты,
Казак, кыргыз, калмагы
Жыргап жатып калганы.
Манжуудан келген журт үчүн
Атасы өлгөн баланы
Бий көтөрүп алганы,
Каратоко Мажик – деп,
Кабары кийин калганы.
Как өзүнө эл кылды,
Алашка тууган болдук – деп,
Айкалышып калганы.
Камданбай Жакып калбады,
Казак, кыргыз баарына:
Баягы Дөгөн карыга:
«Алсаң менде мал – деди,
Ар түлүгүм бар – деди,
Алтын менен зар – деди,
Барымды менден ал – деди,
Бирок балама көзүң сал!» – деди.
Аскерге келген адамды
«Айылга жүр!» – деп, аларды
Баштап Жакып барганы
Бая бий көтөргөн баланы,
Бирин койбой жүргүн – деп,
Баштап алып бай Жакып,
«Баш көтөрбөй калбайын
Байкай албай тим жатып!»
Муну ойлонуп бай Жакып,
Айылына барганы.
Жетимиш үйлүү тууганы
Бүгүн жети жүз колду кондурду,
Жеп-ичкен жактан болтурду.
Эртесинде шашкеде
Элдин баарын жыйнатып:
«Ата уулудан аксакал
Ат минсеңер жол!» – деди,
Аягынын баарына
Аруу жакшы тон берди.

«Аттаныңар, кайтыңар,
Аман-эсен бол!» – деди.
Ата уулулар ат алып,
Аяк жагы тон алып,
Ар тарапка жол салып,
Аскер кайтып кеткени.
Алты ай өтүп арадан
Жана жазга жеткени,
Баягы Манас баланын
Дагы көргүн неткенин.
Ушу күндө Манастын
Он бирге жашы жетиптир,
«Жылкынын туур маалы – деп,
Барып көрөм аны!» – деп,
Айбанбоз минип алганы,
Төрт асый болгон мал экен,
Төөдөй шаңы бар экен.
Атка минип аргытып,
Айбанбоз менен каргытып,
Балалыктан эригип,
Бара жатыр желигип.
Жолдо жаткан, топтогон,
Жол боюнда оттогон,
Эн тамгасы бир башка,
Өз жылкысы окшобойт,
Өңкөй баары сур кашка,
Миңге жакын карааны,
Билейин – деп, жаш бала
Аралап жетип барганы.
Көрө салып тааныды:
Бая төрт бала турушуп,
Төбөлөшүп урушуп,
Козу союп кондурган,
Коногун кылып оңдурган,
Аксакалы Айнакул,
Анын экөөн таап алганы:
«Экө .ң .р бери жүргүн» – деп,
Ээрчитип жолго салганы.
Амандыгын сурашып,
Ат жарышып чурашып,
Бай Жакыптын жылкысын
Бараанын көрүп бек айтып:
«Айдаңар бери жылкыңды
Мага жакын!» – деп, айтып,
Барды Манас кошуна,
Жылкычынын кашына.
Жылкычыдан сураса:
«Субайды сыртка салдык – деп,
Тубары жыйырма миң экен,
Түзгө келип калдык» – деп,
Манаска айтты баянын.
Жыйырма эки экен жылкычы,
Жыйып баарын алганы,
Кысыр эмди тайлардан
Үчтү союп салганы,
«Үзүрүн көргүн сиздер!» – деп,
Коштоп майын агызып,
Жылкычынын бириндей
Кошо жатып алганы.
Кошту тигип жанаша,
Кылганынын баарысы
Оюн-күлкү тамаша.
Бетегесин жулдуруп,
Белгини жерге урдуруп,
Беш чүкөнү бир – дешип,
Белсенип ордо кир – дешип,
Сызып алып сызыкты,
Кыйлача кылып кызыкты,
Жерди чийип салышып,
Желпинишип алышып,
Жер жайнаган жылкы бар,
Күндүгүнө бир тайдан
Кармап келип союшуп,
Карап турса мүнөзү
Кан заададай болушуп,
Жалпак жыгач чаптырып,

Чараларын оюшуп,
Бир жагына бир тогуз,
Бир жагына бир тогуз,
Үй чыгарып коюшуп,
Ою менен олтуруп,
Ташын салып толтуруп,
Тогуз коргол ойгону,
Ордо, тогуз коргол – деп,
Жаш Манас кылып койгону.
Баштаптыр Манас ордону,
Ордо деген оюнду
Бизге мурас койгону.
Тогуздан коргол салганы,
Бу Манастан калганы.
Алла билет бул сөздүн
Чыны менен жалганын.
Жол боюнда ордосу,
Атып жаткан ордону
Отуз эки жолдошу.
Он алтысы бир тарап,
Жана он алтысы бир тарап,
Ордого кызып анталап.
Жарымы калмак, жарымы сарт,
Алты кытай санталак,
Аны таштап салыңар,
Ары түбү чоң Бээжин
Андан кабар алыңар.
Баш карматкан канча жан,
Бадышасы экен Эсенкан.
Жаң-жуңдан жайын угуптур,
Калдайдан кабар угуптур,
Кан да болсо Эсенкан
Кайгыланып туруптур:
«Аты Жакып, түрк – деп,
Ааламдан ашкан бай экен
Алтай жакта жүрүп – деп,
Жери Шыйкуу, Соошанда,
Калаасы Кара-Шаар болуп,
Жердеген экен ошондо.
Байлыгына мактанса
Жеткирбейт экен көп жанга.
Мурунтадан бу Жакып
Бурут окшойт куу Жакып.
Жеркен, Котон куюшу,
Сонор-Көл экен турушу.
Алтай тооно келиптир,
Мал-дүнүйө жагынан
Бүткөн экен жумушу.
Элүүгө жашы келгенче
Эч бала көрбөй туруптур,
Баласы жок, малы көп,
Байкуш болуп куруптур.
Алты жыл болду нак быйыл
Баркыраган ыйлаган
Баланын үнүн угуптур.
Баланы жерден алганда
Бар жандын эси чыгыптыр.
Бери болсо тоюна
Беш жүз бээ союптур,
Ар жагы түрктү чакырып,
Атын Манас коюптур.
Аркы уругу түрк – дейт,
Акылмандар баары айтат:
«Ааламга салат түлүк! – дейт,
Чоң Бээжинге ок атар
Чоңойгондо жүрүп!»– дейт.
Берки урааны алаш – деп,
Ат берилди Манас! – деп,
Акылыңа тундуруп
Аңдай турган бу бир кеп!
Орто Азия мурут – деп,
Көптүгү кара курт – деп,
Орто Азия түрк – деп,
Ойрон кылар жүрүп!» – деп,
Ою терең аярлар
Олордо бай мындай кеп:

«Баашадан буйрук уксак – деп,
Баштап аскер чыксак – деп,
Акылмандар муну айтат –
«Бар тамырын кырксак!» – деп.
Эсенкан ойлоп таңданып,
Эл карады жарданып.
Эсенкан элге кеп айтат:
«Эй, калайык! – деп, айтат
Түрктөн катын туубайбы?
«Бир катыны тууду» – деп,
Дүүлүксөм кудай урбайбы!
Чантуудан катын туубайбы?
Чантуудан катын тууду» – деп,
Мен чаң салсам кудай урбайбы!
Менден аркы чоң атам
Дуушаңгөр бааша тушунда
Чантуунун көбүн таратып
Чачты деген ушунда.
Ошондо келген түрктүр,
Маңгулдун элин бакалап,
Алтайдын тоосун жакалап,
Анда алты зубун калмак бар,
Калмактын калкын аркалап
Араң жүргөн муруттур,
Алтымыш жылдан бер жакка
Бизге букара болуп туруптур,
«Катыны эркек тууду!» – деп
Биздин калдайды кудай уруптур,
Жаңы туутан баладан
Жаны коркуп калбаган,
Эми тууган баладан
Эси чыгып бир жолу
Эс-акылы калбаган.
Кандыгымды билдирем,
Жаңы тууган бала үчүн
Калкты кантип бүлдүрөм?
Баашалыкты билдирем,
Бар-жокту кантип бүлдүрөм?!
Же көтөрүп чыккан туусу жок,
Же кулак тунган чуусу жок,
Же көп жыйнаган колу жок,
Баашадан аскер барууга
Байкап турсам жолу жок.
Андай кылбай а көрө
Аңдап ишти кылалык.
Жарымы калмак, жарымы сарт,
Баашалыктай мал сойгон
Жакып чантуу кандай март,
Жыйырма-отузун чыгарып.
Казыналык төөдөн
Кырк-элүү төө ыйгарып,
Алты кытай доргосун,
Ага кошуп жолдошун,
Казыналык асыл бул
Төөгө жүктөп арттырып,
Орто Азия журтуна
Ой менен тоого саттырып,
Жакыбы кандай жерде экен,
Баласы Манас эр бекен,
Дайындап жерин көрүшсүн,
Каяша кылып биздерге
Кол салуучу эл бекен,
Же корголоп жүрүп бай болгон
Менин комутум толбос кем бекен,
Кандайлыктан бул иштин
Кабары мында келди экен,
Калкына барып бул сатып,
Алтайдын тоосун аралап,
Каңгайдын калкын каралап,
Шыйкуунун элин шыпырсын,
Таңшаңдын тоосун так басып,
Керме тоону сыдырсын,
Кебездин тоосун кыдырсын.
Ополдун тоосун ойлосун,
Анжиян кире койбосун,
Кашкардан кайра тартсын – деп,

Казыналык дүйнөдөн
Канча сонун артсын!» – деп,
Кылдырды соода каныңыз,
Кызыгын көрүп алыңыз.
Бээжинден чыгып алыптыр,
Беш айдан бери жол жүрүп,
Алтай тоонун оюнда,
Аземил суунун боюнда
Ойноп-күлүп жатышып,
Ордолорун атышып,
Ордого оюн салыптыр.
Бая ойрон болгон кербендер,
Эсенкандын алдынан
Эл кезмекке келгендер,
Ордосу жолдун бетинде,
Атып аткан ордону
Алар жан – деп, кайдан ойлонду,
Алты дорго кашында,
Атып-атып чүкөгө
Ичке түшүп имерип,
Томпой менен жиберип,
Чертүүгө Манас барганы:
«Төөңдү тышка тарткын!» – деп,
Четкилер айтып салганы.
«Төө тартпасак нетет, – деп,
Койчу, чүкөсү ок беле,
Эмнеге алы жетет?!» – деп,
Жетелеген сартын көр,
Калмагы кошо тепеңдеп,
Кан кишиси болгон соң
Бу канте коёт экен – деп,
Катар-катар төөсү
Ордонун четин кечкени,
Томпойго Манас жеткени,
Томпойду колуна алганы,
Кулжадан алган эңкени
Кошо коюп калганы.
Томпойдун тийген учунан,
Манастын черткен күчүнөн
Астыңкы төөнүн соңкусу
Төө мылтыктын огундай
Черткенде сака жеткени,
Төө шыйрагын сындырып,
Төө кырданып кеткени.
Бир эңкеси барыптыр,
Астыңкы эшек бутуна
А да тийип калыптыр.
Жыгылды эшек, сарт калды,
«Кыйынчылык көрдүм!» – деп,
Кытайларга даттанды.
«Бу кандай кыйын бала?!» – деп,
Ушу жерде Манасты
Улуктан келген кытайлар
Урабыз – деп, чаң салды.
«Буту сынып төө калды,
Бу жолдошум жөө калды,
Карма-карма-карма! – деп,
Как ушуну байла!» – деп,
Та-талап кытай калганы,
Кармамакка Манасты
Жабыла алтоо барганы.
«Карматпайбыз аны!» – деп,
Жанындагы отузу
Жабыла колду салганы.
Калмак, сарты, кытайы
Карсылдашып калганы.
А дегенде эр Манас
Кыйынсынган кытайдын
Башчысын кармап алганы.
Кармаша кеткен жеринде,
Карк алтын кемер белинде,
Бекемдеп кармап алганы,
Көтөрүп жерге салганы.
Көтөрүп жерге бир уруп,
Көөдөндөн басып бир туруп,
Чилдин башын жулгандай,

Балбандык эмей бу кандай,
Башын жулуп алганы.
Кызыл өңгөч кыйылып,
Кекиртеги жыйылып,
Башкасы калды зоңкоюп,
Башы калды томпоюп.
Башчысы мунун өлгөн соң
Баягы турган жигиттер
Баары коркту сумсайып.
«Сумсайбаңар, баатыр – деп,
Буларга мен сонунду
кылам акыр – деп,
Кырк беш төө жүк экен,
Олжо кылам такыр – деп.
Он калмакты койбоңор,
Берки турган беш кытай,
Бешөөн да союп тойло – деп,
Сарттын онун калтыр – деп,
Баарын олжо кылыңар
Кырк беш төө малды!» – деп,
Ордону кызыл кан кылды,
Ойротко муну даң кылды,
Өлтүргөнү буларды
Он алты каапыр жан кылды.
Калмагы, кытай өлгөнү,
Сарттын баары самсаңдап,
«Жан кыйба?! –деп, тамтаңдап,
Жаныбызды кыйба! – деп,
Түбүбүз түрктүн кулубуз,
Биз да Туран уулубуз:
«Жаныбызды кыйба» – деп,
Жалынып сизге турубуз.
Торгун, тубар асыл бул,
Артып жүргөн булубуз.
Кан казына мал – деди,
Карк алтын дүйнө булу бар,
Доолон, чүчтө, буулум бар,
Кудай айдап жеткирген
Сизге ылайык булу бар,
Алгын мынча малын – деп.
Кандын келдик кашынан,
Ушу жолго салба – деп,
Айттым эле башынан.
«Үрүстөмдөй иш кылган,
Балбандык кылган жашынан
Манас деген бала – деп,
Барып келгин ага – деп,
Билип келгин даана!» – деп,
Эсенкан буюрду бизди – деп,
Эң сонун көрдүк сизди – деп,
Атасы ким, аты ким,
Аркы уругу, заты ким
Билсек?!» – дешип, сурашты,
Бири айтпай, баары чуулашты.
Анда Манас билди да,
Арсаң-арсаң күлдү да:
«Атам Жакып, Манасмын,
Аркы уругум алашмын,
Ары тарт – десе болбостон
Акылыңдан адаштың.
Төөмүн буту сынды – деп,
Бу дөөгүрсүгөн кандай кеп?
Кытай менен калмакка
Бул өлүшү жакшы эп!
Отуз эки жылкычы
Оюңа жаман албаңар,
Оройун чочуп калбаңар.
Ойрон болгон буларды
Шыйрактан байлап алыңар,
Жылгага сүйрөп салыңар!
Колунан байлап алыңар,
Коктуга сүйрөп салыңар!
Кыпындай неме койбостон
Кийимин тоноп алыңар,
Кидирбеңер баарыңар!»
Манас айтып салганы,

«Макул болот, мырзам!» – деп,
Баары кабыл алганы.
«Коктуга сүйрөп салыңар,
Козголуп ылдам барыңар.
Жолу каткан иттердин
Жору жесин жоңконун,
Кузгун жесин куулугун,
Кудуреттен көрөрбүз
Башка салган буйругун!
Бөрү жесин куйругун,
Сагызган чукуп көзүнү,
Сап кылсын шонтип өзүнү!»
Манас муну сүйлөдү,
Байлап алып шыйрактан,
Коктуну көздөй сүйрөдү.
Он сарты турат алдырап,
«Оңбойбуз – деп, жалдырап.
Жылкычыдан: «Чап!» – деди,
Бай Жакыпты тап – деди.
Акбалтаны алыңар,
Бердикеге кабар бериңер,
Бери жакка алып келиңер,
Дамбылдага кабар салыңар.
Азыр келсин баарысы
Аксакал Жакып карысы.
Койчуга кошо кабар сал,
Койбой баарын жыйып ал.
Ошпур менен Саламат,
Ошондогу жамагат
Баары келип калсын – деп,
Манастын тапкан дүйнөсүн
Байкап бөлүп алсын!» – деп,
Кабар салды калкына,
Карап тургун Манастын
Кыла турган салтына
«Манжурия айылынын
Баарына кабар салыңар.
Мажик мырза баланы,
Баарын чакыр аларды!»
Ушуну айтып туш-тушка
Узатты сегиз кишини,
Узартар кылар ишини.
Эртеси күндө бешимде
Түш эңкейген кезинде
Жакып бай келди карпайып.
Акбалта менен Бердике:
«Алла эмине жумуш? – деп,
Дагы Манас тим жатпай
Ким менен кылды уруш?!» – деп,
Дамбылда менен Түнөгөр
Бу да келип калыптыр,
Койчу айылдагы адамдар
Жуда келип калыптыр.
Ошпур менен Саламат
Ошондогу жамагат,
Мажик менен Дөгөнү,
Манжуулуктун адамы,
Баары жүрдү тамамы.
Жыйылышып алганы,
Кытайдан келген кырк беш төө,
Бая турган сарт он жөө
Буларга көзүн салганы.
Жаңы көрүп Жакып бай
Айран-азыр калганы:
Кырк беш жүктүү төө көрдү,
Кыйла сартты жөө көрдү.
Чакыргандын баарысы
Чапкылап келип калышты,
Аксакалдан карысы
Акылдашты баарысы:
«Мынча төө жүк малды,
Буларды кайдан таап алды?
Оңой-олтоң, мал эмес,
Ушу турган он сарты
Ушуларга ээ болуп
Алып жүрчү жан эмес.

Карандай мойну бир кулач
Казыналык нардан го?
Үстүндөгү жүктөрү
Карк алтын кымбат зардан го?
Артканынын баарысы
Ар бир сонун малдан го?
Башчылары жоголгон,
Бу байкуштарга не болгон?
Сурайлыкчы сартынан,
Жуда келдик жыйылып,
Алып жүргөн мал-мүлкү
Кайсы калктын мартынан?
Бирди көрмөк болдук ко
Бу Манастын дартынан,
Издеп чыкпай коёбу
Ушунча малдын артынан!
Албасакпы, алсакпы,
Же кайсы жерден келсе да:
«Как жайыңа баргын!» – деп,
Карап турган сарттарды
Кайтарга жолго салсакпы?!
Карап бекер турбайлы,
Кабарын сарттан сурайлы!»
Акыл кылып баарысы,
Акбалта, Жакып карысы
Кеңеш кылып кеп сурайт,
Кербен болгон сарттардан
«Кеп айтыңар? – деп сурайт.
Байсыңарбы өзүңөр,
Баяндап айткын сөзүңөр,
Башка жакта дүйнөнү
Көрбөгөнбү көзүңөр.
Көргөн-билген баарына айт
Кайдан келдиң өзүңөр?
Кытайдан чыккан бай бекен,
Кылымды баскан жан бекен,
Кыйлача сонун нар экен.
Нар үстүндө арттырган
Кыйла сонун мал экен,
Айтыңарчы жайын – деп,
Аныгын уксак дайын?» – деп,
Казак, кыргыз калкы бар,
Карыя Жакып каркы бар
Сарттардан жайын сурады,
Сарттар коркуп сабыркап
Кол куушуруп турганы:
«Уйгурдан болот учубуз,
Түрктөн болот түбүбүз,
Кумулдун ары жагында
Шаашуңге деген шаарда
Оокат кылып жүрүбүз.
Кандан кабар келгени:
«Сооданын тилин билгенден,
Жүрөгүн дүйнө тилгенден,
Көптү көргөн көсөмдөн,
Тилге жүйрүк чечenden,
Ток-ачкага бекемден
Он сарт бизге келсин – деп,
Беш-алты жылга бел байлап
Кызмат кылып берсин» – деп,
Кандын келди кабары,
Зуңдуңдан келди чабары.
Токсон төрт элүү киши эле
Өңкөй уйгур балдары,
«Ошонуңар баргын» – деп,
Олор да бизди каалады.
Каалагандан кайта албай,
Барбайбыз – деп, айта албай,
«Бейли катуу сиздер – деп,
Меңкээриген биздер – деп,
Акылга толук сиздер – деп,
Араң жүргөн биздер» – деп.
Бала-чака, ургаачы,
Баарыбызга бу түйшүк,
Барбайм – деп, карап турбачы.
Кан жарлыгы катуудур,

Каарланса сап кылып,
Баарыбызды атадыр.
Барбаганың болбос – деп,
Кандын сөзү болгон соң
Каяша кылган оңбос!» – деп,
Элибиз айтып салганы.
Эсенкандын зуңдуңу
«Не кечиктиң мынча?» – деп,
Энтелетип калганы,
Токсон төрт үйдөн он киши
Топтотуп айдап алганы.
Жер кадамдап мол жүрүп,
Жетимиш күнү жол жүрүп
Ордосун көрдүк канынын,
Орчун Бээжин шаарынын.
«Не кылар экен бизди?» – деп.
Кара жандын камын жеп,
Карап турдук бүгүлүп,
Кан алдында жүгүнүп,
Карып жандан түңүлүп.
Алты кытай, он калмак
Аскерден бөлүп куп тандап,
Казыналык нарынан,
Камдатып айдап баарынан,
Төөнүн баарын чомдотуп,
Төө жарагын оңдотуп,
Казыналык малынан,
Ар сонундун баарынан,
Алтын-күмүш зарынан
Аты улук Бээжин шаарынан
Жүктүн баарын арттырып,
Жүндөн аркан тарттырып,
Жүрөрдө бизге кеп айтты:
«Алтай, Каңгай аралап,
Аңгирени сыдырып,
Ар жагы Эртиш дарыя бар,
Соода менен кыдырып,
Кашкарга кадам салыңар,
Малдарыңдын баарысын
Кара мал кылып алыңар.
Кан-Тоонун оюнда,
Санар талаа боюнда
Алтай деген эл бар – дейт,
Алты зубун калмактын
Жердеп турган жер бар – дейт,
Так ошого каралдаш
Түрктөн келген эл бар – дейт,
Ошол элдин ичинде
Аты Жакып эр бар – дейт.
Баласы, атын- Манас – дейт,
Бабалары алаш – дейт,
Кандай экен баласы,
Ал Жакыптын Манасы?
Бузук болсо билгин – деп,
Эгер бузук көрүнсө
Тирсегинен илгин – деп,
Насыя мал бергин – деп,
Ар борумун көргүн – деп,
Аралап анык жүргүн – деп,
Ачып көзүң көргүн – деп,
Бузуктугу чын болсо
Мында кайтып келгин – деп,
Аныктап билсең кабарын
Айтып бизге бергин – деп,
Өтүрүк сөз-өлгөн сөз,
Жалган айткан жаман сөз,
Убал кылбай бирөөгө,
Укканыңды айтпагын,
Көрмөйүнчө көз менен,
Айтып келбе бу жерге
Бирөө айткан сөз менен.
Бай – деп, айтты бабасын,
Аралап Алтай талаасын,
Аныктап билип баласын,
Көз менен көрүп Манасын!»
Урматтап бизди узатты,

Көрмөк үчүн шу жакты
Кызмат кылып төөчүгө
Кыйладан бери жол жүрдүк,
Кызык жолду биз көрдүк.
Беш ай болду чыкканы,
Кары-жашта бар бекен
Бээжиндин шаарын укканы?
Алты кытай башчысы-
Сооданын жолун аччусу.
Он калмак эле кошчусу,
Кызматкери биз элек,
Кыйшыгы жок, түз элек.
Кечээ күнү биз келсек,
Бурулбай жолго түз келсек
«Ордодон тышка чык – деди,
Айткан сөздү ук!»– деди,
Айткан сөзүн укпадык,
Жолдон тышка чыкпадык.
Жолду түзөп алыптыр,
Жолго оюн салыптыр.
Астыңкы төө жетелеп,
Ордого кадам салганы,
«Чык дегенди укпайт!» – деп,
Томпоюн колуна алганы,
Чоң чүкө төөгө жеткени,
Шыйрагына тийгенде
Буту сынып кеткени.
Төөнүн буту сынган соң,
Төрөбүз өкүм кылган соң:
«Кармагын!» – деди, баланы.
Калмактары жыйылып
Балага колду салганы.
Отуз киши жабылды,
Ошолордун баарысы
Өлтүрмөккө камынды.
Кытайдын эң кыйыны
Балага каршы турганы,
Бала аны кучактап,
Көтөрүп жерге урганы,
Көөдөнүнөн бир басып,
Шол жерде башын жулганы,
Он алтысын өлтүрүп,
Оңдонуп карап турганы.
Не кыларын билбейбиз
Энди бизди булары.
Түндө бизди кондурду,
Конок кылып оңдурду,
Эндигисин билбейбиз
Кандай заман болорду».
Сарттар айтып салганы,
Санап туруп бай Жакып
Акылынан танганы:
«Эй, ага-ини болгон көпчүлүк
Аңдаңарчы бу кепти,
Акыры мага түшүптүр
Аябаган көп түлүк!
Алтымыш келген жашымды,
Акыры балам жутат бейм
Азапка калган башымды!
Бээжин бекем жер – деген,
Беш уруу кытай эл – деген,
Беттешкен аман келбеген.
Каканчындын калкы бар,
Канча түркүн алпы бар,
Катылгандын баарысын
Канын ичкен салты бар!
Кылым журтка катылып
Кыйынга калган экемин,
Кандуу журтка катылып
Калбага калган экемин,
Кара башым калкалап
Кайсы жакка кетемин?!
Эсенкандын малы экен,
Не сонуну бар экен.
Башкага тийип болорбу,
Баашага тийген оңорбу?!

Калкка тийип болорбу,
Канга тийген оңорбу?!
Карап турган ага-ини
Кандай кылсак эп болот,
Калбайт деймин тукумум,
Бу кандай кыйын кеп болот?!»
Муну айтып Жакып бай,
Муңайып турду бир далай.
Акбалта чалы кеп айтат:
«Ай, Жакып бай – деп, айтат,
Болсун бала – шок болсун,
Шок болбосо жок болсун!
Ак жазганын көрбөйбү,
Ажалдуу жан өлбөйбү.
Кытай келип калганча,
Кырып бизди салганча
Азыр алып туралык,
Абыдан малга туналык!
Алтайдын тоосун жөлөндүк,
Андан мурун соо белек,
Кыпкызыл канга бөлөндүк!
Беш айлык жолдо Бээжин бар,
Бээжин бизди не кылар?!
Алты айлык жолдо Бээжин бар,
Ант урган кытай не кылар?!
Алты зубун калмагын,
Аз болгондо төрт жүзүн,
Балаң Манас жалмады,
Алты айга жакын болуптур,
Кана, келип кырып салганы?
Арууланып алардан
Кутулар шайман калбады.
Кудай салса көрөрбүз,
Жазганына көнөрбүз,
Кейип турбай курулай
Кеңешиңер, жөнөйбүз».
Карыясы Акбалта
Кайрат айтып салганы,
Олтургандын баарысы:
«Оңсөз!» – дешип калганы.
Өлгөн жан кайта кобобу,
Өкүнгөн менен болобу.
Кеткен жан кайта кобобу,
Кейиген менен болобу.
Сабыркоодон не чыгат,
Сарсанааны коёлу!»
Балта чал сөзү токтолду,
Ачууланып эр Манас
Атасын көздөй октолду:
«Атаганат атаке,
Акылыңыз канаке?!
Кудай салган ажалдан
Кутулган жүргөн экенсиң,
Куу дүйнөнүн түбүнө
Куусаң кантип жетесиң?
Курулай корко берсең сен
Куураган бойдон кетесиң!
Жалган дүйнө жай үчүн
Жалтанган бойдон кетесиң,
Бу жарык дүйнө түбүнө
Чапкылап кантип жетесиң?
Коркуп жүрүп, кор болуп
Корлукка көнгөн экенсиң!
Кансырап айтпай сөзүңдү
Кандан кыстоо сөз келсе
Кармап бергин өзүмдү,
Кадыр Алла кудурет
Канча дүнүйө мал берип,
Ач кылыптыр көзүңдү.
Калмак, кытай биригип
Кастыгы менде турбайбы,
Калмактан коркуп калтырап,
Кытайдан коркуп кылтылдап
Жүрсөм кудай урбайбы!
Эсенкандын өзүнөн,
Кабарын угуп турамын

Сарттардын айткан сөзүнөн.
Казынанын малы экен,
Калмак, кытай бириксе
Кастыгы менде бар экен.
Өлүүчү менин өзүм – деп,
Өзүңөр угуп турдуңар
Сарттардын айткан сөзүн – деп
Тагдырда кудай буюрса
Жалгыз туума Манастын
Тазалаарсың көзүн! – деп.
Төөлөрдү бөлүп алыңар,
Дөөрүбөңөр баарыңар!»
Кырк беш төө жүк малды
Кырк ата уулу эл алды.
Он сартын бөлүп алганы,
Олжого тунуп калганы.
Ар кайсысы талашып
Нар тазасын алыптыр,
Баягы жилиги сынган кызыл нар
Бай Жакыпка калыптыр.
Нарды а жерге сойгону,
Жүгүн чечип койгону.
Жүгүн чечип караса
Зумурут, көөхар таш экен,
Жубар бермет кошо экен,
Берки жүргөн кырк беш төө
Баарысына тең келген
Асыл дүйнө ушу экен,
Кадырын билген караса
Бир шаардын малындай
Баркын билсе бош экен,
Албарс менен шам чырак,
Буулум, доолон кошо экен.
Төрт айгырга жүктөтүп,
Кийизге салып бүктөтүп
Бай Жакып алып жөнөлдү.
Баргандардын баарысы
Дүнүйөгө өмөлдү.
Он эки жарым жашында,
Отуз жигит кашында,
Жатсын Манас ушунда.
Аны таштап салыңыз,
Ногойдун Ороз уулунун
Кабарын угуп алыңыз.
Ороздуу деген кишинин
Он баласы бар экен,
Ону бирдей караса
Оңбогондой жан экен.
Аксакалы Чагатай,
Экинчиси Чегетей,
Үчүнчүсү Көбөнтөй,
Төртүнчүсү Бөбөтөй,
Бешинчиси Бегетай,
Алтынчысы Бабатай,
Жетинчиси Сабатай,
Сегизинчиси Кабатай,
Тогузунчусу Тоботой,
Онунчусу Ордобай,
Опол тоонун ар жагы,
Орчун Даң-Дуң, бер жагы,
А да кыргыз баласы,
Кирип-чыгып турганы
Камус, Камар калаасы.
Арандыны жайлаган,
Атасы Ороз баш болуп,
Алтымыш бээ байлаган.
Алты-алтыдан болушуп,
Ачууланса кай күнү
Абыдан жатып өлүшүп,
Уштаганы жазылбай,
Урушканы басылбай,
Кармаганы жазылбай,
Камашканы басылбай
Беш-бештен болуп алышып,
Белсенишип салышып,
Бети-башын жарышып,

Аны менен тим болбой
Бек алдына барышып,
Берип малын салышып,
Береке кетип калышып.
Атасы Ороз кан болгон,
Алар өсө элегинде
Караган канча жан болгон.
Балдарынын шогунан,
Сабырынын жогунан
Орозду карып каң болгон.
Ороздунун иниси,
Анын аты Бай болгон.
Байдан эки бала бар,
Байкап кебин караңар:
«Кытайдын доору ашты –деп,
Кылым журт бизден качты –деп,
Мурунку журттан айрылып,
Буларды кара басты!» –деп,
Орозду менен Бай калган,
Опол тоосун жай кылган.
Орозду менен жанаша
Бай жүрүшү тамаша.
Улуусу атын Бакай – дейт,
Нускалап угуп сөздү жейт.
Кичүүсү аты Тайлактыр,
Айылдын көөнүн жайлаптыр.
Байдын эки баласы
Дүнүйө жыйып шайлаптыр.
Ороз уулу ээ кылбайт,
Мал – башына ээ болбойт,
Тарттырып шору кайнаптыр.
Алыс кетер арга жок,
Тарттырбаска дарман жок,
Ороз уулу тууганы
Оолактатып муну кууганы.
Оңдурбайт – деп, буларды,
Ээ боло албай малына,
Эми келди Байыңыз
Кашкар менен Жеркендин
Как ортосу шаарына.
«Жедик тууган токмогун,
Жеркенге келип токтоюн,
Жеке кеткен Жакыптан
Жетип кабар жоктоюн!»
Көйкапка кеткен Үсөндү,
«Көрөмбү» – деп, күсөдү.
Бай Бакайга кеп айтат:
«Балам, уккун – деп, айтат.
Ороз уулу оңбоду,
Койгун десек болбоду,
Кордогонун койбоду.
Өздөрү да соо болбой,
Өндөгөнүн түк койбой,
Эрестешип турушат,
Эки-үч күнү тим турбай
Эрегишип урушат,
Арадан алты күн өтпөй,
Ач бөрүдөй жулушат.
Белсенишип турушат,
Беш күн өтпөй урушат.
Камчы, таяк алышат,
Кандайлыгын билбеймин,
Карсылдашып калышат,
Канын төгүп бир бири
Кан алдына барышат,
Кайтып келип калышат.
«Бай балдары кайда? – деп,
Малын бери айда!» – деп,
Балааны бизге салышат.
Кашкар, Жеркен бакалап,
Кара сууну жакалап,
Өз туугандан жат болуп,
Өсөбүзбү сарт болуп?
Ороздунун балдары
Өмдүгүн койбойт
ар качан,

Өзөккө түшкөн дарт болуп.
Тууганбыз десек болбоду,
Душмандан бетер кордоду,
«Бай балдары жалгыз – деп,
Басабыз!» – деп, ойлоду.
Мал талашсак кокустан,
Бизге салат ойронду».
Атакеси Бай туруп,
Бир күнү муну ойлонду.
«Жеркен какыр жер экен,
Кашкарыңа карасак
Кайлаган кытай эл экен.
Калмагы бар, сарты бар,
Кажылдап жаткан кем экен,
Караган менен каапырга
Жакшылык кылбас эл экен.
Суусу булак, жери таш,
Баары душман, эли кас,
Мал багуучу жери ас.
Балам Бакай ойлонуп,
Башыңды алып мындан кач,
Масың тарап, көзүңдү ач!
Алгын – деди – сөзүмдү,
Ачкын – деди – көзүңдү.
Сары-Колдо калды тууганың,
Зардабына чыдабай
Зарыгып келип турганым,
Аз болгон соң атадан
Абыдан менин курганым.
Эки балам сен болдуң,
Эмгектүү карыган мен болдум.
Ороздунун он уулу,
Ойло, балам, сен муну,
Биздин малды алгандан
Бүткөндүр деймин өз куну.
Жашың жетти он сегиз,
Жайытта малың куп тегиз,
Аттар жалдуу, төө семиз.
Ат току, балам, минейин,
Айбалтам белге илейин,
Алла – деп,- жолго кирейин.
Алтайдын тоосун чалайын,
Ары чети, угушум,
Шыйкуу деген жер бар– дейт,
Чын ошого барайын.
Ыраактап кетер жер барбы?
Ынтымак санаар эл барбы?
Боору жазы жай барбы?
Баш калкалаар бай барбы?
Кенже Жакып инибиз,
Кечпейт ко мында күнүбүз,
Өлүү бекен тирүүбү,
Тирүү болсо Жакыбым
Жалгыздыктан зарланып,
Ыйлагандын бириби?
Бар болсо байкап билейин,
Башымды кошор бекен? – деп,
Бар кудайдан тилейин.
Өлгөнү болсо көрөйүн,
Өкүрүп кайра жөнөйүн,
Балдарым, сага эп болсо,
Алтайдын тоосун аралап,
Азыр бир барып көрөйүн».
А сөздү айтып Бай турду,
Акылын айтып жай турду.
Баласы Бакай кеп айтат:
«Барыңыз, ата! – деп, айтат.
Болот – деп, угам эли бай,
Малга жакшы, жери жай.
Өзүбүз жерин чалалык,
Ошондо жакшы жер болсо
Ороздуга кабар салалык,
Аларды да чакырып,
Кашыбызга алалык.
Быйыл он үч жыл болду,
Бай Жакып белин бууду – деп,

Уктум эле уламыш
Чыйырдынын катыны
Шакан эркек тууду – деп,
Ошондогу баргандан,
Ат чабышкан балдардан,
Барып келдик анда – деп,
Олжо алышкан чалдардан,
Ошондо мен уккамын
Ойноп жүргөн балдардан.
Башка Жакып болбосо,
Байкай турган бир кеп ко,
Бөлөк Жакып болбосо,
Ойго алышың сизге эп ко.
Баргын, ата, көрүңүз,
Алтай деген кайда? – деп,
Айныбасын көөнүңүз».
Бакай айтып салганы,
Макул болду бармакка,
Бай жөнөлүп калганы.
Күдүрлөгөн бор менен,
Күпүлдөгөн шор менен,
Жетиген кыям жол менен,
Эки конуп арага,
Алтымыш тогуз жашы бар,
Бай жолуна салыптыр.
Үчүнчү күндө түш ченде
Мелтиреген бир жапан
Чөлгө келип калыптыр,
Арык казган алты миң,
Элге келип калыптыр.
Өөдө-төмөн өткөндү
Өмөлүп кармап алчу экен,
Өзүнө арык каздырып,
Атын союп салчу экен.
Башкарганы арыкты
Басаңкул аттуу сарт болгон,
Баскан менен тургандын
Жүрөгүнө дарт болгон.
Ал арыкты каздырган,
АбАлла шайтан аздырган
Нескара деген дөө болгон,
Көлүгүнөн айрылып,
Көп адамдар жөө болгон.
Атын союп, көлүгүн
Арыктын таштайт кырына
Адамдардын өлүгүн.
Кетмен чаап шакылдап,
Башчы болгон Басаңкул
Басылбай сүйлөп бакылдап,
Мандикердин баарысы
Бая Басаңдан коркуп калтылдап.
Байкуш Бай муну билбеген,
Барып калды салпылдап.
Чалга көзүн салганы,
Чапа кармап алганы,
Жер чалам – деп – желигип,
Бай балаага калганы,
Балдарын ойлоп зарланды.
Байдын атын союшту,
Байкуш кылып коюшту.
Кетмен берди колуна,
Кебинин кара соңуна.
Чалга арык каздырып,
Чарчадым десе түк болбойт:
«Чап бачым!» – деп, шаштырып.
Эки жарым күн болду,
Чалдын аты ким болду?
«Чарчадым, эми болдум!» – деп,
Чал суналып тим болду.
«Чал жыгылды көргүн – деп,
Арыктын сүйрөп кырына,
Топурак үйүп көмгүн!» – деп,
Кырга сүйрөп салганы.
Жерди чалам – деп, келип,
Кызыкка бу чал калганы,
Көңдөйүндө кырчындын

Көөдөнү ачык калганы.
Көрүп жаткан көзү бар,
Көкүрөктө эси бар,
Багын ачып кудайың
Башына бак конуучу кези бар.
Арык ээси Нескара,
Аңдап угуп, сөз кара.
Чабдар аты бар экен,
Ээси менен сүйлөшүп,
Эс үйрөтчү мал экен.
Аты болуп сүйлөөчү,
Ажына менен жин болуп,
Алты шайтан бар экен.
Караса көзгө илинбес,
Кармаса колго билинбес,
Нескараны колдогон
Элүү балбан дөөсү бар,
Эртели-кечти эки убак,
Азгырып айткан сөзү бар.
Көрүнбөйт анын көзүнө,
Көрүнбөсө мейли – деп,
Ишенет анын сөзүнө.
«Алтындан бутту куйгун – деп,
Ар качан башыңды ургун – деп,
Алла деген нак ушу,
Айтканын кылып тургун – деп,
Жарлыгы жалган түк болбойт,
Жаман деген жан оңбойт,
Жамандык келген күнүндө
Жалынып келсең чоң колдойт».
Бут куйдуруп бултуйтуп,
Эки ууртун дулдуйтуп,
Алтындан кылган башыны,
Осмодон куюп кашыны,
Көөхардан кылып көзүнү,
Көркүн оңдоп өзүнү.
Сары алтындан бой кылып,
Зебер зардан кол кылып,
Инжиден сайып тиш кылып,
Жыргатчудай иш кылып.
Эрди-мурду зумуруд,
Эртели-кечти кызматын
Эрикпей кылып отурат.
Айтканыбыз болот – деп,
Ал шайтандар кутурат.
Дөө, шайтан, жин болду,
Колдон согуп кудай – деп,
Жөөлүгөн мындай ким болду?!
Аны ошо жерге таштаңыз,
Аттын кебин баштаңыз.
«Эр Нескара дөө – деди,
Өзүң мага ээ – деди,
Өлбөй турган камыңды
Ушу баштан же – деди,
Алып аткан алышың,
Анык ырас билемин
Ай-талаада калышын.
Айткан кебим бу – деди,
Алып аткан алышың
Ак-Суудан чыккан суу – деди.
Алтай тоону жердеген
Түмөндөгөн жылкы бар,
Айдап бери куу – деди.
Аркаңан салат ошондо
«Ногой!» деген чуу – деди,
Ошо чуунун ичинде
Толо элек азыр күчүнө
Манас деген бала бар,
Эсиңе муну сала бар.
Отуз нөкөр кашында,
Быйыл он үч жашында,
Аземил суунун башында.
Тийип жылкы ал – деди,
Артынан келген куугунга
Тиктеп көзүң сал – деди,
Ал жылкынын ээси

Жакып аттуу чал – деди.
Жакыпты коюп, баласын,
Жалгыз туума Манасын
Куткарбай кармап ал – деди.
Куткарып ийсең курудуң,
Жалганы жок мунумун.
Качырып ийсең кайгырдың,
Кара жандан айрылдың.
Балтыр эти толо элек,
Балбан чагы боло элек,
Умтулуп уруш сала элек,
Уруштун ыгын ала элек,
Чаң көзүнө толо элек,
Чабышка камбыл боло элек.
Уюган чаңга кире элек,
Уруштун ыгын биле элек.
Ушу күндө тутпасаң,
Урушуп аны жутпасаң,
Оёр эки көзүңдү,
Ойлонгун менин сөзүмдү,
Акырында ал Манас
Ойрон кылар өзүңдү».
Аны уккан Нескара,
Алды-артыңды тез кара.
«Манасты барып сой – деди,
Айдап келип жылкысын
Арыкчыга кой – деди.
Арык казган сойсун – деп,
Адамдын баары тойсун – деп,
Эгер тийсе колуңа
Манастын көзүн ойгун» – деп,
Чабдар ат болуп сүйлөдү,
Нескараны бийледи.
Алданын көргүн ишини,
Айдап чыкты Нескара
Алты миң ашык кишини.
Мандикердин баарысын,
Жашы менен карысын
Жалгыз бала Манаска,
Кадыр Алла билбейби
Кандай кылар ишини.
Кулундардын баарысы
Кара кулак болду – деп,
Кур аттар майга толду – деп,
Ыраңдын башы солду – деп,
Кулан-Жайлоо, Куу-Тезге
Жылкы салчу бир кезге,
Көктөмүнүн артында,
Көргүн Жакып салтына,
Көзү жетпейт адамдын
Чыны менен калпына,
Жайлоосу Жашыл-Көл экен,
Өлкөгө барып конору
Кулан-Жайлоо бел экен,
Күн жүрүш жагы-түштүгү
Куу-Тездин ою дээр экен.
«Кулан-Жайлак барам –деп,
Кабарсыз калды балам –деп,
Малым менен баламдан
Барып кабар алам» –деп,
Туучунак менен болкоюп,
Абаңыз Жакып золкоюп
Атына минип алыптыр,
Аралдан чыгып барыптыр.
Алты күнү жол жүрүп,
Аңгирге барчу жол менен,
Алты миң ашык кол менен
Нескара жолго салыптыр.
Эл карасын көргөндө
Эси чыгып бай Жакып
«Бул эмине шумдук?!» – деп,
Көрүнбөстөн калыптыр.
Жалгыз-жарым жан болсо,
Сурасам экен сөзүн – деп,
Алиги көргөн аскердин
Артына көзүн салыптыр.

Жалгыз-жарым жан жүрсө,
Карап көзгө илсем – деп,
Кандай жүргөн черүү – деп,
Кабарын сурап билсем – деп,
Акмалап көзүн салыптыр,
Алты миң аскер кол менен
Алар өтүп кетип калыптыр.
Өткөнүн Жакып көрүптүр,
Кайыңдынын Алты-Суу,
Бу кошун шондой өрүптүр,
Аскердин арка жагынан
Элес-элес бир караан
Эми Жакып көрүптүр.
«Жалгыз-жарым жан экен,
Жалгыз жүргөн бу да бир
Мээнеттүү мендей чал бекен?
Ким экенин билейин,
Кебин угуп тилейин».
Аны таштай салыңыз,
Арыкка көмгөн Бай байкуш
Андан кабар алыңыз.
Бая, чабдар ат кебин урганын,
Нескара тыңдап турганын
Көмүүдө Бай чал көрүптүр,
Азыркысын алардын
Кылганына көнүптүр.
Көбөктө калган Байыны,
Көргүн анын жайыны.
Өзүнүн күүлөп шайыны,
Суурулуп кумдан чыгыптыр,
Чабдар ат айткан сөзүнү
Шашпай жатып угуптур.
Элин айдап Нескара,
Жакыптын жылкың алууга,
Арыкчыга сойгузуп,
Ачкаларын тойгузуп,
Мындай иш кылып салууга
Арбып-дарбып дүрбөшүп,
«Аттан, болгун, жүр!» – дешип,
Айтканын баарын угуптур,
Адамдын баары кеткен соң,
Аш бышымга жеткен соң,
Көмгөн жерден чыгыптыр.
«Союп койду атымды,
Кимге айтам – деп, – датымды,
Керейин – деп, – чатымды,
Качып мындан кутулуп
Кетейин – деп,– акыры»
Жан-жакка көзүн салыптыр,
Жаргак деген колотто
Алты качыр, төрт эшек
Бая, аламанда элден калыптыр.
Качырды кармап алууга
Бай барпайып барыптыр,
Этекке конок салыптыр,
Энтелеп Байың барыптыр,
Качырлардын бирөөнү
Эптеп кармап алыптыр.
Арык казган адамдын
Элүү-кыркы калыптыр,
Эң учунда арыктын
Алар эңиш жакка барыптыр,
Байдын эптеп чыкканын
Баятадан көрбөй калыптыр,
Качыр кармап жүргөндө
Карасын көрө салыптыр.
«Кайдан келген адам – деп,
Келген экен бир жактан
Бу ууру кылчу арам – деп,
Кууп кармап алам!» – деп,
Кужулдашып келатыр,
Азы бала, көбү чал,
Аңгемесин көрүп ал.
Алардан качып озунуп,
Ак куудай мойну созулуп,
Бай кыраңга чыгыптыр.

Экөөн-үчөөн таш менен
Кырдан уруп жыгыптыр.
Кайра кетчү жолуну
Арыкчы тозуп алыптыр,
Аргасы жок Байыңыз
Аскердин арка жагынан
Наалып жолго салыптыр:
«Бу жолумдан кечейин,
Аскердин арка жагынан
Бура тартып нетейин,
Эл карасын көргөнчө
Ээрчип кошо кетейин.
Көрүнбөйүн көзүнө,
Жолу каткан аскердин
Жолукпайын өзүнө».
Ошону ойлоп Байыңыз,
Оңолор эми жайыңыз,
Качырды коюп кулакка,
Кары чал келет бу жакка.
«Бу кандай жүргөн черүү? – деп,
Кай тараптын эли? – деп,
Каяктын каны, беги? – деп,
Кабарын уксам деги» – деп,
Бай Жакып көзүн салыптыр.
Кол артынан бир караан
Шашкелик жерден көрүнгөн,
Жакып күйүп, эринген.
Туучунак менен жол тосуп,
Сурайын – деп, жолгошуп
Жакып бай каршы желгени,
Анда салам бизде жок,
Мөндү – деп, салам бергени.
Буурул сакал бу Жакып,
Ал аксакал экен келгени,
Келген жерден а дагы
«Амансызбы?» дегени.
«Аман-эсен, баатыр, – деп,
Аты-жөнүң ким болот,
Айт жөнүңдү акыр?» – деп,
Бай сурады Жакыптан.
Жакып шондо кеп айтат:
«Жайым ушу – деп айтат.
Башкы атам Байгур болгон – дейт,
Башына дөөлөт конгон – дейт.
Экинчи атам Бабыр кан,
Эгемдин ишин ойлонсом
Эсим ооп, болом таң!
Үчүнчү атам Түбөйдү,
Түмөндөп эли көбөйдү.
Төртүнчү атам Көгөйдү,
Көгөйдөн тууган Ногой – деп,
Ногойдун уулу мен элем,
Он жетимде жашымда
Ата-энемден айрылып,
Айдоого кеткен кем элем.
Котондун куйган оюнда,
Соошаң-Көлдүн боюнда
Бөйөндүн уулу Чаянды,
Мусаапыр болуп бу башым,
Чаянга келип таянды.
Башымды бердим малайга,
Кызматын кылдым далайга.
Соошаң-Көлдө жай алдым,
Ал Чаян, Бөйөн өлгөн соң,
Быйыл отуз жыл болду,
Алтайдын тоосун таяндым.
Атым Жакып» – дегенде,
Айтып кабар бергенде
Бай бакырды: «Баа – деди,
Өткөн экен дүнүйө ай,
Өмүрдүн баары аа» – деди.
Он жетиде сен элең,
Эне-атаңа эркелеп,
Эчтеме билбес неме элең.
Жыйырмада жылас мен элем,
ЖыргАлла жүргөн неме элем.

Куйругу болсом, жал элең,
Куруп калсын дүнүйө ай,
Ойноп жүргөн бала элең.
Көзүм болсо көргөнүм,
Көргөндө жалгыз эрмегим,
Өөдө болсом өбөгүм,
Алдейлеген бөбөгүм,
Тайгылганда жөлөгүм,
Тар курсакта жатканым,
Талашып чүкө атканым.
Айдоосу менен улуктун
Айрылып калып тумуктум.
Камоосу менен каапырдын
Каралдым Жакып сен кетип,
Кабыргама батырдың.
Туушаң бааша тушунда,
Туш-тушка бөлүп ушунда,
Ногойдун уулун бөлгөнү,
Ойрон жаным өлбөдү,
Ошондон бери зыркырап,
Ушубу көзүм көргөнү?!
Күйөрүң Байың мен элем,
Сенден калып айрылып,
Күлкү болгон кем элем.
Он жетиңде бөлүндүң,
Ойлонсом жашым төгүлдүм,
Каралдым сенден айрылып,
Кабыргам мурда сөгүлдүм!
Чарчасам минер бурагым,
Ташка бассам туягым,
Жоого кийсем кыягым,
Жобогонуң көп белем
Карып калган сыягың.
Кубанды бүгүн жүрөгүм,
Ойлосом сени жүдөдүм.
Көрдүмбү, Жакып өзүңдү?
Чын айттыңбы, Жакып» – деп?
Айгайды Байың салганы,
Агасы Байды көргөндө
Ал атынан түшүп калганы,
Айгайды бийик салганы.
Айрылганы алардын
Алтымыш жылча болуптур,
Аккан жашын караса,
Коюнуна толуптур:
«Жакама таккан тумарым,
Жазылар бекен кумарым?!
«Көрөр күнүм болорбу?»
«Көп зарланып сурадым!»
Алтымыш жылдан бер жакка
Айрылышып арданган,
Агага ини кошулуп,
Ай-талаада зарланган,
Аман-эсен көрүшкөн
Аларды арбак сүйгөн кандай жан!?
Бай олтуруп кеп сурайт,
«Балаң барбы?» – деп сурайт,
Баяндап аны көп сурайт.
Жакып: «Балам бар – деди,
Жараткан болсун жар – деди.
Бишарат берген түштө – деп,
Жашы барды бу күндө
Таамай он үчтө – деп.
Эл-журтумдун жогунан,
Дүнүйө мага тар – деди,
Дагы эки келиниң
Бойлорунда бар – деди.
Келиниң бар боюнда,
Кененем деймин оюмда».
Анда туруп Бай айтат,
Жакыбына жай айтат:
«Карыганда бала көрүпсүң,
Кайгы менен жүрүпсүң,
Калдайган талаа жер жатат,
Мунун калкын кайда сүрүпсүң?
Ээн экен жери неткен? – деп,

Мунун эли кайда кеткен? – деп.
Бетеге белде булаган,
Элиги ээн сулаган».
Жаңы келген байыңыз
Жакыптан жайын сураган.
«Мен келгени бу жерге
Жайытка малым толду – деп,
Так отуз жыл болду – деп,
Ээн экен мурун жер,
Жерди айтайын уга бер:
Мен жаңыдан келгенде
Ат түтөгүп жыгылат
Аркан бою желгенде.
Адыр-адыр жерлери,
Артмак улуу белдери.
Адырдын чөбү суюлуп,
Аркары кумдай куюлуп,
Аркары киши таанıбайт,
А түгүл, арыздуу адам наалыбайт.
Будур-будур жерлери,
Буруш-буруш белдери,
Мында жок экен элдери.
Будурдун чөбү суюлуп,
Бугусу кумдай куюлуп,
Бугусу киши таанıбайт,
Бу түгүл муңдуу киши наалыбайт.
Жерим эркин, жай болдум,
Илая шүгүр кудайга,
Жергемден озгон бай болдум.
Алың кандай, аба? – деп,
Айтып бергин мага – деп,
Эй, бербердигер кудурет
Бердиби бала сага? – деп,
Алла бербей койгон соң
Адамга недир чара» – деп,
Бай Жакып сурап калганы.
«Эки эркек балам – деп,
Эрмек кылган карам – деп,
Эбактан бери ажырап,
Элден тынбайт санаам – деп,
Он эки уруу кыргыздын
Олутун жоктоп кыйналдым,
Аларды санап ыйладым.
Кенже иним Жакып дегенде
Күндө үч убак ыйладым,
Күйүттөн жанды кыйбадым,
Ошондон бери бир жүрүп,
Ороздуну сыйладым.
Кан эле, карып болгону,
Балдарынын зарпынан,
Бат урушкан дартынан
Кайгыга каркап толгону,
Бек эле, бейпай болгону,
Балдарынын дартынан
Мээнетке каркап толгону.
Орозду жүрөт: «Ой-бой! –деп,
Ойроттун калыңчагында,
Ошондо өлүп койбой!» – деп,
Сексенге жетти жашы – деп,
Сексейген аппак чачы – деп,
Сен дегенде зарланып,
Зел болот кара жашы» – деп,
Бай сүйлөдү баарысын
Бай Жакып укту наалышын.
«Баянын айт – деп, – тим эле,
Балаңдын аты ким эле?»
Жакып сурап салганы.
«Бир балам аты – Бакай – деп,
Бир балам аты – Тайлак» – деп,
Бай берди минтип жообун,
Аларды аман көрсөм! – деп,
Бай Жакып кылды тообун.
Бай сурады Жакыптан,
Байкуш болгон эки жан,
Жай сурады: «Тим – деди,
Жакып сенин жанагы

Жалгызың аты ким?» – деди.
Байга Жакып кеп айтат:
«Жалгыз көргөн бир балам,
Жардам берсин бир Алдам,
Аты Манас!» – деп, айтат.
Аны уккан соң, Бай айтып:
«Айткан оозго толуптур,
Аты жакшы болуптур!
Ата-баба арбагы,
Колдой көргүн арбак!» – деп,
Кол көтөрүп салганы.
Эзилишкен эки чал,
Эси кеткен Байыңдын
Эсине түшө калганы,
Өлтүрөм – деп, Нескара
Манас – деген баланы
Алты миң аскер кол баштап,
Аңгире жолго салганы.
«Издеп чыгып өзүңдү,
Көрөмбү – деп, көзүңдү,
Эки жарым күн жүрүп,
Алтай жолго салганым,
Арык казган Нескара,
Жолдо учурап калганым.
Жол боюнда жатыптыр,
Аңдабай шорум катыптыр.
Көргөн жерден өзүмдү,
Карайлатып көзүмдү,
Айтсам укпайт сөзүмдү.
Союп алып атымды,
Шорду абыдан катырды.
Кетмен берип колума,
Кетмен менен бат чап! – деп
Кекетип турду соңумда.
Керилип кетмен салганым,
Бир күн бүтүн чапкылап,
Эртесинде түш ченде
Күйүгүп жатып калганым.
Күркүрөшүп сүйлөдү,
Өлдү чал – деп сүйрөдү.
Казган арык сыртына,
Арыкка салган кырчынга
Жатыптырмын далдайып,
Эстен танып шалдайып.
Өлдү – деп, мени көрүптүр,
Өңкөй талдын ичине
Топурак менен көмүптүр.
Көчүк жагым басылып,
Көкүрөгүм ачылып,
Жарым күндө эс алып,
Жан-жагымды карасам
Жаадай чабдар аты бар,
Жагалдуу кара тону бар,
Алеңгир жаа асынган,
Азезил шайтан мас кылган,
Нескара деген эр экен.
Эгер беттешкен киши соо калбас,
Бейили катуу неме экен.
Аты менен тилдешкен,
Азезил менен кеңешкен,
Аярлыгы бар экен,
Азезил ага жар экен.
Казып аткан арыгын
Кайрылбады, таштады.
Алты миң ашык адамын
Аңгире жолго баштады.
Манас деген ким? – дедим,
Же башта жайын билбедим
Суурулуп чыгып турпактан,
Су буюрар – деп, бу жактан
Качыр кармап алганым,
Каркап алты күн болду,
Каңгып жолго салганым.
Колдун түшүп артынан,
Көрүнбөдүм аларга
Бая чала өлтүргөн дартынан.

Эл карaанын көрөм – деп,
Эл карaанын көрбөсөм
Эми ачкадан өлөм – деп,
Кайгыланган кезимде
Кагылайын каралдым,
Сен көрүндүң көзүмө.
Манас! – деп, тикти казатын,
Ынангын ушу сөзүмө!»
Бай айтты, Жакып агасы,
Муну уккан соң Жакыптын
Зирилдеди жакасы.
Аттаналы, чабалы,
Айылды ылдам табалы,
Ары-бери камданып,
Адам жыйып алалы!
Аны ойлонду Жакып чал,
Ашыкканын карап ал.
Жетимиш үйлүү кыргызын
Жетип кабар салыптыр.
Жаңыдан келген тууганы,
Бай Жакыпты мааналап
Бир жыл болгон турганы,
Алтымыш беш түтүнү,
Каңгы – деген калк эле,
Каңгылардын ичинде
Чегиш – деген алп эле.
Уругу кыргыз калчадан,
Ушунда бар канча жан.
Угузуп кабар салыптыр,
Уйгу-туйгу баарысы,
Убарага калыптыр,
Узак жолго барсын! – деп,
Бая, карып калган
Балтаны буйруп салыптыр.
Бая, манжудан келген калмагы
Эки жүз токсон түтүндү,
Немесин койбой күтүндү.
Ошпур менен Саламат,
Олорго түштү алаамат.
Балта чал байкуш кетиптир,
Алты күндүк жолдорго
Арага конбой жетиптир,
Жолдогу түрктүн баарына
Кабарын айтып өтүптүр.
Казактын ары четине,
Эдил, Жайык бетине,
Аягы Барскан, Сарканга
Барып кабар салганда
Түрктүн баары дүркүрөп,
Күнөс балбан күркүрөп,
Атка минип алыптыр.
Камбардын уулу Айдаркан
Казактан чыккан мыкты жан:
«Баарыбыз түрктүн уулу – деп,
Көптүрбөйлүк муну – деп,
Лоптон келген кулду – деп,
Оңдурбайлык муну!» – деп,
Жүргөнү чынжыр жол болуп,
Селдей каптап булар да
Сегиз миңдей кол болуп,
Жүрө турсун ушулар,
Алты күндө, беш күндө
Араң жетер тушу бар.
Адашкан бойдон кетиптир,
Нескараны ээрчиген
Алты миң аскер кишилер
Бай Жакыптын Кең-Арал
Аягы менен өтүптүр,
Эки күнү жол жүрүп,
Жол жүрсө да мол жүрүп,
Маңгулдун журтун басыптыр.
Жайытта жаткан жылкысын
Тийип алып качыптыр,
Айдап жолго салыптыр.
Аны көргөн маңгулдар:
«Улуу черүү кол экен,

Адамы арбын, мол экен,
Алдыргандын шору экен!»
Жайсаңбай деген бай экен,
Так ошондо Жайсаңда
Он миң жылкы бар экен,
Оңбогондой мал экен
Оодарып тийип алыптыр,
Ой-бойду ээси салыптыр.
Ар тараптан чапкылап,
Ким экенин биле албай,
Же бирөөнөн сурап тил албай:
«Кандай жүргөн кол? – дешип,
Аркасынан чабалык,
Андан кабар табалык!»
Маңгулдуктар жыйылып,
Беш жүз адам болуптур.
Ат салышып акырып,
Айгайлашып бакырып:
«Ким болосуңэлиңер?
Кидирбей айтып бериңер,
Жоологонуң ким эле?
Жообуңду айт – деди, –тим эле,
Издегениң ким эле?
Ишиңди айт – деп, –тим эле!»
Айгайды алар салганы.
Арык башчы Басаңкул:
«Бай Жакыптын баласы,
Кайда болот айтыңар
Байгур уулу Манасы?
Издегени шол – деди,
Шону издеген кол!» – деди.
Анда булар кеп айтат:
Кулан-Жайлоо, Куу-Тезде
Манас, Жакып бу кезде.
Жакып деген атасы,
Манас деген уулу бар,
Бу жүргөн жандын чатасы.
Аны үчүн жылкыны алба – деп,
Азапка бизди салба – деп,
Айтыңар – деди – кебиңди,
Аскер башчы бегиңди.
Бизде бар болсо алгын – деп,
Мурунтан калган кегиңди!»
Жайсаңбай айгай салганы,
Угуп алып Басаңкул,
Эр Нескара кытайга
Жайын айтып барганы.
«Биз дарыядан чыктык жол менен,
Алты миң, төрт жүз кол менен.
Бу бай Жакыптын өзү го,
Бизди алдап айткан сөзү го.
Жашырып таштап Манасын,
Катып коюп баласын.
Бай Жакыпта болбосо,
Башкада мындай мал болбойт.
Жылкыңды берем – деп, туруп,
Жылуу-жумшак кеп уруп,
Мойнуна курук салалык,
Бортоңдогон бу чалдын
Өзүн кармап алалык.
Болбос Жакып өзү – деп,
Жакып деген мен эмес,
Бу, бизди алдап айткан
сөзү» – деп,
Нескара акыл чыгарды.
Бая Басаңкул чалы кеп айтып:
«Амал менен бу чалды
Кармаса болот» – деп, айтып,
Аскерден чыгып алганы.
Антип-минтип алар да
Алты жүз болуп калганы.
Басаңкул аны көргөнү,
Бай Жайсаңга жөнөдү.
«Айдабайлы жылкыңды,
Ачпайлы – деп,-уйкуңду,
Чачпайлы – деп,-мүлкүңдү,

Жайсаңбай жакын кел – деди,
Сенин кылган кызматың
Жакыптын уулу Манасты
Таап, кармап бер!» – деди.
Анда Жайсаң кеп айтат,
Ачууланып бек айтат:
«Келген сенин жолуңда,
Ушу жактын тоолорун
Көргөн киши жок беле
Алты миң аскер колуңда.
Калган сенин артыңда,
Катыла албайм, коркомун
Бала Манас баатырга.
Кармап берер каруум жок,
Айдап берер алым жок,
Жылкы түгөл жыпжылас
Айылымды чаап кетсең да
Кармап берер табым жок!»
Ушуну айтып Жайсаңбай,
Карап турду жайма-жай.
Айтканын угуп алганы,
«Бери келгин, бастыр!» – деп,
Басаңкул айтып салганы.
«Каныңызга барыңыз,
Менин айткан сөзүмдү
Кабар айтып салыңыз.
Алар жылкыңды алдыңыз,
«Бери келгин мага» – деп,
Не асылып калдыңыз?»
Муну айтып Жайсаңбай,
Бура тартып калганы.
Кууп кармап алам! – деп,
Кутурган кул Басаңкул
Атына камчы салганы.
Бура тартып Жайсаңбай,
Колун көздөй качыптыр,
Кууп келген Басаңды
Таноо деген бир калмак
Тосуп туруп, Басаңды
Колок менен атыптыр.
Коркурап барып жыгылып,
Басаңкул өлүп жатыптыр.
Басаңкулдун өлгөнү,
Өлгөнүн көзү көргөнү,
Башчы болгон Нескара
Жайсаңбайга жөнөдү.
Карап турган калың кол,
Адамы анын кумдан мол,
Төрт миң төрт жүз калганы,
Эки миңи ат коюп,
Ат койсо да бат коюп,
Аламан уруш салганы.
Алиги турган алты жүз,
Атышарга жери түз,
Жазайылды жаткырды,
Төө мылтыктын бир жүзүн
Күркүрөтүп аттырды.
Төө мылтык үнү күркүрөп,
Эки миң барган аскердин
Тула бою дүркүрөп,
Кайра качып калганы.
Каарданып Нескара,
Чаптарга камчы салганы.
Чаң уюду абага,
Алты миң аскер бирдей тең
Чабуул коюп калганы.
Көптөп чабуул койгон соң
Чыдай албай Жайсаңбай
Чыга качты айылынан.
Токтоло албай Жайсаңбай
Тоого качып жөнөдү,
Толуп аткан дайралык
Айылга кирип өмөлдү.
Кыз-келинин кармашып,
Дүнүйөгө жармашып,
Олжолорун талашып,

Орчунун сен алдың, – деп,
Ороңдошуп сабашып.
Алган мурун жылкыны,
Артып-тартып мүлкүнү,
Чала кытай Нескара,
Чабылды Жайсаң бечара.
Кармаарын билип шекинип,
Качты Жайсаң бир тоого,
Токойго кирди бекинип:
«Кармап шону сойбой!» –деп,
Нескара жүрөт өкүнүп.
Катындар ыйлап чуркурап,
Балдары ыйлап чыркырап,
Колго түшпөй калганы
Кокту, жылга, тоо, ташка
Качып кирди быркырап.
Айылына кирген дарыялык
Элүүдөй киши өлтүрүп,
Элдин көбүн бүлдүрүп,
Олжону арбын алышты,
Оңуп жыргап калышты.
Ошо күнү конушту,
Ою менен болушту.
Канды булоо болушуп,
Кара малдан союшуп,
А күнү антип жатканы,
Олжого кабат батканы.
Эртеңки күндө аттанып,
Эрдемсинип шаттанып,
Он бешке толгон жаштуудан,
Олоңдой кара чачтуудан,
Көчтөн чыккан көрктүүдөн,
Көмкөрө кундуз бөрктүүдөн
Жүз отуз кыз алыптыр.
Эмчеги тикчей, эти арык,
Эң чегер бойлуу, кара каш,
Эптүү, сулуу келинден
Эки жүз түшүп калыптыр.
Төөлөрүн бакыртып,
Эшектерин акыртып,
Уй мөөрөдү күңгүрөп,
Кой маарады дүңгүрөп,
Кишинетип жылкысын,
Кишилерин байлатып,
Жылдырып малын айдатып,
Аңгире жолго салыптыр.
Бара турсун жол менен,
Нескара баштуу зор менен.
Аны таштап салыңар,
Алыста Эсенканыңар,
Эл бүлүнсө түк билбейт...
Маңгул, казак, түрк уулу
Көтөрүп алып көп тууну,
Эми жолдон көрүп ал
Кулак тунган көп чууну.
Бай Жакып кабар салыптыр,
Аккула менен болкоюп,
Ак найза колдо койкоюп
Накери бутта чойкоюп,
Тегеректен жыйнатып,
Төрт жүз аскер алыптыр,
Төрөм, төрөм, төрөм! – деп,
Тегеректеп калыптыр.
Ала байрак, куу найза
Шоодураган көйкашка,
Кан Жакыптын кашында
Кары менен чалдардан,
Кайраты жок балдардан
Эки жүзү бир башка.
Алты жүздөй кол менен,
Алмалуу кыя жол менен,
«Атым Манас, билбейсиң,
Алтайлыктын түркүнөн
Алдырып ийчү ким дейсиң?!»
Аны айтып акырып,
Аскердин алдын кайра жапырып,

Жазайылды жаткырып,
Күлдүрмамай мылтыкты
Күркүрөтө аттырып.
Күлдү колун жапырып,
Күлдөн бетер сапырып,
Нескаранын аскерин,
Эрдемсиген көп элин
Жолун бууп алыптыр,
Жоболоңду салыптыр.
Өтөрүнө жолу жок,
Ары жактан караса,
Өмөлүп келген колу жок,
Алты миң төрт жүз колу бар,
Алардын арбын шору бар,
Алмалуу деген жолу бар,
Арстан Манас алыптыр,
Айкырыкты салыптыр.
Жарым күндөй болгондо
Камбардын уулу Айдаркан,
Алтай казак калкынан
Ашкере баатыр бу бир жан,
Күнөкөр балбан күркүрөп,
Наймандардан Карабек:
«Атаңдын көрү кумарлык,
Урушчу болсо кайда?» – деп,
Найзанын учу чабышып,
Адамдын башы кагышып,
Кырк жигиттин башы экен,
Он алтыда жашы экен,
Көкчө деген баласы,
Айдаркандын салдырган
Ак-Калаа деген калаасы,
Аты Көкчө коюлган,
Айбатын көргөн адамдын
Көрсө көөнү тоюнган,
Ак тасмадай чоюлган,
Алымсейит дегенин
Астына баштап алыптыр:
«Көкчө – деген менмин – деп,
Сен, көпсүнүп кайдан келдиң?
Жеке-жеке-жеке!» – деп,
Жекеге чыгып туруптур.
Анын жекесине келе албай,
Кытайды кудай уруптур,
Камалып карап туруптур.
Арка жактан карасаң,
Бу да маңгул баатыры,
Үйшүн деген акырып,
Үстүнө темир кийинип
Чыга келди бакырып.
Бир жүз он беш киши бар,
Ар бир сонун иши бар.
Үмөт чыкты жол менен,
Эки жүз ашык кол менен,
Жайсаң жандап алыптыр.
Бир миң беш жүз кол болуп,
Артын алды оролуп,
Алты-Шаар адамы
Кетпес болду оңолуп.
Күнөс балбан күңгүрөп,
Күрсүсүн сүйрөп дүңгүрөп,
Сегиз миң аскер кол барып,
Селдей жайнап мол барып,
Курчап-курчап алыптыр,
Ак-Кыянын белесин
Атасы Жакып кашында,
Он үч жарым жашында,
Дөөлөт кушу башында
Манас тосуп калыптыр.
Кампас деген калаадан,
Каражой деген талаадан,
Калмак менен кытайдын
Как ортосу арадан
«Канча мыкты болсоңда,
Куткарбаймын балаадан!»
Муну айтып буластап,

Даң-даңдеген бир балбан
Урушканын сойлоткон,
Уларбоз атын ойноткон,
Устундардан улаткан,
Учуна болот сулаткан,
Урган жоосун кулаткан
Узун найза колунда,
Казандай болгон чоңкүрсү
Кармап алып колуна,
Карабады соңуна,
Качырып келип калганы,
Аны беттеп карасаң
Күнөс балбан барганы.
Күнөс барды күркүрөп,
Көргөндүн бою дүркүрөп.
Найзаларын көтөрүп,
Атка камчы салышып,
Ээринин кашы – деп,
Эт жүрөктүн башы – деп,
Качырып найза шилтеди.
Төшкө найза так этип,
Чарайнага чак этип,
Тирешип карап турушту,
Көргүн сонун жумушту.
Найзадан арга болбоду,
Күрсүнү колго толгоду
Күрсүнү күүлөп алышты,
Күркүрөшүп чабышты,
Күндүк жерге угулуп,
Калканга катуу тийгенде,
Чакылдаган табышы.
Күрсүнү белге салышты,
Күркүрөшүп бир бирин
Качырышып калышты.
Жакасына жармашып,
Ажыдаардай арбашып,
Эки балбан кармашып,
Эңишүүгө жетишти,
Тирешип экөө тартканда
Бакайынан аттары
Жерге кирип кетишти.
Каарын бойго салганы
Капастыктын балбаны
Кайран Күнөс баатырды
Аттан жулуп алганы.
Калайык карап турганы,
Айлантып келип Күнөстү
Алып жерге урганы.
Күнөс өлдү таң болуп,
Тийген жери чаң болуп,
Кызыл жаян кан болуп,
Чарайнасы дат болуп,
«Күнөс өлгөн жери» – деп,
Ошол жерге ат болуп,
«Кыйын дөөсүн сойдум – деп,
Кыргызды каран койдум – деп,
Кайраттуусун сойдум – деп,
Калмагын каран койдум – деп,
Атым Даң-даң, билгин – деп,
Ажалыңды сагынган
Адам болсоң, келгин!» – деп,
Айгайын азыр салганы.
Аны көрүп акырып,
Айдаркандап!» – бакырып,
Көкчө жөнөп калганы.
«Ой-бай, балам, койгун – деп,
Көзүмдү менин ойдуң!» – деп,
Айдаркан жетти акырып,
Баласына бакырып,
Жеткирбеди Даң-даңга.
Айдаркан жетип барганда
Көкчө мырза кеп айтып:
«Көт жагымдан не чаптың,
Эй, атаке?» – деп, айтып,
Токтоп тура калганы.
Майданга кирген баланы

Айдаркан тосуп алганы.
«Балтыр этиң толо элек,
Балбан күчүң боло элек,
Жүрөк этиң толо элек,
Жүткүнөр кезиң боло элек,
Койгун, балам, барба – деп,
Жолобогун ага!» – деп,
Айдаркан айтып салганы.
Аны көрүп эр Көкчө:
«Атамдын кеби акыл – деп,
Андай болсо макул» – деп,
Бура тартып калганы,
Бул аскерге барганы,
Кайтарып ийип баланы,
Айдаркан баатыр калганы.
Каракөк атын моюндап,
Качырып каршы жеткени.
Уларбозун моюндап,
Малакайды коюндап,
Атка камчы салыптыр,
Найзаны колуна алыптыр,
Качырган бойдон эр Даң-даң
Айдарканга барыптыр,
Каары менен багыптыр.
Качырып найза саларда
Акылга толук Айдаркан
Найзасын кагып калыптыр.
Найзасы жерге сайылды,
Асабасы жайылды:
«Көргөзөйүн барымды!»
Күүлөнүп келип чоң Даң-даң
Айдаркандын найзанын
Учуна келип сайылды.
Эр Айдаркан турушун,
Көөдөнгө найза урушун,
Бир урганда найзаны
Бүтүрдү минтип жумушун.
Ооздон найза салыптыр,
Моюндун баарын талкалап,
Шилиден чыга калыптыр.
Болжолу жок Айдаркан
Ушу жерде Даң-даңды
Ойрон кылып салганы.
Дагы чыкты кытайдан
Көдөң деген балбаны.
А дегенде найзаны
Айдарканга салганы,
Айбатынан чыдабай,
Камбардын уулу Айдаркан
Кайра качып калганы.
Карап алып ошону
Аккуланы моюндап,
Томогону коюндап,
Манас чыкты бакырып:
«Бай Жакып!» –деп чакырып,
Желекти желге жапырып,
Жекеге чыкты качырып.
Жеткен жерден Көдөңдү
Тебетейдей учуруп,
Көмө жанчып өткөнү.
Көт жагынан кытайдан
Ыраңшоо балбаны
Ыргап найза алганы,
Таталашып каапырлар:
«Баары кайрат шондо!» – деп,
Бакырыкты салганы.
Ага каршы Манас да
Аккула атын чуратты,
Бир урганда найзаны
Ыраңшоону кулатты.
Ыраңшоо калды жыгылып,
Чаңга башы тыгылып.
Этеги башка жабылды,
Каапырды сайып өткөндө
Канжыгадай кара кан
Найзасына жабылды.

Аны көрүп кытайдын
Акылы баштан жаңылды.
Шаңмусаар дегени,
Шашпай турган эрени,
Шалтаң деген аты бар,
Шаңы бийик каркыбар.
Шалтаңга камчы салыптыр,
Алеңгир жаа, сыр жебе,
Жебесин кездеп алыптыр.
Качырган бойдон эр Манас
Каарданып жеткени,
Ашыккан бойдон Манасты
Алыс атып салганы.
Коломсокко кол салып,
Колуна тартып ок алып,
Киричине чалганча
Коюп Манас кеткени,
Баатырлыгы эмей неткени,
Башын түшүп кескени.
Шалтаң атын алганы,
«Урушка бата бергин!» – деп,
Байга тартып салганы.
Бай тулпарын алганы:
«Бар кудай жардам берсин!» –деп,
Батасын берип салганы.
Аны көрүп Алты-Шаар
Айгайлап ыйлап калганы,
Аны көрүп чыдабай,
Арданган бойдон Нескара
Чабдарга камчы салганы,
Мусулман жакка бет алып,
Чабуул коюп калганы.
«Атаңдын көрү каапыр, – деп,
Акыр заман башыңа
Түшүрөйүн акыр!» – деп,
Аккула камчы салганы,
Ак сакалдуу бир адам
Аскер жактан кошулуп,
Кошо жөнөп калганы.
Нескараңда ээси бар,
Эбактан бери жар болгон
Элүү төрт дагар дөөсү бар,
Ажына жини алтымыш,
Азезил бири жетөөсү.
Астыңкы кошо чапканы
Аты Кызыр эр экен.
Аманатка кыянат
Кылдырбаска кудурет,
Баштатан жүргөн дээр экен.
Кылым журт көрбөйт Кызырды,
Калайык көрбөйт кайыпты,
Астыма чапкан ак сакал
Бу Алла кандай адам? – деп,
Оюна Манас алыптыр.
Кызыр бир дем салганда
Дөө, жини, шайтаны
Нескарадан кайтканы,
«Лаанат жолобогун!» – деп,
Кыйкырып Кызыр айтканы,
Кырк күнчүлүк жолго учуп,
Кылчайбай качты шайтаны.
Дөөсүнөн өзү бөлүнүп,
Дөөгүрсүгөн бадирек
Желеги жерге төгүлүп,
Качырып каапыр калганы,
Чабдарга камчы салганы,
Аркасынан анын да
Чаң созулуп калганы.
Арстан Манас бет алып,
Акырып жетип барганы:
«Аркы уругум алашмын,
Атам Жакып, Манасмын!
Эңшерермин элиңди,
Токтотормун желиңди,
Мекен кылып жериңди,
Карайлатып калкыңды,

Кетирермин баркыңды,
Алармын – деп,-колуңдан
Калмак, кытай, сартыңды.
Салармын сага каарымды,
Чабармын Чаңшуу шаарыңды.
Чачармын сага заарымды,
Талкалаармын баарыңды!»
Муну айтып бу Манас,
Аккула камчы салганы,
Найзаны колго алганы.
Ак буйругун кылууга
Астына түшүп калганы:
Жолборс болду жолуна,
Ажыдаар болуп акырып,
Кырк чилтендин бирөөсү
Кабылан болуп бакырып,
Шер болуп бири күркүрөп,
Алп кара куш арбайып,
Асмандан буту сарбайып,
Манаска жолдош болуптур,
Айбаттуунун баарысы
Ар тушуна толуптур.
Колдогон бири кол болуп,
Тоо-таш буга жол болуп,
Качырганын куткаргыс
Кара чаар жолборстой,
Асылган аман болбостой,
Аккула аты астында,
Алп кара куш үстүндө,
Ажыдаар түгү түсүндө
Качырганда Манаска
Уялбас ултаң бетиби,
Эси чыкпас жанагы
Нескара кулдун көтүбү?
Чабдарга камчы салыптыр,
Чарк айланып көп колун,
Айлана качып калыптыр.
Аккуласын кындыйтып,
Ак найзасын зыңкыйтып,
Арстан Манас баатыры
Артынан түшүп алыптыр.
Чарчабас күлүк мал экен,
Чабдар аттын көөдөндө
Сексен шайтан бар экен.
Аты болуп азгырып,
Шайтандай учкан мал экен.
Алты миң жаткан аскерин
Алты айланта кубалап,
Аламын! – деп, кыбалап.
Жети миң толгон аскерин
Жети айланта кубалап,
Жетемин! – деп, кыбалап,
Ээн талаа чөл менен,
Нечен албан эл менен,
Айлана качып аскерин,
Жандай качып өз элин
Чабдарга камчы салыптыр.
Аккула менен закымдап,
Арстан Манас жакындап,
Өрттөй көзү кызарып,
Өрдөктөй мойну узарып,
Кууп Манас калыптыр.
Ошончо колдун башы экен,
Ошо кезде Нескара
Он тогузда жашы экен,
Түбү кытай, маңгүбө,
Түрк уулуна кас экен.
Качып жүрүп муну айтат,
Калкынын баарын муңайтат:
«Кабылан жолго жатарбы ай!
Катыларга катылбай,
Кадемим мындай катарбы ай
Жолборс жолго жатарбы ай?
Жолугарга жолукпай,
Жолум мындай катарбы ай?»
Буркурап коркуп Нескара

Бу сөздү айтып салыптыр,
Бая муңдуу болуп колуна
Мурун түшкөн кыз-келин:
«Кутулсак экен мындан» – деп
Кужулдашып калыптыр.
Айрөктөшүп карага,
Ашык болуп балага,
Арасында шуптуулар
Акылынан таныптыр.
Аккула менен жетерде,
Ак найза менен нетерде,
Нескара элге кеп айтып:
«Эсен бол калкым!» – деп, айтып,
Чабдарга камчы салганы,
Каканчынга качмакка
Эми ойлонуп калганы.
Аккула менен чуратып,
Артынан Манас жеткени.
«Алтын кемер чети – деп,
Ай далынын бети!» – деп,
Сыр найза менен неткени.
Өзгөчө күлүк Чабдар ат
Өксүтүп кетип баратыр,
Накеринин такага
Үзөңгү кагып шаркылдап,
Кыр аркага келтирип,
Сыр найза менен жанчкылап,
Эки жанчып, үч сайып,
Үзөңгүдөн бут тайып
Аман болгун, элим – деп,
Талкаланды белим! – деп,
Азап айдап бу жерге
Эмине үчүн келдим?!» – деп,
Октой болгон Чабдардын
Оозун жыйып алганы.
Чаңшуур шаар балбаны
Заарына чыдабай,
Алмалуу белдин үстүндө,
Четиндүү кыя чер менен,
Кийик басбас жер менен,
Өөдөнү көздөй салыптыр.
Өпкөсүндө көп шайтан
Үйлөп аны учуруп,
Кырды көздөй салыптыр.
Каркап күчү толбогон,
Бели толуп болбогон,
Каран калган Аккула ат
Өөдөдөн өксүп калыптыр.
Өзгөчө буудан Чабдар ат
Булуттуу көктүн астынан,
Муундуу чөптүн үстүнөн
Буркурап учуп калыптыр.
«Жер түбүнө жетсе да,
Бээжин түгүл бер жагы
Кен-Тоого кирип кетсе да
Артынан Манас жетем – деп,
Же өлтүрбөй, же өлбөй
Кантип кайра кетем?!» – деп,
Аккула менен тепеңдеп,
Белге жакын калыптыр.
Туучунак менен түйүлтүп,
Атасы Жакып барыптыр,
«Тура тургун, балам!» – деп,
Чылбырдан коштоп алыптыр.
Чыңырып жүрөт: «Коё бер!» – деп,
Коштогон бойдон баласын,
Колуна Жакып барыптыр.
Айланасы кол болгон,
Арылбаган шор болгон,
Айдап мында келгени
Эр Нескара зор болгон.
Башында Басаңкулу дагы өлгөн.
Баатыр менен балбаны,
Менменсинип барганы,
Улугунун баары өлгөн,
Эси чыгып Манастан

Нескара качып жөнөлгөн.
Калганынын баары калтырап,
Кара көзү жылтырап,
Жан соогаттап буркурап,
Жалпы баары чуркурап,
Төрт жүз отуз сарт экен,
Калганы кытай, калмагы:
«Катылбайбыз эми!» – деп,
Колун алып төбөгө,
Койдой чуулап барганы.
Жесирдин баарын бошотуп,
Үйшүн, Үмөт, Жайсаңды
Урматтуу кебин айтканы.
Үйүндө мүлкүн таанышып,
Үйүп-жыйып көтөрүп:
«Алган экен иттер!» – деп,
Аста басып барышып.
«Аласыңбы муну?» – деп,
Айдаркан, Жакып, Дөгөнгө
Астына коюп салышып.
Бала Манас кеп айтат:
«Маңгулдар сага не болду?
Акылың кайда жоголду?
Айрып алган дүнүйө,
Айрып алдык жоодон – деп,
Аксакалдар муну алса,
Анан кайдан оңолду?
Чабылдың да, чачылдың,
Бетиңден бардаң ачылдың.
Жазайыл мылтык түздөп ал,
Керектүүң болсо бизден ал.
Он миң эле жылкыңыз,
Оодарылды мүлкүңүз,
Ыйлап жүрдүң үч күнү,
Эми чыксын күлкүңүз,
Аяк-башты жыялык,
Аккан жашты тыялык.
Эндекей жүрбөй мунетип,
Аяк жагы Үч-Арал,
Тарбагатай, Кыңгырдан,
Алтыбайдын Тармал-Саз,
Аягүздүн Керме-Саз,
Капталың Кара-Кум болсун,
Кабардашып жоо келсе,
Жердээр жериң бул болсун.
Марал-Кечүү, Уркунда,
Башы жатсын ушунда.
Арада болсун Аңырты,
Кара-Эмилди, Кажырты,
Как ушуну жерденер,
Эсенкан эгер соо койбойт,
Эл деп бизди ойлобойт.
Көптүгүнө салганда
Көк найза салса бойлобойт.
Бекемденип калар быз,
Амир болсо Алдадан
Арбак урган кытайдын
Алты-Шаарын аларбыз.
Акыр биз да тим жатпай,
Алеңгирди саларбыз!»
Аны айтып эр Манас
Карыга кабар салганы,
Карап турган баарысы
Айран-азыр калганы.
Манастан баары кеп сурайт:
«Алда, Алда! – дей бердиң,
Кудай, кудай! – дей бердиң,
Ал эмине?» – деп, сурайт.
Анда Манас кеп айтат:
«Ай, калайык! – деп,- айтат.
Тозоңдуунун башында,
Чеге бала кашымда,
Тогуз жашар жашымда:
«Козу кайтар балам – деп,
Акыл айтам саган» – деп,
Атам алып келгенде,

Ошпур байга бергенде,
Ошпур деген бай экен,
Конушу койго жай экен,
Бери болсо Ошпурда
Беш жүз козу бар экен.
«От жерге жай! – деп, козуну,
Ошпур айтты ушуну.
Айдап козуну алганда,
Алмалуу деген өзөнгө
Айдап барып салганда,
Эки кулак чунайган,
Куйругу узун чубалган.
Көк жал келген жону бар,
Көрүнбөй турган жолу бар.
Көтөрүп алып козуну,
Көрүп турдум ушуну,
Кылчайбай кырдан ашканы,
Кыйкырсам менден шашканы.
Чегеден сурап алганым,
Бул эмине деген? – деп,
Айран-азыр калганым,
Анда Чеге бек айтты,
Ашыккандай кеп айтты:
«Атасынын көрү – деп,
Аты мунун бөрү – деп,
Бу козуну кетет жеп,
Чыкпасын козу жаны – деп,
Жедирбейлик аны – деп,
Агыптыр козу каны!» – деп.
Кууп барып карасам,
Бир үңкүрдө кырк киши,
Бир өтөктө жык киши.
Козум анда маарап тур,
Козуну бекем байлаптыр.
«Жакшы келдиң, сиз – деди,
Жаратканды буйругун
Кылып жүрбүз биз!» – деди.
Кыркы мага кеп айтты:
«Кызыр деген бирөө бар
Сени издеди – деп,- айтты.
Кызыр издээр сиз – деди,
Кырк чилтен деген биз – деди.
Жан берип сенин өзүңө,
Жаратканың бар – деди.
Амири үчүн Алданын
Биз да сага жар – деди.
Бир жараткан кудайың,
Билип муну ал!» – деди.
Аны үчүн айтам Алда! – деп,
Аздырбай жолдон колдо! – деп.
Ошо турган кырк киши
Ойлонуп көзүм салгамын,
Бирде бөрү, бирде адам,
Көрүп айран калгамын!
Бул олтурган көбүңүз,
Көгөргөн асман-көгүңүз
Көл, дарыя, суу – деди,
Куюлтуп бери жибербейт,
Кудаанын күчүн көрүңүз!
Аңырайтып тим койбой,
Асман жасап, көк берген,
Насибиңди көп берген,
Айбаныңа ылайык
Албан түрлүү чөп берген.
Астыңда турган кара жер,
Жер экен – деп, тим болбой,
Суусу канча, таш канча,
Айланаңды карай бер.
Баарыбызды көтөрүп,
Акы албаган кандай эр,
Ушунчанын ээси
Бир жараткан кудай дээр!
Ошол айткан кырк киши,
Ойлоп турсам алардын
Арзан эмес бул иши!
Бөлөк ишти кылбаймын,

Анын үчүн алардын
Айтканынан жылбаймын!
Жетет экен тилекке,
Кубат берер билекке.
Мен да айтамын силерге
Кудай бар! – деп, билерге».
Муну айтып Манас салганы:
«Макул көрдүк аны!» – деп,
Баары чуулап калганы.
Эл зерикти, кеч болду,
Эл тараарга кез болду.
Нескарадан калганы
Алла эмне кылат? – деп,
Алдырашып нез болду.
Бая бузуктук кылган мырдардан,
Каапырлык кылган камбылдан,
Ырайымсыз дангылдан
Бая катын, кызга катылган
Дили катуу каапырдан
Сексен алты кишини
Бүтүрдү тамам ишини.
Аты-тонун алганы,
Чабылган элдин баарына
Бөлүп берип салганы.
Үлөштүрүп бөлүптүр,
Айбаттуу Манас баланын
Айтканына көнүптүр.
Алты миң үч жүз кол калды,
Аты-тонун, жарагын,
Баарын алды, карагын,
«Аман – деди – жаныңар,
Алты миң үч жүз саныңар,
Качып кетти каныңар.
Баарыңарга эп болсо,
Мага кара баарыңар!»
Манас айтып салганы,
Төрт жүз сарты бөлүнүп,
Көздөн жашы төгүлүп:
Каапырдын тарттык карлыгын,
Кытайдын тарттык кыйынын.
Төгүн эмес мунубуз,
Түп атаңыз түрк экен,
Баласы эмес, кулубуз,
Кыжылдаган кытайдын
Кызматында турубуз,
Кыйшык эмес мунубуз».
Сарттар тизе бүккөнү:
«Болду эми, шүк!» – деди.
«Биз да калмак түркпүз,
Каканчындын калкынын
Казабында жүрүппүз,
Кара жанга ээ болбой,
Азабында жүрүппүз!»
Муну айтып буркурап,
Эки миң үч жүз киши экен,
«Эсен кой!» –деп, чуркурап,
Бу да келип калганы.
Үч миң алты жүз экен
Өң кытайдын калганы,
Жан соогаттап жалдырап,
Жалпы баары барганы.
«Кабарың кытай билемин,
Кабыл – деди – тилегиң!»
Аны таштап салыңыз,
Чабылып чыккан маңгулдун
Кабарын угуп алыңыз.
Бая Үйшүн, Үмөт дегени,
Жайсаңбай, Үр эрени
Жан жабыла Жакыптын
Маңдайына келгени.
«Ачсаң ал алаканыңа,
Абийир берсин баарыңа!
Жутсаң жумуруңдабыз,
Журт болуш мындан артыкпы?
Этегиңдин алдында
Эл кылыңыз бизди – деп,

Эндекей жүрүш болбойт – деп,
Нескарага окшогон
Эр келсе эсен койбойт!» – деп,
Күнөс балбан агасы,
Күлдүр жайсаң барганы.
Айылы чала чабылып,
Аттана качып жабылып.
Чаган аткан күнүндө,
Буурул түндүн түнүндө
Тууган экен катыны,
Каңгай, маңгул чогулуп,
Койгон экен атыны.
Калкына кабар салыптыр,
Карыясы ат коюп,
Чаган күнү тууду – деп,
Чаганбай коюп алыптыр.
Атасынын кашында,
Быйыл он төрт жашында.
«Чаганбай аттуу балам – деп,
Жолдош болсун Манаска,
Жоролош болсун алашка,
Эл болгондун белгиси
Эрке бала жалгызым
Эми кошуп алыңыз,
Эби келсе баарыңыз».
Күлдүр айтып салганы,
Күлдү журттун баарысы:
«Нээти менен айтат!» – деп,
Күңгүрөп күлүп калганы.
Күрмөлүп жаткан калың кол,
Күүгүм кирди шондо кон.
А күнү жатып алганы,
Эртеңки күн таң атып,
Жарык болуп калганы.
Жалпы аламан баарысы,
Жашы менен карысы
Жалпы баары турушту,
Кылалы – деди, жумушту.
Алтайлыктын азы бар,
Каңгайлыктан канча бар.
Маңгул журту көбү бар,
Баатыр Күлдүр лөгү бар,
Алчын, Үйшүн бу да бар,
Алаштын көбү жуда бар,
Аргын Каракожо бар,
Айдаркан баатыр кошо бар.
Ногойлордон бай Жакып,
Нойгуттардан Акбалта,
Анын баары жыйылып:
«Уркун дарыя жери бар.
Анын ары жагында
Уюган калмак эли бар,
Көкө-Ноор көлү бар,
Гөбү-Шаму чөлү бар,
Теңиз-Ноор көлү бар,
Текши-Арыш деген чөлү бар,
Карагайлуу талаа бар,
Каңгуш аттуу калаа бар.
Атагы Бээжин жер деген,
Адам уулу жеңбеген
Ант урган кытай эл деген.
Байкаса кыйын Бакбурчун,
Кайнап жаткан Каканчын,
Чылгый динсиз Чынмачын,
Кесепет шаар Кентун бар,
Таңшут деген шаар бар,
Тамашанын баары бар.
Каспан кара тоо деген,
Кайнаган жери шо деген.
Ар жагы мухит көл деген,
Аты угулат бу жерге,
Аны Алтайдын журту көрбөгөн.
Анын баары жоо болду,
Алакандай алтайлык
Алар асылса кайдан соо болду?!
Өлүп калсак кырылып,

Бир чуңкурга тололук.
Тирүү болсок жыйылып,
Бир дөбөдө бололук.
Уктуңарбы баарың? – деп,
Улуу-кичүү, карың!» – деп,
Анда бата билбеген,
Ак динине кирбеген,
Мөндү, мөндү, мөндү – деп,
Эки колун төбөгө
Эл көтөрүп калганы.
Эсине эгем салганы,
Эр Манас шондо кеп айтып:
«Башыңа алдың, колуңуз,
Баштагы шертте болдуңуз,
Ошондон жанып кеткенин
Уруп кетеин кудай! – деп,
Угузуп мага коюңуз!»
Ушуну айтты эр Манас,
Кулагына салганы,
Укканынын баарысы:
«Уруп кетсин кудай!» – деп,
Чуркурашып калганы.
Антын, шертин кылышып,
Ал а жерден тарады.
«Уруксат болсо кетсек!» – деп,
Улуу-кичүү жыйылды.
Ушу Манас кандай – деп,
Урматына сыйынды.
Бет-бетине тарашып,
Бечаралар жарашып,
Жай-жайына карашып,
Жыйылган черүү тарады,
Чынжыр жолго салады.
Алты миң аскер колуна,
Айдап салды жолуна:
«Үй, катының барбы? – деп,
Урматына баргын – деп,
Бала-чакаң, барбы? – деп,
Маанайына баргын – деп,
Ага-иниңер барбы? – деп,
Акылына баргын – деп,
Эмне көргөн-билгениң
Элиңе айтып салгын!» – деп,
Жесирдин баарын айдады,
Алты миң аскер жөнөдү,
Жер-дүнүйө жайнады.
Алардын баарын таратып,
Аңгире жолго таянтып.
Тууган болду душманы,
Нескара менен кошулуп
Аскерге келген алты миң,
Ичинде болуп бушманы:
«Атанын жакшы эл бол – деп,
Өткүр Манас жаш бала
Өлүмдү билбес эр бол – деп,
Ушуну жаман дегениң
Өлчөөң, кара жер бол!» – деп,
Кубанып тарап кеткенин,
Дагы көргүн неткенин.
Арадан алты ай өткөнүн,
Он төрткө Манас жеткенин.
Нескара менен кошулуп,
Эликтей мойну созулуп,
Түбү түрктүн кулунан,
Уйгурлуктун уулунан
Келип калган кекейип,
Кер качыр минип тепейип.
Башта өлтүргөн билиңиз,
Басаңкулга кол салып.
Колуна түшүп кор болду,
Итейген сартка муш салып.
Он төрт жашар жашында
Үйдөн чыгып келиптир
Үч-Аралга куш салып.
Үч-Аралдын аралы
Үйүрүн жазбай жөңкүгөн,

Бугу менен маралы,
Мындан көргүн өнөрүн
Баягы Манас баланын.
Жолдошторун таратып,
Бет-бетине каратып,
Мергени кийик карашып,
Бет-бетине тарашып,
Эндөөлөп жолго салыптыр,
Эсилдин башы Боз Дөбө
Эр Манас чыгып алыптыр.
Эки жагын караса,
Эмилдин Сары-Суусунун
Боюна келип калыптыр,
Бул эмине жандар? – деп,
Эр Манас оюна алыптыр:
Кырк-элүүдөй төөсү бар,
Кыйла баскан жөөсү бар.
Аргымагы кекейген,
Бутунда кош-кош өтүгү,
Келгири бар тепейген,
Качыр, эшек, аты бар,
Карап турса булардын
Калктан бөлөк заты бар.
Колдоруна караса,
Мончок тизип алыптыр,
Баштарына караса,
Ак чүпөрөк чалыптыр.
Артып жүргөн малы бар,
Алты төөгө жүктөгөн
Аппак кылган наны бар.
Дасторкон төктү жайнатып,
Даңканга чайын кайнатып,
Чогулуп токтой калышты,
Сууну көздөй барышты.
Көттөрүн жууп алыптыр,
Көзүн Манас салыптыр.
Көттөрүн кандай жууйт – деп,
Көрүп айран калыптыр.
Ычкырларын байлашып,
Орундарын жайлашып,
Анан жууду колуну,
Он төрт жашка келгенче
Көрбөгөн мындай жолуну.
Анан жууду бетини,
Акты алып нээтине.
Чыкаңакка жеткенче
Чыгарып колун алганы,
Колун жууп салганы.
Башын сыйпап өткөнү,
Моюнга колу жеткени.
Көрүп туруп не журт? – деп,
Эр Манас ойго кеткени.
Эртеси жок, кеч экен,
Түш кыңкайган кези экен.
Кырк кишиден бирөөсү
Күн батышка карады,
Эки колдоп кулагын
Эми бекем кармады.
«Алдо акбар!» деген сөз
Айтып айгай салганы,
Аны көрүп эр Манас
Аңырайып калганы.
Кырк чилтенмин – деп, айтты
Алмалуунун башында,
Сегиз жашар жашымда.
Көк бөрү болгон көп адам
Алла деген билгин – деп,
Айтпады беле дагы кеп.
Болду акыр болбоду
Булардан барып сурайын,
Алданы билсе аны – деп,
Оюна Манас алганы.
Ортосу жакын жер эле,
Ордунан туруп баарысы
Кырка тура калганы.
Колу жетип кулакка,

Колун боорго алганы.
Бирөө турса жыгылып,
Баары тура калганы.
Тизелерин таянып,
Тиктеп жерге карашат,
Башын жерге эки уруп,
Баары кооп тик туруп,
Күн батышка карашып,
Күбүрөшүп калышат.
Эки жагын карашып,
Элеңдешип калышат.
Салам айтып ийнине,
Алаканын жайышып.
Кобурашып майышып,
Жүзүн сыйпап алышып,
Андан кийин бирөөсү
Бир сөз айтып кобурап,
Бир кыйлага жобурап,
Бир адамы кыңк этпей,
Тыңдап турду жоодурап.
Кол көтөрүп болгон соң,
Жүздөрүнө сүртүшүп,
Бата кылып койгон соң
Кайта олтурду жайына,
Кам урушту чайына.
Тамакка булар киргени,
Тагы бекен ушу? – деп,
Ойлонуп Манас билгени.
Бастырып келип калганы,
Буларга көзүн салганы.
«Кандай жансыз?» – деп, сурап,
Кербёндерден кеп сурап,
«Кай жер болот жериңиз,
Кабарын айтып бериңиз,
Кай тараптан келдиңиз?
Бөлөк түрлүү баарыңыз,
Не деген болот шаарыңыз?
Баарың кырка турдуңар,
Башыңды жерге урдуңар,
Көтөрдүңөр колуңду,
Көргөндө айткын жолуңду?»
Манас сурап турганы.
Батини ачык салима
Балага көзүн салганы.
Байкап аны караса,
Байгамбар айткан бйшарат
Баладан чыгып калганы.
«Балам, бери түшкүн!» – деп,
Бузурук сурай калганы.
Аттан түшүп, астына
Арстан Манас баргайы.
«Атаңдын аты ким? – деди,
Нарк тегиңди бил! – деди.
Өзүңдүн атың ким? – деди,
Өз акбалың бил!» – деди.
Анда Манас кеп айтат:
«Түркстан түмөн кыргызы»,
Баланын келди оюна
Түбүнөн тыкрып кылгысы,
«Башкы атабыз Байгур –деп,
Андан кийин Алаш –деп,
Өз атам аты-Жакыптыр,
Өстүрүп малын жатыптыр.
Өзүмдүн атым-Манас – деп,
Өскөн элим алаш – деп,
Жерим Алтай тоосу – деп,
Жергеңе кебим ушу!» – деп,
Айтып Манас билдирди,
Аны көрүп бузурук,
Адамдарын күлдүрдү.
«Куп баланын сөзү – деп,
Кудай айдап бу жерге
Келген экен өзү – деп,
Түрк уругу элиңиз,
Түркстан экен жериңиз,
Түбүнөн түрүп сүйлөйүн,

Түгөнбөс биздин кебибиз.
Беш жүз элүү жыл болду,
Аманатың берем – деп,
Менин да мойнум кыл болду.
Башы Бээжин, Кумулга,
Аягы Кырым, Урумга,
Шымал жагы Кара-Кум,
Шашпагын, балам, карагын,
Күн жүрүшү Камас тоо,
Ошонун баары бизге жоо.
Динге салчуу сиз – деди,
Беш жүз элүү жыл болот,
Сизге күйгөн биз – деди.
Мурунку батыл диниңден
Балам, күдөр үз – деди.
Болбой турган бир жумуш
Мурунку батыл дин – деди.
Бир жараткан кудайдын
Бирлигин анык бил! – деди.
Кубаттуу болот тирлигиң,
Кудаанын билгин бирлигин,
Көрбөй туруп ынанып,
Көңүлдүн чыгар кирлигин.
Бар! – деп билгин, ката жок,
Туудурду дебе, ата жок,
Тууду дебе, эне жок,
Бир жараткан кудаага
Туш келишер неме жок.
Өкүмүнө чара жок,
Өзүнөн бөлөк даана жок,
Өзү бар да, бала жок,
Өзгө тууган, урук жок,
Өзүнөн бөлөк улук жок!
Бир жараткан кудайың.
Билгин угуп жудайын.
Кулак, мурун, көзүңдө,
Куп аралаш өзүңдө.
Мурун менен кулагың,
Кошо бар колуң, бутуң да,
Бул сөздү бекем тутуң да.
Астыңда баскан жайдан бил,
Ак Тааланын барлыгын
Асмандан чыккан айдан бил.
Караңгы галмит түндөн бил,
Кайнаган ысык күндөн бил,
Каары катуу кыштан бил,
Бири-бирине оошпогон
Бир калыпта иштен бил.
Жакшылык келген жайдан бил,
Таш боорунан суу чыгып,
Суу оруну сайдан бил,
Көз жетпеген көлдөн бил,
Чөп чыкпас такыр чөлдөн бил,
Күркүрөгөн күндөн бил,
Эттен чыккан жүндөн бил,
Сөөктөн чыккан эттен бил,
Сүйлөп турган кептен бил,
Суудан чыккан оттон бил,
Абадан тарткан оптон бил,
Жылган жылдыз, мындан бил,
Жайы-кышы он эки ай
Бузулбаган жылдан бил.
Астыңда бар кара жер,
Акыл ойлоп карай бер,
Ошончону көтөрүп
Акы албаган кандай эр!
Бир кудаанын барлыгын,
Өкүмү эки болбогон,
Катаа дебе жарлыгын.
Чын – деп, билгин ишенип,
Байгамбардын барлыгын.
Берište бар магрып,
Бенде болуп турасың
Тамырыңа кан тарап,
Дене-бойго жан тарап,
Коркуу берген өзүңө

Жүрөк чочуп анталап».
Ошо сөзгө келгени,
Анда Манас сүйлөдү:
«Баянын айтчы тегеле
Пайгамбар деген эмине?
Адамданбы, башкабы?
Же акылы жаандан ашканбы?
Сууданбы, таштанбы?
Токойдонбу, талданбы?
Же бөлөк түрдүү жанданбы?
Айтчы мага аны? – деп,
Ал пайгамбар дегениң
Алданын кандай жаны? – деп,
Кантип билет калкы? – деп,
Кандай түрлүү наркы? – деп,
Баары жокко билинет
Кандайлыктан баркы?» – деп,
Манас сурап калганы.
Айтмак болду Айкожо
Бир адамдай башы бар,
Так ушул күндө караса
Беш жүз элүү жашы бар.
«Асилим шамдан, арап – деп,
Аңда мени карап!» – деп,
Кырк жаштагы кишидей
Кыял менен мүнөзү.
Нуру күндөй балкыган,
Сакал менен муруту
Көөхар таштай жаркыган.
Ыйман нуру жүзүндө,
Дурри көөхар сөзүндө,
Шам чырагы көзүндө.
Айткан сөзү муңайым,
Аалым кылган кудайым.
Айтканынын баарысы
Аят адис жудайын.
Ак пайгамбар Мустапа
Нак өзүнөн бата алган,
Айкожо – деп атанган.
Жылын санап тактаган,
Байгамбардан аманат
Манас үчүн сактаган.
«Алла болсо жар – деди,
Азыр менин өзүмдө
Аманатым бар – деди.
Дин ислам жанысың,
Башы Кумул, аягы Урум,
Орто Азия канысың.
Баштап кебим айтайын,
Аманатың, тапшырып,
Алла буюрса кайтайын.
Медина, Меке жерибиз,
Сам уулу арап элибиз,
Ак ыслам динибиз,
Аманат үчүн келген – деп,
Ак амири билиңиз.
Дүйнөнү далай ашадым,
Беш жүз элүү жашадым.
Куп билиңиз, сен балам,
Барча жан жүз жыл турбасын.
Менин мынча жашашым
Байгамбардын дубасы.
Сурадың, балам, байгамбар
Анын тилин алуучу
Дүнүйөдө көп жандар.
Анын тилин албаган
Каапыр болду көп заңгар.
Ар бир түрлүү жандарды
Алла Таала жараткан.
Дүнүйөнын жүзүнө
Не жандарды тараткан.
Байгамбардын уругу
Арыш кейип араптан.
Бабасы Манаф арабы,
Алгын кабар ушундан.
Бир атасы Кашымдыр,

Айтуун билгин ушундан.
Чоң бабасын сурасаң,
Атыдыр Абдалмуталип,
Жүрүштөрү бир калып.
Хашым уругу дегени
Арбагы ашык бир калк,
Андасаң, балам, сөз анык,
Ага-тууган баарысы,
Омор Хапза деген бар,
Кылымды бузган чаң салып.
Өз атасы Абдулла,
Алла канча бут жасап,
Сатып турган ар жылда.
Акыр заман байгамбар
Амалдары ар кандай
Каапырга салды көп жапаа.
Мукамбат – деп, аталган,
Бүтүн куран деген бар,
Көңүлүнө жат алган.
Бел байлаган ар ишке,
Бербердигер сөзү – деп,
Берген кабар бериште,
Күркүрөгөн доошу
Күлдү журтка билинген
Үзүр алып келиште.
Келди сизге үзүр – деп,
Салам айтты кудай – деп.
Актан кабар келүүчү,
Айтып кабар берүүчү
Жебирейил деген!» – деп,
Айкожо айтат канча кеп.
Бейиш менен тозокту,
Кейиш менен азапты,
Бакырга кылба мазакты,
Карыпка кылба казапты.
Барча жанды тең кылып
Кадыр Алла жасаптыр.
Кепти Манас билбеди:
«А кудай менен сүйлөшкөн
Бериште деген ким?» – деди.
Анда Айкожо кеп айтат:
«Аңда, балам – деп айтат.
Катыны жок, зайыбы жок,
Кылган иши айыбы жок.
Мекен туткан үйү жок,
Бекер анда жүрүү жок.
Оозу жок, напси жок.
Ою терең, жазуу жок.
Кыямат – деп, ойлонуп,
Кылар иши бикирде,
Өз алынан корккондон
Өмүр бою зикирде.
Адам эмес, бир башка,
Асылын өзү биледи
Алла Таала бадыша.
Төрт мукиреб аты бар.
Адам эмес, бери эмес,
Напси берген неме эмес.
Адамзат акылы
Ойлосо жетер теги эмес.
Азирейил, Мекайил,
Анык ойлоп муну бил,
Биринин аты Жебирейил,
Көз көрбөгөн бу бир жел.
Ысырайыл бири – дейт.
Барча жандын рухун
Багып азыр жүрү – дейт.
Кыямат кайым болгончо
Өлбөй алар тирүү – дейт.
Көк айланып, жер тозуп,
Жалгыз жан калбай калганча
Жарлык күтүп жүрү – дейт.
Кызматында кудайдын,
Кыяматы болгончо
Буюрганын кудаанын
Булар кылат жудайын».

Айкожодон кеп сурайт,
Төрө Манас бек сурайт:
«Кудайыма кызматкер
Төртөө элеби?» – деп, сурайт,
Анда Айкожо кеп айтат,
«Анда, балам – деп, айтат.
Төбөңүздө көк – деди,
Төртөө эмес, көп – деди.
Бериштенин ишине,
Мээнетине жан жетпейт,
Көптүгүнө beriште
Эсеп-кысап сан жетпейт!»
Анда Манас кеп сурайт:
«Ай, атаке – деп, сурайт
Байгамбарың Мукамбет
Калкын жолго салганбы?
Как ушуну уккан соң
Каапырлар тилин алганбы?
Же тил алдырбай тим бойдон
Каңгырган бойдон калганбы?
Акыр өлүм чын окшойт,
Бул дүнүйө жалганбы?
Тил албаймын дегенди
Токмоктоп динге салганбы?»
Анда Айкожо кеп айтат,
«Аңда, балам – деп, айтат.
Арап, ажам эл болгон,
Ыслам дини бел болгон.
Динге кирбейм дегенден
Далай жан кара жер болгон.
Ак байгамбар күйөөсү
Азирет Аалы шер болгон.
Динге салган кыйланы
Өкүмүнө көндүрүп,
Ак байгамбар Мустапа
Шарыятын өндүрүп,
Шарыятка көнбөгөн
Далайын кырган өлтүрүп!»
Айтып турду Айкожо
Арам менен алалды,
Аманат жанга залалды.
Шашпасаң бенде тилээрсиң,
Трими бар, тнзихи бар
Шарыяттан билерсиң.
Өкүмүң болсо колдо – деп,
Өзү келер молдо – деп,
Айтуучу келер аалым – деп,
Баарын айтар маалым – деп,
Жакын келбес залым – деп,
Бутуңузду койгун да,
Жаратканга табын – деп.
Байгамбардын сүннөтү
Башка селде чалындык,
Байкап турдуң баятадан
Жаратканга жалындык.
Бизден келип сурадың
Кыдырата турдуң – деп,
Башыңарды алпарып
Не үчүн жерге урдуң? – деп.
Ыслам – дейт,-динибиз,
Ырас, балам, билиңиз!
Жакшылык кылып магшарда
Баштай турган пирибиз
Ак байгамбар Мустапа
Аны, балам, билиңиз!
Байкап турсам мажусу,
Батыл окшойт диниңиз.
Жети султан бирисиз,
Ак динине киресиз,
Аят, адис баарысын
Аалымдардан билерсиз!»
Аны айтып бузурук:
«Ачкын, балам, оозуң» – деп,
Аманаты байгамбар
Оозуна койду түкүрүп.
Мехри шабкат чачылды,

Бала Манас он төрттө
Башы-көзү ачылды,
Асты жагын караса
Кирси лом көрүндү,
Күңгүрөнүп ыйлады,
Көңүлү кыйла бөлүндү,
Көздүн жашы төгүлдү,
Кайгыланып жаш бала
Кабыргасы сөгүлдү.
Асман жакка караса
Гирш ыглы көрүндү,
Баркырады, ыйлады,
Магрыпатка көмүлдү.
Акылы кетти башынан,
Алды жуулду жашынан,
Эзелде кетпес болуптур
Айкожонун кашынан.
«Билбестиктен жүрүпмүн
Бир кудайды биле албай,
Бир кыйла кылдым каталык
Адамдар айтса тил албай.
Көрбөстүктөн жүрүпмүн
Төө турса да көрө албай,
Айткан киши жогунан
Ак динине көнө албай!»
Тозоктун көрүп айбатын,
Өзүнүн таппай айласын,
Оту менен суусуну,
Ошо жерде көрүп ушуну
Бөйөн менен Чаянды-
Кашынан көрдү көп жанды,
Ажыдаар, жыланды,
Азыр көрдү керемет
Алла казап кылганды.
Эрибеген музуну,
Эми көрдү ушуну.
Агып жаткан дарыя
Суу болгон ириң-каныны,
Ушуларды көргөндө
Корголотор жер таппай
Чымын кара жаныны.
Керемет менен Айкожо
Чын көргөздү баарыңы.
Угуп турду баарысы
Баланын айткан зарыны.
Жарым күнү, бир түнү
Жанын бала кыйнады:
«Салбагын – деп,-ушуга!»
Жаратканга жалбарып,
Таң атканча ыйлады.
Көрдү кыйын ушундай,
Көзү шишип муштумдай.
Супа садык чалганда,
Таң саргарып калганда
Балага келме билгизди,
Бардасын тартып бейиштин:
«Бар, балам!» –деп, киргизди.
Башын бала салганы,
Балкып бою калганы.
Жети имерип карайм –деп,
Жети күнгө барганы.
Көргөзгөнү керемет,
Көөхар, жакут, мерүбет.
Нур кыз менен улманы
Алтындуу табак, даам алып,
Кызмат кылып турганы,
Кызык көрдү буларды.
Көрсө көңүл толгудай,
Нур кызынын бирөөсү
Бу дүйнөгө көрүнсө
Баары бехуш болгудай,
Нур жүзүнөн көргүдөй,
Мейли бала, мейли чал
Үшү кетип өлгүдөй.
Күндөн жүзү дагы артык
Күлсө тишин агартып.

Ай караңгы түн болсо,
Жарыгы жайнап толгудай,
Жаанга жарык болгудай.
Жыгары чыкса бейиштен
Адам уулу деген жан
Кутулгандай кейиштен.
Ташы жубар, суусу бал,
Тамашасын карап ал.
Мөмөлөрү бышып тур,
Ырамылдын суулары
Тамчы болуп түшүп тур,
Хапин көтир шарабы
Ортосунан агып тур,
Олорго Манас багып тур.
Нур куштарын караса,
Учуп түшүп, конуп тур,
Нур жемишин караса,
Сабагында толуп тур,
Көрүп туруп эр Манас
Бекерге бехуш болуптур.
Кызыгын көрүп бейиштин
Жети күн жатып калыптыр.
Аны көрүп Айкожо
Абу замзам суусунан
Бетине бүркүп салыптыр.
Кереметтүү барданы
Бетинен тартып алганы,
Эми Манас кубанып,
Ордунан туруп калганы.
«Казатка боюңсал –деди,
Байгамбар берген аманат
Белегиңди ал!» – деди.
Бир мылтык асты жонуна,
Бир кылыч берди колуна,
Кетмек болду Айкожо
Кабилыстан жолуна,
Эми Манас не болду,
Кебинин кара соңуна.
Ит агытып, куш салып,
Жети жигит кошчу алып,
Кеткени он бир күн болду,
Караанын көргөн бир жан жок,
Кабар уккан тирүү жан жок,
Жоголуп кетти баласы,
Жакыптын тынбай санаасы:
«Талаага бүгүн барайын,
Үч-Арал жолун карайын,
Балам кандай жоголду,
Бу балага не болду?
Он бир күн болуп жоголуп,
Куу балага не болду?
Туш-туштун баары кас эле,
Тууган бизге аз эле,
Алыскы жолго салганбы,
Шумурай Ала-Көл кетип
калганбы?
Тентектигин салганбы,
Деңизге кетип калганбы?
Караанын көргөн калк барбы?
Элесин көргөн эл барбы?
Бекер мынча кечикти,
Мен көрбөгөн жер барбы?»
Туучунак атын миниптир,
Төтөлөп жолго кириптир,
«Каралдым кайда болду?» – деп,
Бай Жакып көзүн салыптыр,
Баладан караан көрө албай
Кайгыланып калыптыр,
Айылдан узап бай Жакып
Ат чабым жолго барыптыр.
Асты жагы жабырдан,
Ат кулактуу шабырдан
Көлүктүн бели ийилген,
Көпкөк темир кийинген,
Белде кылыч байлаган,
Колдо найза шайлаган,

Очогор мылтык асынган,
Ойду-дөңдү бастырган
Он бири чыга калганы.
Жетип келди Жакыпка,
Ортосуна алганы:
«Түрк уулунан Жакып – дейт,
Көп байыган жатып – дейт,
Баласы Манас болгон – дейт,
Бар дөөлөтү толгон – дейт,
Башына сыймык конгон – дейт.
Атасы Жакып чал – деген,
Арбын анда мал – деген,
Бай Жакыптын баласы
Билесиңби Манасты?
Биз кетпейбиз мындан тим,
Чалкайыңкы курсагың,
Чалым, өзүң атың ким?»
Он бири алып ортого
Жакыпка камоо салганы.
Анда Жакып кеп айтат,
Аргасы кетип бек айтат:
«Ат-жөнүнөр ким болот?
Ата журтуң ким болот?
Эне журтуң ким болот?
Эли-журтуң ким болот?
Кандай түрлүү жүрөсүз,
Бай Жакыпты билесиз?
Баласы Манас дегенди,
Не себептен тилейсиз?»
Муну айтып бай Жакып
Мукактанып турады.
«Мырдар атыңды бат айт!» – деп,
Булар күчөп сурады.
Жакып атын жашырып,
«Бердике деген мен – деди,
Чын айтыңар сен – деди,
Ар жагы кыргыз элибиз,
Аралуу Алтай жерибиз,
Атам-Түрк, айылым аз,
Баласы Манас он төрттө,
Атасы Жакып мага кас.
Байлап кетсең баласын,
Мага десең канаке,
Өлтүрүп кетсең, Манасын!
Айдап кетсең канаке,
Жакып деген бабасын!
Баянын айтчы, балдар?» – деп,
Бай Жакып сурап турду кеп.
Аны уккан соң он бири:
«Жалгыз жүрсүң бу жерде,
Сага Жакып кас болсо,
Жакыптын айылы не жерде?
Баштап бизди баргын – деп,
Бай Жакыпка кылганды
Байкап көрүп алгын» – деп,
Баягылар турады.
«Жайыңарды айткын?» – деп,
Жандырып Жакып сурады.
«Сук экенсиң, болбойсуң,
Сурап чалым койбойсуң,
Көргөзгүн көзүбүзгө – деп,
Жакыптын эли не жерде,
Жолуктур өзүбүзгө – деп,
Жок сөздү айтпай ташта – деп,
Жолу кайда, башта!» – деп,
Кайраттана калганы.
Айласы кетип бай Жакып,
Он бирине кеп айтат,
«Ой, баатырлар – деп, айтат
Тарбагатай кери бар,
Жакып деген ал чалдын
Ушу жерден аттанса,
Арасы эки күнчүлүк
Теректүү деген жери бар.
Кышка жакын конуучу,
Кыштоосу шондо болуучу.

Ээрчитпеңер өзүмдү,
Эшитсеңер сөзүмдү,
Нак Манаска кылаар жумушту
Айтып берип бир жолу
Ачыңарчы көзүмдү».
Жакып чал сурап койбоду,
Жаңкыларды торгоду.
Он бири анда кеп айтат:
«Ой, аксакал, – деп, айтат.
Оңой эмес жумуш – деп,
Ушу жерге келип туруш – деп,
Манасты алып барбасак,
Алтайлыктын элинен
Арылбайт коога-уруш – деп,
Бирөөбүзбүз Кумулдан,
Кумул да сизге угулган.
Жана бирөө Камбылдан,
Кармашкан жоону нан кылган.
Бирөөбүз Мар шаарынан,
Он беш күндүк жол бастык
Улуктун коркуп каарынан.
Бирибизди сурасаң,
Тарлан аттуу жерибиз,
Талкуу кытай элибиз.
Ындыстандын бери жагы
Коңгу деген жерибиз,
Доңшу кытай элибиз.
Жана бирин сурасаң
Дарыя Котон суусу бар,
Таңшуу деген көлү бар,
Далба деген эли бар.
Жана бирөөн сурасаң,
Өзөндүү булак суусу бар,
Өзгөчө арбын ушулар.
Жери Жеркен аталат,
Тутушуп жоо чак келбейт,
Душманы колго маталат.
Башчы болгон Бакбурчун,
Кан жиберген Каканчын.
Аяк-башы чогулуп
Аттанып бери чыкканы
Алты жыл өттү арадан,
Асты дарек табылбайт
Айткан Манас баладан.
Кайда экенин биле албай,
Карап жүргөн өзүбүз
Карыям, ушу сөзүбүз».
Муну айтып билдирди,
Жакып байды бүлдүрдү.
«Коюңар, балдар, коюм бар,
Койду карышкыр жеди – деп,
Коркуу кирген оюм бар!
Узайын, балдар, уюм бар,
Өңкөй улук жиберген
Бузук экен куюңар.
Жылкы, төө, малым – деп,
Жыюуга чыктым баарын – деп,
Ал Жакыптын айылына
Алып барар алым жок,
Баштап барар маалым жок.
Бара бергин өзүңөр,
Башы чыккан чоң тоону
Көрбөйбү силер көзүңөр?»
Ушуну айтып бай Жакып
Узатып жолго салганы.
«Жалгызым кандай болот!» – деп,
Убайымга калганы.
Эки жарым ай болгон
Эркек бала Бакдөөлөт
А да тууп салганы.
«Манасты душман алабы?
Бакдөөлөт тууган бир бала
Аман колдо калабы?»
Анын дагы тоюна
Арбын малды союптур,
Абыке – деп, коюптур.

Чаранада жаш бала
Чабышарга дарман жок.
Бешиктеги жаш бала
Белге таңуу болобу?
Бээжиндин журту асылды,
Белима таңган Манасты
Мерт таптырбай коёбу?
Каканакта Абыке
Кайрат кылсам болобу?
Кагылайын каралдым,
Какандын каны асылды,
Кас кылбастан коёбу?
Багым болсо кыйсамбы,
Малым болсо жыйсамбы,
Баламдын жайын кылсамбы,
Түркстан жакка жылсамбы?
Акыры жалгыз баламдын
Аргасын мындай кылсамбы?!»
Туучунак менен туйлатып,
Туюнтуп айтып бу кебин
Байбичесин ыйлатып,
Бай Жакып үйгө киргени.
Айыл башы Акбалта,
Акылдашы Бердике,
Жүзгө толгон айлыны
Жүрүп жыйып алганы
Жүргөндөрдүн баардыгы.
Баарын алды кашына,
Байын алды башына.
«Кызыл чоктуу көп ойрот
Кытай угуп алыптыр:
«Кылабыз!» – деп, Жакыпка
Кекенишип калыптыр.
Кара чоктуу көп ойрот
Калмак кабар алыптыр,
«Кап, Жакып!» – деп, кекенип,
Камданышып калыптыр,
Кандай арга кылабыз?
«Манас ушу бала» – деп,
Баалап берип бир бала
Мал алуучу бар бекен?
Бул Манас – деп, берүүгө
Бул алуучу бар бекен?
Бирөөңдө бар бир бала,
Бирөөңдө бар беш бала,
Бирөөңдө бар чоң бала,
Бирөөңдө бар он бала,
«Бир баланы Манас» – деп,
Берип койсок не болот?
Бир кудаанын жазуусун
Көрүп койсок не болот?
Өкүмүнө баашанын
Көнүп койсок не болот?
Бай Жакыптын малыны
Манасына садага,
Бөлүп койсок не болот?!»
Бу сөздү айтып салганы,
Бул олтурган калайык
Баланча – деп, айта албай,
Мукактанып калганы.
Бай шол жерде кеп айтат:
«Байбиче менен бай Жакып,
Айтпаңар муну, эсиң жок,
Бала сатып, «Манас» – деп,
Баашага берер кезиң жок.
Бириң аял ургаачы,
Бириң кары чалсыңар,
Экөөңдү карасам
Кандай акмак жансыңар!?
Баласын малга ким берет,
Сенин балаңдын күнүн ким көрөт?
Ботосун малга ким берет.
Сенин ботоңдун күнүн ким көрөт?
Айтасың сөздү айбандай,
Сенин а сөзүңө ким көнөт?
Чыландан чыккан жол барбы,

Чырмап келип бу жерде
Камап жаткан кол барбы?
Кумулдан чыккан жол барбы,
Курчап келип бу жерде
Кууратып жаткан кол барбы?
Кандай айткан кебиңер?
Калжайып тайган эбиңер!
Алты миң беш жүз кол келди,
Аскер арбын мол келди,
Нескара деген эр келди,
Нече түрлүү эл келди,
Кыйратты Манас көзүңчө,
Жакып, жаман экенсиң
Кыйлана берип өзүңчө,
Качырды Манас көзүңчө,
Кандай курган жан элең
Кайгыра берип өзүңчө!»
Бай жактырбай таштады,
Байбиче көзүн жаштады:
«Төрөгөнүм бир бала –
Төгөрөк журт асылат,
Дүмөгү качан басылат?
Араң көрдүм бир бала
Ай-аалам журт асылат,
Азабы качан басылат?»
Аны айтып байбиче,
А деп, токтоп калганы,
Таштаңыздар сиз аны.
Аны коюп салыңыз,
Манастан кабар алыңыз.
Бая, Үч-Аралга барыптыр,
Он бир конуп талаага,
Айкожого жолугуп,
Атка минип оолугуп,
Жолдошторун эске алып,
Жолго чыгып эр Манас
Төгөрөккө көз салып,
Жан жакка көзүн салыптыр.
Талды-Суу деген өзөндөн
Жолдошун көрүп алыптыр,
Алты бөрү, он түлкү
Жолдоштору алыптыр,
Эки бугу, үч кулжа
Алар атып салыптыр,
Бая, Манас талып жатканда
Алты конуп калыптыр.
Жетинчи күндө аттанып,
Манасты издеп бастырып,
«Байкуш бала неткен –деп,
Шумурай кайда кеткен? –деп,
Адашып бизден алганбы,
Же айылга кайра барганбы?»
Аны айтышып жолдошу:
«Үйгө кантип тарайлы,
Ой жагы талаа көрүнөт,
Оо береки бийиктен
Эки жагын карайлы».
Аны айтышып алтоосу,
Атына камчы салыптыр.
Кырга чыгып караса
Аккан улуу суу экен,
Курбукум деген бул экен,
Кулжалар жайнап тур экен,
Кайың, терек, тал экен,
Кайыптын кени бар экен.
Карап турду жаш Манас,
Карап турса таңыркап,
Токойдон чыгып бөлүндү,
Жолдоштору көрүндү.
«Мында жүргөн экен» – деп,
Аккула менен тепеңдеп,
Жолго бала салганы,
Кадам баспай Аккула
Качып туруп алганы.
«Неден үркөт доңуз» – деп,
Асты жагы аралга

Көзүн бала салганы.
Чагарактап куйругу,
Жагжайыңкы төшү бар,
Так чыныдай көзү бар,
Кыңшылаган үнү бар,
Кызыл сур келген жүнү бар,
Чоң казандай башы бар,
Уя баскан айгырдын
Куйругундай чачы бар,
Көкүрөк жүнү самсаалап,
Көчүк жагы тарбайып,
Жыпжылаңач санталак
Азуу тиши бир карыш,
Алкымы бар бир кучак,
Азууларын карасаң…
Албарс болот, курч бычак.
Капталында калы бар,
Моюн менен шилиде
Кере кулач жалы бар.
Чоңдугу бар өгүздөй,
Аяк басса адамдай,
Капталында канат бар,
Куйругунда кылычы
Куп тамаша бул иши.
Желдей учат желиши,
Жаңы экен ушу келиши.
Тырмактары арбайып,
Оозу жаман аржайып,
Жерди басса айбандай,
Көчүк жагын караса
Алгыр кыраан тайгандай.
Башында мүйүз көрүнөт,
Найзадан мурун сайгандай.
Манас менен иши жок,
Басып чыга калганы,
«Бул эмине шумдук?» – деп,
Бала көзүн салганы.
Басып чыгып дөбөгө
Бир кыйкырык салганы.
Кыйкырыгын караса,
Беш күндүк жерге угулду,
Жети жүз он төрт кулжа экен,
Немеси калбай жыгылды.
Кулжанын баары өлгөнү,
Өлгөнүн Манас көргөнү.
«Атайын, залым экен – деп,
Атпай койсом бекер» – деп,
Айкожо берген Аккелте,
Алыска, жуукка айныбас,
Ыраакты, жакын ылгабас,
Ортосу болот, оозу албарс,
Түтүнү туман, түбү ыспан,
Кароолу тажаал, огу ажал,
Асынып жүрсө Аккелте,
Ачууланса койчагыр,
Чындаганда замбирек,
Шай колдогон бадирек
Мылтыгын колуна алганы.
Көк милтени түтөтүп,
Бетине бала алганы.
«Бере көргүн, теңир!» – деп,
Өпкөсүнүн тушу – деп,
Өлчү жери ушу – деп,
Аккелте менен бир койду.
Көк түтүнү булады,
Көтөрүлүп көк жакка
Алты аркандын боюндай
Асманды көздөй чурады,
Как Манастын үстүнөн
Түшүп жерге сулады.
Баягынын кыйкырык
Жолдоштору угуптур,
Угуп эси чыгыптыр.
Аркасынан чаңырган,
Айбат менен жаңырган
Аккелте үнүн угуптур,

«Атты бирөө мылтык» – деп,
Таңыркашып туруптур.
Алигинин өлгөнү,
Өлгөнүн көзү көргөнү,
Басып келип бу Манас
Айкожо берген Ачалбарс
Белинен эки бөлгөнү,
Кылычты Манас салганы,
Белинен эки бөлүнүп,
Бу жандар жатып калганы.
«Жети жүз он төрт кулжаны
Кыйкырып кырып салганы,
Кулжаларды көрдүңөр,
Аркары жок, кулжа – деп,
Айылга кабар бериңер,
Ат менен төө, өгүздөн,
Арбын алып келиңер,
Кызыкты кылып салды – деп,
Кыйкырыктан кырылып,
Кулжалар жатып калды» – деп,
Алты жигит чаптырып,
Алтайлыктан чакырып,
Элге кабар салыптыр,
Эки жактан жыйылган
Эки миң адам барыптыр,
Эттерин жүктөп алыптыр,
Ошо суунун аягы
Эми да аты өчкөн жок,
«Кулжа» атанып калыптыр.
Бая, кытайдан келген он бири
Калайык дүрбөп жүргөндө,
Манас, Манас деген сөз
Кулагы аны чалыптыр,
«Кайда, Манас деген?» – деп,
Издеп келип калыптыр.
«Манас бизге табылды,
Абийирибиз жабылды,
Азыр токтоп нетебиз,
Айдап алып кетебиз!»
Ошону айтып ушулар,
Бая, улуктан келген кишилер
Манаска көзүн салганы.
Алтоо эле жолдошу,
Арстан Манас жолборсу:
«Атамды сурап нетесиң?
Аалымдардан экенсиң,
Алпарайын атама,
Айттырармын тобону
Өзүңөр кылган катаңа.
Он бириң бирдей жүрүңөр,
Орчун дөөлөт сүрүңөр».
Ара конуп, айылга
Алып Манас барганы:
«Атам Жакып келсин» – деп,
Айтып кабар салганы.
«Кандан келген элчилер
Манасты кармап алды – деп,
Балакетке салды» – деп,
Бай Жакыпка угулду,
Чочугандан Жакыптын
Жүрөк оозго тыгылды.
Айылынын баарын жыйнады,
Жакыпты кудай кыйнады,
Наалыш кылып ыйлады.
Байы менен Акбалта,
Жакып баштап карысы,
Бердике баштап баарысы,
Белден ашып барышты: «Берен
Манас бар болсо,
Бере койбос намысты!»
Дөөгүрсүп булар барыптыр,
«Төрөбүз буйрук кылган!» – деп,
Манасты кармап алыптыр.
Ал аңгыча үстүнө
Бай Жакып кирип барыптыр,
«Атаң кайсы сенин?» – деп,

Алар сурап калыптыр,
«Атам мобу киши» – деп,
Манас айтып салыптыр.
Көрүп таанып Жакыпты
«Жашырынып калдың, – деп,
Эмине үчүн биздерди
Алыс жолго салдың? – деп,
Каршы экенсиң канга – деп,
Тетири жолго салууңа
Биз калабыз таңга – деп,
Катуу каар касапты
Салалыкпы жанга? – деп,
Жети күн болду, жоголду
Жериңдин жайын биле албай.
Ар тоонун башын көрсөтүп,
Адаш жолго киргизип,
Арамзаңды билгизип,
Азыр сени коёлук
Башыңа тери кийгизип!»
Ушуну айтып чамынып,
Төртөө турду камынып:
«Бай Жакыпты байла!» – деп,
Басып келди жабылып.
Бай Жакып шондо кеп айтат:
«Балдарым, токто! – деп, айтат.
Күнөөм болсо, балдарым,
Күндөңдү мага камдагын,
Шоктугум болсо балдарым,
Зоолуңду мага камдагын!
Дос кишиңди кас көрүп,
Биздин элди аз көрүп,
Өкүмдүк кылып салбагын,
Убалга бөөдө калбагын!»
Бай Жакып айтып салганы,
Жакыптын болбой сөзүнө,
Жан деп илбей көзүнө:
«Кармап, байлап салгын!» – деп,
Жабылышып калганы.
Жанындагы баласы,
Жаалы катуу Манасы:
«Сен он бир киши экенсиң,
Айтканыңа көнбөсө
Анда кантет экенсиң!?
Жүйө менен, сөз менен,
Канеткенде байлаттык
Көрүп туруп көз менен,
Катылба, карыган кишиге,
Кан кишиси болсоңор
Көрүнгөндү карма – деп,
Байкашканды байла – деп,
Айранмын кылган ишиңе!»
Аны айтып эр Манас
Арасына барганы:
«Нак өзүн кошо байла!» – деп,
Айгайды алар салганы,
Аны көрүп Манастын
Ачуусу келе калганы.
Жаалы чыкты сөзүнөн,
Жалыны чыкты көзүнөн.
Бирөөн кармап оң колдон,
Бирөөн алды сол колдон,
Бирөөн алды далыдан,
Бирөөн алды жакадан,
Төртөөн кармап турганы,
Көйнөктөй желпип төртөөнү
Көтөрүп жерге урганы.
Жана жетөө камынып,
Жекелөөгө жабылып,
Манаска колун салганы.
Он төрт жарым жаш бала,
Эки колго экөөн
Кошоктой кармап турганы,
Төртөөнүн үстүнө
Экөөн басып турганы.
Алтоо астына басылды,
Топурагы тозулуп,

Кармашкан жери казылды.
Берки турган бешөө да
Манаска эми асылды.
Экөөн экөө менен урду эле,
Бирөө эси чыгып турду эле.
«Ичейинби каныңды,
Кыяйынбы жаныңды?
Мынча колум тийген соң,
Соо койбоюн баарыңды!»
Оң көзүнүн баарысын
Олуп алып койгону,
Элчиликке келгенден
Жанынан алар тойгону,
Оң кулагын култуйтуп,
Шыпыра кести мултуйтуп.
Мурунун кесип кеңкейтип,
Сакалын кесип, ээгин
Коё берди деңкейтип.
«Кайда болот каныңар?
Каның кайда болсо да,
Кабарын айтып барыңар,
Каардансам бир жолу
Калбас тирүү жаныңар,
Как ушу сөзгө ынаныңар,
Ар кайсыңар ар кайсы
Улугуңа барыңар,
Укканыңды айтып салыңар.
Улуу черүү алыңар,
Урушту мага салыңар!
Колуңдан келсе койбоңор,
Өзү жалгыз Манасты
Кор кылууга ойлоңор.
Тартынып, коркуп калбасын,
Ар кайсы каның баарысы
Таалайына карасын,
Чакты келбей калганы,
Талкаланып тарасын,
Так ошентип келбесе,
Табалбас Манас чарасын,
Чаң кылгандай кол келсин
Асман-жердин арасын!
Бекер жаткан бенде жок,
Он бириң байлап кетем – деп,
Оолугуп келген бу жерге.
Тырмактай акыл сенде жок.
Тирүү баргын өзүңөр,
Баштарыңа садага
Кулак, мурун, көзүңөр.
Күйөөр болсо кандарың
Күрмөлгөн аскер камдагын,
Кайраттуудан түк койбой,
Капилетке калбагын.
«Баланчам болбой калды» – деп,
Калбасын ичте арманың.
Жекеге чапчу баатырың,
Жер тыңшоочу каапырың,
Жетик, толук акылың,
Өнөр билген аярың,
Өчтөшкөндүн баарысын
Өтүн жара саярың,
Күрөшкө чыкчу бөкөндү,
Күүлөп чыгар жекеңди.
Алла берсе кубатты
Бычак салбай бычаармын
Бапылдаган текеңди!»
Аны айтып, он бирин:
«Мингин – деди,- атыңа
Айтып баргын көргөнүң,
Кандарың жетсин датыңа!»
Кыраан Манас баатырдын
Кыйырында турган кырк алты
Кыл! – дегенин кылышып,
Көкүлдөрүн атынын
Көзүнө ченеп кыркышып,
Манастын кылды буйругун,
Толорсуктан кыркышты

Аттарынын куйругун.
«Заманаң болсун тар – деди,
Самаганың бар болсо,
Кандарыңа бар – деди,
Кабарды ылдам сал – деди,
Өзүңөр көргөн кордугуң,
Өчүңдү менден ал – деди.
Кечикпегин, бат баргын,
Колуңдан оңой мен келсем,
Аскериң, арбын аткаргын!»
Ушуну айтып эр Манас
Узатып жолго салганы,
Ар кайсысы шаарына
Асты алтымыш күндө барганы,
Аркасы алты айга чейин калганы.
Бара турсун элчиңиз,
Байкоого келген ченчиңиз.
Аны таштап салыңыз,
Арстан Манас баатырдын
Алла эмине кеби бар,
Кабарын угуп алыңыз.
Атасы Жакып кашында,
Жаңы келди жаш Манас
Он беш жашар жашына,
Дөөлөт кушу башында.
Алтайлыктын баарысы,
Бай Жакыбы баш болуп,
Барып конгон жерлери
Мамырдын кара сазына.
Аргын Каракожосу,
Алчындардын Boобеги
Манжулуктун Дөгөнү,
Наймандардын Көгөнү,
Кыргыздардын Саламат,
Кыпчактардын Ошпуру,
Кыдырбайдын Таз чечен,
Өзүбектен Акынбек,
Өткүр чечен Базылбек,
Айдың-Көлдү жакалап,
Бай Жакыпты бакалап,
Өзөндү бойлой конушуп,
Өз алдынан болушуп,
Жандоого жаный конушуп,
Жай-жайына болушуп,
Өлкөдө ую өкүрүп,
Өтөктө төөсү бакырып,
Ар кайсысы ата уулу
Өз ураанын чакырып,
Атканы мылтык түз болуп,
Мыйзам учуп, күз болуп,
Жанказаны жез болуп,
Жыргалчылык кез болуп,
Баш жагы Коңко тоосуна,
Ушагар улуу суусуна
Чыкмак болду калайык
Чаркастандын уусуна.
Алтай тоонун киндиги,
Асманга жакын бийиги,
Адамды билбейт кийиги.
Ар жагы Уркун суусу – дейт,
Жер сонуну ушу – дейт,
Аягы Бар-Көл көлү – дейт,
Шымалы Аңгир бели – дейт,
Арасы жайык эркинче,
Аңга ылайык жери – дейт.
Аны ойлошуп алышып,
Азыкты арбын салышып,
Алгыр куштан алышып,
Түз мылтыгын асынып,
Отуздан-кырктан бастырып,
Очогор мылтык асынып,
Ондон, бештен бастырып,
Бүркүт алып шаңшытып,
Тайгандарын кыңшытып,
Арбып-дарбып дүрбөшүп,
Бирин бири жүр! – дешип,

Аттанып чыгып алышты.
Чаркастандын оюна
Сексен төрт киши барышты.
Чатыр тигип, кош курап,
Тамашаны салышты.
Алты конуп талаага,
Аңгемесин карап ал,
Арстан Манас балага.
Атакеси Жакыпка
Аттанар күнү кеп айтып:
«Атаке, сага эп болсо,
Мен бир айтаар кеп болсо,
Эркегинин баарысын
Нээти казат караткан,
Ургаачынын баарысын
Ак түлөөгө жараткан
Камбарбоздун үйрүнөн
Карматып бергин үч бышты.
Баса минип аламын,
Жолдошума мингизип,
Жол түзүнө саламын.
Салбырын деген сапар го,
Салбырыңды көрөмүн,
Талаага чыгып көнөмүн».
Баласы айтып салганы:
«Айланайын, каралдым,
Алды-артыңды карагын,
Керек болсо Канбарбоз
Үйүрү менен айдагын!
Канча алсаң, анча ал
Каралдым, сага жыйган ушу мал!»
Камбарбоздун үйүрүнөн
Карматып бешти бергени.
Үчөөн үч жолдошко мингизип,
Экөөнү жалаң жетелеп,
Жолдоштордун артынан
Жете келген энтелеп.
Жолдошу сексен төрт болуп,
Жол салган жагы өрт болуп:
«Чаркастандын оюна
Бүгүн алты кондук – деп,
Аңгемеде болдук – деп,
Ит агытып, куш салдык,
Бөрү, түлкү көп алдык,
Бул олтурган сексен төрт
Бирөөнү төрө десекчи,
Атын атап төрө – деп,
Атын союп жесекчи.
Ак тердикке салсакчы,
Аким кылып, кан кылып,
Улук кылып алсакчы.
Анын айтканына көнсөкчү,
Сексен төрттүн бирөөнү
Аким кылып көрсөкчү,
Урмат кылып көрсөкчү,
Ушунубуз улук – деп,
Нускасына көнсөкчү!»
Асты бардыр жыйырма беш,
Аяк жагы он беште,
Алар болду кеңеште.
«Ууда жүрдүк дебейлик,
Алдап атын жебейлик.
Талаада жүрдүк дебейлик,
Танып атын жебейлик.
Төрө кылып, кан кылып,
Касиеттүү жан кылып,
Каркыттап күтүп салалы,
Калк ичине барганда
Каныбыз – деп, калалы.
Аны эгиздеп күтүп алалы,
Эл ичине барганда
Бегибиз – деп калалы.
Мартың барбы, союңар,
Бакылың болсоң коюңар.
Кана, жайдары болсоң союңар,
Сараң болсоң коюңар.

Тамашалап жедик – деп,
Талаада мындай дедик – деп,
Убаданы танбаңар,
Ушу кептен жанбаңар.
Ушу кептен жанам – деп,
Убайымга калбаңар!»
Олтуруп салды тамаша,
Кош тигишкен жанаша,
Кош убактуу тамаша.
«Баарың байдын уулусуң,
Батына албай турусуң!
Билерман бийдин уулусуң,
Бир жылкыга жашынып,
Билине албай турусуң.
Боломун деген боз улан
Боюңу тартпа ушундан.
Жакшы болчу боз улан
Жалкоо тартпа ушундан.
Бели катуу балдардан,
Менменсиген жандардан
Астың келип калыпсың
Жыйырма беш жашыңа,
Арка жагың барсыңар
Он беш жаштын кашында,
Мырза балдар, мыктылар,
Бир жылкыга жашынба».
Ондон-ондон бөлүнгөн,
Сегиз кошу көрүнгөн.
«Ата уулудан чыгыңар,
Айткан сөздү угуңар,
Белги болбос бекер сөз,
Арзан болбос мунуңар!»
Бая, манжудан барган Шакумду
«Башчы бол!» – деп, ушуну
Баары турду камалап.
Анда бала кеп айтат:
«Өз атымды жойгомун,
Алтайлык камап жатканда
Манаска нөкөр болгомун!»
Ал болбоду союшка,
Өңгө балдар ашыктыр
Бир ат союп коюшка.
Ошпурдун уулу Назарбек
Орунду ушу басар – деп,
Аны да айтты: «Сойгун!» – деп,
Аны айтканда жооп айтат:
«Сегиз жашар жашымда
Манаска берип койдум» – деп.
Алтайда кыргыз Айнакул,
Атасынын аты Саламат.
Аны: «Сен атыңды сойгун!» – деп,
Арага алды жамагат.
«Манастан корккон өзүм бар,
Көбүңөргө сөзүм бар,
Күчү менен кайратын
Көрүп калган көзүм бар,
Көкүрөктө эсим бар,
Баарыңарга эп болсо,
Манасты төрө кылууга
Ынтызар болгон кезим бар».
«Төгүн болбос төрөлүк,
Айдаркан уулу эр Көкчө,
Сен атыңды союп бер,
Канга ылайык көрөлүк».
«Каракожо баласы
Атын айтат Калдар –деп,
Калдар мырза баланы
Кан көтөргүн, балдар!» – деп,
Камалаша калганы.
«Кан болуучу алым жок,
Камалаба мени» – деп,
Калдар айтып салганы.
Анда Көкчө кеп айтат:
«Арбак урсун баарыңды,
Алты күн кондук талаага,
Алдырганы турасың

Напси деген балаага.
Мазак кылган сөз үчүн
Макоо атын сойбосо,
Аңгеме кылган сөз үчүн
Акмак атын сойбосо,
Ачка болсоң, ток болсоң
Акыры бүгүн жатыңар,
Уулуу кийик болбосо,
Улар-пулар атыңар.
Эч табылбай баратса,
Элик-мелик атаарсың,
Эчтеке таппай баратсаң,
Элди көздөй кайтаарсың».
Эр Көкчө айтып салганы,
А сөзүн угуп алганы,
Аскардын уулу Жабагы
Ачуусу келе калганы:
«Алтай тоонун аягы
Сары-Арканы жайлаган,
Сан казакты айдаган,
Башкы атасы – Барак кан,
Чоң атаңар Камбар кан,
Өз атаң бар Айдаркан,
Боз балдардын ичинен
Болот деген Көкчө жан!
Атпай алаш журтунан
Болот деген сен болсоң,
Башыңдан куру киши эмес,
Башка киши кылса да
Сен кылуучу иш эмес!
Малга кароо болгонуң,
Балкып жыргап оңгонуң,
Башка жанды айнытып,
Бабырабай койгунуң!»
Жабагы кагып салганы,
«Мен эле бузуп баратсам,
Бекер жаткан мал тапсаң,
Өчөшүп кетсең, Жабагым,
Өз атыңды сойчу – деп,
Өөдөлүк сөзүң койчу!» – деп,
Көкчө токтоп калганы.
Күлдүрдүн уулу Чалыны:
«Сен атыңды сойгун» – деп,
Күлдү баары жалынды.
«Нескара келген тушунда,
Эсим чыгып ушунда
Коңшу болдум алашка,
Кошчу болдум Манаска,
Атымды соё салышка,
Азыр менин алым жок
Кан болуп чыга калышка».
Аны таштап жиберди,
«Тыргооттордун Деркенбай,
Ар кимде бар бир-бир тай,
Тыргоот деген улуу журт,
Азаматың шайма-шай.
Чоң атаң болгон калдай – деп,
Сойсоң атың, кандай?! – деп,
Кезек сага келди – деп,
Сен билсең кантет элди?» – деп,
Камалашты баарысы,
Улуу-кичүү жаамысы.
«Улук болор жайым жок,
Урматка турар шайым жок»,
Ушуну айтып салганы.
Жана тыргоот калкы бар,
Аңгирдин уулу Коной – деп,
Атыңды сойсоң болор – деп,
Артыкча арбак конор» – деп,
Ага келди кезеги,
«Атымды сойбойм акыр» – деп,
Ал айта электе безенди.
Баары болбой качкан соң
Манаска келди кезеги.
«Сексен төрттүн ичинде
Сен экенсиң кичүүсү.

Эсеп жетпейт малыңыз,
Элден бата алыңыз,
Урматтап улук кылалы,
Айтканга көнө калыңыз.
Уругуң түрк алашы,
Урматтуу Жакып баласы.
Сен кандайсың, мырза?» – деп,
Эл ортого алышты.
Анда Манас кеп айтат:
«Алтайлыктан арбының,
Алдырап коркуп калганың,
Каңгайлыктан канчаң бар,
Качканың чынбы каркыбар
Манжулуктан баарың бар,
Бир атыңды союуга
Батына албай калдыңар.
Алчын, үйшүн, казагы
Бир жылкыңды союуга
Балдардын дедиң мазагы,
Коңурат менен найманы
Козгодуңар ар жанды».
«Түп атаң кыргыз уругу,
Өзүң бай Жакыптын тунугу.
Бала Манас, кандайсың
Эмине үчүн атыңды
Бу жерге союп салбайсың,
Дөөлөтү бар атаңдын,
Бизден бата албайсың?!»
Бу сөздү айтып салганы,
Муну уккан соң эр Манас
Сөзгө кирип калганы:
«Ата уулудан арбын бар,
Алаштардан аргын бар,
Алчындардан Кожо бар,
Акылмандар кошо бар,
Баарыңарга эп эмес,
Атын союп кан болуш
Адам угаар кеп эмес.
Кийик издеп, аң уулап
Чаркастын келдиң бетине,
Талгак болсоң баарыңар
Бир жылкынын этине
Ат минбесем коёюн,
Алып келип жыгыңар,
Аккуланы соёюн.
Аккула жандан кайранбы?
Ач болсоңор табайын
Аманат жанга айлаңды».
Аны айтып жаш Манас,
«Алып келип бер жакка
Аккуланы союңар
«Атын сойбойт экен» – деп,
Ойлонбосун оюңар».
Аны айтып Манас салганы,
Айтканын угуп Чегебай
Ордунан тура калганы:
«Аккула арык, эти жок,
Аны жеген кишинин
Адам эмес, бети жок.
Арстан Манас баланын
Атын сойбос нээти жок.
Кан Жакыптын колунан
Карматып минген мал эле,
Как өзүмдүн колумда
Бир боз бышты бар эле,
Укурук, жүгөн тийбеген
Ушундай семиз мал эле.
Берсе Манас бегиңер,
Бекерге кетпей кебиңер,
Соёруңар чын болсо
Аккуланы коюңар,
Боз бышты союңар,
Байрак байлап, туу кылып,
Кашыңда Манас баланы
Кан көтөрүп коюңар!»
Бу сөздү Чеге баштады:

«Макул болот акыр!» –деп,
Боз быштыны алып келип,
Көпчүлүк союп таштады.
Этин сегиз бөлүшүп,
Ар кошунда камбылдар
Алиги Манас баланын
Айтканына көнүшүп,
Жакшылап бөлүп алышып,
Жан казанга салышып,
Жайланып жыргап калышып,
Качкан менен болбостон,
Кабылан Манас баланы
Камалап кармап алганы,
«Коюңар!» – десе болбостон,
Алып келип Манасты
Ак тердикке салганы.
«Каныбыз!» – деп, дүркүрөп,
Кан көтөрүп алганы.
«Кан нөкөрү бизбиз!» – деп,
Кашындагы боз балдар
Каткырып күлүп калганы.
Карап туруп эр Манас,
Акыл менен нааданга
Астыртан көзүн салганы:
«Алла берсе багым – деп,
Айтканыма көндүрүп,
Алармын го баарын!» – деп,
Аппак майга тоюшуп,
Ак быштыны союшуп,
Ал күнү анда конушуп,
Эртеңки күндө эр Манас:
«Кан көтөрүп салдыңар,
Качкан менен болбодуң,
Камалап кармап алдыңар.
Өкүмүм экөө болбосо,
Өзүңөр аман кетпессиң.
Өз көңүлүм толбосо,
Жарлыгым жалган болбосо,
Жаныңды тирүү кетирбейм
Санаада ишим толбосо.
Баарыңарга эп болсо,
Бакырың билген кеп болсо,
Түлкү, бөрү алдык – деп,
Түнү-күнү сүйүнбөң,
Үмүтүң үзгүн үйүңдөн.
Алтай тоодо Аңырты
Ашып аны алабыз,
Ар жагы Уркун дарыя бар,
Марал-Кечүү барабыз,
Батыра чалгын чалабыз.
Жолдоштун баарын бардаймын,
Жолду барып чардаймын,
Каракчы болсо кармаймын,
Ууру болсо тутамын,
Уудуң-шуудуң жан барбы,
Ушундайда жолукса,
Соо койбой башын жутамын!
Кыйынсынып аттанып,
Кытайдан жортуул бар бекен?
Кайраттуусунуп аттанган
Каңгайдан жортуул бар бекен?
Кан болгон соң Манасың
Карап жатчу жан бекен?
Калмактын журту көпчүлүк,
Кайтып куру барганча
Каапырга салып чоң түлүк
Каңгайга салып бир мүлүк,
Кызайга салып бир түлүк,
Кытайга салып чоң мүлүк,
Бекер жүрүп нетелик,
Мерт кылбай кантип кетелик?!»
Бул олтурган эрлерге
Буйрук кылып салганы,
Буудан Манас баланын
Айтканын кабыл алганы.
Абыр-шабыр ат токуп,

Ат токуса бат токуп,
Кош-колоӊун артышып,
Ошо баштан жалтанды
Кошоматын айтышып,
Кош арканды тартышып,
Көлүккө жүгүн артышып
Аз гана эмес, мол жүрдү,
Алтайдын башы Аӊырты
Ашып алып жол жүрдү.
Ара конуп арага,
Өкүматы тийиптир
Өткүр Манас балага,
Алар жакын барыптыр
Агындуу Уркун дарыяга.
Марал-Кечүү бар деген,
Башкасы бийик жар деген,
Урган таштай суу аккан
Уркундун суусу шар деген.
Ушуну көздөй баралы,
А да болсо бир сонун,
Дарыяны карайлы.
Кайра тартып каларбыз,
Карарган болсо таларбыз,
Калбаны кыйла саларбыз.
Ушуну ойлоп жаш Манас
Узап жолго салганы,
Ара койуп арага,
Акыры кирген жери ошо
Уркундан берки талаага.
Үч бөлүнгөн жол көрдү,
Эки жолу оӊ жакта,
Бир жолуну сол көрдү.
Бири – терек, бири – тал,
Жыгачынын түркү ушу,
Бир жыгачта миӊ уя,
Чынарынын көркү ушу.
«Жакшы экен го жери – деп,
Жаӊгел – токой чери – деп,
Жандуунун баары бар окшойт,
Жабырбаян, шери – деп,
Алты күнү, беш күнү
Аялдайлы теги – деп,
Арстан Манас мырзага
Келген болсо эби» – деп,
Акылдаша калганы.
Аса байлап аттарын,
Көрпөчөсүн алышып,
Көк шибердин үстүнө
Көлпүгүп жая салышып,
Көйкөлүп жатып калышып,
Эригип элик атышып,
Эс алышып жатышып,
Буурукса бугу атышып,
Буурукпаса жатышып,
Булар жатсын шо жерде.
Муну таштап салыӊар,
Мурунку Эсенканыӊар
Кырк беш төөгө мал жүктөп,
Кызыл алтын зар жүктөп,
Торгун, тубар, бул менен,
Алты шибен кул менен,
Он уйгурлук сарт менен,
Калмактын онун кошчу алып,
Манас деген март менен
Байкап, билип келмекке
Жиберген экен Эсенкан,
«Кабары жок жоголду
Алтайга кеткен канча жан,
Кайда болсо кабарын
Таап, билип келгин – деп,
Түк койбостон талкалап
Түрктүн болсо элин – деп,
Манаска барып жоголду,
Кишилер кайда кетти экен,
Баарын билип келгин – деп,
Алты жарым жыл болду,

Андан бери кабар жок,
Алар кандай болду экен,
Айтылбады бизге жооп.
Алтайдын тоосун аралап,
Оролдун тоосун оодарып,
Анжиянда Алооке,
Кашкардын беги Канкууга,
Кайрылбай Жаркент, Котонго
Кабар айткын ошого.
Самарканга барыңар,
Жайып кабар салыңар,
Кырк беш төө бул менен
Кыйла кишим жоголду,
Кабары болсо табыңар.
Каяша кылган жан болсо,
Башын үзө чабыңар!»
Ушуну айтып Эсенкан,
Узаткан экен канча жан.
Нуукер деген башчысы,
Кент калаанын жакшысы.
Жолго Нуукер салыптыр,
Тогуз жүз аскер кол менен,
Марал-Кечүү жол менен,
Башчысы Нуукер зор менен,
Маңдайга келип калыптыр.
Байкап карап буларды:
«Алтайлыктын адамы
Алдыман чыгып калды» – деп,
Нуукер балбан кубанды.
«Айтканыма көнсүн – деп,
Ажалдуусу өлсүн – деп,
Өлбөгөнү келер – деп,
Өзүмө жооп берер – деп,
Жүзүң мындан баргын – деп,
Жүр – деп, кабар салыңар,
«Жүрбөйбүз» – деп, тартынса
Жүндөй саба баарыңар!»
Нуукер буйруп ийиптир,
Жүз адам келип караса
Уркундун суусу кириптир.
Башынан мөңгү бузулуп,
Жандоосунан караса
Жайсаңдын суусу кошулуп,
Капкара болуп көрүнөт,
Кан жыттанып жошулуп,
Токою бийик доолдоп,
Тоосу бийик зоолдоп,
Тереги шамдай сайылып,
Деңизден чыккан толкуну
Кайың, талдын түбүнө
Как тизеден жайылып,
Жаткан экен күркүрөп,
Жакын келген адамдын
Тамам бою дүркүрөп.
Нуукер буюрган жүз баатыр
Сууну көздөй келатыр.
Сууну көрүп алганы,
Суру кетип калганы:
«Адам аяк салбас –деп,
Аяк салган адамдар
Агып өлбөй калбас – деп.
Кечип адам болбос – деп,
«Кечемин» – деп, кирген жан
Бери багып оңбос» – деп,
Нуукерге кайра сал – деди.
«Бу жумшаган жүз кишиң
Бири калбай өлөр – деп,
Барып жооп ал – деди.
Өкүм кылса кечели,
Өзүбүз билсек кетели,
Ар кимдин жаны аялуу,
Өлүмгө кирип нетели?»
Муну айтып токтолду,
Барып калган кишиге
Баатыр Нуукер октолду.
«Жалтанбасын суудан – деп,

Баш тартпасын чуудан!» – деп,
Буйрук кылып ийгени,
Жүз кишиси бирдей тең
Сууну көздөй киргени.
Бирден-бирден бөлүнүп,
Ар кайсысы ар жердё
Өрдөктөйүн көрүнүп,
Ат жалдаган чыгышып,
Кийимдерин сыгышып,
Жыйырмасы агып өлүптүр,
Өлгөнүн көзү көрүптүр.
Сексени чыгып бери жакка,
Бая, Манастар жаткан жер жакка,
Тал, токоюн аралап,
Бая, жаткандарга каралап,
Жакын келип калыптыр.
Ат байлашып жаратып,
Арстан Манас суу жакка
Адам койгон каратып.
Адамдар көрүп кайтыптыр,
«Бир жүзчө киши кечти» – деп,
Манаска келип айтыптыр.
«Кылыч, мылтык бар жарак,
Келип кирди дайрага
Бизди көздөй түз карап.
Улугу буйрук кылбаса
Ушу сууну ким кечет?
Өкүмөтү болбосо
Өлүмгө туура ким кирет?
Айтканымды тыңда – деп,
Азат боюң чыңда – деп,
Азыр келет мында» – деп,
Кароолчу көрүп кайтканы,
Каны Манас балага
Кабарын барып айтканы.
«Аттарыңы миниңер,
Алла кандай жан экен
Аңдап сөзүн билиңер,
Агер душман көрүнсө,
Кыңкайлаба бириңер,
Кырылышка кириңер!»
Манас айта салганы,
Айтып оозун жыйганча
Нуукерден барган сексени
Буларга жетип барганы.
«Алтайлыкпы элиң? – деп,
Азыр кайдан келдиң? – деп,
Багып жүргөн малың жок,
Тигип жүргөн багың жок,
Соода кылган булуң жок,
Же сонундан алган буюм жок.
Кылыч, мылтык бар жарак
Боюңарда көрүнөт,
Кыла турган жумушуң
Оюңарда көрүнөт.
Бүркүтүң бар, кушуң бар,
Адырмактан аң уулап,
Келген жанбы ушулар?
Салтанатың кан өңдүү,
Кандай жүргөн жансыңар
Сапарга келген жан өңдүү?»
Нуукер эрден барганы
Ушуну айтып салганы.
Анда Манас кеп сурайт:
«Өөдө-төмөн сөзүңөр,
Өкүм менен жүргөндөй,
Ким болосуң өзүңөр?
Кийик издеп, аң уулап,
Жүргөндү көргөн көзүңөр».
Манас сурап турганы,
Кыжылдаган кызталак,
Кытайды кудай урганы:
«Каканчындын калкыбыз,
Кандай өлүм келсе да
Качууну билбейт наркыбыз!
Аскер башчы Нуукери

Алыстан көрүп силерди:
«Айдап кел!» – деп жиберди.
Аттаныңар, жүрүңөр,
Астына барсаң канымдын
Аман калбас бириңер!»
Маңдай жакта жатканы
Баатыр Нуукер каны бар,
Ашыктырып: «Ат мин!» – деп,
Анталаган чагы бар,
Алиги Манас баланын
Сураар кеби дагы бар:
«Кана, Нуукерден келген
баатырлар,
Кабарыңды угалы,
Кандай түрлүү ишиң бар,
Алтайлыкта асылган
Ким деген душман кишиң бар?»
Бу сөздү айтып салганы.
«Биз билбейбиз душманын,
Нуукер деген улукка
Көрдүк бизди кошконун,
Суудан кечип чыгасыз,
Кандай сөзү бар болсо,
Кан Нуукерден угасыз.
Чакчаңдаган чантуу – деп,
Бала туруп бу жерде
Сөзүн айтат катуу» – деп,
Өткүр Манас балага
Өкүм кыла салганы:
«Өлөсүң, ылдам бастыр!» – деп,
Катуу сүйлөп калганы.
Айдап барчуу сенсиң!» – деп,
Айкожо берген Ачалбарс
Арстан Манас алганы:
«Мына, барчу кишиң
менмин!» – деп,
Башын чаап салганы.
Башчынын башы чабылды,
Баягы турган сексен төрт
Бири калбай жабылды.
Кытайдан келген кыйынсып
Сексен жети кишини
Куп бүтүрдү ишини,
Ооздон какты тишини,
Оңдоду минтип ишини.
Аты, тонун, жарагын
Олжо кылды карагын.
Олжону алар алганы,
Ойронду мыктап салганы.
Ошо келген жүз киши
Он үчү өлүп дайрадан,
Сексен жети мында өлүп,
Жалгызы тирүү калбады.
Ошо бойдон былк этпей,
Булар ордуна конуп алганы.
«Бу жүз кишиге нетти? – деп,
Типти бирөө кайрылбай
Не жоголуп кетти?» – деп,
Нуукер дөө жатып алыптыр:
«Кеткеним келбей калды» – деп,
Кейишке башын салыптыр.
Алар жатты аякта,
Булар жатты буякта.
Өйүз-бүйүз болушуп,
Өзөндү бойлой конушуп,
Кытайдын колу ачыкта,
Кыйла иш болор ашыкпа.
Мусулман булар токойдо,
Азы-көбү билинбей,
Аңдаса көзгө илинбей,
Түн болгондо карасаң
Түтүн чыгат токойдон,
Жылдыздай болгон от көрөт,
Ар кайсы жерде ачыктан
Чыга калган ат көрөт,
Канча экенин биле албай,

Кабар угуп, тил албай,
Капаланып Нуукер дөө,
Казбай көргө кире албай,
Жүз кишиси жоголду,
Жүргөнү кайдан оң болду,
Санаадар болуп бу жатты,
Саргарып чыгып таң атты.
Урушка какты барабан,
Сегиз жүз киши калыптыр
Нуукер дөөгө караган.
Керней тартты бапылдап,
Сурнай үнү такылдап,
Туу көтөрдү калкылдап,
Асабасы жалпылдап,
Айгай салып кытайлар
Суугa кирди салпылдап.
Терек кыйып, тал кыйып,
Тегеренгис сал кылып,
Эки жүздөн байлады,
Элин суугa айдады.
Төрт сал кылып ийиптир,
Мында калган сегиз жүз
Токтолбой суугa кириптир.
Бөлөк-бөлөк кирбестен,
Суунун жайын билбестен,
Удаа кирип алыптыр,
Бирин уруп бирине
Убарага салыптыр,
Ушаланып ортодон
Жүз ашык өлүп калыптыр,
Калганы чыгып дайрадан,
Адамы калган, аты өлгөн,
Аты өлүп, кээси жөө болгон,
Алты жүз токсон калыптыр,
Айгайды Нуукер салыптыр.
Калгандары жыйылып,
Лаанатка сыйынып:
«Алтайлык кайда турат? –деп,
Ага кылбасам уят –деп,
Токой экен, тал экен,
Томаяктар карасам,
Баары томолонгон бала экен.
Бири кайтып келген жок,
Бир жүз кишим кана экен?
Жана маңдай жактан көрүнгөн
Алтайлык канча жан экен?
Атка минип алыңар,
Ар тарабын чалыңар,
Анча-мынча жоо болсо,
Куткарбай кармап алыңар,
Түрк уулунан жолукса,
Дүмүрүн казып салыңар!»
Аны айтып Нуукери,
Ар тарапка чыгарды.
Баатыр менен балбаны
Ар тарапка барганы,
Жети жүздөй кол эле,
Аралдагы аз киши
Тегеректеп калганы.
«Кайсы калктан уругуң?
Кай жер болот турагың?
Билмек үчүн сурадым».
Чаң-Чаң деген бирөөсү
Шашыңкырап сүйлөдү.
Анда Манас кеп айтат,
Ачууланып бек айтат:
«Атаңдын көрү, каапырым,
Ыйман айтса ынабас,
Ырысы жок жакырым,
Уругум улуу түрктөн,
Корксом кудай урбайбы
Сага окшогон бүрүктөн.
Кеп чыгарбы тилсизден,
Качсам кудай урбайбы,
Калжыраган динсизден!
Башкы атам Байгур бек болгон,

Уйгурум жатыр тыякта
Алты-Шаар жык толгон.
Түп атам уксаң Түбөй кан,
Түк калбастан кырылган
Сүрүшөм деген канча жан,
Башкы атам уксаң Бабыр кан,
Башын жуткан өзүнүн
Басташам деген канча жан,
Көп жерди алган Көгөй кан,
Көбү жерге көмүлгөн
Көсөмсүгөн канча жан.
Чоң атам аты-Ногойдур,
Өзүмдүн атам-Жакып бай,
Айтканымды уккун жайма-жай.
Аркы атам бар-Алаш – деп,
Атым менин Манас – деп,
Алла Таала сактаса,
Ар балаадан калас – деп,
Алуучу кегиң бар болсо,
Намысыңа талаш – деп,
Аябагын жаныңды,
Кетирермин саныңды,
Суу ордуна төгөрмүн,
Суурсам кылыч каныңды!»
Манас салды айгайды,
Атка минип сексен төрт
Орто жерге жыйылып,
Бир кудайга сыйынып,
Токтолуп алар калганы,
Кытайлардын жагынан
Кымкар деген бир балбан
Кылычын сууруп алганы:
«Мыкты болсоң, түрк – деп,
Урушту кылгын жүрүп!» – деп,
Кыйкырып чыга калганы.
«Кылмак элең, Манас! – деп,
Кызталак сенин зарпыңдан,
Кырылаар бекен алаш – деп,
Бээжиндин шаары беш айлык,
Бет алып бери кол чыкса
Беттеше албайт алтайлык,
Кийик атып, тим кетпей,
Киши өлтүрүп тамтайдык.
Эрегишип койбодуң,
Катылышып койбодуң,
Каканды арзан ойлодуң.
Жат эмессиң, бөлөсүң.
Жаман жоого катылдык
Жайсыз жерден өлөрсүң,
Жайнай качып жөнөлсөк
Жаман бизди көрөрсүң!»
Айдаркан уулу эр Көкчө
Ал сөздү айтып күүлөндү.
Анда Манас сүйлөндү:
«Акылыңжок, жер Көкчө.
Жазуудан артык жан өлбөйт,
Так үстүндө кан өлбөйт!
Көптөн коркуп турбачы,
Көөсөрлүк кебиң урбачы!
Арбын – деп, коркуп турбачы,
Сен, арамза кебиң урбачы!
Алты жүз кытай келгенге
Алдырайсың каласың,
Акылыңдан танасың,
Айта берсең ушинтип
Азамат үшүн аласың.
Кырк, отузда кишиден
Арабызда карасам,
Алтоо, бешөө турбайбы,
Жалпы баары жаш бала,
Буларды жалтанса кудай урбайбы!
Улуктар өкүт айта элек,
Уруштан тези кайта элек,
Жүрөгү жоодон кала элек,
Өңкөй өткүр бала элек.
Бизге окшогон жаш балдар

Кабыргасы катпайбы
Кай бирөөнү көрдүңүз,
Казып жерге көмдүңүз,
Кагын алып жатпайбы!
Чегилбей чечек албайбы,
Чекчектеген кай бирөө
Жер майланып калбайбы!
Жети жүздөй кол экен
Айланабызды каптаган,
Селпеңдеген бу түгүл,
Алты миң аскер кол менен,
Аңгиренин жол менен
Нескара каапыр келгенде
Алла Таала сактаган.
Менден жашың улуусуң,
Жок жердеги сөздү айтып,
Жобоп келип турусуң!»
Аны айтып эр Манас,
Чыгайын – деп, жекеге
Камданып Манас калганы:
«Кан болгон соң тим тур» – деп,
Айнакул айтып салганы.
Ачууланып, күүлөнүп,
Айдаркан уулу эр Көкчө
Атка камчы салганы,
Кытайдын Кымкар баатырга
Маңдайлашып калганы.
Көкчөдөн найза жеткени,
Көкүрөккө неткени,
Көк качырдан Кымкарды
Көмө коюп кеткени.
Болот кылыч алганы,
Болжоң деген бир баатыр
Аскерден чыга калганы.
Аламойнок аты бар,
Адамдан башка заты бар.
Болжоң келди күркүрөп,
Көргөндүн бою дүркүрөп,
Аleңгир жаа, сыр жебе
Коломсокто огу бар.
Көтөноз көк бараң,
Милтесинде чогу бар
Болжоң чыга калганы,
Болумдуусу эр Көкчө
Буга каршы барганы.
«Кымкарды кырдан салдың – деп,
Кызыталак, сен чантуу,
Кыйынсынып калдың!» – деп,
Кыйкырып келди Көкчөгө.
«Эр Көкчөгө жетер – деп,
Найза сайбай, ок менен
Мерт таптырып кетер» – деп,
Ондонуп Манас калыптыр,
Аккелте менен бир атып,
Ойрон кылып салыптыр.
Аттан түшүп далп этип,
Жер кучактап жалп этип,
Болжоң баатыр өлгөнү,
Болжоп Нуукер көргөнү,
Атына камчы салганы,
Чыдай албай акырып,
Чымырканып бакырып,
Нуукер жөнөп калганы.
Сайганы сая калбаган,
Жашынан кудай жалгаган,
Неткени эсен болбогон,
Эгем Таала колдогон,
Арстан Манас баатырың
Аккула камчы салганы,
Нуукер дөөгө бет алып,
Маңдайлашып барганы.
«Баатыр Манас нетти? – деп,
Не балаа болуп кетти? – деп,
Мен түшкөндө майданга
Сен каяктан жеттиң? – деп,
Эмине болуп кеттиң?» – деп,

Көкчө эр айтып салыптыр.
«Кытайдан Нуукер чыкты –деп,
Уктум эле мурунтан
Кылымдан ашкан мыкты –деп,
Аны көрүп алдым – деп,
Ачыды сага жаным – деп,
Ан үчүн келип калдым» – деп,
Эр Манас айтып салганы,
Ээ дегенче болбоду
Нуукер дөө келип калганы,
Бу турган эки баланы
Жаалы менен карады,
Атына камчы салганы,
Айдаркан уулу эр Көкчө
Акырып кирип барганы.
Мылтык атып, жаа тартпай,
Найза, кылыч көтөрбөй,
Эрлиги эмей неткени,
Ачууланып жеткени,
Айдаркан уулу Көкчөнү
Айкырган бойдон чоң
Нуукер аттан жулуп кеткени.
Атынан жулуп алганы,
Алып барып ташка урууга
Даярданып калганы.
Аны көрүп эр Манас
Аккула камчы салганы,
Акырып жетип барганы,
Ат үстүнөн Нуукерди
Ай далыдан алганы,
Астында Көкчө баланы
Алган бойдон албайып,
Эр Манастын колуна
Экөө бирдей барганы.
Аттын коюп жалына,
Кайра чаап эр Манас
Сексенине барганы,
Сексейишип сексени
Манаска көзүн салганы.
Кармаган колу карышып,
Калган экен Көкчөгө
Карчытына жабышып.
Коё бербей тутуптур,
Алып келип эр Манас
Нуукер дөөнү жутуптур,
Жутпаганда неткени,
Жулуп башын кеткени.
Башын чаап салганы,
Баягы турган жети жүз
Баары бирдей ат коюп,
«Аламан – деп, калганы.
Берки турган сексен төрт,
Бет алган жагы болсун өрт,
Найза, кылыч алганы:
«Баабедин!» – деп, бакырып,
Желектүү найза жапырып,
Манастап ураан чакырып,
Аралашып калганы.
Айбалта башка шака-шак,
Найза төшкө така-так,
Башка кылыч жарка-жарк,
Карсылдашты кошулуп,
Кара кан баштан жошулуп.
Тон тозулуп электей,
Тебетейдин астында
Томуктай болгон курган баш
Жошологон челектей.
Кабылан Манас акырып,
Каарданып бакырып.
Айдаркан уулу эр Көкчө
Алактатып кытайды
Бир четинен жапырды,
Асманга чаңын сапырды.
Алыскы-жуук айныбас,
Ыраакы-жакын ылгабас
Айкожо берген Аккелте

Атпасынбы каапырга!
Аккелте үнү чаңырды,
«Манас! Манас! Манас!» – деп,
Арстан эрди карасаң
Ач кыйкырык жаңырды,
Кысталышкан кезейте
Кырк чилтен азыр табылды!
Сексен киши айгайы
Сегиз миңдей кол болду,
Селпилдеген кытайдын
Селден каны мол болду,
Орто жери оюлуп,
Өлүгүнөн жол болду.
Аркасынан сексен төрт
Аралаш уруш салыптыр,
Алтоо, жетөө жарадар,
Атка өбөктөп алыптыр.
Айнакул келди акырып:
«Жаралуулар, туруңар,
Жарады, балдар, мунуңар.
Кошту көздөй барыңар,
Кошулушуп алыңар!»
Муну айтып Айнакул,
Кыжылдаган кытайдын
Артынан түштү мына бул.
Бая, манжудан келген Мажыбек:
«Кайда жүрөт каапыр? – деп,
Качырып, кууп жапыр – деп,
Канын суудай сапыр!» – деп,
Кылыч, найза салганы,
Качып калган каапырдан
Кырк ат сайып калганы.
Чалыбай кирди чаң салып,
Чыдай албай сексендин
Чыңырган аскер чуусуна,
Чыдабастан кытайлар
Уркундун кирсин суусуна.
Ат жакшысын мингени
Ага түшүп бөлүнүп,
Аркы өйүздө көрүнүп,
Чабал аттуу кытайлар
Чалкасынан түшүшүп,
Чабактай сууга сүзүшүп,
Жанынан үмүт үзүшүп,
Эзилген топо тапталып,
Этеги башка капталып,
Суу үстүндө сулайып,
Көк күрмө менен булайып,
Шалак-шулак этишип,
Шалкайып сууга кетишип,
Тебетейдей бөлүнүп,
Дарыянын үстүндө
Тегеренип көрүнүп,
Соорусу чыгып томтоюп,
Соо кутулган кай бирөө:
«Соолдук го» – деп, сумсайып,
Кытайлар көзүн салыптыр,
Дарыядан кече албай,
Кыргын болуп калыптыр,
Бойлой качып кытайлар
Бодоң-Тоо көздөй барыптыр.
Жээктей качып кай бирөө
Жеркен-Тоо жакка барыптыр.
Тогуз жүз аскер кол келип,
Нуукер балбан зор келип,
Жер майланып калыптыр.
Жер майланбай неткени
Тогуз жүз толук аскерден
Эки жүз араң кутулуп,
Эсенкан жакка кеткени.
Жети жүзү өлүптүр,
Өлгөнүн булар көрүптүр,
Ошо жерде ат-тонун
Олжо кылып бөлүптүр.
Эң аяккы балдары
Он бирден жылкы алганы,

Олжого байып калганы.
Топонун тоодой үйүшүп,
Топосун үйдөй жыйышып,
Күлүгүн тандап минишип,
Күрмөсүн тандап кийишип,
Күлкүгө бүгүн киришип,
Каапырдын көзүн оюшуп,
Кара канга тоюшуп,
Кабылан Манас баатырды
Канкор атка коюшуп,
Кош-колоңун артышып,
Кош аргамжы тартышып:
«Канкор Манас экен!» –деп,
Кошоматын айтышып.
Аңырты белин ашышып,
Алтайдын түзүн басышып,
Кайта келди элине,
Мамырдын сары чөлүнө
Айдың-Көлдүн жээгине,
Бай Жакып конгон жерине.
Баары келип калганы,
Баштан-аяк көргөнүн
Баяндап айтып салганы.
Эки күн элин өргүтүп,
Үчүнчү күндө эр Манас
Эркегинин баарысын
Нээтин казат караткан,
Ургаачысынын баарысын
Ак түлөөгө жараткан,
Камбарбоздун үйүрүнөн
Кармап келип тогузду,
Баарын бирдей сойдуруп,
Жер очогун ойдуруп,
Алтайлыктын элинен
Ата уулудан түк койбой
Алды Манас чакырып.
«Алтайда жаткан эл – деди,
Аяк-башын жыйналтып,
Эсебиң канча, бер!» – деди,
Эл жыйылып келгени.
Башка уруктан маңгул бар,
Баатыр Жайсаң даңгыл бар,
Күлдүр, Калдар беги бар,
Манжурия журтунан
Бала Мажик беги бар,
Баштатан Дөгөн кары бар,
Андан бөлөк быякта
Алтайлыктын баары бар,
Алчын, үйшүн, найман бар,
Аргын Каракожо бар,
Абактардын ичинде
Айдаркан баатыр кошо бар.
Кыргыздардан Саламат,
Кыпчактардан чечен Таз,
Ногой уулу бай Жакып,
Нойгуттардан Акбалта,
Тотудан барган Токтоо бий,
Лөкүштөрдүн Өмүрзак,
Өзүбектин Дамбылда,
Өткүр чечен Абдылда,
Өз тууганы Акымбек,
«Өткүрлөр ойло акыл – деп,
Туш-тушубуз жоо болду,
Душмандык кылар каапыр» – деп,
Бердике басып безилдеп:
«Бекзаадалар келсин» – деп,
Кан Жакып баштап карысы,
Акылмандар баарысы
Жыйылышып олтуруп,
Тамагын тартып болтуруп.
«Канга кылдык кастыкты,
Карыя Жакып кеп айтат
Баашага кылдык мастыкты,
Алтайдагы калмактын
Арбынын айдап жибердик,
Айыл келди Каңгайдан,

Аңгир бою шиберлик.
Эсил менен Нураны,
Эсебин алып туралы
Барскан менен Сарканды,
Башкарган болуп туралы
Бабыл менен Дарканды.
Аяк жагы Аягүз,
Арасында Сары-Арка,
Нары чети Орол-Тоо,
Эске алып Деңиз көлүнү,
Талашып Иле чөлүнү,
Кытай бербейт – деп, ойлойм,
Анжиян, Кашкар жерини,
Бузук кылсак ашарбыз
Муз-Дабандын белини.
Нарын бою узун тоо,
Кашкардын чети кызыл тоо,
Карап турсаң калайык,
Каапырдын баары болду жоо,
Камданбасак болбойт ко,
Кыргыз, казак, түрк уулу
Калбайт деймин аман-соо.
Башы Кер-Көл, аягы Чүй,
Чолоосу жок тиккен үй,
Муздабаган көлү бар,
Муңканган түрктүн эли бар,
Анжиянда Алооке,
Кайнаган каапыр кени бар,
Азиреттин кара тоо,
Анда жаткан калмак бар,
А да бизди койбойт соо.
Самарканда калдай бар,
Биз жай алганча далай бар.
Чоң Ташкендин үстүндө
Коңгуроолуу байы бар,
Жанадил дөөнү өлтүрүп,
Так ошондон бер жакка
Козголбогон жайы бар.
Орол-Тоонун учунда,
Он уруу жөөт бар ушунда.
Тажиктин баары Букарда,
Жеткирбейт бизди буларга.
Мекенин журтун арап – дейт,
Бу жерге келбейт тарап – дейт.
Андан ак байгамбар чыккан – дейт,
Ар тарапта каапырдын
Атышып туун жыккан – дейт,
Алардын кылган жумушун
Ар адамдар сөз кылып,
Акылмандар уккан – дейт.
Түрк экен биздин атабыз,
Түп-Бээжинге жапжакын
Алтайды жердеп жатабыз.
Калайыктын баарысы
Караган экен Какaнга,
Кадеми жетип кеп жанга.
Ортодон чыгып жоо болдук,
Камаса кайдан соо болдук!
Тукум калбай кырылып,
Тумшугубуз катпайлык,
Туйгун, минтип жатпайлык!
Баарыласа, көптөсө
Балакетке салбасын,
Баш көтөрөр түрктөн
Бала калбай калбасын.
Ургаачыңды күң кылып,
Таң атпаган түн кылып,
Эркегиңдин баарысын
Таманга басып жүн кылып,
Сатыкка салып кул кылып,
Сандыкка салып бул кылып,
Зардалдын баарын өлтүрүп,
Зайыбыңды тул кылып,
Санабай малың айдатып,
Сай кашкаңды жайлатып,
Ата уулудан түк койбой

Айдап жүрүп кырбасын.
Ар тарапка сайлатып.
Баарыңарга эп болсо,
Бай Жакып айткан кеп болсо,
Камданган болуп калалык,
Каапыр келсе зордукчу
Каяша кылып салалык,
Каза жетсе айла не
Кармашып өлүп калалык.
Түмөндөп жаткан түрк уулу
Түбүнө кабар салалык,
Бу түгөнгөн кытайга
Бир сүрүшпөй кантип калалык!
Кагылышты коёлук,
Баарыңарга эп болсо
Кадимки динди жоёлук,
Ак байгамбар дини – дейт,
Алардай болуп биз дагы
Намаз окуп коёлук.
Жалынган жаны калат– дейт,
Жалбара берсе көбүрөөк
Жалгап кудай салат – дейт.
Жардам берсе байгамбар
Каапыр кыйрап калат – дейт,
Ыслам динин алалык,
Элдин бери четине
Эсибиз ооп баратса,
Эреңге кабар салалык,
Мусулман болуп алалык,
Мырдар кытай көптөсө,
Букарга кабар салалык.
Кебил деген жери бар,
Аны жаткан бакалап,
Амурдун суусун жакалап
Кеңири кыргыз эли бар,
Өлгөнүңдөн калганың
Ойлонуңар ошону.
Ойрон болгон кытайың
Оңдурбаска окшоду».
Ошону айтып бай Жакып
Ортосунда токтоду.
Айткан сөзүн угушту,
Акылдашып турушту.
Эсине алды кээ бири
Бая Нескара кылган урушту,
Он бир элчи келгенин,
Ойрондойбуз дегенин,
Тогуз жүз аскер кол алып,
Алтайды көздөй жол алып,
Нуукер балбан келгенин,
Урушуп балдар жеңгенин,
Алтайлыктын кыйласы
Анжууну көздөй кеткенин,
Арызы канга жеткенин
Айтып-айтып турушту,
Арбытты Жакып жумушту.
«Өкүм болбой өнүкпөйт,
Өзүнчө бу журт жөнүкпөйт,
Башчысы болбой марыбайт,
Башаламан жарыбайт,
Каны болсо кар болбойт,
Жарактуу киши зар болбойт,
Жайыт болбой, мал болбойт,
Жабылса кытай жан койбойт,
Бекери болбой, бек болбойт,
Бекер жатыш эп болбойт,
Кара болбой, кан болбойт,
Дене болбой, жан болбойт,
Тегерегиң баары жоо,
Тепсесе душман жан койбойт.
Калкалайм десең жаныңды
Көтөрүңөр каныңды!
Кан көтөрбөй болбос – деп,
Каптаса душман койбос – деп,
Кандуу журт болуп калалык,
Калаба кылса каапырлар

Кайрат кылган бололук.
Өлүп калсак кокустан
Бир чукурга тололук,
Бекер жатпай эндекей,
Тирүү болсок баарыбыз
Бир дөбөдө бололук,
Бели катуу бирөөндү
Бек көтөрүп коёлук!
Калкка кабар салалык
Кайраты бар бирөөндү
Кан көтөрүп алалык,
Калкка кабар салалык,
Каапыр келип кол салса,
Каруу-жарак асынып,
Каршысына баралык!»
Ушуну айтып бай Жакып,
Акбалта чалы кашында,
Бердике бар ушунда,
Жалпы турган адамдан:
«Жайы барбы бу сөз?» – деп,
Жакып бай турган тушунда
Жандын баары күңгүрөп,
«Жакшы кеп!» – деп, дүңгүрөп,
Жакып байдын доорунда,
Жалпы аламан баарысы
Кол куушурду бооруна.
Ошо күндө көпчүлүк:
«Ойлонсок бизге көп түлүк.
Баракелди, эп экен,
Бай Жакып айткан кеп экен.
Алтайлыктан аз барбыз,
Каңгайлыктан канча бар,
Манжуулуктун башы бар,
Тыргооттон бир миң түтүн бар,
Үч уруу казак болгондон
Чачкыны жок бүтүн бар.
Кырк уруу кыргыз бу да бар,
Алты-Шаар арасы,
Ары четин сураса
Барганалык жуда бар.
Кана, чыгыңарчы каныңар,
Чыгым тозор жаныңар,
Чынданыңар баарыңар,
Калп айтпаган чыныңар,
Казатка чыгар тыңыңар,
Кандыкка бириң чыгыңар!
Беттешкен жоого белдүүңөр,
Белдешкен доого демдүүңөр,
Өткүр, чечен тилдүүңөр,
Өкүмөт жөнүн билчүүңөр!»
Улуу-кичүү баарысы
Ушуну айтып салышты.
Кан боломун калкка – деп,
Кандай болсо чыдаймын
Калк башкарган наркка – деп,
Айтар адам жок болуп,
Акылдашып токтолуп,
Кара журт карап калганы,
Бая, аң уулаган сексен төрт
Калкка көзүн салганы,
«Камалышың кандай?» – деп,
Элден сурап калганы.
«Аң ууладык баарыбыз,
Арада жок сиздердей
Ак сакалдуу карыбыз.
Көпчүлүк сени билбейбиз,
Биздин көтөрүлгөн каныбыз!»
Айнакул бала кеп айтат:
«Ай, калайык! – деп, айтат,
Чеге минген ак бышты
Ай талаада сойгонбуз,
Манас деген баланы
Кан көтөрүп койгонбуз.
Биз кан көтөрдүк деги – деп,
Биз көтөргөн каныбыз
Аяк менен башыңа,

Кары менен жашыңа
Келер бекен эби?» – деп,
Саламаттын Айнакул
Сан журтка айткан сөзү бул.
Өзүбек уулу Абдылда
Өткүр чечен кеп айтат:
«Кан кылганыңчын болсоң
Бай Жакыптын баласы
Манас экө .ңтыңболсоң
Дө .лөтүң көлдөй толуңуз,
Кылымды билген кан болсо
Кырк увазири болот ко,
Кыркына башчы болуңуз!»
Калайыкка жакпады
Какшыктап айткан Абдылда.
Кары-жашы күңгүрлөп:
«Каныбыз Манас болду!» – деп,
Калктын баары дүңгүрлөп,
Көпчүлүк топук алганы.
Көкчөнү Камбар жемелеп:
«Туубай калсын сени – деп,
Туулгандан бери дүйнөдөн
Кай жеринде кеми? – деп.
Бир тайды аяп салганың,
Калкка маалым болдуң го
Карик болуп калганың.
Кандыкты кыргыз алды – деп,
Казак бекер калды – деп,
Атаң экөөң ар качан
Адамдан жакын көрөсүң
Айбан да болсо малды – деп,
Башынан кудай бак берген
Союптур Манас малды – деп,
Камалып жаткан кара журт
Ана, кан көтөрүп алды!» – деп,
Капаланды Камбар кан,
Карап турган канча жан.
«Өкүнүчтүү болсоң өзүңөр,
Көрүп турат көзүңөр,
Кан кылбайбыз дегениң
Ушу жерде чыксын сөзүңөр.
Айылыңдан арман калбасын,
Атап коюп кандыкка
Артынан калба салбасын,
Ата уулулар барсыңар
Аны кылбайт элек – деп,
Арманың ичте калбасын!»
Ал сөздү айтып Акбалта
Айгайды журтка салганы.
Ал аңгыча болбоду,
Арстан Манас жаш бала
Жыйынга басып барганы:
«Астымда болгон ага жок,
Ажал келсе даба жок,
Артымда иним жаш жатыр,
Акылга дыйкан көй баатыр,
Айтууга менде сөз жатыр.
Мал жагында арман жок,
Башыма мүшкүл иш түшсө,
Сууруп алаар азаптан
Тууганымда дарман жок,
Карып калган Жакыпта
Кайрат кылар шайман жок.
Түп атаң уктук Туран – деп,
Түбүнөн маалым ушу кеп.
Экинчи атаң, Түрктүр,
Эңкейип кетип кытайга,
Эмгегин тартып жүрүптүр.
Үчүнчү атаң Байгурду,
Бирлик кетип колуңдан
Бирин бири көрбөй кайгырды.
Байгурдан казак бөлүндү,
Маңгулдун тартып азабын,
Турандын жашы төгүлдү.
Казак, кыргыз бир тууган,
Кан болуучу жан болсо,

Бирөө чыксын бел бууган.
Талаада бир ат сойдум – деп,
Кан көтөрүп койдуң – деп,
Өз напсыма тартпайын,
Тоодой токонаалатты
Өз мойнума артпайын.
Калмагың бар, маңгул бар,
Казагың бар, кыргыз бар,
Каңгай менен тыргоот бар,
Бел байлаган болсун – деп,
Мени боштон койсун» – деп,
Бала Манас айтат кеп.
Камалашып калганы:
«Ырас айткан сөзүң – деп,
Калайык кан кылууга
Ылайыксың өзүң» – деп,
Көпчүлүк ичин жыйбады,
Өңгөсүнүн баарысы
Бир бирине кыйбады,
Журтту кудай сыйлады.
«Эр кадамы жолдо бар,
Не кылса да бай Жакып
Дүнүйөсү колдо бар.
Жаштык кылса баласы,
Болбосо мейли Манасы,
Карыса да Жакыпты
Кан көтөрүп алалы.
Кабылан Манас баланы
Кайрат кылаар душманга
Баатыр коюп салалы!»
Көңүлгө шондой кеп келди,
Көпчүлүккө эп келди,
Көкчө мырза бек келди.
«Кандыкты Жакып алдыбы?
Баатырлыктын мансабы
Манасына калдыбы?
Эби болсо көбүңө,
Атан менен лөгүңө
Акылга кеңеш кураймын,
Төгөрөк журтка эп болсо
Төрөлүктү сураймын!»
Айдаркан менен Камбардын
Ачуусунан чыдабай,
Жергедеги казактын
Жемесине чыдабай,
Жез жыгадай эр Көкчө
Жетип келип элге айтат,
Көкчө сурайт төрөлүк,
Көбүңөргө эп болсо:
«Төрө бол» – деп көрөлүк.
Көпчүлүктөн сөз кайтат:
«Казак, калмак алсын – деп,
Качан такка мингени
Төрө атанып калсын!» – деп,
Калктын баары күңгүрөп:
«Казак төрө болсун!» – деп,
Как жарылды дүңгүрөп.
«Көтөрөлүк канды – деп,
Кан көтөргөн жанды!» – деп,
Алты кулач ак кийиз
Астына алып салышып,
Агала сакал Жакыпты
Акбалта менен Бердике
Жетелешип алышып,
Көпчүлүк аны сүйрөдү,
«Көтөрбөңөр мени» – деп.
Көсөл Жакып сүйлөдү:
«Көп дүнүйөм болсо да,
Көңүлүм толгон ала үчүн,
Көргөнсүңөр, калайык,
Көп ыйладым бала үчүн,
Акылга түшкөн ал үчүн
Азар түмөн дүнүйөм
Асили көзгө көрүнбөй
Наалып жүрдүм бала үчүн.
Карыганда кан бол – деп,

Калабага салбаңар,
Каралдым турса кашымда,
Карып калган жашымда
Убалыма калбаңар.
Кан жумушу көп болот,
Балаңды коюп, болгун – деп,
Кандай курган кеп болот?
Ырасын мага кыйсаңар
Баламды кылсаң эп болот!»
Муну айтып бай Жакып
Буркурады, ыйлады,
Бурчактап жашын тыйбады,
Кордукта жүргөн курган чал
Кубангандан ыйлады.
Казак, кыргыз камалап,
Калмак, маңгул жабылып,
Ак кийиздин үстүнө
Бай Жакыпты салганы,
Баласы Манас баатырды
Ак кийиздин үстүнө
Аны дагы биргелеш
Олтургузуп алганы,
Көтөрүп көп журт алганы,
Жети кадам басканда:
«Болду, балдар, болду!» – деп,
ЖеткиленЖакып карыя
Жерге түшүп калганы.
Жеке Манас баланы
Көтөрүп алып көпчүлүк,
Алиги турган жыйынды
Жети айланып барганы,
Жергесинде калайык:
«Жеттик мудаабызга» – деп,
Кужулдашып калганы.
Кан өкүмүн тийгизди:
«Кан таажысы ушу» – деп,
Эр Манастын башына
Жыгалуу бөрктү кийгизди.
Ошондо Жакып ой кылды,
Токсон бээ сойдуруп,
Тогуз күнү той кылды.
Жергесинде кыргызды
Кызматына тургузду.
Ногойдон калган кызыл туу,
Жакыпта калган мына бу,
Оболотуп аштады,
Тойду Жакып баштады.
Оңолду Жакып карыя,
Оболку бейилди таштады:
«Жакыпта дүнүйө, мал – деди,
Жалпы аламан кара журт
Эл эсебин ал» – деди.
Алтайлыкты санаса,
Аяк-башын караса,
Токсон алты миң болду,
Тобунда мындай ким болду.
Тогуз күндө той тарап,
Үй-үйүнө кеткени,
Талапкердин баарысы
Талабына жеткени:
«Кандуу журт болуп калдык – деп,
Кабылан Манас баланы
Кан көтөрүп салдык!» – деп.
Такка минген бабаңыз,
Азыр турган кыргыздар
Таалайыңа караңыз,
Тарых болор билгенге
Далай жерден табабыз.
Жазган акын Сагымбай,
Кош болсоңуз буларга
Кол көтөргүн дубага.
Тууганыңдын тарыхы,
Бир аяттан окусаң,
Бизге тиер жарыгы.
Бабаң үчүн дуба кыл,
Барча кыргыз элиңиз.

«Манас кайда кетти?» – деп,
Басылбасын демиңиз,
Кан көтөргөн Манаска
Кайта айланып келиңиз.
Таажы кийди кан болуп,
Кызматына турганы.
Кырк төрт жигит жан болуп,
Аскери токсон миң болуп,
Айтканы журтка дүң болуп,
Айкожо келип пир болуп,
Көргөн душман көңүлү
Көөдөн кара кир болуп:
«Ыслам динге салам – деп,
Кебилге кеткен Айкожо
Келтирип мында алам – деп,
Үзүлгөнүн улаган,
Жыгылганын жөлөгөн,
Айрылганын септеген,
Ажыраганын эптеген,
Алтайлыктын элинде
Акылман, чечен жетпеген,
Айтканымды бил – деди,
Түмөнбайдын баласы
Абдылда атка мин – деди.
Кызыл алтын дилдеден
Жанчыгыңа сал– деди,
Кырк миң алтын ал – деди,
Ак байгамбар буюрган,
Алтын сакал Айкожо
Анын кызматына бар – деди.
Мусулман болгон элибиз,
Бузук жатыр бейлибиз,
Азирет кожом тил алса,
Ак динине салууга
Аны баштап келиңиз.
Кудай жалгыз, куран чын
Шариятты курасын,
Шалдайыңкы көп түрк
Ак бирлигин сурасын!»
Бармак Кебил жерине,
Маңгыт, кыргыз элине,
Айткан менен тил албайт
Бекер сөздүн желине.
«Бергендин колун алсын –деп,
Бендени жолго салсын –деп,
Ызатын кылып туруңуз,
Жатык кебиң уруңуз»,
Жараган болсо мунубуз,
Жандырып жолго салыңыз,
Тебиттен чыккан жол менен
Жеркенге келип калыңыз.
Турсун сүйгөн жерине,
Тутунсун түрктүн элине.
Бу жердеги элдей бийлебе,
Бейадеп кепти сүйлөбө.
Баштап келгин барып» – деп,
Манас айтып шончо кеп.
Жолдош алды бир бала,
Жолго салды Абдылда.
Абдылда минтип аттанат,
Акыр түбү көрөрсүз
Ажы бий болуп аталат.
Бара турсун сапарга,
Манасыңда тынчтык жок
Балкып бекер жатарга.
Аны таштап салыңыз,
Баштагы он бир кишинин
Кабарын угуп алыңыз.
Бири Кумул канынан,
Кумулда Култаң каны бар,
Култаң канга караган
Айланасы эл байы,
Анжуу калмак далайы,
Алты жүз миң жаны бар,
Ар өнөрдүн баары бар,
Аралары бөлүнгөн

Жети бөлмө шаары бар,
Тегеректен кабардар
Терт аяры дагы бар.
Биринин шаарын Даңгуу – дейт,
Жазийра деген жери бар,
Жети уруу байман эли бар.
Элинин түбүн сурасаң
Суң кытай деген кеби бар,
Саңыроо деген шадры бар.
Ары жагында жердеген
Алаткак журту дагы бар.
Ажыдаар, жыланы,
Анысын баян кылалы,
Адамды көрсө өлтүрөт
Сан жетпеген куланы,
Адамдан болгон жапайы,
Ашка-тойго жыйылган,
Отуз-кырктан топтогон
Адамдай болгон уланы.
Аңдап көрсөң буларды
Күлкү билип күлө албайт,
Эс-акылды ойлонуп,
Эл ичине жүрө албайт,
Баары бирдей жылаң баш,
Басып жүрөт жылаңач.
Андан түштүк жагында
Эргежели эли бар,
Эгем Таала жасаган
Нечен түрлүү жери бар.
Аяк жакта алардын
Катыны адам, эркеги ит,
Кандай сонун кеби бар,
Жазийрага караган
Сексен миң үйлүү эли бар,
Он бирдин бирин жиберген
Байкүш деген беги бар,
Шашкелигин караса
Лоптун кара көлү бар,
Бир айчылык барганда
Ындыстандын чөлү бар,
Бери жагына караса
Муйна тоонун бели бар,
Жети күнү жол жүрсө
Көйүн деген жери бар,
Көйүн боюн жердеген,
Көптүгүн адам жеңбеген
Илбирс, жолборс, кабылан
Издегениң табылган,
Жырткыч айбан баары бар.
Баштагы аты Көкөнө,
Койнотто Котон шаары бар.
Адам уулу анда экен,
Кара-Кыш аттуу калаасы,
А да кытай баласы,
Арсалаң деген каны бар,
Жеке өзүнө караган
Жетимиш эки шаары бар.
Арткы четки адамы
Белин байлап буубаган,
Өмүрүнүн ичинде
Бир күнү колун жуубаган,
Тырмагын типти албаган,
Жүз жыл өмүр көрсө да
Боюн сууга салбаган,
Чокунууга буту бар,
Чоюндан куйган куту бар,
Чуушаңчы деген журту бар,
Ургалы деген тоосу бар,
Бил, кериктен жоосу бар,
Ашкычы деген бели бар,
Бери жагына келгенде
Күсараш деген көлү бар,
Токонарат шаары бар,
Будаңчаң деген каны бар.
Алты күндүк бери жакта
Дарыянын жээги бар,

Жээкте болгон шаар үчүн
Жеркент деген кеби бар.
Ал Жеркенди жердеген
Жер жайнаган эл деген,
Буршак аттуу эри бар,
Он бирдин бирин жиберген,
Ойрон кылып Манасты
Өлтүрөм деген деми бар.
Аягы Соосо көл болгон,
Арасы Конко бел болгон,
Анын баарын жердеген
Анжы кытай эл болгон,
Бери жагы Намут чөл болгон,
Тоосу толгон бел болгон,
Түмөн, Кашкар, Кызылдын
Кошулуп суусу сел болгон,
Ар тараптан кошулган
Саныроо деген эл болгон.
Аягы Күчөң шаары бар,
Ороңгу деген каны бар,
Ал жиберген бир киши.
Кашкарда болгон Найзакан,
А караган канча жан,
Отуз эки Кашкарды
Ордосунан башкарды,
Он бирдин бири ошондо.
Орток тоонун оюнда,
Улуу өзөндүн боюнда,
Марал-Башы, Долонду
Маңгут деген олорду,
Бозкертик деген каны бар,
Болжолсуз кыйла жаны бар,
Маңгунт аттуу шаары бар,
Ар тараптан тил алган
Алты аяры дагы бар.
Алтай тоонун тарабы
Он беш күндүк барганы.
Чаркуруш деген шаары бар,
Кырмуз деген каны бар,
Так өзүнө караган
Кырк бөлүнгөн шаары бар,
Мурунку аты Тазкара,
Көөнө-Турпан атанган,
Көп жерлерге чаң салган
Сермуз деген каны бар,
Беш аяры дагы бар,
Баары бирдей Манастан
Кабар алган чагы бар.
Күн чыгышы жагында
Дагалак деген жери бар,
Даңгуу кытай эли бар,
Мурунку өткөн заманда
Дакы Жунус кан болуп,
Сурады деген кеби бар.
Айта бербей арбытып
Манасыңа эми бар.
Аярлар кабар алыптыр,
Ар шаардын баарына
Айтып дүрбөөн салыптыр:
«Ар жагы Алаш, Каракан,
Түрк уулунан тараган,
Бабасы Ногой уругу,
Бадышанын тунугу,
Алтай Тоодо туругу,
Аты Манас бир бала,
Ага жардам бир Алда,
Жакыптан ошо чыгат – деп,
Жалпайтып тууну жыгат – деп,
Өкүмүң алат колуңдан,
Өзүңөрдү аздырат
Ата-бабаң жолунан,
Токсон миң толук аскери
Ар качан ээрчийт соңунан,
Желдети болот сексен төрт,
Бет алган жагы кызыл өрт.
Кырк акылдаш жолдошу,

Кыраан Манас атанат
Кылымды баскан жолборсу».
Уюган чаңга киргизбей,
Уруштун жөнүн билгизбей,
Балтыр этин толтурбай,
Балбан чагын болтурбай,
Аңдайлык – деп, алашты,
Кармайлык – деп, Манасты,
Каапырлар муну санашты.
Аярлардын баарысы
Кура көрүп, бал ачты,
Жашатпаска Манасты
Акылдашып жыйылып,
Лаанатка сыйынып,
Он бир балбан жиберсек,
Ногой уулун имерсек,
Карайлатып алашты,
Кармасак – деп, Манасты.
Ушу баштан тутпасак,
Узартпай башын жутпасак.
Он бир балбан жиберсек
Алып келсе аны – деп,
Аман калбас жаны – деп,
Жашатпайлы, соёлук,
Жакыптын көзүн оёлук
Он бир дуу-ду жыйылып,
Азыр муну тутпасак
Ойрон болдук кырылып,
Карманбайбыз журттан – деп,
Кагылабыз баарыбыз
Карк алтын куйган буттан – деп,
Балбанын жолго салыптыр.
Келет – деп, көбүн байлашып,
Жата турсун каапырлар
Кө .үлдөрүн жайлашып.
Асты барды эки айда,
Арты барды алты айда,
Аягы кетер далайга.
Кайта барды шаарына,
Куп келтирип коюптур
Кудайдын калган каарына.
Бир-бир көзү оюлуп,
Оң кулагы дагы жок
Кесип салган молоюп,
Баарысынын оң колун
Манжадан кескен чолоюп,
Муруну жок молтоюп,
Баары жарты баш болуп,
Жаны барды томтоюп.
Муну көрдү кандары,
Култаң, Байкүш заңгары,
Арсалаң менен Будаңчаң
Аларды көрүп болду таң,
Ороңгу менен Бозкертик
Көрдү булар эс кетип.
Кырмуз менен Сермуз шаа,
Куп чочуду булар да.
Жоңгар аттуу дуу-дусу
Жуда көрдү баары бу.
«Бу кордукту көргөнчө,
Мындай ишке көнгөнчө,
Суналык моюн өлгөнгө,
Аскерди арбын жыялык,
Азыр Манас чырпык го,
Чынар кылбай кыялык.
Канга кабар салалык,
Капкайдагы өнөрпоз
Аярды жыйып алалык.
Түрк уулуну түгөтүп,
Түркстанды жүдөтүп,
Анан кийин келелик.
Турандын канын төгөлүк,
Арбын черүү алпарып
Төгөрөктү көрөлүк!»
Ошону айтып улуктар,
Урду урушка барабан.

Он бир шаар бар экен
Ооматына караган,
Бир жарым жылы кол жыйды,
Жүз он бир миң кол алды,
Аттанып алып баарысы
Алтайды көздөй жол алды.
Тууну тууга урдуруп,
Айгайы кулак тундуруп,
Жүрө турсун жол менен,
Жүз он бир миң кол менен.
Аны таштап салыңыз,
Арстан Манас баланын
Алла эмне сөзү бар
Кабарын угуп алыңыз.
Үч-Аралдын башынан
Каңгар тоого таянып,
Кан көтөрүп жүз миң үй,
Жатпады беле жай алып.
Манжурия журтунан
Жолой аттуу балбаны
Тогуз жүз төөгө чай жүктөп,
Жолго кирип калганы.
Төрт айдан бери жол жүрүп,
Аңгир жолго салганы,
Булардын душман экенин
Укпай-билбей калганы.
Кароолчуга капталып,
Кара-Шаарды бет алып,
Булар жолго салганы.
Кароолчунун бирөөсү
Как ушундай экен – деп,
Кабылан Манас балага
Кабарын айтып барганы.
Угуп алып эр Манас
Калкына кабар салганы.
«Кудайымдын бергени,
Куюн айдап келгени!
Алданын анык бергени,
Ажал айдап келгени!»
Аны айтып эр Манас
Добул согуп кү .гүрөп,
Тоо көчкөндөй дүңгүрөп,
Керней-сурнай тарттырып,
Керикке кошун арттырып,
Кырк эки миң кол менен,
Чыбанга барчу жол менен
Азыр жөнөп калганы,
Астын тосо барганы.
Аламанды коюшту,
Калмак менен кытайды
Алты-бештен союшту.
Жүз токсон төрт кишини
Баарын кырып өлтүрүп,
Бүтүрдү тамам ишини.
Жолой балбан калыптыр,
Жаңгыз уруш салыптыр.
Ачбуудан деген аты бар,
Ал атына караса
Айбандан башка заты бар.
«Лаат-манат колдо!» – деп,
Ыйлап айткан даты бар.
Он эки карыш казандай
Оң колунда күрсүсү,
Жылас болгон Жолойдун
Буларга айткан бир сөзү:
«Жашым жаңы жыйырма бир,
Бурут болбой жерге кир,
Эсенкан эсен турганда,
Эсиңди кудай урганда,
Жалгыз мени көптөдүң,
Жолдошумду өлтүрүп,
Канын суудай төккөнүң.
Куп силерден өлөрмүн,
Эгер өлбөй тирүү бар болсом
Кутулганың көрөрмүн,
Кумга башың көмөрмүн,

Курумдай каның төгөрмүн,
Кончтой колуң сөгөрмүн.
Эске албадың жанды – деп,
Эсенкан сындуу канды – деп,
Эркексиген буруттар
Качан башың ачылып,
Кандык тийип калды? – деп.
Каным жаткан Каканчын,
Бадышам жаткан Бакбурчун,
Байкатайын саа журтум.
Жыбырап жаткан Чынмачын,
Кеңири шаар Кантонду,
Тагалар калаа, Таңшаң,
Кара-Куяң, Каспаңды,
Укпайсыңбы кытайдын
Дүнүйө жүзүн басканды.
Күн жүрүүчү жагымда
Күлдү журтум Маңгуну,
Байын-Коюр жерим бар,
Бирөөнө миңиң чак келбес
Сазаңшаң деген элим бар,
Уга-көрө олтуруп,
Не катылар демиң бар?!
Куяс дөөдөн тараган,
Бугу, марал кармаган
Муртат жапан элим бар,
Мынча мени таладың
Неден алган демиң бар?
Эски Бээжин шаар болсо,
Эсенкан эсен бар болсо,
Көрөрмүн таңда көтүңдү,
Бооруңдан алып өтүңдү,
Жоготормун баарыңды,
Жоботормун карыңды,
Жол кылармын шаарыңды,
Жоктугуңду билбейсиң
Түрк уулулар арыңды.
Неме койбой эркегиң
Бордоку койдой сойбосом,
Катын менен кызыңды
Кан ыйлатып койбосом.
Калкыңды койбой кырбасам,
Катыныңды отун кылбасам,
Катын кылып кызыңды,
Кагармын сенин тишиңди,
Бүтүрөрмүн ишиңди,
Жолукпай жүргөн экенсиң
Жоготуучу кишиңди,
Бата турган жай барбы?
Башка жактан кол келип,
Айрып калар бай барбы?
Какаңдын калкы каптаса,
Бурут сенин өзүңдө
Кутулуучу шай барбы?
Жануп жакта журтум бар,
Жанупта бар канча шаар,
Култаң, Байкүш дуу-дулар,
Арсалаң менен Будаңчаң,
Бурчак аттуу дөө бар,
Көкө теңир ага жар.
Бозкертик кан, Кырмуз бар,
Сармача балбан эрим бар,
Санат жеткис элим бар!»
Муну айтып чоң Жолой
Күрсүсүн колго күүлөдү.
«Атаңдын көрү каапыр!» – деп,
Айтты Манас буга кеп:
«Атың күлүк көрүнүп,
Аскерден качтың бөлүнүп,
Кайратың бар эр болсоң
Кайтып келип мага уруш,
Каның калсын төгүлүп,
Кабыргаң калсын сөгүлүп.
Көптүгүңдү айтасың,
Көпкөрүнөө шайтаның.
Элимдин камын жейсиңби,

Элсиз киши дейсиңби?
Жеримдин камын жейсиңби,
Жерсиз киши дейсиңби?
Түрк уулу түмөн элим бар,
Түркстан сындуу жерим бар,
Азыркы жерим Алтайда,
Капталым жатыр Каңгайда,
Сен, калкыңды айттың мындайда.
Уркун дайра улук суу
Аягымды уксаң бу,
Оң тарабым Орол тоо,
Ошо күндө Манаска
Ойногон киши калбас соо.
Ортосу Талас, башы Чүй,
Олуя-Ата, чоң Ташкент,
Орчун Кокон, Маргалаң,
Оро-Төбө, Самаркан
Бу да менин тууганым.
Букарда бар канча жан,
Балык менен Бадакшан,
Мамырда жаткан канча жан!
Кайып менен Чамбыл бар,
Кедейим башың чагылар.
Кебилстан, Кундуз бар,
Камас, Камыр канча шаар,
Каңгыраган каапырым
Эркексиген сөзүң бар,
Не деп сүйлөөр кезиң бар?
Арбагым Алла көтөрсө
Алармын алты шаарыңды,
Айрармын элден каныңды.
Калдайыңды кагармын,
Калааңдын баарын чабармын,
Жаң-жуңуңдун баарысын
Жайнаган отко жагармын,
Дуу-дуңдун баарын соёрмун,
Суң-дуңуңдун көзүн оёрмун.
Доотайың топко салармын,
Мен чыдаймын дегениң
Чыпкап башын алармын!
Бээжиниң берен салбасам,
Бери болсо каапырдан
Беш жүз шаарын албасам.
Кумулдан журтуң куубасам,
Типти тирүү жүрбөйүн
Түрк уулунан туубасам!
Камбылга каран салбасам,
Менин канкор атым курусун
Каканчыныңды албасам!»
Аны айтып акырып,
Ат койду Манас бакырып.
Астындагы Ачбуудан
Аябай камчы салыптыр,
Айбатынан чыдабай
Канкус тоону бет алып,
Качып Жолой калыптыр.
Астындагы Ачбуудан
Балтыры бала белиндей,
Учканы сырттын желиндей.
Аккула менен закымдап,
Арстан Манас жакындап.
Астындагы Аккула
Жаа огундай кыркырап,
Туягы тийген таштары
Туш-тушуна быркырап.
Арам өлгөн Ачбуудан
Аягы менен тик туулган.
Үстүндөгү Жолой дөө
Атка кылды өкүмдү,
Өлөмбү – деп өкүндү,
Мөндүсүн айтып өкүрдү,
Байнасын айтып бакырды,
Ач кайкаңга жеткенде
Арстан Манас жаш бала
Аркага найза матырды,
Кемердин четин жапырды,

Кедейдин шорун катырды.
Аркага найза мылгыды,
Аркан бою муз дагтан
Ачбуудан аты ыргыды.
Аккула менен токтолуп,
Алышар жоо жок болуп:
«Кап, сенини!» – айтыптыр,
Канкор Манас кайтыптыр.
Өлтүрө албай калдым – деп,
Манас кетти өкүнүп,
Өлө жазып калдым – деп,
Жолой кетти өкүрүп.
Өкүрүп жолго салыптыр,
Жарадар болуп калыптыр.
Дагалактын шаарына,
Кырмуз шаадай канына
Качкан бойдон барыптыр.
«Сиздерге чай жеткир – деп,
Жарлык кылды каныбыз,
Жапага калды жаныбыз.
Бир жүз токсон киши элек,
Жалпы өлдүк баарыбыз.
Күлүк экен атыбыз,
Күлдү кытай журтуна
Өтөр бекен датыбыз!?
Менин жөнүмдү сурасаң
Көкө-Ноор калмагы,
Көкө Тенир жар болуп,
Жаным тирүү калганы,
Жолдошумдун баарысын
Жалгызын койбой жалмады.
Биздин Турпан тоодо
Туулуп калган мал экен,
Жаңы асый жашы бар экен,
Ачбуудан атым болбосо
Ажалым анык жетти эле,
Абийирим анык кетти эле,
Ач кайкаңдуу муз дабан
Ашаарымда жетти эле,
Аркаман ары бир жанчты,
Ачбуудан керди арышты,
Тизгинге колум карышты.
Каргып чыкты карынан,
Кашага бийик жарынан,
Куйругум ысый түштү эле
Арканын аккан канынан.
Какандын калың журтуна
Балбандыгым билинген,
Басташканым бүлүнгөн.
Туулган жерим Чүй экен,
Турган жерим Көкө-Ноор,
Бадышалык балбан – деп,
Эки-Кемин жеримден
Эсенкан сурап алган – деп,
Эми көрдүм кордукту,
Көк Теңири жар болуп,
Өлбөй жаным калган – деп.
Көрдүм каным өзүңдү,
Уккун арыз сөзүмдү.
Алтай тоосун жердеген,
Аты Манас эр деген:
«Атам Жакып бай –деди,
Азаматым шай –деди,
Айтканымды угуп ал –деди,
Алыңкелсе кытайлар
Аянбай келип кал –деди.
Кырамын –деди –баарыңды,
Уратам – деди – жарыңды,
Кыламын – деди – каарды,
Төгөмүн – деди – заарды,
Канын суудай агызам
Каканчын – деген шаарды!»
Ушул айткан сөзү – деп,
Ырас айтам өзүм» – деп,
Чагып айтты дөө Жолой.
Кырмуз шаа угуп алганы,

Куп бир сонун сөз экен,
Айран-асыр калганы.
«Келсин мында Байман» – деп,
Доргого буйруп салганы.
Топтомолок бирөөсү
Кирип келди мултуюп,
Кулагы жок култуюп,
Муруну жок кеңкейип,
Эки бети деңкейип,
Бир көзү жок олоюп,
Бир колу жок чолоюп,
Көөдөндө ысык жаны бар,
Бирөө кирди сороюп.
Ордо толгон көп кытай
Дүргүп тура калышты,
Баарылары жүгүнүп,
Таазим кылып салышты.
Кырмуз шаа кеп айтат:
«Балам, Жолой – деп, айтат,
Аты Байман балбан – дейт,
Ачууланса адамдын
Башын жулуп алган – дейт,
Он балбанды кошчу алып,
Ошол Манас дегенге
Оңдурбайм – деп, барган – дейт,
Мына ушундай жарым жан
Манас кылып салган – дейт.
Алты ай болду келиши,
Айтып кабар бериши.
Жануп жаккы журтуна
Жуда кабар салгамын.
Манаска кошуун баруугa
Даярланып калгамын.
Эсиңе алып тез бол – деп,
Аскериң жыйып, кез бол – деп,
Даярдансын колуң – деп,
Тазалансын жолуң, – деп,
Баатыр, балбан алгын – деп,
Айтор, кыйын оңбойт – деп,
Азыр болуп калгын! – деп,
Билиндирдим кыйла кеп,
Бизге да жардам бергин! – деп.
Түпкү атаң Жапас төрөнү,
Түрк уулуна биз дагы
Дүмөк салып көрөлү.
Түгөтпөй болбойт түрк уулун,
Абыдан кууп алашын,
Колго тийсе койбоңор
Аты чыккан Манасын.
Талкалаңар татарын,
Кыргын салып кыргызын,
Бүтүн койбо катарын,
Эштек деген эли бар,
Бузук салып Кашкарга,
Булгар тоого таянып,
Келди деген кеби бар,
Кыпчактардан угулган
Төрө Төштүк беги бар,
Түрк уругу дегенден
Түк койбо деген кеби бар,
Мамбай деген шаары бар,
Маңгыт, кыйба, катаган,
Түрк, кыргыздын баары бар,
Ар жагында дарыя
Койро-Намут бою бар,
Багдатка чейин түрк уулун
Койбойм деген оюм бар.
Кайгырба, Жолой балам – деп,
Эсенкан эсен бар болсо
Өчүрбөй өчүң алар – деп,
Жолойду айтып соорoтту.
Илегерди алдырып,
Жаратка дары салдырып,
Жата турсун Кырмуз шаа.
Аны таштап салыңыз,
Култаң, Байкүш, Арсалаң

Булардан кабар алыңыз.
Бадакшан, Бурчак, Будаңчаң,
Ойлонуп көр аларды.
Бозкертик, Сермуз, Кырмуз шаа
Камданып жатыр алар да.
Аны таштап салыңыз,
Абалкынын сөзү бар,
Жаангер кожо дегендин
Ошо кезде өзү бар.
Азирети Ыйсага
Кызмат кылган кырк жылы,
Жаанга маалим сөзү бар,
Байгамбардан бата алган,
Жаанды кезип жүргөндөн
Жаангер болуп атанган,
Нече жылды ашаган,
Аз болгондо, ой тобо ой,
Сегиз жүз элүү жашаган.
Шам, Көпөнү сыдырып,
Мисир менен Кудусту
Бирин койбой кыдырып,
Көп насият айтыптыр,
Ары чети Нааран шаар
Магрубдун жанубу,
Мына ошо жерден кайтыптыр.
Туурасына Багдатка
Турук алып аз жылга,
Коросон менен Ыспанды
Кошо басып өтүптүр,
Үч ай жарым жол жүрүп,
Маймунага жетиптир.
Бадакшанды, Балыкты,
Кыдырыптыр ал жерден
Кыргыз, кыпчак калыкты.
Андан чыгып жол тартып,
Аргымакка жүк артып,
Келди Кебилстанга,
Кыштап жатты алты айга,
Кызмат этти далайга.
Барамын – деп, Мамбайга
Жолго кадам салыптыр,
Жолго жети конгондо,
Жолдон чыгып Нескара
Кожону кармап алыптыр.
Билер болсоң бу кожо
Мисирден зайып алыптыр.
Алганы он беш жыл болгон,
Бир баланы төрөгөн,
Баласы он бир жашында,
Бала-чака, катынын
Баарын алып жөнөгөн.
Жаангерди кармап алыптыр,
Кырмуз шаа канына
Алпарып берип салыптыр.
Бекер жүргөн бейкүнөө
Бендени неге кармайм – деп,
Коё берип кожону,
Кор тутцайм – деп, ошону.
«Катыныңменен жолдошуң
Кайда барсаң анда бар,
Карк алтын бооңменде бар,
Карап турсам туптуура
Душманчылык сенде бар.
Мындан жөнөп бараарсың,
Мусулмандын четине
Жетип кабар саларсың.
Жер майышкан кол алып,
Бизге келип каларсың,
Бүлдүрүп бүлүк саларсың.
Колуңдан келсе койбостон
Коргондуу шаарым аларсың,
Коё берсем баарыңды
Козголоңду саларсың.
Балаң мында калсын – деп,
Башкаларың барсын – деп,
Нескара айткан сөз менен,

Нече түрлүү эс менен
Кырмуз шаа баланы алганы,
Он экиде баланы
Кызматына салганы.
Отун жагып, суу ташып,
Ошондо бала калганы.
Баласы үчүн зарланып,
Байкуш кожо арданып,
Көзүнөн жашын тыя албай,
Аманат жанын кыя албай,
Энеси ыйлап кайгырып,
Эркесинен айрылып,
Боздоп ыйлап кайгырып,
Ботосунан айрылып.
Баласын таштап кете албай,
Башка шаарга жете албай,
Кум биябан бир чөлдө
Курду дүкөн бир жолго.
«Барып-келип тургандан
Баламдын жайын уксам!» – деп,
Мекен курду, жай салып,
Бекер жолго жайланып
Ээн талаа, эрме чөл,
Табылбаган жалгыз эл,
Күн чыгыш жагы Кайып-Бел,
Кудайдан тилеп зарланды,
Кум биябан талаада
Куруп дүкөн жайланды.
Куп тилеги жеткен соң,
Кудук берди кудурет.
Ар качандан бир качан
Ага түшүп токтолот,
Ага кусур айткандан
Адам уулу болгондор
Азыр да өлүп жок болот.
Эригип кожо бир күнү
Эрмекке карап олтурса
Эки-үч келди көгүчкөн,
Ошо кудук суусунан
Чөлдөгөн экен көп ичкен.
Көгүчкөн сууну көрүптүр,
Көп чаңкаган кептерге
Баарына кабар бериптир.
Сан жеткисиз көгүчкөн
Жана келип конуптур,
Жалгыз жаткан Жаангерге
Жакшы эрмек болуптур,
Жан жактары кептерге
Санат жеткис толуптур.
Күндө кожо жем чачып,
Көгүчкөндү багыптыр,
Ошол үйдү бакалап,
Уяларын салыптыр,
Ошо жердин өзүндө
Жети жылы калыптыр.
Аңдабайды нааданы,
Акыр заман адамы,
Насип айдап, туз буйруп
Барып көрсөң сен аны
Күндүн көзүн байлаган,
Көптүгү курттай жайнаган
Көгүчкөндү көрөсүң,
Эки булуң болсо да
Бирөөнө жем алып,
Көгүчкөнгө бересиң.
Эгер бербей өткөнүң
Бир балааны көрөсүң,
Эгер аман калганың
Ат-тонуңдан айрылып,
Анан элиң көрөсүң,
Анык кусур кылгандар
Эч болбосо ажалдан
Элүү күн мурун өлөсүң.
Жеркенден ары өткөндө,
Сегиз күндүк жеткенде
Улуу өзөн кеткен жолу бар

Кумулга барып урунган,
Жолдун бирөө жана да
Котонду көздөй бурулган.
Кумга кылган ырабат
Кумарайым бадыша
Кудаанын ысмын жат алган,
Кыяматка жеткенче
Кумарайым аталган.
Өткөн кеп дебей көнүңүз,
Ынабаса көңүлүң
Өзүң барып көрүңүз.
Жети жыл жатып кожоңуз
Жер кучактап ыйлады,
Ыйлап жашын тыйбады.
Келди Кызыр кашына,
Ырайым этти башына:
Ыйлабагын балаңа,
Сенин зарлыгың жетти Алдаңа,
Ан үчүн келдим мен сага.
Түбү түрктүн уругу,
Каракан болгон улугу,
Караканга караган,
Катаган болуп тараган,
Жыйырма жети жашында,
Дөөлөт кушу башында,
Атасы мурун бай болгон,
Ар өнөрү шай болгон,
Асылган душман жай болгон,
Арзым Кошой атанган,
Андан эки бала бар болгон.
Чабылып кетип жөөткө,
Арзым Кошой башында
Жамандык түшүп башына,
Жардылыкта көп жүргөн:
«Жараткан берер!» –деп жүргөн,
Дарыядан жаянды
Сазан балык ордуна
Сууруп алып жеп жүргөн,
Билсем кебим ушу бар,
Бир-экинин үчү бар,
Ушу күндө Кошойдун
Бир өзүнүн башында
Миң балбандын күчү бар.
Бар – деди, – ошо балбанга,
Жайлаган Кундуз, Талканга.
Мусулмандын бөкөсү,
Жардам кылган көп жанга.
Сабыр кыл – деди – кудайың,
Айттым анын куп жайын.
Кызыр жолго салганы,
Кумарайым бадыша
Кубанган бойдон калганы.
Зарыгып кумда көп жатып,
Сатып ичип-жеп жатып
Азайган экен дүйнөсү.
Атын оңдоп миниптир,
«Алда!» – деп, жолго кириптир,
Кашкар кирип бакалап,
Атын бүгүн такалап,
Бычак салды кыдырaң,
Ополдун оюн кыдырган.
Ашып өтүп Кызылды,
Сапар кылды Узунду,
Нургаптын жолун басыптыр,
Санамар тоосун ашыптыр,
Талкандын түзүн басыптыр,
Кундуздагы Кошойго,
Кумарың жетти ошого.
Канык экен атына,
Кан кожо деген затына.
Угуп жүргөн кулагы,
Ушуга кызмат кылсам! – деп,
Ынтызар экен бу дагы.
«Кандай түрлүү келдиң?» – деп,
Жайы-көйүн сурады.
Азилим Ыбырайымдан,

Бани Ысырайыл баласы,
Башында туулган жерибиз
Мамырлуу Мисир калаасы.
Жаангер кожо аталдым,
Азирети Ыйсадан
Нак өзүнөн бата алдым.
«Акыр заман байгамбар
Анын жүзүн көрсөм – деп,
Ак буюрганга көнсөм – деп,
Үмөт болуп ага да
Бери болсо беш жүз
жылы жүрсөм» – деп,
Ан азирет байгамбар
Андан да дуба алганмын,
Анын үчүн бу жашка
Карыбай келип калганым.
Как ушул күндө, эр Кошой,
Кара тоодон чоң болду
Капалык менен арманым!
Коросонго барсам, – деп,
Козголбой жатып калсам – деп,
Оюма алып ошону
Жолго кадам салганым,
Арадан алты жыл өтүп,
Кебил келип калганым.
Кебилден чыгып Мамбайга
Бара жаткан жолумдан,
Байкасам арбын шорумдан,
Нескара деген эр экен,
Эки миң аскер кол менен
Жер чардаган неме экен,
Кытайдын элин аралап,
Бара жатсам бааналап,
Нескара кармап алганы,
Алып жүрүп далайга
Далбушуң деген шаарына,
Кырмуз шаа деген канына
Алып барды өзүмдү,
Улугуна барган соң
Узарттым мен да сөзүмдү.
Биринчи каны Эсенкан,
Экинчи каны бул экен,
Маңгү кытай уулу экен,
Айтсам укпай сөзүмдү,
Өлтүрбөдү өзүмдү:
«Өзүн тирүү коём – деп,
Душмандык кылса баласын
Туура ошондо соём – деп.
Жанын тирүү коём – деп,
Жамандык кылса баласын
Так ошо күнү соём!» – деп,
Баламды керүү алганы,
Башым катып калганы,
Ушундай экен Алданын
Бу дүнүйө жалганы!
Быйыл жети жыл болду,
Ичкерип мойнум кыл болду,
Жарык дүйнө түн болду,
Сени издеп чыкканым
Таамай кырк төрт күн болду.
Себеп болсо сенден – деп,
Жардам болор менден – деп,
Жараткандын сакчысы –
Кызыр кабар берген – деп,
Кыдырып издеп келдим – деп,
Жалгыз көргөн туягым,
Капа болуп өлдүм!» – деп,
Кан кожо кабар салганы.
Угуп алып эр Кошой
Айран азыр калганы.
«Каканчындын калкы экен,
Качандан угам кабарын
Кан болгон Кырмуз алп экен,
Баргандардын баарысын
Башын жуткан салты экен.
Нескара эри бар деген,

Нескаранын өзүндө
Жетимиш дөө жар деген.
Ажына-жини алтымыш,
Азезили сегиз дейт.
Уктум эле мурунтан,
Урушканын куруткан.
Дагалыктын шаары – деп,
Анда арбын турат – дейт,
Аярлардын баары – деп.
Жолдон чыгар жоосу көп,
Алдымдан чыгар аяр көп.
Атасынын көрү каапырга,
Айнып коркуп калбайын
Анжылык кытай жакырга!»
Муну айтып эр Кошой
Кебилстан, Сарсаңдан,
Шымал жагы Боспундан,
Аягы Маймын, Карстандан
Калкка кабар салыптыр.
Алтымыш миң кол алып,
Аттанып чыкты бер жакка
Дагалды көздөй жол алып.
Басып өтүп Нургапты,
Ашып өттү Кызылды,
Кадамы жеткен жерлери
Кара ташы бузулду.
Камап түштү Кашкарды,
Кашкардагы Найзакан,
Түндө келип эр Кошой
Найзаканды кайсады.
Кабарсыз басып калганы,
Кырк миң аскер кол келип,
Кыргынды кыйла салганы.
Түнү боюнча барганы,
Түккап басып калганы.
Калмактын баарын кармады,
Каршы-терши байлады,
Мен кытаймын дегендин
Немесин койбой жайлады.
Качырын сайга туйлатып,
Катый-кызын ыйлатып,
Чулдурлатып кытайды,
Дунганданмын дегенин
Уруп-согуп кыйратып.
Өзүбек, сарты бош калды,
Өзгөчө кыйла олжо алды.
Казак, кыпчак, кыргызды
Кароолуна тургузду.
«Кытай келсе келсин –деп,
Келгени менден өлсүн!» – деп,
Колду Кошой баштаган,
Дүйшөмбүнүн түнү экен
Түк койбой чаап таштаган.
Катыны көп, кызы арзан,
Кармап алган жигиттер
Каалаганын кылышып,
Көңүлдөрү тынышып.
«Ой-ай, аке, нетти? – деп,
Жаным чыгып кетти!» – деп,
Ургаачы накыш салышып,
Угуп калган карыя:
«Ургаачыга катылба,
Алданын каары толот – деп,
Жолуң болгур тийчү эмес,
Жолго кесир болот!» – деп,
Жаман ишти кылдырбай,
Жанынан алыс жылдырбай,
Бейжооп үйгө киргизбей,
Бекер жолго жүргүзбөй,
Кырк миң аскер шаарда,
Жаздын алды баарда,
Амал сүбүр айында,
Жыйырма миң аскери
Намуттун улуу сайында.
Урушуп өткөн мурунку эл,
Укканыңдын баарысын

Ошондой – деп, дайында.
Жетип Кошой келет – деп,
Жеркендин жолун кармады.
Басып кытай келет – деп,
Мангунт жолун кармады.
Алиги Кошой балбаны
Кырмуз канга барууга
Даярданып калганы.
Алла берген багы бар,
Алиги Кошой балбандын
Аярлыгы дагы бар.
Кылымга салмак убара,
Кытайча болду думана.
Барамын – деп, Даңгууга
Даярданып калыптыр.
Арууке деген зайыбы
Аны билип алыптыр.
Катыны келип кеп айтат:
«Катыгыраак жоо эле,
Кантесиң аны? – деп, айтат.
Мангунттан өткөн жолуңда
Жыпжылаңач башы бар,
Сегиз-тогуз жашы бар,
Жылаңаяк, жылаң баш,
Көйнөгү жок жылаңач
Бала келип калар – деп,
Жолуңдан чыгып алар – деп.
«Чүкөң болсо бергин!» – деп,
Жоболоңго салар – деп,
Чылбырга колу жетер – деп,
Колу тийсе чылбырга
Аты-тонуң баарысы
Күйүп-жанып кетер – деп.
Сака, чүкө салып бар,
Аз болгондо бир чейрек
Арбыныраак алып бар.
Андан өтүп барасың,
Аккан дайра суу болор,
Ар тарабы там болор,
Оокат кылып өзүнчө
Басып жүргөн жан болор.
Этекке салып тезегин,
Колуна алып кумганын,
Бир катынды көрөрсүң
Жол боюнда турганын.
Тарамыш сураар өзүңдөн,
Кабар ал менин сөзүмдөн,
А да катын аяры,
Ааламды бузган кыяры.
Адырга чыгып кийик ат,
Алты күнү күйүп жат.
Адырлардан аркар ат,
Тарамышын жыйып ал,
Тарамыш сурап турганда
Оолактан туруп берип сал.
Колу тийсе кокустан,
Колундагы кумганы
Жарты көлдүн суусу бар,
Баарын куюп турганы,
Төгүп ийсе кокустан
Карк болосуң көлүнө
Кайта көрбөй элиңди,
Бүктөйт минтип белиңди,
Унутпагын кебимди!
Чүкө бер деген баланын
Жүгүрүп сага келгени
Сени өлтүрүп, шол жерде
Чүкөңдү алам дегени.
Аркар, кулжа атыңыз,
Алты күн токтоп жатыңыз.
Ар кандай иш кылсаң да,
Аларга жетпейт датыңыз.
Мурунку келген балага
Бурулуп жүзүн караба,
Бир бирден чүкө атып өт,
Чүкөнү арбын алуучу,

Саларына койну жок,
Кыларына ойну жок,
Батыра албай чүкөсүн,
Бала ошентип жүдөсүн.
«Аке, чүкөңдү алгын – деп,
Батыра албай калдым» – деп,
Чүкөңү берсе албагын,
Капилет болуп калбагын.
Ал чүкөң – деп, турганда
Оң колунан кармагын.
Алың келсе аларсың,
Ажалың болсо өлөрсүң.
Агер тирүү бар болсоң
Сегиз жашта баланын
Ар өнөрүн көрөрсүң!
Ар жагында катындын
Тарамышын берерсиң.
Көп алган соң тарамыш
Тамашасын көрөрсүң!
Амандашып катыны,
Аттанды Кошой баатыры.
Келген жагын карасаң,
Кел-Тайлактын адыры,
Отуз аркар, беш кулжа
О жерден атып алганы.
Тарамышын тартышып,
Сака, чүкө артышып,
Төртүнчү күндө эр Кошой
Маңгунттан өтүп алыптыр.
Эки жакта талы бар,
Эгинчинин баары бар,
Карап турса көз жеткис
Калдайган калың шаары бар,
Каалагандын баары бар.
Көчөдө бар көп бала
Көрдү Кошой таңданып,
Арык суусун бойлошуп,
Ашык атып ойношуп,
Алиги Кошой баатырды
Думана деп ойлошуп,
Мазакташып калышты,
Баары күлкү салышты.
Баатыр Кошой абаңыз
Байкап өтөт ар ишти.
Жолго Кошой салыптыр,
Кере түштүк барыптыр.
Көз алдынан бир бала
Жылаңач чыгып калыптыр.
Жылаңаяк, жылаң баш,
Көйнөгү жок жылаңач.
Кошой бүгүн келет – деп,
Жолун тосуп электеп,
Жүргөн экен жол тосуп.
Кошойго калды жолгошуп,
Эки чүкө, бир сака
Колуна кармап алыптыр.
«Ой, думана, көргүн – деп,
Чүкөң болсо бергин!» – деп,
Жолдон бала чурады,
Кошойдон чүкө сурады.
«Аяр экен каапыр – деп,
Аңдыган экен акыр, – деп
Кырмуз шаанын аяры,
Айтат экен атайын
Күңгөй деген баатыр – деп,
Чантуунун иши кыйын – деп,
Кошой келип кол менен
Чаң салар кези бу жыл» – деп,
Күңгөй аяр кез болду,
Кеп айтышы тез болду.
Жеткирбеди балага,
Желип-жортуп бастырып,
Кошой өнөр баштады,
Жол боюна чүкөнү
Бирден-бирден таштады,
Бала тере баштады.

Токтолбостон эр Кошой
Ат чабым жолго барыптыр,
Артынан бала жүгүрүп,
Жакын жетип калыптыр,
«Думана сага жеттим –деп,
Батыра албай чүкөңдү
Жүдөп азыр кеттим – деп,
Алгын – деди, ашыкты,
Абыдан ойлоп кастыкты.
Балага Кошой келгени,
«Кана чүкөм?» – дегени.
Камындырбай баланы,
Баатыр Кошой барды да,
Оң билекти кармады.
Кармабаса билегин,
Катаган Кошой баатырдын
Кадыр Алла кудурет
Кабыл кылды тилегин,
Колундагы оң сака
Ошону менен атчу экен,
Ар канча дөө болсо да
Талкаланып жатчу экен.
Замбиректин огундай,
Же жазайыл мылтык тобундай
Ок болуп ойрон салчу экен.
Ар кандай бөкө болсо да
Ойрон болуп калчу экен.
Оң колдон Кошой алыптыр,
Жулуп алам колун – деп,
Тополоңду салыптыр.
Жолборстон бала күчтүүрөөк,
Жол боюнда алышты,
Кошойго кылды ар ишти.
Оң колдон Кошой алганы,
Орногон бир чынар
Терек боло калганы.
Жерди тээп эр Кошой,
Тамыры менен суурултуп,
Жерден сууруп алганы.
Каарданып бул аяр
Кара чаар кабылан –
Жолборс боло калганы.
Кармап Кошой кулактан
Көтөрүп жерге салганы.
«Жутмак элең Кошой» – деп,
Көпкөк темир кийинген
Жигит боло калганы.
Эр Кошой каршы турушту,
Эки күнү, бир түнү
Кошой буга урушту.
Экинчи түнү кеч болуп,
Күүгүм кирер кез болуп,
Күн чыгыштын жагынан
Түн карасы чыгыптыр,
Кайраттанып эр Кошой
Көтөрүп уруп жыгыптыр.
Кара дайра каны бар,
Калабалуу каапырдын
Кара суунун боюнда,
Каңтар тоонун оюнда,
Кара жыгач башында,
Кара куш болгон жаны бар.
Абакең Кошой жыкты да,
Көөдөсүнө чыкты да,
Кол-аягын байлады.
Астындагы сары аттын
Соорусуна жайлады.
Бөктөрүнүп алганы,
Бөрү жолдуу эр Кошой
Кара суу көздөй салганы.
Күңгөй аяр кеп айтат:
«Не кыласың сен Кошой?
Көп болгондо өлтүрүп,
Кесерсиң менин башымды,
Кырк жашка жашым жеткенде,
Келтирерсиң кайтадан

Жыйырма беш жашымды.
Миң кишилик күчүң бар,
Билем сени мурунтан,
Сага окшогон заңгардын
Бир кыйласын куруткам,
Атым Күңгөй дөө – деди,
Сага окшогон балбандын
Далайын кылган жөө» – деди.
Башы-көзүн тумчулап,
Барган экен эр Кошой
Кара суунун боюна,
Каң дак тоонун оюна.
Калың кара жыгачты
Аралап Кошой барыптыр,
Ар жыгачтын башына
Аңгарып көзүн салыптыр.
Карап турса бир жерде
Экөөнүн бою теңешип,
Олтурган экен кеңешип,
«Катаган Кошой келер – деп,
Кармап алып Күңгөйдү,
Жазайын жыгып берер – деп,
Кол-аягын бек байлап,
Кордук менен келер – деп,
Сенин башыңды жулуп алар – деп,
Күңгөй дөө өлүп калар!» – деп,
Олтурган экен ал экөө.
Баатыр Кошой угуптур,
Байкап сөзүн туруптур.
Астындагы сары атты
Асып Кошой байлады,
Асынганы Чаар бараң
Кырып, жышып, майлады.
Отун жагып белендеп,
Күтүп турду эр Кошой
Жарыктык качан келер – деп.
Таң саргарып көрүндү,
Абыдан жарык болсун – деп,
Күтүп туруп эринип,
Ал аңгыча жарыкта
Кара куш экөө көрүндү.
Чаар бараң бетке алганы,
Эки кара кушу – деп,
Өлүүчү жери ушу – деп.
Канаттын жапкыч мүрүгө
Эр Кошой ирмеп ийгени,
Чоргодой болгон кызыл чок
Казанчыкка киргени.
Ооз оту жарк этип,
Мылтык үнү тарс этип.
Кой боорундай ажал ок
Кушка тийди шак этип,
Кара жыгач башына
Куш кулады жалп этип.
Бир бутуна ок тийип,
Калган экен быркырап.
«Кагылайын, кан Кошой
Кыя көрбө жанымды!» –
Күңгөй балбан чыркырап,
Артылып туруп атына
Алла канча жалынды.
Баатыр Кошой барганы,
Бая жарадар кара куш
Башын үзүп салганы.
Лайла малум – деп,
Күңгөй өлүп калганы.
Чакыр-чукур чаң болду,
Кандай аяр өлдү – деп,
Калайык билип таң болду.
Күңгөйдү Кошой сойгону,
Чын шаарына бет алып,
Атка камчы койгону.
Кошой жолго салыптыр,
Эки күнү, эки түн
Арадан өтүп калыптыр.
Баатыр Кошой бабаңдын

Ар нерсе бар оюнда,
Аккан суунун боюнда
Терскен жеген төө жүрөт,
Ал төөнүн жанында
Бир катын басып жөө жүрөт.
Бир жеңин кийип алыптыр,
Бир жеңини кийбеген.
Баатыр Кошой байкаса
Күлүгүрөөк көрүнөт.
Аягы жерге тийбеген
Баатыр Кошой кеп ойлойт,
Анык аяр ушу экен,
Жолугайын – деп, ойлойт.
Жакындап Кошой барганы,
Катын көзүн салганы,
Кошойлугун билиптир,
«Ажал айдап келди!» –деп,
Арсаңарсаңкүлүптүр.
«Сен, эл кыдырган думана,
Эртеден-кечке убара,
Канжыгаңда тарамыш,
Биз бир карып бечара,
Кайыр кылып караңыз,
Тарамыштан бер – деди,
Жакын, бери кел!» – деди.
«Чечип алгын катын – деп,
Үркүнчөөк менин атым» – деп,
Оң жагын Кошой салганы,
Катын колун сунарда
Колундагы чайдоосун
Колунан Кошой алганы.
«Кой, Чайдоосту алба!» – деп,
Кошойдон келип талашты.
Колдон Кошой бербеди,
Миң кишилик күчү бар
Баатыр Кошой бабаңды
Бир кишидей көрбөдү.
Кошой аттуу, катын жөө,
Жакадан Кошой алганы,
Жаалы келип калганы,
Ачууланып абаңыз
Ал катынды көтөрүп,
Ташты көздөй салганы.
Талкаланды түк калбай,
Өлтүрдүм! – деп, турса да,
Башкача сонун иш болду,
Он алты жашта кыз болду.
Абакеңиз Кошойго,
Азап салды ошого,
Азап болбой не болду,
Апсун окуп, дем салды,
Абакеңиз Кошойдун
Эки көзү жоголду.
Кайсаңдап Кошой калганы,
Калбаны катып салганы.
Кошой колун сунганы,
Колдон чыгып кумганы
Көлкүлдөгөн көл болду,
Көз жетпеген сел болду,
Кошой абаң не болду?!
Койгулашып туруптур,
Кайсалактап эр Кошой
Эки колун сунуптур,
Бел бөксөдөн суу чыгып,
Сууда Кошой туруптур.
Катын тийди колуна,
Тартып Кошой алганы,
Төбө чачтан кармады,
Астындагы сары аттын
Өмгөгүнө салганы.
Кумарайым баашанын
Шондо бир тийди жардамы.
Аллооки акбар – деп, келип,
Кошойго бир дем салганы.
Абаңдын көзү ачылып,
Алдыдагы сулуу кыз

Жүргөн экен асылып,
Суу жоголуп, жер кургап,
Кошойдун көзү ачылып,
Алты күнү, алты түн
Күрөш кылды бүпбүтүн.
Алиги кыз-аярың
Оронгунун синдиси
Кубангер деген кар экен.
Бир өзүнүн башында
Тогуз жүз токсон сегиз балбандын
Баарынын күчү бар экен.
Күрөштү Кошой салганы,
Дин ислам балбаны
Миң балбандын күчү бар,
Абакеңиз эр Кошой
Алы-күчү толуптур,
Алты күн тамам болуптур,
Кыздын чачын буруптур,
Чаткаяктан кол салып,
Көтөрүп жерге уруптур,
Көөдөнүнө чыгыптыр,
Тил сүйлөөгө келтирбей,
Алкымга тилин тыгыптыр,
Астындагы сары атка
Канжыгага бөктөрдү,
Кан Кошой бөктөрүнгөнүн
Карап бу кыз, көз көрдү.
«Бараңмылтык түздөөр – деп,
Бадалдынын четине
Барып жанымды издээр!» – деп,
Уккан экен Кошойду,
Урушун көрдү ошонун.
Кылымдан ашкан кыяр – деп,
Ааламдан ашкан аяр – деп,
Дагалактын шаарына
Кошой келип калар – деп,
Келип калса шаарга
А дедирбей алар – деп,
Уккан экен ошо кыз.
Эр Кошойго кеп айтат:
«Кебимди уккун – деп, айтат.
Артынып алдың өзүмдү,
Айтамын сага сөзүмдү,
Өнөрүң артык көрүндү,
Көңүлүм сага бөлүндү.
Кайтарып басып жүргөнүм
Бир жүз сексен төө – деди,
Айбан эмес, төө эмес,
Баарысы сага окшогон дөө – деди.
Кылымды кезген бири бар,
Кырымдан келген бири бар.
Урууну кезген бири бар,
Урумдан келген бири бар.
Ойротту кезген бири бар,
Орустан келген бири бар,
Ойлодум муну билип ал,
Багдат, Мисир, Шам Кудус
Баарынан да куру эмес.
Алтымда апсун билгемин,
Жетимде жетик болгомун,
Тогузумда толгомун,
Дагалактын шаарынын
Жол милдетин алгамын,
Менменсиген бектерди
Жоболоңго салгамын.
Кароолчумун – элчимин,
Качан душман катылса
Калкка кабар берчүмүн,
Жалгыз жарым жүргөндү
Айдап төө кылчумун.
Кумганыма көл куюп,
Арбын аскер көрүнсө
Аны менен кырчумун.
Ар кандай мыкты болсо да,
Акыры анын башына
Акыр заман кылчумун.

Кайратың бар боюңда,
Канча сыйкыр оюңда,
Баатырлыгың билинди,
Балбандыгың көрүндү,
Балтырларым эзилип,
Барча денем бөлүндү.
Бадамдынын булакка
Жатарлыгың билинди,
Башчы болгон кара аркар
Аны атарлыгың билинди,
Жаным чыгып шо жерде
Жатарлыгым билинди.
Басташканын оң кылбас
Балбандыгың билинди,
Күңгөй дөөнү өлтүрүп,
Алгандыгың билинди.
Мени алып барарсың,
Бадамдынын булактан
Аркарды тосуп аларсың.
Аркар да өлдү, мен да өлдүм,
Тоо болгон көп адам
Убалына каларсың.
Мен өлөрмүн бу жайдан,
Кошой балбан сен болсоң
Коркпойсуңбу кудайдан.
Кумганым колго бериңиз,
Кубат-күчүм ошондо!»
Куп жалынды Кошойго:
«Мен Дагарга көзүң сал,
Башкага бербей өзүң ал!»
Кошой макул алганы,
Кызды атынан түшүрүп,
Кумганын берди колуна,
Куп тыңда сөздүн соңуна,
Абакеңиз Кошойдун
Иши келди оңуна.
Жыйылган канча тарамыш,
Кыз өнөрүн караңыз,
Үшкүрүп бир дем салыптыр.
Аркар, кулжа, кийик, куш
Баарысы болуп калыптыр.
Ошо жерде ошол кыз
Колуна кумган алыптыр,
Кумганга бир дем салыптыр,
Кумгандан суусун чубуртуп,
Аяк-башы жарым таш
Жерге куюп өтүптүр,
Жер бооруна бак өсүп,
Алма, жүзүм, алмурут,
Алча, анар дагы өсүп,
Орто жерге кырк кадам
Дагар кыз басып калганы,
Алиги бактан кырк чыбык
Кыркып келип туруптур,
Кыдырата шиш кылып,
Кырк кадам жерге уруптур.
Бир үшкүрүп дем салып,
Аяр кыз азыр туруптур.
Өнөрүнө көзүң сал,
Кудурети күчтүү кудаанын
Адамга берген арыбына
Аңдап көрүп айран кал!
Асты таштан-лаалдан,
Адам көрсө таң калган,
Сынчын көрсө баары алтын,
Шыбагын көрсө сары алтын,
Көргөндүн көөнү тоюнган,
Көөхардан накыш коюлган.
Үстүн көрсөң зумурат,
Адамзат караса
Көз уялып жумулат.
Банжарасы алтындан,
Бар асеми артылган
Алты бөлмө үй болду.
Алиги жыйган тарамыш,
Аңгемесин караңыз,

Аркар, кулжа, кой болду,
Жан-жагына карк толду.
Алтындаган табакка
Аз чейректей туз салды,
Бөлөк эмес кыз салды.
Табакты колуна алганы,
Кыз турду да кыйкырып,
Маэ-маэ – деп добуш салганы.
Айрысы бар, нары бар,
Бир жүз сексен төө баары бар,
Баары келди чуркашып.
Бир нерсени көргөндөй
Биринен бири өтө коюшат.
Биринен бири өткөнү,
Кызга тамам жеткени.
Апсун окуп, дем салып,
Табагын тосуп турганы,
Тузга башын сунганы,
Ирмеп тузду алганы,
Ушулардын баарысы
Адам болуп калганы.
Кай бирөө балбан экенин,
Кай бирөө баатыр экенин
Баатыр Кошой абаңыз
Байкап көзү жеткени.
Күрсүлөрүн күүлөгөн
Күчтүүлөрдү эми көр,
Барскандарын көтөргөн
Балбандарды эми көр.
Дагалак барар жолуна
Сээр менен иш кылып,
Жайдын күнүн кыш кылып,
Алыстан келген элчини,
Аңдоого келген ченчини
Аңдап көрүп алчу экен,
Катын болуп салбырап,
Жолун тосуп калчу экен.
Тарамышың бергин – деп,
Тамаша кылып салчу экен,
Жакын келип калганда
Апсун окуп, суу чачып,
Төө кылып койчу экен.
Карк беш жүзгө толгондо
Айдап барып Кырмуз шаа
Бирин койбой сойчу экен.
Бир жүз сексен болуптур,
Аяр кыздын көөнүнө
Абаң Кошой толуптур,
Тиймекчи болуп калыптыр,
Төө кылгандын баарысын
Тим адам кылып салыптыр.
Адамдын баары буркурап,
Абаң Кошой астына
Наалып келди чуркурап.
«Кайсы калктан калкыңыз?
Канга ылайык баркыңыз,
Отузда окшойт жашыңыз,
Таштан болсун башыңыз!
Катын бизди мал кылды,
Кайраты жок дал кылды,
Мал кылганда төө кылды,
Атыбыз кайда билбейбиз,
Баарыбызды жөө кылды.
Кандай жүргөн катын? – деп,
Кезиккен экен а сизге
Бу кыз кайдан келип жатыр» – деп,
Адамзат пендеден
Буга окшогон сулуу кыз
Чыгат экен акыр! – деп,
Атыңыз ким, айткын? – деп,
Так ушу жердин өзүнө
Качан келип калгансыз?
Калааны качан салгансыз?
Кызык экен бу жалган,
Кызды качан алгансыз,
Айтыңыз угалык» – дешип,

Абаңызга кеңешип,
Алар сурап турганы.
Баштан-аяк көргөнүн
Кошой кебин урганы.
Уккандар үшү кетишип,
Көргөндөр көзү жетишип:
«Баракелди Кошой! – деп,
Беш жолдошу кошо – деп,
Жабырашты баарысы,
Жашы менен карысы.
Кыздан Кошой кеп сурайт:
«Бул адамдардын ат-тону
Кайда болот?» – деп, сурайт.
«Ашыкпасын жакшылар,
Аты-тону табылар,
Ары чети сегиз күн,
Он алты болор күнү-түн,
Бери чети алты күн,
Он эки болор күнү-түн,
Ошого чейин даярлап,
Ок-жарагың куп күтүн,
Даярданып болгондо
Мен саламын бир түтүн.
Түтүндү көрүп төмөндөн
Араба салган ат келет,
Ат келсе да бат келет.
Ошол атты өлтүрсөң,
Анда кудай бергени.
Арабалуу ат келип,
Алдыңарга турганы,
Токтото албай, кармабай
Куткарып ийсең ал атты
Силерди кудай урганы!»
Кыз кеңешти баштады,
Алигинин баарына
Алты бөлмө сарайдын
Төртөөн берип таштады.
Аркар, кулжа, кой болуп,
Көргөнү кызык той болуп,
Киргени сарай үй болуп,
Ар жемиштен татышты,
Алигинин баарысы
Аңгеме сезүн айтышты.
Кыйбат баа оорун жайлады,
Кызды келип Кошойго
Кыркы нике байлады.
Мамык орун салыптыр,
Баатыр Кошой бабаңыз
Барып жатып калыптыр.
Бая өзүң билген жумушту,
Өзгөчө кылып тунушту.
Кыздын көөнүн тындырды,
Коройгон шагын сындырды.
Жаага кошуп ок кылып,
Милтесин кызыл чок кылып,
Даярданып толуптур,
Так сегиз күн болуптур.
Сулуу кыз чыкты суналып,
Суу чыбыктай буралып,
Колуна кармап бир дүтар,
Кыздан кыйла иш бүтөр,
Дөбөгө чыгып барыптыр,
Төрт жылгынды колго алып,
Экөөн жерге таштады,
Кыз өнөрдү баштады.
Камчы саптай жылгынды
Оң колунда бирөө бар,
Сол колунда бирөө бар,
Эки колго экөөнү
Кармап алып турганы,
Жерде жаткан жыгачты
Дем салып бу кыз урганы,
Тегереги төрт кучак
Чынар болуп турганы.
Кыз чынарга карады,
Оң чачынан тарады,

Доолдогон чынардын
Бутагына байлады.
Байлаганда бу чынар
Добушунан жан чыгар,
Баркырады, кайнады.
Түтүн чыкты созулган,
Дүйнө жүзү баарысы
Күңгүрөдү ошондо,
Көргөндөр айран калганы.
Көк баписке, күймөлүү
Арабаны сүйрөгөн
Бир чабдар ат барганы.
Башкалары көрүнбөй,
Басып бу кыз барганы.
«Кайдасыңар, карма!» – деп,
Кыз айгайды салганы.
Бир жүз сексен кишиси
Жүгүрүшүп барышып,
Алтоо, жетөө биригип,
Ат жылоодон алганы.
Ачты эле оозун,
Дарбазадай оозу бар,
Оозуна кирди ошолор.
Бир жүз сексен кишини
Үч сугунуп чабдар ат,
Тамам кылды ишини.
Жалгыз Кошой калганы,
Чабдар атты жылоолоп,
Кулагынан алганы.
Ар бир түрлүү мөңкүдү
Оңдуруучу Кошойбу,
Оңой-олтоң адам – деп,
Ойлобогун ошону.
Кулактан абаң алганы,
Араба менен арбайтып,
Ат-маты менен тарбайтып,
Аңгеме көргөн алиги
Абаң Кошой төрөдөн,
Араба менен, ат менен
Айландырды төбөдөн,
Күндөн көзү көрүнбөй,
Күчү бар абаң эринбей,
Айлантып азыр турганы,
Алты имерип эр Кошой
Көтөрүп жерге урганы.
Кайратына Кошойдун
Кыз кубанып турганы.
Чабдар ат жерге чабылды,
Чаткаягы жарылды.
Топ замбирек атылды,
Кыпкызыл чок жайнаган
Шашкелик жерге чачылды.
Атты Кошой жыкканы,
Алиги көргөн жүз сексен
Каруу-жарак асынып,
Алар аман чыкканы.
Элинен чыккан жарагын
Чабдар аттын ичинен
Эсен тапты карагын.
Алып жүргөн жарагын
Чабдар аттын ичинен
Аман тапты карагын.
Алиги көргөн жүз сексен
Алар чыкты чубашып,
Алардын арка жагынан,
Аз болгондо алты жүз
Адам чыкты чуулашып.
Араба менен сарт чыкты,
Ат-тону менен март чыкты,
Катын чыкты, кыз чыкты,
Канча сонун иш чыкты,
Жүгү менен төө чыкты,
Күрсүлөрүн күүлөгөн
Элүү балбан дөө чыкты,
Кара мал канча көп чыкты,
Күн көрбөгөн, жел тийбей,

Жыргап жаттык – деп, чыкты.
Чабдар ат ичи жарылды,
Жоктун баары табылды.
Чабдардын мойну кыйылды,
Күнү-түнү чубашып,
Так маалында тыйылды.
Аңдамакка, көрмөккө,
Абаң Кошой кирмекке
Кыялына алганы.
Элдин чыккан жеринен
Эр Кошой башын салганы.
Аттын ичин караса
Адыр-адыр тоосу бар,
Аккан булак суусу бар,
Ар дүйнөнүн көбү бар,
Айбан оттоор чөбү бар,
Аңгемесин көрүп ал,
Каалагандын баары бар,
Карарып жаткан шаары бар.
Кыз Кошойго кеп айтат:
«Ат эмес, баары сээр –деди,
Арып менен дубанын
Күчүнөн турган жер – деди,
Өлтүрдүм – деп, ойлобо,
Бул ат менен ойнобо.
Акыл айтам, ук – деди,
Ылдам тышка чык!» – деди.
Кошой кызды ээрчитип,
Тышка булар чыкканы,
Кыздын кебин укканы,
Кыз шо жерде кеп айтат:
«Чабдар атка бак – деди,
Оң колунун такасын –
Балка берди, как – деди.
Сууруп алсаң такасын
Өлгөнү ошо ат – деди,
Суурaлбасаң такасын
Учкаштырып мени да
Узак жакка кач!» – деди.
Балканы колго алганы,
Басып келип эр Кошой,
Ыргап-ыргап таканы,
Копшотуп алып коңторуп,
Балка менен бир салды,
Бабаң Кошой таң калды.
Така ыргыды шарк этип,
Дүйнө жүзү от болду,
Жашылдайын жарк этип.
Араба жок, ат да жок,
Алиги көргөн жер да жок,
Аттан чыккан эл да жок,
Калдайган калың шаар жок,
Көрүнгөндүн баары жок.
Сээр экен жалгандан,
Болгон экен ушундай
Кыз жол тосуп калгандан.
Ээрлери шалдырап,
Нечен жүргөн аттар бар,
Эки жыл мурун Кырмузга
Беш жүздү берип коюптур.
Баарын барып шаа Кырмуз
Немесин койбой союптур.
Эки жылдан бер жагы
Бир жүз сексен болуптур.
Бир жүз сексен жолдошу,
Баатыр Кошой жолборсу.
Кыз Кошойго кеп айтат:
«Беш жүз аттын ээси
Кырылып кеткен – деп, айтат.
Бу да сиздин малыңыз,
Беш жүз аттын баарысын
Олжо кылып алыңыз!
Кудай кошту өзүңө,
Кулак салгын сөзүмө.
Не себептен барасыз
Кырмуз шаанын өзүнө?

Мурунтадан аралап,
Көрдүң беле элини,
Кырмуз шаа сындуу эрини?
Кол салып барып өзүңдөн
Чаап кеткен эл барбы,
Талкаланган жер барбы,
Кандайлыктан барасыз?
Каары катуу бул бир кан,
Бир өзүнө караган
Эсеп жеткис канча жан.
Катылбаса өзүңө
Кайтсаңыз деймин шу жерден.
Дин мусулман уулунун
Сыйынганы Шаймерден,
Жолдошу жок жалгызсыз,
Жолдо Күңгөй аярды
Эрлик менен алыпсыз.
Мында келип токтолуп,
Он беш күн туруп калыпсыз,
Кырмуз шааны куп издеп,
Оюңа бир иш алыпсыз.
Эрлигиңди билмекке
Нече күнү алыштым.
Аярлыгың билмекке
Алты күнү салыштым.
Алла Таала кудурет
Ашык кылды өзүңө,
Ай катарлуу көрүндүң
Акыры менин көзүмө.
Аманатым сактадым,
Алты жүз сексен эр көрүп,
Асили сендей таппадым.
Коштум сизге боюмду,
Мусулман болбой кокустан,
Бузулуп кетет экен – деп,
Мындайды чыгар оюңдан.
Календер болуп каласыз,
Кан Кырмузга барасыз.
Каалаганың немине,
Кандай нерсе аласыз?»
Кыз минетип сурады.
Абаң Кошой турады:
«Өлүү эмеспиз, тирүүбүз,
Кожо кылып, кол берген
Биздин болот пирибиз,
Пирге мүшкүл түшкөн соң
Өлүмдөн качпай киребиз.
Жаангер кожо олуя
Кармап жолдон алыптыр,
Баласын алып кетүүгө,
Байкуш кылып салыптыр.
Сегиз жүз элүү жашаган,
Теги тези кайтпаган
Каапыр менен мусулман
Кай бир түрлүү баашадан,
Каапыр да болсо сыйлаган,
Кадыры жандан сынбаган,
Мусулман болсо сыйлаган,
Бу дүнүйөдө сынбаган,
Мурунку өткөн Ыйсадан
Кызмат кылып, бата алган,
Кыдырып ушу жаанды
Жаангер кожо атанган.
Карыганча бу киши
Катын албай жүрүптүр,
Аз жыл болду алганы,
Көргөн экен карыганда
Көрктүү жакшы баланы.
Баласын Кырмуз алыптыр,
Душмандык кылса өлтүрөм,
Кожого айтып салыптыр,
Колго түшүп баласы
Кырмуз шаада калыптыр.
Алың келсе баламды
Аман-эсен аламбы?
Кокустан бирөө кеп айтса,

Мусулмандан кол келет
Дагалакка, – деп айтса
Өлтүрдү – деп, баламды,
Айласын тапкын мунун – деп,
Кожо мага барганы.
Мусулмандан кол алдым,
Алтымыш миң мол алдым,
Капылеттен басууга
Кашкарды көздөй жол алдым.
Кырк миң аскер кол менен,
Кол бийлеген зор менен
Кызыл менен жол салдым,
Караңгы түн чагында
Кашкарга келип кол салдым.
Жаптырбадым капкасын,
Жайладым далай даткасын.
Кашкардагы Найза кан
Кошой агаң кайсаган,
Жыйырма миң аскерди
Чыгарып койдум жолуна,
Аман калбайт жолуккан
Ал аскердин колуна.
Таштап коюп ал элди,
Кырмуз шаага баруууга
Көңүлүмө иш келди.
Капкадан жаңы чыгарда
Арууке деген катыным
Астыман чыгып кез келди.
«Алты күнү жаткын – деп,
Аркар, кулжа аткын – деп,
Ашыктарын алгын – деп,
Анан кийин баргын» – деп,
Аяр эле Арууке,
Айтып-айтып билгизди,
Анан жолго киргизди.
Көңүлгө түшкөн ала үчүн,
Мен барамын Даңдаңга
Кожодон калган бала үчүн!»
Кыздын көөнү сөгүлдү,
Бурчактап жашы төгүлдү.
«Кожонун уулу Билерик
Биз кудайдан тилейлик!
Канчырынан кан тамган,
Кара көздөн от жанган,
Сурайылдай суналган,
Суу чыбыктай буралган,
Көрдүм эле башында,
Он үч жашар жашында.
Эрмек кылып эки айга,
Алтымыш күнү аралаш
Кылышкамын кызматты.
Аягында ал үчүн –
Андай азиз бала үчүн
Сөөгүмдү сыздаттым.
Сыздатканым мааниси
Моюнга түштү зоолусу,
Аякка түштү кишени,
Ага кайдан ишенди?!
Будаңчаңдын аяры
Бузуп кабар салыптыр:
«Мусулман Кошой келет – деп,
Бузуп-бузуп шаарыңды,
Жазайыңды берет – деп,
Өлтүрүп койгун баласын,
Өлтүрбөсөң баласын
Өкүнүчкө өзүң каласың,
Сексен бөлөк шаарыңа
Убал кылып саласың!»
Уккандан кийин ошону,
Балага каарын салганы,
Кол-аягын бекитип,
Чынжырлап байлап алганы.
Кырк кулач темир зындандын
Чаай түбүнө салганы.
Эки күндө бир нан жеп,
Эгем Таала колдо – деп,

Бала жатып калганы.
Угуп билдим баладан
Бир кудаанын барлыгын,
Шариятты жана уктум
Байгамбардын жарлыгын.
Тилиме келме келтирип,
Шол напсини өлтүрүп,
Мусулман болдум мурунтан,
Мында келди канча жан.
Миң кишилик күчү жок
Билимсиздер жолукту,
Окуп өнөр билбеген
Илимсиздер жолукту.
Атам Тосоң бу да бек,
Ага-иниси жуда бек,
Калдай, доотай баарысы,
Жашы менен карысы,
Дагалакта калаасы,
Кырмуз менен менин атам
Ага-ининин баласы.
Атамда алтын мол болгон,
Аскери жүз миң кол болгон,
Кара малга сан жетпейт,
Байлыгын уксаң шол болгон,
Ороңгу деген таянем,
Будаңчаңга зор болгон.
Алтымда амал окудум,
Анда Алданы билбедим,
Алтындан бутка чокундум,
Кешмирден илим келтирип,
Тогузумда токундум.
Он үчкө чейин ойнодум,
Билериктен кеп угуп,
Бир кудай бар – деп, угуп,
Ар бир акыл ойлодум.
Он төртүмө келгенде
Калкка кабар салганы,
Канча аяр бар өнөрпоз
Кашына жыйып алганы.
Кырмуз шаа калкка кеп айтты:
«Артык билген аярдан
Кайсыныңмында? –деп, айтты.
Дин ыслам уулунан
Динге балбан кулунан
Түбү түрк кыргыздан
Түп атасы Кара кан,
Катаган болуп тараган,
Кообум бар Кошой аярдан!
Өнөрүңө салыңар.
Ары балбан, ары аяр
Тандалып чыга калыңар,
Келер Кошой жолуна
Ишенимдүүң барыңар!»
Айтканын угуп алышты,
Кырмуз шаанын астында
Ар өнөрүн салышты,
Өлчөп турсам өзүмө
Тең келишпей калышты.
Күчүм артык көрүндү,
Аярлыгым, өнөрүм
А шаардан бөлүндү.
Бар келет бу кыз Кошойго,
Баргын – деди – ошого.
Кан жарлыгын уккамын,
Эки батман дилде алып,
«Не да болсо көрдүм!» – деп,
Шону менен чыккамын,
Алты жүз сексен кишини
Арып менен жыккамын.
Аягында сен келдиң,
Алты күнү алышып,
Алым келбей сенделдим.
Боюмду кошуп боюңа,
Актыгымды мен бердим.
Барамын десең Кырмузга,
Мындан ары карата

Он эки күндүк жол болор,
Он эки күндүк жолуңда
Кезендеси мол болор.
Чытырман токой чер болор,
Аюу, жолборс, кабылан
Албан түрлүү шер болор,
Алдырсаң алым не болор?!
Андан өтүп барганда
Эски коргон чалдыбар,
Кент бузулган там болор.
Ошо тамга киргенде
Кер чолок минген аты бар,
Кементай кийген тону бар,
Жарым кулач бөркү бар,
Календердей көркү бар,
Салам берер коома – деп,
Сен сүйлөгүн, ооба – деп,
Дилгиртпей туруп тилин кес,
Тилге албай туруп көзүн теш,
Баа дедирбей башын кес.
Жанагы өлгөн чабдар ат
Нак ошонун арыбы,
Календердей көрүнөт
Каапыр чалдын калыбы.
Алтымыш аяр биригип,
Алардын кылган өнөрү
Араба менен чабдар ат.
Алиги чал кезиксе
Чапкын кылыч шого бат.
Чалды өлтүрүп иерсиң,
Аты-тонун, жарагын
Өзүң баарын киерсиң.
Ошо чалдын мойнунда
Жетимиш баштуу буту бар,
Мойнуңа алып илерсиң,
Жетимиш түрлүү тил болсо,
Немесин койбой билерсиң.
Чал болуп алып калаага
Жылдыз чыга кирерсиң,
Зындандагы баланын
Кабарын шондо билерсиң.
Кош бар, аман болгун!» – деп,
Кыз сүйлөдү мынча көп.
«Көп кечикпей келгин – деп,
Көп кечигип калганда
Көңүлүм болбос менин – деп.
Барсаң мына жолуң – деп,
Аман-эсен болгун!» – деп,
Кыз узатты Кошойду
Кошой ойлоп ар ойду,
Дагалак жакка бет койду.
Баса турган бу жолу
Балчык экен, суу экен,
Суусунун жээгинде
Баркылдап учкан куу экен.
Эки күнү жол басып,
Эр Кошой жолго кириптир.
Чытырман токой чер экен,
Адам жүрбөс жер экен.
Жалгыз аттын жолунда,
Чоң күрсүсү колунда,
Бараң мылтык жонунда,
Ыспаны кылыч белинде,
Жан жүрбөстөй жеринде.
Жолунан жолборс чыгыптыр,
Катылган жолборс баарысын
Күрсү менен бир уруп,
Келгендин баарын жыгыптыр.
Жети күн тамам болгондо
Токойдон Кошой чыгыптыр.
Жол боюнда катылган
Тогуз жолборс, эки аюу
Бир-бир уруп жыгыптыр.
Жарым күндүк барганда
Карарып жаткан бак көрдү,
Калдайып жаткан там көрдү,

Арасында ал тамдын
Ар бир сонун жан көрдү.
Маймыл экен байкаса,
Бастырып Кошой калганы,
Баягы көргөн маймылдар
Чаркырап добуш салганы,
Ал добушун уккан соң,
Кер чолок аты астында,
Кементай бар үстүндө,
Календердей көркү бар,
Башында кийиз бөркү бар,
Балта кыстап белине,
Бастырып келип ошо чал
Баатыр Кошой эриңе,
Чал сүйлөдү: «Коома!» – деп,
Кошой айтып: «Ооба!» – деп,
Кылычты Кошой алганы,
Чал бурулам дегенче
Мойнуна кылыч салганы.
Чалдын башы чалк этип,
Кошойдун колунда кылыч
жарк этип.
Кыйкырык чыкты бу чалдан,
Кыйла жерин караса,
Кыпкызыл болуп от жанган.
Бабакеңиз мойнунан
Сексен баштуу бутту алган.
Бутун көрсөң баары алтын,
Чоңдугу бар баладай,
Ичи көңдөй сары алтын,
Киндигинде ачкыч бар,
Бурап көрсө сөз чыгар.
Боосун алып эр Кошой,
Моюнуна салганы.
Баягы көргөн тамдары,
Бакырган маймыл жандары,
Сыйкыр экен баарысы,
Неме калбай заңгары,
Ээн талаа, куру чөл,
Эр Кошой жөнөп калганы.
Эртеси жок кечинде,
Куптанга жакын кезинде
Астындагы сары аттын
Жүгөнүн алып бош койду.
«Оттоп, суулап алар – деп,
Окус өлсөм сөөгүмдү
Алып кетип калар!» – деп.
Аты-тонун таштады,
Абаң өнөр баштады.
Керчолок атты минди эми,
Кементайын кийди энди,
Кержеңдете бастырып,
Капкага Кошой кирди эми.
Оң жагына караса
Оозун ачып күркүрөп,
Көргөндүн бою дүркүрөп,
Отуз жети шер турат.
Сол жагына караса
Араандай оозу ачылып,
Заарлары чачылып,
Күркүрөшү күндөй бар,
Жашыл-кызыл көрүнүп,
Ыраңы жазгы гүлдөй бар,
Узундугу жүз кулач,
Умтулуп турган ажыдаар.
Кошой жолго салыптыр,
Баатырлык эмей неткени,
Коркпостон кирип кеткени.
Канаттары он кулач,
Караса көзү чөйчөктөй,
Тырмагы бар бир кулач,
Адамды көрсө тайманбай,
Ат-тону менен кишини
Бир чокуп, жутуп койгондой,
Көрдү Кошой ушуну.
Көзүн кушка салыптыр,

Көрүп айран калыптыр.
Абаң Кошой өткөнү,
Ары жүрүп кеткени.
Баякылардын баарысы
Сүрөт экен, сээр экен,
Жылдыз чыга эр Кошой
Калаага кирип караса,
Кайнаган калың эл экен.
Элди көрүп аралап,
Эр Кошой турат: «Алдалап!»
Биринин тилин билбеди,
Моюндагы бутунун
Ачкычын бурап ийгени,
Алардын тили Кошойдун
Кулагына киргени.
Каапырдын калкы динге кас,
Калк ичинде караса,
Эрди желки, сары таз:
«Кан жарлыгын уккун – дейт,
Ката дебей туткун – дейт,
Кыргыз Кошой кыйындын
Келер күнү бүгүн – деп,
Келип калса ал Кошой
Жаныңыздан түңүл – деп,
Байкагыла баарың – деп,
Жашың менен карың – деп,
Жат киши көрсөң жалма – деп,
Капилетке калба – деп,
Чоочунду көрсөң союңар,
Мындай киши сойдук – деп,
Эртең менен Кырмузга
Кабар берип коюңар.
Жат киши көрсөң жарыңар,
Жалгызың жатып уктабай
Сак болуңар баарыңар,
Дагалактай шаарыңар,
Тааныган чеки иш кылса
Зынданга камап салыңар!»
Муну айтып сары таз,
Мусулманга жаман кас,
Айгайлап айтып турганы.
Астынан өтө берерде,
Абакең кылыч урганы.
Кылыч тийди мойнуна,
Карап көргүн Кошойдун
Кылып турган ойнуна.
Таздын башы кесилди,
Абакеңиз эр Кошой
Шаарга кирген кечинде.
Таз өлгөнүн көрүштү.
«Кан жигити өлдү – деп,
Керчолок минген Кемек чал
Денеден башын бөлдү – деп,
Не күнөө кылды билбейбиз,
Кемек чал кылыч салды – деп,
Сары таз өлүп калды» – деп,
Кабарсыз Кошой буларга,
Кайнатасы Мунарга
Кабарды жетип салганы.
Мунар буюрду доргону:
«Кемекти кармап ал – деди,
Кесирлүү кандай чал?! – деди,
Өлүм зындан ичине,
Өлтүрүүчү кишиге
Кошуп барып сал!» – деди.
Жети дорго жабылып,
Жетип келип калганы,
Абаң Кошой балбанды
Тегеректеп жетөөсү
Зынданга алып барганы.
Баштап барды зынданга,
Байкаңыз бабаң кылганга.
Ар жерде зындан бар экен,
Алтымыш шаты койдурган
Асты бийик жар экен.
Баарын соккон темирден,

Туюк темир там экен.
Жетелешип жетөөбү
Алып кирди Кошойду.
Абакеңиз эр Кошой
Аңдап көрдү ошону.
Ал зындандын түбүндө
Он төрт киши бар экен,
Бая өзүңүз уккан сөзүңүз,
Өлтүрүүчү жан экен.
Ошолордун ичинде
Билерик бала бар экен.
Билерик айтып кудайды
Билиндирген жан экен.
Күндө келип баланы
Кыйначу Кемек чал экен.
Бала көрүп бакырды
Баягыдай кылат – деп,
Бала көрүп бакырды,
Келди – деп, Кемек каапырды.
Аяр уста иштеген,
Ар жеринен бир күндө
Бир мыскал этин тиштеген.
Набнор кычкач алчу экен,
Билериктин этинен
Бир мыскал этин кычкачтап,
Үзүп алып салчу экен.
Кошойду көрүп Кемек – деп,
Кыйноого мени келет – деп,
Чыңырды бала ордогу,
Кошойдон коркуп шордоду.
Абаң Кошой кеп айтып,
Ал балага бек айтып,
Барсы тилин салганы:
«Балам, менден коркпо» – деп,
Кошой сүйлөп калганы.
А тилди билбей далайып,
Дорголор турду шалдайып.
Кошой тозду эшикти,
Чыга турган тешикти.
Ал Бйлерик баланын
Мойнундагы зоолуну
Быркыратып салганы,
Бут-колдогу күндөнү
Булкуп-жулкуп салганы.
Боздогон карып баланы
Бошотуп Кошой алганы.
Карап көрсө баланы
Киндикке чачы жетиптир,
Киши сыны кетиптир.
Эки эли болуп тырмагы
Эпсиз кыйын өсүптүр,
Тырабдал менен эр Кошой
Тырмактарын кесиптир.
Дорголордун кийимин
Тоноп алып кийгизди.
Кытай сынын киргизип,
Баланы оңдоп алганы.
Чаай түбүндө бабаңыз
Баатырлыгын салганы.
Баягы турган он төртү
Мусулман болгон мурунтан,
Эмки жети доргонун
Күндө салды мойнуна,
Карагын абаң ойнуна!
Ар кайсысын бир муштап,
Өлөрчө кылып салганы,
Өчүн минтип алганы,
Он төрттүн баарын бошотуп,
Он төртүнүн ордуна
Жети дорго салганы.
Зындандын оозу сакчысын
Желдет болуп барганы,
Жеткилең Кошой кармады,
Аярлык менен арбады,
Абаң Кошой кармады.
Зындан бакчу үч сакчы

Кошой абаң кармады.
Ор түбүнө алып барып
Күндө зоолу салганы.
Он киши жатыр орунда,
Зоолу күндө колунда.
Өзү менен он беши,
Абаңдын бүтөр кеңеши.
Зындан бакчу үчөөнүн
Тоноп кийимин алганы.
Он төртүнүн ичинде
Бешөө экен балбаны,
Сакчы кылып үчөөнү
Зынданга коюп салганы.
Баарысын тышка чыгарып,
Жеке жүрүп эр Кошой
Жетип жүрү түбүнө.
Дагы көргүн абаңдын
Кандай кылар түрүнө.
Доргонун кийимин кийинип,
Кемектин кийимин таштады,
Абаңыз өнөр баштады,
Желдет болуп алганы.
Кайнатасы Мунардын
Сарайына барганы.
Дорго болуп алыптыр,
«Эшигиңди ачкын!» – деп,
Капканы кагып салыптыр.
Кагылганда капкасы
Катыны чыга калыптыр.
Кайненеси Кошойдун
Карaанын көрдү ошонун.
«Караңгыда түн каттың,
Капканы неге бек кактың?
Кандай жансың келген?» – деп,
Катын сурайт мындай кеп,
Кандай жүрсүң түндө? – деп.
Сексен баштуу Кемектин
Алтын буту койнунда,
Абакеңиз Кошойдун
Асылып турган мойнунда,
Ар нерсе бар оюнда,
Алы-күчү боюнда.
Ачкычын колуна алганы,
Киндигине салганы,
Бурап-бурап ийгени,
Көңүлүнө Кошойдун
Кытайдын сөзү киргени.
«Кырмуз шаадан келдим – деп,
Дорго менин кебим – деп,
Мунарга кабар бер – деди,
Мында алып кел – деди.
Эриң бери чыксын – деп,
Кырмуз шаа сөзүн уксун – деп,
Кан жарлыгын тутсун!» – деп,
Кошой сүйлөп ийгени.
Катын угуп бу сөзүн
Кайра үйгө киргени,
«Кырмуз шаа каныңдан
Эшикте дорго келди – деп,
Чыкырып жатыр сени» – деп,
Эрине берди кабарды.
Кайнатасы Мунарга
Кайненеси Кыялды–
Катынын кылды чабарчы,
Абаң Кошой шол кезде
Мындай эбин табарбы?!
Чыкмак үчүн камынып,
Самбыл тонун жамынып,
Мунар чыкты эшикке,
«Кайнатам ушул экен!» – деп,
Кан Кошой көзүн салганы,
«Коома!» – деп, айтып калганы,
Ылайлама дегенче,
Ыргып барып эр Кошой
Кекиртектен кармады,
Муунта кармап алганы.

Катуу кармап койгон соң,
Эси ооп калганы.
Көтөрүп барып абаңыз,
Зынданына салганы.
Зындандын оозун бек кылып,
Он экиге кеп кылып:
«Жолдош болгон он эки
Кырмуз шаанын калаасын
Көргөнүңөр барбы? – деп,
Кузурунда баашанын
Жүргөнүңөр барбы?» – деп,
Кошой абаң сурады.
Он экиси ойлонуп,
Баары токтоп турады.
Балбан Көйүш кеп айтат:
Кызыталак каапырдын,
Ыйманы жок жакырдын,
Кызматына бүгүлдүм,
Ойдо-тоодо кызматка
Он жети жыл жүгүрдүм.
Акыры калдым жалаага,
Жалаадан калдым балаага,
Аңгарып анык сурабай,
Өлүмгө буюрду өзүмдү,
Айтайын сизге сөзүмдү,
Карайлатып көзүмдү,
Зынданга салды өзүмдү.
Мунаркандын зынданы,
Таамай алты жыл болду
Муну мен оорун кылганы.
Билерик деген баланы
Эки жарым жыл болду
Бу зынданга салганы.
Бир кудаанын бирлигин,
Байгамбардын барлыгын,
Жалпы мындан биз уктук
Жараткандын жарлыгын,
Жана мындан биз уктук
Шарыяттын барлыгын.
Мурун бутка чокунуп,
Мусулман болуп бу күндө,
Биз да намаз окудук.
Кабарың айтчы ишиңдин,
Карап турсам кайратың
Кабыландын тишисиң!
Айтыңызчы сырыңыз,
Кайдан келген кишисиң?»
Көйүш кебин сурады,
Жооп берип абаңыз,
Аралашып турады,
Бир бирине он үчү
Каралашып турады.
Кошой сөзүн баштады,
Кеп айтуудан шашпады.
«Түпкү атам Жапас, Нук – деди,
Түбүнөн сөзүм бу – деди.
Берки атам Туран эр – деди,
Ашыкпай тыңдай бер – деди.
Андан Кара кан – деди,
Анын туткан өкүмүн
Азар түмөн жан – деди,
Андан Алаш кан – деди,
Өкүмүнө караган
Жетимиш улук шаар – деди.
Андан болгон Байгур – деп,
Байгурдан башы бөлүнгөн,
Бабабыздын баарысы
Кара калкка көрүнгөн.
Ар жактан чыккан кыпчак бар,
Арадан чыккан эштек бар,
Кыргыз болуп бөлүнгөн,
Катарын бөлүп байлыктан
Калмак, казак көрүнгөн.
Түбүбүз кыргыз уругу,
Канзааданын тунугу,
Катаган аты бабабыз.

Катагандан бер жакка
Он бир ата табабыз.
Атым Кошой, кыргыздан,
Азып жүргөн мен бир жан,
Кырмуз деген кандай кан?
Сегиз жүз элүү жашаган,
Эч жерде тези кайтпаган
Бу дүйнөдө баашадан,
Азирети Ыйсанын
Нак өзүнөн бата алган,
Жаан кесип жүргөндөн
Жаангер кожо атанган,
Бир көөхардын даанасы,
Карыганда кожонун
Көргөн жалгыз баласы,
Мына бу бала Билерик
Бир кудайдан тиледик,
Берди кудай колума,
Кырмуз шаа каякта?
Азыр мени салыңар
Дагалактын жолуна».
Муну айтып Кошой сурады,
Он үч адам чогулуп,
Зынданынын оозунда
Сыр айтышып турады.
Көйүш балбан кеп айтат:
«Эй, эр Кошой – деп айтат,
Кырмуз шаа калаасы
Мындан кыям түштүктө,
Эки күндүк арасы.
Чынмачында Эсенкан,
Багуруб он бир шаары бар,
Ар шаарда бир дуу-ду,
Таамай он бир каны бар,
Кырмуз шаанын капкада
Алты аяр чалы бар.
Аман өтсөң чалынан,
Алты бөлмө шаарынан,
Үчөө бардыр оңунда,
Үчөө бардыр солунда,
Үлкөн калаа көрүнөт
Бара жаткан жолунда.
Болот эшик, зор капка,
Күн чыгышы тарабы
Жетиген жылдыз жол жакка.
Капкасынан өтөрсүң,
Дагалактын шаарынын
Ичине кирип кетерсиң.
Жүрө-жүрө ат менен
Түш болгондо жетерсиң.
Алтындаган сарай бар,
Аңгемеси далай бар.
Арыгы темир ноо болгон,
Коргону болот коо болгон.
Үйлөрү күмүш, алтындуу,
Накышы, көөхар ар түрлүү,
Оозу жезден согулган,
Айланасы чоюндан,
Алтымыш бакса чоң коргон,
Алтындуу капкак, кең эшик,
Андан өтсөң барасың
Акылыңа кеңешип».
Көйүш сүйлөп салганы,
Абакеңиз эр Кошой
Мунар кандын үйүнө
Бу бойдон басып барганы.
Кемектен алган бутуну
Киндигинен бурады.
Мунар болуп эр Кошой
Катындан ченин сурады.
Бар жарагын алганы,
Кандык ченин сайынып,
«Кадыр Алла колдо!» –деп,
Жаратканга жалынып,
Кошой абаңчыкты эле,
Коркпой турган мыкты эле.

«Кор башылар кайда? –деп,
Койбой баарын айда!» –деп,
Мунаркан болуп акырды.
Кор башысын койбостон
Бирин койбой чакырды.
Буларга Кошой кеп айтат,
Буйрук кылып бек айтат:
«Буйругум тутпай калбаңар,
Зындандагы адамды
Ачка кылып салбаңар,
Чыкырыптыр Кырмуз шаа,
Чыгып барам өзүм аа.
Кан жарлыгы катуудур,
Кабар келди кат менен,
Ашыктырып, бат деген.
Кан жарлыгын угамын,
Кемек чалды ээрчитип,
Кан Кырмуз шаа баатырдын
Кызматына чыгамын!»
Аны айтып Кошоюң,
Арыбын көргүн ошонун,
Кор башыны шаштырды,
Караңгыда абаңыз
Капканын оозун ачтырды.
Жанагы Көйүш балбанды
Кемек чал кылып алганы.
Өзү Мунар кан болду,
Кожонун уулу Билерик
Кошо жүрмөк ал болду.
Кеметин аты Керчолок
Көйүш балбанга мингизди,
Кандын атын миниптир,
Кандын тонун кийиптир,
Кошой абаң: «Алда!» – деп,
Дагалак жолго кириптир.
Капкадан чыгып үч киши
Кан жолуна салганы,
Эки күнү жол жүрүп,
Дагалактын шаарына
Жакын келип калганы.
Сейил кылып Кырмуз шаа
Ай сайын эки келчү экен,
Нак ошо жердин өзүндө
Аскерге даам берчү экен.
Эки конуп жатчу экен,
Үчүнчү күндө кайтчу экен.
Аскер башчы эрлерге
Үзүр-назар айтчу экен.
Шымал жактан куюлган
Тунук булак суусу бар,
Тал, чынары баары жыш,
Өрүк, алма тептегиз,
Анарлары бышыптыр,
Алмурут, алча эзилип,
Сабагынан түшүп тур.
Үкөк деген бир жемиш-
Салма кокок бышып турган
тептегиз.
Төрт жакта хаус көлү бар,
Төрө Кошой абаңдын
Ар өнөрүн көрүп ал.
Айланасы ат чабым,
Ырамыл чөбүн айдаган,
Көк шибери жайнаган,
Ар чынардын башында
Улуу куш уя байлаган.
Ар жагында алардын
Сандугач булбул сайраган,
Түрлүү гүлү гүлдөгөн,
Түрлүү булбул сүйлөгөн,
Көрбөгөн адам сүрдөгөн,
Бадышанын жайы – деп,
Башкадан басып жүрбөгөн.
Айланасы ат чабым
Киши бою тамы бар,
Эгер кирсе ичине

Каалагандын баары бар.
Кан абаӊ Кошой барганы,
Капкасын ачып алганы,
Билерик менен Көйүштү
Чарбакка кийрип салганы.
Капканы көздөй бет алып
Кабылан Кошой барганы.
Жетип барып караса,
Чылк темирден дарбаза.
Дарбазасы тартылган,
Алты чалы кор башы
Аярлыгы артылган.
Кошой Мунар кан болуп,
Коркпос кыйын жан болуп,
Дарбазанын тышында
Кошой туруп ошондо
Кулагын кепке салыптыр,
Кор башынын үчөөсү
Үйүнө кетип калыптыр,
Капкада үчөө калыптыр.
«Каапырай, Кошой келет!» – деп,
Бир бирине карата
Минтип айтып салыптыр.
Бири туруп кеп айтат:
«Билинтелик баашага
Келсе Кошой!» – деп, айтат.
Бири туруп кеп айтат:
«Кошойду анык көрөлүк,
Анан кабар берелик!»
Кужулдап үчөө калганы,
Үйүнө барган үчөө да
Үстүнө жетип барганы.
Бу тургандар кеп айтат:
«Келди Кошой эшикке,
Не кылабыз?» – деп, айтат.
Алтоо боюн теӊешти
Акылдашып кеӊешти:
«Каары катуу Кырмуз кан
Жанды тирүү койбос – деп,
Тушка душман келген соӊ
Кабар бербей болбос – деп,
Кырмуз шаага баралык,
Кошой келди мында – деп,
Кыйкырып кабар салалык.
Качып кокус кетпесин,
Тышка койбой Кошойду
Ичке кийрип алалык,
Капкасын кайтып бек кылып,
Канга кабар салалык!»
Көрбөгөн жандар шашкандай,
Көнүк болгон балбандан
Эбин тапса капканы
Эки жүз киши ачкандай
Эрлик эмей неткени,
Аярлардын сөзүнү
Угуптур Кошой жазганбай.
Акылдашып алышты:
«Сен баргын!» –деп, Кырмузга
Бирөөн буйруп салышты.
Буюрган аяр кеткени,
Кырмуз шаага жеткени:
«Кепти баашам тыӊда – деп,
Келди Кошой мында – деп.
Аярлыктан аӊдасак,
Ашепке айтып салбасак
Үч кишидей өзү бар,
Жолдошторун аксага,
Жол боюнда бакчага
Таштап келген кези бар.
Кошой келип капканын
Аркасында турат – деп,
Билип туруп бул ишти
Сизге айтпасак уят!» – деп,
Мут аяр кабар салганы,
Муну уккан соӊ Кырмуз шаа
Ордунан тура калганы,

Аярлык менен ал Кошой
Азаптанып жетпейби,
Кийирип коюп капкага
Анан айтып келбейсиң,
Билип алып бу жерден
Тыштан качып кетпейби,
Эл тамагын таткан жок,
Эч ким азыр жаткан жок.
Кабарды тыштан табыңар,
Капканы эрте жабыңар!
Жүргөн алты чалыңар,
Бир-биринде карасам,
Жүз кишилик күчүң бар,
Жүдөгөн кандай жансыңар!?
Кирсин бери, мында – деп,
Калкка дүрбөөн кылба – деп,
Насиятым тыңда – деп,
Ачып кийрип капканы
Анан кайра чыңда – деп,
Балбан менен баатырлар
Баары даяр мында – деп,
Кошой түгүл бу келген
Үрүстөм баатыр болсо да
Өлбөй тирүү калбайт – деп,
Андан кооп кылба!» – деп,
Кырмуз шаа муну сөздөдү,
«Макул болот, каным!» –деп,
Мут аяр тышты көздөдү.
Капкадагы бешөөнү
«Киргиз деди, – кан – деди,
Килитке ачкыч сал!» – деди,
Алар ачкан жатканда
Жаангерден алган кемерди
Белине Кошой салды эми.
Ал кемер жайын айталык,
Аз гана сүйлөп тарталык.
Азирети Ысактан,
Келген экен узактан.
Ысмайылдан калыптыр,
Мусулмандын аяры
Мурунтан белге чалыптыр.
Мындан Мусага калыптыр,
Мындан кийин жана да
Калган экен Ыйсага,
Карап өзүң санап ал
Канча болду кысабы.
Ыйсадан Жаангер алыптыр,
Баба Өмөр дагы аяр
Белге бу да чалыптыр,
Каапырга каран салыптыр,
Азирет Аалы өткөн соң
Бабаңдан Жаангер алыптыр.
Баласы үчүн Жаангер:
«Кордук көрбөс Кошой – деп,
Бантка түшсөң бошоор! – деп,
Жөнөтөрдө Кошойго
Колуна берген ошого:
«Белиңе бекем чаласың,
Эгер өзүң кысылсаң
Алтымыш бакса дубалдан
Аттап өтүп аласың,
Караңгы түндө от болуп,
Дүркүрөйсүң, жанасың,
Көрүнбөйм десең көрүнбөй
Кайып болуп каласың,
Ар сүрөткө кирем – деп,
Көөнүңө алсаң ошону
Айтканың болуп аласың!»
Аны айтып Жаангер кан,
Бабаң Кошой кандай жан,
Жанчыкка аны салыптыр.
Аярлар капканы ачканча,
Алыс жактан бир жерден
Арстан болуп түйүлүп,
Шаарга кирип калыптыр.
Ачып алып капканы,

Абакеңиз Кошойду
Аярлар карап таппады.
Канга болуп шерменде
Калабызбы? – деп, ойлоп,
Кайгыланып кеп ойлоп,
Алты аяр чал жыйылып:
«Лайлама колдо!» –деп,
Лаанатка сыйынып:
«Аярлыкты кылалык,
Бу Кошойду таппасак
Аманатты кыялык!»
Арбытты чалдар жумушту,
Аярлык кылып турушту.
Каткырышып күлүштү,
Шаарга кирген экен – деп,
Катаасы жок билишти,
Канга кабар бермекке
Алты аяр жолго киришти.
Алдыда Кошой абаңыз
Кылмак болду бир ишти.
Кемери бар белинде,
Аярлары бет алып
Канга жүргөн жеринде
Көңүлүнө алды эр Кошой:
«Болсом экен куш! – деди,
Кереметтүү кемерсиң
Көк کептер кылып уч!» – деди.
Көк кептердей куш болуп,
Бабаң Кошой учту эми.
«Аярлардан эң мурун
Капкасынан түш»– деди.
Капканы багып турганы,
Тыка-тыка эшигин
Кошой кагып урганы.
«Эшик каккан кимсиң?» – деп,
Кырмуз шаа туруп ордунан
Кыйкырып айгай салыптыр.
«Мен аяр Инсур!» – деп айтып,
Кырмуз шаага кеп айтып:
«Кошойду кармап алдык – деп,
Сизге кабар салдык – деп,
Мына эшикте турат – деп,
Колдон кокус чыгарсак,
Мурда болдук уят – деп,
Алып келдик эшикке,
Алты аярдын бирөөндөй
Кошой болуп турат!» – деп,
Кырмузга айтып билдирди,
Кубантып аны күлдүрдү.
«Кошойду кантип коёюн,
Тирү . койбой соёюн!»
Аны ойлонуп Кырмуз шаа
Колуна алды кылычты,
Кошо жүргөн киши жок,
Кудай билет бул ишти.
Нээтке эгем салганы,
Эр Кошой деп аталган,
Дин ыслам балбаны,
Керемет кемер белинде,
Көк түтүн болуп көрүнбөй
Көтөрүлүп алганы.
Көт жагынан алты аяр
Булар жетип барганы.
«Кошоюңар кайсы?» – деп
Шаа Кырмуз кан сурады.
Айран болуп алтоосу
Аңкайып карап турганы.
«Кайсының Кошой, көргөз» – деп,
Каарланып каны сурады.
«Кармабадык Кошойду,
Каным уккун ошону,
Сизден буйрук жетти – деп,
Биз капканы ачканча
Кай кеткени билинбей
Кошой качып кетти – деп,
Аярлык менен билдик – деп,

Шааргa кирди Кошой – деп,
Айтканы сизге келдик!» – деп,
Аярлар айтып абырап,
Кан кашында жабырап,
Алар сөзүн салганы.
Аны көрүп Кырмуз шаа
Ачуусу келип калганы:
«Тыгыр кабар бердиң – деп,
Мына Кошой дедиң – деп,
Баламынбы мен – деди,
Байкасам Кошой сен! – деди.
Алтооңдун бири Кошойсуң,
Өлбөй кантип бошойсуң?!
Азыр уктум өзүм – деп,
Алтооңду көрдүм көзүм – деп:
«Алып келдим Кошойду,
Анык көр – деп,- ошону,
Алдаган кандай сөзүң?» – деп,
Кан алтоону камады,
Аярлыгы, акылы
Баштарында байкуштун
Бир немеси калбады.
Кан желдетти чакырды:
«Калп айттыңар мага!» – деп,
Каарданып акырды.
Өлүм белги жамады,
Алып барып зынданга
Алты аярды камады.
Аңдап көр Кошой бабаңды,
Мордон чыга салганы,
Кандан мурда озунуп,
Ордого кирип барганы.
Акак тиштүү, кыйган каш,
Алма моюн, түймө баш,
Турна моюн, сумбул чач,
Төшөктө экен катыны.
Катынынын кийимин
Кошой кийип акыры:
«Кайда кеттиң каным? – деп,
Жалгыз үйдө калгандан
Коркту менин жаным!» – деп,
Катыны болуп артынан
Кошо чыга калыптыр.
Калктын көбү дүрбөшүп,
Бирин бири: «Жүр!» – дешип.
Кандын келип кашына,
Жыйылышып алыптыр,
Ортоңку үйдөн- бөлмөдөн
Кемек аяр чокунчу,
Бутун бурай салыптыр,
Катыны болуп канына
Кошой сүйлөп калыптыр.
Катыным капа болду – деп,
Токтолбой элдин жанына,
«Дүрбөбөстөн кетиңер,
Дүрбөп-дарбып неттиңер?!
Аярлар акмак болду – деп,
Азгырып мени койду – деп,
Кармадык дешип Кошойду
Калп айтты мага ошону.
Зынданга салдым аярды,
Кызыталак аярлар
Калп айтар сөзү даярбы?!
Кошой деген не жерде:
«Кошой келип калды!» – деп,
Коркуу салат бул жерге.
Жер жайнаган Жеркен бар,
Калдайып жаткан Кашкар бар,
Буурчак аттуу баатыр бар,
Мындан өтсө Кошойдун
Булуттан минген аты бар.
КаптАлла Кашкар шаары бар,
Кайраттуунун баары бар,
Кадимки Найза каны бар,
Кашкардан өтсө бери жакта
Мангунт аттуу шаары бар,

Баатыр, аяр баары бар,
Ороңгу сындуу каны бар,
Олордун бери жагында
Мунар кандын баласы
Дагар аяр дагы бар.
Андан өтсө ал Кошой
Чытырман токой чери бар,
Адам көрсө соо койбос
Аюу, жолборс, кабылан
Албан түрлүү шери бар.
Кантип өтөт алардан
Жандан безген кандай жан?!
Сермиске кирер жеринде
Кемек аяр чалы бар,
Тил аяры бутунда,
Алтындан куйган кутунда,
Андай аяр теги жок
Каканчындын журтунда.
Жетимиш эки түрлүү тил
Жеке билген Кемек чал.
Жерге кирген аярлар
Мени келип бу жерде
Коркутканын карап ал!
Сермис деген шаарда
Мунар дөө деген каны бар,
Анын баарын алат – деп,
Кандай акмак жан айтар
Мусулмандын Кошою
Мында келип калат!» – деп.
Муну айтып Кырмуз кан,
Мыктысынган бу бир жан,
Элдин баарын кайтарып,
Элким өзү калыптыр.
Эми үйүмө кирем – деп,
Эшигин ача салыптыр.
Катыны болуп камданып,
Аңдып турган эр Кошой
Алкымынан алыптыр.
А дедирбей абаңыз
Көтөрүп жерге салыптыр.
Үн чыгарбай өлтүрдү,
Ышбалдасын келтирди.
Кырмузду абаң сойгону,
Жерге бир кан тамызбай
Ойрон кылып койгону.
Муунтуп аны өлтүрүп,
Шыйрактан кармап алганы,
Кыраан Кошой бабаңыз
Кылым кыргыз балбаны,
Дарбазадан ар жакка
Ылактырып салганы.
Балбандык эмей неткени,
Абаң Кошой атканда
Эки таш жерге кеткени.
Кырмуз шаа жерге түшүптүр,
Түшкөн жери кур талаа,
Барып тийген жеринен
Бир үйдөй топо үйүптүр.
Таң эртең келип денесин
Карга, кузгун талады,
Каркайып сөөгү калганы.
Капкалуу канды билдирбей
Кан Кошой жутуп салганы.
Кайра кирип катынын
Кырмуз кан болуп абаңыз
Кылымды буга салганы.
Он бирдеги кыз өңдүү
Ой-бойду катын салганы:
«Эримдин иши оңболгон,
Күндө мындай болчу эмес,
Бүгүн кандай чоң болгон?!»
Чыдай албай бу катын
Чыбыктайын толгонгон.
Азыркы жүргөн адамдар
Нээти менен кеп айтса:
«Эр Кошой колдо!» – деп, айтса

Сапарга чыкса жол болгон,
Салтанаты шол болгон,
Арбагына ыракмат,
Аярлыгы мол болгон.
Абакеңиз Кошойдун
Арбагына дуба кыл
Арсан көрбөй ошону.
Катындыкка... алды эле,
Кемек аяр бутуну
Мойнуна салды ошону.
Кырмуз шаа болуп кеп айтат:
«Катыным уккун – деп, айтат,
Көп айланып бу жерге
Көрүнө албайм көзүңө,
Жолуга албайм өзүңө.
Мээриң менден кандыбы?
Көңүлүң тынып калдыбы?
Кошой келип калыптыр,
Коогань тышка салыптыр.
Урушка кетем өзүм – деп,
Уктуңбу айткан сөзүм – деп,
Бирин койбой алып бер
Бар асирет өзүң!» – деп,
Кылыч, мылтык, жарагын,
Абакеңиз Кошойдун
Ар өнөрүн карагын,
Кандык тонун кийинип:
«Кадыр Алла колдо!» – деп,
Бир кудайга сыйынып,
Отого менен диңсесин
Оруну менен сайынып,
Тоту куштун куйругу
Эки ийинде жайылып,
Кырмуз шаа болду бабаңыз,
Али болсо абаңдын
Урматына караңыз!
Сураккана үйүнө
Султан Кошой барыптыр,
Олтурду алтын тагына,
Карап көргүн калайык
Кудайдын берген багына!
Эртең менен эл келди,
Нечен албан эр келди.
Кемек аяр бутуну
Киндигинде ачкычын
Бурап-бурап ошону,
Жаангердин берген кемерин
Жалаң этке байланып,
Жаратканга жалбарып:
«Билдире көрбө Алда! – деп,
Пирим Коос колдо!» – деп,
Такка Кошой миниптир.
Доотай менен Чыйтайы
Таазым кылып кириптир,
Эми аларга кеп айтат:
«Ай, калыстар – деп, айтат,
«Кошой мында келди – деп,
Козголоң кылат элди» – деп,
Капкага койгон корбашы
Караңгыда келгени,
Калпынан кабар бергени.
«Кармап келдик Кошойду,
Көрүңүз – деп, ошону».
Убара кылды өзүмдү,
Угуңар айткан сөзүмдү.
Ушунчалык калп айтып,
Ушалады көзүмдү.
Аярды кандай кылалы,
Айтар калпты жоготуп,
Андан кийин тыналы.
«Ылгаңар – деп,- бу кепти,
Аярлар айткан куу кепти»,
Кырмуз шаа айтып салганы.
Доотай менен доргосу,
Кан ошентип турган соң
Айткандын барбы болбосу,

«Аяр болбой курусун,
Андай болсо таксыр кан,
Алардын баарын өлтүрүп,
Бүтүрөлү жумушун.
Чапсак өлөт, кан чыгат,
Каны чыккан жеринен
Бир жүз дөө жан чыгат.
Суга салсак батпайт – деп,
Отко салсак жанбайт – деп,
Жандары кара чымчык – деп,
Талаадан жүрөт жем терип,
Сиренин данын чымчып жеп.
Андай болсо аларды
Ар кандай азап кылса да
Билебиз өлбөй каларды.
Забар зындан түбүнө
Алтоон азыр салалык,
Ачып коюп капкагын,
Чоктон отту жагалык.
Ак тикен деген отун бар,
Ачуу болор түтүнү,
Забар зындан ичине
Жалпы кирсин түтүнү.
Какап-чакап алар – деп,
Кайда да болсо жандары
Ошондо келип калар – деп.
Баашалыктан табалы,
Забар зындан үстүнө
Жибек торду жаялы,
Кармап алып жандарга
Башын үзүп коёлу».
Бабаң: «Кепти ук – деди,
Мына ушундай кылыңар,
Баарың ылдам чык!» – деди.
Айтканын угуп дүргүшүп,
Коркоктору мүргүшүп,
Забар зындан барганы,
Ары-бери даярлап,
Аярларды айдады,
Аярлыкты кылам – деп,
Абыдан шору кайнады.
Забар зындан түбүнө
Алып барып салганы,
Алты аяр түшүп калганы.
Сал тикен менен ыштады,
Забар зындан түбүнө
Шатырата чачканы.
Жаны жаман кыйналып,
Айгайды аяр салганы.
Эт бышымдай болгондо
Жыйырма төрт кара чымчыгы
Забар зындан оозуна
Азыр келип ошондо,
Тор жибеги тосулуу,
Аярлардын жандарын
Тосуп алды ошону.
Жыйырма төртүн кармады,
Жыйып башын алганы.
Аярлар өлүп, сап болду,
Абаңдын көөнү карк толду.
Кырмуз шаанын бар экен
Калдаң аттуу балбаны.
Кан Кошой абаң кеп айтат:
«Биринчи балбан Калдаңды
Мында келсин!» – деп, айтат.
Калдаң келди кашына,
Кан жарлыгы болгон соң
Кантип келбейт ушунда,
Кырмуз болуп абаңыз
Такка минген тушунда.
Абаң катын жазды да,
Аягына мөөрүн басты да,
Парсы тил менен кеп айтат:
«Бала кожо Билерик,
Барган ушу балбанды
Кашыңарга барганда,

Урматтап күтүп калыңар,
Ууну ашына салыңар,
Урушкан менен а жерде
Экөөңдүн келбейт алыңар,
Биринчи балбан ушу бар,
Миң кишилик күчү бар,
Амал менен тутпасаң,
Арзаныраак неме эмес.
Кепти каттан көрүңөр,
Билдирбей заар бериңер,
Аны өлтүрүп, жоготуп,
Бириң мында келиңер!»
Муну айтып Калдаңды
Абаң Кошой алдады.
Аттанып алып эр Калдаң,
Канынан Калдаң кеп сурайт:
«Кайда барам?» – деп, сурайт.
Анда абаңыз кеп айтат,
Акыл ойлоп, бек айтат:
«Адам барбас аска бар,
Алтындуу чынар бакча бар,
Мунаркандын аяры
Кемек деген чалы бар,
Кендирдей бели буралган
Жолдош бала дагы бар,
Алты аярым өлгөн соң
Алдыргамын Кемекти
Айтканымды билет – деп,
Аш-тамак ичип жайланып,
Анан Кемек келет» – деп,
Калдаңды жолго салганы.
Шаарга жакын жерде экен,
Чапкан бойдон эр Калдаң
Шашкеде жетип барганы.
Билерик менен балбаны
Билбей айран калганы.
Жетип барып: «Коома!» – деп,
Кемек болгон балбандын
Келип колун алганы.
Кашындагы баланы,
Амандашып а дагы,
Билериктин сынына
Көрүп айран калганы.
Нуру күндөй балкыган,
Жүз ыйманы жаркыган
Балага айран калганы.
«Кырмуз шаа берген каты – деп,
Ачып муну оку» – деп,
Кемек болгон балбанга
Келип бере салганда,
Кемек берди балага.
Катты бала алганы,
Окуп көзүн салганы.
Парсы тилде тили бар,
Байкап ишин билип ал.
«Барган Калдаң балбан – дейт,
Басташканда душмандын
Башын жулуп алган – дейт.
Уу берип уулант – дейт,
Ушу жерде сулат – дейт,
Заар менен сап кыл – дейт,
Кайдан чыкты мындай кеп?
Кемек болгон балбанга
Билерик көзүн салганы.
«Суусап келген балбандыр,
Чапкылап келип шаардан
Чарчаңкырап калгандыр,
Чай коюңуз ылдам!» – деп,
Алты мыскал заарын,
Аябай салды баарысын,
Билдирбестен ичирди,
Ичи-боорун түшүрдү.
Лайламалуу! – деп,
Калдаң балбан өлгөнү,
Өлгөнүн булар көргөнү.
Тонун тоноп алганы,

Сегиз бөлүп денесин,
Ар тарапка сүйрөдү.
Кызылала кан кылып,
Карга-кушка жем кылып.
Балбан анда калганы,
Билерик бала аттанып,
Билмек үчүн Кошойго
Бала барды ошого.
Келсе Кошой кан болуп,
Кебелбестей жан болуп,
Башка диңсе сайынган,
Бадыша болуп калыптыр,
Байкап араң тааныды.
Парсы сүйлөп балага,
Баргын – деди баягы
Мунардын Сермуз калаага.
Зынданды баккан үч балбан,
Ону боштон тим калган:
«Менин сөзүм ук – деди,
Он кишини кошчу алып,
Кашкарды көздөй чык – деди.
Караңгы токой чери бар,
Кабылан, жолборс, шери бар,
Кооп катар жери бар,
Сактанып андан өтүңөр.
Сегиз күнү жол жүрүп,
Дагар кызга жетиңер,
Акылын угуп алыңар.
Күңгөй жаткан Мангунт шаар
Алты күндө жетерсиң,
Аяры калган жок эле,
Андан өтүп кетерсиң.
Андан эки күн жүрсөң
Алтымыш миң аскер бар,
Аскерди Жаангер башкарар,
Алты шаар баштыгы
Айтылуу кең Кашкар бар,
Барган замат токтобой,
Колду бери баштаңар.
Түрк уулунан түк койбо,
Кыпчактан койбо кылайтып.
Катаган бар, найман бар,
Аскерге баарын айдаңар.
Казак менен кыргызды
Жалгызынан тургузба.
Шаңкай менен татар бар,
Каңгы, тайып катар бар,
Он эки шаарын алды де,
Орчун бааша Кырмузду
Ойрон кылып салды де!»
Ошону айтып эр Кошой,
Катты абаңыз жазганы,
Аягына мөөрүн басканы.
Бадыша тонун кийгизип,
Ат ордуна асемдүү
Кара сур качыр мингизип,
Баланы жолго киргизип,
Бабаң Кошой калганы,
Бала жолго салганы.
Баягы калган алтоону
Бала жетип барганы.
Казына тонун кийишип,
Казаттын атын минишип,
Токтолбой жолго киришип,
Добул согуп күңгүрөп,
Мылтык атып дүңгүрөп,
Он бир киши жол менен,
Караңгы токой чер менен,
Кабылан, жолборс, шер менен
Келгендерин келтирип,
Келген менен келгенин
Келсе чаап өлтүрүп,
Аман андан өтүптүр,
Сегиз күнү жол жүрүп,
Жеңесине жетиптир.
Амандашып калышып,

Ат өргүтүп алышып,
Алла – деп жолго салышып,
Арадан сегиз күн өттү.
Алты күндө Маңгунттун
Шаарынан өтүп алыптыр.
Эки күн жолго салганы,
Кара шаар Кашкарга
Он бири кирип барганы.
Кан Кошой деген баатыр – деп,
Аман-эсен саламат
Дагалакта жатыр – деп,
Аскер башчы Жаангер,
Алла канча мусулман,
Кызматына келген эр,
Экинчиси Жасообек,
Асилин уксаң кыпчак дээр.
Катагандын Кушубек,
Каратегин журтунан
Ары балбан, ары бек,
Атын айтат Корош – деп.
Кандан кабар алышты,
Калайык дүрбөп калышты.
Жеркендеги түркkө
Жетип кабар салышты.
Ногойдон калган Орозду,
Аны да кошуп алышты.
Кашкар, Жеркен арасы
Камыш чыккан кара суу,
Бу да кыргыз баласы,
Булар турган таянып
Музкент деген калаасы.
Байдын уулу Бакайды
Баарын кошуп алганы.
Эки жүз миң кол алып,
Элди жыйнап мол алып,
Эңкейиш карай жол алып,
Күдүрлөгөн бор менен,
Күрпүлдөгөн шор менен,
Күн чырышкарай жол менен
Бара турсун ушулар,
Балбан, баатыр кишилер
Аны таштап салыңар,
Арстан Манас каныңар
Алла эмине кеби бар,
Кабарын угуп алыңар.
Байкүш деген балбаны
Жазийранын жеринен
Он миң аскер алганы.
Кара кыштак калкы бар,
Кан Арсалаң каркы бар,
Күчөр деген шаары бар,
Ороңгу деген каны бар,
Даңгу деген шаары бар,
Саңыроо деген каны бар,
Күйө деген жери бар,
Күнөгө деген беги бар,
Коконарат жери бар.
Салман деген эли бар,
Будаңчаң деген каны бар,
Аягы Сооса көлү бар,
Көчөң аттуу эри бар,
Кашкарда Найза каны бар,
Нече балбан, нече бек,
Мурунтан калган эски кеп.
Маңгунт шаары Ороңгу,
Көкө-Ноор көлү бар,
Балбан, баатыр лөгү бар.
Жүз он бир миң кол алып,
Жүрбөдү беле Манаска
Тамашасын көрүп ал.
Сермис шаары Дагалак,
Бадышасы Кырмуздун
Буйругунча бололу.
Булгарды көздөп салыптыр,
Булгарда жаткан түрк уулу
Сары ногой сарасы,

Алардын башын кармаган
Калдарбектин баласы
Эштек деген эр экен,
Нак өзүнө караштуу
Эки миң үйлүү эл экен.
Өйдө көздөй үркүшүп,
Канардын кап тоосуна,
Кантип кылат кайратты
Каапырдын калың жоосуна,
Тар капчыгай өрдөдү,
Тагдырсыздан өлбөдү.
Ошо коого кирген соң,
Жамандыкты көргөн соң,
Жазайыл мылтык жаткырып,
Очогор мылтык аттырып,
Оозун тосуп алышты,
Өрдөймүн деген кытайга
Ойронду кыйла салышты.
Үч жылганы өрдөдү,
Бирин бири көрбөдү,
Оозу жалгыз капчалды
Ойрон кылып чаң салды.
Коктуну тосуп жатышты,
Так он төрт күн атышты.
Аргасы кетип кытайлар
Атын союп кыйласы,
Ачкалыктан ыйлады.
Алар антип турганда:
«Сары ногой барам –деп,
Санатын угуп алам –деп,
Эсендигин билем –деп,
Эсепке аны алам –деп,
Эл болушуп калам!» –деп,
Бала Манас кашында,
Он тогузда жашында,
Келе жатыр жол менен,
Алты миңаскер кол менен.
Асты жагын караса
Канардын кара тоосунда,
Капчыгайдын оозунда
Кыжылдаган кол жатыр,
Кыясын көрдү көй баатыр.
Жабын-абын сөздөрү,
Таталаган өздөрү
Кытай экен билгени.
«Кудай бизге берди!» – деп,
Кыраан Манас күлгөнү.
«Камаган экен каапырлар,
Булгарлыктын элин – деп,
Бузган экен белин – деп,
Каканчындын калкы эмес,
Кайсы жактан келди? – деп,
Бу түрк уулуна кекенген,
Түбүнөн бери кезенген,
Жараткан Алла кудайым
Куткарган сендей неченден,
Акыры болду-болбоду,
Бул ант урган кытай оңбоду,
Ушу бизге кол келген
Ындыстандын тарабы,
Кытайдын кызыталагы
Жазийранын жери го,
Кырмуз кан кытай эли го,
Жер жайнаган кеми го».
Бакырдын уулу Байматты
«Ат которуп мин – деди,
Айтканымды бил – деди,
Азыр жолго кир – деди.
Алтайга кабар бер – деди,
Жалтанып жатып калбасын,
Жанын аяп салбасын,
Түрк уулумун дегенден
Түптү неме калбасын,
Алаш уулу болгондор
Аттанбай жатып албасын!
Бул аскерден калганы

Көрүнбөсүн көзүмө,
Көрүнгөн болсо көзүмө
Таарынбасын өзүмө.
Билгиликтүү карыдан,
Бир нечеси калбасын
Билермандын баарынан.
Дарыя боюн жердеген,
Дарыянын жээгинде
Каңгайга намыс бербеген,
А да төрөнүн уругу
Керкөкүл деген улугу,
Озонун уулу Сыйга бар,
Ондо да кайрат кыйла бар.
Кабарды катуу салыңар,
Оролдун сырты деңиз бар,
Ошондо казак тегиз бар,
Бири эмес баарысы,
Жашы менен карысы
Жалпы аламан аттансын,
Жалпайып жатып албасын.
Жалтанамын – деп, туруп,
Жаман ишке калбасын.
Кыйгактуу найза боолоймун,
Ары чети Ындыстан,
Жазийра журтун жоолоймун.
Катылып мага келгенин
Кадыр Алла жар берсе
Катыгын эми беремин,
Дин мусулман баласы
Кантип калам дебесин!
Жарагым каркап толуптур,
Менин жанчышар кезим
болуптур.
Элиме душман толуптур,
Менин эңишер күнүм болуптур.
Айылыма душман толуптур,
Атышар күнүм болуптур!»
Алтайдын тоосун аралап,
Тешиңдин жерин саралап,
Тарбагатай сыдырып,
Аягүз чөлүн кыдырып,
Барскан, Саркан деңизге
Чарчабай Баймат желишке,
Баарына кабар салыптыр.
Өгүз-Кечүү, Калкандан
Өйдө тартып калыптыр,
Жыйырма үч күндө чапкылап
Төрөсүнө барыптыр,
Жаткан Манас баатыры.
Ар жагын булгар эл алып,
Бери кетер жолуну
Баатыр Манас эр алып,
Ачкасынан кытайлар
Атын союп, жеп алып,
Кетебиз – деп Манастан
Мурда келген кек алып,
Мында жатып ачтыктан
Мурдарлар атын жеп алып,
Булдурлашып жөө калып.
Манастан мурун жатышкан,
Ногой калкы булгарлык
Он төрт күнү атышкан.
Кайра качып өтө албай,
Жолун Манас алган соң
Жол таап андан кете албай
Сегиз күн токтоп калыптыр,
Минип чыгар аты жок,
Баары жөө калыптыр.
Он үч күндө мусулман
Орчун аскер барыптыр.
Оларды көрүп кытайлар
Бирин бири жарыптыр,
Бир убакта караса
Бир неме калбай калыптыр.
Өз билгенин кылышып,
Өжөр жайыл каапырлар

Өзүн өзү кырышып,
Кылыч, мылтык, бар жарак
Калыптыр жерде калдырап,
Чарайна, соот, кыягы
Жерде жатыр шалдырап.
Мурун атын союптур,
Өлөрүн билип өздөрү
Торгун, тубар асыл бул
Кийимин өрттөп коюптур.
Күлдөрү жатыр үйүлүп,
Тамеки жатыр түйүлүп.
Кылычы жатыр кылайып,
Сүңгүлөр жатыр сулайып,
Түпөгү менен булайып.
Бычагы жатыр, кыны жок,
Кыягы жатыр, кылы жок.
Денеси жатыр, жаны жок,
Өлгөн кытай саны жок!
Оттугу жатыр, кабы жок,
Айбалта жатыр, сабы жок,
Алтымыш аяр бар экен,
Өнөр билген саны жок.
Өлгөнгө көзүн салыптыр,
Өңкөй аяр өнөрпоз
Алтымышы калыптыр,
Ат-тонунан неме жок,
Ант ургур отко жагыптыр,
Аярлары бөлүнүп,
Адырга чыгып алыптыр,
Алты топ жүргөн аркарды
Арыптап кармап алыптыр.
Аркарды минип ат кылып,
Түгөтмөккө түрк уулун
Катуу каргыш ант кылып,
Аярлар качып жөнөдү.
Арстан Манас баатырга
Мусулман колу өмөлдү.
Кырылып кытай болгон соң,
Тар жылгага киргени
Так кырк күнгө толгон соң
Сары ногой сарасы,
Эр Эштектин баласы,
Эштек элдин башы экен,
Ошо кезде Жамгырчы
Жыйырма үчтөгү жашы экен,
Мусулман колун биле албай,
Ортосу кытай болгон соң
Булардан жетип тил албай,
«Түп Бээжин түбү бузулуп,
Түрк баласы кысылып,
Канын суудай чачканбы?
Кара-Ноор дарыя
Карача тоо Саныя
Самарканд, Букар аралап,
Сапырылып качканбы?
Булгардагы аз түрк
Бизди койгонбу кудай аздырып».
Кытайдын кандай болгонун
Тил алалбайт кытайга
Бири келип бастырып.
Эки миң ашык үй экен,
Жети киши бий экен,
Биринин аты Катарлык,
Биринин аты Сатарлык,
Биринин аты Басарлык,
Биринин аты Салала,
Билерманы эр Эштек,
Биринин аты Акчалык,
Кытайдан качкан бу калык.
«Биле албадык, кол толду,
Бизге кыйын иш болду.
Түрк баласын сүргөн бейм,
Түмөндөп кытай жүргөн бейм.
Түп Бээжинден түк калбай
Дүрбөп атка мингенби?
Түрк тукумун жоо көрүп,

Түгөнгүр жолго киргенби?
Башта келген аскери
Аз болгондо жүз миң кол.
Он чакты күндөн бер жакка
Келип жатыр кумдан мол.
Барып байкап билүүгө
Баатыр адам бизде жок,
Көрүп келип берүүгө
Көсөм адам бизде жок!»
Эки миң төрт жүз жазоосу,
Минген атын карасаң
Укурук, жүгөн тийбеген
Булгар тоонун азоосу.
Байлыгына мактанган,
Бирөө барса базарга
Миң жылкы айдап аттанган,
Манаттан жапкан үйлөрүн,
Баргыла – деди элчиге Баяс,
Даган деген бийлерин,
Карыган Эштек карысын,
Кабар билип келиңер,
Камалып өлөр элиңер.
«Барсаң, барсаң, барсаң!» – деп,
Кайраттуунун баарысын.
Баралбады баарысы,
Өңүнөн чыгып сарысы.
Камалып коркуп токтолду,
Төрт күндөн бери кытайдан
Сураган киши жок болду.
Бырс этип мылтык атпады,
Бу былк этпей кандай жатканы?
Ар жагынан кол келип,
Азар түмөн каптады,
Азыр аман жатырбыз,
Ак Таала бизди сактады!
Билип кел – деп, бириңер,
Ошо баатыр, барат – деп,
Бирөөнү бирөө мактады.
Эл камалып турганда
Эштек уулу Жамгырчы:
«Не да болсо көрдүм – деп,
Тобокел!» – деп, аттанды.
Телкүрөң атын аргытып,
Темирден тонун жаргытып,
Жамгырчы жолго салыптыр.
Жакын келип, жабырдан
Көзүн салып караса,
Былк этпейт бири каапырдан.
Мергендердей бет менен,
Чекесинин чет менен
Ченеп келип караса,
Каршы-терши жылаңач,
Өлүк жатыр жылаңбаш,
Туура-туура жарылган,
Тулумдары жайылган.
Мылтык жатыр, дары жок,
Мыктысып келген кытайдан
Түк калбаптыр, баары жок,
Эл чабабыз – деп келип,
Кырылган кытай ары жок.
Кылычы жатыр, кында жок,
Кыргынын көрсөң санда жок.
Аралап көрдү өлүктү,
Жүз он бир миң аскердин
Аярынан башкасы,
Неме калбай өлүптүр,
Өлүгүнөн ат жүрбөйт,
Ат жүрсө да бат жүрбөйт.
Камчы салды астында
Телкүрөң аттуу күлүккө,
Чыдап карап тура албай
Жер жайнаган өлүккө.
Атына камчы салганы,
Атырылтып Жамгырчы
Кашатка чыга калганы.
Кайнап аткан калың кол

Карап көрүп Жамгырчы,
Кандай аскер экен – деп,
Кашына жетип барганы.
Жетип барса түрк экен,
Каруу-жарак карк алтын,
Кармаганы баарысы
Кылыч-мылтык мүлк экен,
Жетип барып караса
Кылганы оюн баарысы
Тамаша менен күлкү экен.
Камбардын уулу Айдаркан
Алганы Эштек кызы экен,
Акконур деген өзү экен.
Акконурдан туулган
Айтылуу Көкчө өзү экен.
Тааныды Көкчө: «Тага – деп,
Жакшы келдиң мага!» – деп.
Ат жылоодон алганы,
Астына оорун салганы.
Татканы шербет-бал болуп,
Жегени жая-жал болуп,
Жата турсун Жамгырчы.
Күн батыш жагы аскердин
Жаткан жери Көкчөнүн
Күн-Тийбес деген суу экен,
Башы мөңгү-кар экен,
Манас менен Көкчөнүн
Аралыгы аскердин
Шашкелик жол бар экен.
Жамгырчыны коюңар,
Жайдары Манас баатырдын
Кабарынан болуңар.
Жанында нөкөр увазири
Жаан кезген көй баатыр
Он күндөн бери тек жатыр.
«Аяк-башын аскердин
Абыдан жыйып алам – деп,
Анан уруш салам – деп,
Жаткан экен жайланып,
Сай буудандын баарысы
Этине келип байланып.
Баатыр Манас кеп ойлойт,
Булгардын журту үч күндүк,
Бул коктуда жатканды
Кытай экен, – деп, ойлойт,
Кырмуз кандын калмагы,
Суңгу кытай заңгары,
Кайнатканы чай деген,
Калкынын баары бай деген.
Көп аскер чыгып алган го,
Түгөтөм – деп түрктү
Көбү көчө келип калган го,
Муну ойлонуп жатчу экен.
«Кангар тоонун ою – деп,
Калың кытай колу – деп,
Кайра качып кетпесин,
Ушу экен келген жолу» – деп,
Аккелте мылтык атыптыр,
Эл келгенче эр Манас
Алты күнү жатыптыр.
Жетинчи күндө эл келген,
Эр Көкчөдөн башкасы
Жетимиш миң кол келген.
«Үч күндөн бери жагына
Кытайдан неме кылайбай,
Түтүн чыгып булайбай,
Булар кандай токтолду,
Жалгыз неме жок болду,
Жер жутуп муну кеттиби?
Аттана качып каапырлар
Ашуу таап өттүбү?»
Аны ойлонуп эр Манас
Багымдат намаз окунуп,
Марал баштуу чоң кула ат
Баса минди токунуп.
«Кыйын жолго салайын,

Кырга чыгып барайын,
Кызыталак кытайдын
Кылган ишин карайын,
Жайылып жаткан мал болсо
Жайы-көйүн карайын,
Жабылып жаткан жан болсо
Өлчөөсүн билип алайын.
Каңгардын бийик тоосу экен,
Каапырлардын жатканы
Капчыгайдын оозу экен.
Өрдөшүндө кол барбы,
Өзгө жакта жол барбы?
Же көчүп келген эл бекен?
Өлчөөсүн барып көрөйүн,
Өзөнү жайык кең бекен?»
Муну ойлонуп эр Манас
Бууданга камчы салганы.
Буруштагы жол менен,
Мубакүлдүү сыр найза
Кармап алып кол менен,
Аркар жүрбөс кыр менен,
Аскар бийик тоо менен,
Аралап өтүп баратыр
Эчки баспас зоо менен.
Аккула минип шашыптыр,
Өлдүм-талдым дегенде
Өзөндүн башын ашыптыр.
Асты жагын караса
Курбу-курбу жери бар,
Кулан жүргүс чери бар,
Кум этеги төрү бар,
Кутуруп аткан жылкынын
Көпчүлүгүн көрүп ал.
Сан жетпеген сарала,
Кайкалап жаткан карала,
Суксур моюн сурала,
Топ жазбаган торала,
Чаарды көрсөң сан толгон,
Чаңкай бозу эсеп жок,
Чыйырчыктай сарала,
Чыпка куйрук карала,
Көгүчкөндөй көгала,
Манаттай жээрде көрүнгөн,
Аты бөлөк бөлүнгөн,
Кулундары куюгуп,
Кунандары жарышып,
Куйругун сыртка салышып.
Көп жылкыны көргөндө
Көңүлүн баатыр бөлгөнү,
Кытай, калмак малы экен,
Аз болгондо өлчөөсү
Кырк миң жылкы бар экен,
Баарын айдап жүрө албайм.
Мал көрүндү токтолуп,
Жоонун малын тапкан соң,
Токтоп карап тура албай:
«Көбүн бөлүп айдайын,
Көтүмдөн куугун бар болсо
Көрүнгөнүн жайлайын».
Муну ойлонуп бу Манас
Ак добулду карс койду,
Аккелте мылтык тарс койду.
Жылкыны тийди дүргүтүп,
Жылганы көздөй үркүтүп,
Айгайды бала салганы.
Ал аңгыча акырып,
«Айдаба!» – деп, бакырып,
Алыстан келет кыйкырып:
«Жиндисиңби, соосуңбу,
Тиктеп келген жоосуңбу?»
Алагер менен чайпалып,
Ак сакалы жайкалып,
Акырып келди бир адам,
Жашы өтүптүр, кары адам,
Аз эле болсо караса
Алтымыш менен жетимиш

Арасында бар адам,
Алгыр бүркүт көздөнүп
Акырая караган,
Астында аты карагер,
Айбаты катуу бу бир эр.
«Атаңдын аты ким эле?
Айта кой – деп, тим эле.
Өзүңдүн атың ким эле?
Өлөрсүң, балам, мен жетсем!»
Канкор Манас караса
Кытайдын журту окшобойт,
Кыйкырып келет, токтобойт.
Калмактын журту окшобойт,
Качырып келет, токтобойт.
Мында Манас ойлонду
Түрк уулунун бири экен,
Түбүмдү сурайт, ким экен?
Ойлонуп мен да турайын,
Ойрон болгон бу чалдын
Ким экенин сурайын.
Анда Манас кеп айтат,
Айбатын салып бек айтат:
«Атамдын аты – атам – деп,
Астын тоспо жылкынын,
Ак сакалдуу кишисиң,
Азыраак аяп турам – деп.
Өзүмдүн атым – өзүм – деп,
Чалым, өткүр кандай
сөзүң?» – деп,
Оң жооп айтпай турганы.
Качырып келип Манаска
Ак сакал найза урганы.
Калбаны бу чал баштады,
Канкор Манас атынан
Учуп кете таштады,
Илгери-кийин бу Манас
Эч жерде мындай шашпады.
Аккула менен чуратып,
Артынан чаңын буратып,
Манас да найза салганы.
Тоо сайгандай токтолуп,
Чалы да тосуп калганы.
Качырышып бул экөө
Каршы-терши өтүштү,
Аз болгондо арасы
Кунан чабым кетишти.
Кайра тартып калганы,
Астындагы алагер
Атына камчы салганы.
Бура тартып калганы,
Буудан Манас баатырың
Аккула камчы салганы.
«Баабедин!» – деп бакырды,
«Манастап!» ураан чакырды.
Манастап айгай салганы,
Таятасы эр Эштек,
Беш жүз бээ сойгондо,
Атын Манас койгондо
Барган экен тоюна.
Манас деген кай Манас?
Жээним Манас болбосун?
Чалдын түштү оюна.
Шакан аттуу кыз экен,
Башындагы алганы
Бай Жакыптын агасы
Чыйырды деген киши экен.
Жакып бай жанын карч кылып,
Калдайына калмактын
Канча жолу арыз кылып,
Чыйырды деген агам – деп,
Чыйырдынын катынын
Жеңемди алып багам – деп,
Арзына канча жазылган,
Жеңемди алсам экен – деп,
Улугуна асылган.
Жаң-жуң менен калдайга,

Тарып кылган далайга.
Арыздашып жүрүп алыптыр,
Чыйырдын зайыбы деген сөз
Алгандан бери калмактар
Атын Чыйырды коюп салыптыр.
Чыйырдынын атасы,
Жаан кезип жүргөндө
Жаангердин тийген батасы,
Чын Эштектин өзү экен.
Таятасын таанызбай,
Канкор Манас жаш бала
Койгулашкан кези экен.
Манаска Эштек бакырды:
«Кагылайын каралдым,
Бери келгин!» –деп, чакырды.
Оңо турган чал эмес,
Оңой-олтоң жан эмес,
Сурайынчы жайын – деп,
Султан Манас ойлонуп,
Жанына жакын барганы.
Жайы-көйүн сурап баланы,
Жакыптын уулу жаш Манас
Жайын айтып салганы,
Ошо жерде угуп эр Эштек
Оодарып аттан алганы,
Ой-бойду бийик салганы:
«Ай кашында чолпонум,
Айдын көзүн чалдырбай
Ардактап баккан солтонум.
Күн башында чолпонум,
Күндүн көзүн чалдырбай
Күпкөгө баккан солтонум.
Айланайын аманбы
Атаң, энең, эл-журтуң,
Азып кайдан жүрөсүң?
Аркар баспас зынданда
Басып кайдан жүрөсүң?
Жазийрадан кол чыгып,
Жер майышып мол чыгып,
Үркүп келдик шу жерге.
Булгар эле жерибиз,
Канар тоого таянып,
Качып келдик жай алып.
Куба келип кытайлар
Курчап жолду алганы,
Бала-чака биригип,
Он төрт күн уруш салганы.
Бир жолдон бөлөк жолу жок,
Ойлоп турсам кытайдын
Оңдуруучу колу жок,
Кырк күнчө болду камалып,
Канар тоого жамалдык.
Кийик жүрбөс бул жерге
Киши келбейт дечү элем,
Кайып жүрбөс бул жерге
Кандай жан келет дечү элем.
Кагылайын каралдым,
Кайдан келип калганың?
Каран калган жылкыны
Кайдан көрүп айдадың?
Манас деген атыңдан,
Атка минген затыңдан,
Кебете-келбет боюңдан,
Акылга терең оюңдан,
Аман болсоң, жалгызым,
Ар иш келер колуңдан.
Аттанганың, мингениң
Алда! – деп, жолго киргениң
Бүгүн болсо каралдым,
Айдаган жылкың бир канча,
Айдаганың айдап кет,
Алып көөнүң жайлап кет!
Акжолтой Манас болуп жүр,
Айдап жылкы оңуп жүр,
Не кармасаң кыз кармап,
Олжолуу Манас болуп жүр!

Акжолтой болсун жолуңуз,
Алган жылкыңды айдап кет,
Уялбасын колуңуз!»
Ошону айтып эр Эштек,
Он миңче жылкы бөлүптүр,
Бөлгөнүн Манас көрүптүр.
Анда Манас кеп айтат:
«Жээниңиздин атасы
Малдан качан өлүптүр?!
Жалгыз тайды албаймын,
Жаман атка калбаймын.
Өзүңдү камап жоо жатса,
Манасты кудай урбайбы
Өлбөй калып соо жатса.
Албаймын тага тайыңды,
Карап көрүп турам го
Камалып жаткан жайыңды.
Калмак менен кытайдын
Жайытка жайган малы – деп,
Жалпы айдайын аны – деп,
Оюма муну алгамын,
Ошентип жылкы айдадым.
Жакшы болду таята
Жакындан чыгып калганың.
Алты миң аскер алгамын,
Таятам сары ногой – деп,
Санаама алып шондой кеп,
Буларды көздөй бармакка
Бек сыйынып арбакка,
Чыгып келе жатканда
Астыман келе жатканда
Астыман кытай кол көрдүм,
Аскерин кумдай мол көрдүм.
Жанымдан жигит чаптырып,
Аягы деңиз, Оролдон,
Сары-Арка журтун чакырып,
Кытайдын журту ошондо
Капардын кара тоосунда
Кайнап жаткан кол эле,
Кара кумдак мол эле.
Капчыгайдын оозунда
Булгарга барчу жол менен,
Алты миң аскер кол менен,
Жолун алдым кытайдын.
Аскерим менин аз – дедим,
Соңума карап кылчайдым,
Жанымдан киши чаптырып,
Түрк уулунан койбо – деп,
Журт башчыга айттырып,
Аккелте мылтык аттырып,
Кылайып кырга чыкканын
Мергендер атып жыкканы,
Камап алдым өзөнгө.
Асты жактан сиз атып,
Аркасынан биз атып,
Арага жоону алыппыз.
Баары кытай экен – деп,
Биз сизден коркуп калыппыз,
Бизди кытай экен – деп,
Сиз да ойго алыпсыз.
Эндөөлөшүп жатыппыз,
Кейишке кенен батыппыз.
Жакшы келдиң тага – деп,
Жардам бердиң мага – деп,
Жакшы балаң бар – деген,
Жамгырчы таякем кана?» – деп
Эр Манас сурап салганы.
Эштек баатыр кеп айтат:
«Эртең менен Жамгырчы
Кытайды байкап келем – деп,
Кеткен бүгүн», – деп, айтат.
Жайылган кытай аты жок,
Же жаркырап чыккан оту жок,
Бастырып чыккан киши жок,
Басырыктап биздерге
Кытайдын кылган иши жок.

Үркүндүн келип көтүнөн,
Үч жүз жылкы, кырк бир төө
Түшүрүп калган Байкөш дөө.
Төрт короодон кой алды,
Төрт жүзгө жакын уй алды,
Көчтүн көчүк жагынан
Аламан коюп калганы,
Ошончо малды алганы.
Ылая шүгүр кудайга,
Ургаачы менен эркектен
Бирди да кармап калбады.
Малдан канча тутулду,
Башыбыз аман кутулду,
Байкап турсам жээним
Кытайдын пейили бузулду.
Бар мүнөзү, жүрүшү
Магуруп жагы шүкүлдүү,
Жазийра жагы жери окшойт,
Ындыстанга чектешкен
Кырмуз шаанын эли окшойт.
Сермис жакка айдаган,
Аштык-түлүк жайлаган.
Кытайда эгин мол экен,
Булгар менен арасы
Он беш күндүк жол экен.
Соодагер балдар барыптыр,
Сонунду көрүп алыптыр,
Түрк уулун түгөтөбүз – деп,
Кол жыйылып калыптыр.
Кол жыйылып жатканын
Калмактан кабар алыптыр,
Кайра бизге салыптыр.
Булгарлыктын кыйласы
Шибердин бери жагында
Чүкчү тоо көздөй барыптыр.
Кийинчерээк биздерге
Кабар тийип калыптыр.
Ашыгып үркүп алганбыз,
Аркабызды чаптырып,
Канар тоонун өрдөшүн
Кире качып калганбыз.
Каапырдын журту кар эле,
Төрт короодо коюбуз
Аз болгондо алты миң
ашык бар эле.
Үч жылганы өрдөдүк,
Баары да татаал тар эле,
Эки миң төрт жүз жасообуз,
Неме калбай үйрөндү
Жылкыда болгон азообуз.
Кары-жаш кечти жанынан,
Байлар кечти малынан,
Өрдөп алып колотун
Оозу тосуп жатыштык,
Ойрон болгон кытайга
Так он төрт күнү атыштык.
Билбей калдык бул иттин
Эмине кылып жатышын.
Жаңыдан бизге келгенде
Каптады эле катуулап,
Күчөдү эле та-талап,
Күрмөлбөгөн санталак.
Эки миң төрт жүз кишибиз
Ашыгышып анталап,
Мылтыктарын октошуп.
Милтелерди чоктошуп,
Так он бир күн болгончо
Астын бууп токтошуп.
Жасоосуна бөлгөнү,
Билбейбиз канчасы өлгөнү.
Он бир күнгө жеткенче
Бу турган булгар журтунан
Чыканак жерге салбады,
Чырым уйку албады,
Катын менен балада
Эч бир тынчтык калбады.

Эл карааныn көрдүк го
Эми арман калбады.
Бүгүн төрт күн болуптур,
Кызыталак кытайдын
Урушканы сээлдеди,
Урушууга келбеди,
Түтүн чыкпай, от жакпай
Түгөнгөндөй көрүнөт,
Уруштан жадап ошолор
Жүдөгөндөй көрүнөт».
Муну айтып Эштек чал
Буудан Манас баланы:
«Жүргүн, балам, бастырып,
Кырга чыгып баралык,
Кытай кантип жатканын
Кылаалап карап алалык.
Келди бекен Жамгырчы?
Кебин угуп каналык».
Муну айтып эр Эштек
Четиндүү кыя чет менен,
Бетегелүү бет менен,
Салынып келген сеңирден,
Жанында Манас жээни,
Жардам тилеп теңирден,
Көрүнөө жерге барыптыр,
Көздөрүн экөө салыптыр.
Карга, кузгун казандайт,
Карап айран калыптыр.
Аяк-башы ат чабым
Аскердин жаткан оруну,
Кылайып баскан бир жан жок,
Кырылгандай боруму.
Кырдан көрүп каткырып,
Кыраан Эштек, күлүптүр,
Кырылган экен каапыр – деп,
Кыйдылык менен билиптир.
Көк жал Манас жээни
Көзүн бу да салыптыр.
«Урушпастан бу каапыр
Ушунтип өлөт экен!» – деп,
Комсунган бойдон калыптыр.
Жүргүн Манас жээним – деп
Ойго булар барыптыр.
Барып колду караса
Баарынын ичи жарылып,
Башында чачы жайылып,
Тулуму жерге төгүлүп,
Турмуктары көрүнүп,
Өлүгүн көрүп алыптыр,
Өткүр Манас баатырың
Өз кошуна барыптыр.
Таятасы эр Эштек
Элине кабар салыптыр,
Эр Жамгырчы баатырдан
Көкчө кабар алыптыр.
Көңкү казак кол менен,
Көкчө баатыр зор менен,
Көтөрүлө жол менен
Бу да келип калыптыр.
Эр Манаска караштуу
Алтайлыктын аскери
Жуда келип калыптыр.
Кытайдын көрүп кыргынын,
Айран-азыр болушуп,
Мусулмандын аскери
Үйүндө калбай келиптир,
Үч жүз миңге толуптур,
Өлүгүн кытай караса
Жүз он бир миң болуптур.
Көргөндөр айран калыптыр,
Көрүнөө жаткан жарагын
Көпчүлүк терип алыптыр.
Мылтыктын түзүн талашып,
Былчылдашып сабашып,
Кылычтын курчун талашып,
Кырчылдашып сабашып,

Ай балтасын талашып,
Аласыңбы баарын? – деп,
Аябастан сабашып,
Канжарын көрүп турушуп:
Как ушуну маа бер!» – деп,
Карсылдашып урушуп,
Саадакты моюнга салышып,
Жааны асынып алышып:
«Тарталбайсың муну – деп,
Алы келбей турат да,
Жаа асынат бу кул!» – деп,
Чабалдан жааны алышып,
Балбанга берип салышып,
Басып жүргөн мындан көп.
Көмгөн экен жарагын,
Кызыталак каапырдын
Кара ниетин карагын,
Ар кайсы жерди чукулап,
Казып жүргөн сандан көп.
Үйдөн чыгып келгени,
Үч жүз миң экен элдери,
Жүз миң кытай кырылып,
Жарагын жалпы бергени.
Мылтык алды мергени,
Сүңгү алышты камбылы,
Сүйүнүшүп калганы.
Камыш экен найзасы,
Тарамыш менен чаптаган,
Желим менен каптаган,
Ташка чапса сынгысыз,
Жакшы экен сүңгүсү.
Балбандар күрзү алганы,
Баатырлар кылыч кармады,
Кара аламан калганы
Ай балта бөлүп алганы,
Ал кезекте түрк уулу
Калганы жок арманы.
Карк алтын кемер курларды,
Чала-була өрттөнгөн,
Калдыратып терип жүр
Ар кайсы жерден буларды.
Олжого орчун батышты,
Ол күнү конуп жатышты.
Эртеңки таң атканда
Элдин баары жыйылып,
Бир кудайга сыйынып,
Тунук-Булак башында
Элдин баары жыйылды
Эр Манастын кашына.
Аксакалдан карысы,
Акылмандын баарысы,
Айдаркан уулу эр Көкчө,
Акынбектин Меңдибай,
Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Күнөстүктүн Мажиги,
Кайбарлыктын Чалиги,
Акбалтанын Болоту,
Алтайлыктын Маматы,
Арстан төрө Манасы,
Эштектин уулу Жамгырчы,
Түмөнбайдын Дамбылда,
Түрк уулунун кыйласы,
Көкмөк уулу эр Жанай,
Көчөрбайдын Керкөкүл
Көңкү улуктар жыйылып:
«Бу кызыталак кытайлар
Кыйынсынып койбоду,
Кырсак дешип ойлоду,
Ар качандан, бир качан
Камаганын койбоду,
Камдуусунуп болбоду.
Урушканын койбоду,
Улуксунуп болбоду.
Белин бекем бууппу?
Салпылдаган сасык ит
Кытайды эле эркек тууппу?

Түбүнөн бөлөк тууппу,
Түрктү кудай уруппу?
Алаш экен атабыз,
Арбак урган кытайга
Аттанбай кантип жатабыз.
Корголоп кантип калалык,
Буга барып биз да бир
Козголоңду салалык!
Качып кантип калалык,
Каршы барып буга да
Калабаны салалык,
Көптүгүн болсо көрөлүк,
Же көчөлүү шаарын бөлөлүк,
Жалгызга жардам бир кудай,
Жалпайбайлы биз мындай.
Жалынган менен жан калбайт,
Жайытка жалгыз мал калбайт.
Эркек бала тартсаң да,
Эгер кытай эл дебейт,
Эшигин ачсаң кел дебейт.
Баашалуу журт болгон соң,
Бар дөөлөтү толгон соң,
Эркин жерди алгансып,
Эсенкан деп бирөөнү
Кан көтөрүп салгансып,
Айбандай эле мурунтан,
Аз жылдан бери кан чыгып,
Ааламдын баарын коркуткан.
Дүнүйөнү курчаган
Түпсүз деңиз дарыя
Түрктөн мурун ушунда,
Төрөн, Жапас тушунда
Кыдырып тентип кетиптир,
Жүрүп-жүрүп дайранын
Жакасына жетиптир.
Баасыз жерди таптык –деп,
Барып шаар салыптыр.
Мына ошондон бер жакка
Бээжин коюп алыптыр.
Каканчындын калкы –деп,
Калктан ашык салты –деп.
Байгамбар менен саабанын,
Баянын укпай алардын,
Олуя менен бузурук
Аларга айтпай ак жолун
Оюна бирө . түшүрүп.
Жамандык эмей неткени,
Жапасты билбей кеткени,
Нук атасы экенин
Ушу күнчө түк билбейт,
Бу да түрк уулу – деп,
Эч да көзгө бир илбейт.
Теңир урган кытайлар
Тең ата – деп ойлобойт,
Бизди тек жатпайт – деп,
болжобойт.
Теги-жайын сурасаң
Теңир ургур түк билбейт,
Айтсаң билбейт а түгүл
Арам менен адалды,
Агып барып бул иттер,
Дарыянын жээгине
Шаарын салып камалды,
Аз жылдан бери бизге ойлойт
Аябаган залалды.
Нутдун уулу Маңгулду
Көп жылдан бери кан кылды,
Ал маңгулдун уругу –
Бадыша болгон бирөөсү.
Башкасынын баарысы
Букара болуп куруду.
Дин издеген бири жок,
Шаадат айтар тили жок.
Өлгөнү кыйла өлүптүр,
Магуруптун журтунан
Үрүстөмдү көрүптүр.

Аалы, Үрүстөм коркутуп,
Айтканына көнүптүр.
Азирети Аалы албаптыр,
Ак буйругу жок болуп,
Анжияндан токтолуп,
Ант ургурга барбаптыр.
Чалыяр чаркы келбептир,
Чаап динге салууга
Жараткан буйрук бербептир.
Эмигисин карасак,
Эркексинип эрбейип,
Төбөсүнө бир неме
Сайган болуп сербейип,
Бээжиндикпиз дегенсип,
Басып жүрөт дердейип.
Актын касы Азезил
Азгырат аны анык бил,
Колодон кылган бутунан
Кайдан чыгат сүйлөөр тил.
Буту болуп сүйлөгөн,
Бу Бээжинди бийлеген,
Сүрөт болуп сүйлөгөн,
Сүйлөгөндүктөн бийлеген,
Муну сүйрөлгөн иттер билбеген,
Же анча-мынча жан барып
Айтса тилге кирбеген,
Нагыз каапыр экенин
Нак ушу күнчө билбеген.
Азгырып жүргөн буларды
Азезилдин нак өзү,
Ибилистин как өзү,
Иттигинен биле албайт,
Жапас уулу экенбиз,
Жакынбыз – деп, айтсак да
Жакшы экен – деп, тил албайт.
Ар бир журттан карасак,
Азган-тозгон ант ургур
Арасына барыптыр,
Аралашып алыптыр,
Асемдүү шаар салыптыр.
Аз жылдан бери карасак,
Адамсынып калыптыр.
Дарыяны бойлошуп,
Бизден бөлөк журт жок – деп,
Так ошону ойлошуп.
Азезилди пир кылып,
Асыл кийим кийинип,
Эгерде жуубай кир кылып,
Жуу десе кийиминди
Ырысым кетет – деп, алат,
Болор-болбос ач болсо
Бокту да койбой жеп алат.
Айтып-айтпай айла жок,
Ал каапырдан пайда жок.
Азезил айткан боюнча,
Аларга арам чычкан жок,
Чычкан, чымын баары адал,
Жылан-курттар дагы адал,
Ит менен доңуз ага адал,
Кескелдирик, кумурска,
Кез келгендин баары адал,
Башы курсун кытайдын
Маймыл, борсук дагы адал.
Кашкулак менен суурду
Казанына куурду,
Жебесек жанга залал – деп,
Жер үстүндө кыбырап
Жүргөн-турган адал – деп,
Азезил айткан тилинен,
Азган экен дининен.
Билбейбиз кандай экенин,
Жылкыны арам – деп коёт,
Арбак урган кытайга
А кандай болуп билинген?
Бар кудайым жар берсе
Барып шаарын кыйратып,

Айралык батыл дининен,
Ал жеткен жерин алалык,
Ак жолуна салалык.
Атабыз түрк болгон соң,
Арбак урган кытайдан
Аянып кантип калалык!»
Муну айтып эр Манас,
Муңайып турду көп алаш,
Билбегендер көп экен,
Бир биринен кеп сурап:
Бирге бекен түбүбүз?
Биздин бөлөк түрүбүз,
Кытай тууган экенин
Биз да билбей жүрүбүз.
Кытай экен тууган деп,
Кыжылдаган бул иттер
Кыдырып барып Бээжинге
Нече жыл болду турган? – деп.
Карады Манас буларды:
«Азгырып шайтан буруптур,
Нуктун уулу Жапастыр,
Уктум эле карыдан
Ошондон кийин туруптур».
Арстан эр айтып салганы,
Айдаркан уулу эр Көкчө
Байкап туруп бул сөздү,
Башын чайкап калганы:
«Уламалуу карыдан,
Угармандын баарынан
Укканымды айтайын.
Лут байгамбар тушунда,
Урушуп жүрүп тынч албай
Узак жолго салган – деп,
Ушу жерден кетип калган – деп.
Бекер жер таап алдык – деп,
Баасыз бекер жер үчүн
Бээжин шаар салдык – деп,
Лут тушунда салыптыр.
Нук байгамбар тушунда,
Суу каптаган ушунда,
Топондун суусу ташканда,
Тоодон-таштан ашканда,
Кайыгы менен байгамбар,
Баары душман көп жандар
Айтып атса байгамбар
Насыяты чачылбай,
Күнү-түнү токтобой,
Осондоп үнү басылбай,
«Алаамат бергин бул журтка,
Амандык бергин куш-куртка!»
Байгамбар дуба кылыптыр.
Улук кудай каарынан,
Урумдун Насым шаарынан
Дандырын кемпир жагыптыр,
Так түбүнөн суу чыгып
Ай-ааламды алыптыр.
Кайык менен сексен төрт
Адам тирүү калыптыр.
Ар жандардан тукум – деп,
Бир ургаачы, бир эркек
Кемесине салыптыр.
Кемени суу көтөрүп,
Асманга жакын барыптыр.
Ала-Тоодон кырк аршын
Өйдө чыгып алыптыр.
Сексен жерден сел кирип
Сексен бөлүп салыптыр,
Сербейген багы көрүнүп,
Катар салган шаары
Сексен бөлөк бөлүнүп,
Элинен эсен калган – дейт.
Топондон эсен калдык – деп,
Бадышасын бадырек
Эсенкан коюп салган – деп,
Эр Көкчө сүйлөп салганы.
«Ката сөзүң, Көкчө!» – деп,

Кан Манас айтып калганы.
Чынмачын жою басылсын,
Өзү билер бир кудай
Чыны менен жалганын.
«Ары чети Ындыстан,
Андан бери Жазийра,
Күн батыш жагы Жамине
Кана, барбайлыкпы бул келген
Кырмуз шаа канына,
Жараткан берсе жардамды
Салалык жапаа жанына,
Кыштактуу шаарын кыйратып,
Кыз-катынын ыйлатып,
Боз уланын боздотуп,
Кара суусун тоздотуп,
Кызын катын кылалы,
Кызталак динге кирбесе,
Кыйырына койбой кыралы.
Катынын отун кылалы,
Кайтып динге кирбесе,
Калкынын баарын кыралы!
Как ушуну менен үч келди,
Карап кантип туралы.
Ушу сөздөн жангaнды,
Убададан тангaнды,
Төбөсү ачык көк урсун,
Төрт чарыяр көп урсун,
Төшү түктүү жер урсун,
Арбагы бийик эр урсун,
Ак байгамбар пир урсун,
Аты Кызыр тирүү урсун,
Кырк чилтен кайып эр урсун,
Кылым турган эл урсун,
Каусул Кыяс кошо урсун!
Укумунан тукумун
Немесин койбой тоздурсун!»
Ушуну айтып эр Манас,
Уруулуу журт көп алаш,
Карыя Эштек тагасы,
Кан Жакып бай бабасы,
Аксакалдан Айдаркан,
Азар түмөн канча жан:
«Оомийин!» –деди кү .гүрөп,
Кол көтөрдү дүңгүрөп,
Бата кылып болушуп,
Жүзүн сүртүп коюшуп
Кош башына бир бээ
Коштоп келип союшуп,
Өзөндүн баары толушуп,
Өз алдынан болушуп,
Ал күнү жатты конушуп.
«Бели катуу, бек айбат,
Бейли катуу, кара нээт
Берекелүүң калыңар!
Меңкээрип калган чалдар бар,
Бели бошоң балдар бар,
Бекер кылбай убара,
Берелик жооп буларга.
Эгин айдап, мал багып,
Эл ичине калсын – деп,
Эгей-шыгай көйкашка,
Эрегишкен душманга
Эр азамат барсын» – деп,
Акылдаша салганы.
«Кандай барбай калам?!» – деп
Жаш – карыдан чыр чыгып,
Калбалашып калганы.
Чабалдардын баарысын,
Жашы менен карысын:
«Алла Таала жол берсе,
Алып калсак каапырды
Олжону сага берелик,
Оңой эмес Дагалак,
Ушу сапар биз барып,
Ойрон болгон кытайга
Ойрондошуп келелик».

Ушуну айтып эстүүлөр
Отуз миңди кайтарды.
Эки жүз сексен миң колду,
Канар тоо ою карк толду.
Кайтуучусу кайткан соң,
Калгандардын баарысы
Катынга салам айткан соң,
Барбаганы кайтканы,
Баруучунун баарысы
Балдарга салам айтканы.
Улуу черүү, калың кол
Мусулман журту кумдан мол.
Бу черүүнүн ичинде
Калмак, тыргоот, солону,
Манжурия, маңгул бар,
Байкап көргүн сен муну.
Алчын, үйшүн, абак бар,
Аргын, найман, тарак бар,
Булгар эли баары бар,
Мурунтан Эштек кары бар,
Кыргыздан Манас каны бар,
Кыйындардын баары бар,
Нойгут, тоту дагы бар,
Оёндордун баары бар,
Ошо күндө эр Эштек
Кызмат кылар чагы бар,
«Түрүлүп түркүм келди – деп,
Түбүмөн кудай берди – деп,
Манас, Көкчө жээнимди,
Баарын айдап көчүрүп
Азыр бүгүн келейин
Тар жылгадан элимди,
Тар жылга экен башы жай,
Карап жатып албасын,
Дагы кийин калганга
Ураан болуп калбасын,
Тар жылганын эли – деп,
Көчүрөйүн деги» – деп.
Жамгырчы жана кеп айтат:
«Көчкөндө келбес эби – деп.
Оозу туюк тар экен,
Ар жагына өткөндө
Отуз миң үйү болсо да
Кең жатчу жери бар экен,
Аштык салып, мал багып
Кең–кесири жаткандай,
Ачууланса кырк миң үй
Кысылышып баткандай.
Бекер бир жер табылды,
Булгардан көчүп сабылды,
Мурдар каапыр кытайга
Беш–алты кур чабылды.
Тар–тар десе мейли – деп,
Тарлыкпайлык эми – деп,
Дагалактан келгенче
Жата берсин деги – деп,
Астында бар жыйырма миң,
Аркасында бир миңден
Айдап жүргөн жылкы бар,
Алданын берген мүлкү бар,
Ыйй артында күлкү бар,
Булгардан үркүп бүлдүк – деп,
Мына бүгүн күлдүк – деп,
Ар коштон киши алайын,
Байларга салык салайын,
Антип-минтип элимден
Отуз миңжылкы алайын,
Орчун колдун союшун
Бүгүн берип салайын.
Жалгаса кудай жалгасын,
Чаап салса кытайды
Көйкашканын баарысы
Көңүлгө албай калбасын.
Алып калсак каапырдан
Талапкер болгон канча жан
Бир-бир жылкы сойгондор

Эки кылып төлөөр – деп,
Төлөбөсө мейличи,
Билгенин кылып жөнөөр» – деп.
Тарак казак калкында
Ыраман деген бар эле,
Ырамандан туулган
Сарылбек деген бала эле,
Зарылып жүрүп көргөндөн,
Агалары көп өлүп,
Алты агасы көмүлүп,
Жашында балдар көп өлүп,
Баладан калып түңүлүп,
Байкуш болуп бүгүлүп
Ыраман ыйлап жүрүптүр.
Арадан алты жыл өтүп,
Анан бир бала көрүптүр,
Баласы он беш жашында:
«Кабылан Манас каным!» – деп,
Манастын жүргөн кашында.
Кере тутам жибектен
Чоктуу бөркү башында.
Айтканынын баары уйкаш,
Акындыгы билинген,
Арстан Манас канына
Үч жылдан бери илинген.
Ырамандын Ырчы уул,
Ычкыры бапик кырк муун,
Тебетейи чоктуу кул,
Айтар оозу шоктуу кул.
Эр Жамгырчы кеп айтат:
«Колду аралап жар салгын,
Кош башына бир киши
Даярлансын!» – деп, айтат.
Ырчысы атка мингени,
Кош башына кыдырып
Жар чакырып ийгени:
«Жээндери келиптир,
Кош башына бир бээ
Таякеси Жамгырчы
Сыйнатына бериптир.
Жалгаса кудай жалгасын,
Олжо алган болсо мусулман
Оюна албай калбасын!
Жалгабаса жараткан,
Кырылып калсак кытайдан,
Кыргын тапсак каапырдан,
Кырмуз шаа баатырдан
Чылбыры тутам, боосу жок,
Чын ушул алган жылкыңдын
Чын дүйнөгө барганда
Сыңар чака доосу жок!»
Муну айтып ырчысы
Жарды журтка салганы,
Кош башына бир адам
Кошо жөнөп калганы,
Жамгырчынын айылына
Жалпы баары барганы.
«Жарайт ушу бээ!» – деп,
Чалкылдатып жетелеп,
Ар коктуну өрдөшүп,
Обоздору эң кызык...
Эр башына бир бирден
Байтал коштоп алышты,
Кош башына бир бирден
Ай туягын чалышты.
Аскериңдин баарысы
А күнү конуп алышты.
Эрендердин баарысы
Эрте туруп алышты,
Колун сууга салышты,
Кол даааратын алышты,
Бутун сууга салышты,
Бут даааратын алышты.
Сакалдарын тарашып,
Кыбылага карашып,
Чапан, чепкен алышып,

Жайнаназга салышып,
Көпчүлүк журт күңгүрөп,
Окуп намаз болушту,
Алакан жазып, кол ачып
Бата кылып коюшту.
Ар жеринен карасаң
Аят куран окушуп,
Азаматтын баарысы,
Ашка кирди карысы,
Атын оңдоп токушуп,
Ат ээрлеп жайлашып,
Азыгын жанга байлашып,
Кылычты белге чалышып,
Ай балта, найза, бар жарак,
Жарагын бойго алышып,
Кол куржунду бүктөшүп
Кош–колоңдун баарысын
Кош атына жүктөшүп,
Найзанын баарын түптөшүп,
Азаттын белин тиктешип,
Найзанын учу жылтылдап,
Аскердин башы кылкылдап,
Жер союлуп былкылдап,
Көтөргөнү туу болду,
Көк жаңырган чуу болду.
Ак асаба, кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу,
Көк асаба, кызыл туу
Көк жаңырткан улуу чуу.
Ногойдон калган кызыл туу
Оболотуп аштады,
Кан Жакыптын агасы
Бай деген жолду баштады.
Алты күнү жол жүрүп,
Азаттын белин ашканы,
Аксынын чөлүн басканы.
Көз учунда мунарык,
Көз жетпеген тунарык,
Эрендер жолго салыптыр.
Эки күнү жол жүрүп,
Дайрага жакын жерине,
Эсет деген элине
Эми келип калыптыр.
Эсет деген бар экен,
Эки бөлүк шаар экен,
Ар шаары эки миң,
Азыраак жаткан жан экен.
«Түрк уулубуз келген – деп,
Түк койбоско ойлодук
Дин билбеген элдея!» – деп,
Камап түшүп калганы.
Он эки киши башчысы,
Олор келди колуна,
Эки токсон ат кылып,
Тартуу чыкты жолуна.
«Түрк уулунан биз!» – деди,
Жамандык көрбөс жагына
Жан айласын издеди.
«Карайбыз Какан канына,
Кандай заңгар ойлосун
Жамандыкты жанына,
Кырсаңар моюн сунабыз,
Кызматыңа турабыз,
Атасынын көрү кытайдын
Оозу-мурдун урабыз!»
Кызматына турушту,
Кылды кыйла жумушту,
Акка моюн сунушту.
Кетпейбиз – деп, ушундан
Келме айтышып канча жан,
Алар болду мусулман.
Чокуна турган буту бар,
Чогулуп келди ушулар.
Каапырдын калкы кар экен,
Эки миң үйдүн ичинде
Элүү бир буту бар экен.

Чоюн, темир, жезинен
Алтын, күмүш аралаш,
Кашын жубар безеген.
Айтат экен буркан – деп,
А жерде жаман иш кылбайт
Алла карап турган – деп,
Айтып көөнүн тындырды,
Ал буттун баарын сындырды.
Медиресе, мечитти
Бекем кылып салдырды,
Аларга тийген куран жок,
Арстан Манас баатыры
Айтып сөзгө кандырды.
Төрт күн жатып өргүдү,
Дөбөгө чыгып алышып,
Ар тушка көзүн салышып,
Дагалак шаары кайда? – деп,
Таңыркашып турушуп,
Жол көргөндөн курашып,
Жолу жайын сурашып,
Жер көргөндөн курашып,
Жери жайын сурашып,
Төрт күн токтоп алыптыр.
Эртеси жок кечинде,
Түш эңкейген кезинде
Керней тарткан бапылдап,
Сурнай үнү такылдап,
Доолбас согуп күңгүрөп,
Тоо көчкөндөй дүңгүрөп,
Тууну тууга урдуруп,
Чаңды абага бурдуруп,
Сурнай кулак тундуруп,
Желеги алтын туу менен,
Жер жарылган чуу менен,
Жээктеги жол менен,
Эки жүз токсон миң
Жер жайнаган кол менен
Маңгунттун шаарын алыптыр,
Баарысын динге салыптыр,
Бузук кылбай, бузулбай
Мусулман кылып алыптыр.
Баштатан чоң журт алар дээр,
Башта маңгунт болсо да,
Азыркысын атагы
Марал–Башы, Долон дээр.
Аны жердеп турганы
Жайы тыгыр деген эл.
Кыпчак, калмак аралаш,
Арбынырaак сарт экен.
Атаң болсо аларда
Сурап–сурап табабыз.
Ал аскерди баштаган
Жаангер кожо деген эр.
Дагалакта Кошой бар,
Дагалакка баруута
Чыккан экен ушулар.
Найза канды өлтүрүп,
Алган экен Кашкарды.
Андан келип нечен күн
Маңгунт элин башкарды.
Мындан чыгып жол менен,
Үч миңге таёо кол менен,
Жолго булар салыптыр,
Төртүнчү күнү жол жүрүп,
Эсетке келип калыптыр.
Мусулманды биле албай,
Мурунтадан тил албай,
Манастын колун биле албай,
Башта сурап тил албай,
Каапырдын колу экен – деп,
Кайраттуунун баарысы
Камчы салып атына,
Качырсак – деп, тепеңдеп,
«Азирет» –деп, буркурап,
Аллоо акбар деген сөз,
Азан айтып чуркурап,

Селделери башында,
Селдей аскер кашында,
Сегиз жүз элүү жашында
Жаангер кожо келгени,
Арстан Манас баш болуп,
Аксакалы эр Эштек,
Айдаркандын Көкчөсү,
Ногойдун уулу Бай болуп,
Алар жөө келгени,
Кол куушуруп кожого
Учурашты ошого.
Кожо түштү атынан,
Кордук көргөн каапырдан
Эр Нескара баатырдан,
Кызмат кылган бу күндө
Кыйындардан канча жан.
Кучакташып, кол берип,
Кудай деген эрендер
Куп сүйүнүп бой эрип,
Аман–соосун сурашып,
Асили бир болгон соң
Боорлору бурашып,
Түрк уулдары табышып,
Түрмөгүнө көз жетпей
Дүңгүрөп жатып калышты,
Дүнүйөнүн жүзүнө
Жеткендей болду арышы.
Амандашып кожого
Абайлабай калыптыр,
Аксакалдуу Бай чалга
Аркасынан бир жигит
Белден тартып алыптыр,
Бетин буруп караса
Баласы Бакай барыптыр.
Алты жарым жыл болгон
Айрылганы баладан,
Иним Жакып кайда? – деп,
Издеп чыгып Бай кургур
Каздырып арык жатканда,
Каапырды арбак атканда
Нескарага жолугуп,
Арыкчынын догунан
Араң жаны кутулган.
Ажалынын жогунан
Нескаранын колунан.
Ээрчип жүрүп соңунан
Абийири артык жабылган,
Издеп барган бай Жакып
Как жолунан табылган.
Көрүп–билип Манасты,
Көңкү жаткан алашты
Балдарына жете албай
Жакыптан жанып кете албай,
Барганы Байдын көп болгон,
Барчага машкур кеп болгон.
Калктан тандап уз берип,
Бай агасы барган соң
Тандап жүрүп калкынан
Кара көз сулуу кыз берип,
Бай токтолгон кете албай,
Балдарына жете албай,
Алты жарым жыл болгон,
Андан бери Бай агаң
Көздүн жашы ныл болгон.
Баласын көрүп кубанды,
Көргөзмөк болду Манасты,
Көтүнөн ээрчип баласы,
Кошулушкан жерлери
Эсеттин эски калаасы.
Байды көрүп ордунан
Кол куушурду Манасы,
Саламдаша салышып,
Учурашып алышып,
Жайы–көйүн сурашып,
Боорлору бурашып
Ага–ининин баласы,

Көңүлдөн кетип аласы,
Жашы жыйырма сегизде,
Кошулушкан жеринде,
Оомийин деген бериште.
Олтурушту чайланып,
Ойноп-күлүп жайланып.
Ал аңгыча болбоду,
Көп аскердин ичинен
Кырк-элүүдө жашы бар,
Буурул ала башы бар,
Көзүн жапкан кашы бар,
Көк ала сакал бир адам
Көрсө бенде таңданган,
Ал адамды ээрчитип
Кара сакал бир киши,
Кабылан Манас баатырдын
Чатырына киришти.
Ошо күндө Манастын
Аралашып кошунда
Олтурган эле ушунда
Он төрт киши бар экен.
Ошо колдун баштыгы
Он тогуз жарым жашы бар
Ойрон Манас бала экен.
Ал эки чал киргени,
Кирген жерден аксакал
Манас менен Бакайды
Карап азыр көргөнү.
Бейлеп көзүн салбаган,
Салса дагы көздөрүн
Чукул көрө калбаган.
Он төртү турду бөлүнбөй,
Он экиси көрүнбөй.
Көргөнүн көрүп таң калып,
Кызыр экен баштаган,
Кылайып ишке шашпаган,
Аксакалы Бак экен,
Алла амыры болбосо
Көзү көрбөс дагы экен,
Келген замат көргөнү
Бакай менен Манасты,
Башкасын Багы көргөн жок
Бакылдап аткан алашты.
Анда Кызыр кеп айтат,
«Балам Манас –деп, айтат.
Өлүү эмессиң, тирүүсүң,
Өзүң да мени билерсиң,
Жетет жаанга арышың
Жети султан бирисиң.
Бак карады муну да,
Бакай аттуу агаңыз
Маанайына караңыз.
Кызыр деген мен – деди,
Кылымга бааша сен – деди,
Шарыят бар, тарыйкат
Артылсаң багың акыйкат.
Бараар жериң маарыпат.
Балам угуп, сөздү ал,
Магуруп жак Жазийра
Барча журтун динге сал!
Аттансаң Бээжин аларсың,
Ак буйругу болбосо
Салалбай динге каларсың.
Акыр заман журтуна
Аты болот Алты шаар,
Алардын баарын аларсың.
Алтымыш жашка барганда
Алыска сапар барарсың!»
А сөздү айтып салганы.
«Кары баба атанат
Кашыңда турган азамат,
Келе молдо жат алат,
Кең дөөлөт – деп, атанат.
Кармашканы соо болбойт,
Каргаганы оң болбойт.
Өбөгүң болот өзүңдүн,

Айнеги болот көзүңдүн,
Бадыша кылсаң адилет,
Баатырлык кылса жан жеңбейт,
Баш-аягын ким билет,
Аксакал кылып алыңыз,
Аман бол, – деп, – барыңыз!»
Айтып сөзүн салганы.
А дегенче ал экөө
Кайып болуп калганы.
Орду калды, өзү жок,
Ошончолук көп аскер
Олордун көргөн көзү жок,
Кайып болуп калыптыр.
Ачып көздү жумганча
Ак сакалдуу Байыңа
Ажал жетип алыптыр.
Маликүл мают жеткени,
Байдык жанын бул жерде
Тартып алып кеткени.
Аларды Алла жалгаган,
Алты жүз миң кишиден
Намазга турбай калбаган.
Намазга турду баарысы,
Жаназасын окуду
Жаангер кожо карысы.
Топону тоодой салганы,
Тозулду дүйнө жалганы.
Баары боорун кошкон соң
Акыретке барганы,
Алардын недир арманы.
Атасы Кыргыз Бай өлдү,
Алигиче ошо жер
Бай атанып калганы,
Ишенбесең барыңыз,
Ушу күндө да турат
Бай деген мамыр шаарыңыз.
Аларды таштап салыңыз,
Айкожо деген бирөө бар,
Айталы кабар алыңыз.
Ушу жалган дүйнөдөн
Озгон кыйла көп жандар,
Көргөн экен ороюн
Мааражыдан байгамбар
Бадышалар санында,
Байгамбарлар жанында,
Алтын таажы башында,
Набийлердин кашында.
Аны көрүп Мустапа:
«Бул адамга неткен? – деп
Не себептен мынчалык
Даражага жеткен?» – деп,
Сураганда Ырасул,
Жебирейил сөзү бул:
«Байгурдан Бабыр кан деген,
Арасынан нече ата
Өтөр далай жан деген,
Оолаты кыргыз, уулу түрк
Түркстан жери буга мүлк.
Турар жери Түркстан,
Тутунар чети Ындыстан.
Башы Бээжин, Кумул – деп,
Аягы Кырым, Урум – деп,
Шымал жагы Кара-Кум,
Чамалап муну карагын.
Жанубу Камас, Камардан,
Мусулман болбой түк калбайт
Мында жаткан канча жан.
Ушунчанын башы – деп,
Ойротту билген казы!» – деп,
Жебирейил айтып салыптыр,
Ал сөзүнө кубанып,
Ан азирети байгамбар
Шол жерде колун алыптыр.
Намаз окуп: «Шүгүр – деп,
Орто Азия, Түркстан
О да болду мүлкүм!» – деп,

Отуз үч миң саабадан
Ак байгамбар кашында
Бири да билбей калбаган,
Мабия сындуу кары бар,
Төрт чалыяр баары бар,
Абыл, Мажыл, Алгама,
Садыбакас дагы бар.
Биздин көздөр өткөн соң,
Төрт жүз жылга жеткен соң,
Түркстанда туулган,
Түмөн кытай журтуна
Сала турган чуулган,
Түрк уругу кыргыздан,
Чоңоёр Алтай, Жылдызда.
Бадыша, султан атанган,
Манас аттуу суу калган.
Калкка калар үлгүсү,
Кашында кыпчак Үрбүсү,
Эки шаар жанаша,
Элегенге тамаша.
Кыяматка жеткенче
Кырылбаган бир шаар,
Атагы болор Ажыбий
Коюмда бүтөр бир шаар,
Атагы болор Кутубий.
Күмөн деген жер болор,
Барчалары шолордун
Манаска караар эл болор!»
Айта турган бу кеби
Арбактардан угулду,
«Алар – деди – ары четин
Камбыл менен Кумулду».
Ан азирети байгамбар
Айтып сөзүн салганы.
Азыр турган саабалар:
«Кабыл болот тилегиң,
Көргөзгүнүң ороюн!?
Көп саабалар тилеген.
«Оомийин!» – деп байгамбар,
Дуба кылып, кол жайып,
Кол көтөрдү көп жандар.
Жарым саат болгондо,
Ак кашына дубасы
Кабыл болуп толгондо
Кырк бир киши келгени.
«Кылым кытай журтуна
Кыйратар ушул эр!» – деди.
Минген аты баары чаар,
Кийген тону баары таар,
Кийиз калпак башында,
Кара кашка тобурчак
Минип Манас кашында,
Найза, күрсү колунда,
Аккелте мылтык жонунда,
Ай балтасы белинде,
Катар турган жеринде
Алеңгир жаа мойнунда,
Алтын калем койнунда
Орою келген, өзү жок.
Ушул ишти кандай? – деп,
Кыргыздын сураар кези жок.
Баарысы көзүн салыптыр.
«Түркстандын каны – деп,
Көрөбүз дедиң аны» – деп,
Байгамбар айтып салыптыр,
Жарым саат токтолуп,
Кайып болуп калыптыр.
Аты башка өзүнүн,
Айкожо – деп, аталган,
Азиреттен бата алган,
Көп жылдарды ашаган,
Беш жүз жыйырма жашаган.
Ак байгамбар кеп айткан:
«Азыр турган саабалар,
Аманат берем Манаска,
Ага чейин тирүүлөй

Барчууң барбы?» – деп, айткан.
«Мен каламын таксыр» – деп,
Бузурук сааба барыптыр.
Аманатка бир мылтык,
Жана берди кылычты,
«Анда – деди – бул ишти.
Оозунан алганы.
«Оозуңа сактап алгын – деп,
Ошо балага берип салгын!» – деп,
Буудайдай бир нерсени
Берген экен саабага.
Беш жүз жыйырма жаш жашап
Келтирген экен балага.
Жолугуп калып Айкожо
Алтай тоонун арасы,
Эмилди деген талаада
Ак бирлигин билдирип,
Арстан Манас баланы
Акыреттен коркутуп,
Абыдан айтып болтуруп.
«Бул жерде туруп нетем – деп,
Кебилстан кетем» – деп,
Кеткен экен Айкожо.
Кабылан Манас баланы
Калктын баары жыйылып,
Бир жылдан кийин баарысы
Кан көтөрүп салганы.
Тобуна сөзү дүң болгон,
Эсебин алса элинин
Токсон алты миң болгон,
Ак кийизге салган соң,
Атпай журтка билгизип,
Кан көтөрүп алган соң,
Көңүлү тынып көбүнүн,
Көкчө, Күлдүр лөгүнүн.
«Айкожого баргын – деп,
Айтып кабар бергин – деп,
Агер азыр тил алса,
Алып мында келгин!» – деп,
Кызматка желдет кул берип,
Кырк миң дилде бул берип,
Түмөнбайдын Абдылда,
Мурункусун сурасаң
Кысыроодо туругу,
Байгул кыргыз уругу,
Аңдап көргүн ишини,
Жиберген экен кожого
Абдылда деген кишини.
Төрт жыл болду жоголгон,
Айкожону таба албай,
Алыс жолго салыптыр,
Мединага, Мекеге
Мээнет чегип барыптыр,
Ажы болуп алыптыр.
Анда жатып бир жылы
Мысыр жолго салыптыр,
Коросонду, Ыспанды
Кошо басып алыптыр.
Таппадым – деп, сабылды,
Кебилстан караган,
Асурун деген шаардан
Айкожо андан табылды.
Аманат сөзүн айтыптыр,
Баштап алып Кожону,
Алтайды көздөй кайтыптыр.
«Төрт жылдан бери жүрдүм – деп,
Төгөрөктү көрдүм – деп,
Кожом сизди таба албай
Капалыктан өлдүм!» – деп,
Кожону баштап алыптыр,
Кошабаз ашып, бер жакка
Нургап жолго салыптыр.
Дөбөттү басып өтүптүр,
Төртүнчү күн жол жүрүп,
Кызыл менен кыдырып,
Кашкар, Жеркен арасы

Опол менен Кебезди
Ол элдерге келбеспи.
Келип элди караса
Катыны калган, эркек жок,
Карысы калган, түркүк жок,
Бээлери калган, аты жок,
Бекерге жаткан калкы жок,
Башта көргөн эл эле,
Бу жолу келип караса,
Мурункудай наркы жок.
Сурап көрсө булардан
Сумсайып жүргөн канча жан,
Кундуз, Талкан жайлаган,
Кундуздай кара ат байлаган,
Кебилстан жердеген,
Кезенсе душман келбеген,
Тирүүдө бенде жеңбеген,
Тоорулга жүрсө жол болгон,
Мусулманга чоң болгон,
Токсон койдун териси
Томугунан тон болгон,
Катаган Кошой өттү – деп,
Дашкардын журтун каратып,
Маңгунтту басып өттү – деп,
Сермисти сыйпап кетиптир,
Дагалакка жетиптир.
Кашкардын канын өлтүрүп,
Жаангер кожо баш болуп,
Жер жепирген кол алып
Дагалакка кетиптир.
Ал бу жактан барганча,
Алтайлыктын түрүгү,
Ааламга сыйбай түлүгү,
Арстан Манас кашында,
Аскеринин башында,
А да черүү кол менен,
Азат деген жол менен,
Казатка боюн салган – деп,
Эсеттин элин алган – деп,
Жаангер кожо, эр Манас
Кошулушуп калган – деп,
Уккан экен Абдылда,
Узап кеткен атаңа
Урматына сөз тыңда.
Кең Кебилден чыкканы,
Кебин элден укканы.
Сапарында мол жүрүп,
Санаты кырк күн жол жүрүп,
Баштаганы Айкожо,
Башчысы болгон Абдылда,
Түрк уулунун колу – деп,
Дүнүйөнүн молу – деп,
Айткандардан угуп кеп,
Колго көзүн салганы:
«Баракелде, көп бол!» – деп,
Айкожо айран калганы.
Абдылда келди кабарга:
«Айкожо келип калды!» – деп,
Манаска барды чабаган.
Бакайы бар кашында,
Баатыр Манас ошондо,
Айдаркандын Көкчөсү,
Арбактуудан Жамгырчы,
Ногойлордун Меңдибай
Алар жөө келгени,
Айкожонун жолунан
Астынан салам бергени,
Аттан түшүп алышты,
Акылдашып калышты,
Ар бир түрлүү сыяпат,
Тамактантып алышты,
Жаангер кожо барайын,
Жайы-көйүн сурап алайын.
Муну ойлонуп Айкожо
Жолдош-жоро алганы,
Жолборс Манас жол баштап,

Жаангер жакка барганы.
Айкожону көргөндө
А да турду ордунан.
Салам берген Айкожо,
Алик алды Жаангер.
Азыркы атын уксаңыз,
Кумга рабат салгандан
Кумарайым бааша дээр.
Азыр ушул аскерде
Тобуштун уулу Бара бар,
Жаангер кожо колунда
Аманат жанын аябас
Ак ыслам жолунда
Кымкаптын уулу Кара бар,
Бери болсо кубаты
Беш жүз кишиге барабар,
Калдардын уулу Шайбек бар,
Аскер башчы Каранар,
Азаматты караңар!
Калчанын уулу Бообек бар,
Кайратыны көрсөңүз
Кабыланга барабар,
Сапардын уулу Шүкүр бар,
Саюучу каапыр кайда? – деп,
Сайкашкада бикир бар.
Ыйсадан калган Жаангер.
Жанында жүргөн канча эр,
Карaанын көрсө каапырдын
Кайра тартпас кеменгер,
Ак байгамбар Мустапа,
Андан калган Айкожо,
Катагандан Кошой бар,
Казактардан Көкчө бар,
Эми келди кол менен
Эламандын Төштүгү,
Эштектерден Жамгырчы,
Бакай баатыр чалы бар,
Азыр келген Абдылда,
Айтылган аты Ажыбай,
Кыргыздардан Кутунай,
Кыпчактардан Үрбү бар.
Алмамбет баатыр келе элек,
Аскер башчы кытайга,
Андан бөлөк чородон,
Аскер башчы жородон
Башчысы Бакай карысы,
Бозжигиттен бөлөгү
Азыр болду баарысы.
Ошолор каптап киргенден
Уялбасултаң бетиби,
Урушар каапыр көтүбү.
Баатыр-балбан жыйылып,
Бир кудайга сыйынып,
Күн түштүккө жол болду,
Алты жүз миң кол болду.
Жана он бир миң артканы,
Алтын ооз кернейди
Арылдата тартканы.
Желеги алтын туу болду,
Жер жарылган чуу болду.
Желек туудан бөлүнбөй,
Жердин жүзү көрүнбөй,
Асаба туудан бөлүнбөй,
Ааламдын жүзү көрүнбөй,
Тозоң күндү бүркөдү,
Күн көрүнбөй чүмкөлдү,
Чаң асманды бүркөдү,
Ай көрүнбөй чүмкөлдү.
Жээктеген жол менен,
Жер майышкан кол менен
Алты күн жолго салганы,
Кошой алган Дагар кыз
Сарайына барганы.
Бир жүз сексен балбанды
Абаң кылган мусулман,
Аны кошуп алганы.

Тууну тууга урдуруп,
Чаңды асманга бурдуруп
Сурнай кулак тундуруп,
Сегиз күн жолго салганы,
Тогузунчу күнүндө
Токойго кирип барганы.
Тоосу токой, ою чер,
Кабылан, аюу, жолборс, шер
Мурунку аты бул жердин
Барса–келбес Зелмини,
Жан жүрбөгөн жаман жер.
Арстан Манас акырды,
Аскердин астын жапырды,
Токтотту колдун астыны,
Токойго кылды кастыны,
Аяк-башы түшчүлүк,
Узуну эки күнчүлүк,
Көпчүлүк менен киргени,
Бариктүүсүн өрттөтүп,
Жалындатып күйгүзүп,
Жарыгын түндө тийгизип,
Аскерди арбын жыйыптыр,
Асмандаган чынарын
Неме койбой кыйыптыр.
Камыштын баарын өрттөтүп,
Калың колго өмдөтүп,
Токойдун баарын түз кылып,
Тооректын баарын бош кылып,
Түптүз кылып талкалап,
Түмөндөгөн көп аскер
Дүмүрүн казып балталап,
Жолборсторун кубалап.
Жол кеңитти кыбалап.
Аюуларын качырып,
Канаттуусун учуруп,
Кеңитип алды жолуну,
Айдаган бойдон дүңгүрөп
Алты жүз миң колуну.
Барып түштү талкалап
Сермуз, Кырмуз шаарыны.
Ордон Кошой чыгарып,
Он төрт киши баарыны,
Зынданына камаган
Мунар деген каныны.
Зынданынын оозунда
Кошой койгон үч балбан
Колду көрүп таңданган,
Капканын оозу чаңдаган,
Калың колду көргөндө
Балбандар карап жарданган.
Кайда экен – деп,- каныбыз,
Калкынын баары сандалган.
«Кайда кеткен каныбыз?
Мынча келген көп аскер,
Калбайт ко тирүү жаныбыз!»
Каапырдын баары далайып,
Карап турду шалдайып.
Зынданды баккан үч балбан,
Буларды көрүп күч алган.
Алты жүз миң кол барып
Калааны каптап калганы,
Ичи-тышын алганы,
Сермуз, Кырмуз шаарынын
Тырп этер жайы калбады.
Оболу Жаангер кан кожо,
Алтын сакал Айкожо,
Арстан Манас бар кошо
Калкка кабар салыптыр,
Калаага жалгыз жан койбой,
Айдап чыгып алыптыр,
Бийик такта куруптур,
Эламандын Төштүгү,
Эштектерден Жамгырчы,
Казактардын Көкчөсү,
Кара жаак эр Үрбү,
Канкор Манас кашында,

Кары Бакай ушунда,
Баатырлары чогулуп,
Баары турган тушунда
Жаангер кожо, Айкожо,
Жакшылары бар кошо,
Айгай салып кеп айтат:
«Ай, калайык – деп,- айтат.
Баарыбыз адам уулубуз,
Баяндуу кепти угуңуз!
Баштан – аяк батылдык
Байкасаңыз нунуңуз.
Өз колуңдан жасайсың,
Өзгөчө кандай азасың,
Шайтанды жүрсүң кудай – деп,
Бут болуп шайтан сүйлөгөн
Мурунтан жолуң мындай – деп,
Адамдын кас душманы,
Шайтан душман экенин
Угуп кулак бышканы.
Мурунтадан бер жакка
Сүрөт болуп сүйлөгөн,
Сүйлөгөндөн сени бийлеген,
Айткан киши жогунан,
Андайды угуп билбеген,
Кудай – деп, куру жүрдүңүз,
Куру доорон сүрдүңүз,
Динден азып бүлдүңүз,
Шайтан келип сүйлөсө
Кудайым – деп, билдиңиз.
Азгансың, адаш жолуңдан,
Бийлигиң кетти колуңдан.
Аманат жаның чыкпастан
Айрылгын адаш жолуңдан.
Киши өңдөнтүп кыласың
Сүрөт деген немени,
Алып келип бу жерге
Сүйлөтчү аны!» – дегени.
Кырмуз, Сермуз улугу,
Кырмуз шаар туругу,
Мунар каны, дуу-дусу
Күндө келип чокунуп,
Кабар алып туруучу
Капкасында бар экен
Карк алтындан бир буту.
Көзүн көрсөң көөхардан,
Көргөн сайын ошону
Көңүлү тынган канча жан.
Эринин кылган жакуттан,
Тиш жасаган акактан,
Ичи көңдөй, баары алтын,
Тула бою сары алтын,
Забар зардан колу бар,
Салтанатын коюңар!
Жеке башы бу дагы
Жети калаа бийлеген
Жыл ибилис деген бар.
Кирип сүрөт ичине,
Оозуна таш ылаанат,
Кудаймын – деп, сүйлөгөн,
Ак жолуна бурбаган,
Кытайлар кирип чокунса
Сүйлөбөй токтоп турбаган.
Ар канча сөз айтуучу,
Кубанып алып каапырлар,
Кудай мындай деди – деп,
Кужулдашып кайтуучу.
Саман балбан барганы,
Сарайдагы бутуну
Так көтөрүп алганы.
Тактасынын астына
Аны коюп салганы.
Анда жүргөн азезил
Каарынан булардын
Качып кетип калганы.
«Кана, сүйлөсүнчү бутуң – деп,
Сүйүнбө буга журтум!» – деп,

Айтып турган Айкожо,
Арстан эрлер бар кошо.
Сүйлөгөнү жок болду,
Түш жармына токтолду.
Кытайлар анда кеп айтат:
«Таарынды бизге бутубуз,
Арзыбызды тутуңуз,
Сарайына койсок – деп,
Санаасындай болсок – деп,
Башта турган ордуна
Барып коюп салсак – деп,
Эки күндө, бир күндө
Анан жообун алсак» – деп,
Тиленди каапыр чогулуп,
Сүрөтүнө чокунуп.
Кылыч суурул эр Манас
Кыра турган болгону:
«Кылба андай ишти!» – деп,
Айкожо басып койгону.
Айкожо көзүн салыптыр,
Аят окуп, дем салып,
Ага кирчү азезил
Кирбес болуп калыптыр.
Саман балбан көтөрүп,
Сарайына барганы,
Олтургузуп ордуна,
Жетимиш миң каапырлар
Сакал–чачын жулушуп,
Чайылдап чуу-чуу кылышып,
«Жоголду – деп,- каныбыз,
Жободук деп баарыбыз,
Душман болду кумдан мол,
Чочуду биздин жаныбыз.
Кудай элең сактоочу,
Кана, кылган жарыңыз?
Карып болду шаарыбыз,
Аманат жандан түңүлүп,
Алдыңа келдик баарыбыз!»
Аны айтып чуркурап,
Алты күнү, беш түнү
Астынан кетпей буркурап,
Алар келип ыйлады,
Айласыздан каапырлар
Аманат жанын кыйнады.
Кудурети күчтүү кудайың
Зарлыгына каапырдын
Ырайым кылды бу дагы.
«Өмөйил деген берипте
Сен бутуна бар – деди,
Буту болуп сөз айтып,
Бузуп бутун сал – деди.
Адашканын оңолтуп,
Ак жолуна сал!» – деди.
Ачып көзүн жумганча
Аткан октой тез келип,
Алтын бутка кез келип,
Кытайдын баары чогулуп,
Турганында чокунуп:
«Чурулдаба журтум – деп,
Айтканымды тутуң – деп,
Азыр келдим мында – деп,
Айтканымды тыңда» – деп,
Мубакил келген берипте
Минтип айтып салганы.
«Аа сүйлөдү» – деп, сүрөттү
Сүйүнүшүп калганы,
Куп тыңдайлы сөзүн! – деп,
Кулагын баары салганы.
Бутта турган берипте
Буйрук кылып кеп айтат,
Мурдар болуп мурунтан
Мүртөт өлүп курудуң,
Жакшы жолго сиздерди
Баштаганы турумун.
Сүрөт кылдың кол менен,
Сүйөнүшө келдиңер

Мурунтан бузук жол менен.
Мен эмесмин Алла – деп,
Мээнетке бекер калба – деп,
Жаангер кожо, Айкожо,
Ак байгамбар өткөн бар,
Алардын сөзүн карма – деп,
Айтканына ынанбай
Азабына калба – деп,
Кудай жалгыз, куран чын,
Ыслам дини ак – деди,
Айтканын кылып алардын
Өз дениңди бак – деди.
Угуп журтум, көөнүң тын,
Шарыят жолу шар – деди,
Тозоктун жолу тар – деди,
Каапырдын дини кар – деди,
Таңда күнү чогулуш,
Магшардын күнү бар – деди,
Барча журтум тил алгын,
Шол күндө болбо кар! – деди.
Кыямат күнү катуу – деп,
Ошо күндө калбаңар
Кызылдай жаның кайгы жеп,
Тозоктун оту кыйын – деп,
Шол азаптан куткар – деп
Бир кудайга сыйын – деп,
Асман-жердин ээси
Алла болор бир – деди,
Азыр турган көп журтум,
Ак жолуна кир – деди.
Алтын, күмүш, зумурат
Колуңдагы бул – деди,
Бир жараткан кудайга
Сендерден бетер кул – деди.
Сүрөт кылдың өзүмдү,
Сүйлө – дедиң сөзүмдү,
Айтып, айтып билдирип,
Наалып турган калайык
Ачканы келдим көзүңдү.
Ыслам динин туткун – деп,
Азиздердин айтканын
Ага ынанып уккун – деп,
Кыямат күнү кызык – деп,
Тозок оту бул оттон
Аз болгондо заары
Алтымыш эсе ысык – деп.
Тозоктун болор суугу,
Бу сууктан дагы да
Жүз эсе артык суук – деди.
Мындан кийин кудай – деп,
Мага келбе жуук – деди.
Акыреттин азабын
Айтып турган беришт
е,
Азар кылды каапырлар
Мындан кийин кудай – деп,
Бу сүрөткө келишке.
Кыяматтын баянын
Кыйла айтып билдирди,
Каапырлык динин бүлдүрдү.
«Эми билдик, уктук – деп,
Не айтсаңыз туттук!» – деп,
Каапырлар турду чуркурап,
Кыяматтын кысмагын
Уккандардын баарысы
Ыйлап турду буркурап.
«Зынданда Мунар каныңар,
Сыздабасын жаныңар,
Чыгарып аны алыңар,
Чын шарыят ак жолдуу
Ыслам динге салыңар!»
Муну айтып беришт
е
Буюрган кудай бул элди
Динге салып келишке,
Бул беришт
е мубакүл
Түтүн болду буркурап,
Түк калбады быркырап,

Эрип түштү от болуп,
Каапырлар турган токтолуп.
Жети шаар Сермузта
Жети жүз бут бар экен,
Баары тамам күл болду,
Түк неме калбай жок болду.
Берееринде кудурет
Берет экен ар кандай,
Дарыядан суу сузуп,
Челекке куюп алгандай.
Ошо жерде турганы
Жетимиш миң тогуз жүз
Жер жайнаган кол эле,
Асты бардыр элүүдө,
Аркасы бар жыйырма жаш,
Азаматтар ал эле,
Кызыл ээк чалдардан,
Кызыл муштум балдардан
Кырк миңчеси бар эле.
Катын-калач, кыз-келин
Канча экенин билбедим.
«Кудайдан кепти уктум – деп,
Куп сүйүнүп чыктым – деп,
Жаангер кожо, Айкожо
Диниңерди туттум» – деп,
Келмеге тилин келтирди.
Кыз-келинчек, кемпирди
Кыйрынан койбой келтирди.
«Лаиллаха иллалла»
Келме айттырды көп жанга.
Кошой койгон зынданга,
Мусулман болгон балбаны,
Мунар канды булар да,
Он төрт эле баарысы,
Мунарды баштап алганы.
Коё берди Мунарды,
Мунар көрдү буларды.
«Сарайыма барайын,
Сары алтын бутту карайын,
Жарлык угуп кудайдан,
Жайнап жаткан бу колго
Тамашаны салайын!»
Муну ойлонуп Мунар кан
Сарайына караган,
Сабыркаган далай жан.
Мурунку өрнөк башта жок,
Буту түгүл таш да жок.
«Курган журт сага-неткен?» – деп,
Куп сурады Мунаржан:
«Кудай кайда кеткен?» – деп.
Эл жыйылып кеп айтат:
«Ай, Мунар кан – деп, айтат,
Кудайдан уктук биз – деди,
Куп билиңиз сиз» – деди.
«Кудай эмес мен – деди,
Алтын элем колдогу,
Кудай кылып курулай
Асып жүргөн сен» – деди.
Кыяматы анын – деп,
Кыйындыгы маалим – деп,
Айтып бизге салды – деп,
Түтүн болуп созулуп,
Учуп кетип калды – деп,
Уккан-көргөн баянын
Алты күнү сүйлөбөй
Алдыратып салганы,
Айтып-айтып көп сөзүн
Кайып болуп калганы.
Баарын Мунар угуптур,
Бу журтунан түңүлүп,
Айран болуп чыгыптыр.
«Кылчайып элге нетейин,
Кырмуз шаага кетейин!»
Муну ойлонуп алганы,
Качмак болуп Кырмузга
Ат сарайга барганы.

Сарайдан жалгыз ат таппай
Сабыркап Мунар калганы.
Ошо күнү кеч кирип,
Ат сарай менен үйүнүн
Айкожонун желдети
Мунар канды кармады.
«Кандай жүргөн жансың? – деп,
Келбетиңди карасам
Калк бийлеген кансың – деп,
Караңгыда калтаңдап,
Басып жүргөн кимсиң? – деп,
Байкап Манас билсин» – деп,
Баштап жолго салганы,
Баатыр Манас канкордун
Баркөйүнө барганы.
Арстанды көрүп алдырап,
Акылдан тануп жалдырап,
Карап турду каныңыз,
Кабарын угуп алыңыз.
«Мында бекер турбастан,
Айкожого барыңыз!»
Коштоду желдет кол менен,
Аркасынан эр Манас
Кошо келди жол менен.
Айкожонун кошуна,
Олтургузду кашына,
Дүрүкөөхар көзүндө,
Ыйман нуру жүзүндө,
Бал–шекери сөзүндө,
Азиреттен бата алган,
Керемет бар өзүндө,
Нуру күндөй балкыган,
Сары алтындай сакалы
Жухар таштай жаркыган,
Кожого кирди Мунар кан,
Кошунда бар канча жан.
Кошо барган эр Манас
Кабыландай караган,
Чагарак куйрук, чаар тон,
Чамынганы соо болбос,
Сандыргалуу эр Манас
Шаңын көрсөң сур жолборс.
Манас кирип олтурду,
Күрсүлөрүн көтөргөн
Күчтүүлөрүн мындан көр,
Барскандарын көтөргөн
Балбандарын мындан көр.
Сундуруп найза салуучу,
Беттешкенин алуучу,
Баатыр менен балбанды
Көрүп айран калганы.
Бири миңге тийгендей,
Көрүп турса баарысы,
Айбатын көргөн душманы
Ыштанына сийгендей.
Айбаты катуу, заары күч
Арстандарды көргөнү.
Карап туруп кан Мунар
Акылы баштан бөлүндү,
Азыркы адам уулуна
Жеңилбестей көрүндү.
Айкожо шондо кеп айтат:
«Атаң, энең кай жакта,
Билесиңби? – деп, айтат.
Ушу жалган дүйнө – деп,
Акыр бир күн өлөсүң,
Батыл динди сүйбө – деп,
Мен көргөмүн өзүнү,
Мен уккамын акыры
Байгамбардын сөзүнү,
Тозок менен бейишти,
Магшар күнү деген бар,
Өз башыңа тилебе
Жаманчылык кейишти.
Аршы–күрсү лав калам
Жараткандыр ак таалам,

Тогуз кабат балек бар,
Акыр бир күн өлүмгө
Аманат жанга алек бар,
Астында тур кара жер,
Суусу канча, таш канча,
Токой канча, тал канча,
Ошончону көтөрүп,
Акы албаган кандай эр?!
Макулуктун баарысын
Көтөрүп турат кара жер,
Бизди, сизди көтөрүп
Алып турган кандай эр.
Ушунчанын ээсин
Бир жараткан кудай дер.
Буга окшогон дүйнөдөн
Нечөөсү бар экенин
Эгем өзү билбесе,
Эсебин мен биле албайм.
Динге ынанды журтуңуз,
Жарата албайт жан кылып,
Табынуучу бутуңуз,
Асман, жерди жараткан
Ак амырын тутуңуз.
Бул да сиздей кумарай,
Биле албаган чагында
Көргөзүп айтты Манасты,
Көөдөнүндө бар – деди
Азезил уулу фенасты,
Лааилаха иллалла
Келмеге тилин келтир – деп,
Напси деген бирөө бар
Сүкүт айтып өлтүр – деп,
Напси келген тозоктон,
Алсам, кылсам, жутсам – деп,
Сулууну көрсө кучсам – дейт,
Жүргүзүп койсо эркиме,
Дүнүйөнүн жүзүнө
Баарын жүрүп бузсам – дейт.
Ал тозоктун адамы,
Аңдап билгин сен аны.
Ачуу деген бирөө бар,
Аңдап муну билип ал.
Ал тозоктун адамы,
Аңдап алгын сен дагы.
Ай, кыламын! – деп, жапырба,
Ачууң келсе сабыр кыл.
Өлүм үчүн келгенсиң,
Өзүң дагы бендесиң.
Текеберлик деген дагы бар,
Бу да тозок бүлөсү,
Бул жүргөндүн баарынан
Өйдөмүн деген мүнөзү.
Баарынан өйдө мен – деди,
Мага кайдан теңелсин
Басып жүргөн эл – деди,
Эгер жанга теңейм – деп,
Ойлонбогун сен – деди.
Көтөрүлткөн өзүңдү
Көңүлүндө Азезил,
Көргөзүп айтам баарын бил!
Эринчээк деген бири бар,
Эсиң болсо билип ал,
Орунуңдан жылба – дейт,
Акыреттин камы үчүн,
Аманат курган жан үчүн,
Асты аракет кылба» – дейт.
Анда Айкожо кеп айтат:
«Аңда Мунар! – деп айтат,
Насыятым бул – деди,
Айтып турган биз дагы,
Аңдап турган сиз дагы,
Бир кудайга кул! – деди.
Аңдасын – деп, кудурет,
Акыл деген бири бар,
Аңдап муну билип ал,
Кудайлыгын билсин – деп,

Сиздер менен биздерди
Жалган жайга жиберди.
Актын билип бирлигин
Ыйман кылып имерет,
Ал бейиштин бүлөсү.
Бейиштен келген сабыр бар,
Ал сабырды кылбасаң,
Аманат жанга жабыр бар.
Бейиштен келген нысап бар,
Кылган ишиң баарына
Бере турган кысап бар,
Бериштеден казап бар,
Эгер жаман иш кылсаң
Аманат жанга азап бар.
Бейиштен келген уят бар,
Бетиңизди уялтар,
Бенделиктин белгиси,
Эки айланып бу жалган
Эгерде жоктур келгиси.
Уяласың, кетесиң,
Уяттын жолун бек тутсаң
Урматтуу ишке жетесиң,
Кайыптан бүткөн кайрат бар,
Как өзүңө кошо жар.
Бейиш менен тозоктун
Ортосунан бүтүптүр,
Өзүң сындуу адамдар
Өз боюна күтүптүр,
Жамандыкты кылсаң да
Жарайт дептир, түтүптүр.
Жакшылыкты кылсаң да
Ката дебей, макул дейт.
Баарысынын жол башчы
Бейиштен келген акыл дейт.
Баарынын ээси бир кудай,
Эгер жандар кутулбайт,
Эсепке алат, акыр!» – деп,
Айкожо айтып турганы,
Аны уккан соң Мунар шаа
Акка моюн сунганы,
Ыйман таап тунганы.
Ойлоп-ойлоп көп иштi,
Ыңгыранып турганы,
Напси балээ өлтүрүп,
Акка ыйман келтирип,
Мусулман болду бу дагы.
Сермуз, Кырмуз шаарыны,
Бура тартпай бир адам
Мусулман кылды баарыны.
Мынча жан болгон мусулман,
Билиндирип эс берген
Бир жараткан кудайың,
Зекет кылып малдарын,
Эсепке салды жудайын.
Эсепке элин алыптыр,
Эгей–шыгай мыктыдан
Элүү миң чыгып калыптыр.
«Кошулабыз колго – деп,
Барабыз казат жолго!» – деп,
Кайраттуусу бөлүнүп,
Канкожого көрүнүп,
Катар келип турганы,
Урушка соккон барабан
Күңгүрөтүп урганы,
Азык–түлүк арттырып,
Алтындан соккон кернейди
Бапылдата тарттырып,
Керней үнү бапылдап,
Сурнайдын үнү такылдап,
Асабалар жалпылдап,
Айчыктуу туулар жаркылдап,
Аргымак аттар алкылдап,
Алтындуу соот жаркылдап,
Калкандар башта калкылдап,
Кемерлер белде жаркылдап,
Кең багалек балкылдап,

Бай Жакыптын кызыл туу,
Байкаганга ызы-чуу,
Аягын жерге сайылтып,
Асабасын карасаң
Асманды көздөй жайылтып,
Асабага туу байлап,
Астында Манас айгайлап,
Абасы Бакай колду айдап,
Жер жемирип жол менен,
Жети жүз миң кол менен,
Дагалакка бет алып,
Жалындайын тутанып,
Дөөлөт кушу башында,
Жаангер кожо кашында,
Эки конуп арага,
Үчүнчү күндө барыптыр.
Дагалактын шаарыны
Жети жүз миң кол барып,
Жер жайнаган мол барып,
Курчап түшүп алыптыр.
«Каны болсо чыксын –деп,
Кабарымды уксун –деп,
Урушар болсо келсин –деп,
Урушпас болсо эсебин
Эми бизге берсин!» –деп,
Аны айтып эр Манас,
Арага элчи салганы,
Дагалактын элдери
Айран-азыр калганы,
Мунар каны баш болуп,
Булардан сексен барганы,
Сексенин көрүп таңыркап,
Делдейишип калганы.
Аяры өлгөн, каны жок,
Аларга кайрат кылуучу
Дагалакта жаны жок.
Аскерине караса
Көз тунарат, саны жок,
Калдаң балбан, Кырмуз шаа
Өлгөн экен, баары жок.
Мунар, Көйүш балбанды,
Булар көрүп алганы.
Мунар менен Көйүшкө
Булар ыйлап барганы:
«Каныбыз кандай болгонун
Канчадан бери билбедик,
Балбан Калдаң дегенди
Көрүп көзгө илбедик.
Камап душман кол келди,
Кара жанга зор келди,
Кандай адам башкарат
Дагалакта бул элди?
Урушуп алы келерби,
Ушунчалык көп экен!»
Кырмуз шаага караган
Магуруптун жагына
Он бир шаар тараган.
Биринин аты Көшөңдү,
Биринин атын Даңгуу дээр,
Биринин аты Көйкөнө,
Биринин аты Жертукан,
Биринин атын Кашкар дээр,
Биринин атын Маңгунт дээр,
Анда бардыр бир канча эл.
Токонарат шаары бар,
Будаңчаң деген каны бар,
Аягы Сооса көлү бар,
Кара-Кыш деген шаары бар,
Кан Арсалаң каны бар.
Байкүш деген жери бар,
Култаң деген эли бар,
Шаар Кырмуз, Дагалак
Туруучу эле баарысы
Кырмуз шаага куп карап.
Бабаң Кошой барыптыр,
Сермуз, Кырмуз, Дагалак

Үчөөн бирдей алыптыр.
Мурун келип абаңыз
Кашкарды кара салыптыр,
Маңгунтту басып алыптыр,
Эмдигисин карасаң
Эми жетөө калыптыр.
Жетикенттин шаары – деп,
Баарысынын бул эле
Бадышасы-каны – деп,
Көшөң шаарга барам – деп,
Көп аскер жыйып алам – деп,
Башта кеткен Кырмуз шаа
Мамырга уруш салам – деп
Башта келип бабаңыз
Башын үзүп Кырмуздун
Эки таш жерге атыптыр,
Алты аяры дагы өлүп,
Абыдан шору катыптыр.
Абаң Кошой амалы
Миң кишилик күчү бар
Калдаң аттуу балбанды
Заар берип, сап кылып,
Кошой абаң алганы.
Билерик менен Көйкөнө
Элге кабар бергин – деп,
Маалим болгон сиздерге
Кашкар жолго салганы.
Кырмуз шаанын катынын,
Түндө келип абаңыз
Жата бергин катын –деп,
Жакканыңдын баарын жеп,
Аягы Кебил, Мамырды,
Балык менен Бадакшан,
Баузор жаткан канча жан,
Барып уруш салам – деп,
Байкүш, Култаң дөөлөрдү,
Арсалаң, Будаңчаңдарды,
Бурчак менен Оронгу
Кол баштатып олорду,
Бозкертик менен Калдаңды,
Калкта маалим балбанды
Кашыма жолдош алам – деп,
Магурупта мусулман
Барып уруш салам – деп,
Кундуз, Талкан, Коросон,
Дөбөттүн элин алам – деп,
Кемек аяр, алтын бут
Сүрөтүн салып мойнуна,
Абакеңиз Кошойдун
Карап тур кылган ойнуна.
Жаангердин кемерин
Байлаган экен белине,
Жата бер – деп, жайланып,
Дагалактын элине,
Баашалык ченин кийинип:
«Бар кудайым колдо!» – деп,
Жаратканга сыйынып,
Казатка минген Сары аты,
Карабастан атым – деп,
Оттуу, суулуу жерлерге
Таштай турган адаты,
Качырса жоого канаты,
Жал-куйруктан бир кылын
Жаккан отко күйгүзсө,
Жаа огундай тез чуркап
Келе турган адаты,
Кылын отко салыптыр,
Кырмуз шаанын ордого
Сары ат келип калыптыр.
Куптан намаз окуду,
Куп семирген Сары атын
Абаң Кошой токуду.
Атка абаңыз мингени:
«Алда!» – деп, жолго киргени.
Жардам берсе жараткан
Жалгыз өзүм барсам – деп,

Көйкө шаары Көкөнө,
Кара–Кышты алсам – деп,
Оронгу менен Бозкертик
Аларга ойрон салсам – деп,
Будаңчаң менен Бурчакка
Будуң-чаңды салсам – деп,
Бу жакта журтун алсам» – деп,
Муну ойлонуп абаңыз,
Булардан мурун кырк күнү
Жолго кирген караңыз.
Билерикти баш кылып,
Он бир балбан кош кылып,
Кошчусу он бир балбаны,
«Баштап барып аларды,
Кашкарга кийрип салгын –деп,
Кара-Кыштын шаарына
Кайта мага баргын» –деп,
Жол баштаган Билерик,
Жолдошу менен жиберип
Он жолдошу балбаны,
Ортосунда сандалып,
Он жети күндө барганы.
Аларга мына Кашкар – деп,
Көйкө шаарды бет алып,
Билерик мындан аттанып,
Арстандык немей неткени,
Атасын издеп санабай
Кара-Кышка кеткени,
Жүрүп-жүрүп Билерик
Көйкө шаарга жеткени.
«Аңдап аяр албасын,
Азапка бөөдө салбасын».
Муну ойлонуп Билерик,
Астындагы кара сур
Камчы салып жиберип,
Алтындан кылган канжарды
Колго кармап имерип,
Көйкөдөн бала өтүптүр,
Көкөнөгө жетиптир.
Көкөнөсү шаар экен,
Көп аяры бар экен,
Култаң аяр балбаны
Бара жаткан жолунан
Карап көрдү баланы:
Башка шаардын каны экен,
Баатырлыгы бар экен,
Күрөшкөнүн жыгуучу
Балбандыгы бар экен,
Бузук кылып далайды
Алгандыгы бар экен,
Көкөнөнүн көчөдөн
Көрө салып баланы
«Көркүң башка баласың,
Кай тарапка барасың?
Кыла турган ишиңди айт,
Бара турган кишиңди айт?»
Муну сурап Култаңы,
Баланы кармап турганы.
Бала шондо кеп айтат:
«Кармабагын өзүмдү,
Кармаган болсоң өзүмдү,
Сурабагын сөзүмдү.
Сураган болсоң сөзүмдү
Баштап Кышта шаарына
Алып барсаң Култаңым,
Ачамын сенин көзүңдү».
Аны Билерик айта салганы,
«Кадоодой болгон бала – деп,
Карап туруп курулай
Кайрат кебин кара!» – деп,
Баланы кармап алганы.
Алып барып бу каапыр,
Кан Арсалаң каапырдын
Зынданына салганы.
Зындандын ээси Арсалаң,
Зынданга жатты бу балаң.

Жеке өзүнө караган
Жети бөлүк шаары бар,
Ар кайсысы он миңден,
Зындандын ээси Арсалаң
Өкүмүнө караган
Жетимиш миң канча жан.
Доотай болгон өзү бар,
Мурункунун ушундай
Бузук, бузук сөзү бар,
Урууда жок өзү бар,
Ал Арсалаң каапырдын
Нургузар аттуу кызы бар.
Оймок ооз, калем каш,
Жазык маңдай, түймө баш,
Тамагынан көрүнөт
Кара мейиз жеген аш.
Саларында зынданга,
Тапшырып турган жеринде
Зындан башчы, бу жанга
Кыз көзүнү салыптыр.
Ал Билерик баланы
Нургузар көзүн салганы,
Түрүн көрүп баланын
Үшү кетип калганы.
Канчырынан кан тамган,
Караса көздөн от жанган,
Аппак эти чүчтөдөй,
Устукан сөөгү мистедей,
Ар ким карап турабы
Өз пайдасын издебей.
Ашык болду Нургузар
Ал Билерик балага.
Салып коюп Арсалаң,
Култаң досун ээрчитип,
Аралап жүрдү калаага.
Аштык сатып, мал саткан,
Алла канча жан жаткан,
Дүкөн курган булдар бар,
Кызмат кылган кулдар бар,
Аңдап турган бул экөө:
«Кошой деген келди – дейт,
Койбой алат экен – дейт,
Уруш кылган элди» – дейт.
Кой көгөндөп, мал сатып,
Кожурашат муну айтып.
Култаң угуп алганы:
«Кайдан уктуң аны?» – деп,
Айткандан сурай салганы.
Базардагы эл айтат,
Бабырашып кеп айтат,
«Баянын уккун – деп, айтат.
Мамыр, Кундуз каны – дейт,
Адам жеңбейт аны – дейт,
Кара-Кыштын шаарына
Азыр келип калды – дейт.
Оронгу шаар Бозкертик
Аянбай уруш салды!» – дейт,
Ал кабарды салганы.
Жалганчысың баарың – деп,
Жашың менен карың – деп,
Кырк беш экен айткандар
Немесин койбой айдады.
Аңдабастан сүйлөгөн
Алардын шору кайнады.
Билериктин үстүнө
Бирин койбой камады.
Ал Билерик баланы
Алар көрүп алганы,
Ар турпаты, нуруна
Айран асыр калганы.
«Кайсы калктан калкың? – деп,
Калктан башка салтың – деп,
Кай жерликсиң, жериң айт,
Кай элдерсиң, элиңди айт,
Бу зынданга не түштүң?»
Булар сурап калганы,

Сураган соң Билерик
Жооп берип салганы:
«Асилим уксаң араб – дейт,
Ар шаарда көп болот,
Араб журөт тарап – дейт.
Атам Жаангер кожо – деп,
Ар шаарга жол журсө
Журчу эле алып кошо – деп
Жолдон кармап алды – деп,
Култаң балбан, Арсалаң
Бу зынданга салды – деп.
Атам Кашкар шаарда – деп,
Аңдасаңар ушу кеп.
Бар – деп, Кара-Кыштакка,
Буйруп жиберди бу жакка.
Кара-Кыш шаарга бет алып,
Келе жатып аттанып,
Жолдо Култаң жолукту,
Өзүнөн өзү оолукту.
Душмансың – деп, кармады,
Арсалаң экөө биригип,
Зынданына салганы.
Эч бир кылган күнөөм жок,
Жети шаар калмагы
Жеке жүргөн баланы
Жесир кылып кармады».
Кырк беши бирдей кеп айтат:
«Кызыталак улуктар,
Нени көргөн?! – деп айтат.
Жолоочу жүрсө жол менен
Жол жүргүзбөй кармаган,
Уккан кепти айттың – деп,
Ушунчаны камаган
Арбак урган улуктар
Адисинен ашкан го,
Акылынан шашкан го,
Аңдап турсаң буларды
Анык кара баскан го.
Адилет эле башта – деп,
А балам, алардын сөзү курусун,
Акыр бир күн чыгарар,
Акылыңдан шашпа – деп,
Кара-Кышка жумшаган
Атаң нече жашта? – деп,
Туушканың барбы? – деп,
Турганың Кашкар шаарбы?» – деп,
Кырк беши сурап калганы.
Бала сөздү баштады,
Баянын айтты, шашпады:
«Атам улук башта – деп,
Сегиз жүз элүү жашта – деп,
Эсептеп жүрөт эрте-кеч
Сегиз жүз жана элүү беш
Атамын жашы ушул» – деп,
Айтты бала мындай кеп.
Анда бирөө кеп айтат:
«Өлүүбү, атаң тирүүбү?
Сегиз жүз элүү беш жашап,
Өлбөй тирүү жүрүбү?
Араб шондой калкпы? – деп,
Же айтканың балам
калппы? – деп,
Сегиз жүз элүү беш жашап,
Элиңдин кандай салты? – деп,
Жана дагы өзүңүз
Билиндирип бизге айттың
Бир атадан жалкы – деп,
Айтасың бала кебиңди,
Алла кандай жакта – деп,
Таба албадым элиңди,
Өлбөй атаң калганбы?
Же өчөшкөндөн кудурет
Албай таштап салганбы?»
Анда айтат Билерик:
«Атамдын аты Жаангер,
Азиздерден көп дуба

Алып келген бу бир эр.
Актын атын жат алган,
Азирети Ыйсадан
Нак өзүнөн бата алган.
Анын бери жагында
Ак байгамбар Мустапа,
Аты угулат бул жакка,
Ага да кызмат кылган» – деп,
Бала айтты мындай кеп.
«Урматы үчүн байгамбар
Ушу күнчө өлбөй калган – деп,
Калмак, кытай түк билбейт,
Дүнүйө бекер, жалган!» – деп,
Айтып бала салганы.
Ал аңгыча түн кирип,
Бир-бирин көрбөй калганы.
Бир көрмөккө дагы кумар
Ал Билерик баланы,
Алтындан чырак колго алып,
Зарың кыз буга барганы.
Көрө салып баланы
Көңүлү айнып калганы.
Напси калба баштады,
Бөхүш болуп Зарың кыз
Өлүп кала таштады.
Кыз жамалын көргөн соң,
Кызыккандан Билерик,
Бу бир таазим баштады:
«Күн жараттың, түн кылдың,
Күлдү жаан урууга
Ай жараттың, нур кылдың.
Напси бердиң өзүмө,
Нургузар нурдун кызындай,
Учту акылым башымдан.
Куткарбадың мээнеттен
Он бир жашар жашымдан,
Нургузарың сулуу кыз
Кетпесе менин кашымдан!»
Муну айтып бала зарлады,
Баланын кылган зарына
Нургузарың карады,
Ол олтурган кырк беши
Ошол эки баланын
Кошулушун каалады.
«Айтканыңболду ушул –деп,
Кыз да сага ынтызар,
Азыр тургун, кошул!» –деп
Кырк беши айтып салганы.
Бөлөк үйгө бармакка,
Бөлмөгө кирип салмакка
Кыз да келип баланы
Колдон кармап алганы.
Колун сууруп алганы,
Карап туруп Нургузар
Балага айран калганы:
«Тарттың менден колду – деп,
Карап турган кырк беш жан
Баары биздик болду – деп.
Тынсын көңүлүм сенден – деп,
Не качасың менден – деп,
Бир ургаачы, бир эркек
Кошулууга келген!» – деп.
Анда бала кеп айтат:
«Ай, Нургузар – деп, айтат,
Атаң азыр кан – деди,
Жолоочу жолго жүргүзбөй,
Абыдан залим жан – деди,
Мени мындай камаган
Не кылмышым бар? – деди.
Каапырлык диниң кар – деди,
Алла берген өзүмө
Нур шапатым бар – деди.
Кетирбеймин сага – деп,
Кетиргенде шапатым
Кесирет болор мага – деп,
Никеси жок катылсам

Табылбас акыр даба – деп,
Чын көңүлүң бар болсо,
Келтир – деди ыйманды.
Мусулман дейт биздин журт,
Шариятка туура – дейт
Катынга нике кыйганды.
Никесиз кантип алам – деп,
Ишибиз болот арам!» – деп,
Билерик айтты билгенин.
Нургузары кыз айтат:
«Ажалым азыр жетсе да,
Азыр өлүп кетсем да,
Айтканыңды тутайын,
Арбыды кебиң жудайын,
Айтканыңды кылайын,
Акыр сенин ышкыңа,
Аманат жаным кыяйын!»
Муну сүйлөп салганы,
Нургузарың кызыны
Угуп бою ысыды.
Анда бала кеп айтат:
«Ай, Нургузар – деп, айтат,
Ынтызарың чын болсо,
Ынтымакка кел – деди.
Лаиллалла иллаллах
Келме келтир сен – деди.
Кудай жалгыз, куран чын,
Куп айтамын бил – деди.
Жаратканым бар го – деп,
Акылыңа ил – деди.
Келме шаадат келтирип,
Жатыксын кызыл тил – деди.
Шарият жолу бул – деди,
Бир жараткан кудайга
Мен да сендей кул!» – деди.
Кыз да келме келтирди,
Бул экөөнүн кашында
Кырк беш адам олтурду.
«Бу бала нени билди? – деп,
Бадышанын кызы го,
Баланын айткан сөзүнө
Байкап туруп кирди – деп,
Чырайы бул, өзү бул,
Чырактай күйгөн көзү бул,
Чыбыктай болгон бою бул,
Узун, тереӊ ою бул.
Баланын тилин алды – деп,
Муратына жетмекке
Мындай күйгө калды – деп,
Бикирге булар калганы.
Кыз ээрчитип баланы,
Бөлмө сарай бир үйгө
Шамаланы жандырган,
Мамык оорун салдырган,
Көрсө кумар кандырган,
Караса көздү талдырган,
Карк алтындан бир сарай,
Асеми артык бир далай,
Кыз баланы баштады,
Бала шондо шашпады,
Аят келме окуду,
Байлап нике бу кызга,
Аял кылып олтурду,
Койчу, узартып не пайда,
Самаганын болтурду.
Мурадына жеткени,
Жаратканым кошту – деп,
Жанашкан соң балага
Кыз үйүнө кеткени.
Жолдошунун кашына
Билерик келип олтурду,
Билгенин айтып буларды
Ак мусулман болтурду.
Сегиз жүз элүү жашаган
Атасы бар бала экен,
Акылга дыйкан даана экен.

Алдасына жалынып,
Мурадына жетти – деп,
Бачымыраак бошонуп,
Бу зындандан кетсек – деп,
Биз да ушу кыз өңдүү
Бачымыраак кетсек – деп,
Бала келип олтурду,
Сурап-сурап баладан
Кудай жалгыз, куран чын,
Байгамбар ак, дини ак!
Ошолордун баарысын
Ак мусулман болтурду.
Мусулман болду ушулар,
Мындагы кырк беш кишилер.
Булар тынчып жатканы,
Эртеңки таң атканы.
«Куткара көр, кудай!» – деп,
Кутулмактын камын жеп,
Токтолуп алар калыптыр.
Шашке маал кезекте
Калаанын ичин караса,
Тополоңду салыптыр.
Бул эмне шумдук? – деп,
Булар айран калыптыр.
Урушка какчу добулбас
Дүңгүрөтүп кагыптыр,
Бул эмне шумдук? – деп,
Зындандагы кырк киши
Биринен сурап салыптыр,
Тура турсун аныңыз,
Аны таштап салыңыз.
Мурунку Кошой каныңыз
Дагалактан чыгыптыр,
Бир жарым күн жол жүрүп,
Келген Кара-Кыштакка,
Будаңчаң менен Бурчакка.
Аярлыгын салыптыр,
Алардын ишин байкоого
Он бир күн токтоп калыптыр.
Дагалактын калкынан
Качкандан экөө барыптыр.
«Каңкор Манас кол менен,
Кол бийлеген зор менен,
Жайыт жеткис жан менен,
Саркерделүү кан менен,
Түмөн аскер келди – деп,
Түк чыгарбай камады.
Дагалактагы элди – деп,
Жер жүзүндө чоло жок,
Түмөн аскер келди!» – деп,
Будаңчаң менен Бурчакка
Мурун кабар салыптыр.
Муну уккан соң эр Кошой
Сары ат менен сабалап,
Дагалакка барыптыр.
Укканындай абаңдын
Улуу черүү кол менен
Манас баатыр барыптыр.
Кырмуз шаанын аскери
Кужулдашып калыптыр:
«Динден кантип чыгабыз?
Урушкан менен Манастын
Туусун кантип жыгабыз?!
Өңкөй баатыр түрк – деп,
Өрттөйт экен дүйнөнү
Өкүмөт менен жүрүп – деп.
Басташуучу балбан жок,
Башкаруучу кан да жок,
Кандай арга кылабыз?!»
Камалып калкы калыптыр.
Кырмуз шаа кийимин кийинип,
«Билдире көрбө, кудай!» – деп,
Жаратканга сыйынып,
Барда алып бетине,
Барып шаар четине,
Сексен баштуу алтын бут,

Кемек аяр өнөрү
Аса салып мойнуна,
Аңдап көргүн абаңдын
Кыла турган ойнуна.
Кереметтүү кемерин
Курчап алып белине,
Барып кирди бабаңыз
Кырмуз шаанын элине.
Каныбыз – деп, буркурап,
Каршы чыкты Кошойго
Калктын баары чуркурап:
«Жети жүз миң кол менен,
Түрк уулу Манас зор менен
Мунар канды алыптыр,
Бу жактагы шаардын
Баарын ойрон салыптыр,
Мунар канга жалынсак
Кайрат айткан сөзү жок,
Карап койгон көзү жок,
Жолдош болуп Манаска,
Кошулуптур алашка,
Көрдүк мындай тамаша,
Кожо дешти бир–көөн,
Мунар кан ага жанаша,
Акыл бизге айтпады,
Сурап келип бир күнү
Сизди таппай кайтканы,
Миңдеп барсак жалынып,
Бир ооз кайрат айтпады,
Ырас окшойт ойлонсок,
Өз дининен кайтканы,
Манастын динин алганы,
Сөзүбүз жоктур жалганы».
Калкынын баары чуркурап,
Каршы чыгып Кошойго
Арызын айтып салганы.
Калдаңдан бөлөк бар эле,
Катыкул аттуу балбаны.
Кан абаң Кошой чакырып,
Кашына муну алганы.
«Канкор эрге бар –деди,
Камданып уруш сал –деди,
Каруункелсе куткарбай,
Алмадай башын ал –деди,
Айтканымды ук –деди,
Атка минип чык –деди,
Найза менен бир уруп,
Аккула аттан жык –деди.
Капилетке калбагын,
Башка бөлөк балбанга
Келсе да уруш салбагын.
Урааның бар алаш – де,
Урушар кишим Манас – де,
Бөлөгү келсе кеп айткын:
«Теңтуш кишим сен эмес,
Сендейлерге кол булгап,
Урушчу киши мен эмес».
Ушуну айтып салгын – деп,
Урушка келсе Манасы
Өлбөгөн жерде калгын!» – деп,
Абакең жообун берди эле,
Атпай журт макул көрдү эле.
Каруу-жарак байланып,
Урушууга шайланып,
Катыкулу балбаны
Камыштан кылган найзасын
Карыга илип алганы.
«Көкө Теңир колдо!» – деп,
Көк найзаны көтөрүп:
«Лайлама бар болсоң,
Колдо ушу жолдо!» – деп,
Ак жал атка миниптир,
Акырып майдан кириптир.
Абакеңиз эр Кошой
Арстан Манас баатырга
Беттешсе аман калбасын,

Айтпай-дебей билиптир.
Айгай салды акырып,
Майданга кирди бакырып:
«Манас болсо чыксын –деп,
Айтканымды уксун –деп,
Атым Катык балбанмын
Урушкандын баарысын
Алмадай башын алганмын,
Кургап калган чөп өңдүү
Ушалап эрди салганмын!
Жүз миң аскер келсең да,
Жутармын чайнап тойбосмун,
Ар кандай дөө болсоң да,
Тирүү жаның койбосмун!»
Муну айтып Катык балбаны,
Көк сүңгү колго алганы.
«Жекеге кел!» – деп, бакырып,
Желип чыкты чакырып.
Муну уккан соң, мусулман,
Жаангер кожо карысы,
Жалпы аламан баарысы:
«Көрүнбөдү көзүнө
Калдайган калың алаш – деп,
Ушунчанын ичинде
Мунун каалаганы Манас!» – деп,
Калайык сүйлөп салганы.
Айтканын угуп эр Манас
Ачуусу келип калганы.
Накери бутта чойкоюп,
Найза колдо койкоюп,
Аккула минди болкоюп,
Майданга чыкты бөлүнүп,
Маңдайда Катык балбаны
Бадырайып көрүнүп,
Көргөн жерден Манастын
Каары жүзгө төгүлүп.
Аккулага камчы уруш,
Арстан эрде не туруш.
«Каалаганың мен болсом,
А менин пейлим кеткени,
Каапырым сенден кем болсом!»
Муну айтып эр Манас,
Качырып беттеп калганы,
Каапырдын Катык балбаны
Камыштан найза алганы,
Качырып келип каңкорго
Катык эр найза салганы.
Найзасын алып учунан,
Айласы кетти каапырдын
Арстан эрдин күчүнөн,
Найзасын колдон алганы,
Найзасынан айрылып,
Куру кол болуп калганы,
Астындагы Акжалга
Аябай камчы салганы,
Аскерди көздөй кайрылып
Катык дөө качып калганы.
Аккула менен узатпай
Арстаның Манас барганы,
Аскеринин ичинен
Айдалыдан кармады.
Көк бөрү тарткан улактай
Астына коюп салганы,
Кырмуз шаа болгон эр Кошой
Кыбасы шондо канганы.
Кыя тартып эр Манас
Өз элин көздөй барганы,
Өңөргөнү астында
Каапырдын Катык балбаны.
«Кандай кылсаң мына!» – деп,
Мунар кандын колуна
Мунусун берип салганы.
Буудан Манас баатыры
Аскерге кирип аралап,
Качып Катык барганда
Алтын тууга каралап,

Кутулдум – деп, калганда,
Курдан кармап алганда,
Көк бөрү тарткан улактай
Астына коюп салганда,
Аскердин орто жеринен
Алган бойдон Катыкты
Кутулуп кетип калганда
Байкап көрүп эр Кошой
Баатырлыгын билиптир,
Сыр алдырбай каапырга
Мыйыгынан күлүптүр.
Дуба кылды ичинен:
«Журт таң калды күчүнө,
Узартсын кудай жашын – деп,
Таштан кылсын башын – деп,
Качырганын куткарбас,
Кабылан сыны бар экен,
Каары катуу бала экен!
Жоону көрсө чочубас,
Жолборс сыны бар экен,
Карып калган чагымда
Как өзүмө жардамчы
Жолдош сыны бар экен!
Миңди көрсө шашпаган,
Миңди көрсө бир өзү
Көп экен – деп, качпаган,
Санды көрсө шашпаган,
Санды көрсө бир өзү
Жанынан коркуп качпаган
Артык экен эрдиги,
Ар мүнөзүн карасам
Атасын сөксө былк этпес
Айдың көлдөн кеңдиги.
Аманат жаны тирүүдө
Дин мусулман уулунун
Каапырга кетпес теңдиги!»
Муну ойлонуп Кошой дөө
Көңүлү тынып калганы,
Көз алдында көп журтка
Көзүн абаң салганы.
«Калдаңбалбан жоголду,
Каршы алдында Катык дөө
Көргөн күнү бул болду.
Бейли катуу, бек айбат
Бекзаадалар чыкпайбы,
Бу беттешип калган мусулман
Мунун кайраттуусун жыкпайбы.
Аламан уруш салбайлы,
Эңкейип калган кары бар,
Эмгектеген жашы бар,
Убалына калбайлы.
Көөдөң балбан барсын – деп,
Көздөгөн жоосун алсын!» – деп,
Кырмуз шаа болгон абаңыз,
Кылган ишин караңыз,
Жумшады Көөдөң балбанды.
Көп ичинде эр Көөдөң
Барбаймын – деп, айта албай,
Бабаңдын сөзүн кайтарбай,
Сарыкер деген аты бар,
Ал атына карасаң
Айбандан бөлөк заты бар.
Бийиктиги атынын
Эки кулач бою бар,
Не кылса да душманды
Койбоймун деген ою бар,
Күмүштөн кылган күрсүсү
Батмандаса алты жүз,
Чапкан жоосун соо кылбас
Алтындуу чеге, сабы түз.
Болоттон калкан тартынып,
Кийген тону көк темир,
Чарайна, соот артынып.
Чарайна, соот, кыягы,
Карап турса каапырдын
Каармандай сыягы.

Сарыкер деген аты бар,
Так өзүнө карасаң
Үрүстөмдөй заты бар.
Алеңгир жаа, сыр жебе
Асып алды мойнуна,
Арбак урган каапырдын
Карап тур кылган ойнуна.
Кеменде жибек арканды
Тыгып алып койнуна,
Алты жүз кулач узуну,
Азоо жылкы туткандай
Атамын – деп ошону.
«Мойнуна чалма салам –деп,
Беттешип келсе Манасты
Мерт таптырып, алам –деп.
Атым Кө .дө . балбанмын,
Айтканымдын баарысын
Кылбай кантип калам!» –деп,
Көтөн ооз көк бараң
Асынып алды жонуна,
Көк желектүү сыр найза
Кармап алып колуна,
Каруу-жарак байланып,
Тоо кушундай айланып,
Бир Манас түгүл бу күндө.
Миң Манас келсе койбойм – деп,
Билсең атым эр Көөдөң,
Ичсем канга тойбойм – деп,
Манас болсо келсин – деп,
Баркымды менин билсин – деп.
Мусулман деген эмине,
Мурунку ата динимден
Өлсөм да кайтпайм дегеле!
Түрк уулу болсо түгөтөм,
Беттешкен жоону жүдөтөм.
Алаштан болсоң аламын
Ар кандай баатыр болсоң да,
Азыр келгин астыма,
Акыр заман саламын!
Кара кан болсо уругуң,
Катылсаң маа курудуң.
Катыкты байлап кетиптир
Канкор Манас улугуң.
Калп айтпаган чының кел,
Казатка чыгар тыңың кел,
Душманга айтар сөзүң кел,
Башка жаның бар келбес,
Баатыр Манас өзүң кел!
Кетирермин саныңды,
Төгөрмүн кызыл каныңды,
Жашың менен карыңды,
Кыйратармын баарыңды!
Кара түгүл каныңдан,
Канкор Манас өзүң кел,
Үмүтүң үзгүн жаныңдан!»
Ушуну айтып күркүрөп,
Уккан, көргөн адамдын
Тула бою дүркүрөп,
Астындагы Сарыкер
Атырылтып ойнотуп,
Ок жыландай сойлотуп,
Мурун чыкты майданга.
Минтип айгай салганы,
Муну көргөн калайык:
«Каалабады башканы,
Айбаты катуу, заары күч,
Кайраты бойдон ашканы,
Көөдөң аттуу балбан – деп,
Көп душманды алган» – деп,
Карап турган мусулман
Жамандын көбү шашканы.
Муну уккан соң эр Манас
Издегени мен болсом,
Ийменип кантип калайын,
Ит чиркинге барайын,
Каалаганы мен болсом,

Качып кантип калайын,
Каршысына барайын.
Кадыр Алла жар берсе,
Мен бир карпандашып калайын!
Муну айтып эр Манас:
«Алла кандай болот!» – деп,
Муңайып турду көп алаш,
Жарагын белге чалынып,
Шаймерденге жалынып,
Азирет Аалы шерлердин,
Шейит кеткен эрлердин
Арбагына сыйынып.
Ак күбө тонду кийинип,
Мубакул найза колго алып,
Аккелте мылтык жонго алып,
Айкожо берген ач албарс
Асып белге байланып,
Кайра жаачу булуттай
Казабы жүзүнө айланып,
Каапыр десе урушка
Көңүлү тынып жайланып:
«Кадыр Алла колдо!» – деп,
Жаратканга жалбарып,
Чаткаягы чаткалдай,
Чатына киши баткандай,
Куюшкандын кошконго
Он бир карыш казанды
Ойноп-күлүп аскандай.
Болжолу жок чоң Кула ат,
Бооруна карандын
Момолой ийин казгандай,
Болжолу жок чоң Кула
Көкүлүн көккө түйдүрүп,
Көзүн оттой күйдүрүп,
Куйругун жерге шүйдүрүп.
Эки каптал эн темир,
Эптеп кылган ак каңкы,
Карк алтындан чыбыгы,
Качкан элик чокулуу,
Чоң Кулага токуду.
Бороондуу күнү суук өтпөс,
Жаандуу күндө суу өтпөс,
Чыйырчык алтын, чымчык көз,
Чың бадана, торгой көз,
Торгой көзү жыбырап,
Тоок көзү шыбырап,
Машанын мурду батпаган,
Чиркейдин мурду өтпөгөн,
Ай жарыкка караса
Алакан жүзү көрүнбөс,
Ак күрөөкө торгой көз
Темир соот кийинип,
Теңирине сыйынып,
«Алда!» – деп, атка мингени,
Алты кулач сыр найза
Карысына илгени,
Аккулага аттанып,
Айкожодон бата алып,
Эрөөлгө чыкты элинен.
Эр Манасты көргөндө,
Каапырдын Көөдөң балбаны
Чалманы чечти белинен.
«Жакын келсе чалам – деп,
Чалманы башка салам – деп,
Ар кандай Манас болсо да
А дедирбей алам!» – деп,
Оюна шону алганы.
Аны билбейт эр Манас,
Октой болгон чоң Кула ат
Атка камчы салганы.
«Баабедин!» – деп, бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Желегин желге жапырып,
Жетти төрө акырып.
Алты жүз кулач арканды,
Аткычыл экен каапыры,

Алыстан буга атканы.
Адамга түшүп оролуп,
Астындагы кула аттын
Астыңкы колу торолуп,
Калбаны каапыр баштады,
Канкоруңдун чоң Кула ат
Кырданып кете жаздады.
Эки колу байланып,
Аны көрүп эр Манас
Эгесине жалбарып,
Сыр найза жерге таянып,
Сырттан Манас баатырың
Жыгылбады жай алып.
«Чалманы мыктап салдым –деп,
Ар канча Манас болсо да
Чак келбес мага, алдым!» –деп,
Оюна шону алганы,
Октой болгон Сарыкер
Оңсанга камчы салганы.
Оңолбогон бу каапыр
Он бир кулач найза алган,
Манасты көздөй бой салган.
Качырып каапыр калганы,
Кабылан Манас баатырың
Ач албарс кындан алганы,
Сая турган найзасын
Кыя чаап салганы.
Салынып турган арканды
Кырча чаап калганы,
Аргамжысы жыйылып,
Найзасы колдон кыйылып,
Алеңгир жаа, сыр жебе
Коломсокко кол салып,
Кошо жебе ок алып,
Атайын деп Манаска
Киричке огун чалганы,
Окту кестеп алганы.
Ойрон Манас баатырың
Аягынан чалма шыпырып,
Каары-жинин чыкырып,
Аккула ат менен жеткени,
Калмак ээр кашы – деп,
Как жүрөктүн башы – деп,
Качырып кууп жеткени.
Кабылан Манас баатырдын
Күчү немей неткени,
Соот менен чарайна
Талкаланып кеткени.
Боордон найза салганы,
Аркасынан короюп,
Аз болгондо жарым кез
Чыга түштү сороюп.
«Лайламалу!» –деп,
Найзасынын учунда
Кө .дө . өлдү тороюп,
Найзага сайып Көөдөңдү,
Кыраан Манас көтөрдү.
Көтөргөн бойдон барганы
Көп каапырдын кашына,
Кырмуз шаа болгон эр Кошой
Так ошонун тушуна,
Көөдөң найза учунда,
Ачуусу менен жеткени,
Арстан Манас баатырдын
Кайраты эмей неткени:
«Ал, баатырың өлдү!» – деп,
Аягынан алып эр Манас
Атып ийди Көөдөңдү.
Кайра тартып кеткени,
Ылактырган эр Көөдөң
Учкан куштай жеткени,
Көөдөң келип тийгенде
Токтолуп турган солондон
Тогузу өлүп кеткени.
Көөдөң менен онунун
Ажалы азыр жеткени,

Аны көрүп каапырлар
Акылы баштан кеткени.
Калбаны Манас баштады,
Катарлап турган каапырлар
Кайратына баатырдын
Качып кете жаздады.
Акылман Кошой кеп айтып,
Айгай салып бек айтып:
«Арбак урган дүргүбө,
Акылдан танып мүргүбө,
Баатырларың кайдасың?
Манасты барып жайласын!
Өчүрбөй өчүн албайбы,
Өкүмсүгөн чантуунун
Өтүн барып жарбайбы,
Кетирбей кегин албайбы,
Кенебеген чантуунун
Керденин кесип салбайбы?!
Качкан менен куткарбай,
Кармашканын соо кылбай.
Бу кантесиңер баарыңар,
Калк ичинде жок беле
Кайраты бар карыңар?!»
Ошону айтып эр Кошой,
Аскерге айгай салганы.
Ашталы деген балбаны
Аны уккан соң колунан
Акырып чыга калганы.
Көпкөк темир тону бар,
Көлдөлөңүн ченесең
Отуз таман жону бар,
Даш казандай башы бар,
Комдонгон иттей кашы бар,
Отуз менен кыркыңдын
Ортосунда жашы бар.
Жаасы бар өгүз белиндей,
Танабы тондун жеңиндей,
Огунун жоону кадоодой
Алды-артына карабай,
Майданда турган Манаска
Бара жатып ок атты.
Ок кыркырап жеткени,
Ойрон Манас баатырдын
Өнөрпоз эмей неткени,
Алтын купа калканды
Аякка тосуп калганы.
Калканга огу карс этип,
Катуу тийди тарс этип,
Тогуз кабат калкандын
Томурулуп купасы,
Жерге түштү шарт этип.
Манастын күчү болбосо,
Башка жандын баарысы
Учмак аттан жалп этип.
Октон аман калганы,
Октой болгон Кула атты
Сол борбуйга салганы,
Комокойлуу найзаны
Колго имерип алганы.
Коржоңдогон каапырды
Качырып кирип барганы,
Аталбай калып огуну,
Күрсүсүн колго алганы.
Көтөргөнчө күрсүнү
Көк жалың Манас жетиптир,
Көөдөнгө коюп кетиптир.
Камгактай каапыр учту эле,
Канкоруң шондой күчтүү эле,
Кара жерге сулайып,
Ашталы балбан түштү эле.
Ач албарс кындан алганы,
Өлгөн каапыр балбаны
«Алгын, мына балбаның!»
Аны айтып эр Манас,
Кылычын кынга салганы,
Кытайдын өлдү балбаны.

Жармысын алып эр Манас,
Кызылала кан кылып,
Кылымдын баарын таң кылып,
Кызыл турпак чаң кылып,
Оң колунан алганы,
Туусун көздөй ыргытты,
Туйгунуң Манас бек атты.
Көкүрөк-көчүк бөлүнүп,
Өпкө, боор көрүнүп,
Ыргытканы Манастын
Ыңкыган колго жеткени,
Ырысы каткан каапырдын
Жетөөн ала кеткени.
Тийгендери тим калбай,
Өлүп түштү атынан,
Кордук көрдү майданда
Манас сындуу баатырдан,
Ашталы балбан баш болуп,
Кырылып түштү сегиз жан.
Сегизи өлүп селдейди,
Баатырлар коркуп делдейди.
«Кызылала кан кылып,
Кырдырбаймын мен –деди,
Кылым журтум дагалак
Кашыма баарыңкел –деди.
Кетте кичү ., карыңар,
Келгин – деди – баарыңар,
Кеткен мурун кайрылбай
Сермуз, Мунар каныңар,
Акыл айтам ынаныңар,
Селдей болгон көп аскер,
Барган менен Манастан
Аман калбас жаныңар.
Балбандын баары жоголду,
Байкап турсам калайык
Манастын иши оңолду.
Баатырлар өлүп басынды,
Байкасам түбүм казылды.
Тамырдын баары кыйылды,
Талапкер эрлер тыйылды.
Беттешейин алашка,
Баарыңарга эп болсо
Мен барайын Манаска».
Манаска барган Ашталы,
Башын колго таштады,
Манас өнөр баштады,
Туу түбүндө тултуюп,
Көрүп турсуң көз менен
Көөдөнү жатыр мултуюп,
Белден алды, буту жок.
Катыккул балбан өлгөн соң
Карап турду каапырлар
Кайрат кылар журту жок.
Камданды Кошой бабаңыз,
Калкына айткан насыят
Акылына караңыз:
«Адам эмес, дөө болсо,
Ат минбеген жөө болсо,
Кабылан эмес, шер болсо,
Кайраты толук эр болсо
Калбас менден жаны – деп,
Урушса учар саны – деп.
Ар кандай арстан болсо да,
Ушалаармын аны!» – деп,
Ушуну айтып эр Кошой
Манаска барып майданга,
Манаска уруш салууга,
Баатыр Кошой камданды.
«Сиз барбаңыз каныбыз,
Сиз барганда каныбыз,
Тирүү калбайт жаныбыз,
Кокус болсоң уруштан
Табылбай калар саныбыз!»
Аяп турат каным – деп,
Агер барсаң майданга
Аман калбас жаның – деп,

А көрөкчө биздерди
Өзүң кырып салың – деп,
Коё бербей Кошойду,
Кол аяды ошону.
«Балбанымды кырдырып,
Барбай кантип коёмун,
Кылым журттан айрылып,
Кырмуз шаа кантип боломун!»
Муну айтып эр Кошой
Бармак болду урушка,
Байкап көргүн бабаңдын
Кыла турган жумушка.
«Мен Манаска барайын,
Беттешип аны карайын,
Бечара кара журтумду
Бекерге кырып салбайын.
Алым келсе Манасты
Акыры тирүү койбосмун,
Алдырган болсом Манаска,
Ата-уулунун баарысы
Айтканын кылып Манастын
Жан каларын ойлосун!
Алдырып ийсем канкорго,
Ааламды бузган анткорго,
Урушуп уят болбоңор,
Урушам – деп кокустан
Уулду жетим койбоңор.
Атышып набыт болбоңор,
Атышам – деп кокустан
Аялды каран койбоңор,
Катынды жесир кылбаңар,
Карып жанды кыйбаңар,
Баланы жетим кылбаңар,
Байкуш элди кырбаңар,
Барчаңар муну тыңдаңар!
Калдаң өлдү дайын жок,
Кармашкандан жеңдирсем,
Кайта келип силерге
Кандык кылар жайым жок.
Мунар кетти мурунтан,
Мунтип мени куруткан.
Баатырлар аттан кулады,
Балбандар өлүп сулады.
Баштагынын дини – деп,
Урушкан менен ушулар
Аман койгон турабы?
Жети жүз миң кол экен,
Баатыр менен балбаны,
Байкап турсам мол экен.
Эки жүз миң аскерсиң
Не кыласың урушту,
Эгер мени алган соң
Баарың макул көрүңөр
Айтканын кылып астына
Кол куушуруп турушту.
Урушкан менен өлөбүз,
Учсаң жаның дүйнөдөн
Убараны көрөсүз».
Ушуну айтып Кошой дөө
Ак саргыл атка мингени:
«Алда!» – деп, жолго кирди эми.
Бабаң барды бакырып,
Манасты көздөй акырып:
Кытай түрки тил билбейт,
Кыянат жолу дин билбейт.
«Аркы уругум Каракан,
Атамдын аты Аталык,
Каракандан тараган.
Өз атам Көкүм мерген дээр,
Өзүңдөн мурун кол салып,
Өч ала келген мен бир эр,
Атымды уксаң Кошой дээр»,
Аны айтып, айгайды
Абаң Кошой салганы.
Айтканын угуп эр Манас
Айран-азыр калганы.

Кыйкырып Кошой кеп айтат:
«Кырмуз шаа болгон абаңыз,
Кызматың кылдым, жол тоздум,
Кыраанным бүгүн жолгоштум.
Атаң Жакып Ногойдон,
Аман-эсен барсыңбы,
Арстан Манас жолборсум?
Алла Таала жол берген
Акыреттик жолдошум.
Аябай найза сал – деди,
Аябаймын сени да,
Алган болуп мени да,
Аскериңе бар – деди,
Артымдагы каапырды
Алгандан соң өзүмдү
Анан көрүп ал!» – деди.
Айтканын угуп эр Манас
Аккула камчы салганы,
Мубакүлдүү найзаны
Булгап колуна алганы.
Абакеңиз эр Кошой
Астындагы Аксаргыл
Атка камчы салганы,
Акырган бойдон бу дагы
Найзаны колуна алганы.
Мелтиретип найзаны
Бет алышты эки дөө.
Жекенден кылган жез найза,
Темири кулач кез найза,
Тоо тозулар бир сайса.
Атка кылып өкүмдү
Аркы-терки жетишти,
Айры төшкө бет алып
Найза менен нетишти.
Өзүнөн кийин өрнөккө,
Өнөрүн каапыр көрмөккө
Шилтешти найза очоюп,
Астында минген аттары
Олтурган иттей чочоюп,
Жалдыгына жармашып,
Тизгин менен ат жалын
Сол кол менен кармашып,
Найза менен тирешип,
Ат үстүндө чирешип,
Күч менен күрсү алышты,
Найзаны карыга салышты.
Арстандай күркүрөп
Башка күрсү чабышты,
Калканды башка жабышты,
Сыртынан күрсү салышты.
Күрсү күчтүү чабылды,
Болотко болот чагылды,
Шыркыраган көк жалын
Жерди көздөй жабылды.
Күрсүнү күүлөп салганы,
Алачык үйдөй кызыл чок,
Ааламда мындай эрлер жок.
Кытайдын журту кыйкыйлап,
Лайламалаху – деп, ыйлап,
Кулак тунат чуулдап,
Ширеген темир чапкандай
Жалын чыгат дуулдап.
Арстан Манас баатырың
Аккелте мылтык октоду,
Көк милтени чоктоду.
Абакеңиз эр Кошой
Акжөкөр мылтык октоду,
Ак милтени чоктоду.
Бетке мылтык алышты,
Машаны ирмеп салышты.
Акжөкөр үнү жаңырды,
Аккелте мылтык чаңырды,
Аркасынан «Манастап»
Ач кыйкырык жаңырды.
Аны уккан соң каапырлар
Акылы баштан жаңылды.

Асман-жердин арасын
Көз айныган чаң кылды,
Көргөндөрдү таң кылды.
Ал экөөнү көргөндөр
Акылынан жаңылды.
Кошой качты колуна,
Токсон төртү кырылды
Тепсөөрүн болуп жолуна.
Бара түшүп эр Кошой
Кайра сүрдү Манасты,
Манас баатыр бет алды
Калдайган калың алашты.
Кошой колго барганы,
Койгулашкан эр Манас
Колуна кирип калганы.
«Коюңуз баатыр, болду!» – деп,
Акбай деген бир мырза
Ат жылоодон кармады,
Арсаңдап күлүп абаңыз
Атынан түшүп алганы.
Айкожо менен Жаангердин
Астына абаң барганы,
Манас барды кошуна,
Аскердеги эрендер
Аман-соолук сурашып,
Абакелеп чуулашып,
Аскердеги эрендер
Кошойдун келди кашына,
Кырмуз шаанын таажысын
Абаң кийген башына.
Кемек аяр алтын бут
Аскан абаң мойнуна,
Жунустан калган кемер кур
Курчанган экен белине,
Бир жарым жылдан бери жакка
Кырмуз шаа болуп абаңыз,
Түк билинбей жүрүптүр
Кытайдын кылым элине,
Соо-саламат кошулду
Кыраан Манас бегине,
Кулак салгын абаңдын
Кытайга айтар кебине.
Колго түшкөн кишидей
Конуп Кошой калганы,
Жесир болгон кишидей
Абакеңиз эр Кошой
Жергесине барганы,
Жер жайнаган мусулман
Абабыз аман экен – деп,
Кубанышып калганы.
А күнү жатсын мусулман,
Дагалактын көп колу:
«Азаматтын баарысы
Ибарат алсын ушундан,
Кырмуз шаа менен эр Манас
Кыйын уруш салды – деп,
Кыйкырган бойдон кубалап,
Кырмуз шаа кетип калды – деп,
Кыйгандыр го жанын – деп,
Төккөндүр го канын – деп,
Манасты кууп барды – деп,
Барган бойдон жоголуп,
Дареги чыкпай калды – деп,
Бу дүнүйө жүзүнө
Кыдырсак кайдан табабыз
Кырмуз шаа сындуу канды – деп,
Кыйсак кантет жанды!» – деп,
Анда туруп бири айтат:
«Кыйган менен жанды – деп,
Кызыталак чантуулар
Кыз-катындын баарысын
Олжо кылып алды – деп,
Он эки капка Дагалак
Ойрон болуп калды!» – деп.
Кол ыйлады буркурап,
Калмактары канча көп

Жагалалап чуркурап,
Кытайдын баары да чуулап,
Өжөрлөрү калчылдап,
Өтүмдүүнүн баарысы
Өрттөй көзү жалтылдап,
Кара жашы бурчактап,
Кайгайлашып кытайлар
Бирин бири кучактап,
А күнү антип ыйлашып,
Аманат жанын кыйнашып:
«Кайсыныбыз өлөбүз,
Кайсыныбыз калабыз,
Өлбөй тирүү калгандар
Каканга кантип барабыз,
Мусулман болду арабыз.
Айрылдык элден, жерден – деп,
Арстандай күчү көрүнөт,
Манасы кайдан келген? – деп,
Бизге жардам болбоду
Манжурия элден – деп,
Бадыша болгон Эсенкан,
Маанайында канча жан,
Кырмуз шаадан айрылып,
Бизден кетти эми сан.
Чогулалык журтубуз,
Дагалакта бар эле
Төрт жүз отуз бутубуз,
Кайгыга түштү журтубуз,
Төрт жүз отуз бар эле
Буркан аттуу бутубуз,
Бурканакка баралык,
Муңканып айгай салалык,
Буйругун угуп алалык.
Өлгүн десе кырылып,
Немебиз калбай өлөлүк,
Же болбосо урушуп,
Кайрат кылып көрөлүк.
Каныбыз Кырмуз кеп айткан
Кокус барып мен өлсөм
Урушпаңар – деп, айткан».
Муну ойлонуп көпчүлүк,
Башына түштү көп түлүк.
Кошой түштү колуна,
Карап тургун бул элдин
Не болор экен соңуна.
Супа садык чалганда,
Таң кылайып калганда,
Кырмуз шаанын жарагын
Немесин койбой кийинип,
Эгесине сыйынып,
Сексен баштуу алтын бут
Киндигин бурап абаңыз,
Кийди моюнга караңыз.
Кереметтүү кемерди
Белге байлап бабаңыз,
Ак саргыл атка мингени,
Абакеңиз эр Кошой
Аралап колго киргени,
Айныгыс кылып мусулман
Акыры журтту алсам – деп,
Аман-эсен калганын
Ак динине салсам – деп,
Кырмуз шаанын зайыбын
Жуптуу кылып калсам – деп,
Журтун аман алсам – деп,
Ушуну абаң ойлонуп,
Ок жыландай толгонуп,
Аскерине барганы.
Доотай менен чыйтайды,
Жаңжуң менен баңбаңды,
Калдай менен даңдаңды,
Кашына жыйып алганы.
Баатыр менен балбаны
Маанайына барганы.
«Калкына кирип калдың – деп,
Кабылан Манас баатырга

Катуу калба салдың – деп,
Канкор Манас колунан
Кантип тирүү калдың? – деп,
Эр Кырмуз шаа жумушуң,
Эсепсиз кыйын урушуң!
Өңүбүз бекен, түш бекен,
Аман-эсен саламат
Аскерге келип турушуң?
Сиз түшкөн соң чантууга,
Тил келбей сөздү айтууга,
Кайрат кылдык өлмөккө,
Бу дүйнөдөн кайтууга.
Бел байладык өлмөккө,
Бенденин ою жок эле
Сизди тирүү көрмөккө».
Жамгырдай жашы дабырап,
Эки жүз миң аскери
Арызын айтып жабырап,
Кырмуз шаа дешип өздөрү,
Кыжылдаган сөздөрү,
Кырмуз шаабыз экен – деп,
Кытайдын түштү көздөрү.
Абаң Кошой кеп айтат:
«Ай, калайык – деп, айтат,
Төрт жүз отуз бут – деди,
Сөзүн анын тут – деди.
Эгер сөзүн айтпаса,
Түңүлөмүн андан – деп,
Сүйлөбөгөн бут эмес,
Тилин алсак болбойбу
Адамзат жандан!» – деп,
Абаңыз айгай салганы,
Аскери макул алганы,
Кызматка буюрсаң кылабыз,
Кырмуз шаа каныбыз,
Мусулмандын журтунан
Кете жазды саныбыз,
Не себептен өлбөгөн
Мусулмандан жаныңыз?
Муну да биз угалы,
Көргөнүңдү айтып салыңыз,
Кандайлыктан өлтүрбөй
Карып жан аман калдыңыз?»
Калкы минтип сурады,
Кары-жашы чуулады.
Кырмуз шаасы кеп айтат:
«Куп тыңдаңар – деп, айтат,
Мусулман деген эл экен,
Буйругун туткан кудаанын,
Бузук сүйбө дээр экен,
Тилин алса тим койчу,
Тийбей турган эл экен.
Карайт экен акыры
Кудайынын буйругун,
Кармайт экен баарысы,
Как сиздерге окшошуп
Баашасынын буйругун.
Мен түшкөн соң колуна,
Байкаңар сөздүн соңуна,
Жалбарышты баарысы:
Муну кандай кылсак? – деп,
Бир кудаанын жолуна.
Кайыптан доош кеп айтты:
«Канын төкпө!» – деп, айтты,
«Калкына кайра барсын – деп,
Каапырлык дин бек жаман
Кабарды ага салсын – деп,
Калкы менен тил алса
Мусулман болуп калсын!» – деп,
Аяды анын кудайы,
Аңдаңарчы мындайды.
Кудайы жообун берген соң,
Өлтүрбөгүн деген соң,
Өлтүрбөдү өзүмдү,
Дагалак журту баарыңар
Көрүп турсуң көзүмдү,

Угуп турсуң сөзүмдү,
Таң атпай колго баргын – деп,
Таратып кабар бергин!» – деп,
Төрт жүз отуз буту бар,
Такта куруп талаага,
Буттарын алып кел – деди.
«Салыштырып көрөйүн
Мусулмандын кудайга,
Биздин бут аны жеңбесе,
Бекер жүрүп алданып
Не кыламын бу жайга!»
Муну айтып Кырмуз шаа
Калкка кылды кабарды,
Калаа жакка чаптырды
Беш жүз элүү чабарды.
Күн шашкеге жеткенче
Беш жүз элүү доргосу,
Элге берди кабарды.
Кырмуз шаанын бар эле
Беш бөлмөлүү ордосу.
Ордосунун боорунда
Оозу, эрди зумурут,
Оюлган кашы осмодон
Көзүн көрсөң көөхардан,
Тиш орноткон жылжылдан,
Кара бою карк алтын,
Кырмуз шаанын бабасы
Саң бадыша кылдырган,
Азезил келип сөз айтып
Кырмуздун көөнүн тындырган.
Кырк үч дорго барганы,
Кызыл алтын бурканды
Напасына салганы,
Араба менен жылдырып,
Аскердин орто жерине
Алып келип калганы,
Төрт жүз отуз бутуну
Баарын алып ушуну,
Бадыша Кырмуз астына
Кырка коюп салганы.
«Мусулмандан келсин!» – деп,
Буйрук кылды Кырмуз шаа.
Доргодон тогуз барганы,
Мусулмандын четине
Тобуна кабар салганы.
«Чакырып атат шаабыз – деп,
Кайраттуудан калбасын,
Кан зааданын бирөөсү
Кошко жатып албасын,
Өткүрлөр өзү барсын – деп,
Өкүмөттөн калбасын,
Өксүтүп ишин салбасын.
Кайда болот калайык
Мусулмандын кудайы,
Билгени барсын жудайын,
Кан кашына барышат,
Биздин кудайыбызга
Мусулмандын кудайын
Кан алдына салышат».
Муну айтып калганы,
Жаангер кожо, Айкожо
Кабарын айтып барганы.
Күлбөй турган кожолор,
Күлкүсү келди ошолор.
«Наадандык кылган каапыр – деп,
Арстан Кошой баатырың
Каапырларын ошентип
Мазак кылып жатыр – деп,
Чакырган соң канына
Жүр, баралык акыр» – деп,
Бармак болду кожолор.
Кошулушуп кожого,
Баралык – деп, ошого,
Бармак болду баарысы
Бадышасы Кошойго.
Эламандын Төштүгү,

Эштектин уулу Жамгырчы,
Казактардан кан Көкчө,
Кара жаак эр Үрбү,
Жакыптын уулу эр Манас,
Жаактуудан чечен Абдылда,
Өзүбектен Дамбылда,
Өзгөчө Бакай баатыр бар.
Эки жүз миң кол менен,
Дагалак жакка жол менен,
Эр Кошойго кайната,
Эли болгон мусулман,
Мурунку алган Мунар кан,
Мусулман болгон канча жан,
Ээрчишип алганы,
Эр Кырмуз шаа астына
Булар жетип барганы.
Алтындан кылган буттар бар,
Анын сөзүн туткан бар,
Азезилдин кебине
Кудайым – деп уккан бар,
Төрт жүз отуз бутуну
Тегеректеп ошону,
Кырмуздун колу кылкылдап,
Дүйнө толуп былкылдап.
Сүйлөсө – деп кудайым
Сүрдүккөн каапыр жудайын.
Бирин бири тебелеп,
Тура тургун кийин – деп,
Билимдүүсү жемелеп,
Тузга үйүлгөн кой өңдүү
Чуркурашып барганы.
Буюрбаса теңири
Эминени сүйлөсүн
Өз колунан жасашып,
Бут кылып алган темири.
Көп журту көзүн салыптыр:
«Көкө теңир сүйлө!» – деп,
Жүгүнүшүп калыптыр.
Бутту көздөй бет алып
Жүгүрүшүп барыптыр.
Атпай каапыр чогулуп,
Алтындуу бутка чокунуп,
Азезил айткан сөзүнү
Намазым деп окунуп:
«Мусулмандан бүлдүк – деп,
Мынчалык кордук көрдүк – деп,
Сыйынып келдик сага – деп,
Мусулман кылды жамандык,
Табыларбы даба?» – деп,
Наалып алар барганы,
Ар бири ар бир кыйкырды,
Айгайы мээни жарганы.
Аскери эки жүз миңи,
Алла – деп, булар бут билди,
Анык азган экен – деп,
Арстан Манас куп билди.
Каткырыгы баш жарып,
Катуу күлдү кожолор.
Булар кандай күлөт? – деп,
Карады каапыр ошолор.
Шылдыңдайт – деп, кудайды,
Шыбырашты кыйласы.
Үйүнөн жүз миң барыптыр,
Үч жүз миң болуп алыптыр.
Кудайыбыз сүйлөйт – деп,
Үмүт этип барыптыр,
Көпчүлүктүн тилеги
Көктү-жерди жараткан
Кудурет эгем билгени.
«Каапыр да болсо журтум – деп,
Калк ичинде сүйлөтүп,
Жоготоюн бутун – деп.
Кудуреттин буйругу
Беш бериште келгени,
Бендеге жооп бергени:
«Бербердигер мен айтам,

Калк жыйылган элге айтам,
Карап турган жанга айтам,
Кан Кырмуз шаа канга айтам,
Менин атым бут – деди,
Бу сөзүмдү ук – деди,
Кудай жалгыз, куран чын,
Байгамбар ырас бар – деди,
Каапырлык диниң кар – деди,
Кыяматтын күнүндө
Болосуң калкым зар – деди.
Өлө электе осунуп
Ыслам динин ал – деди,
Албаганың өлдүңөр,
Арман ичте кал!» – деди.
Аны айтып буттары,
Айткан экен бериште,
Асманды көздөй учканы.
Кайып болду бурканы,
Каапырлар сөзүн тутканы,
Карап турган кара журт
Оозунан кебин укканы.
Айтып турган буттары
Асманды көздөй чыкканы.
Асманга аткан бериште
Быркыратты буттарды.
Аш бышымдай болгондо,
Карап турду журттары,
Бир убакта караса,
Алтыны түштү жаркырап,
Алла канча быркырап,
Күмүш түштү убалып,
Көөхар, жакут, зумурут
Көктөн жааган жамгырдай
Жерге түштү чубалып.
Карап турду көпчүлүк,
Каапырга болду көп түлүк,
Тиктеп турган көк жакка
Жалдыраган көпчүлүк,
Көзүн көккө салганы,
Көзүнө тийип темири,
Көккө чыккан теңири,
Кудай каар кылганы,
Куп бир кырып калганы.
Көзүнө тийип далайы,
Сокур болду олоюп,
Коргошуну, чоюну
Колго тийип далайы,
Сынып колу чолоюп.
Башка тийип кай бирөө
Мээси бутка жабылды,
Өлүп жатыр сулайып.
Өзү кудай дешкендер
Кудайынан куп качып,
Оолакташып ороюп.
Жер жайнаган каапырлар
Башына буттун сыныгы
Бата түшүп тийгенде,
Батып мээге киргенде,
Буттарынын учканын,
Бурулбай көккө качканын,
Быркырап жерге түшкөнүн,
Темир тийип далайын
Денеден башын үзгөнүн
Жети жүз киши өлгөнүн,
Алтын, күмүш, темирлер
Башы-көзүн бөлгөнүн,
Болгонун көзү көргөнү.
Мусулмандан бир адам
Жарадар болгон бир жан жок,
Темир тийген тир жан жок,
Аман чыкты мусулман.
Каапырлардын калкынан
Алек болду канча жан.
«Бөлүнөлүк биз – деди,
Өлгөнүңдөн калганы
Жооп бергин сиз!» – деди.

Муну айтып эр Манас
Буйрук кылып салганы,
«Мусулман болсоң бөлүн!» – деп,
Бурулуп чыга калганы.
Темир тийип, бут тийип,
Көк коргошун кут тийип,
Жети жүз каапыр жыгылды,
Жерге башы тыгылды.
Кырмуз шаа–Кошой кеп айтат:
«Алтын, күмүш асылдан
Асемдеп кылган бутубуз
Азап ишти кылды го,
Аскердин көбүн кырды го.
Азыркы турган адамдар
Аныктап көрүп турду го,
Анык кудай кылган соң
Бизди кыргын кылды го.
Биз жасаган бутубуз
Билбестиктен жалган го?
Чын кудай өзү буюрганда
Ным неме калбай калды го,
Жалынып турсак түк болбой
Жаман кылып салды го!
Бутту кудай – деп жүрсөк,
Бу дүйнө камын жеп жүрсөк,
Биздин бут жалган экен го.
Жараткандын барлыгы
Ырас айтам ук – деди,
Ыслам динин тут! – деди.
Уктуңарбы баарыңар,
Улуу-кичүү, карыңар,
Кудайдын сөзүн куп тутам
Мен Кырмуз шаа каныңар.
Жалынып турган бутуңуз
Жалган экен билиңиз,
Жарабас экен дициңиз.
Кана, калкым, тил алсаң
Ак ыслай динине
Азыр баарың кириңиз!
Ыслам динин алалык,
Ырас көрдүң баарыңар,
Асман-көктү карайм – деп,
Сокур болду бир кыйла
Соо-саламат жаныңар.
Жети жүзүң бир өлүп,
Кетеби журтум саныңар,
Ыслам дини ак экен,
Эми буга ынаныңар.
Табынып жүргөн кудайың
Талаага качты жудайын.
Талкаланып бузулуп,
Таруудай түштү асмандан,
Жети жүзүң өлдү го
Ата-баба дини – деп,
Абалдан динден азгандан,
Кырылдыңар көрдүңбү,
Анык кара баскандан.
Асман, жердин ээси,
Аңдаңарчы калайык,
Анык кудай бар экен.
Кудай урду бутуңду,
Урбаса бутуң кана экен?!
Колдон жасап бут кылып,
Коргошун куюп, кут кылып,
Койгундай алы болобу
Бизди мынча журт кылып,
Алтын, күмүш, темирин,
Өз колуңдан кылган соң
Кандай сенин теңириң?
Бекер кантип туралы,
Бу жерде турат мусулман,
Кудайыңар кандай? – деп,
Мусулмандан сурайлы.
Баркын байкап билели,
Макул болсо баарына
Ыслам динге кирели!»

Муну айтып Кырмуз шаа
Мусулман колун чакырды,
Көкчө, Манас баатырды,
Эламан уулу Төштүктү,
Эштектерден Жамгырчы,
Таздын уулу эр Үрбү,
Татарлардан Акшаган,
Ак сакалдуу Жаангер кан,
Араптардан Айкожо,
Анын баары жыйылып,
Алдасына сыйынып,
Азыр келди Кырмузга.
Курчап турган калың журт,
Кемектен алган аяр бут,
Мойнуна боосун салыптыр,
Боорундагы ачкычын
Бурап, бурап алыптыр,
Жетимиш түрдүү тил келип,
Абакеңиз Кошойдун
Акылына тирелип,
Кырмуз шаанын таажысын
Башка койду бабаңыз,
Бар сөөлөтүн караңыз.
Таажы кийди башына,
Аскерди жыйды кашына.
Такты миңди астына,
Дагалак журтун жыйнады,
Душманын билбей тууган – деп,
Каапырды кудай кыйнады.
Кырмуз шаа шондо кеп айтат:
«Ай, калайык, –деп, айтат,
Кана, мусулмандын эрлери,
Ээрчип келген элдери,
Кудайыңар кай түрлүү,
Жайын айтып бер?» – деди.
Айкожо кепти баштады,
Кошой баштап карысы,
Кошунунун баарысы
Куп – деп кулак салышты.
Ыкыластын сүрөөсүн
Ырас айтып баштады.
Алтын сакал Айкожо
Сөз айтуудан шашпады:
«Куп тыңдагын калайык,
Кубаттуу болор тирлигиң,
Кудаанын билгин бирлигин.
Көрбөй туруп ишенгин,
Көңүлдөн чыгар кирлигиң.
Бербердигер бир Алла
Бар – деп билгин ката жок,
Туудурган аны ата жок,
Тууй турган эне жок,
Бир кудаанын өзү улук,
Туш келишер неме жок!
Өзгө тууган-урук жок,
Өзүнөн бөлөк улук жок,
Акчылыгы ашкере,
Ал өзүндөй тунук жок,
Өкүмүнө чара жок,
Өзүнөн болор бала жок,
Өзгөчө улук бир кудай
Өзүнөн бөлөк даана жок!
Кирпик ирмем кидирген
Капилети болбогон,
Макулуктун баарысын
Базилинде колдогон.
Эгер амыр кылса асман-жер
Бир мистеге толбогон
Кудурети, күчү бар,
Кудаа деген бенденин
Көңүлүндө дапдаяр.
Адам болгон өзүңүз,
Көрүп турган көзүңүз,
Күчү менен кудаанын
Көрүп турган кезиңиз.
Көкүрөктө акыл-эсиңиз,

Ким берген экен дейсиңиз?
Ак жараткан кудайың,
Акыл берип артыкча
Адам кылды жудайын!
Уга турган кулагың,
Андай ишиң көп жатат,
Алла не укпайт жудайын,
Күчү менен угузган
Кудурети күчтүү кудайың!
Сасык менен жыпарды,
Сап билесиң буларды.
Жакшы-жаман билгизген
Мурунуңа жыт кылып,
Жытын айдап киргизген
Кудурети кудаанын,
Акыр бир күн айрылчу
Аманаттыр бу жаның!
Ачуу менен таттуунун,
Жумшак менен катуунун
Даамын билген оозуңуз,
Бендемин – деп белсенип
Басып жүргөн өзүңүз,
Кыйратам – деп бирөөнү
Кыйындык айткан сөзүңүз,
Эгер кудай кылбаса
Кыла албайсыз өзүңүз,
Кылым турган кара журт
Ачып кара көзүңүз!
Тута турган колуңуз,
Мен ушуну кылам – деп,
Күчөнгөндү коюңуз.
Кудуреттин күчүнөн
Куп жаратып кол берди,
Эрикти берип өзүңө,
Оюң менен коё берди.
«Кудайдан мурун мен кылам»,
Мындай сөздү кой! – деди.
Эки аяк бутуңар,
Курандын сөзүн тутуңар,
Кудуреттин күчүдүр,
Куп бастырган ушудур.
Көпчүлүккө Айкожо
Насият айткан тушудур.
Көзүңдү салгын көбүңүз
Көгөргөн асман көгүңүз,
Көл дарыя суусу бар,
Куюлтуп бери жибербейт,
Кудаанын күчүн көрүңүз,
Асман-жерде иле жок,
Айныбасын көөнүңүз.
Аңырайтып тим койбой,
Асман жасап, көк берген,
Ачка болуп калат – деп,
Насибиңди көп берген,
Айбаныңа ылайык
Албан түрлүү чөп берген.
Өзү жалгыз кудурет
Өкүмүн анын айтайын
Өзүнөн бөлөк ким билет.
Бирок өзү бар – деп билүүгө
Бендесине чоң милдет.
Астыңда тур кара жер,
Жер экен деп тим болбой
Айлананды карай бер.
Не көрүнөт көзүңө,
Ушунчаны көтөрүп,
Акы албаган кандай эр!
Чогулуш айтып журтуңа,
Чокунасың баарыңар
Чоюндан куйган бутуңар,
Алтын менен акыштап,
Көөхардан оюп көз кылдың,
Куп жалынып бу жерде
Кудайым – деп сөз кылдың.
Не таптыңар ошондон,
Көзүңөрчө көрдүңөр,

Чын кудай өкүм кылганда
Баары качып бошонгон.
Темирдей түштү темири,
Берище келип какканда
Бөлүнүп түшүп калган соң,
Кандай болгон теңири?
Алтының түштү бөлүнүп,
Асмандан түштү көрүнүп,
Көөхарың түштү асмандан
Көпкөрүнөө төгүлүп,
Күмүшүң түштү күбүлүп,
Кудай эмес экен – деп,
Кужулдабай дагалак
Койбойсуңбу түңүлүп!»
Айтты муну Кожоңуз,
«Ар канча дилиңкатса да
Ак жолуна бошоңуз!»
А дегенде Кырмуз шаа:
«Не деп айтып боломун,
Эски диним жоёмун?
Эмине деп сүйлөсөм,
Мусулман болуп коёмун?
Мурунтадан бер жакка
Капкара динге боёлдум».
Муну айтып Кырмуз шаа
Жаангер канга бакканы,
Кубангандан мусулман
Баашалык добул какканы.
Чоң барабан дүңгүрлөп,
Чогулуп турган көпчүлүк:
Лаайлаха иллаллах
Мухаммед расулаллах,
-Келме шаадат жар кылып,
Ыйман айтты күңгүрлөп.
«Жалбарып жалгыз Алдага,
Жалпы намаз оку – деп,
Көрүнбөйт биздин бир кудай
Көөнүңө алып токун!» – деп,
Кырмуз шаа айгай салганы.
Кабар уккан канча жан,
Калаасынын аты Дагалак,
Каапырлар болду мусулман,
Каталык кылбай канча жан,
Ыклас берди ынанып,
Ыйлап турду канча жан:
«Мурунтадан аздык!» – деп,
Булар болуп мусулман.
Мынча журтта жок болду
Алиги сөзгө ынанбай
Кайра жанып бузулган,
Наалат – деди шайтанга,
Ыкылас менен баарысы
Ыйман айтты мусулман.
Мусулман болду каапыры,
Шарыятка көндүргөн
Катаган Кошой баатыры.
Ыйман айтып көндүргөн
Жаангер кожо, Айкожо
Пир тутулду акыры.
Баарысына себепкер
Бала Манас баатыры.
Калкын динге салганы,
Карк алтын жамбы, ак күмүш
Зекетке малын салганы.
Сери забар, зумурут
Эсептеп булун алганы.
Арам кылды доңузду,
Доңуз баккан байларды
Томсорткон бойдон коюшту.
«Сенден кетсе ал – деди,
Доңуз арам мал – деди.
Ындыстанга, Каканга,
Коросон менен Ындыстан,
Орто шаар Мар – деди,
Аларга сатып ал – деди,
Каапырга берип доңузду

Калкым аман кал – деди,
Кырсаң бөөдө кырылар,
Кыйылбасын жан» – деди.
Үйрөнүп ыйман кайтышты,
Үйүндө катын-балага
Кудай бөлөк экен – деп,
Кужулдашып айтышты,
Актыгын Алла билишти,
Ак динине кириштти,
Жаангер кожо, Айкожо
Шарыятты сурашып,
Жандын баары чуулашып,
Мусулман болуп турушту.
Душман бүгүн эл болгон,
Ким көрдү мындай жумушту.
Он жети күнү токтолуп,
Окутуп динин турушту,
Ошондо барган аскерге
Түрк уулунун баарысы
Ойноп-күлүп тунушту.
Аскерге барган адамдар,
Азыр уруш көргөн жок
Анча жүргөн көп жандар.
Катагандан кан Кошой,
Казактардан эр Көкчө,
Эламандын Төштүгү,
Эштектерден Жамгырчы,
Эрендин баары жыйылып,
Эгесине сыйынып.
«Байкүш деген жери бар,
Көшөк уруу эли бар,
Даңга деген шаары бар,
Жамандыктын баары бар,
Саңыроо, Көбө жери бар,
Таңку кытай эли бар,
Чатукан аттуу шаары бар,
Булардын көбүн бийлеген
Будаңчаң аттуу каны бар.
Марал деген шаар бар,
Кунку деген жери бар,
Даңгуу кытай эли бар,
Дайралуу Котон жери бар,
Даңшут аттуу көлү бар,
Биябан кыйла чөлү бар,
Байман аттуу беги бар,
Бер жагы Жеркен жери бар,
Кара-Кыш калаа деген бар,
Айык деген каны бар,
Аярдын арбын саны бар,
Адамзат уулунан
Албан түрлүү жаны бар,
Актын атын укпаган
Албан түрлүү кеп заңгар,
Азыр алгын эсебин
Атактуу нече шаары бар.
Аны көздөй баралык,
Алла буюрса ак динге
Алардын баарын салалык!»
Аны айтып эр Манас,
Акыл кылды Кошойго,
Аттанмак болду ошого.
Абаң Кошой кеп айтат,
«Баатыр Манас –деп, айтат,
Кырмуз шаанын катыны
Эрим Кырмуз аман –деп,
Түк биле элек – деп, айтат.
Мени Кырмуз шаа кылып сал – деди,
Кырааным өзүң бар – деди.
Кырмуз шааны өлдү – де,
Өлгөнүн көзүм көрдү – де,
Өзүң тирүү кал – дегин,
Кошой деген бир эр бар
Кошок кылып ал – дегин.
Айтканыма көн – дегин,
Айтканыма көнбөсөң,

Азыр атам, өл! – дегин».
Ошону айтып салганы,
Угуп алып эр Манас
Алты жолдош алганы,
Кырмуз шаанын сарайга
Кыраан Манас барганы.
Карап алып катыны
Кара бою калтырап,
Коркуу кирди акыры,
Оорун-төшөк даярлап,
Олтур – деди, баатырды.
Олтуруп Манас кеп айтат:
«Ой, жеңече – деп, айтат,
Өлдү Кырмуз эриңиз,
Өз дениңди багыштап
Кошой деген агам бар,
Жуптулукка бериңиз».
Айтып аны салганы,
Ае – деди бу катын,
Арстан Манас айтканга
Айран азыр калганы.
«Өлдүбү менин эрим? – деп,
Өзүң кайдан келдиң? – деп,
Мусулман болуп бузулуп,
Мында келди элим – деп.
Сен да бол – деп- мусулман
Кырмуз шаа сындуу бегим – деп,
Көз байланган түн менен,
Түндө эле эрим келди – деп.
Бүгүн келип өзүңүз,
Бүлдүргөн кандай сөзүңүз.
Ким өлтүрдү Кырмузду,
Киши ойлобойм кыргызды.
Ким салар сага түлүктү,
Киши дебейм түрктү!»
Аны уккан соң, эр Манас
Ачуусу келе калганы.
Баткалашта мараган,
Кабыландай караган,
Чагарак куйрук, чаар тон,
Чамынганы соо болбос,
Шаңы чыкты сур жолборс,
Айбаты катуу, заары күч
Арстан эрди көргөндө
Өлүм келди оюна,
Такат кылып тура албай,
Калтырак кирди боюна,
Айрылыпмын шаадан – деп,
Ар нерсе түштү оюна.
Катын айран калганы:
«Качан өлдү каным?» – деп,
Манастан сурай салганы.
Эр Манас шондо кеп айтат:
«Элүү сегиз күн болду
Эриң өлгөн» – деп, айтат.
Муну уккан соң бу катын,
Каткырыгы баш жарып,
Катуу күлдү куу катын.
Анда Манас кеп сүйлөйт,
«Айбансың катын – деп, сүйлөйт,
Азыр сага эр болгон
Катаган Кошой кан – деди,
Кашындагы нөкөрү
Канча түркүн жан – деди,
Эби келсе сен катын
Эр кылып эми ал» – деди.
Айтканын катын угуптур,
Айран болуп туруптур.
Ал аңгыча болбоду,
Кырмуз шаа болуп калкайып,
Отого, диңсе даңкайып,
Абакең Кошой киргени.
Киргенин катын көргөнү:
«Кандай жан элеңкаапырай,
Канакей эрим өлгөнү?
Тирүү эримди өлдү – деп,

Титиниһп айткан кандай кеп?»
Катын айта салганы,
Кабылан Кошой абаңыз
Бетинен барда алганы.
«Кан Кырмузуң мен – деди,
Катын болгон башыңыз
Кыз баладай кыйналып,
Кысталганың сен» – деди.
Элүү сегиз күн болгон,
Эркекте мындай ким болгон,
Төрт түндө келип жолугуп,
Ойноп, күлүп кубанып,
Ар кылганда он кылып,
Абаң Кошой тим болгон.
Катындын жашы жыйырма эки,
Беш жашар кыздай кыйналган.
Бул эриме неткен – деп
Шоодайы мунун чоңоюп,
Эмне болуп кеткен? – деп,
Ойлогон экен катыны.
Ошо жерде Кошойго
Көңүлүн берди акыры.
Анык аяр эр экен,
Ай далысы кең экен,
Телегейи тең экен,
Деңизден чалкар кең экен,
Дегелешип жан жетпес,
Урматына бириксем
Үрүстөмдөй неме экен.
Аны ойлонуп бу катын,
Акка сунду моюнун.
Ак никелеп жар кылып,
Абакең кылсын оюнун.
Андан бетер бу катын
Атыр, жыпар гүл чачып,
Буркуратты коюнун.
Абакең салды кыймылды,
Напсиси өлдү, тыйылды.
Алданын барын ак билип,
Катын да акка сыйынды.
Алыска сапар жол тартып,
Азар түмөн кол тартып,
Абакең кетмек жол басып.
«Абам Кошой колдо!» – деп,
Ар бенде айтса жол ачык.
Эр Кошой жолун берсин – деп,
Эркек чыкса жол болгон,
Элге үлгү болмокко
Не десеңиз шол болгон.
Мурун Манас айтыптыр,
Нике байлап абаңа,
Манас кошко кайтыптыр.
А күнү анда жатыптыр,
Таң саргарып атыптыр.
Алтын ооз кернейди
Арстан Манас кошунан
Арылдата тартыптыр.
Аскердин баары кылкылдап,
Жер союлуп былкылдап,
Найзанын учу жылтылдап,
Мылтыктар жондо жаркылдап,
Асабалар жалпылдап,
Найзалар колдо калкылдап
Казынадан зар келди.
Бууп дилде арттырган
Алтымыш төрт нар келди,
Азык-түлүк кылар – деп,
Алиги жаткан көп элди.
Алтымыш төөгө жүктөгөн
Алтын менен күмүштү,
Напсиси бузук кай бирөө
Токмоктошуп талашып,
Кош-кошунда болушту,
Мусулмандын каны – деп,
Муздатпайлык аны – деп,
Түрк уулунун каны – деп,

Түктөйтпөйлү аны – деп,
Эр Манастын кошуна
Он үч төө алтын бөлгөнү,
Бөлгөнүн көзү көргөнү,
Олжо – деп ортого салганы,
Ойротко жалгыз бул бербей,
Ороздунун он уулу
Ороңдоп жетип барганы,
Орчун колго түк бербей
Он үч төө жүктү алганы.
Манас барып кой десе,
Жалгыз туума өзүңдү,
Тазалаймын – деп- көзүңдү,
Тартып кетип калганы,
Көптүгүнө салганы.
«Көрөрүбүз ушул!» – деп,
Оозун ачып эр Бакай
Олтурган бойдон калганы.
«Эркеледи акыр – деп,
Эл-журтту кылып найүмүт
Напсиси бузук каапыр – деп,
Алса дүйнө алар – деп,
Напсиси тойсо токтолуп,
Мындайын коюп калар» – деп
Үндөбөй Манас тим болду,
Үзүрүн айтып токтотту
Үмүт кылган көп колду.
Аскердин баары жамданып,
Азык-түлүк камданып,
Найза, кылыч, бар жарак,
Атка минди шаңданып.
Элге кабар салыптыр,
Эр Кырмуздун шаарынан,
Кырмуз, Сермуз баарынан
Эки жүз миң аскерди
Эми кошуп алыптыр.
Жети жүз миң кол келген,
Жерге сыйбай мол келген,
Эки жүз миң аскерди
Эми алды бул элден.
Тогуз жүз миңге толуптур,
Толкуган көлдөй болуптур.
Төрт жүз элүү миң колду
Төрө Манас алганы.
Амар шаарга бет алып,
Коңку деген жери бар,
Даңгуу кытай эли бар,
Саңыроого бет алып,
Бара турсун аттанып.
Эштектерден Жамгырчы,
Эл агасы Акша кан,
Казактардан эр Көкчө,
Кара жаак эр Үрбү,
Баштаган Манас баатыры,
Көйө, Мара кайда? – деп,
Бара турсун акыры.
Аны таштап салыңыз,
Абаң Кошой дагы бар
Кабарын угуп алыңыз.
Көшөк аттуу балбанды,
Эламан уулу Эр Төштүк,
Эми муну алганы.
Мунар кандын баласы
Алган жолдо Дагар кыз
Бу да келип калганы.
Ак амири- буйругу,
Төө болуп жүрүп жолуккан
Бир жүз сексен балбаны
Дагар кызга кошулуп
Бу да келип калганы.
Абаңыз ордон алганы,
Билерик менен кошулган,
Өлтүрмөккө зынданга
Мунар шааны салганы,
Билерикти баш кылып,
Бирин койбой алганы.

Он төртүнүн ичинде
Көйөк балбан баш болуп,
Үчөө экен балбаны,
Баары келди Кошойго,
Кара- Кышта Будаңчаң,
Бармак болду ошого.
Кайнатасы Мунарды
Башкар деди буларды
Төрт жүз миң жана элүү миң.
Төгүн-чынын ким билет
Төрөлөрдүн жумушун,
Даңку кыштак шаарына
Салмак болуп урушун.
Бара турсун бу дагы,
Көтөргөнү туу дагы,
Бет алган жагы чуу дагы.
Аны таштап салыңыз,
Арстан Манас баатырдын
Алла эмне сөзү бар,
Кабарын угуп алыңыз.
Даңгуу кытай бет алып,
Бет алган жагын өрт салып,
Аз гана эмес мол жүрдү,
Жети күнү, жети түн
Жетебиз –деп жол жүрдү.
Сол тарабы түшчүлүк,
Шолорго болгон көп түлүк,
Көз учунда мунарык,
Көз жетпеген тунарык.
Томуктай болгон тоосу жок,
Тосуп чыккан жоосу жок,
Кашыктай болгон кары жок,
Карарган бута, шаары жок,
Ээн талаа, эрме чөл,
Эңгиреген каран чөл,
Эрлик кылсаң, барып көр.
Тазкара барса шашкандай,
Тандайы күйүп качкандай,
Таз адам барса шашкандай,
Маңдайы күйүп качкандай.
Куркулдай учса шашкандай,
Куйругу күйүп ачкандай,
Куландар барса шашкандай,
Туягы күйүп качкандай.
Ар жагы дайра көлү бар,
Аңгемесин көрүп ал,
Адамга залал кылуучу
Кесенденин көбү бар.
Жекенден бөлөк кие жок,
Жейренден бөлөк бие жок.
Ажыдаар, жыланы,
Арбын жүрөт куланы,
Адамдан болгон жапайы
Миңден жүрөт уланы,
Ким көрүптүр буларды.
Төө кийиги ойногон,
Төрө Манас жутту – деп,
Төрт жүз миңдей аскери
Өлдүк ко – деп, ойлогон.
Билбегенди билип ал,
Бирден жүргөн били бар,
Камыштары челектей,
Кайры деген куурайы
Найзага таккан желектей.
Жалбырагы жалбырап,
Жамандардын баарысы
Жанынан коркуп алдырап,
Чымыны бар чымчыктай,
Чычкандарын караса
Төрт ай болгон күчүктөй.
Кескелдирик жүгүрсө
Алты жашар баладай,
Таш бакасы дагы бар
Алты карыш чарадай.
Шаркырап аккан суусу жок,
Шашпай турган жер экен.

Сандыргалуу эр Манас
Оңой-олтоң эр бекен?!
Кудук чыккан сазы бар,
Ай-аснанды бүркөгөн
Куусу менен казы бар.
Дагалактан башчы алган,
Даңгытты көздөй жол салган.
Аспаны деген жер тапты,
Агып аткан суу көрүп,
Ат өргүтүп аскери,
Алиги жерде тим жатты.
Кара жаак эр Үрбү,
Казактардын Көкчөсү,
Эштектин уулу Жамгырчы
Байдын уулу Бакайы,
Жакыптын уулу жаш Манас,
Жатсын – деди көп алаш.
Дагалактын Кодоң чал,
Жол башчысын карап ал,
Алты киши аттанып,
Ар тарабын чалалык.
Калдайган калаа бар бекен?
Кайкалаар талаа бар бекен?
Ашуусу бийик тоо барбы?
Атыша чыгар жоо барбы?
Агыны катуу суу барбы?
Аңдайлы – деп буларды
Алты баатыр аттанып,
Колду мында таштады,
Кодоң чал алтоон баштады.
Аз гана эмес, мол жүрдү,
Түшкө чейин жол жүрдү.
Бара турсун бул алтоо
Муну таштап салыңыз,
Мында калган аскердин
Кабарын угуп алыңыз.
Адыр жерде аркар бар,
Аркарлары бөлүнүп,
Арбындыгын аңдасаң
Айдаган койдой көрүнүп,
Андан атып алсак – деп,
Булардын акылдары бөлүнүп.
Аны көрүп аскерден
Атканын жазбас көп мерген,
Алты жүзчө аттанып,
Ар тарапка бет алып,
Он экиге бөлүнүп,
Ой-талаада аркары
Ойбут жерден көрүнүп.
Курбу жерде кулжа бар,
Кумдуу жерде кыядан,
Куураган чөл биябан,
Кайыптын баары мында бар.
Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Күлкүлүү чечен Абдылда,
Куртка чалдын Мажиги,
Кутмандуусу Кутубий
Башчы болуп барыптыр.
Алты жүз мерген бөлүнүп,
Ар тараптын баарынан
Аркар, кулжа көрүнүп.
Адамды көрсө тааныбай
Аңыраят аркары.
Андис мерген баарысы
Өлчөөгө атып жыгышып,
Атайы семиз экен – деп,
Союп алып кубанып,
Күлүп жүргөн дагы бар.
Колу-бутун сый атып,
Кууп кармап алам – деп,
Аксаңдатып адырда
Бөлүп жүргөн дагы бар.
Жейренди кууп дүргүтүп,
Жеткен жерден үркүтүп,
Кууп жүргөн дагы бар.
Курларына ок-дары

Бууп жүргөн дагы бар.
Күйүгүп өлө жаздым – деп,
Тамак ичпей, даам татпай
Сууп жүргөн дагы бар.
Аңдан атып кызыгып,
Мындан атып кызыгып,
Арбын кырып атсак – деп,
Аңгемеге батсак – деп,
Мылтыктарын октошуп,
Милтелерин чоктошуп,
Кудай ургур болбосоң
Куп талашып каласың,
Курулай алыс бир атып,
Качырып акыр саласың!
Бирин бири жемелеп,
Көбү жүрөт боктошуп.
А күнү конуп талаага,
Ар нерсе алып санаага,
Алиги барган алты жүз
Атканы мылтык баары түз,
Жети жүз бешти атышып,
Жердин жайын биле албай
Бир бурушка жатышып,
Шишкебек кылып кийикти,
Эттеринен татышып,
Ээн жерге жатышып,
Эртең менен туруптур,
Эки жагын карашып,
Моюндарын буруптур.
Бир убакта караса
Кула чабдар аты бар,
Төрт аягы бөжүгөн
Айбандан артык заты бар.
Узундугу атынын
Он алты кулач бою бар.
Ушу жалган дүйнөдөн
Өлбөймүн деген ою бар.
Өзүн байкап караса
Аз болгондо, каапыр ай,
Жеке бою тиктиги
Жети кулач бою бар.
Мунарадай өзү бар,
Маңдайында жалтылдайт,
Маңдайда жалгыз көзү бар.
Астынкы эрди албайып,
Үстүңкү эрди далбайып,
Эки кулач кулагы
Эки ийнинде салбайып.
Астында чабдар жоргосу,
Аткан октой кыркырайт,
Туягы тийген таштары
Туш-тушуна быркырайт.
Айткан менен кеп билбейт,
Адам го деп көзгө илбейт.
Камчы кылып алганы
Карагайдын бүтүнү.
Акырганда каапырай,
Оозунан чыгат тим эле
Бир ыштыктын түтүнү.
Жетип келип бул неме
Койдон бетер айдады,
Колуна тийген төрт жүздүн
Коркуп шору кайнады.
«Кызыталак бу наадан
Эмине деген бул адам?!
Ок-мылтыкты билбеген
Осол жандын бири го.
Жаракты жалпы билбеген,
Жаман жандын бири го.
Адамчылык билбеген,
Наадандардын бири го.
Айдаган жакка баралык,
Ар немеси бар болсо
Аңгарып көрүп алалык.
Алла Таала жар болсо
Азапка тирүү салалык!»

Абдылда менен Кутубий
Айдоосуна көнгөнү.
Алиги турган төрт жүзү
Атып муну сойбой – деп,
Алар жаман көргөнү.
Айдап жолго салганы,
А күнү кечке жол жүрүп,
Жыбырап жылдыз толгондо
Эл жатар маал болгондо
Мындай сонун көрбөгөн,
Бир капчыгай өрдөгөн,
Кирген жери бир жылга,
Киши барып көрбөгөн.
Даңгылы деген тоо экен,
Көз учкан бийик зоо экен,
Жылганын барган башы экен
Оозундагы койгону
Аз болгондо, каапырай,
Алты миң батман таш экен,
Үңкүрдүн оозун кептеген,
Азыркы жүргөн адамдын
Алты жүзү жабылса
Бошотууга алы жетпеген.
Булардын баарын токтолтуп
Эшикке коё салганы,
Эңкее түшүп бу ташты
Эшиктен тартып алганы,
Үтүрөңдөп үйүнөн
Бир катын чыга калганы.
Доңузга окшош башы бар,
Торала болгон чачы бар,
Көрсө кызык иши бар,
Арслandын тишиндей
Аркайган жаман тиши бар.
Тырмактары кез болгон,
Эмчеги тамдын мешиндей
Эки өгүздөй без болгон.
Таманынын жалкысы
Дарбазанын бетиндей,
Сыртында сары түгү бар
Өлгөн маймыл этиндей.
Согончоктун жарыгы
Кемегедей туурулган,
Кейпин көргөн адамдын
Заманасы куурулган.
Эрин көрсөң жанагы,
Чабдар атын октолтуп,
Төрт жүз барган кишини
Тосуп турду токтолтуп.
Катыны келип калганы,
Кудай билет бул иштин
Чыны кайсы, жалганы,
Он бирин бир кучактап,
Үңкүрдү көздөй барганы.
«Не да болсо көрдүм – деп,
Айдоосуна көндүм – деп,
Ажал жетсе Алдадан
Аргам недир, өлдүм» – деп,
Кыйынга өзүн салганы,
«Кызыталак Малгундун
Кылганын көрөйүнчү» – деп,
Кыргыздан чыккан Кутунай
Кылычын жалаң алганы,
Кызык үңкүр ташына,
Катындын келди кашына,
Ошо жолдо жүргөндүн
Салган экен бу каапыр
Акыр заман башына.
Ындыстандан Бээжинге
Үмүт кылса тутчу экен,
Ээлерин жутчу экен,
Малын-мүлкүн алчу экен,
Балаага минтип калчу экен.
Темирден кылган бир бурчак
Темир чынжыр көгөөнү,
Төртөө, бешөөн чогултса,

Жоондугу бир кучак,
Адамын ага салчу экен.
Агар алтын, ак күмүш
Дүнүйөсүн алчу экен.
Үңкүрүнүн төрүнө
Үйүп аны салчу экен.
Дагалактын журтунан
Дагы келсе алчу экен.
Тагдыр жеткен адамдар
Аа кезигип калчу экен.
Коросон журту барчу экен,
Кокус ага жолуккан
Кордук көрүп калчу экен.
Ыспакандан барчу экен.
Аа жолуккан адамдар
Ырысын жеп калчу экен.
Даңгулуктар барчу экен,
Аа жолуккан адамдар
Талкаланып калчу экен.
Көйүдөн адам барчу экен,
Көрүнгөндүн баарысы
Көрбөй үйүн калчу экен.
Кара-Кыш калкы барчу экен,
Капталгандын баарысы
Кайтып келбей калчу экен.
«Барса- келбес бу жол!» – деп,
Башка шаар баарысы
Жаман көрүп салчу экен.
Бээжин журту барчу экен,
Бетине келген бендеси
Бери бакпай калчу экен.
Көрүнгөндүн баарысын
Мээнетке мынча салчу экен.
Кошун барбайт, кол барбайт,
Кол башкарган зор барбайт.
Доотай барбайт, кан барбайт,
Жарактуу жүргөн жан барбайт.
Ошо жолдун өзүнө
Ойлонсоң жомок сөзүнө.
Кийик этин какташып,
Абдылда менен Кутунай
Ай-талаада жатканда
Көрүнгөн экен көзүнө,
Эртең менен бу каапыр
Келген экен жанагы
Мергендердин өзүнө.
Салуучу экен бул жолго
Соодагердин малдары,
Жолуккандын баарынын
Карып болуп алдары,
Колуна түшүп калчу экен,
Койдой айдап алчу экен.
Качкандарын бу каапыр
Кууп жетип тутчу экен,
Кийимин чечпей кишини
Бүтүн чайнап жутчу экен.
Тогуз жүз жылдан бер жакка
Тоону орун кылыптыр.
Жолуккандын баарысын
Шол өңдөнтүп кырыптыр.
Агар алтын, ак күмүш
Үңкүрүнө үйүптүр,
Шамчырак таш көөхарлар
Банардай болуп күйүп тур.
Башка дүйнө керексиз,
Шамчыракты, көөхарды
Жарыктыгын сүйүптүр.
Адамдүк деген бул экен,
Асили-жөнүн сурасаң
Ажынадан жалгашкан,
Дөгөл кытай мүйүздүү
Шол жактан чыккан кул экен.
Бири жашайт миң жылга,
Таамай миң жыл болгончо
Жалган жайга туру экен.
Аркы түбү жажуждан,

Наадандыгы бул экен.
Ындыстандан арытан
Үч жылдык жолдон келиптир,
Келгенде шаары билиптир:
Бир желмогуз өттү – деп,
Жазийра жакка кетти – деп.
Ошо бойдон токтолгон,
Аны мындай кылсак – деп,
Ойлонгон адам жок болгон,
Үч жүз он үч жыл болгон,
Кылган иши бул болгон.
Кутунай кирип барыптыр,
Жалаң кылыч колунда,
Жайын көрүп алыптыр.
Жан-жагына караса,
Токсон эки кишини,
Карагын кылган ишини,
Темирден кылган көгөнгө
Мойнунан байлап салыптыр,
Куржундун оозун тизгендей
Тизгинчиктеп алыптыр.
Алып барып аркы учун,
Алачык үйдөй бир ташка,
Таштын боорун тешиптир,
Жоон сандай темирди
Буруп-буруп эшиптир,
Өткөрүп алып ар жакка
Билектей самак салыптыр,
Бер жакта токсон кишини,
Кутукең көрдү ишини,
Көтөрүп кирген он бирди,
Артынан Кутубий кирди,
Көтөрүп барып он бирин
Бир чуңкурга салыптыр,
Салган жери таш челек,
Салып ийген кишиден
Түк көрүнбөй калыптыр.
Үч кулачтай бийиги
Дыйкан казган ороодой,
Кеңчилигин карасаң
Бир миң койдун короодой.
Он бирин ага салганы,
Ал чыкканча көрүнбөй,
Кутубий токтоп чуңкурга,
Көрүнбөй туруп алганы.
Эшигинин астына
Токтотуп койгон аларды.
Жана келип катыны,
Тобу менен дагы да
Он экини кармады.
Кыбыратып чабактай
Көтөрүп катын кеткени,
Кылыч, мылтык, бар жарак,
Баарысы менен көтөргөн
Күчү эмей неткени.
Жана чыгып бул кемпир
Мергендерге жеткени.
Ондон кармап көтөрүп
Ороо жакка кеткени.
Немесин койбой камаарга
Кутукең көзү жеткени.
Асынган мылтык Алмабаш
Кутукең алды ийнинен.
Кемпирдин басып кийнинен
Эшикке көзүн салыптыр.
Эл токтотуп эшикке,
Көзүн салып бул каапыр,
Катыны кирген тешикке
Бери карап калганы.
Бер жакта турган Кутубий
Бетине мылтык кармады.
Наадан иттин өзү – деп,
Акырайган көзү – деп,
Өзүн карап турганда
Кутубий маша ирмеди.
Чоргодой болгон кызыл чок,

Ойротто андай мерген жок,
Казанчыкка киргени,
Кой боорундай ажал ок
Как көзүнө тийгени.
Ооз оту жарк этип,
Мылтык үнү тарс этип,
Сур жоргонун үстүнөн
Кулады каапыр жалп этип.
Астындагы чабдар сур,
Аңгемесин карап тур,
Ээси аттан кулады,
Узунунан сулады,
Алиги аты чабдар сур
Эшикти көздөй чурады.
Эшикке кире берерде
Эр Абдылда бир атты,
Ок тийген жери омуроо
Зиркиреп канын чубуртту.
Үңкүрдөгү Кутубий
Башын үйгө саларда
Маңдайдан ары бир атты.
Маңдай сөөгүн талкалап,
Башын салган чабдар сур
Кайра качты чалкалап.
Эки ок тийсе өлбөстөн
Туягын жерге мылгытып,
Эшикте турган мергендин
Экөөн тиштеп ыргытып,
Ортосуна барганы,
Ошол атты бет алып,
Үч жүз мерген баарысы
Ок жаадырып салганы.
Окко уугуп чабдар ат
Окторулуп жөнөдү.
Жалгыз көзгө ок тийип,
Өлгөнүн көрдү ээсинин.
Тоо башына бет алып,
Токтолбостон качыптыр.
Ачылуу калган эшиги,
Катындын катсын кешиги,
Тарсылдаган эшиктен
Мылтык үнүн угуптур,
Отуз төрттү салып ороого,
Кайра чуркап чыгыптыр.
Оозго жакын барганы,
Айры шили тушу – деп,
Ажал огу ушу! – деп,
Куту акең мылтык кармады.
Мылтык тийди мойнуна,
Карап көргүн ойнуна.
Эшикке чыгып алыптыр,
Эшиктеги тургандар
Качып берди дүргүшүп,
Бөрү тийген кой өңдүү
Бет-бетине үркүшүп.
Шилисинен ок тийип,
Шилтей албай аягын
Турганына карагын.
Мергендер мылтык алыптыр,
Бет-бетинен баарысы
Шыкаалашып калыптыр.
Ал ошенткен убакта
Өлүп жаткан эринин
Өзүн көрө салыптыр.
Не болду? – деп, жүгүрүп,
Эрине жетип барыптыр.
Төрт жүзгө жакын мергени
Эрине жакын барганда
Туш-туштан окту бергени.
Мергендерден ок жетти,
Жасайыл аткан топ жетти.
Куу катындан жан кетти.
Жалгыз көздөн ок тийип,
Жаткан экен эри өлүп,
Жайын тапты бул экөө
Акыретке жөнөлүп.

Өлгөндөрүн көргөнү,
Өзүң көргөн мергендер
Үңкүрдү көздөй жөнөдү.
Токсон эки адамды
Көгөөнүнөн бошотуп,
Соо-саламат алганы.
Шол адамдар буркурап,
Тирүү жаны калганга
Тим ыйлады чуркурап.
Кайсысы болгон эки жыл,
Кайсысы болгон жети жыл.
Мылтык деген жарагың.
Мыктылыгын карагын!
Бул мылтыгы болбосо,
Мындан көптүн баарысын
Чыгарган эмес дарегин.
Абалында Куту акең
Алмабаш менен бир атып,
Чыгарган көздүн карегин.
Абдылда менен Кутубий
Аңтарды үңкүр ичини.
Аз болгондо үңкүрдө
Алты жүз төөлүк мал экен.
Айта берсе улуу сөз
Атаңардын жомогу,
Аңгемеси бар экен.
Анын баарын токтоткон
Адамдык деген кар экен.
Чырак алып колуна,
Ажы Абдылда, Кутубий
Колду ээрчитип соңуна,
Эч бир тешик койбостон,
Аралап жүрүп аңтарды.
Алтын, күмүш, асыл бул
Алардын баарын алганы,
Аңгырап үңкүр калганы.
Орго салган он төртүн
Олорду аман алыптыр.
Ороого кирген байкуштар
Орою чочуп калыптыр.
Тышка чыгып караса,
Эрди-катын сулайып,
Өлүп жатыр булайып.
Токсон эки адамзат
Баары турган муңайып.
Кимсиңер? – деп, сурады,
Билдирмекке жайы-күйүн,
Бирден айтып чуулады.
Бири барган Тарсадан,
Минтип алар чарчаган.
Бир-экөөсү жөөттөн,
Минтип жүрүп көбөйткөн.
Бир мынчасы индүдөн,
Үңкүр ичи үйүлгөн.
Жалпы турган баарысы
Жан калды! – деп, сүйүнгөн.
Бир-экөө бар шыгайдан,
Жүрөк коркуп сыйбаган.
Сегиз экен кытайдан,
Жеген экен далай жан.
Канчасы бар калмактан,
Он экиси сарт урук,
Ушунчанын баарысын
Ойрон кылган кутуруп.
Абдылда ажы, Кутубий
Алардан келип кеп сурайт:
«Аңгемесин айтыңар,
Не көрдүңөр?» – деп, сурайт.
«Кербен элек соодагер,
Келген жандар туш-туштан.
Билбей келип калганды,
Күн батыш жагы үч күндүк,
Күн чыгыш жагы эки күн,
Шымал жагы эки күн,
Жануб жагы бир күндүк,
Жана жарым түшчүлүк,

Ушул жерге келгенде
Караңгыда от жакса,
Кадеми катып калчу экен,
Кайсы жерде жылт этсе,
Как ошо жерге барчу экен.
Капылет келип кербендер
Билбестен отту жакчу экен.
Чыгып үңкүр башына,
Соңкойгон соока ташына,
Чыгып алып бу каапыр,
Тегерекке бакчу экен.
Жылт эткен отту көрчү экен.
Ар канча кербен болсо да
Бу каапырга көнчү экен.
Айдап келип калчу экен,
Айдап келип үңкүргө
Баарын солоп салчу экен.
Күндүгүнө төрт киши
Өлтүрбөй тирүү кармаган,
Эки колун байлаган.
Түрлүү сонун иши бар,
Эки кулач төш жары
Темирден кылган шиши бар.
Кайдан алган билбейбиз,
Кармаганда адамды
Карап көзгө илбейбиз.
Көргүбүз келбей аларды,
Көздү жуумп турабыз,
Биз да ошондой болобуз – деп,
Эки көздү жумабыз.
Чыркыраган добушун
Укканда акыл калбаган,
Ыйлап-сыктап жалынса,
Үнүнө кулак салбаган.
Узунунан жыкчу эле,
Эки ача темир шиш менен
Таманынан тыкчу эле,
Эки ийнинен короюп,
Темир шиш учу чыкчу эле.
Төө белиндей дөңгөчтөн
Үйдөй отту жакчу эле,
Жалдыратып типтирүү,
Отту көздөй бакчу эле.
Ар канча асыл кийимди
Ажат эмес алууга,
Алып барып отко салчу эле,
Кийими күйүп калчу эле.
Чала-була куйкалап,
Бир адамды төрт бөлүп,
Оту жанат өрттөнүп,
Оозуна төрт салчу эле.
Жана бирин ошондой
Семизден тандап алчу эле.
Арыгы аман калчу эле,
Алигидей салчу эле.
Күндүгүнө төрт киши
Корек кылга койчу эле,
Эки жарым кишиге
Чала-була тойчу эле.
Катыны жеп жармысын,
Катыны кармап бирөөнү,
Тандап туруп сойчу эле.
Чак түштө келип бул экөө
Эрди катын болчу эле.
Бир чыкканда түшпөстөн,
Отуз, жыйырма кылчу эле,
Катынынын напсиси
Андан кийин тынчу эле.
Уктаганда коңурук
Күндөн бетер күркүрөп,
Үңкүрдү каран кылчу эле.
Уктаймын деп жатканда
Жалгыз көзүн жумчу эле,
Эки аягын сунчу эле.
Ал уктаган эмес, жалганы
Уюп жатып калганы.

Уктаганда көзүнү,
Аңдып көрдүк өзүнү,
Жалгыз көзү жаркырап,
Абадагы жылдыздай
Ачылып алып баркырап,
Коңуругу күркүрөп,
Көргөндүн бою дүркүрөп,
Ооздон суусу чачылып,
Акырайып жалгыз көз,
Табактай болуп ачылып,
Ошондо уктап калчу эле.
Бери болсо бу каапыр
Эки түнү, үч күнү
Беш күн уктап калчу эле.
Катыны туруп ойготуп,
Калабаны салчу эле.
Катарлап жаткан адамдан
Тандап кармап алчу эле,
Шилиден кармап өткөндө
Эсепсиз ооруп калчу эле.
Тандап барып төртөөнү
Жанагыдай сойчу эле,
Үйдөй болгон чоң ташты
Оозуна кептеп койчу эле.
Чыгар бизде шайман жок,
Эшикке жакын барганды
Эсе кармап алчу эле,
Аны алпарып жанагы
Таш ороого салчу эле.
Билбейбиз кандай кылганын,
Түндө чыгып кетчү эле,
Эртеңки шашке түш ченде
Элүү, кырктан кишини
Айдап алып жетчү эле.
Алды каткыр алар да
Биздей болуп калчу эле.
Малы-мүлкүн баарысын
Үңкүргө үйүп салчу эле.
Көрдүк эле көзүбүз,
Көбүңө ушу сөзүбүз,
Адамды тамак кылганын
Анык көрдү көзүбүз.
Билбейбиз кандай кылганын,
Минген атын, көлүгүн
Кайда алпарып кырганын,
Же болбосо бир жерге
Жайып айдап жиберип,
Жапан болуп турганын.
Жети жыл болгон бирөөсү
Жеке келип сүйлөдү:
Жазийранын жеринен
Аңдабай түшүп калыпмын,
Азып элден адашып,
Итаалы калкка барыпмын.
Иришип жүрүп төрт жылда
Андан чыктым кутулуп,
Эргежээли калкына
Эки жыл жүрдүм тутулуп,
Итаалынын калкынан
Төрт жыл алдым оорунду,
Төгөрөктү аралап,
Андан көрдүм сонунду.
Адашып жүрүп эл таппай
Алтымыш күнү ач жүрдүм.
Анык өлдүм мен – дедим,
Ачкалыктын зарпынан
Кезиккенди мен жедим.
Кескелдирик, жыланды
Кесип жедим буларды,
Топурак менен суу ичтим,
Өлсөмбү – деп, уу ичтим.
Уу дегеним дары экен,
Ушунча күнүм бар экен.
Алдымдан көрдүм ак тоону,
Акылымда ойлодум
Аманат жанды сактоону.

Тоолуу жерде эл болор,
Эл болбосо не болор.
Муну ойлонуп алганым,
Муунум кеткен мен байкуш
Эки күнү, үч түнү
Эсим кетип, жөө басып,
Эл таппай өлө жазганым,
Тоону көздөй бет алып
Эсеп кылсам беш күнү
Тоону карай баскамын.
Жакын келип карасам
Жайылып жүргөн мал көрдүм,
Жанында жүргөн жан көрдүм,
Ал жандарды таң көрдүм.
Көз карашы адамдай,
Көркүн көрсө итке окшош,
Коюн көрсөм баары түрк
Козусун көрсөм баары ирик,
Койдун ээсин көрсөм ит.
Айдап коюн үркүтүп,
Айылын көздөй дүргүтүп,
Айдап алып жөнөлдү.
Эки миң беш жүз кой экен,
Койлуу жерлер той экен.
Аркасынан мен келдим,
Ай, аста басып сенделдим,
Аппак жапкан үйү бар,
Аңгемелүү бул сөзүм
Акылыңа түйүп ал.
Үйгө жакын барганда,
Не көрбөдүм жалганда,
Кой ээрчиген коңур ит
Үйгө кирип калганда
Тал чыбыктай буралган,
Күндөй жүзү нурданган,
Кара чачы жибектей,
Ар тарапка чубалган,
Адам көрсө кубанган,
Кумурскадай бели бар,
Кулпунган кара чачы бар,
Кыйган кара кашы бар,
Оймок ооз, калем каш,
Оронгону чылк жибек
Бир кыз чыгып калганы.
Колундагы бир наны
Жаргылчактын бетиндей,
Кармаган бойдон келгени,
Как өзүмө бергени.
Кой четинде олтурдум,
Аянбай жеп болтурдум,
Нанга курсак толтуруп,
Жаман катуу чөлдөдүм,
Эки жакты карасам,
Суудан неме көрбөдүм.
Суу сурасам экен – деп,
Үйгө басып жөнөдүм.
Эшигинде бир ити
Үрүп калды арсылдап,
Үйүндөгү бир катын
Жүгүрүп чыкты тарсылдап.
Чык-чык! – деди итини,
Эшик ачты киргин – деп,
Чын сонун көрдүм ишини,
Үйгө кирдим, көрбөдүм
Бизге окшогон кишини.
Атилес көрпө салыптыр,
Сере кундуз кармаган
Кара козу көрпөсү.
Карап турсам төшөнчү
Шырдак окшойт өлчөөсү.
Башына мамык коюптур,
Кол-аягын чоюптур,
Катыны бар кашында,
Мамык жаздык башында,
Касиеттеп бир итти
Койгон экен ошондо.

Кирдим үйгө сүйрөлүп,
Мен келгенде коңкулдап,
Ит үргөндөй сүйлөнүп,
Каңк-маңк этип алганы,
Катын тура калганы.
«Кайдан жүрсүң, байкуш?» – деп,
Сөзүн сурай салганы.
Көргөнүм айттым минүттө.
Көрүп турмун бир итти,
Сурады катын көп кепти,
Көргөнүмдү сүйлөдүм.
Ар сөөлөтүн көргөн соң
Абдан чочуп сүйлөдүм.
Дөбөт ит койду мыңк этип,
Күңгүрөндү кыңк этип,
Олтурган катын кыз менен
Эшикке чыкты лып этип,
Кой четине барганы,
Бир козуну кармады.
«Саңоо-саңоо-саңоо» – деп
Катын айгай салганы.
Айланасы короодо
Алты үйлүү киши бар,
Андан келди бир келин,
Бууган экен бек белин,
Кындай белин байлаган,
Кыргыйдай көзү жайнаган,
Эринин кесе чайнаган,
Толтосун көрсөң карк алтын
Колуна бычак кармаган,
Козу турат маараган,
Коногуңуз бубу? – деп,
Келин мени караган.
Соёт экен мени – деп,
Акыл менде калбаган.
Кайта басып козуну
Алиги келин кармаган.
Келин сойду козуну,
Көрүп турдум ошону.
Ачып көздү жумганча
Козуну келин сойгону,
Казан жууп, суу куюп,
Тулга асып койгону.
Сүйлөгөнүн карасаң,
Араб эмес, барс эмес,
Жөөт эмес, тарса эмес,
Кытай эмес, ынды эмес,
Калмак, орус деги эмес,
Жетимиш эки бурка тил
Эч бирөөнө эп эмес,
Түркү тил экен тилдери,
Түк койбой бакырың билгени.
Сиздердин түркү тилиңиз
Түбү терең тил экен,
Түк койбостон билиңиз.
Түркү тилдин ичинде
Түбү кыргыз зилиңиз.
Кыпчак, кыргыз бир тууган
Асилиңди билиңиз.
Козуну ылдам сойгону,
Казанга салып койгону.
Бачымыраак бышырды,
Мис чарага түшүрдү.
Тазалап табак алганы,
Баш, жамбашын жасады.
Дасторкону асылдан,
Мага табак тартылган.
Эч канчасын жей албай,
Эттин көбү артылган,
Жылдырып койдум кайтадан.
Табакты колуна алганы,
Оозуна чымчып салбады.
Айтайын көргөн сөзүмдү,
Арамсынтып өзүмдү
Табакты колуна алганы,
Чакырды эле ит кирди,

Ит аякка салганы.
Аӊкап анык суусадым,
Көзүм суугa өткөнү.
Суудан берсеӊ экен – деп,
Талап кылдым тепеӊдеп.
Айтканымды укканы,
Алиги келин чыкканы,
Алып келип аякка,
Бир кызыл сууну тутканы.
Бакырыӊ алып ошондо
Аянбай бир жутканы.
Шекер эмес, бал эмес,
Асыл шербет ал эмес,
Адам болуп жүргөнү
Өзүм көргөн даам эмес.
Ичип жутуп тойгомун,
Аягын берип койгомун,
Ачтан өлбөй калдым – деп,
Акылымда ойлодум.
Акылым качты, аз болду,
Асман-жерлер айланды.
Алсырадым мас болуп,
Жыгылар жерге жеткеним,
Тула боюм суу болуп,
Көшүлүп тердеп кеткеним.
Бая төшөктө жаткан дөбөтү
Жүзүмө менин карады.
Катынды көздөй мыӊкылдап,
Башын жаӊдап салганы.
Барча жууркан, бир мамык
Ала-була бир кийиз
Алган бойдон жөнөдү.
Салды короо четине,
Мен бакырды карасам,
Тер жуулду бетиме,
Төшөккө жатып уктадым.
Жатыпмын уктап нес болуп,
Бир маАлла ойгонсом
Калган экен кеч болуп.
Кайра турдум сенделип,
Катын келди кашыма,
Кара көрпө тебетей,
Кийгизди менин башыма.
Көйнөк, дамбал калбаган,
Тентип жүрүп мен кургур,
Кийимдин баарын жалмаган,
Чарыгым жок бутумда,
Жылаӊ аяк жол басып,
Минтип шорум кайнаган.
Чапан, көйнөк, тон берди,
Булгаары эмес, бир башка,
Бир өтүктү ал берди.
«Кетсеӊмына жолуӊ–деп,
Өзүӊ, аман-эсен болгун!» – деп,
Эркиме мени коё берди.
Айттым шондо ушуну,
Актайын – деп тузуну,
Алты күнгө, беш күнгө
Аял кылсам экен – деп,
Андан кийин кетсем – деп,
Айттым эле катынга,
Катын байга карады,
Каӊк-куӊк этип катын да
Байына айтып салганы.
Мейли деген өӊдөнүп,
Башын ийкеп калганы.
Эртеӊ менен да туруп
Башка үйдөгү күрөӊ ит
Дагы койду айдады.
А күнү жаттым, кечинде
Башка үйдөгү бирөөсү
Дагы бир козу сойгону.
Баягыдай коноктоп,
Биз бакырды койгону.
Аны менен кетпедим,
Алты күнү токтолдум,

Жетинчи күн болгондо
Таяк алып колума,
Чыктым байдын коюна.
Кой кайтарчу итини
Кылып ал деп ишиңи
Айтып муну салганым.
Айдаган койго кошулуп,
Койго жөнөп калганым.
Коңур ит койду каңк этип,
Бая мурунку байдын катыны
Үйдөн чыкты жалт этип.
Не дейсиң – деп, бакыр – деп,
Оюңдагы жумушуң
Айтып билдир акыр? – деп,
Катын менден сурады,
Каршы алдымда турганы.
Анда туруп мен айттым,
Акыл ойлоп көп айттым:
«Өлүк эмес, тирүү элем,
Өзүмө өлчөп карасам,
Өлгөн жандын бири элем.
Амал алдым сиздерден,
Кылар кызмат бар болсо
Аябагын биздерден.
Кайтарайын коюңду,
Каталыкты кылат – деп,
Айлантпаңыз оюңду.
Эки жылы, бир жылы
Эркин кызмат кылайын.
Адам уулу кайда экен,
Аңдап аны угайын.
Эби болсо сиздерге
Эки-үч айга турайын.
Катынга муну айтканым,
Катын мени жетелеп,
Үйүн көздөй кайтканы.
Кирдим байдын үйүнө,
Кайдан койго чыктым – деп,
Бардым мен да күйүнө.
Олтур – деди өзүмдү,
Ошо күндө мен дагы
Байга салдым көзүмдү.
Катын турду каңк этип,
Бай карады жалт этип.
Каңк-каңк этип катыны,
Байга көзүн салганы.
Бай ошондо көбүрөөк
Каңк-куңк этип калганы.
Көбүрөөк үрдү бу байы,
Аш бышымдай токтолду.
Катын бакты мен жакка,
Кулак тоздум кеп жакка.
Мага катын кеп айтты,
Байдын сөзү деп айтты.
Адам уулу сенделип,
Анда-мында келчү экен,
Ачка келдим дечү экен,
Аш-тамактан жечү экен,
Арамдык кылбайм дечү экен.
«Тоюнуп алып толгондо,
Өзү тыңып болгондо,
Биздин элдин баарынын,
Көрүп турсуң арбынын,
Катыны адам, эркеги ит,
Кабыланга карайбыз.
Канча түмөн эли көп,
Жыл маалында жыйылтып
Эсеп алып санайбыз.
Азып-тозуп адамдар
Мында келип жүрүүчү,
Ал адамды көргөндө
Катын-кыздын баарысы.
Ойномокту сүйүүчү.
Ойноп ойну кануучу,
Ойноп ойну канган соң
Ойрон кылып салуучу,

Көңүлдөшкөн бирөөнү
Алып качып калуучу.
Качкан өзү тим качпай,
Үйдө болсо канча мүлк,
Аз болгондо алты атка
Аларын жүктөп алуучу.
Куткарбай турган иттер бар,
Кууп аны жетүүчү,
Бир нерсени таштаса,
Тиштеп алып кетүүчү.
Үйгө коюп салуучу,
Кайра кууп калуучу,
Жана кууп жеткенде
Дагы бирөөн салуучу.
Аны тиштеп бирөөсү,
Кайра кетип калуучу.
Мурунтадан адамдын
Бизге кыла турган иши ушул.
Сен да ошонун бирисиң,
Сенделип мында жүрүсүң.
Катынымбы, кызымбы
Кадырлашып аласың,
Же калкымдагы элимден
Кара көз сулуу келинден
Алып качып каларсың,
Калбага мени саларсың.
Андай болсо токтолгун
Акимге кабар салайын,
Улуктарга угузуп,
Буйругун көрүп алайын».
Муну айтып салганы,
Катын чыгып калганы.
Каңк этип катын койгондо
Шыптай болгон куйругу,
Катыны адам, эркеги ит,
Кудуреттин буйругу.
Адам уулу барсыңар
Алдага жетсин арзыңар,
Аларга окшош кылбаптыр,
Дагы барбы дартыңар?!
Адамды адам таанышат,
Бир ургаачы, бир эркек,
Сулуусунган кыз-келин,
Өзү алган жарын чанышат,
Арзып барып бирөөгө,
Арамдыкка жабышат,
Итке катын кылбаган
Жараткан жалгыз Алдасын
Эсинен жоюп салышат.
Катыны адам, эркеги ит
Карап турган калайык
Кантип чыдап калышат?
Жүрбөйсүздөр бу жайга
Адамга адам кошулган,
Шүгүр кылып кудайга.
Он бир күнү токтолуп,
Конок болдум бу байга,
Өлбөй тирүү калдым – деп,
Шүгүр кылдым кудайга.
Он бир күн тамам болгону,
Жан-жагымды карасам,
Жайнаган көп ит толгону.
Шыпылдаган кер тайган
Байдын келди үйүнө.
Бай ордунан турду эле
Тайганды көрүп түйүлүп.
Катынга койду каңк этип,
Катын чыкты эшикке
Чакырганда заңк этип.
Бая кой сойгон келин келгени,
Колумдан кармап алганы,
Күн түштүккө бет алып,
Алып жөнөп калганы.
Бара жатсак жолумда
Ээр токум жайлаган,
Эки жорго туруптур

Ээликтирип байлаган.
Бирин мага мингизди,
Бирин келин мингени.
Бизди ээрчиткен кер тайган
Анда-санда бир тийип,
Адыр ашып чуркады.
Жоргонун оозун коё берип,
Ак көбүгү бурады.
Билбедим канча кеткенин,
Бир күн, бир түн жол жүрүп,
Эртең, шашке маАлла
Ак ордо үйгө жеткеним.
Үйдүн жанын карасам
Аюудай жүнү апсайып,
Айнектей көзү чакчайып,
Кулак жүнү бир кездей
Жерде жатыр сапсайып,
Түпөк өңдүү куйругу,
Мени мындай көргөзгөн
Кудуреттин буйругу,
Жан-жагына карасаң
Жайнап жаткан көп иттер.
Эсеп жеткис көп экен,
Эки жагын карасам,
Көйкөлгөн бычан чөп экен.
Ак ордо үйдүн астында
Арыкта аккан суусу бар,
Алтын айчык туусу бар,
Түмөндөгөн көп итти
Түрүн көрүп таң болдум.
Эшикке жакын барганда
Эки атты таштап салганы,
Ээрчитип алып бу келин
Ак сарай үйгө барганы.
Ача салып эшикти
Киргин – деди өзүмдү.
Кирген жерде мен байкуш
Төргө салдым көзүмдү.
Төргө салсам көзүмдү
Төр жагында комдонгон
Төөдөй-төөдөй тайгандар
Төгөрөктөп калыптыр,
Айбаты бар жүзүндө,
Алтын такта үстүндө,
Көкүрөгү жолборстой,
Көчүк жагы тайгандай,
Ийилген узун куйругу,
Мындай жанды жараткан
Бир кудайдын буйругу,
Моюн жүнүн карасам
Боло турган бир кулач,
Ар тырмагын карасам
Албарс, болот, курч бычак.
Моюн жүндөн болжосом,
Чачы кыска көрүнөт,
Тал-тал болуп бир-бирден
Көздү көздөй төгүлөт.
Оозу, мурду аюудай
Олтур – деди айбынбай.
Алакандай көзү бар,
Айбаты катуу өзү бар,
Адам эмес, жин эмес,
Күңгүрөңкү сөзү бар.
Ай-талаада жолукса
Адам уулу көргүдөй,
Ар канча баатыр болсо да
Жүрөгү чыгып өлгүдөй.
Күзгүдөй жүзү жайнаган,
Көргөндүн шору кайнаган.
Сары алтындан сабы бар,
Албарстан тарткан табы бар,
Узундугун карасам
Кулач ашык көрүнөт,
Көргөндүн көөнү бөлүнөт,
Кылычын кармап колуна,
Кылчайып койду соңуна.

Арт жагынан бир катын
Башын артып эрине,
Олтурду келип оңуна.
Ою терең, адамдар
Барбы, жокпу билбеймин,
Байкап көргүн соңуна.
Сүйлөнүп келген катыны
Дүнүйөдө ургаачы
А окшобойт акыры.
Кашы кара көл өңдүү,
Жарыктыгы өңүнүн
Шашкедеги күн өңдүү.
Алтын таажы башында,
Олтурду кандын кашында.
Билериги зумурат,
Көргөндүн көзү жумулат.
Бага албадым жүзүнө,
Көз уялган түзүнө.
Колунда муун көрүнбөйт,
Сүйөндү келип эрине,
Ары-бери оонаса,
Ажырап андан бөлүнбөйт.
Көөхардай көзү жайнаган,
Көргөндүн эси калбаган,
Эртеңден-кечке тиктесең,
Эч жерде моокум канбаган.
Арманым калды, дартым зор,
Арылбаган менде шор,
Шорум эмей неткеним,
Көрүп туруп катынды
Акылым баштан кеткеним.
Бехуш болуп алыпмын,
Бет алдымдан жыгылып,
Талып түшүп калыпмын.
Арман эмей неткеним,
Аягы кандай экенин,
Аңдап көрбөй кеткеним.
Агер аягы бизге окшосо
Жалгандагы ургаачы
Ага кыйын жетмеги.
Мен бакыр талып калыптыр,
Бечараны тургуз – деп,
Беги буйруп салыптыр.
Бая мен ээрчиткен келинчек
Келип сууну сээптир.
Ачтым анан көзүмдү,
Жыйыптырмын эсимди.
Андан кийин сурады,
Уккан-көргөн сөзүмдү.
Айтып бердим көргөнүм,
Ажал жоктон өлбөдүм.
Конгун – деди, жаткырды,
Конок ашын карасам
Бал балоону таттырды.
Бир убакта карасам
Келсин –деди чакырды.
Көк сур келген чүпүрөк
Оң колумду алып барып
Ортосуна бастырды.
Кол бойдон колум калганы,
Мөөр баскан эмедей
Тамга түшүп калганы.
Кайткын эми, кеткин – деп,
Жооп берип салганы.
Баштады келин өзүмдү,
Байкаңар сонун сөзүмдү.
Жолдо келин азгырып,
Жоботту менин өзүмдү,
Катылгын – деп асылды,
Катыларга шайым жок,
Бая кадимки жабдык басылды,
Тура албай көтүм калганы.
Шондо келин кеп айтты!
«Мен эшикте калдым – деп,
Чакырып сени киргенде
Эмне кылып салды?» – деп,

Сурады келин сөзүмдү.
Көк сур келген чүпүрөк
Оң колумду бастырып,
Ордуна тагы калды – деп,
Ошондо келин башын чайкады,
Жети жылга жеткенче
Сенин ишиң болбой калды – деп.
А бойдон келин тим болду,
Армандуу мендей ким болду.
Эртеси катын кеп айтты,
Таякты берди колума,
Салды койдун соңуна,
Келгендей болуп кубандым
Абыдан ишим оңуна.
Ошо бойдон токтолдум,
Кечигип калсам жоктолдум.
Үч жыл жүрдүм үйүндө,
Келин айткан жети жыл
Көкүрөккө түйүлдү.
Үч жыл өттү арадан,
Мендей мээнет көрбөсүн
Бу дүйнөдө ар адам,
Бир күнү туруп бай мени
Жүзүмө менин караган.
Карап туруп каңк этти,
Катын көзүн салганы,
Кайгырды сага бай – деди,
Байдан уккун жай – деди.
Олтурдум келип кашына,
Эл-журтунду сагынган
Койнум толду жашыма.
Жарым билем тилини,
Катын айтып билдирди.
Адам уулу сен – деди,
Ажыс болгон мен – деди.
Көтөрбөйт биздин элибиз
Көтөргөн болсо элибиз
Көп жарашты бейлибиз,
Берип жалгыз кызымды,
Бала кылып бул жерге
Күтөр элем өзүңдү,
Көп болгондо ушу калк
Өлтүрөр эле өзүмдү.
Айтайын анык сөзүмдү,
Эгер тирүү койбойт да
Андан кийин өзүңдү.
Дагы өлтүрүп салар да,
Адам уулу сен болсоң,
Убалы мага калар да.
Ойлоп турмун ушуну.
Ошо иши болбосо
Оңдоор элем ишиңди.
Эми, балам, көп жүрбө,
Узатайын өзүңдү,
Уккун айткан сөзүмдү.
Өзүң минген жорголор
Мал жакшысы шол болор,
Жана төрт ат кошоюн,
Алты ат менден алыңыз.
Айылың, жериң не жерде,
Тура албайсың бул жерге,
Адам уулун тапкын – деп,
Аркайган тоо, аккан суу,
Аны көздөй бар – деди.
Адам уулу табылар,
Адашкан эстен жаңылар».
Аны айтып байыбыз,
Алты күнү жамдады,
Азык-түлүк камдады.
Алты атты мага мингизди,
Аябай кийим кийгизди.
Жетигенди көргөзүп,
Түндө жолго киргизди.
Ошону менен жол жүрдүм,
Төрт ай тамам мол жүрдүм.
Аттарым өлдү арада,

Аты-тондон айрылып,
Отуз күнү жол бастым,
Өлө жаздым арада,
Энди өлгөн экемин – деп,
Ойлонгондо санаага
Жана келип кезиктим,
Көз учкан жазык талаага,
Шол талаадан өтө албай,
Жолуктум мындай балаага.
Ачка жүрүп, жылаңач
Азып келген мен байкуш
Бир топ караны айдаган,
Билбей шорум кайнаган,
Соодагер – деп, кербен – деп,
Сонун жактан келген – деп,
Тамак болсо берер – деп,
Жетип бардым телпеңдеп.
Жетип келип карасам
Он төрт экен соодагер,
Мени көрүп кургур дээр.
Мунарадай бою бар,
Мунун кебин коюңар,
Маңдайда жалгыз көзү бар,
Бу каапырдын өзү бар,
Соодагерлер балыктык,
Сонун ишке жолуктук.
Мени кошо айдады,
Алып келип үңкүргө,
Көгөөнүнө байлады.
Семизинин баарысын
Төрттөн союп жайлаган,
Арылбаган шорум көп,
Абыдан шорум кайнаган.
Соодагердин азыгы
Үңкүр ичи жайнаган.
Ал тамактан түк албайт,
Оозуна бир салбайт.
Эртели-кечти эки убак
Каптын оозун сөкчү эле,
Койго берген жем өңдүү
Алдыбызга төкчү эле.
Тазалалуу жерибиз,
Байлануубуз тептегиз.
Күнү-түндө суу берет,
Кордукту мындай ким көрөт?!
Нак ушу жерге келгени
Алты жарым жыл болду,
Алмадай мойнум кыл болду,
Акырында сиздерди
Көргөндөгүм бул болду».
Аны айтып Жайнак салганы,
Абдылда менен Кутубий
Айран-азыр калганы.
Келгени төрт жүз мергени
Илая шүгүр дегени.
Токсон эки мында бар,
Беш жүзгө саны толгону,
Ажайып иш тыңдаңар.
Чабдар ат кетти тоо жакка,
Өрдөп узун коо жакка.
Абдылда ажы, Кутубий
Алтымыш мерген алышты,
Артынан издеп барышты.
Аз жерге барып сур жорго
Өлгөн экен бу жолго
Аты жолго өлүптүр,
Өлгөнүн көзү көрүптүр.
Ат өлгөн коону бет алып,
Абдылда баатыр жөнөгөн.
Барып-барып бу кокту
Улуу тоого жөлөнгөн.
Бир жагы кайкаң бел экен,
Эки жагын таш кыскан,
Тар капчыгай жер экен.
Секиртмек кыйын таш экен,
Аржагын өтүп караса

Кеңейип кеткен жазы экен.
Жайылып жүргөн малдар бар,
Жатып конкон жандар бар.
Аңдып келип караса
Үч жүз сексен эшек бар,
Кырк алты деп айтылат,
Келишимдүү качырдан
Кырк алты деп эсеп бар.
Үч жүз он төрт төөсү бар,
Баарысынын байкасам,
Үңкүрдө өлгөн ээси бар.
Төрт жүз жетимиш аты бар,
Ээсинин баарысын
Кырып-союп жеп алган
Жалгыз көздүү каркыбар.
Ажы Абдылда, Кутубий
Айдап жыйып алыптыр.
Ал экөөнүн жолдошу
Алтымыш мерген барыптыр.
Айдап алып чогултуп,
Алиги ташка барыптыр,
Качыр, эшек өкүртүп,
Таш кыядан секиртип,
Айдап өтүп алыптыр.
Сур жорго өлгөн коо алды,
Айдап алып малдарды,
Аман көрүп баягы
Беш жүз жолдош аларды.
Токсон эки жөө жаткан
Тандап атты кармашып,
Эбактан бери жыйылган
Ээр-токум тандашып,
Жайнагын бери келгин – деп,
Жанына алды ажыңыз.
Төө, качыр, эшегин
Санап алды эсебин.
Үңкүрдөгү дүнүйө
Үйүп-жыйып алышты,
Эшек менен төөсүнө
Неме койбой артышып,
Аспиянды бет алып,
Алла – деп жолго тартышып,
Арада үч күн жол жүрүп,
Аткан кийик этине
Алар келип калганы.
Өлгөн кийик эттерин
Көлүккө артып салганы.
Аспанда жаткан аскерге,
Алты жарым күн болду,
Аман келип калганы.
Көз көрбөгөн дүнүйө
Көптү булар алыптыр.
Көп алдына алып барып
Олжо, муну алгын – деп,
Ортосуна салыптыр,
Анык кутман экен! – деп,
Андан кийин Кутакең
Кутубий болуп калыптыр.
Аны таштап салыңыз,
Эки жүз мерген дагы жок
Эсебин угуп алыңыз.
Ажыбай менен Кутубий
Ал экөөнөн бөлүнүп,
Адырга чыкса мергендер
Айдаган миң жылкыдай
Арбын кулан көрүнүп,
Куландарды бет алып,
Кубалап мерген барыптыр.
Үрккөн бойдон куландар
Ашаруу деген чөл жакка
Үркүп кетип калыптыр.
Ашаруунун чөлүнүн
Күн жүрүшү Бышаур,
Күн батышы Жамсабыр.
Ары жагы Аспаны
Аңдап көргүн сен аны,

Түштүгү Канжыт коо болгон,
Уюган чаңы калганы,
Эл карасы көрүнбөйт,
Эми кулан токтоор – деп,
Эки жүз мерген барганы.
Асты жагын караса,
Жүз элүүдөй төө көрдү.
Төөсү бар, элин табабыз.
Аз коңулчу эл болсо,
Амандык бербей чабабыз!
Муну ойлонуп мергени
Төөгө жакын келгени.
Төөнү кудай урду эле,
Мерген жакын барганда
Тегеренип турду эле.
Байлагандай байланып,
Мерген жакын барганча
Бир орунда айланып,
Тегеренип турганы,
Мергендер жакын калганда
Төөнү кудай урганы,
Шымал жакка бет алып,
Тарбаңдады, чурады.
Ушу кандай төөлөр – деп,
Таң калып мерген турады.
Үйүн көздөй качкандыр,
Аркасынан чабалык,
Айылы болсо табалык.
Артынан мерген чапкылап,
Алар жолго салыптыр,
Алар жапан төө экен,
Үркүп, качып кетип калыптыр.
Бул жапайы төө го – деп,
Мергендер айтып салыптыр.
Төө артынан жетелик,
Эч бир кийик атпастан
Куру кантип кетелик.
Төөнүн кеткен жагы бар,
Түштүгүнө бет алып
Качкан төө артынан
Мергендер жүргөн чагы бар.
Кужулдашып сүйлөшүп,
Суусу таңкыс, жери кең,
Эгер аккан суу болсо
Телегейи тең экен.
Мергендер жолго салганы,
Бери жагынан төө чыкты,
Төөнү көздөй бет алып
Токтолбой жүрүп калганы.
Адыр, адыр тоосу бар,
Ар жак менен бери жагы
Ат чабым жазык коосу бар.
Суу акпаган сайы бар,
Алтыгана, күйрөктүн
Абыдан алган жайы бар.
Терскен менен коңурчак,
Ажырыктын баары бар.
Ар бир, ар бир караган,
Ай-талаанын баарына
Жылгын, талы токою
Жер үстүнө тараган.
Адам айдап жеткендей,
Айдап ийсе миң жылкы
Түк көрүнбөй кеткендей.
Качкан төөлөр билинбей,
Караса көзгө илинбей,
Кайып болуп калыптыр.
Кайда кетти булар? – деп,
Мергендер көзүн салыптыр.
Жүрүп-жүрүп мергендер,
Түн кирген соң конуптур,
Ондон-ондон бөлүнүп,
Жыйырма кош болуптур.
Жан казанын асышып,
Жан-жагына басышып,
Аттарын отко коюшуп,

Азыгын жеп тоюшуп,
Жатабыз дешип жайланып,
Олтурганда байралып
Катуу добуш акырган,
Тоо жагынан бир неме
Айгай салып бакырган,
Уккусу келбей мергендер
Кулактарын жапырган.
Коркконунан ат сийди,
Аттары чочуп, бат сийди.
Сийгенинен кан чыкты,
Добушунан жан чыкты,
Бул эмине шумдук? – деп,
Кандай жерге биз конуп,
Кайгылуу болуп курдук? – деп,
Талаадан атын алышып,
Ээр-жарак салышып,
Мылтыктын баарын октошуп,
Милтенин баарын чоктошуп,
Туш-тушун карап токтошуп,
Үрпөйүшүп турушкан.
Кылыч куйрук деген бар,
Кырк жолборс бир келсе да,
Таш-талкан кылып жеген бар.
Жолборстун чоңу тайбас бар,
Кезиккен кылыч куйругу,
Ал экөөнү туш кылган
Кудуреттин буйругу.
Кылыч куйрук алыптыр,
Тайбас экен кыйкырган,
Жарадар кылып салыптыр,
Жарыкты көздөй бет алып
Тайбас качып калыптыр.
Кууп келген куйрукту
Мергендер мылтык алыптыр,
Ок жаадырып салыптыр.
Кылыч куйрук өлүптүр,
Өлгөнүн тайбас көрүптүр,
Кылыч куйрук аралап,
Карагай, кайың, терек, тал
Аралап аны өтчү экен,
Куйругу тийсе куу жыгач
Куйкаланып кетчү экен.
Куйругу менен чапканда
Карагайлар жыгылып,
Каршы-терши калчу экен,
Кабылан, жолборс, бул тайбас
Кайсынысы кезиксе,
Чайнап жутуп салчу экен.
Как ошо жерде кезигип,
Тайбаска тишти салыптыр,
Жанталашып бечара
Жаккан отко бет алып,
Жан алып качып калыптыр.
Тайбас өзү кичине,
Залалы көп жок кишиге,
Кара сур келген ыраңы,
Кабыландай сыягы,
Үч жаш болгон ноопастай,
Мергендер көрбөй калыптыр,
Ал жүгүрүп осунуп,
Атка кирип калыптыр,
Артынан келген куйрукту
Мерген атып салыптыр.
Терисин сыйрып алыптыр,
Эмне жандар экен? – деп,
Баары да таңга калыптыр.
Азуулары аркаят,
Соорусу кең, даңкаят.
Он эки асый өгүздөй
Көкүрөгү даңкаят.
Башын көрсө бадырек
Он беш карыш казандай,
Аны көргөн айбанат
Турат экен баса албай.
Ал ошондой жан экен,

Азуусу бар канжардай,
Тырмагынын учунда
Заар болот бар экен.
Терилерин союшуп,
Тегеректеп конушуп,
Аны өлтүрүп алган соң
Өз эркинче болушуп,
А күнү анда жатканы,
Таң саргарып атканы,
Атып алдык муну – деп,
Эртеси мерген атtанып,
Не да болсо бир зорду
Өлтүрдүк – деп, шаттанып,
Шымалында тоо жакка
Жүрүп калышты шо жакка.
Даңдуң аттуу тоо экен,
Тереӊ капчал коо экен,
Мындан кийик табабыз,
Мергендин сөзү шол экен.
Туура барган жеринде
Коросондун, Аспандын
Кошулушкан жолу экен.
Аспиян жакка жол тартып,
Кенжуттан чыккан кол экен.
Мартык балбан дегени,
Жеке Мартык бийлеген
Жети миң аскер кол экен.
Жол экиге бөлүнгөн,
Жол боюна караса,
Калың аскер көрүнгөн.
Бул эмине шумдук? – деп,
Эр Манастан келгени,
Эки жүз экен мергени,
Караанын көрүп калың кол,
Атка минип камданып,
Кууп калган жери шол.
Мылтык октоп алышып,
Качып калды мергендер
Ат соорусун салышып,
Даңга-даңга-даңга! – деп,
Ураан тартып кыйкырып,
Ошолор келет кубалап.
Жакын кууп жетерде
Жарданып тура калышып,
Жамгыр жааган немедей
Ок мылтыкка алышып,
Алар кууп жөнөлдү,
Булар качып мергендер
Аспиян көздөй өмөлдү,
Орто жерде ок тийип,
Мартыктан адам көп өлдү.
Качып алар калыптыр,
Адамдарым өлтүрүп,
Албай кантип коём – деп,
Мартык балбан баш болуп,
Артынан түшүп алыптыр.
Ар бир жерде турушуп,
Аянбастан урушуп,
Эки жүздөй мергени
Эгем айдап келгени,
Караңгыда кабылтып
Кылыч куйрук жандарды
Кыябы менен бергени,
Баш терисин, тумшугун
Алып жүрсө ошону
Түшүрбөсө колунан,
Ар канча чөлгө кетсе да
Адашпайт жүргөн жолунан.
Аскер туруп дагы кууйт
Эртесинде соңунан.
Беш жарым күнү качыптыр,
Мергендер жаман шашыптыр.
Аспанда жаткан аскерге
Аман качып барганы.
Алты миң колун көпсүнүп
Артынан кууп алыптыр,

Ал эки жүз мергенден
Жапанбай аттуу бир казак
Чапкылап колго барыптыр:
«Кара башыл туусу бар,
Даңгалаган чуусу бар,
Алты-жети миң экен,
Аныктап санап билбедик,
Жол боюнан жолугуп,
Жоболоңго калдык – деп,
Жолду ката төрт күнү
Тосуп уруш салдык – деп,
Кутула албай шу жерге
Качып келип калдык!» – деп,
Колго кирип барыптыр.
Акша баатыр баш болуп,
Абыр-шабыр ат токуп,
Ат токуса бат токуп,
Ар тарапка жылгага
Алты миңден, беш миңден
Бөлүнүп чыгып чапкылап,
Жарактары жаркылдап,
Жети миң аскер жер жайнап,
Мергенди кууп жеткени.
Мерген качып көп колго
Аралашып кеткени.
Мартык балбан баш болуп,
Колду көрүп короюп,
Коркуп турду сороюп.
Дагалактан келген жол,
Кайнап жаткан кандай кол?
Караанын көрүп Мартык эр
Кайгырып көрүп туруптур,
Каапырды кудай уруптур,
Урбаганда неткени
Он эки миң кол алып,
Ногойлордун Акша кан
Артына чыгып кеткени.
Мажик баатыр барыптыр,
Сегиз миң аскер кол алып,
Күн батыш жагын алыптыр.
Күн чыгыш жагын караса,
Күркүрөгөн Кутубий
Он бир миң аскер кол менен,
Күн чыгыш жагы жол менен
Күркүрөп чыгып калыптыр.
Алты миң сегиз жүз экен,
Токтолгон жери түз экен.
Ар тарабын караса
Найзанын учу жылтылдап,
Аскердин башы кылкылдап,
Жер союлуп былкылдап,
Тегеректеп кол чыкты.
Аспиянды чабам –деп, жүргөн,
Мартык балбан бек жүргөн.
Ырысы жок бу каапыр
Ырас өлүм табылды,
Арстан Манас баатырга
Өзү келип кабылды,
Туш-тушунда калың кол
Кенжуттукка жабылды.
Төрт күндөн бери өкүмсүп,
Мергенди кууп айдады,
Бешинчи күндө көрдүңөр
Өзүнүн шору кайнады,
Кайнабаса неткени,
Түрк балдары түк койбой
Талап алып кеткени.
Ал заманда эрендер
Талабына жеткени.
Жети миңдей аскерден
Аты-тонун алганы,
Ата-атанын уулуна
Үлөштүрүп салганы.
Кенжуттуктун балбаны
Колго түшүп калганы.
Келмеге тилин келтирип,

Мусулман болбойм дегендин
Кесип башын өлтүрүп,
Олжону алар алганы.
Оболку күнү көрдүңүз
Төрт жүз он төрт төө менен,
Эшек, качыр бир канча,
Токсон эки жөө менен,
Алтын, күмүш бул менен
Ажыбай менен Кутунай
Азар түмөн мал менен
Алып барган көрдүңүз,
Кенжуттан барган жети миң
Мартык баатыр баш кылып,
Олжо кылып бөлдүңүз.
Төрт жүз миң аскер кол эле,
Жана андан ашыгы
Элүү миңи бар эле,
Баарысына баш болгон
Баатыр Манас кан эле,
Ошондо Манас
Жыйырма жашта бала эле.
Аларды таштап салыңыз,
Айкөл Манас каныңыз,
Аттанып кеткен алтоо бар,
Кабарын угуп алыңыз.
Кол ушу жерге жатканы,
Мергендер кийик атканы
Таамай он бир күн болду,
Токтотуп коюп көп колду
Казактардын Көкчөсү,
Кан Кыпчактын Үрбүсү
Эштектердин Жамгырчы,
Эрдин бири Бакай бар,
Жакыптын уулу жаш Манас,
Жатып калган көп алаш,
Баштап алып Кодоң чал,
Түшчүлүккө барыптыр,
Түшкө чейин жол жүрүп,
Айланасы тең талаа
Арал болгон бир тоону
Алар көрүп алыптыр.
Ат болушка салыптыр,
Эртеси жок кечинде,
Дигер жакын кезинде
Чыкты тоонун башына,
Өңкөй баатыр ээрчиген
Эр Манастын кашына.
Булгаарыга каптаткан,
Бурамалуу каркыттан,
Оозуна жакут орноткон,
Алты имерип толготкон,
Урумдан кылып алдырган,
Узак жолго салдырган,
Айкожодон алыптыр,
Алтын ооз дүрбүнү
Манас көзгө салыптыр.
Шашкеликке караса
Карарып жаткан багы бар,
Калдайып жаткан тамы бар,
Түнөрүп жаткан багы бар,
Дүңкүйүп жаткан шаары бар,
Кулак уккан, көз көргөн
Сонундардын баары бар,
Дүбүрө деген каны бар,
Дүбүрөнүн колунда
Алты айлык жерден иш билген
Төрт аяры дагы бар.
Башкы жагы Кашкарды,
Басып өтүп Маңгунтту,
Саңыроо жолду салды – деп,
Адам жүрбөс жолдорду
Ашып өтүп алды – деп,
Сермуз, шаар Курушту
Эч ким салбай урушту,
Дагалакта Кырмузду
Салдырбастан урушту

Тапатаза алды – деп,
Даңгуу жакка бет алып,
Кошун келип калды – деп,
Көйүш, Бөгүш, Сагуш,
Такта кыяр аяры
Ар качан жоонун жолунда
Боло турган даяры.
Төрт аяры билиптир,
Капкасына канынын
Камсыгышып кириптир.
Даңгуу деген журт эле,
Бүтүн кытай уруктун
Ачуу келсе тойгузган
Берекелүү куту эле.
Кудай кылып чокунган
Мисбуруш деген буту эле.
Бийиктиги бутунун
Киши бою жарым кез,
Тула бою карк алтын,
Тырмактары сары жез,
Көзү көөхар, акак тиш,
Көрсөң сонун кандай иш!
Бул аярлар чогулуп,
Бутка кирди чокунуп.
Өздөрүнчө өңкөңдөп,
Келди душман мында – деп,
Алтай тоону жердеген,
Адам уулу жеңбеген,
Аты Манас эр деген,
Уругу түрктүн уулу – дейт,
Байгур уулу биригип
Бадыша кылган муну – дейт,
Нөкөрү жалаң кырк – дейт,
Өзгө колу жокко – дейт.
Даңгытка колун тартты – деп,
Ойлосок иш катуу – деп,
Аспиян суунун боюна
Келгени төрт күн болду – деп,
Аскерине ай талаа
Аспияндын бою толду – деп,
Аңдап бүгүн биздерге
Акыр заман болду – деп,
Бутка кирип муңканып,
Булар айтып турганы.
Буту болуп сөз берип,
Шайтанды кудай урганы:
«Ыраазымын калкым –дейт,
Эртелеп кабар салдың–дейт,
Бекер турбай бу жерге
Дүбүрөгө барыңар,
Дүрбөтүп кабар салыңар.
Балбан жыйып, кол жыйып,
Бачымыраак барыңар.
Беш жолдошу кашында,
Манасы бар башында,
Орток тоого чыккандыр.
Ыраакка көзүн салар – деп,
Алмалуу тоого барар – деп,
Тоодо жаткан эл байын
Тополоңго салар – деп,
Жылкы айдаган байлар көп,
Жылас кылып салар – деп,
Калкым кайрат кылбасаң,
Капылетке калсаң бекер – деп,
Калк жыйылып камдансаң,
Таалайың колго жетер – деп,
Бар – деди – Дүбүр каныңыз,
Кубансын сендер жаныңыз,
Бадышаңыз Дүбүргө
Бачымыраак барыңыз!»
Муну айтып лаанат
Бутка шайтан турганы,
Буйрук айтты кудай – деп,
Каапырды кудай урганы.
Төрт аяры бүгүлүп,
Дүбүрө бааша үстүнө

Аярлар кирди жүгүрүп,
Анталап кирди аярлар,
Айта турган сөзү бар.
Оозуна таш, топурак,
Канына кирди топурап,
Кайгырышып чуркурап:
«Кудайга бүгүн бардык – дейт,
Куп сүйлөшүп алдык – дейт,
Сөзүн угуп кандык – дейт,
Келди Манас кол менен,
Кол бийлеген зор менен,
Дагалактан аттанып,
Биябанда жол менен.
Ыраактаса Ымалай
Жүрсө барар тоосуна,
Такат берер адам жок
Мусулмандын жоосуна,
Кудайыбыз айтты – деп,
Таш, топурак оозуна,
Ымалайды жердеген,
Ыксыз калың эл деген,
Күткөнү түрлүү мал деген,
Ар жагы Моют көл деген,
Күн чыгыш жагы Сура тоо,
Малынып барган дайрага,
Жери ысык чөл деген,
Сура тоо уруш салат – деп,
Аякка өтсө айланып,
Каканчындын Бээжини
Төрт айлык жолдо калат – деп,
Ачууланса бу Манас
Ымалайдын ар жагы
Мисирдин жолун алат – деп,
Элине кабар салат – деп,
Түрк уулу деген кыйын жоо,
Түгүн койбой алат – деп,
Алып койсо бу жакты
Түбү жүрүп айланып,
Түп Бээжинге уруш салат – деп,
Жаалданса бу Манас
Саренжи журтун сапырып,
Үч айчылык жолдо бар
Ындыстан журтун жапырып,
Кылымга салат кыйынды,
Калкка салат каранды,
Как ушу күнү кудайдан
Кабар бизге таралды,
Кызыталак бул Манас
Кытай үчүн жаралды,
Камданбасак бачымдап
Калкың көрөт залалды!»
Аярдан кабар алганы,
Алиги жерден Дүбүр кан
Айгайды бийик салганы,
Ачуусу келип калганы:
«Манас деген ким экен?
Мага келип катылчу
Кайдан чыккан жинди экен?
Ажалы жеткен жан келер,
Аскер алып, кан келер
Аман бирин кайтарсам
Анда менин курганым,
Аяр десе апкаарып,
Айтып кепти турганын.
Өкүмөттүү кан келер,
Кан келсе да бу жерге
Өлө турган жан келер.
Ымалайда Кайып бар,
Аз болгондо айлана
Алтымыш миң калкы бар.
Лоп дайранын четинде
Ойротту бузчу балбандан
Отуз миң бар нээтимде.
Отуз сың келчү таштарды
Ойной турган бөкөлөр,
Кырк сың келчү таштарды

Кыймылдаткан балбан бар.
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Буурugуп жаткан баатырлар
Бу күндө көрсөң менде бар.
Алтымыш чынжыр арканга
Аяк, колун байлаган,
Ачуусуна чыдабай
Айнектей көзү жайнаган,
Кышкы кирген буурадай
Кычырлап тишин чайнаган,
Кынжы менен байлаган
Кыйындардан кыйла бар.
Сан жеткис сардал журтум бар,
Аяр деп койсо апкаарып
Мынча коркуп турдуңар!»
Ачууланды Дүбүрү,
Аярларды бүлдүрдү.
«Андай болсо турбастан
Байлап койгон балбандан,
Урушарга жоо таппай
Балакетке салгандан
Он беш балбан ал – деди,
Орток тоого бет алып,
Осунуп жөнөп кал – деди,
Ой-талаа, чөл-биябан,
Дагалак жолун чал – деди.
Күн батышы Жазийра,
Даңгу деген бир тоо бар,
Анын жолун чардаңар.
Ындыстан барар ашуунун
Адашпай жолун ошонун
Барып жолун чал – деди,
Айтар сөзүм силерге
Ордонун он беш балбанын
Көтөрө албайт мал – деди,
Кырк төрт бакма билим бар,
Бу сөзүмдү билип ал,
Билдин билер тили бар,
Тилмечине бар – деди,
Ылдам кабар салсын – деп,
Баң дегенин жиберди,
Барып кабар бер – деди,
Билден он беш чыгарып,
Кайгырбасын эл – деди.
Каң балбанды баш кылып
Он беш балбан бер – деди.
Он беш балбан чыгарып
Дүбүрө кылды жарлыкты,
Дүнүйөнүн жүзүнө
Кылайын – деди, тарлыкты.
Муну айтты да Дүбүрө
Ордунан турду октолуп,
Олтура албай токтолуп.
Мисбурушка кирейин,
Не билдирет кудайым,
Сөзүн сурап билейин.
Муну ойлонуп Дүбүрө
Оң жагында канынын
Он эки мыкты дуу-ду бар,
Сол жагында канынын
Жыйырма эки экен чыйтайы,
Аркасында басканы
Алтымыш экен жаң-жуңу.
Алар чыгып ордодон
Жөнөгөндө Мисбурга
Ааламды бузду даң-дуңу.
Керней-сурнай тарттырып,
Сөөлөтүн журттан арттырып,
Дап, чилмерден кактырып,
Аскеринин баарысын
Мисбуруш жакка бактырып,
Барабан, добул күңгүрөп,
Баары жүрүп дүңгүрөп,
Он эки миң кол менен,
Мисбуруш жакка жол менен

Бутка кирди баарысы.
Чогулуп кирген көпчүлүк
Чокунушуп калышты.
Курчап-курчап турганы,
Мындан артык болорбу,
Каапырды кудай урганы,
Он эки миң аскери
Атын уккан, көрбөгөн,
Ачып ага кирбеген,
Анын кандай экенин
Аңдап алар билбеген.
Көрө элек чыйтай дагы бар,
Көңкү барып чуркурап,
Кудай деген чагы бар.
Көргөн экен дуу-дулар,
Көнүк экен ушулар.
Калдайдан канча көрө элек,
Жаң-жуңдар жакын келе элек.
Он эки миң аскери
Бирин бири бас – деди.
Айланасын караса
Алты миң кулач коргону,
Ичи темир, тышы таш,
Дүбүрө каны журтка баш.
Кудай жакка караган,
Усталар иштеп жараган,
Коргондун ички бетинде,
Алтындан накыш ойдурган,
Күмүштөн безеп койдурган
Лайламалуу – деп,
Өзүнчө айткан келме кеп.
Он сөзүнүн ортодо
Оюу-жазуум анда – деп.
Зумураттан сызыгы,
Шондой экен кызыгы.
Капкасын көрсөң карк алтын,
Кудаймын – деп, азезил
Куп азгырган журт-калкын,
Жай саратан күнүндө
Согуп турат жел салкын.
Мээ кайнаган ысыкта,
Бок кайнаган сасыкта
А коргонго кирген жан
Салкын турат жел согуп,
Басылбайт суук жел болуп.
Жыпарлаган баарысын,
Мурунуна келген ис
Адамдын үшүн алышын,
Туш-тушунан жел согуп
Бекер дебей чын билгин
Бехуш болуп калышын.
Калмакта дубакөйү бар,
Кешмирликтен келтирген
Кезетү деген эри бар.
Кезетүдөн үйрөнгөн,
Кечкөө деген журтунан
Дубакан канча эли бар,
Ысык чилде жай күнү
Мант кылып аны байлаган,
Басылбаган жели бар,
Кыштын кыраан чилдеде
Жай чилдедей кармаган,
Адам кирсе камыгып,
Абадан тарткан деми бар,
Жайы-кышын тең кылган,
Алтымыш миң кулач коргону,
Айланасын кең кылган.
Эгер мусулман уулу көрсө да
Алла кандай бул иш? – деп,
Адамдын башын тел кылган.
Бийиктиги коргондун
Билимдүүлөр койгону,
Элүү кулач бийиги,
Эки кулач эни бар,
Ага жакын бара албай,
Кудайдын үйү ушу – деп,

Куп табынган эли бар.
Жай күнүндө басылбас,
Сыдырым соккон жели бар.
Кыш күнүндө басылбас,
Кызытып турган деми бар.
Айтып болдук орунун,
Бутка нанын борумун,
Дүбүрө канга эми бар.
Бутка кирди кудай – деп,
Аңдап көргүн калайык
Аңгемелүү кеби бар.
Он эки миң кол менен,
Баң-баң, дуу-ду зор менен,
Дарбазасын ачышып,
Сары алтындан дилдени
Табак менен чачышып,
Даңгыр-дүңгүр дуу кылып,
Жүгүнүшүп басышып,
Бутуна булар барганы:
«Буйрук айткын кудай!» –деп,
Буркурап ыйлап калганы.
Бетин жууду жаштары,
Беш айдашкан к...той
Төмөндөдү баштары.
«Куруш шаар, Сермузду
Койбой аны алды – деп,
Коркпой турган бир душман
Бизге келип калды – деп,
Колдобосоң өзүң – дейт,
Коркуп айткан сөзүм – дейт.
Арга сенден болбосо,
Акыл бизден кетти – деп,
Алчу душман жетти – деп,
Жардам сенден болбосо,
Жайыбыз биздин кетти – деп,
Жаман душман жетти!» – деп,
Өбөктөшүп жүгүнүп,
Өңкөй каапыр бүгүлүп,
Минтип сурап турады.
Азгырып жүргөн буларды
Азезилдин өзү бар,
Алты миң шайтан чогулуп,
Айта турган сөзү бар.
Анын кеби курусун,
Аңдап көргүн мунусун.
Алла Таала жараткан
Алардын кылып айтканын,
Азезилдин эркине
Коё берип турушун!?
Алтын, күмүш бут кылып,
Ак коргошун кут кылып,
Кудай – деп жардам тилеген,
Куп азганын билбеген.
Акылы жетпейт колдоого
Алтын, күмүш, темир – деп,
Атын коюп Мисбуруш,
Аа сыйынып теңир – деп,
Дүнүйө, малы чак келгис
Асылдын баарын аа чаптап,
Азезил жүрөт мазактап,
Баарын жерге жуткуруп,
Не жибербейт казаптап.
Азгырганы азезил,
Ак тааланын душманы.
Осасил деген сүрөөдө
Аяты бар анык бил!
Темирди коюп, теңир – деп,
Каапырды кудай урарбы?
Кадыр Алла зулжалал
Азыр аны жок кылса,
Күчү келбей турабы.
Бейилине коюп, бендем – деп,
Күнөөкөр болгон шайтанга
Күлдү журтун азгыртып,
Коё берген оюна.
Көрдүңөрбү кытайдын

Кылып турган жоругун,
Азгырганы азезил,
Анын кирген жолуна.
Азезил келип кеп айтат
Курчаган Дүбүр колуна:
«Жараттым мыктап баарыңды,
Сал душманга каарыңды,
Өлгөнүң болсо чыгарам
Жаннатыма жаныңды.
Жаннат бейиш менде – дейт,
Жакындаган душмандан
Жаныңды аяп келбе – дейт.
Өлгөн болсоң чантуудан
Учмакты көздөй учасың,
Жеке бир-бир башыңар
Жетимиш нурдун кызынан
Тандап-тандап кучасың.
Нур кыздары мында жок,
Уксаңар журтум менден жооп:
Бул дүнүйө жүзүнө
Чыгарып ийсем бирөөнү
Бехуш болуп бенделер,
Бери болсо беш жылы
Аш-тамакты иче албай,
Ашык болуп сенделер.
Акылынан тануучу,
Бул жалгандын жүзүнө
Көзү түшсө түсүнө
Жалгызы калбайт жандардан,
Акыл калбайт адамдан,
Эси калбайт элиңден,
Шондой нурдун кызынан
Жетимиштен берилген.
Кийгенине көз жетпейт,
Жалгандагы жансыздар
Айткан менен сөз жетпейт.
Ат ордуна мингени
Алты канат бурагы,
Аткан огуң ал аттан
Күлүгүрөөк турабы?!
Оозуң ачсаң, түшүрөм
Дүнүйө жемиш тептегиз
Лазаттуу буларды.
Көзүң көргөн канаттуу
Каалагандын баары анда,
Как ошону жесем –деп,
Кө .үлүңө барганда
Азыр келет оозуңа,
Колуң менен албайсың,
Ошо жалган дүйнөдөн
Уучтап оозго салбайсың,
Угуңар журтум, кандайсың!?
Аш-тамагың бул болот,
Атың бурак кур болот,
Алганың сулуу нур болот.
Алды өлүмдөн качпа – деп,
Арзып келген душманга
Аябай калба башта – деп,
Наалыбагын калайык,
Акылыңдан шашпа – деп,
Мен жараттым Манасты,
Бекер кыргын кылмакка
Мен айдадым алашты.
Күчүм менен келтирем,
Келгендерин өлтүрөм.
Себебин кылам сиздерден,
Бенделиктен биле албай,
Мисбуруш кылып салды – деп,
Түк да көрбөйт биздерден.
Кыргын болгон түрк уулун
Кыйып жанын аламын,
Кызыл отко саламын.
Оттон болгон жылан бар,
Ошондой каар кылган бар,
Бөйөн, чаян, кара курт,
Мусулман деген душман журт,

Тозогума кирер – деп,
Мисбуруш кудайлыгымды
Мына ошондо билер – деп,
Өлөм – деп коркуп токтолбой
Урушуңар силер – деп,
Мусулман өлсө тозокто,
Даңгыт журту кырылса,
Бейишке кирип озот ко,
Кайгырбагын калкым – деп,
Кан Дүбүрүң баш болуп,
Камыккандай салтың» – деп,
Бул азгырган азезил,
Али да каапыр ошондой
Мусулман уулу муну бил.
Бу дүнүйө жалганда
Барды, жокту көп сүйлөп,
Балаага салды кызыл тил.
Магшардын күнү кыйын – дейт,
Эрким менен жазбадым,
Эгем Таалам өзүң бил.
Көз жетпейт сенин көркүңө,
Алтын, күмүш бут кылып,
Атап коюп Мисбуруш,
Кудайым – деп, жалынган
Каапырды койдуң эркине.
Суу агыздың, тоо кылдың,
Каапыр менен мусулман
Динин бөлүп, жоо кылдың,
Кай бирөөнүн дарты бар,
Кай бирөөнү соо кылдың.
Атың кудай, өзүң жок,
Байгамбардан башкага
Маалим эткен сөзүң жок.
Жараттың арыш ааламды,
Күрсү Лавих каламды.
Көрүнбөй туруп колдойсуң,
Кандай турат кулум – деп,
Капилетте болбойсуң.
Артыкча кенен экенсиң,
Азгырчуусу азезил,
Азган Дүбүр каапырды
Не жок кылып койбойсуң?
Бенде кылдың, жараттың,
Бердиң эркин өзүнө,
Бейиш менен тозокту
Бендем муну көргүн – деп,
Азыр жүргөн адамга
Көргөзбөйсүң көзүнө,
Айтса адамдар болбоду
Аят, адис сөзүнө.
Кең экенсиң – дайрасың,
Барча жанга баанасың,
Бар дүйнөнү жараткан
Өзүң кадыр даанасың!
Айткан акын Сагымбай,
Акыры магшар күнүндө
Аргам менин табылбай,
Азиретке калбайын!
Атыңды атап бар кудай
Акыры мында зарлайын!
Айткан сөздү унутуп,
Азыр таштап салбайын,
Арстан Манас баатырдын
Аңгемеси дагы бар,
Жомогунан калбайын!
Дүбүр аттуу каныңыз,
Дүмөгүн угуп алыңыз,
Кудайыңдан кеп угуп,
Куп сүйүнүп калдыңыз.
Бутунан кепти угушту,
Бузуучудай дүйнөнү
Чокунушуп чыгышты.
Үркөрбоо деген замбирек,
Үрпөңдөштү бадирек,
Алты билге сүйрөтүп,
Билдин тилин билчүлөр,

Алып жүрөт үйрөтүп.
Он эки апа дарыны,
Ага салды баарыны,
Өлчөй турган неме жок.
Он эки канат боз үйдөй
Ага салар огу бар.
Отуз балбан жылдырып,
Оозуна барганы,
Окту куюп салганы.
Өнөр менен алдырган
Үкөк деген жыгач бар.
Бир дөбөнүн жонундай,
Өлчөп өзүң биле бер,
Аз эле ичке дегени
Жоон карагай онундай.
Сүмбө кылып алдырды,
Түртүп барып салдырды,
Ордокана казына
Отуз миң аркан алдырды,
Он жүз чынар терекке
Абыдан чырмап таңдырды.
Алыс качты аскери,
Алты жүз аркан учунан
Амал менен от берди.
Аңтарыла жастады,
Даңгыттын шаары солк – деди.
Күн күркүрөп басылды,
Шашкеде аткан замбирек,
Түштө туман ачылды,
Жер дүңгүрөп басылды.
Жердин көбү казылды,
Уйкудагы жаткандар
Умачтай көзү ачылды,
Эски коргон тамдардан
Немеси койбой чачылды.
Балада жүрөк калбады,
Бакырып барып ыйлашып,
Ата-энесин кармады.
Ит улуду чуркурап,
Төө боздоду буркурап,
Уй мөөрөдү дүңгүрөп,
Кой маарады күңгүрөп,
Качыр, эшек акырды,
Жайыттан тоок чакырды.
Ал Дүбүрдүн тушунда,
Ойлоп көргүн ушунда,
Отуз шаар бар экен,
Ортодогу атагы
Дукан деген калаа экен,
Ортодо Лоптун көлү бар,
Ар тарабы талаа экен,
Күн жүрүштүн жагында
Күлдү журту бар экен.
Көлгө кирген дайрага,
Тоо, жыгачтуу жер болгон,
Токой-ормон чер болгон,
Арасында айчылык
Аштык айдап, мал багар
Азыноо деген жер болгон.
Азыноону жердеген
Дука калмак эл болгон.
Күн батыш жагы Баймыноо,
Үзүлбөгөн бу бир тоо.
Ар жагы менен бер жагы,
Баары калмак динге жоо.
Ар жагы менен бер жагы
Баары калмак жоо болгон,
Башын уксаң, Сура тоо
Барып болбойт бенде боо.
Ажыдаар бар, шери бар,
Керик тууган жери бар,
Жабыр баян жандар бар.
Адам көрсө куткарбас
Алаткак деген заңгар бар,
Албан түрлүү кезеңде,
Адамды жечү жандар бар.

Андан жүрсө түштүккө
Талуу деген талаа бар,
Ал талаанын четинде
Канабил деген калаа бар.
Андан өтүп барганда
Теңир-Ноор көлү бар.
Андан өтсөң жол менен
Күн батышы жагында
Көбү-Шаму чөлү бар,
Күн чыгышка бет алсаң,
Көңкү кытай эли бар.
Көрбөдүк аны көз менен,
Көбүнө айтам сөз менен,
Үч ай жарым жүрөсүз,
Ат жүрбөгөн жолдор бар.
Аппак кебер шорлор бар,
Таяк тийсе тайгылат,
Жоготуучу жерлер бар,
Чоң Бээжин деп аталат,
Дуңша кытай элдер бар.
Калкы угулат Каканчын,
Байкасаңар Бакбурчун,
Бар кудайым каапырдын
Арбыткан экен көп журтун
Аягын уктуң Ымалай,
Арасы айлык бир далай.
Башын уксаң Сура тоо,
Башы көлгө малынган,
Жети күндүк бер жакта
Жерине аштык салынган.
Тоодогусу мал сактап,
Жети күндүк жердеги
Мал өстүрүп, эт кылат,
Жемиш менен жан сактап.
Замбирек үнү күркүрөп
Үч күндүк жерге угулду,
Тамдын баары силкинип,
Мордун учу жыгылды,
Дукан калаа журтунун
Жүрөк оозго тыгылды.
Эмине балаа болду? – деп,
Түмөн-түмөн аскери
Туш-тушунан жыйылды.
Көпкөк темир кийинген
Көсөм баатыр жөнөлдү.
Күрсүлөрүн күүлөгөн
Күчтүүлөрү жөнөлдү.
Барскандары бир үйдөй
Балбандары жөнөлдү.
Дүбүр бааша үстүнө
Түмөн аскер жыйылды,
Түгөнгүрүң дин билбейт,
Лаанатка сыйынды,
Төрт аяры баш болуп,
Төрө Манас баатырга
Көргөзөм – деп кыйынды.
Он беш балбан дөө менен,
Он миң аскер жөө менен,
Он беш билге мингизип,
Бил үйрөткөн тилчилер
Минтип жолго киргизип,
Ортолууга бет алып,
Алар жолго салыптыр.
Тоого чыгып таянып,
Токтолуп Манас жай алып,
Муруттарын таранып,
Булар турган бу жерде
Эки жагын каранып.
Карап турган чагында
Күн чыгыш жагы жанында
Төрт жарым кез канаты,
Төөгө окшогон аягы,
Кере кулач мойну бар,
Көрсөң сонун ойну бар,
Деңгенедей башы бар,
Эмчегине төгүлгөн

Жаркыраган чачы бар.
Туурдуктай куйругу,
Мурун болгон көрдүңүз
Дүбүр кандын буйругу,
Төрт аярдын башчысы
Дүбүрдүн көөнүн басчусу
Соноң аяр дегени
Тоодо олтурган алтоонун
Жанына жетип келгени.
Келди, конду бир башка,
Кере бута булардан
Ыраак конду бир ташка.
Чоң экен го кушу – деп,
Сонун экен ушу – деп,
Атып аны алууга
Абыдан көрүп кануугa,
Арстан Манас баатыры
Атайын деп акыры.
Атып алып аңгарып,
Көрмөк үчүн акылы.
Коросон оттук алганы,
Кой боорундай куу кармап,
Балык кулак таш кармап,
Барпыратма куу кармап,
Чак дедире чакканы.
От куусуна байланды,
Ошо кушту эр Манас
Атайын – деп ойлонду.
Бетине мылтык алганы,
Маша ирмээрде неме жок,
Орду куру калганы.
Аны көрүп эр Манас
Атарда кайда кетти? – деп,
Ант урган кушка нетти? – деп,
Калары жок аянып,
Аккелте мылтык таянып,
Көрмөк үчүн көкжалың
Көлпүгүп басып барыптыр,
Көзгө илинер жери жок
Көк түтүн болуп калыптыр.
Алла кандай каапыр – деп,
Аярлары бар белем,
Аңдайынчы акыр – деп,
Жакын конгон кара куш
Көрүнбөй калды такыр – деп,
Жамгырчы менен Дөкчөгө
Жайын айтып салганы,
Жанындагы эр Бакай
Башчы Кодоң чалынан
Баянын сурай калганы.
Карыя Кодоң кеп айтат:
«Каныкмын буга –деп, айтат.
Каапырда Дүбүр кан деген,
Калаасы Дукан шаар деген,
Төгөрөктөн тил алган
Төрт аяры бар деген.
Эң кыйыны Соноң – деп,
Аяр жеңип эч жерде
Өтүнө албайт андан – деп.
Акыры каапыр ал Соноң
Кубулуп алып куш болуп
Келсе келип калган» – деп
Кодоң чал айта салганы.
Айтып оозун жыйганча,
Аны-муну кылганча
Он беш бил минген балбаны,
Он миң аскер кол менен
Алар жетип барганы.
Он миң аскер кол барып,
Ортого курчап алганы.
Жаян аттуу балбаны
Жалаң күрсү колунда,
Жан тургусуз жолунда,
Билди минип күркүрөп,
Көргөндүн бою дүркүрөп,
Алачык үйдөй башы бар,

Комдонгон иттей кашы бар,
Жаңы отуз төрт жашы бар,
Аргамжыдай чубалган
Айдар тулум чачы бар.
Мингени билдин балбаны,
Миңин да болсоң койбойм! – деп,
Минтип келип калганы.
Ажалы кууп айдаган,
Абыдан шоруң кайнаган
Ким экениң билейин,
Ким да болсоң өлөрсүң,
Лаайламдан тилейин.
Даңгудан бөлөк эл барбы?
Дукандан бөлөк жер барбы?
Менин атым Жаян дээр
Жаяндан бөлөк эр барбы?
Келериң барбы мага – деп,
Кең дүнүйө тар кылып,
Кете турган жолуңду
Көргөзөйүн сага – деп.
Акылыңдан жаңылып,
Акыры мында келипсиң
Ажалыңды сагынып,
Кайсы ажалың жеткени
Ылдам кел – деп, – камынып!»
Күркүрөшү күн болуп,
Акырганда каапырдын
Сары аюунун түсүндөй
Бети, оозу жүн болуп,
Ооздон оту буркурап,
Көздөн жалын шыркырап,
Билге салып камчыны,
«Бириңди да койбойм!» – деп,
Минтип чыкты качырып.
Көрдү Манас баатыры,
«Көп сүйлөдү каапыр – деп,
Көрөйүн муну акыр!» – деп,
Жарагын белге чалынып,
Жаратканга жалынып,
Азирет Аалы шерлердин,
Шейит кеткен эрлердин
Арбагына сыйынып,
Ак күбө тонду кийинип,
Аккула оңдоп токунуп,
Аят ыйман келмесин
Айтып-айтып окунуп,
Аккула атка мингени,
«Алда!» – деп, жолго киргени.
Бата берди баарысы,
Башчы Кодоң карысы.
Аккула камчы салганы,
Акырган бойдон эр Манас
Жөнөп жүрүп калганы,
Көкжал эрди көргөндө
Көт жагынан жаасын
Моюнунан алганы.
Арбак урган Дукандын
Жаян деген балбаны
Жааны колуна алганы,
Оройпого чалганы.
Октун түбү сары жез,
Узундугу жаасынын
Аз болгондо отуз кез,
Жоондугу бир кучак,
Ок учуна кадалган
Албарс болот, курч бычак.
Саадагын кестеп алганы,
Жан аёчу эр беле
Сандыргалуу эр Манас
Сабаган бойдон барганы.
Атайын деп Манасты
Каршысына келгени.
Ок узуну үч кулач,
Оңдурбаймын дегени.
«Арманыңкалбай аткын! –деп,
Айтып баатыр мындай кеп,

Жакын жетип калганы.
Жаалданып бул каапыр,
Жаанын огун салганы.
Түркүктөй болгон огунан
Түк көрүнбөй калганы,
Ок тартарда каапырга.
Болоттон кылган калканды,
Боо танабы колунда,
Боорго калкан жеткени.
Каапырдын аткан бул огу
Калканга катуу тийгенде
Калканынан түк калбай
Быркыранып кеткени.
Мыктуу Жаян балбандын
Күчү эмей неткени,
Солк эткен бойдон эр Манас,
Астындагы Кула аттын
Соорусуна жеткени.
Талкалап өтүп калканды,
Алтымыш кабат ак күбө
Сардабы тонго өткөнү.
Темир соот, чарайна
Бата түшүп учунча,
Каапырдын огу токтолду,
Илгери минип ээрине,
Баатыр Манас октолду.
Атыш андай эмес, мындай – деп,
Аккелте алып октоду.
Алыскы, жуук айныбас,
Ыраакы, жакын ылгабас,
Ортосу болот, оозу албарс,
Түтүнү туман, түбү Ыспан,
Кароолу тажаал, огу ажал,
Асынып жүрсө Аккелте,
Ачууланса замбирек,
Алыска атса койчагыр
Акырын атса очогор,
Айкожо берген Аккелте,
Ача маша, көк милте,
Алды баатыр бетине.
Алла Таала колдо – деп,
Алган экен нээтине.
Сакал ээк мойну – деп,
Түгөнсүн кулдун ойну – деп,
Баатырың маша ирмеди.
Чоргодой болгон көк милте
Казанчыкка киргени.
Ооз оту жарк этип,
Мылтык үнү тарс этип,
Аккелте огу жетиптир,
Башын жулуп кетиптир.
Денеси калды, башы жок,
Кай кеткени билинбей,
Кайып болду аткан ок.
Бил үстүндө заңкайып,
Минген бойдон даңкайып,
Эки ийини көрүнүп,
Баш денеден бөлүнүп,
Каны суудай төгүлүп,
Бил үстүндө тим турду.
Наадан бил неге баспайт! – деп,
Арстан Манас баатыры
Найза менен качырды,
Билди көзгө бир урду,
Бил качты да, мөңкүдү,
Шаарды көздөй жөңкүдү.
Бил бурулду калк этип,
Бир тоо бүтүн көчкөндөй
Жаян балбан кулады,
Бил үстүнөн жалп этип.
Аны көрүп эр Манас
Бура тартып калганы,
Шоркураган канына
Аккелте оозун малганы,
Кандап алып мылтыкты,
Кайра тартып калганы.

Камбыл аттуу балбаны,
Качырган бойдон Манаска
Камбыл дөө каршы барганы.
«Кайра тарткын, баатыр!» – деп,
Эр Эштек айгай салганы.
Не болуп кеткен экен – деп,
Эр Манас артын карады.
Күңгүрөгөн били бар,
Жоо көргөндө токтолбой,
Мурунтадан жини бар,
Качырыптыр жана да
Каманку балбан бу заңгар.
Бил минген бойдон качырып,
Минтип каапыр калыптыр,
Абке жыгач алдырган,
Усталарга кылдырган,
Учуна болот салдырган
Найзаны колуна алыптыр,
Бакырган бойдон бил минип,
Манаска найза салыптыр.
Найза тийди баатырга,
Каманкудай балбанга
Кайраты ашык каапырга
Кара болот, курч кылыч
Баатырың кындан алыптыр,
Ач билекке салыптыр,
Найза келип тиерде
Кыя чаап калыптыр.
Кесе чапты найзасын,
Кетирди мунун айласын.
Кылычты жалаң алганы,
Кыйкырып Манас салганы.
Бил-мили менен бөлүнүп,
Ураган тамдай сөгүлүп,
Жайылып жатып калганы.
Каманку балбан өлгөнү,
Өлгөнүн көзү көргөнү.
Санамоор аттуу бир балбан,
Затына бенде таң калган,
Душда деген бил минген;
Күлүктүгү билинин
Учкан куштан кем эмес,
Ушу келген каапырды
Адам өлчөөр неме эмес.
Эки ийнине караса
Элүү киши конгондой,
Эки бетин караса
Элүү бөрү тойгондой,
Тула боюн карасаң
Тууну жасап койгондой,
Көзү жалын жангандай,
Келе жатат бу каапыр,
Качырып каман чалгандай.
Аяктай кара көзү бар,
Айбаттуу айткан сөзү бар,
Алармын – деп Манасты
Ачууланган кези бар.
Мылтык, кылыч, чоюн баш,
Күрсү кылып аштаган
Үч канат үйдөй чулу таш.
Оңдоп алып жарагын,
Оңолбогон каапырдын
Келишине карагын.
Билди минип чуратты,
Артынан чаңын буратты,
Келе жатып баатырды
Мылтыгы менен бир атты.
Оолактан огу жеткени,
Оң ийинден алыс кеткени.
Устундардан улаткан,
Учуна болот сулаткан,
Урган жоосун кулаткан
Узун найза – көк сүңгү,
Ошону колго алыптыр,
Били менен жүгүртүп,
Мылтык менен бир атып,

Мыктап найза салыптыр.
Ал найзаны салганча,
Арстан Манас баатырдын
Андистиги ар канча,
Аткан экен как көзгө,
Найза келип Манастын
Учу тийди так төшкө.
Төшкө найза жеткени,
Төрөнүн аткан мылтыгы
Санамоор балбандын
Башын жарып кеткени.
Тумшугу менен бил кагып,
Аккуланын сооруга
Бил тумшугу жеткени,
Бир тердиктей терисин
Шыпырган бойдон кеткени.
Очорулуп чоң Кула ат,
Ойрон Манас баатырың
Ачууланып бу билге
Албарс менен белге урат.
Билдин бели бөлүндү,
Суудай каны төгүлдү.
Саңга дөө деген бир балбан
Жана чыгып калыптыр.
Он беш эле бил минген,
Бир-бири коркпойт бир миңден.
Баатырга каршы жеткени,
Найза саят – деп, турса,
Жаа менен атып кеткени.
Сол тараптан атыптыр,
Соот менен күбөдөн
Катары менен батыптыр.
Чарайнага жеткени,
Болотко учу тийген соң
Октун күчү кеткени.
Чарайнага ок токтолду,
Ачуусу келип Манастын
Эки көзү от болду.
Мубакүлдүү найзаны
Булгап колго алганы,
Астындагы Кула атка
Бучкакка камчы салганы.
Аккула чуркап жеткени,
Арстан Манас баатырдын
Кайраты эмей неткени,
Бир сайганда найзаны
Бил-мили менен бу каапыр
Күм-жам болуп кеткени.
Дөөгүрсүгөн балбаны
Төртөө өлүп калганы.
Дөбөт аттуу балбаны
Бил жарабайт экен – деп,
Башында мүйүз, бир атты
Баса минип алганы.
Анын жайын айтайын:
«Асанаш деген жылкы –дейт,
Ат ө .дөнөт туягы,
Алтымыш айры бугудай
Шаңкайып турат сыягы.
Котостой болгон мүйүзү,
Кулагы жок, көзү бар,
Куруган малдын өзү бар,
Куйругу куштун канаттай,
Ыраңы кызыл манаттай.
Кылыч, мылтык, бар жарак,
Манасты көздөй түз карап,
Лайламалу! – деп,
Өздөрүнө токтоо кеп,
Аркасынан мөндү – деп,
Найзаны колуна алганы,
Атына камчы салганы,
Арстан Манас баатырга
Маңдайлашып калганы.
Сары карагай кыйдырган,
Саратан жайга жыйдырган,
Саламатка кылдырган,

Он сегиз чаап кырдаган,
Он эки түрлүү сырдаган,
Колдон тайма болот – деп,
Коло менен сырдаган,
Сайганында ийилген,
Сууруп алса чоюлган,
Кармайм деген душмандын
Беш манжасы кыйылган
Мубакүлдүү найзаны
Булгап колго алганы.
Алдындагы чоң Кула ат
Аябай камчы салганы.
Арбак урган Дөбөткө
Маңдайлашып калганы,
Бир-бирине качырып,
Минтип найза салганы.
Коюшканы кочкордой
Ат үстүнөн козголбой,
Кагышканы чочмордой,
Алышканы жолборстой,
Чабышканы албарстай,
Күч талашып турушуп,
Күркүрөшүп күн өңдүү,
Күрсү менен урушуп,
Ач бөрүдөй жулушуп,
Ат үстүндө урушуп,
Кырктан мылтык атышты,
Кыпкызыл канга батышты.
Тон жыртылды электей,
Туулганын астында
Томуктай болгон кара баш
Жошолоп салган челектей.
Ай балта, кылыч алышып,
Аябастан салышып,
Бешимде келди тийишти,
Өлүм тонун кийишти.
Күүгүм жетти, күн кетти,
Канкор Манас канетти?
Аткылашып, чабышып,
Ат үстүнөн бир-бирин
Алабыз деп жабышып,
Оң жагында дөө Дөбөт
Сол жагында төрөңүз,
Сонундарды көрүңүз.
Кармаган колу карышып,
Эки тулпар жарышып,
Оозун тартар дарман жок,
Булардай болуп урушуп,
Өлсө жигит арман жок,
Күндүк жерге жетиптир,
Бир биябан талаага
Бузган бойдон бу колду,
Булар чыгып кетиптир.
Түн ортосу болгондо,
Жыбырап жылдыз толгондо,
Сырттан Манас баатырың
Дөбөттү алды оң колго,
Аккула менен болкоюп,
Эңип алып Дөбөттү,
Айландырды оң-солго.
Бир кудайга зар айтып,
Бил баштаган нар айтып,
Айландырып турганы,
Көтөрүп келип куу жолго
Эр Дөбөттү урганы.
Тоо кулаган немедей,
Таш ураган эмедей
Дөбөткө ажал жеткени,-
Төрө Манас баатырдын
Балбандыгы эмей неткени,
Бадирегиң Дөбөттүн
Дагдыр ажал жеткени,
Жааннамга жаны кеткени.
Баштагы аты Саңыроо,
Балык менен Байматтын,
Бадакшан менен Кейиптин

Бара турган жолу экен,
Коросон менен Аспандын
Кошулган жери шол экен.
Кара-Кыш шаар, Шаңшуңдун,
Күн жүрүшү Ымалай,
Жалгыз көздүү каапырдын
Жаткан тоосу Даңга тоо
Жакын жери ал экен.
Дөбөт балбан өлүптүр,
Ары-бери жүргүнчү
Адамдар аны көрүптүр.
Дөбөт өлдү, союлду,
Төрөңүз күчкө тоюнду,
Мындан кийин атагы
Дөбөт жол – деп, коюлду.
Дагы көргүн неткенин:
Сарын атты миниптир,
Сандыргалуу төрөңүз
Салып жолго кириптир.
Аккула коштоп алыптыр,
Ат болушка салыптыр,
Супа садык чалганда,
Таң саргарып калганда
Сабалап колго барыптыр.
Эштек уулу Жамгырчы
Күн чыгыш жагын алыптыр.
Күркүрөтүп ок атып,
Жазайыл менен топ атып,
Менменсиген каапырдын
Беш жүзчөсүн жоготуп,
Окко учуруп ойрондоп,
Аламан жоону келтирбей,
Келемин – деп басканын
Жакең да койбойт өлтүрбөй.
Күн батыш жагы күркүрөп,
Айдаркан уулу эр Көкчө
Ак жөкөр мылтык атыптыр,
Аягынан келем деп,
Каапырдын шору катыптыр,
Төрт жүз сексен кишиси
Өлүм болуп жатыптыр.
Күн жүрүшүн көрсөңүз
Кыраан Бакай алыптыр.
Көк чыбык мылтык сундуруп,
Каршы келген каапырды
Көмө атып жанын тындырып,
Ок атууга камынып,
Милте бетке чабылып,
Түтүн башка жабылып,
Башынан түтүн ачылбай,
Мылтык үнү басылбай
Абаң Бакай атыптыр,
Келтирбестен жатыптыр.
Таздын уулу эр Үрбү
Жазайыл мылтык октотуп,
Көк милтени чоктотуп,
Жетигендин тарабын
Жел тийгизбей токтотуп.
Жазайылга ок кылып,
Ата берди эр Үрбү
Төрт жүзчөсүн жок кылып.
Тоо башын булар алыптыр,
Он миң аскер кол эле
Аларды курчап калыптыр.
Күндүн мурду чалганда
Күркүрөп Манас барыптыр.
Ак келте үнү чаңырып,
Арстан эрди карасаң
Ач кыйкырык жаңырып,
Айгайлап төрө киргени,
Кирген жерден каапырга
Алеңгир салып ийгени.
Найза салып далыга,
Көмө коюп атынан,
Көптөп келген дартынан.
Бул он миңдин артынан

Жыйырма миң ат жыкылдап,
Калаа жактан кылкылдап
Каптап келип калыптыр,
Караанын көрүп бул алтоо
Камалып тоодо калыптыр.
Капилет өлүп аларбыз,
Көпчүлүгү келгенче,
Куру кайрат баш айрат,
Токтоп туруп нетели,
Эч болбосо эл жакка
Эсен качып кетели.
Сомсоюп зоодон өлөрбүз,
Журтту кайдан көрөрбүз.
Түштүк жерде кол калды,
Колдон бери карасак
Суусуз каран чөл калды.
Түштүк жерде кол калды,
Көгөргөн дайра көл турат,
Адырга жакын биздин эл,
Акылга кирсең эми кел.
Жоого жонду салалык,
Колду көздөй бет алып,
Эми качып калалык.
Кууса каапыр барар – деп,
Кууй барса бизге да
Кудай берип салар – деп,
Түмөндөп жаткан түрк уулу
Түк бирин койбой алар – деп,
Алты баатыр кеңешип,
Аттаналы, кел – дешип,
Ай-талаада бийик тоо,
Айланасы калың жоо,
Бет алышты эрендер
Жетигендин тарабын.
Шымал жагын бет алып,
Кыйкырыгы баш жарып,
Кыйратып кирди карагын!
Эңшере коюп жоолорду,
Этегин башка түрүлтүп,
Элинин четин сүрүлтүп,
Эки катар болушуп,
Эр кайраты толушуп,
Жалпы баарын дүргүтүп,
Бет алдына турганын
Бөрү тийген кой өңдүү
Бөлгөн бойдон үркүтүп,
Аскерден чыгып алыптыр,
Ай-талаага салыптыр.
Аркасында көп каапыр
Мөндүлөшүп келатыр.
Бөлүнүп алып алтоосу
Качып алып кеткени,
Аркасынан айгайлап,
Ат коюп каапыр жеткени.
Кыйкырып келген каапырды
Кыраандарды карасаң
Кыйык атып кеткени.
Жеткенин кыйык атышып,
Кызыкка минтип батышып.
Талаадагы урушту
Аспанда жаткан калың кол
Бул эмине жумуш? – деп,
Аңкайып карап турушту.
Аңдап көрсө көп аскер
Аккелте үнү чаңырат,
Арстан эрдин – Манастын
Ач кыйкырык жаңырат.
Аны көрүп көп аскер
Ат-атына жабылат.
Атка минип дүрбөшүп,
Аттана көр, жүр! – дешип,
А дегенде ат минип,
Ат минсе да бат минип,
Найза, кылыч жарагын,
Арстандарды карагын,
Элүү миң аскер ат койду,

Ат койсо да бат койду.
Төрт жүз миң жаткан калың кол,
Мусулман колу бу күндө
Көпчүлүгү кумдан мол,
Кара-Кыштак деген бар,
Камыш менен жекен бар,
Күн жүрүшүн бет алып,
Күлдү баатыр аттанып,
Калаасы жагын алыптыр.
Ошо келген отуз миң
Ортосунда калыптыр.
Жалгыз жанды жибербей,
Жалпы ортого алганы.
Ошо келген отуз миң
Бирөө да тирүү калбады.
Кыйкырып түрктөр кирищти,
Бууругуп жаткан эрендер
Бузуп-жарып ийишти.
Жарагын таштап жүгүрүп,
Жандарынан түңүлүп,
Жан соогаттап баарысы
Жаш-карысы жүгүнүп.
Он беш миң өлүп калыптыр,
Ойронду түрк салыптыр.
Өлгөнүнөн калганын
«Ой, баатырлар, койгун!» –деп,
АбаңБакай акырып,
Аскердин четин жапырып:
«Кайда кеттиңкан Көкчө?
Кел бери!» – деп, чакырып,
«Аскериңди токтот! – деп,
Токтотпосоң колуңду
Колго түшкөн каапырды
Кырып иет окшойт!» – деп,
Эр Жамгырчы баатырды
Эми кел – деп, чакырды,
Өлтүрбө – деп, бу турган
Колго түшкөн каапырды.
Кетерге жери калдыбы?
Жесир болгон бакырды.
Көкчолок атын октолтуп,
Кыйкырып Бакай кой-кой! – деп,
Кыпчактын колун токтотуп,
Он беш миңин шол жерден
Соогат тилеп келген соң
Соо калтырды баарысын.
Сонун жарак, күлүк ат
Солондон тоноп алышты.
Ошону менен тим турбай
Көңкү аскери аттанып,
Көлдү көздөй барышты,
Жээктей конуп алышты.
Ошол күнү конушуп,
Көңүл шатка толушуп,
Төрт жүз миң аскер элүү миң
Төрөң Манас башында,
Ошол күндө баатырың
Жыйырма бир жашында.
Чаалыккан атты сугарып,
Кароолго киши чыгарып,
Кароолду катуу коюшуп,
Кош башына бир байтал
Ай туягын союшуп,
Ал күнү антип жатканы,
Таң сөгүлүп атканы.
Же Дүбүрдү алалык,
Ала албасак Дүбүрдү
Жеткен каза бар болсо
Кырылып өлүп калалык,
Кызыталак каапырга
Аянбай уруш салалык.
Аны ойлонуп көй баатыр,
Алла берсе каапырды
Кыз-катынын олжолоп,
Кыйратпай кантип калалык.
Муну ойлонуп төрт жүз миң

Элүү миң калды кошунда,
Дарыяны жээктеп,
Жата турсун ушунда.
Барабан согуп күңгүрөп,
Кагып добул дүңгүрөп,
Керней тартып бапылдап,
Сурнайдын үнү такылдап,
Туунун баары жаркылдап,
Асабасы жалпылдап,
Камчы салып тулпарга,
Кас баатырлар шаркылдап,
Калааны көздөй бет алып,
Калың аскер жөнөлдү.
Төрт жүз миң аскер барганы,
Тегеректеп алганы.
Аскерди көрүп алыптыр,
Аяр Соно осунуп,
Астыңкы күнү канына
Айтып кабар салыптыр:
«Эсеп жетер кеп эмес,
Эли чөптөн мол экен,
Эсеп жеткис кол экен,
Башчысы Манас зор экен,
Беттешкен жандын шору экен.
Бил минген балбан баатырдан
Билими артык акылман
Төртөөн союп салды – деп,
Төрө Манас баатырга
Дөбөт балбан аттанып,
Кечинде уруш салды – деп,
Түн боюнча жоголду,
Атын алып Манасы
Таң ата келип калды – деп,
Не болгонун билбейбиз,
Манас келди, Дөбөт жок,
Атын минип алды – деп,
Колдун четин кыйратып,
Кут жылдызды бет алып,
Куюлуп качып калды – деп,
Чыгып алып бадырек,
Күн чыгышты бет алып,
Көлдү көздөй салды – деп,
Көт жагынан көп аскер
Кууп кетип калды – деп.
Көрүп алып көз менен
Кабар айта келдим – деп,
Кайраттуу экен элиң – деп,
Качканын көрүп келдим!» – деп,
Кабарын айтты канына,
Каны: «Кабар бер – деди,
Калайыкты чапкылап,
Ылдам жыйып кел – деди,
Кармап алып келер да
Куут кеткен эл – деди,
Кечээ кеткен аскерден
Бүгүнгө кабар келбеди!»
Кандан жардык угуптур,
Каса тулпар ат минип,
Соно аяр тышка чыгыптыр.
Асар деген жери бар,
Аскер күткөн токсон миң
Анда калың эли бар,
Маймына деген тоосу бар,
Мында калмак жоосу бар.
Киши Арыш деген жери бар,
Мында да калмак эли бар.
Саңыроо деген сазы бар,
Калмактын кыйла башы бар,
Мусулманга касы бар,
Кайып кан деген башы бар.
Күн батышы тарабы
Ымалайга карады.
Эки түндө, үч күндө
Ал элге кабар салганы.
Айчылык жол Сура тоо
Аны көздөй бет алып,

Аяр Соно барганы,
Аяк-башы айчылык,
Аралап кабар салганы,
Ал а жактан келгенче
Эки жүз миң үйү бар,
Жаң-жуң аттуу бийи бар,
Кара күрмө, жеңи жок,
Калдайы бар, беги жок,
Кара топу, карыш чок,
Калабалуу каапырлар
Калкта мындай арбын жок.
Кызыл күрмө, жеңи жок,
Кытайы бар, беги жок.
Кыл такыя, кызыл чок,
Кыжылдаган каапырдын
Көптүгү бар саны жок.
Соно жолго салыптыр,
Отуз миң кеткен аскерим
Ойрон кылып келер – деп,
Оюна аны алыптыр.
Ошо бойдон Дүбүр шаа
Ойлонбой жатып калыптыр.
Ордодо жаткан аскерин
Манасты байлап келгин – деп,
Башта күн жумшап салыптыр.
Кеткендери келбеди,
Келип кабар бербеди.
Кеткен бойдон токтолду,
Отуз миң куба кеткен кол
Ошо бойдон жок болду.
Күн абада толгондо,
Түш абыдан болгондо
Түмөн аскер кол менен,
Дукан менен Дагалак
Арасында жол менен
Ак асаба, кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу,
Аңгеме көрсөң, мына бу.
Көк асаба, кызыл туу,
Көк жаңырган улуу чуу,
Жээктеги жол менен,
Жер майышкан кол менен
Жетип барган эр Манас.
Казактардын эр Көкчө
Кашында бар жүз миң кол,
Аскерин көрсөң сандан мол.
Айтууга болгон көп макал,
Акша каны Аксакал,
Эштектин уулу Жамгырчы
Ал баштаган жүз миң кол,
Аскерди көрсөң кумдан мол.
Кан кыпчактын Үрбүсү
Ал айдаган жүз миң кол.
Бакайы бар башында,
Манас баатыр кашында.
Жер жепирген кол менен,
Күн чыгыш жакка жол менен
Өтүп Манас кеткени,
Жылдыз чыга калаанын
Чекесине жеткени.
Калаадан чыкса какыр жер,
Чөп өнбөгөн такыр жер.
Жанга зыян кылдырбай
Баштап өткөн аскерин
Бакай деген кандай эр!
Бейбаштык кылса бекер – деп,
Мээнетке жаның кетер – деп,
Жолоочу киши өңдөнүп,
Жолуна Бакай салыптыр.
Алла кандай болот – деп,
Аскердин арка жагына
Арстан Манас баатыры
Өзү түшкөн акыры.
Көңкү жүз миң кол менен,
Дукандын көчө жол менен,
Добул согуп күңгүрлөп,

Тоо көчкөндөй дүңгүрлөп,
Эр Манас жолго салганы,
Көчөдөгү көргөндөр
Көңүлү айнып калганы.
Күн чыгышы шашкелик,
Туу көтөрүп кампайып,
Душмандын колу калдайып.
Бакай, Манас эр менен,
Санаты жүз миң эл менен
Кытайдын кыйын жагы – деп,
Калмактын калың жагы – деп,
Камданган болсо каапырлар
Бизге келер чагы – деп,
Тосуп жатсын Манасың,
Толкуган кыргыз алашың.
Жата турсун жайлашып,
Калаалыктын чөбүнө
Ат семиртип байлашып.
Аны таштап салыңыз,
Айдаркан уулу эр Көкчө
Арбын жүз миң кол менен,
Дукандын көчө жол менен
Түшчүлүгүн алыптыр,
Көчөнүн ичин көчүрүп,
Көп дүмөктү салыптыр,
Көрүнгөн малын алыптыр,
Кабарсыз баскан катын-кыз
Көчөсүнүн боюнан
Кармап кетип калыптыр.
Маймына тоосун бет алып,
Азарыш жолу а жакта,
Маймына менен Азарыш
Анын жолун алыптыр.
Базарга келген кишини
Бүтүрдү анын ишини,
Кайгайлатып калмактын
Оозунан какты тишини.
Арпа менен буудайын
Ат жеми кылды жудайын.
Арбактары колдосун,
Анда жүргөн эрлердин
Амандыгын сурайын.
Бычан менен чөбүнү,
Таталатып көбүнү
Напасына салдырып,
Кош башына он миңден
Үйүп-үйүп алдырып.
Кыямга тартып жол менен,
Кыжылдаган кол менен
Эр Жамгырчы барыптыр,
Саңыроо жолун алыптыр,
Сандыргалуу Жамгырчы
Жайнап түшүп калыптыр.
Азык менен түлүгүн,
Байлоодон минди күлүгүн,
Бапылдаган бүрүгүң
Өкүмүнө алардын
Өңкөңдөп көнүп жүрүүн.
Саман, чөбүн ташытып,
Тырмооч берип колуна,
Тери каткан аттардын
Тердик алдын кашытып.
Челек берип колуна,
Суунун салып жолуна.
Отун, суусун алдырып,
Оруп ийди чөптөрүн,
Орчун колдун атына
Оюу менен салдырып.
Арпалап атын байлатып,
Анда Дукан журтунун
Абыдан шорун кайнатып.
Аны таштап салыңыз,
Кыргыз-кыпчак Үрбүнүн
Кабарын угуп алыңыз.
Ымалай учу тоосу бар,
Ошо жактан келер – деп,

Ыңкыган каапыр жоосу бар,
Күн батышы тарабы
Үрбү баатыр карады,
Чет-чекеде калаанын
Чөбү-чарын талады.
Ороодон аштык ачышып,
Четки шаар баарысы
Мисбуруш бутка качышып,
Төрт жүз миң аскер барыптыр,
Тегеректеп алыптыр,
Чет жакада калмактар
Кудайым – деп, кужулдап
Бутканага барыптыр.
Айланасы алты миң
Кулачтаса кең болгон,
Телегейи тең болгон,
Темирден салган кең коргон
Ичи темир, тышы таш,
Элүү кулач бийиги,
Эгер бенде кирбеген,
Кирип калкы көрбөгөн.
Чымын жанга күч келип,
Чыдай албай каапырлар
Бутканага жөнөгөн.
Камалып кирди коргонго,
Калаасын камап түрк уулу,
Калдайып түшүп койгонго.
Качкандары бир кыйла,
Шол коргонго толгон го.
Ал коргонго шыкалган
Катын-бала, кары-жаш
Үч жүз миңче болгон го.
Бадышасы Дүбүр кан
Барган экен бутуна,
Майышкан экен журтуна,
«Аярлардан айрылдым,
Балбандардан жуда жок,
Оозуна таш бадирек,
Башка сендей кудай жок.
Отуз миңаскер ордолук,
Ойрон болуп жоголдук.
Калкка кабар сала албай,
Айчылык жол Сура тоо
Колун жыйып ала албай.
Кордук көрдүк мына – деп,
Душманга кор кылба – деп,
Аяк жагы Ымалай,
Аскерим бар бир далай,
Кабарсыз калкым калды – деп,
Кайнап аткан түрк уулу
Калаамды каран салды – деп,
Качкан качты, кутулду,
Калган мында тутулду.
Канды суудай агызып,
Калкымды кырат шекилдүү.
Оңой-олтоң жоо эмес,
Оңдуруучу неме эмес,
Же бир калаага карашып,
Айт дегенде кыйт деген,
Эсенкандын эли эмес.
Же Каканчындын калкы жок,
Карап турсам түрк уулу
Оңдуруучу салты жок!»
Муну айтып буркурап,
Үч жүз миңдей баарысы
Жалпы аламан чуркурап,
Үйүлүп ыйлап буркурап,
Эмгектеген жаштары
Эңгиреди баштары,
Эңкейип калган карысы
Эл ичинен калгандан
Эркек киндик азамат
Элүү миң экен баарысы,
Кандан кайрат угушту,
Карап бутка турушту,
Көргүн сонун жумушту.

Азгыруучу шайтаны
Азыр жооп айтканы:
«Айтпадым беле кечээ эле
Кылгыла –деп урушту.
Жалгызыңжатып алба –деп,
Жаныңды аяп калба!» – деп.
Бу да адам уулу – деп,
Кара санап каапырың,
Кырылса мейли муну – деп,
Айткан шайтан азезил,
Адам үчүн азгын – деп,
Акыл ойлоп муну бил.
Бири кыргын салсын – деп,
Бири кыйрап калсын – деп,
Душман экен азезил,
Тукуму калбай калса – деп,
Элүү миң калган аскерди
Түркко уруш салса – деп,
Түгөнүп адам баласы
Неме калбай калса – деп,
Кайрат сүйлөп салганы,
Кармаш, уруш калкым – деп,
Жооп айтып калганы.
Элүү миң аскер кол чыкты,
Күн батыш жакка жол чыкты.
Эр Үрбү жакка бет алып,
Элүү миң аскер аттанып,
Элүү миң жөнөп алганы,
Элдеринде бар экен
Элүү-алтымыш балбаны.
Үркөр боо деген замбирек
Он эки билге тарттырып,
Напага темир арттырып,
Урушка добул кактырып,
Ымалай жолун ачсак – деп,
Ырысы жок буруттун
Канын суудай чачсак – деп,
Кесемил аттуу балбаны
Кездешип жөнөп калганы.
Ал барганча тыяктан
Абакеңиз эр Бакай
Жүз миң аскер кол менен
Жүрдү чабуул бу жактан.
Көчөнүн ичин көчүрүп,
Жаккан отун өчүрүп,
Тамынын көбүн уратып,
Таш коргонду кулатып,
Такар берген калмакты
Көчөсүнө сулатып,
Элүү миң аскер эл менен,
Не бир балбан эр менен
Бакайың уруш салыптыр.
Көкчө кирди, баш алды,
Көргөндөр шашып калыптыр.
Көчөнүн ичи чаң болду,
Көргөндүн баары таң болду,
Эшиктин баары кан болду,
Эси оогон кыйла жан болду.
Айдаркандын кызыл туу
Асмандатып аштаптыр,
Көкчө колун баштаптыр.
Жүз миң аскер кол эле,
Элүүсүн бөлүп таштаптыр,
Аны көргөн калмактар
Кара көзүн жаштаптыр.
Бу да кирди күңгүрөп,
Атанын көйрөң журт болбос,
Аламандап дүңгүлөп.
Аны таштап салыңыз,
Эр Эштектин Жамгырчы,
Эрегишкен душмандын
Башын жарып кан кылчу,
Телкүрөңүн аргытып,
Бет алган жагын дарбытып,
Темир тонду жаркытып,
Жамгырчы уруш салыптыр.

Элүү миң колу кириптир,
Не баатырдын баарысы
Ат бууданды миниптир,
Айгайлап шаарга кириптир.
Баатырлардын өзү бар,
Мына ушундай кылсак – деп,
Макулдашкан сөзү бар.
Элүү миң аскер алыптыр,
Ат сугарып, тон жайлап,
Элүү миңи кошто калыптыр.
Эр Жамгырчы баш болуп,
Эсепсиз уруш салыптыр.
Бакчанын көбүн кыйратып,
Бапылдатып карысын,
Башка чаап ыйлатып,
Качырларын туйлатып,
Катын-кызын ыйлатып,
Чулдуратып каапырды,
Дөңгөнөсүн кыйратып,
Ошондой уруш салыптыр.
Алар менен иши жок,
Көчөнүн ичин көрсөң чаң
Көп адамдар болгон таң,
Кулак тунган жаңжуң-жаң,
Боз жорго менен акырып,
Бакай баатыр бакырып:
«Катын-кыз кармап албаңар,
Калабага калбаңар!
Байланып калат колуңар,
Баатырлар муну тыңдасаң
Болбой калат жолуңар.
Калмак жалаң бул эмес,
Кайнап калың кол келсе,
Катат бөөдө шоруңар!
Келин-кыз тийсе колуңа
Катылбагын калайык,
Кесир болот жолуңа!
Түмөндөп жаткан Дуканды
Түртүп кудай келген соң,
Түк кабынан берген соң
Менменсиген каапырды
Берекесин качырды.
Бейлиңди бузба баатыр – деп,
Мелтиреген келин-кыз
Сеники болор акыр – деп,
Тийип калар колуңа,
Катын болгун деген соң,
Кайтып кошко келген соң,
Колун артып мойнуңа,
Жанына тилеп амандык,
Жатып берер койнуңа.
Напсиңерди бузбаңар
Ай-талаада кучбаңар!
Көчөгө уруш салыңар,
Көрүнгөнүн алыңар,
Көрө элегиң дагы бар.
Көптөгөн сансыз эсеби
Аскеринин баарысы
Алыста калган чагы бар».
Аны айтып эр Бакай,
Айгайлап жолго салыптыр.
Казактан Көкчө, Жамгырчы
Үрбү баатыр неткен? – деп,
Ойрон салбай калаага
Ал каякка кеткен? – деп,
Эсине эми алыптыр.
Эрдемсиген түрк уулу
Не да болсо көрсөк – деп,
Күн батышка бет алып,
Күркүрөп жолго салыптыр.
Көчө менен ат коюп,
Ат койсо да бат коюп,
Күн бешимде чагында,
Эр Үрбү бар го жанында,
Ымалайдын жолунда,
Элүү миң аскер колунда

Он эки билге сүйрөткөн
Замбирегин алыптыр.
Сандыргалуу эр Үрбү
Убада маалым болду – деп,
Урушар өлчөөм толду – деп,
Элүү миң аскер кол алып,
Чыккан экен атанып
Дуканды көздөй жол алып.
Келе турган жолуна
Керип жааны колуна,
Кесебил чыккан жол тосуп,
Келген бойдон Үрбүгө
Калган экен жолгошуп.
Жазайылдан жаткырып,
Чабал-чубал замбирек
Отуз-кыркын аттырып,
Эр Үрбүнү киргизбей,
Бу жакта жаткан аскердин
Не болгонун билгизбей,
Кез-кездешип турушуп,
Үрбү баатыр Кесебил
Жаткан экен бул экөө
Кечке чейин урушуп.
Бешим болуп калганы,
Бети курсун калмактын,
Көкчө баатыр, Жамгырчы
Көтөрүлө барганы.
Баатырлар кайда кеткен? – деп,
Көкчө баатыр, Жамгырчы
Көрүнбөй кайда, неткен? – деп,
Көңүлгө Бакай алыптыр,
Жамгырчы менен Көкчөнүн
Көт жагынан салыптыр.
Күн эңкейген бешимде,
Эр Үрбүгө бет алып,
Урушуп аткан кезинде,
Жамгырчы, Көкчө, эр Бакай,
Аскери арбын бир далай,
Артынан кирип алыптыр.
Кесебил балбан баатырды
Келген эл шорун катырды.
Айланасы кол болуп,
Аскери курттан мол болуп,
Көтөргөнү туу болуп,
«Асирет!» –деген чуу болуп,
Кирип кетер көрү жок,
Кутуларга жери жок,
Кумдан бетер куюлган
Сурадан келген эли жок.
Жеке карап ордого,
Кызмат кылчу баягы
Мисбуруш койгон коргонго
Сексен миң аскер кол экен,
Отуз миңи кечээги
Жесир болгон ал экен.
Астында Үрбү жүз миң кол,
Жүз элүү миң кол барып,
Курчап калган жери ошол.
Элүү миң менен Кесебил
Не кыларга алы бар,
Эстен танып элейип,
Эрдемсиген солондор
Эси чыгып селейип,
Башчы болгон Кесебил
Бир убакта караса,
Аттан кулап, жер кучуп
Кулап жатыр серейип.
Не болду? – деп караса
Кутулбасын билиптир,
Кумгана деген уусу бар,
Чеңгелдеп жутуп ийиптир.
Ары баатыр, балбаны
Антип өлүп калганы,
Өткүр солон мыктылар
Өзүнө канжар салганы.
Мусулмандан өлгөнчө,

Муңайып кордук көргөнчө,
Мындай болуп өлөлүк,
Бу дүйнөдөн жөнөйлүк,
Мусулмандан буруттан,
Мурдарды кантип көрөлүк.
Муну ойлонуп каапырлар
Отуз миңи өлүптүр.
Жайылдыгын салганы,
Жарылып өлүп калганы.
Ат-тонун таштап бүгүлүп,
Жагалалап жыйырма миң
Жан соогаттап жүгүнүп,
Колун алып төбөгө,
Жагалалап жүгүрүп,
Аскерди көздөп калганы.
Амандык берди аларга,
Сиз жакка келген олжо – деп,
Күтмөгүндү болжо – деп,
Үрбүнүн берди колуна,
Алла эмне кеби бар,
Аскердин кара соңуна.
Он эки билге сүйрөткөн
Замбирек түштү колуна.
Бил үйрөткөн билчиси,
Биле турган тилчиси,
Баштатып баары алганы.
Алты миң кулач коргонго
Арасына бут коюп,
Кудайым деп койгонго
Баштап алып жөнөлдү.
Эки жүз миң кол болуп,
Жыйырма көчө жык толуп,
Жер көчүрүп акырып,
Жер жайнаган калың кол
Жаа Алдалап бакырып,
Шаймерден – деп чакырып,
Кылкандай найза жапырып,
Эки жүз миң аскери
Айлана курчап алыптыр.
Үйдөн чыгып тыгылган
Үч жүз миң адам барыптыр,
Кудайыбыз, куткар – деп,
Кужулдашып калыптыр.
Баашасы Дүбүр башында,
Эсеп кылып карасаң
Быйыл кырк төрт жашында.
Куткара көр кудай – деп,
Төгүп жашын бурчактап,
Буркандын аягын кучактап,
Бул ушинтип калыптыр,
Муну көргөн кары-жаш
Муңканып ыйлап алыптыр:
«Карып болду каныбыз,
Калбайт ко тирүү жаныбыз.
Келер ишти билүүчү
Билимдүүдөн барсыңбы?
Кура таштап, бал ачар
Илимдүүдөн барсыңбы?
Кайгыланды каныбыз,
Калабы тирүү жаныбыз?
Түрк уулунан түгөнүп,
Кеткенби чындап саныбыз?!
Эки жүз миң, токсон миң
Эсептеги үйүбүз,
Миң кишиге бир-бирден
Атактаган бийибиз,
Билгичтери бар бекен,
Не болорду билиңиз?»
Муну айтты чуркурап,
Көпчүлүк ыйлап буркурап,
Жагалалап турганы.
Мындан артык болобу
Дини кардын курганы,
Он эки билге сүйрөткөн
Замбирек менен бир атса
Ойрон кылар буларды,

Ошону билип кары, жаш
Ойбой салып турганы.
Ошоңгуча болбоду
Докеш калмак журтунан
Төлөбөк аттуу бир бала
Жыйырма төрттө жашы бар,
Айдар көкүл чачы бар,
Алып жүргөн жанында
Кырк бир төлгө ташы бар,
Балчы акеңиз алганы,
Бааузур төлгө салганы,
Төлгөсүнө караса
Орто Азия көп журту
Ойрон Манас баатырга
Колуна түшүп калганы.
Башы Кумул карады,
Аңдап турса төлгөсүн
Аягы Урумга барады.
Шымал жагы Кара-Кум,
Шашпай буга караган,
Күн жүрүшү Тагырма,
Мунун баары кутулбайт
Баатыр Манас баладан,
Шымал калкы кантти? – деп,
Балын ачып караган.
Түк немеси калбаган,
Мусулман болуп бузулуп,
Сермуз, Кырмуз, Дагалак
Түрк уулуна бу карап,
Күн чыгышын караса
Күлдү Алтай боо карап,
Оройгы деген тоо карап,
Аңгидей деген бел карап,
Байкап артын караса
Баары түшөт колуна
Манжурия жер карап.
Аяк жагын караса,
Аяк жагы алтайлык,
Ормон, токой чер карап,
Алтын тоодой кен карап,
Оркун дайра боюнда
Уюган маңгул эл карап,
Ала-Көл, Кер-Көл тең карап.
Туурадан Төрткүл караптыр,
Туйгун Манас баатырдын
Тутпаган жери калбаптыр.
Уруш кирди Бээжинге,
Ошону көрдү төлгөчү,
Аңдап көрүп анын да
Аярлыгын көрсөңчү.
Өз канына караган
Токонарат даңгадан,
Каргыш, күчөң калкынан,
Караса төлгө салтынан,
Анда неме калбаптыр,
Агасы Кошой жалмаптыр.
Аларды көрүп Төлөбек
Акка ыйман келтирди:
«Алдам өзүң колдо!» – деп,
Бу элге айтылуучу сөзүм – деп,
Не боломун өзүм – деп,
Тартып төлгө салыптыр.
Төлгөсүнө караса
Таажы кийип башына,
Нөкөр алып кашына,
Ойрон Манас баатырга
Оңуп увазир болуптур,
Дөөлөтү көлдөй толуптур.
Өкүмөт билген өзү бар,
Өзгө жандын баарына
Өкүм айткан сөзү бар.
Кудай жалгыз, куран чын,
Байгамбар ак! – деп, билиптир,
Орунунан турбастан
Ыслам динге кириптир.
Азыр турган үч жүз миң

Канчасы бар катын-кыз,
Карыядан беш миңче,
Аяк жагы бир жашар,
Асты он тогуз, жыйырмада,
Караса калкы баары аман,
Кадыр Алдам куткарган
Азыркы өлүм балаадан.
«Дарбазаны ач –деди,
Бурканды кудай дегендин,
Оозуна кара таш –деди.
Сулуу келин-кыз –деди,
Сумсайбаңар сиз – деди,
Кааласаң эр деп тиесиң,
Каалабасаңар мейлиңе
Кайтып үйгө киресиң.
Үйрөтөт ыйман, дин айтат,
Үч ай токтоп, тим кайтат.
Мусулман журту шерти бул,
Бүгүнкү күн али түн,
Эртең дигер болгончо
Бузук кылбай тим жатат.
Эгер мында бекинсең,
Үркөр боо мылтык колунда,
Таш коргонду бир атат.
Калбайбыз тирүү жаныбыз,
Катын, келин, сулуу кыз,
Жашы менен карыбыз,
Жалпы өлөбүз баарыбыз,
Не болорун билбедим
Дүбүр шаа каныбыз».
Бала көрдү бал ачып,
Барча журт турган жаны ачып,
Балды кошо карашып,
Азыр өлмөк болдук – деп,
Акылдан турган адашып.
Анык сөзүн угуптур,
Калайык карап туруптур.
Эл эшикти ачарга
Эми көзү жеткен соң
Баашаны кудай уруптур.
Таажысын алды башынан,
Буркандын турду кашынан,
Кетенчиктеп кеткени,
Кере бута жеткени,
Кайра чуркап калганы,
Карк алтын куйган буткана,
Сүзүшүүсү кочкордой,
Ыргытып урган чочмордой,
Тирелген алтын бутуну,
Тиктеген бойдон ошону,
Кудайын каргап, куу каапыр,
Колдобосоң мына! – деп,
Тизеге башын бир коюп,
Кулап калды бу каапыр.
Маңдайы бутка чабылды,
Көзүнө каны жабылды,
Көргөндөр эстен жаңылды.
Буту турат бултуюп,
Буйрук айтпай тултуюп.
Муну көрүп баарысы,
Жашы менен карысы
Баашабыздын көргөнү
Мына мындай болду – деп,
Эки күнү, үч түнү
Кудайладык чуркурап,
Не колдобой койду? – деп,
Жалынып атып ошондон
Жаныбыз мындан тойду – деп,
Казандай болгон чоң кулуп,
Калк жыйылган чогулуп,
Билектей ачкыч салышты.
Ачканында эшикти
Абаң Бакай кашында,
Акча кан бар башында,
Таздын уулу эр Үрбү,
Таза баатыр Жамгырчы

Алар кирди ошондо.
Атка минсе акжолтой,
Атышкан жоодо сан колдой,
Жортуп жүрсө акжолтой.
Жоого тийсе сан колдой,
Абаң Бакай барганы.
Кызылала кан болгон,
Кылым журту таң болгон,
Бут түбүндө булайып,
Коркурап жаткан сулайып,
Дүбүргө көзүн салганы,
Таштап аткан таажысын
Жерден Бакай алганы.
Жерге кирсин, жайыл – деп,
Желкеге кылыч бир уруп,
Башын бөлүп салганы.
«Дүбүрө өлдү каныңыз,
Аман – деди жаныңыз!»
Үч жүз миң адам чуркурап,
Жан соога – деп, буркурап,
Жаш-карысы чуркурап,
Баары турду бүгүлүп,
Маңдайына жүгүнүп.
«Жүгүнбөңөр баарың – деп,
Жүрсүн аман жаның!» – деп,
Бакай баштап карысы,
Акша баштап баарысы
Аман, аман, аман! – деп,
Айгайды алар салышты.
Аман калдык мындан – деп,
Алиги көргөн көпчүлүк
Дарбазага бет алып,
Дүбүрөп жөнөп калганы.
Жан таттысы ушундай
Аягы менен сүрдүгүп,
Адамдын баары дүүлүгүп,
Дарбазаны талашып,
Жүгүрүп жөнөп калыптыр,
Дүбүрө бааша башыны
Тебелешип салыптыр.
Эр Бакай көзүн салганы,
Эл тебелеп баратыр,
Дарбазага жакындап,
Баш куланып калганы.
«Ай-ай, калмак, токто!» –деп,
Абаңайгай салганы.
Анда Бакай кеп айтып,
Ачууланып бек айтып,
«Ай, каапырлар –деп, айтып,
Силерди кудай урбайбы,
Канча шашып корксоңда
Каныңдын башы турбайбы.
Аттап, басып өтпө – деп,
Адашып эстен кетпе!» – деп,
Эр Бакай башын алганы,
Денеси менен башыны,
Кайдасың – деп, катыны?
Кабылан Бакай чакырды.
Өз заңындай кылгын – деп,
Катынга берди башыны,
Катын алып бу башты
Жамгырдай төктү жашыны.
Катынга берип салганы,
Кудай билет бу сөздү
Чыны менен жалганы,
Кан башы болсо көпүрөө
Аттап өтпө деген сөз
Макалы бизге калганы.
Үч жүз миң турган кары-жаш
Үй-үйүнө барганы.
«Өлтүрбөйбүз өзүңдү,
Жумдурбайбыз көзүңдү.
Эр талабы олждо,
Не кыларды болжобо.
Каралаба малыңа,
Карк алтын, толгон зарыңа,

Караламйм – деп, малыңа
Каталык кылба жаныңа.
Келишкен болсо ургаачы
Кетпеймин дебей турбачы.
Каалаганын алар – деп,
Калабаны салар – деп,
Калабаны салам – деп,
Капилет өлүп калба» – деп,
Калкка жарды чакырды.
Канча желдет аткарып,
Өөдө-төмөн чаптырды.
Айтып коюп жарлыгын,
Алиги жаткан мусулман,
Ат койду шаарга канча жан.
Кара куйрук нар алып,
Айдап жүргөн андан көп.
Кажылдатып калмакты,
Казан асып, от жак – деп,
Байлап жүргөн мындан көп.
Кызыл куйрук нар алып,
Байлап жүргөн мындан көп.
Кыжылдатып кытайды
Кызыталак, кызмат кылгын – деп,
Айдап жүргөн андан көп.
Билериги алтын сулуу алып,
Минтип жүргөн андан көп.
Көп экен алтын, күмүш – деп,
Эски коргон-чалдыбар,
Немесин койбой оодарып,
Тинтип жүргөн мындан көп.
Минерине жорго алып,
Миң дилделик торко алып,
Торгун, тубар бул алып,
Бул алганга кубанып.
Соё турган союшту
Шаарынын баарына
Салык кылып коюшту.
Аксакалы Акча кан,
Акылга дыйкан Бакай бар,
Таздын уулу эр Үрбү,
Татарлардын Жамгырчы
Аз гана эмес мол менен,
Алты миң аскер кол менен
Мисбурга кылган коргону,
Бутакананын өзүнө
Боо замбирек койгону.
Замбирек үнү заңк этип,
Ок тийгенде даңк этип,
Бир кулач бир кез Мисбур бут
Кулап түштү жалп этип.
Он үч кез жерди оюптур,
Орнотуп коюптур.
Жерге казып аштаган
Чоюн менен темирди,
Бир миң жети жүз болгон
Каапырлардын теңири,
Ок тийгенде түз болду.
Асты темир чоюндан,
Карк алтындан кылган бут,
Ага кирген адамдар
Кудай жалгап салды – деп,
Кубанып көңүлү тоюнган.
Замбирек атып жыгышты,
Алтынын бөлүп алышты.
Темир менен чоюну
Көчөгө жатып калганы.
Алты миң кулач коргону,
Алтын, күмүш, зумурут
Накыш кылып койгону.
Алтын, күмүш, асылды,
Коргондун түбү казылды,
Көз кылып койгон көөхары,
Жерге түшүп чачылды.
Уруп жыгып уратып,
Ички бетин кулатып,
Шыпырып-сыйрып алганы,

Таш, болот экен салганы.
Жалаң коргон калганы,
Жүз миң аскер мусулман
Коргонго кирип барганы.
Жыйырма беш миңден кол барып,
Жүз миң аскер ол барып,
Сарайдан орун алышты
Көргөн-билген кепти айтып.
Дүбүр кандын казына
Түмөндөгөн мусулман
Жүз миң аскер барганы.
Үрпөйүшүп үркүшүп,
Чыкты качып дүргүшүп.
Казынага барышты,
Жыйылып жаткан алтыны
Жети миң төөгө артылды,
Жез буйлалуу нарларга
Жибек аркан тартылды.
Жамбысы жандан көп экен,
Он беш миң төөгө артылды.
Атилес, торгун, тубардан,
Зумурут, көөхар, жубардан,
Сери забар, инжи таш.
Шуру, бермет булардан
Куржунга салып бүктөшүп,
Алып жатып көп олжо
Кужулдашып жүктөшүп.
Калааны камап калыптыр,
Ичи-тышы мусулман
Каркап толуп алыптыр.
Ак тасмадай чоюлган,
Аркардай көзү коюлган,
Жыпарлап чачы жуулган,
Кендирдей бели буулган,
Атайы сулуу туулган
Олоңдой кара чачтуудан,
Он бештен артык жаштуудан,
Калемдей кара каштуудан,
Кайбардан чыккан түймөдөй
Алмадай назик баштуудан,
Инжиден аппак тиштүүдөн,
Жыйындан чыккан иштүүдөн,
Кебезден жумшак эттүүдөн,
Албырган кызыл беттүүдөн,
Аселден ширин кептүүдөн,
Алып жатса эптүүдөн
Сегиз миң кызын алыптыр.
Тегеректеп көп аскер
Калааны басып калыптыр.
Кан Дүбүрдүн катыны,
Кара көздөн акыры
Канчалык зейрек акылы,
Акша баатыр алганы.
Дүбүр кан кырк төрт жашында,
Акша баатыр дегени
Кырк бир жашка жаңыдан
Келген экен ошондо.
Азаматтар аңдап көр
Ар ким дуулаар тушунда,
Катыны өлүп, Дүбүр кан
Алган экен ошону
Өткен жылы кышында,
Он алты жарым жашында,
Отого-диңсе башында.
Акша баатыр алганы,
Алардын недир арманы.
Түрк уулу болуп туюлуп,
Калмакка каран салганы.
Ошо жерде жай алып,
Он сегиз күнү калганы,
Он сегиз күндүн ичинде
Орчун кошун жыйылып,
Он сегиз миң аскер барганы.
Орчун колдун сыртынан
Алар курчап калганы.
Кабылан Манас баатырың

Он сегиз күнгө былк этпей
Кошко жатып алганы.
Кошуун тыштан келгенче
Калааны булар алыптыр,
Азык-түлүк, бар жарак,
Даярданып салыптыр.
Он жүз миң орчун кол келип,
Буларды курчап калыптыр.
Муну көрүп беш баатыр
Эми арга кандай болот? – деп,
Эр Манаска барыптыр.
Элүү миңден артылбай
Калаага жатып калыңар,
Күн-күн сайын элүү миң
Каапырга уруш салыңар.
Ошону айтып салганы,
Макул болот баатыр – деп,
Урушмакка бет алып...
Алар жөнөп калганы
Манас конуп алганы.
Эсеп жеткис эл келди,
Каптачу кара сел келди,
Кайгыланган жамандар
Өлөбүз – деп сенделди.
Урушмак болгон ушул эл,
Мурунку кеткен Кошойдун
Жомогуна эми кел.
Эламан уулу эр Төштүк,
Эскиден калган Жаангер,
Баштап алып Кошой эр
Токонарат Даңгага
Күчөң урук заңгарга
Күйө, Көнү, Кара-Кыш,
Абаң Кошой баатырдын
Аңгемесин караңыз.
Култаң аяр эри бар,
Байкөш аяр деги бар,
Арсалаң аттуу баатыры,
Алардын кеткен акылы,
Бозкертиктин сыртынан
Кол баштаган эр Кошой
Бадамдуу деген өрдөшкө
Байкап жата бергин – деп,
Колду таштап салыптыр,
Кемектен калган чабдар ат,
Баса минип алыптыр.
Сексен баштуу алтын бут
Асып абаң мойнуна,
Тыгып алып койнуна,
Карап көргүн абаңдын
Кыла турган ойнуна.
Жаангердин кемерин
Байлап алды белине,
Кадимки Кемек чал болуп,
Барып калды абаңыз
Шаа Ороңгу, Бозкертик
Так ошонун элине.
Кирип Кошой калыптыр,
Өз кишиси өңдөнүп,
Катчыга катын жаздырып,
Кырмуз шаа мөөрүн бастырып,
Манас баатыр кол менен,
Кол бийлеген зор менен,
Аяр Кошой алпы бар,
Азыретин айтайын
Алты жүз миң калкы бар,
Алтайлыктан кол келип,
Камап жатыр каркы бар,
Карап турсам мүнөзү
Койбой турган салты бар.
Опол тоодон, Алайдан
Аны менен беттешкең
Ойрон болгон далай жан,
Кыргыз, кыпчак Эламан,
Кыраан Кошой катаган,
Түрк уулунан түк калбай

Аттанган экен канча жан,
Шыгай кыргыз, Өмүркан,
Кашкарды алып, жол салып,
Жаангер кожо кошо алып,
Казактардын Көкчө бар,
Карача менен Үрбү бар,
Эштектерден Жамгырчы,
Не бир баатырдын баары бар,
Камап жатыр мени – деп,
Качан келет? – деп, жатып,
Чарчап болдум сени – деп,
Чамам кетти сайышып,
Жатырмын белим майышып,
Аярлыктан куткарып,
Астыңа буюрдум Кемекти,
Азыр ылдам келбесең,
Аныктап акыр билгиниң
Башты Манас жемекти.
Аярлары арбын го,
Ар борумун карасам
Арстандай баатыр – деп,
Самандай кылып сапырып,
Кырмак болду акыр – деп,
Өңгө колуң келбесе,
Кийин келер баатыр – деп,
Кан кожого тийгенге.
Арсалаң менен Будаңчаң,
Байкүш аяр баатыр – деп,
Ороңгу турсун ордунда,
Бозкертик баштап Кейкени
Бачым келсин акыр! – деп,
Кат жаздырып алыптыр.
Кемек болуп абаңыз,
Арсалаң менен Бозкертик
Баш кошкон жерге барыптыр.
Астына барып жетиптир,
Кытайча таазим этиптир,
Култаң, Байкүш кайда? – деп,
Күйкөнө менен Бурчакты
Бачымыраак айда – деп,
Ашыктырып алыптыр.
Казат атын миңгизип,
Казат тонун кийгизип,
Сүрөтүн коюнга тыгыптыр,
Сүрдүктүрүп абаңыз,
Ороңгуга барууга
Сурап алып чыгыптыр.
Кара-Кур деген калаада,
Азыр атын Котон – дейт,
Андагы аты Кара-Кур,
Кара-Кыштан жогору
Үч күнчүлүк жолдо бар,
Баатыр Кошой бабаңыз
Кемек болуп алтоону
Алдашына караңыз.
Күйө шаар ичине
Жата турсун жанагы
Билерик аттуу балаңыз.
Дигерге жакын айдады
Барган Кошой бабаңыз.
Алты балбан ат коюп,
Ат койсо да бат коюп,
Ороңгунун астына
Күн чалганда барганы.
Кара-Курдун калаасы,
Жан-жагынын баарысы
Алты күндүк, беш күндүк
Арбын экен талаасы.
Кой, котосу малы бар,
Жылкы малы аз экен,
Миңдеген төөлөр дагы бар.
Жайы-кышы кар түшпөс,
Кара болуп жүргөн соң
Кара-Кур деп ат коюп,
Калаа болгон чагы бар.
Алты балбан ээрчитип

Абаңыз алып барыптыр.
Ары балбан, ары аяр,
Ороңгунун ордого
Алар кирди дапдаяр.
Ороңгу жайын сурасаң:
Отуз калаа улугу,
Зуң кытайдан уругу.
Эркек эмес, катындан,
Эрегишкен душмандан
Далайдын шорун катырган.
Көргөндүн көөнү бөлүнөт,
Оозу жалаң эки уурту
Үч карыштай көрүнөт.
Мурду тоонун сеңирдей,
Көзүн көрсөң каапырай,
Көп өгөгөн темирдей,
Эриндери калбайып,
Эки уурту балпайып,
Көкүрөктө эмчеги
Киндигинде салпайып,
Элүү менен кыркыңдын
Ортосунда жашы бар,
Анда-санда ак кирген,
Аргамжыдай чачы бар.
Эринине карасаң,
Меш кылып койгон суу куюп,
Көк буканын теридей,
Маңдайынын кеңдиги
Боз дөбөнүн керидей.
Ал кайраты каапырдын
Ачууланса беридей.
Алтындуу таажы отого,
Адамзат бендесин
Окшотпосун ошого.
Олтурган экен ордодо,
Ордокана коргондо.
Кемек болгон абаңыз
Келгенине караңыз.
Таазим кылып каапырга
Тактыдагы баатырга,
Каапырдан чыккан кар экен,
Карап турсаң сөөлөтү
Мурунку өткөн угасыз
Кайсар канча бар экен,
Как өзүнө караган
Отуз башка шаар экен.
Арсалаң, Байкүш киргени,
Бозкертик, Култаң балбанды,
Бурчакка көзүн салганы.
«Не ашыктың баарыңар,
Алыстан жоону көргөндөй
Ашыгып келип калдыңар?»
Муну айтып булдурап,
Калмак менен кытайдын
Каниги айткан сөзү эмес,
Ындыдан алган тили бар,
Аралаш сүйлөп кулдурап,
Ороңгу турду ороңдоп,
Ортосунан чачынын
Отуздай чычкан сороңдоп,
Каары катуу, бек айбат,
Камсыккандай кеп айтат:
«Кандай жүрсүң баарыңар,
Калыптыр ээн шаарыңар.
Кашкарды душман алды – деп,
Калабаны салды – деп,
Кабар уктум жаңыдан.
Ээн коюп шаарыңды
Тойдуңарбы жанындан?»
Анда Култан кеп айтат:
«Барбай кантип калабыз,
Кабар келди каныңдан.
Дагалакта Кырмузду,
Жаңыдан уктук кыргызды,
Кыргыздан чыккан кыйын – деп,
Кошой баатыр, эр Манас,

Кашындагы аскери
Жети жүз миң жыйын – деп,
Өзөн ылдый салыптыр,
Жолдогуну жоготуп,
Каран кылып Кашкарды,
Басып өтүп Маңгуптту,
Эсеттин журтун алыптыр,
Жан жүрбөгөн жаман жол
Түз талаа кылып салыптыр.
Сермуз, Кырмуз журтуна
Уруш кылып кириптир,
Ошончонун баарысын
Ойрон кылып ийиптир.
Кырмуз, Сермуз калаасы
Качкан бойдон токтолбой
Дагалакка кириптир.
Экинчи кан Дагалак,
Эси чыгып анталап,
Алтайлыктан келди – дейт, Аты
Манас санталак,
Чаптырган Кемек аяры
Кечинде келди анталап».
Айтып муну билдирди,
Ороңгуну бүлдүрдү.
Ороңгуда бар экен
Агыдай аттуу аяры,
Ар бир жумуш иш кылса
Айтканы келчү кыяры.
Андай болсо бат бар – деп,
Аларды айдап чыгарды.
Чыгып алып жол жүрдү,
Кара-Кыш көздөй ол жүрдү.
Кара-Кыш жолго салганы,
Жети шаар Жеркендин
Жетишкен алты балбаны,
Алдооно кирип абаңа,
Азапка булар калганы.
Баштап алып эр Кошой,
Бадамга койгон аскердин
Так үстүнө барганы.
Кароолчу болуп караган,
Катуу жумуш иштерге
Качан да болсо жараган,
Он эки миң кол алып,
Отуз балбан зор алып,
Сыйгалыктын эр Көкүл
Өзөндүн жолун алыптыр.
Баштап алып Кошоюң
Эртең эмес кечинде,
Эл жатар маал кезинде
Кароолчу болгон кулдарга,
Как ошондой күтүн – деп,
Аскер койгон жолдорго,
Капталтып абаң салганы,
Качырып чыгып кароолчу,
Алтоону кармап калганы.
Калдаң, Байкүш балбаны
Каруулашып карматпай,
Калың аскер көп колдон
Үчтү өлтүрүп салганы,
Койбой колду баратты.
Кошой абаң барганы,
Коржойгон Калдаң балбанды
Колунан Кошой кармады,
Айлантып силкти атынан,
Кемек болгон бабаңыз
Келгенде шорун катырган.
Катуу серпип салыптыр,
Кармаган колу Кошойдун
Колунда калды ошонун.
Абакеңиз эр Кошой
Кармаган Калдаң балбаны
Кабыргадан сөгүлүп,
Оң колунан бөлүнүп,
Абаңызда калганы.
Жарты-журту талпактай

Тай жарышым барганы,
Жерге тийип, күл болуп,
Калдаң балбан калганы.
Жанындагы Байкүштү
Жана бабаң кармады.
Белден алып, жерге уруп,
Бери бакпай калганы.
Көкөнө, Култаң калганы,
Арсалаң менен Бурчакты
Абаң тирүү кармады.
Азык-түлүк арттырып,
Алтын ооз кернейди
Арылдата тарттырып,
Алтындан доол How
Таң атканда көп аскер
Кара-Кышка бактырып.
Желпилдеген туу менен,
Жер айрылган чуу менен,
Алтын айчык туу менен,
Айгайлаган чуу менен
Каптап кирди талаасын,
Камап түштү көпчүлүк
Кара-Кыштын калаасын.
Бөлмө-бөлмө калаасы,
Кээси түштүк, ат чабым
Калаасынын арасы.
Бөлмө-бөлмө тоосу бар,
Адыр-адыр коосу бар,
Арасынын баары шаар.
Барган аскер төрт жүз миң,
Элүү миңден бөлүнүп,
Ар койнотто көрүнөт.
Адыр-адыр жери бар,
Арада шаар эли бар,
Ашып түшмө бели бар,
Жылып аккан суусу бар,
Кошпой бирин-бирине
Жылас кылды ушулар.
Желпилдетип төө алып,
Желини карыш бээ алып,
Адырдан коюн айдашып,
Атаны арбын кой бол – деп,
Семиздерин тандашып,
Ийрип жүргөн андан көп.
Жанындагы жигити
Үп бардыр – деп үйүндө
Кирип жүргөн андан көп.
Жери жаман чөл экен,
Аягы Сооса көл экен,
Даң-Дуң тоого таяна
Тараган көчмөн эл экен.
Баш жагында күн батыш
Баңия журту дээр экен.
Айланасы тоо болгон,
Алла кылган таш коргон.
Аз болгондо жүз миң үй,
Бир кишиси баш болгон.
Күнжүт деген шаарыны
Кара-Кыш журту барышып,
Базарлайт экен баарыны.
Шымал жагы Жеркен – дейт,
Ортосунда дайра бар,
Ойлоп аны караңар.
Отуз алты болгон шаар,
Ой-адыры толгон шаар.
Асты болгон жыйырма миң,
Арты болгон бир миңден,
Арасын өзүң ойлоп бил,
Мындай көптү ким билген.
Он беш күнү токтошуп,
Ошончолук көп журттун
Кара-Кыштын калкынын
Эсебин алды жоктошуп.
Жети жүз миң үй экен,
Жети доотай бий экен.
Келгендерин кетирбей,

Кентке кайра жеткирбей,
Тыштан киши киргизбей,
Бейжооп бенде жүргүзбөй,
Ичтен киши чыгарбай,
Уруксатсыз, жоопсуз
Суудан атын сугарбай,
Душманына каарлуу
Ким болуптур булардай,
Жаангер кожо кашында,
Баатыр Кошой башында,
Асты отуз, жыйырмада,
Так ошондой жашында,
Азаматын санады,
Аскерине алганы,
Ак ыслам дини – деп,
Ак байгамбар бири – деп,
Ыслам динге салганы.
Жүз сексен миң кол болду,
Арбып аскер мол болду.
Киргенин динге киргизди,
Кирбегендин башына
Кулагына жетпеген
Куу тумакты кийгизди.
Белгиң мындан болсун – деп,
Жекен салып, чом кылып,
Ээр ордуна мингизди.
Тумтак деген бөркүнү,
Келиштирди көркүнү.
Андай ишке киргизген
Акең кыргыз түркүнү.
Белден алды куруну,
Беттен алды нуруну.
Буттун баарын буздурду,
Мурунку улук болгондун
Жеген ашын кустурду.
Медресе салдырды,
Динге кирбей койгондун
Тартып жерин алдырды.
Тарылды жер-суусунан,
Каар көрдү ушундан,
Жаангер айткан сөзү чын,
Баар тапты канча жан,
Жүрүп-жүрүп он жылда
Баары да болгон мусулман.
Бармак болуп Жеркенге,
Даярлады канча жан,
Кол башкарган Кошой кан.
Он беш күн анда жатышып,
Көп олжого батышып,
Кабар салды калкына,
Түрк уулунун жалпына.
Котон-котон кол болуп,
Койдон аскер мол болуп,
Алты жүз миң кол болуп,
Айдаган Кошой зор болуп,
Жеркен жакка жүргөнү
Майман аттуу жол болуп,
Козголуп жолго салганы.
Аяк-башы айчылык
Котондоп кошуун келгенден
Котон атка калганы.
Кол баштаган эр Кошой,
Алардын барбы арманы!
Жер майышкан кол менен,
Жеркенди көздөй жол менен
Абаң жөнөп калыптыр,
Кара-Кыштак журтунан
Жүз сексен миң алыптыр,
Токсону балбан, беш аяр,
Абаңыз жолго салыптыр.
Кетте черүү кол менен,
Келе турсун жол менен.
Аны таштап салыңыз,
Катындан болгон каныңыз,
Кабарын угуп алыңыз.
Оронгу катын баатыры

Ойлонуп туруп акыры,
Отуз алты калаанын
Башчыларын чакырды.
Алты миң аскер эл келди,
Айыл башчы эр келди.
Кабар угуп Манастан
Кан Ороңгу сенделди.
«Азыр бүгүн апкаарып,
Чочунамын мен – деди.
Баарың келдиң жыйылып,
Көптүгүңө сыйынып,
Миң жылдан берки жумушту
Бидериң барбы балыгер,
Билдирип кабар мага бер.
Кура таштап, бал ачып,
Төлгө тартып, далы ачып,
Билермандан барсыңбы?
Айбанатка сүйлөшүп,
Тил алгандан барсыңбы?
Балбан Кошой дегендер,
Манас деген эмне эр?
Алаш деген кандай эл?
Жердегени кандай жер?
Жерден өңгөн киедей
Чыга калган кайдагы эл?
Баштатан маалим Бакбурчун,
Кан турганы Каканчын,
Кабар жок эле мындайдан,
Каканчынга караган
Букар менен Самаркан,
Мындай чыккан чукулдан
Манас деген кандай жан?
Алдырамбы, аламбы?
Аламын – деп урушсам
Адамдарды кырдырып,
Убалына каламбы?»
Ошону айтып Ороңгу,
Он үч аяр балигер
Ортосуна койгону.
Кура таштап, бал ачты,
Кужулдашып карады.
Биле албадык муну – деп,
Оңдурбайт ко акыр – деп,
Туруп көбү тарады.
Агыдай аяр калганы,
Балигердин сардалы,
Айтат экен бу дагы
Колундагы алганы
Аркардан алган куу далы.
Далысына карады,
Жанындагы балгерлер
Көбү билбей тарады.
Көргөн-билген сөзүнү
Агыдай бала айтууга
Нак ошо жерде жарады.
Агыдай бала кеп айтат:
«Ай, калайык – деп, айтат.
Башы Байгур уругу,
Түбү түрктүн улугу.
Азыркысын жердеген
Алтай тоодо туругу,
Каары катуу Каракан
Как ошондон тараган.
Арбагы бийик, Алаш кан,
Атактуусу көп болуп,
Ар тарапка тарашкан.
Кыпчак, кыргыз, маңгулдан,
Беттешкен жоосун нан кылган,
Алчын, үйшүн, найман бар,
Оолаты ногой уругу,
Ошол күндө көп болгон
Ойротту бузар улугу.
Абак менен тарагы,
Тыргоот зубун калмагы
Баары ошонун тууганы.
Азыр ушу күнүндө

Алтай тоодо турганы.
Алар менен бет алган
Адамды кудай урганы.
Бабыр кан түпкү бабасы,
Башка атасы Ногой кан,
Төбөйдүн Көгөй баласы,
Келген жери алардын
Кең Алайдын талаасы.
Ногойдон Жакып бай деген,
Алтайдын жерин жай деген».
Далыга карап дагы айтат,
Агыдай бала шар айтат,
Көрүнгөнүн, билгенин
Көп ичине жар айтат:
«Жакыптын уулу Манас – дейт,
Жар болгон азыр алаш – дейт,
Аяк жагын айтайын
Такты куруп, жай алып,
Турар жери Талас – дейт.
Баяндаймын өзүм – дейт,
Балдан көргөн сөзүм – дейт,
Кыраан Манас балага
Кылымдын баары жем болот,
Кылганы журтка эм болот,
Дагы өзүнө жар берип,
Кырк чилтен кайып дем болот.
Жараткан Алла жар болгон,
Кылган иши шар болгон,
Аскери алты сан болгон,
Алаштын журту жам болгон,
Атанып айкөл кан болгон
Айтканы журтка даң болгон,
Аз болгондо аскери
Алты токсон миң болгон.
Ак амыры шондой – деп,
Азып кетсе жолунан
Азирет Аалы пир болот,
Алганы назик нур болот,
Жери Талас күр болот,
Ченине келген эр болот,
Челишемин дегендин
Жүрөгүнө чер болот.
Ак эшен сынап тааныган,
Абурайын көтөр – деп,
Алдага күндө наалыган,
Он үч жашка келгенде
Аты Кызыр даарыган.
Аяк жагын айтайын,
Кожокматка кол берет,
Кошуунга кожо жол берет,
Дөөлөтүн кудай мол берет.
Айтканын Алла эп кылган,
Ар баашалар кеп кылган,
Бу жердеги биз түгүл
Бээжиндеги Эсенкан
Не болом? – деп, шек кылган.
Башы Камбыл, Кумулда,
Аягы Кырым, Урумда.
Күн жүрүшү Камарды,
Салкын жагы Самарды,
Жетигени Кара-Кум,
Жетер жери мына бул,
Аз жыл турат келери,
Алооке кан зор бааша
Ага кайгы берери.
Иле менен Чүйүнөн
Аскер тартып кол баштап,
Эгер чыкса үйүнөн
Чалып өтөр Чарынды,
Челпектей чайнап Челекти,
Алмалууну айдаар аа,
Бөрү-Кожо дегенге
Буйрук кылып, үй тигип,
Шаар тургузар – деди да.
Чоюн-Кулак, Кер-Көлдү,
Согушса кырар көп элди.

Кемин аттуу дуу-ду бар,
Кеби кийин угулар.
Булагасын жортулуп,
Уруша албай бузулар.
Олуя-Ата, Ташкенден,
Орчун Кокон, Маргалаң,
Оро-Төбө, Самаркан,
Ол Манастын колунан
Кутула албайт жалгыз жан.
Аяк жагын карасаң
Ызар менен Көлөптөн,
Жетигендин тарабы
Казак менен жөлөктөн,
Талабы кайтпайт Манастын
Бир Бээжинден бөлөктөн.
Айрат эски диниңден,
Ачкан балдан билинген!
Орто Азия журтунан
Ойноп-чындап бир пенде
Кутула албай ошондон.
Кумулдан өтсөң кутулдуң,
Турамын десең, тутулдуң,
Жалган эмес ушунум.
Тогуз ата өтүшкөн,
Тоо таянып көчүшкөн,
Уругу кыргыз баласы,
Катаган – дейт, бабасы.
Караган экен өзүнө
Дагалактын калаасы,
Даңгунун журтун талкалап,
Урушуп жатыр Манасы,
Жерге сыйбас кол алып,
Жеркен келет экен го
Баатыр Кошой агасы –
Баш жутуучу бабасы.
Дүнүйөнүн аяры
Түмөндөп канча жыйылса
Эч жандык жетпейт дабасы.
Наймандагы жол менен,
Жер майышкан кол менен
Алты күндө-беш күндө
Аскерин анын көрөсүң,
Ажалдууңар өлөсүң.
Анын динин кош көрбөй
Эски динде турчулар
Эмитен качып жөнөсүн».
Тамам кылды сөзүнү,
Жайнатты элдин көзүнү.
Таң калтырды суук айтып,
Ороңгунун өзүнү.
Ороңгу шондо кеп айтты:
«Агыдай бала –деп айтты,
Көкөнө, Култан, Арсалан,
Бозкертик, Бурчак, Калдаңды
Чакырткан экен Кырмуз шаа,
Кемек аяр алганы,
Баштап алып аларды
Дагалак жолго салганы,
Билинбейт бекен далыңдан
Ары балбан, ары аяр
Эмине болуп калганы?
Кеткени анын бул жерден
Төрт күнгө тамам толду – деп,
Төлгө тартып, бал ачкын
Төрөлөр кандай болду?» – деп,
Ороңгу сурап калганы.
Кайра тартып, бал тартып,
Агыдай бала карады.
Сыйпап-сыйпап далы ачты,
Жандын баары караштьы.
«Калдаң, Байкүш балбаны
Караңгы жайга барганы,
Кабылан Кошой жалмады,
Келген Кошой өзү экен,
Кемек болуп калганы.
Көрүнгөн экен көзүңө,

Кемек болуп Кошой кан
Келген экен өзүңө,
Жакшыларды кошупсуң
Жан алгычтын өзүнө».
Мусулман дини ак дин – деп,
Бурчак баатыр кириптир,
Агыдай бала далыдан
Азыркыдай билиптир.
Муну уккан соң Ороңгу
Урушка какчу барабан
Добул согуп ийиптир,
Соо болбосун билиптир.
«Жоготпоюн элди – деп,
Жоголоюн энди – деп,
Туш-тушумду жоо кысып,
Душман күчөп келди – деп,
Кошо качкан кол болсоң,
Ыракмат дейм, кубанам,
Качпай калган кол болсоң,
Лаанат деп айтып, буралам».
Муну айтып Ороңгу,
Мурункунун сөзү – деп,
Жат кылганбыз олорду,
Алла билет бу сөздүн
Арты кандай болорду.
Арабасын напа – деп,
Кошо жүрчү жан барбы?
Калдай, жаң-жуң канча бек,
Кабар салгын калкка – деп,
Токсон дорго чаптырып,
Тоодон, ойдон чакырып,
Ороңгу кабар салыптыр.
Көйү шаар орунда,
Култаңдын түшүп колуна,
Арсалаң орго салыптыр,
Арсалаңдын сулуу кыз
Ашык болуп калыптыр,
Дагалакта уруш – деп
Айтып турган адамдан
Айдап барып кырк бешин
Дагы ошого салыптыр.
Кабар алып ошондон
Ордо жаткан канча жан,
Күйө шаар калаадан,
Ыслам диндин актыгын
Ырас угуп баладан
Нургузары кыз аты,
Бу да динди каалаган.
Кыз да болуп мусулман,
Талабына жеткен соң,
Кыз үйүнө кеткен соң,
Талабына жетти – деп,
Тилегине бат жетип,
Нургузары кетти – деп,
Биз дагы айтсак болбойбу
Билерик айткан кепти – деп,
Зындандагы кырк беши
Сыр айтышып кеңешти.
Кудай жалгыз, куран чын,
Байгамбар бары ак – дешип,
Бар кудая балаадан
Куткара көр сап! – дешип,
Олтуруп алар калыптыр.
Күн чоң шашке маАлла
Көчөдөгү көп адам
Дарбып-дүрбөп алыптыр.
Кошоктогон кой калды,
Атан төө, ат көлүк
Көчөдө басып бой калды.
Муруntук сүйрөп уй калды,
Зындандагы тургандар
Көрүп турду буларды,
Бул эмине шумдук? – деп,
Бир биринен сурады.
Качмак болду каның – деп,
Эгер качпай калганың

Калбайт экен жаның – деп,
Кошой алып кол келет,
Эсепчилер эсептеп
Биле албаптыр санын – деп,
Бир өтөктүн чөбүнөн
Кошойдун колу калың – деп,
Коркутуп айткан мындай кеп,
Калаалыктан калбады,
Кара-Кур көздөй барганы,
Буруш-булуң, тоо-ташка
Кабар тийбей калганы.
Кабар азыр тийгендер
Кан Ороңго барганы.
Катын калды, эр кетти,
Канча түрлүү эл кетти.
Баланын кетти атасы,
Бар кудай өзүң кечиргин
Бардыр сөздүн катасы.
Кыздын кетти энеси,
Кызыл деңиз үстүндө
Кыйрады сынып кемеси.
Сынбаганда неткени
Отуз алты миң Жеркени
Оодарылып кеткени.
Кан Ороңгу качканы,
Калктын көбү шашканы.
Алиги Агыдай балаңыз
Өзүм кандай болом? – деп,
Өзүнө далы ачканы.
Далысына караса,
Айландырып санаса,
Алтын кемер байланып
Назик боор белине,
Аким болуп элине,
Таажы салып башына,
Каш безири болуптур
Эр Манастын кашына.
Муну көрүп Агыдай
Атына минип алганы
Качпаңар калкым мында – деп,
Насыятым тыңда – деп,
Качкан опа кылбайт – деп,
Шашпай, качпай калгандар
Шарият сөзүн тыңдайт – деп,
Бейкүнөө жүргөн бендени
Бекерден түрк кырбайт – деп,
Кан камданып ордого
Казынадагы коргонго
Ороңгу кирип калыптыр,
Орчун тышкы көп колго
Агыдай айтып салыптыр.
Акыл айтат ошо – деп,
Алыскы-жуук адамдар
Тарап кетип калыптыр,
Казына калды зар менен,
Сексен кара нар менен,
Алты жүз болду жолдошу,
Ак-Суунун четин бет алып,
Ороңгу качмак болду ошол.
Катын эле эри жок,
Каткан чал деген эри бар,
Эр деп айтар жери жок.
Оозу-мурду бырышкан,
Уштаса колу тырышкан,
Көз, маңдайы бырышкан,
Көрүнгөн менен урушкан,
Алты кадам баспаган,
Төртүнчү кадам басканда
Жер кучактай баштаган,
Бутканасын сактаган,
Торопой доңуз баласын
Күл чогуна кактаган,
Адам көргүс сасыгы,
Айлыгына кырк доңуз
Араң болгон азыгы.
Ошо түрлүү эри бар,

Оңолбогон Ороңгу
Отуз алты шаарда
Эсеп сансыз эли бар.
Эли-жерин таштады,
Кайдасың – деп Каканчын
Ороңгу жолго баштады,
Ойрон Кошой бабаңдан
Ошончолук шашканы.
Алты жүз аскер кол алып,
Ак-Сууну көздөй жол алып,
Ак-Суунун куйган чаты бар,
Астындагы мингени
Кула бээ деген аты бар,
Кумга салып чөл менен,
Түштүгүндө Сооса бар,
Аккан дайра көл менен
Ороңгу жолго салыптыр.
Жетинчи күндө жер жайнап,
Жетип Кошой барыптыр.
Ак асаба, кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу.
Көк асаба, кызыл туу,
Көк жаңырган ызы-чуу.
Каптап кирди калаага,
Кара-Курдун шаарына
Калбайлы деп балаага.
Миң койдон жүздөн айдашып,
Жүз койдон онун байлашып,
Азуулары аркайган,
Астыңкы ээрди шалпайган,
Бөйрөктөрү дампайган,
Өркөчтөрү коркойгон,
Өрдөктөй мойну койкойгон,
Жетелешип лөк алып,
Кара малды көп алып,
Сомдогон темир туяктуу,
Качкан марал сыяктуу,
Кыйган камыш кулактуу,
Кыз баладай сыяктуу,
Жал-куйругу төгүлгөн,
Жаадай сыны көрүнгөн
Кара байыр тобурчак,
Как соорусу бир кучак
Ат жетелеп алышып,
Аскерди көздөй барышып,
Төөдөй өркөч алышкан,
Ары-бери басканда
Чөгөлөшүп калышкан
Коркулдатып котосту,
Үйүрү менен айдатып,
Жайыттагы уюнан
Сайгактатып жайнатып,
Сапырылтып туш-туштан
Сансыз малды жайлатып,
Тулумдуу кара чачтуудан,
Туура он беш жаштуудан,
Турна моюн, кара көз,
Салык ийин, жазык төш,
Эмчеги тикче, эти арык,
Эңчегер бойлуу, кара каш,
Элик моюн, түймө баш
Жүз үйдөн санап бир кызды,
Он жети миң кыз болду,
Тартуу кылды Кошойго.
Качып кетти Ороңгу,
Кара-Кур шаары жык толду.
Кабыл кылды тартуусун,
Карап көргүн калайык,
Кан Кошойдун айтуусун:
«Жер жайнаган Жеркендик
Жесир кылсак сени – деп,
АбАлла саа кекендик.
Урушпадың, карадың,
Нускалуу ишке жарадың.
Буттун баарын жоюңар,
Мурунку динди коюңар.

Мурунку динде турам – деп,
Ойлонбосун оюңар.
Кыйла өрнөк баштаган,
Сегиз жүз элүү жашаган
Касиеттүү карым бар,
Кабарын угуп алыңар. .
Алла бар ак, куран чын,
Айтканына ынаныңар.
Кыямат күнү кыйын күн,
Кыйналууга калбаңар!»
Муну айтып эр Кошой,
Айгайды журтка салыптыр.
Аяк-башы жыйылган,
Абаң Кошой астына
Алты күндө барыптыр,
Насиятын кожонун
Кулагына салыптыр.
Акылмандын баарысы
Ай ушу сөз чын го – деп,
Курсагына салыптыр.
Азган-тозгон адамдан,
Алиги келген көп жандан,
Карыган эмес, баладан
Кармаганың барбы? – деп,
Колдон сурайт Кошой кан.
Билбедик да, көрбөдүк,
Чур-чур эткен көпчүлүк,
Минтип айтат мынча жан.
Билерикке неткен? – деп,
Бу шумурай куу бала
Кайсы жакка кеткен? – деп,
Жеркендиктин элинен
Маалыңдан калбай келгин – деп,
Сурап жүрдү Кошоюң,
Билериктей баланы,
Билмек үчүн ошону,
Кандайлыктан жоголду
Кайып болуп бала – деп,
Калың аскер көп колдон
Кабар берсин мага – деп,
Абаң айтып салганы.
Адамдар билбей турганда
Байлоодогу Арсалаң,
Басып турду ордунан.
Мына бул билер бекен – деп,
Байкап турду канча жан.
Кандай бала жоголгон?
Калем каштуу, нур жүздүү,
Эңчегер бойлуу, эр төштүү,
Жыйырмага жашы келе элек,
Чырымтал жүнү кете элек,
Кашкардан келе жатам – деп,
Кабарын айтып калыптыр,
Кармап келип Калдаң эр,
Биздин орго салыптыр.
Болжогула ошону,
Болсо болор шол бала.
Бүгүн отуз күн болгон,
Зынданда деп ал бала
Арсалаң айтып салганы.
Аты ким? – деп баланы
Кошой сурап калганы.
Көйү шаар Арсалаң
Көрүңөр – деп, алдырып
Жөнүн айтып калганы.
Айтканыңа азаттык!
Абаң айтып салганы.
Айтып оозун жыйганча,
Аны-муну кылганча,
Бир миң жолдош алыптыр,
Билерик келип калыптыр.
Кан Ороңгу качканда
Калктын баары дүрбөшүп,
Бирин бири жүр – дешип,
Кач-кач болуп калганда,
Зындандагы кырк беши

Капканы ачып салганда
Көчөгө чыгып калыптыр.
Нургазарың сулуу кыз
Балага көзүн салыптыр,
Чакырып кирип баланы,
Чоң урматка алыптыр.
Сеникимин мен – деди,
Селдей каптап түрк уулу
Келди деп уктум бил – деди.
Ата болгон сага да,
Тирүү болсо Арсалаң,
Амандык ага бер – деди,
Азиз кожо ак сөөк
Арстандан болсоң сен – деди.
Акыреттик шоруңдун
Напагамы бер десең,
Напагама бергениң
Күйө шаар эл – деди.
Миң киши сага кошоюн,
Атаң бар экен ак сакал,
Учурашкын сен» – деди.
Казанага байлаган,
Аркардай көзү жайнаган,
Арпа, буудай аралаш,
Жемине кишмиш чайнаган,
Алтын ээр, сым желдик,
Алып келип токуду.
Нургузарың сулуу кыз,
Насиятын балага,
Азар түмөн окуду.
Жаман болсо билеби
Арбынырaак сөз кылып,
Атакеси Арсалаң
Амандыгын тиледи.
Өзгө жан муну билеби,
Аның үчүн баланын
Тилегин ата тиледи.
Алтын дилде зар берип,
Азар түмөн мал берип,
Кызыл дилде бул берип,
Кызматына кул берип,
Нургузар жолго салыптыр.
Эки күнү жол жүрүп,
Эртесинде бешимде
Кошойго келип калыптыр.
Миң кишиси кашында,
Дөөлөт кушу башында,
Колго түшүп кор болгон
Он бир жашар жашында,
Ыйлап келди Билерик
Атасынын кашына.
Атакеси Канкожо
Кол узатып балага,
Сылап маңдай башына,
«Ак буйругу, балам – деп,
Сен жалгыздын зарпынан
Мээнет көргөн бабаң – деп,
Кайрат кылып, бел байлап,
Кошту го Кошой абаң – деп,
Он бир жылы жоголуп,
Мапызага жазган экен» – деп,
Баланын сүйдү маңдайын,
Акыр мында азиз жан,
Алла билер алардын
Акырети кандайын.
Окуп көрсөң мыланур,
Дуба кылбай калбагын,
Алымды билбей жаттадым,
Ак кагазга каттадым,
Зарлуулар жетти зарына,
Кол көтөргүн мусулман
Арбактардын баарына.
Келген бала кашына,
Алып келип атасы
Кырк миң дилде кызыл бул
Айландырып башына,

Талатты карып мискинге.
Сегиз жүз алтымыш жаш жашап,
Жан тийбеген тизгинге.
Беш байгамбар узаткан,
Берейин деп батаны
Эр Кошойду тыңшаткан.
«Кошой, балам, кел –деди,
Колуңду ачкын сен – деди.
Кандай сенин талабың,
Капилетке калбагын,
Кандай дуба алсаң да,
Алла берсин тилегиң,
Күчтүү болсун билегиң,
Алла тилек берген соң,
Кор болбойт – деп билемин!»
Бузурук айтып турганы,
Оомийин! – деп, абаңыз
Дубага колун сунганы.
Журт карады кашына,
Кол көтөрүп эр Кошой,
Койну толду жашына.
«Сенден Алла тилегим:
Калган журтум кар болсо
Как өзүмдөй билемин.
Калганымдын баарысы,
Жашы менен карысы,
Бабам Кошой колдо – деп,
Нээтине алып аттанса,
Кошой абам колдо – деп,
Сапар чыгып жол салса,
Жанчышкан жоого кол салса,
Кошулса деп орою м,
Кол көтөрүп турамын.
Жана бирөө тилегим,
Куп билемин мурунтан
Бул дүнүйө жүзүндө
Каапыр басып билерин,
Калаама кадам тартпаса,
Каапыр колун артпаса.
Кыяматка жеткенче,
Кырылып кытай бу жерден
Кайра тартып кеткенче,
Аман болсо элим – деп,
Жана бирди тилеймин,
Кайып эгем кудурет
Кай кыларын ким билет,
Аярлыкты бу жакка
Кылбай таштап салсам – деп,
Кандай тилек тилесем
Бир кереги тиер – деп,
Кайбаңа бата алсам – дейм!»
Үчтү сурап калганы.
Карыясы Жаангер
Бербердигер зулжалал
Бере көр – деп, тилегин
Үч күн, үч түн зарлаган.
Үч күн, үч түн болгончо,
Абаң кошко барбаган.
Олтуруп кожо зарлаган,
Тике турган абаңыз,
Бардашы бар эрлердин
Тилегине караңыз.
Олтуруп кожо зарлаган,
Бишараты болгончо
Бабаң тике караган.
Үч күн, үч түн, алты күн,
Бешөө өтүп бу жакка
Болгонунда жарым түн
Жарык болду нак түштөй,
Таламандын чак түштөй.
Аш бышымдай токтолду,
Адамдар жатат уйкуда,
Айбандар жатыр тамакта,
Аш бышымдай убакта
Жарыктык кайра тарады.
Караңгылык жеткенде

Кошойго кожо карады:
«Бербердигер зулжалал
Берди белем тилегиң,
Белгиси ушу жарык – деп,
Мен оюмда билемин.
Бар кошуңа, балам – деп,
Жаангер айткан жакшы кеп.
Жазылып турган алакан
Абаң сүртүп бетине,
Нээт кылды эр Кошой
Кош жагына барууга.
Оң бутун кадам салганы,
Сол бутун тартып алам – деп,
Солдоң этип абаңыз,
Жыгылып жатып калганы.
Колдон алып кожоңуз,
Кошуна барды Кошойдун.
Сиздер үчүн зарлаган,
Арбагына дуба кыл
Ай мусулман ошонун.
Эки күнү, үч түнү
Эс алды жатып кошуна,
Жанып келди эр Кошой,
Кайтсаңыз – деп,-уруксат,
Жаангердин кашына.
Улуксат алды кожосу,
Кайтар күнүн болжоду.
Алар минткен кезекте
Нуркузарың сулуу кыз
Билерик бала ойлоду.
Алсам деген көңүлүн
Бабасына айтып койгону.
Бабаң Кошой баш болуп,
Он алты күн тойлоду.
Арсалаң балбан, ары аяр
Айтып ыйман шол жерде
Мусулман болду дапдаяр.
Арсалаң кан камданып,
Ак буйругу ушу – деп,
Мурунку кылган ишине
Муңайып өзү таңданып,
Алдырып кызды өзүнө,
Аңдаңар кызык сөзүнө,
Кызды кошту балага
Кызык үлкөн той кылды
Кара-Курум калаага.
Ат чаптырып, той тартып,
Алтымыш төөгө жүк артып,
Берди кызын балага.
Жаангер алып баласын,
Кумырабат талаага,
Бара турсун Жаангер
Кумар аттуу калаага.
Аны таштап салыңыз,
Абаң Кошой сөзүнү
Аңдап угуп алыңыз.
Алай, Күнжүт арада,
Асемил аттуу талаада
Акбай, Мамбет келсин – деп,
Абаң кабар салдырды.
Анжиянда Алооке
Аким болгон жепжеке.
Алоокеге караган,
Абалдан ишке жараган,
Аркалаарга тууган жок,
Атабыз мындай эле – деп,
Ата жолун кууган жок,
Кошулуп алып калмакка
Кошо жаткан эл болуп,
Коргон-Базар жер болуп,
Агыш менен Кожошту
Аны да абаң алдырды,
Акбай менен Мамбетке
Кел – деп кабар салдырды.
Кара шаар, Кашкарды
Калкын абаң башкарды.

Жеркен менен Котонду
Жергелүү журтун которду.
Дагалактан келгени
Төрт жүз миң жан элүү миң,
Кошуп алып Котонду
Жети жүз миң кол менен
Жеркенди минтип которду.
Жеркен менен Кашкардан
Үч жүз миң аскер башкарган,
Өңкөй баатыр, өң балбан,
Көрсө душман таң калган,
Көк менен жердин арасын
Көз айныган чаң кылган.
Ал адамдар шаттанган,
Кан Кошоюң баш болуп,
Даңгууну көздөй аттанган.
Желеги жибек, кызыл туу,
Жер жарылган ызы-чуу.
Айчыгы алтын, кызыл туу
Айгайлаган ызы-чуу
Аяк-башы үч күндүк,
Асты-артына көз жетпей,
Айткан менен сөз жетпей,
Найзанын учу жылтылдап,
Аскердин башы кылкылдап,
Жер союлуп былкылдап,
Аргымак аттар алкылдап,
Алтындуу калкан жаркылдап,
Атышчу киши кайда? – деп,
Азаматтар жалкылдап,
Жеркенден чыгып жол менен,
Жер майышкан кол менен,
Даңгууну көздөй бет алып,
Түмөндөп түрктөр аттанып,
Казатка чыкты эрендер,
Кармашып жүрүп каапырдан
Кан төгүлсүн дегендер.
Колду Кошой которду,
Союштарын айдатып,
Жолго күлүк байлатып,
Басып өттү Котонду.
Даңгуу жакка кол жүрүп,
Так отуз күн жол жүрүп,
Жетти жакын жерине
Кан Дүбүрдүн элине,
Дукан шаар калаага,
Отуз төрт конуп арага,
Бер жагында түшчүлүк
Самарноо деген талаага.
Алиги Манас кондурган
Аспиян деген суусуна
Ат өргүтүп, эс алып,
Эки күн жатып ошого,
Кан абаң баштап колуну,
Таамайлап даңгыт жолуну,
Бара турсун бабаңыз
Баатыр Кошой абаңыз.
Аны таштап салыңыз,
Арстан Манас баатырдан
Айтылсын кабар алыңыз.
Башын уруп бутуна,
Өлгөн эле көрдүңүз,
Дүбүрө деген каныны,
Түк койбой талап түшкөнү
Дукан аттуу шаарыны.
Төрт жүз миң аскер кол менен,
Төрө Манас зор менен,
Ашыгы бар элүү миң,
Ал өңдөнгөн элде ким?!
Отуз миң барган аскердин
Он беш миңи кырылып,
Он беш миңи колдо тим.
Элүү миң барган аскери
Эр Кесебил баш болуп,
Отуз миң өлүп калыптыр,
Жыйырма миңи калыптыр.

Жесир кылып түрк уулу,
Отуз беш миң аскери
Алар да тирүү калбаптыр,
Он сегиз күн ортодон
Өтүп болуп алыптыр.
Орчун улуу кол барып,
Олорду камап калыптыр.
Элүү миң аскер аттанып,
Эң мурунку күнүндө
Эр Көкчө уруш салыптыр.
Тамга кирип жатышып,
Дабырап кирип келгенде
Тандап туруп атышып,
Көчөнүн жолун буушуп,
Көчөдөн кайра куушуп,
Көбүн, азын билдирбей,
Өзүнүн элин бүлдүрбөй,
Там мааналап жатышып,
Тантыбастан атышып,
Коргонду түптөп жатышып,
Коркпой туруп атышып,
Баатырсынып келгендин
Башын жара аттырды,
Маанайына келтирбей,
Баарын кууп качырды,
Каттатпай жатып калаага
Ал күнү күндү батырды.
Чыңоолду чыңдап коюшту,
Чымырканып келгенди
Түк жибербей союшту.
Абыдан мыкты баатырдан
Кароолду катуу коюшуп,
Кайрат менен келгенди
Капилет жерден союшуп,
Ал күнү антип жатышты,
Күнү-түнү эр Көкчө
Калмак менен атышты.
Эртеңки күнү таң атып,
Көчөнүн ичин чаңдатып,
Кыпчак Үрбү кыйкырып,
Көчөнү буул жатышты,
Кеч киргенче атышты.
Кеч киргенче токтолуп,
Кароол коюп катуулап,
Чыңоолун чыңдап коюшуп,
Чыккандарын башка атып,
Каапырдан канча союшуп,
Ал күнү жатып калыптыр.
Таң атканда кыйкырып,
Эр Жамгырчы барыптыр
Көчөнүн жолун байлатып,
Каапырдын көзүн жайнатып,
Калаасына киргизбей,
Кайра сүрүп айдатып.
Төртүнчү күнү төрөңүз
Бакай баатыр жөнөңүз.
Кошто Манас калыптыр,
Колду Бакай алыптыр,
Койгулашып кечкече
Кытайга уруш салыптыр.
Ай туягын союшуп,
Кароолду катуу коюшуп,
Кароолго каршы келгенди
Капилет атып союшуп,
А күнү антип коюптур,
Эртеси шашке маАлла
Каапыр кайнап толуптур.
Сура тоодо каапырлар,
Каапырлардын ичинде
Сүрү суук баатырлар
Төрт жүз миңдей кол менен,
Догон баатыр зор менен,
Лоп дайранын күн жагы,
Дабаң аттуу жол менен,
Күн жүрүштө коосу бар,
Кут жагында көлү бар,

Арада Дабан чөлү бар,
Арбак урган каапырдын
Арбындыгын көрүп ал,
Ар канча кыйын болсо да
Алабыз деген көөнү бар.
Шашкеликтен шаркылдап,
Туунун башы жаркылдап,
Асабасы жалпылдап,
Аскерине жакындап,
Добул согуп күңгүрөп,
Тоо көчкөндөй дүңгүрөп,
Башта келген он үч миң,
Баштаганы Кайып даң,
Кара чоктуу ойротто
Кайраттуусу мындай ким,
Азыр келди төрт жүз миң,
Баатыр Догон башында,
Догон келип көрүштү
Кайып даңдын кашына.
«Дуканды туташ алыптыр,
Душман экен түрк уулу,
Кыйырына кыргын салыптыр,
Кыз-катындын баарысын
Олжо кылып алыптыр,
Бадыша турган базарың,
Мааниси болбой калыптыр.
Бара албадык шаарына,
Бата албадык акыры
Мусулмандын каарына».
Кайып кан келип кеп айтып,
Ыйлап-сыктап Дуканга
Ойрон кылды – деп айтып.
«Өлгөн окшойт, каныңыз,
Өчүн мындан алыңыз,
Бар аскерди башкарып,
Өзүңүз уруш салыңыз.
Калаада жалгыз жан калбай,
Карагандан тал калбай,
Карманарга мал калбай,
Кызыл ээк чалдарды
Кырган окшойт түк койбой,
Кызыл муштум балдарды,
Эмгектеген жашыны,
Эңкейип калган карыны.
Неме койбой Дуканга
Кууган окшойт баарыны.
Көбүрөөк калган экенбиз
Көк теңирдин каарына,
Көрөр киши калбаган
Дүбүр кандын шаарына.
Үч жүз миңдей үй эле,
Үч дуу-дусу бий эле.
Жаң-жуң, доотай бар эле,
Күн жүрүштүн журтуна
Бел болгон Дүбүр кан эле.
Эсенкан калды эң алыс,
Арага түшүп койдурар
Кандардан жок эч калыс.
Ындыстан каны үч айлык,
Бээжиндин шаары бек ыраак,
Ой, антпе – деп, айтарга
Ортосун алды мусулман
Орустун журту деги ыраак.
Коросан, Аспан мусулман,
Кой – деп айтар киши жок,
Коркомун – деп, ушундан
Догонго айтып Кайып даң
Кабарын айтып салганы.
Айтканын угуп Догон дөө
Айран-азыр калганы.
«Найзанын учу жылтылдап,
Аскердин башы кылкылдап,
Жер союлуп былкылдап,
Ат тыныксын, эс алсын,
Адам тынып жайлансын,
Тамак ичип шайлансын,

Анан кийин бул иштин
Табармын – деп айласын
Эр Догон айтып салганы,
Макул ушу кебиң – деп,
Кайып даң кабыл алганы.
Катыла албай бата албай,
Жай-жайына эки кол
Жайнап жатып калганы.
Эртесинде шашкеде
Кара сакал жайкалтып,
Кара бозду чайпалтып,
Тууну тууга урдуруп,
Тозоңду көккө бурдуруп,
Сурнай кулак тундуруп,
Алтын туулар жаркылдап,
Асабалар жалпылдап,
Дин мусулман аскери
Асан айтып каркылдап,
Кошой келди кол менен,
Дагалактын жол менен.
Шымал жактан кол келди,
Шапкер тартып мол келди,
Карaанын көргөн каапырга
Кара жанга зор келди.
Жер жүзүнүн кумдары
Карап турсак буларды
Түрк уулу болуп алганбы?
Же болбосо катыгүн
Дүнүйөнүн баарысы
Бизге каарын салганбы?
Ойлоп көрсөк каапырай,
Орто Азия журтунан
Ойрон Манас албаган
Неме калбай калганбы?
Шаардагысы канча? – деп,
Дагалак журту кошулуп,
Кара-Тегин, калча – деп,
Кийинки келген колдору
Алып келди жер жайнап
Аспияндын басып жолуну.
Караанды калктан бөлүндү,
Карап көрсөк алыстан
Арбыныраак көбүрөөк
Калчанын колу көрүндү.
Болот экен жаман – деп,
Мусулман мынча жыйылып,
Бузулган экен заман – деп,
Муңайып каапыр муну айтып,
Шымал жакта кытайлар
Шашкалактап калганы.
Шапкер тартып эр Кошой
Калаага жакын калганы.
Качып чыгып кытайлар:
Мусулмандын колунун
Арасында калбайлы,
Арам өлүп албайлы,
Калаанын ичи мусулман,
Тыш жагынан карасак
Кол баштаган Кошой кан.
Шымал жагы дүрбөшүп,
Шашып, коркуп бир-бирин
Ылдамыраак жүр! – дешип,
Атка камчы салышып,
Алеңгир жаа, сыр жебе
Асынышып алышып,
Ала байрак, көк найза
Далысына салышып,
Калмактын баары калкылдап,
Чабуулдашын талпылдап,
Он төрт жүз миң кол болуп,
Ой-талаага жык толуп,
Олор жатып калганы.
Асан айтып баркылдап,
Абаң Кошой барганы.
Арстан Манас, эр Көкчө,
Жамгырчы, Бакай барганы,

Абакеңиз Кошойго
Саламдашып салганы.
Баштагыдан бешбетер
Дукандыктын журтуна
Азап түшүп калганы.
Азык-түлүк, атка жем...
Дукандыкка болгон – деп,
Мал-башынан түңүлүп,
Баары калмак бүгүлүп,
Эч бир чыгар жер таппай,
Элеңдешип жүгүрүп,
Атканага корголоп,
Агып жашы шорголоп,
Ичкерки үйгө барышып,
Азиз жандан түңүлүп,
Аманат жан курусун,
Бекинип жатып кай бирөө
Ачкасынан карышып,
Катын-кызын ээ кылбай
Караламан боз балдар
Жетелеп чыгып барышып,
Жерге киргир, тим жат! – деп,
Билгенин кылып салышып,
Аялуу жерин жарышып,
Аштык менен түлүгүн
Ээ кылбай сууруп алышып,
Калаасын камап алганы,
Каапырлар куурап калганы.
Канданып болуп үч күндө
Аттанып уруш салууга
Он беш жүз миң кол менен,
Орто көчө жол менен,
Баатыр-балбан баарысын
Маш урушка үйрөтүп,
Дүбүрө кандын замбирек
Он эки билге сүйрөтүп,
Урушмакка аскерин
Урган таштай күүлөнтүп,
Түрк уулунан түк калбай,
Канкор Манас баш болуп,
Катагандын кан Кошой,
Казактардын эр Көкчө,
Эламандын Төштүгү,
Эштектердин Жамгырчы,
Жедигердин Багышы,
Жеткир чалдын Агышы,
Кара жаак эр Үрбү,
Кандын жээни Жүгөрү,
Көкмөктөрдүн Керкөкүл,
Көчпөс уулу эр Жанай,
Буудайыктын Бурчагы,
Куруштардын Мунары,
Жеркендиктин Арсалаң,
Жер жайнаган мусулман
Калаадан чыгып турушту,
Карагын сонун жумушту.
Он беш жүз миң кол менен,
Кайып, Догон зор менен,
Кайкалатып жер жүзүн
Эки аскер каршы турушту,
Эрөөлгө чыгып эрендер,
Эки-экиден урушту.
Каапыр менен мусулман,
Карап турган канча жан,
Бүтүн көкөн жыгачка
Үйдөй чоюн аштаган,
Кандай жанды чапса да
Жерге кийрип таштаган,
Бир миң колду бир өзү
Жан ойлонуп шашпаган
Догон чыкты токтолбой,
Мусулмандан бир баатыр
Буга беттеп октолбой,
Майданда Догон акырды
Баатыр, балбан бар болсоң,
Кел бери! – деп чакырды.

Көтөн ооз көк бараң,
Атса жарым замбирек,
Асынып алып бадирек,
Алеңгир жаасы колунда,
Алтымыш кез найзасы,
Алган кармап колуна.
Байнегин көрсөң баары алтын,
Жандыгын көрсөң сары алтын,
Эки жүз батман оору бар,
Каапырдын мындай доору бар,
Учун кайкы келтирген,
Урушканын өлтүргөн,
Сабын алтын чыгарган,
Заар менен сугарган,
Чапкан жоосу сулаган
Узун кылыч байланып,
Көкө Теңир колдо – деп,
Лаат-манатка жалбарып,
Минген аты Чамбыл ат,
Моюнунда жалы бар,
Болжоп көрсөң мүчөсү
Кыр сеңирдей шаңы бар,
Кутусун салып койнуна,
Мылтыгын салып мойнуна,
Карап тургун Доюндун
Кыла турган ойнуна.
Жоондугу жаасынын
Асый өгүз белиндей,
Азыркысы сөөлөтү
Дөө-перинин элиндей,
Жоондугу найзасы
Карагай устун бүтүндөй,
Астындагы Чамбыл ат
Качырганы түтүндөй,
Кантип турсун бул каапыр
Урушууга күтүнбөй.
Айгай салып акырып,
Дөңгү-Даңгу – деп, айтып,
Атасынын атын чакырып,
Ураанын бийик салганы,
Уруп кеткен бул каапыр
Урушка кирип калганы.
Алакандай түрксүз,
Ары жоктон жүрүпсүң,
Кыргыз, казак, татарсың,
Кыйкырсам өлүп жатарсың,
Тийишкениң тим калбай,
Келгениң шоруң катарсың.
Катагансың, калчасың,
Ар жагың алың канчасың?!.
Өзүбек бар, сартың бар,
Өлүүчүңөр мага кел
Сагынасың ажал дартың бар.
Муну айтып Догону
Кышкы кирген буурадай
Кычырап келип турганы.
Айтканын Кошой угуптур,
Айгайлап колго чыгыптыр:
«Эламан уулу Төштүксүң,
Эштектин уулу Жамгырчы,
Айдаркандын Көкчөсү,
Атактуу баатыр Мамбетсиң,
Жакыптын уулу Манассың
Жаңы өргүгөн баласың,
Жайыл каапыр чыкканга
Жалпы түрктүн уругу
Жашынып кандай каласың?!
Көрбөйсүңбү каапырды,
Көбүңөрдү чакырды,
Бу жердеги баатырдан
Барбайсыңбы боо бир жан?!»
Муну айтып эр Кошой
Айкырып айгай салганы.
Бар баатырлар чогулуп,
Манасты көздөй барганы,
Өлөмүн деген барбаса,

Өзгө киши не барсын.
Ажалы жеткен барбаса,
Асти киши барбас – деп,
Эрөөлгө чыгып эрсинген,
Эгерде тирүү калбас – деп,
Акылдан танып алдырап,
Атактуу баатыр баарысы
Карап турду жалдырап.
«Аксакал Кошой карыңар
Канкор Манас өлсө – деп,
Каалаган болсоң баарыңар
Мен барайын бетпакка,
Бели катуу чоң Кула ат
Алып кел – деп, бер жакка!»
Токутуп ондоп Кула атты
Тоодой болгон бул атты,
Бар жаракты байланып,
Жоо жаракты шайланып,
Кайра жаар булуттай
Каары жүзүнө айланып,
Кадыр Алла колдо! – деп,
Жаратканга жалбарып,
Жарагын белге чалынып,
Шаймерденге жалынып,
Азирети Аалы шерлердин
Шейит кечкен эрлердин
Арбагына сыйынып,
Соот менен кыягын,
Бар жаракты кийинип,
Сонун көргүн сыягын,
Минди баатыр атына,
Карап турсаң бу дагы
Жан теңеле албай затына.
Аккула минип болкоюп,
Накери бутта чойкоюп,
Кылыч белде кыңгырап,
Айбалта жанда шыңгырап,
Сыр найза колдо зыңгырап,
Аккелте жондо жаркылдап,
Ак асаба, сур желек,
Асабасы жалпылдап,
Майданга чыкты бакырып,
«Манастап!» ураан чакырып,
«Сура тоодо жериң – деп,
Динсиз кытай элиң – деп
Койбой турган эмедей
Компоюп кайдан келдиң? – деп,
Башкы атам Бабыр, түбүм түрк,
Оозуңа келген кепти айтып
Оолугасың сен бүрүк.
Жараткан Алдам жар болсо,
Жаның кетер жаннамга».
Жаалданып эр Манас,
Кайратына кал таңга.
«Баатыр болсоң эр Догон,
Качыр бери, жалтанба!»
Ошону айтып эр Манас
Жаадай болгон чоң Кула ат,
Атка камчы салганы,
Айкырган бойдон эр Манас
Качырып кирип барганы.
Астындагы чамбыл ат
Аябай камчы салганы,
Каарданып эр Догон
Качырып бу да калганы.
Калмак ээр кашы – деп,
Как жүрөктүн башы – деп,
Баатыр барат бер жактан.
Алтын ээр кашы – деп,
Ай балканын башы – деп,
Тикирейип тиктешип,
Эрдин кесе тиштешип,
Атка кылып өкүмдү,
Айгайлашып жетишти,
Көргөн адам таң калып,
Көөдөнгө коюп кетишти.

Коюшканы кочкордой,
Кагышканы чочмордой,
Ошондо да эки дөө
Ат үстүнөн козголбой.
Үзөңгүсүн чирешип,
Төшкө найза тирешип,
Күчү эмей неткени,
Астындагы аттары
Сүрдүккөн бойдон артына
Кере бута артына
Кетенчиктеп кеткени.
Сүрдүгө түшүп оңолуп,
Тозоңго кирип жоголуп,
Атына камчы салышып,
Акырган бойдон барышып,
Найзаны төшкө салышып,
Шилтеди найза очоюп,
Найза төшкө тийгенде
Астындагы аттары
Олтурган иттей чочоюп.
Жал-тизгинден кармашып,
Жалдырашып карашып,
Астындагы аттары
Бакбаягы майышып,
Баатырлар экөө сайышып,
Каапыр менен мусулман
Карагандын баарысы
Кантер экен булар? – деп,
Кабыргасы кайышып,
Көтөргөндө найзасы
Көк чыбыктай майышып.
Камчы салды атына,
Кара санга катыра,
Калмактардын Догон дөө,
Кабылан Манас болбосо
Ким чыдайт анын дартына.
Өнөрүн жоого баштаган,
Үкөк деген жыгачка
Өзү билип аштаган,
Үйдөй ташты бир чапса,
Үбөлөнтүп таштаган
Күрсүнү күүлөп алганы,
Сура тоону жердеген
Дукан шаар балбаны,
Туйгун Манас баатырга
Качырып башка салганы.
Тогуз кабат кылдырган,
Чапканда көңүл тындырган,
Айланасы төрт кулач,
Арстан Манас баатыры
Калкан тосту акыры.
Күчтүү күрсү чабылды,
Калкан башка жабылды,
Калканга келип карс этип,
Сыртына күрсү чабылды,
Калкандын алтын купасы,
Туулгага чагылды.
Калкандын сырты карк болот,
Болотко болот чабылып,
Туш-тушуна ширенди
От төгүлдү жагылып,
Аны көргөн адамдар
Акылынан жаңылып.
Күркүрөшү күн болуп,
Карарганы түн болуп,
Беттерине чырымтал,
Бери болсо каапырай,
Беш байпактык жүн болуп.
Аман калып акыры,
Арстан Манас баатыры
Таш көмүргө таптаган,
Карагайга саптаган,
Көөкөрчө кылып ийдирген,
Кыл кыял кылып чийдирген,
Чагарак алтын сомдогон,
Чапкан жоосу оңбогон,

Эшик эндүү ай балта
Имерип колго алганы,
Өтө берген Догонду
Оройго төрө салганы.
Калканынын сыртына
Катыгыраак чабылды,
Калмактардын Догон дөө
Акылынан жаңылды,
Ар тарапка жайнаган
Ширендиси жабылды.
Оңоло түшүп ол каапыр,
Кылычын сууруп, кыйкырып
Кыраан эрге келатыр.
Аны көрүп эр Манас
Айкожо берген Ачалбарс
Кылычын колго алганы,
Кыйкырышып бир-бирин
Кылыч тосуп калганы.
Кылычка кылыч чабылып,
Кылычтын тийген мизине
Кыпкызыл жалын чагылып,
Көргөндөр эстен жаңылып.
А да мылтык октоду,
Милтелерин чоктоду.
Мергенсинген бу кулду
Оң көзүнөн атайын,
Маарекеге батайын.
Муну ойлонду эр Манас.
Мергенсинген бу кулду,
Мени атчу куу кулду,
Оң кезүнөн оёюн,
Ошо жерде соёюн,
Ойрон кылып коёюн.
А да маша ирмеди,
Бу да маша ирмеди.
Урушканга болгон маш,
Бул экөөнүн машасы
Баталашкан немедей
Казанчыкка киргени.
Көк бараң үнү күркүрөп,
Аккелтенин добушун
Уккан каапыр журтунун
Тула бою дүркүрөп.
Мылтыктын үнү күп этип,
Экөөнүн огу дүп этип,
Ок ортодо сүзүшүп,
Ара жолго түшүшүп.
Жана дүрмөт салышты,
Жаалданып калышты.
Маңдайы – деп, башы – деп,
Ирмеп маша калышты,
Маша кошкон немедей
Маша тартып салышты.
Калкан жапкан бетине,
Туулганын четине
Көк коргошун жабышты.
Көрүп турган көңкү журт
Өлдү го – деп, бирөө – деп,
Көңүлүнө алышты,
Көпчүлүк көзүн салышты.
Баштарында ок менен
Бир-бирине акырып,
Ат коюшуп калышты.
Жаалданып ал экөө
Жакалашып калышты,
Эми салды эңишти,
Айырып алсак экен – деп,
Калмактардан экөөсү
Ат коюшуп келишти.
Аларга көзүн салганы,
Кошой баштап жүз баатыр
Коюп атты калганы.
Жүз кишиси жетер – деп,
Догон дөө баатырды
Өлтүрүп коюп кетер – деп,
Жүз миң каапыр ат койду,

Кайып даң баштап бат койду.
«Каапырды кудай урду –деп,
Каптагыла муну!» –деп,
Эр Бакай айгай салганы.
Немеси калбай эки кол
Качырышып калганы.
Каапыр менен мусулман
Ат коюшуп киргенде
Дүйнө жүзү бузулган.
Капкараңгы түн болду,
Каапыр менен мусулман
Бир-бирин көрбөс күн болду.
Тозоң басты, чаң алды,
Бул кыргынды көргөндө
Адам уулу сандалды,
Асмандагы дөө-пери
Айбатына таң калды.
Чак түш күнү түн болду,
Далай журтка дүң болду,
Бир мусулман, бир каапыр
Бир-бирин көрбөс күн болду.
Тозоңу тоодой бурулду,
Токмоктошуп бир-бирин
Эки аскер эпсиз урулду.
Чаң созулду асманга,
Табылбады чоло жер
Ат аягын басканга.
Мылтыктан түтүн булады,
Мыктыдан кыйла сулады.
Туусу туудан бөлүнбөй,
Душман кайсы, эл кайсы,
Бир-бирине көрүнбөй,
Ай балта башка шак этип,
Найза төшкө так этип,
Кыйкырып кылыч чабылып,
Кызыл кан бойго жабылып,
Көргөндөр эстен жаңылып.
Туу түбүнө турушуп,
Туу такандап урушуп,
Колтуктун баары чоюлуп,
Колдун баары жоюлуп,
Канаттын баары кайрылып,
Чапандын баары айрылып,
Этектин көбү түгөнүп,
Ээрдин кашы үбөлүп,
Эриндин баары кесилип,
Эмчектин баары эзилип,
Көздүн көбү тешилип,
Кол, аяктар кесилип,
Баштын көбү алжайып,
Уурт айрылды жалжайып,
Башы, көзү кыпкызыл
Тула боюн кан жайып.
Колу сынып кокуйлап,
Кобо албаган дагы бар,
Аягы сынып алсырап,
Башы айрылып кансырап,
Эли, жоосун биле албай,
Эстен танып тантырап,
Элеңдеген дагы бар,
Бирөө кокус жетет – деп,
Кылыч, найза, бар жарак
Белендеген дагы бар.
Чоюн баш тийип ууртуна
Булчуйгандар дагы бар,
Ай балта тийип мурдуна
Былчыйгандар дагы бар.
Найза тийип көзүнө
Олойгондор дагы бар,
Кылыч тийип карыдан
Чолойгондор дагы бар,
Кулагын кылыч шыпырып
Молойгондор дагы бар,
Бая эртең менен өлүшүп,
Дени сууп, кан агып
Солойгондор дагы бар.

Кылыч тийип мойнуна,
Кан куюлуп койнуна,
Көтөрө албай башыны,
Көздөн ирмеп жашыны,
Жыгылганы дагы бар,
Эбак өлүп жан чыгып
Шылкыйгандар дагы бар.
Урушту көргөн таң калган,
Уюган жерде кан калган,
Какырлуу жерден суу аккан,
Айгайлаган чуу аккан,
Суу ордуна кан аккан,
Калбады бирөө жан баккан.
Жазайылдан жаткырып,
Замбирек үнү күркүрөйт,
Туш-тушунан аттырып.
Башы боштон бир жан жок,
Кайра качкан тирүү жан жок,
Кабаарышкан эки кол
Карап бекер турган жок.
Шоркураган кан чыгып,
Коркурай түшүп жан чыгып,
Азууларын аркайтып,
Астыңкы эрдин шалпайтып,
Кең соорусун даңкайтып,
Келиштирип койбосо
Жомокчулар калп айтып,
Жолдо калган өлүктү
Ат тебелеп жалпайтып,
Ат өлүмү андан көп.
Муруттарын чычайтып,
Оozдорун ыржайтып,
Жомокчулар койбосо
Уйкаштырып ырды айтып,
Эр өлүмү сандан көп.
Мылтыктарын кучактап,
Мерген өлүп жатыптыр,
Күрсүлөрүн жазданып,
Балбан өлүп жатыптыр,
Таажылары башында,
Кандан өлүп жатыптыр,
Кара аламан кара журт
Салгылашып талаада
Сандап өлүп жатыптыр.
Калкандар жатыр калкайып,
Калган экен кырылып,
Канча өлүк жатыр даңкайып.
Найзалар жатыр сулайып,
Азамат жатыр булайып.
Чылбырын сүйрөп ат жүрөт,
Шымдакчан басып эр жүрөт.
Жарасы бар, жаны аман,
Ошондо да ойлонот
Арамзада көп жаман:
Бу кыргын жанды алат ко,
Ушинтсем жаным калат ко.
Бу акылды ойлошуп,
Көп өлүктүн ичине
Тирүү кирип сойлошуп,
Бир топ өлүк четинде,
Орунунан зоңкойтуп,
Бир өлүктү солтойтуп
Кармап алып бетине,
Каапыр менен мусулман
Карсылдашып кеткенде,
Мылтык атып баарысы
Тарсылдашып кеткенде,
Мылтык атып, жаа тартып
Былчылдашып өткөндө,
Кызталакты кыйрат! – деп,
Кырчылдашып кеткенде,
Кыпкызыл кан боюнан
Чылпылдашып өткөндө,
Дөбөлөнгөн өлүктү
Тебелешип өткөндө,
Кызталакты өлтүр! – деп,

Бирин бири кыйкырып,
Жемелешип кеткенде,
Астында жаткан өлүктүн
Аягы тийип көлүктүн,
Туяктын орду канталап,
Тура качып анталап,
Мөңкүп жүргөн сандан көп.
Атты сайып алышып,
Аман-эсен калышып,
Кол ичинен ат коштоп,
Жөңкүп жүргөн андан көп.
Күүгүм кирди, күн кетти,
Калың аскер канетти?
Далай эрден жан кетти,
Какыр, ойбут жерлерден
Суудай агып кан кетти.
Догон менен салышкан
Баатыр Манас канетти?
Аскери кирип калган соң,
Бир-биринин башына
Акыр заман салган соң
Кыйын уруш салыптыр,
Кыраан Манас, эр Догон
Кылым журттан бөлүнүп,
Бойлорунан экөөнүн
Кыпкызыл кан төгүлүп,
Кыраан Манас баатырдын
Абыдан ачуу келгенде:
«Алдам колдо!» – дегенде
Көзү көрбөй көр болуп,
Кулагы укпай кер болуп,
Соот-кыяк, чарайна
Айрылчудай жык толуп,
Алданы алып эсине
Ай-ааламдын баарысы
Көрүнбөй кетип көзүнө,
Кандай адам токтосун
Канкор эрдин өзүнө,
Жаракты белге чалынып,
Шаймерденге жалынып,
«Эртеги өткөн эл билген
Эр Үрүстөм ага – деп,
Намнахарман баба – деп,
Жардам эткин мага – деп,
Кызыр Илияс, кырк чилтен
Колдогонуң кана?!» – деп,
Астындагы чоң Кула ат
Камчыны катуу салганы,
Качырышып бир-бирин
Каршылашып барганы.
Барып Манас баатырың
Белбоосунан алганы,
Тебетейдей көтөрүп:
«Теңир урган каапыр!» – деп,
Жерге уруп салганы.
Жерге тийип нан болду,
Тегереги кан болду.
Астындагы чамбыл ат,
Атын коштоп алыптыр,
Аскерди көздөй бет алып
Кайра тартып калыптыр.
Кайра тартып караса
Тогуз уулдун кенжеси,
Эламандын эркеси,
Кыпчактардын кыйыны
Алдын тосуп барыптыр,
Соогат баатыр, соогат! – деп,
Атын сурап алыптыр.
Бузулган тамдай локуюп
Мурдар Догон калыптыр.
Атын берип Төштүккө,
Алгын тоноп итти – деп,
Манас айтып салыптыр,
Макул болот, баатыр – деп,
Төрө Төштүк барыптыр.
Тону менен жарагын

Тоноду Төштүк карагын.
Ошондо бешим кези эле
Ачуусу менен эр Манас
Акылы кеткен, нез эле.
Кызуусу менен кыйкырып
Колго кирип калыптыр,
Чакыр-чукур сайышып,
Аскерлер уруш салыптыр,
Күн батыш жагы Ымалай,
Самсып келген көп аскер
Саңыроонун сазынан
Кайып даңдын кашынан,
Алты жүз миң кол менен
Аскери шондой мол келген.
Ошо барган боюнча
Ойронду Манас салыптыр,
Астын-үстүн кыйратып,
Аралашып калыптыр.
Күлүктүн бели ийилген,
Көпкөк темир кийинген,
Кытайча таажы башында,
Кырк миң аскер кашында,
Кыйкырыгы баш жарып,
Лаатмат – деп айкырып,
Лайламалаху – деп,
Кайып даң баатыр бакырып,
Кыраан Манас баатырга
Кыйкырып найза салганы,
Найзанын учун бек кармап:
«Алдам колдо!» – деп, кармап,
Бура тартып Кула атын,
Бучкакка камчы салганы,
Күлүктү минген чуратып,
Күркүрөгөн Кайыптын
Найзасын суурып алганы,
Султан эрдин колуна
Найза кетип калганы.
Найзасына каралап,
Аты менен сабалап,
Артынан жөнөп калыптыр,
Аралашкан урушта
Аңдабай кирип барыптыр,
Кыйрашкан кыргыз колу экен,
Кыраан Бакай ол экен.
Капталдан Бакай жеткени,
Качырып найза неткени,
Жаадай кара ат үстүнөн
Жагалданган Кайып даң
Жалп этип кулап кеткени.
Сандыргалуу Бакайдын
Найза жанчса соо кылбай
Адистиги эмей неткени.
Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Күлдүрүүчү Абдылда
Оң колунан бири алып,
Сол колунан бири алып,
Көк бөрү тарткан немедей
Көтөрүшүп кеткени,
Көп аскерге жеткени,
Көкжал эрлер карасаң
Эрлиги эмей неткени:
«Бадиректи байла – деп,
Мага десең ар жакка
Башын кесип жайла!» – деп,
Кошко таштап салганы,
Койгулашып булар да
Колго кирип калганы.
Догон баатыр өлүптүр,
Өлгөнүн калмак көрүптүр.
Жагалалап буркурап,
Жалпы баары чуркурап,
Кайдасың? – деп, бир-бирин,
Суралга колун бөлүптүр.
Караңгы кирди, кеч болду,
Калк тарашар кез болду.
Аман, аман, аман – деп,

Эми урушсак жаман – деп,
Кошой баатыр бакырып,
Колго кирди акырып.
Аман, аман, аман – деп,
Эми урушсак жаман – деп,
Аяр Соно акырып,
Ташкур деген бир балбан
Колго кирди бакырып.
Бир жагы калмак бөлүндү
Даңгуулап ураан чакырып,
Күргүндөшүп күркүрөп,
Төш таянып дүркүрөп.
Мусулман журту акырып,
Жаа кудайлап бакырып,
Азирет! – деп, бир-бирин
Кел бери – деп чакырып,
Эки аскер эки бөлүндү,
Эрлердин каны төгүлдү,
Эртеси туруп караса
Элдин жаткан өлүгү
Жуушаган койдой көрүндү.
Ок, кылычтан, найзадан
Окус өлгөн көлүгү,
Үстү-үстүнө жыгылган
Үйүлгөн таштай көрүндү.
Кан агыптыр сел болуп,
Ат-көлүгү аралаш,
Кырылган кылым эл болуп.
Кыргыны бул урушу,
Кылымга маалим жумушу.
Урушта өлгөн жандардын,
Даңгыт журту заңгардын,
Мусулман менен каапырдын,
Өлгөн өңкөй баатырдын
Көпчүлүк эмей неткени
Орток уруш болгон соң
Кыяндай каны сел болуп
Лопко куюп кеткени.
Көл чети болду кызыл кан,
Көп кырылды канча жан,
Көлдөн адам суу ичпей
Көргөн адам болгон таң.
Үч жүз миң жети жүз болуп
Көп кырылган мусулман.
Карап көрсөң каапырай
Калмакта канча баатыр ай,
Өлүгүнө сан жетпей
Жер кучактап жатыр ай,
Как ошентип олтурса
Адам уулу жалганга
Калбайт белем каапырай.
Жасанып барган кол үчүн,
Баатырлары мол үчүн
Өлбөгөн экен мусулман.
Түрк уулунан түк өлбөйт,
Түгөл өңдүү көрүндү,
Аман деген аскер бул –
Үч жүз миң жети жүз киши
Жан тынынан бөлүндү.
Калган экен караса
Каапырдын журту теңделип,
Калгандай болуп уруштан
Жадаган экен сенделип.
Капкасында камалып,
Калкы келип болгончо,
Калың аскер толгончо,
Алыскы колу келгенче,
Аны-муну дегенче
Камоодо калып кайгырып,
Колдогу сексен миң колдон
Аңдабай туруп айрылып,
Дүбүрө баштап кан өлгөн,
Уруш болуп бүгүн күн
Жети жүз миң, жан өлгөн.
Он беш жүз миң сексен миң
Ошончолук кол эле,

Башкаруучу баарысын
Бадыша Дүбүр кан эле,
Адам жеңбес дегени
Балбан Догон ал эле.
Журту бай, эли арбын – деп,
Дүнүйө жагы мол эле,
Ымалай, Саркан жердеген,
Бендеге намыс бербеген,
Капшытымда дээр эле,
Кайып даң деген эр эле.
Сегиз жүз миң кол калды,
Эки аскердин ортосу
Кунан чабым жол калды.
Өлгөндөн калган тирүүсү
Көбү болгон жарадар,
Өбөктөшүп жүрүштү.
Мусулман журту ыйлашып,
Ата-энебиз барбы? – деп,
Муңая түшүп чыйрашып.
Мында келгин, мына – деп,
Бирин бири сыйлашып.
Канетебиз минтпесек
Каапыр кордоп баратыр.
Кыжылдаган каапырдын
Кыйырынан мурун кирбесек,
Кылык менен жоругун,
Кылар ишин билбесек
Кызыл ээк чалдарга,
Кызыл муштум балдарга
Кыйын кылып салабыз,
Кытай болуп калган соң
Убалына калабыз.
Эркине койсок не кылбайт,
Эмки тууган жаш балдар
Эртели-кеч кеп тыңшайт,
Кытайдан бөлөк эл жок ко,
Айтканы анык деп тыңдайт.
Башынан китеп келбеген,
Бар кудайым мындай – деп,
Байгамбар буга бербеген,
Абалдан китеп келбеген,
Олуя буга бербеген,
Көптүгүнөн каапырды
Адам уулу жеңбеген.
Жууп өлүк көмө албай,
Жураты түрк болгон соң
Журт бетин кайтып көрө албай,
Өлгөнгө ыйман айта албай
Жаштарга жаман болбойбу,
Батып калган дининен
Башын алып кайта албай,
Түбүбүз түрк болгон соң
Менин түбүм мындай – деп,
Кызыталак кытайга
Кыйындык сөзүн айта албай
Уруулуу журттун баарына
Урушбасак бел байлап
Убал кылып салабыз,
Уламалуу молдо жок,
Улуу Даңса колдо жок
Убарага калабыз.
Түрк уулунан түк койбой
Кырып кытай салбайбы,
Кайрат кылса азамат
Канын төгүп каапырдан
Башын ачып албайбы?
Каракандын тушунда
Кан экенбиз ошондо.
Алаш кандын тушунда
Адам экен ошондо.
Байгурдан кийин белүнүп,
Бача талак биздин түрк
Башаламан көрүнүп,
Калмак болуп канчасы,
Каапыр болуп баашасы,
Маңгулмун – деп бөлүнүп,

Башын алып көрүнүп,
Бир-бирине кас болуп,
Билимдүүсү аз болуп,
Азиянын жеринен,
Азып кытай элинен,
Самарканды, Букарды,
Аким болуп кытайлар,
Тамам алды буларды.
Чети Күнжүт, Камасты
Баарын кытай албаспы?!
Кор болду деп түрк уулун
Чыгарган го кудурет
Кошой менен Манасты.
Күн чыгышың жатыр го
Себер мухит көлүндө
Күн батышың жатыр го
Нургаптын Кызыл-Белинде.
Алдың Котон, Жеркенде,
Азым Кашкар дегенде.
Ар жагында кудурет
Насип буюрса бербейби.
Үч жүз миң кишиң өлүптүр,
Өлгөнүн көзүң көрүптүр.
Каапыр өлдү саны жок,
Карап көрдүк өлчөөсүн,
Кайрат кылып урушсак
Кармашуучу жаны жок,
Баары жесир калды го,
Башкаруучу каны жок.
Догон өлүп калганы,
Бир башчысы Кайып даң
Колго түшүп алганы,
Караламан не кылат,
Калк башкарар калбады.
«Аттын баарын сугар –деп,
Алдырады булар –деп,
Чөп чалдырып салыңар,
Жеми барың жем берип,
Даярданып алыңар,
Канча адамың өлдү экен,
Эсебин кыл баарыңар!»
Муну айтып эр Манас
Кабар салды калкына,
Кабылан Кошой алпына.
Көз жетеби бу сөздүн
Чыны менен калпына.
Катагандын кан Кошой,
Казактардын эр Көкчө,
Эламандын Төштүгү,
Эштектерден Жамгырчы,
Кыпчактардын Үрбүсү,
Кыргыздардын Бакайы,
Кыйла жакшы чогулуп,
Кыдырды колдун далайын.
Айбалта тийген башына,
Жолдошу келген кашына
Мына муну жуткун – деп,
Койсоңузчу, сага не болгон?
Колуң менен туткун – деп,
Колтугунан көтөрүп
Жөлөп аткан андан көп.
Жарасы жаман экен го,
Тербелсе күчөп кетер го.
Жаш баладай жаткырып,
Бөлөп жаткан мындан көп.
Ок жуткуруп окшутуп
Өпкө, жүрөк кан го – деп,
Тозгу менен копшутуп,
Минтип аткан андан көп.
Сөөккө жакын ок бар – деп,
Коргошун тинтүүр кылышып,
Түрткүлөшүп, сайгылап,
Билип аткан мындан көп.
Так ушу жерде турат – деп,
Наштар менен мылгытып
Тилип аткан сандан көп.

Кыйшык бүтөт, кызыталак,
Былк этпестен таңдыр – деп,
Шакшак кылып даярлап,
Тай мөңкүгөн немедей
Минип аткан сандан көп.
Баланча жери жара – деп,
Ишенбесең ага сен
Жаман экен кара – деп,
Билип аткан сандан көп.
Кустурма берип кустуруп,
Күйүккөн экен ушу – деп,
Уулжан берип ичинен,
Эски дартын буздуруп
Жазылып аткан андан көп.
Сенин атың жакшы эле,
Бүгүнчө бере турсаң – деп,
Асылып аткан сандан көп.
Кош-кошунан топтошуп,
Балан киши жок – дешип,
Эсеп алып жоктошуп,
Майдан жерге баралык,
Өлүгүн таанып алалык,
Өлүгүн көөмп салалык.
Муну айтышып кай бирөө
Ондон-бештен келишип,
Өлүктү көздөй желишип,
Урушпасын бүгүн – деп,
Эл урушпай калды го,
Өлүп кеткир, жүргүн – деп,
Жолдошун кошуп алышып,
Урушкан жерге барышып,
Каапыр менен мусулман
Кайсы экен? – деп, аңгарып
Калдайып жаткан өлүктү
Оодара салып аңтарып,
Тааныганын өңөрүп,
Кошун көздөй жөнөлүп,
Келип жүргөн андан көп.
Баланчанын өлүгүн
Таба албадым дагы – деп,
Өлүк көрсө аңтарып
Желип жүргөн сандан көп.
Балан жерге балаңча
Өлгөн экен көрдүк – деп,
Келип жүргөн андан көп.
Күйөр киши жок беле?
Неге издеп барбайт? – деп,
Эртеден таап албайт – деп,
Салпылдатып өңөрүп,
Алып келип кошуна
Берип жүргөн сандан көп.
Айбалта, кылыч, канжарды
Талаада жатып калганда
Алып олжо кылууга
Терип жүргөн андан көп.
Мусулмандын аскери
Күтүп жатып калганы.
Кемегедей бир жерди
Кемире чаап оюшуп,
Кыяматта көрөр – деп,
Кызылала боюнча
Кийими менен коюшуп,
Көөмп аткан сандан көп.
Өлүк жыйды, кеч болду,
Өңкөй каапыр нез болду.
Каапырдын журту кайгырып,
Калдык деди чуркурап
Кан заададан айрылып,
Баашабыз Дүбүр башта жок,
Байкап турсак көзүбүз
Тыйылуучу жашта жок.
Эл четине тарадык,
Эсеп кылсак канча жыл
Эсенкан деп карадык.
Арабызды көл алып,
Ат жеткиз жерди чөл алып,

Кабар жетпей каныбыз,
Каары катуу түрк уулу
Калбай тирүү жаныбыз,
Өлүм келди башка – деп,
Күч келтирдик жашка – деп,
Ыйлап көздү шишитип,
Чалап суусун ичишип,
Аттарынан түшүшүп,
Жайыл кытай далайы
Бу көрөкчө алгын – деп,
Кара жерди сүзүшүп.
Өлүк көмгөн заң эмес,
Өлүгүн жыяр дагы эмес,
Жайнап жатыр өлүгү,
Жанында жатыр кошо өлгөн
Айбанаты, көлүгү.
Сегиз жүз миң кол калып,
Мунетишип калыптыр.
Он эки жүз миң кол калган,
Түрк аскери мол калган,
Башчы болгон баарына
Бабаң Кошой зор калган.
Баатыр Манас эр да бар,
Башка урук эл да бар,
Уруша турган добулду
Кагып булар салганы.
Атка минип мусулман,
Уруша турган жерине
Дүңгүрөшүп барганы.
Эми урушар жайы жок,
Эси чыккан, шайы жок,
Эл башкарар байы жок,
Мусулман каптап барганда
Ымалай тоону бет алып
Ыктап кетип баратыр,
Аты жүрбөй калганды,
Аламандап кытайды,
Атын алып, өлтүрүп
Мыктап кетип баратыр.
Туу көтөрүп калкылдап,
Жарактын баары жаркылдап,
Көйрөңүрөөк боз балдар
Көтүнөн чаап талпылдап.
Кууп артынан жетесиң,
Курган неме экенсиң,
Кытайга кирип барган соң
Кыя тартып жаа атса,
Бөөдөдөн өлүп кетесиң.
Качып берген жоо болсо
Катын да сайып албайбы,
Капталып калсаң огуна
Кадемиң катып калбайбы.
Барба илгери, чаппа – деп,
Барамын – деп, эрдемсип
Башыңа балаа таппа – деп,
Жаштарын кары жемелеп,
Кас буудандын баарына
Камчы салып жебелеп,
Дукандын калды калаасы,
Үч күнчүлүк жол экен
Чөл менен тоонун арасы,
Ар жылгага кол кирип,
Көрүнбөй каапыр карасы,
Мусулманга калды го
Шаар Дукан калаасы.
Атам өлдү, көрдүм – деп,
Качкан экен калкына
Кайып даңдын баласы.
Баласынан уккан соң
Кара кийип, чач жайып
Калган экен энеси.
Кере күндүк жол экен
Ымалайдын талаасы.
Ымалай менен Саңыроо
Ал экөөнүн арасы.
Асыроо-Маймын тоосуна

Эки жүз миң кол качып
Кирди кокту оозуна.
Сураны көздөй суналып,
Чаң асманга буралып,
Келген экен урушка
Капкайдан каапыр куралып.
Белес ашып, таш басып
Беттей албай түрккө,
Кыйындык түштү башына
Кытай деген бүрүккө.
Карагайлуу чер менен,
Эки жүз миңдей эл менен,
Ашып артуу бел менен
Сүрүлүп качты, жоголду,
Сүйүнөрсүң түрк уулу,
Эми ишиңиз оңолду.
Догон баатыр эр өлгөн,
Төрт жүз миң эле келгени,
Эки жүз миңге жетпеген
Элине качып жөнөлдү.
Асыроого бет алып
Аскери качып барыптыр,
Ар тарапта эли бар,
Айыл конгон жери бар,
Арасы тоонун талаа бар,
Астан-астан калаа бар,
Аман койбой түрк уулу
Аламандап талаңар.
Он эки жүз миң аскери
Ошончо жүрбөс талаада,
Ошо дагы бас – деди,
Олжосуз кантип калабыз,
Ойронду буга салабыз,
Жылкысы тоодо көрүнсө
Жылдырып айдап алабыз.
Муну ойлонуп түрк уулу
Бөлөк-бөлөк бөлүнүп,
Атактуулар туу алып,
Мен мында – деп, көрүнүп,
Он эки миң кол барып
Ымалай тоо, Асарга,
Маймын, Кубаң, Тазарга
Бет-бетинен ат коюп,
Ат койсо да бат коюп,
Алды каткан кытайлар,
Аталары биригип
Аралашкан калмак бар,
Тоо да, токой, караган,
Тополоң түштү канча жан.
Тоодон аша качышып,
Эси чыгып шашышып,
Ормондорго тараган,
Кутулсак деп балаадан,
Кужулдаган канча жан.
Тоо башына тарашып,
Жоо канетер экен? – деп,
Тоого чыгып карашып,
Жоголдук эми – деп ойлоп
Жоболоңду санашып,
Бири келген, бири жок,
Бир-биринен адашып,
Каапырлар качып калыптыр,
Мурун жеткен кытайлар
Өргүтүп үйүн салыптыр.
Калмак, кытай канчалык
Кайнап жаткан эли бар,
Төө-Жүрбөгөн аташкан
Туш-тушунда бели бар,
Азаматтын баарысы,
Агала болгон карысы
Катын-бала карабай,
Кайрылууга жарабай,
Качып жолго салыптыр,
Аламандап, чабуулдап
Аскери алаш барыптыр.
Тигилген бойдон үй калды,

Тирелген бойдон дан калды,
Жайылган бойдон мал калды,
Ээсиз калган малдарды
Жабылып айдап албайбы.
Кайнаган бойдон чай калды,
Байлаган бойдон тай калды.
Желеде калды кулуну,
Ымалай эли куруду.
Курубаса не болду,
Таштап атып өрүшүн
Качып алып кеткени,
Артынан кууган мусулман
Талап алып үй-үбүн
Талабына жеткени.
Тоодон түшүп оюна
Чоң өзөндүн боюна
Жата турсун жалпыңыз.
Качкан жоону чапмакта
Мурунтан калган наркыңыз.
Аны таштап салыңыз,
Арстан Манас баатырдын
Алла эмине сөзү бар
Кабарын угуп алыңыз.
Жүргөн экен жол менен,
Жүз элүү миң кол менен.
Саңыроо жолго салыптыр,
Самсып аткан үркүнгө
Аралашып калыптыр.
Буйласын сүйрөп төө калды,
Бурала баскан жөө калды.
Жүк көтөргөн лөк калды,
Жүрбөгөн малдар көп калды.
Астананы өрдөгөн,
Ажалсыз бенде өлбөгөн,
Айгайлап кирип келгенде
Алып жанын жөнөгөн.
Кайрат кылар калбаган,
Каптап жетип мусулман
Катын-кыздан кармаган.
Катындар жүрөт каралуу,
Калган каапыр жаралуу,
Кабак-кырдын баарысы
Кайгайлаган ызы-чуу,
Көңкү кирген мусулман
Көтөргөнү кызыл туу.
Ак-Даңгыл деген колотту
Арбын көч өрдөп алыптыр,
Аркасында үч жүзчө
Жасоону бөлүп салыптыр,
Аламын – деп, ат коюп,
Астыңкы барган кыргыздан
Алтымыш өлүп калыптыр.
Атка минсе акжолтой
Атышкан жоодо сан колдой
Абасы Бакай барыптыр.
Жаанын огу жаңылып,
Омуроого ок тийип,
Өңүрүн кызыл кан кылып,
Өзгөлөрүн таң кылып,
Аркасынан үркүндүн
Абасы Бакай бөлүндү.
Алиги көчтүн соңунда
Айбаты катуу көрүндү.
Сур жорго минип теңселген,
Супту кийип белсенген,
Кундуздай чачы куюлган,
Куурайдай бели буулган,
Кийген тону карк алтын,
Чарайна, соот, кыягы,
Чабуул барган көп аскер
Чак келбестей сыягы,
Астындагы сур жорго
Алтындуу така, күмүш мык,
Жарк-журк этет туягы,
Алеңгир жаа колунда,
Көп үркүндүн соңунда,

Атса жаасы кыркырап
Алла кайда жетиптир,
Айбатын көргөн мусулман
Жолой албай ошого,
Көч алдына барсак – деп,
Көбү жонго чыгып кетиптир.
Баары саадак атчуудан
Үч жүз жолдош алыптыр,
Үркүндүн арка жагынан
Минтип түшүп калыптыр.
Кашындагы жолдошу
Отузу кыз, өңгөсү эр,
Аңгемесин тыңдай бер,
Отуз кызы ок атат,
Найза, кылыч жеткирбей,
Оолактан атып жоготот.
Эки жүз жетимиши бар
Баары мылтык төп атат.
Эркектен артык кайраты,
Эми көрсөң ошо кыз
Үркүнүнөн түк бербей
Элдин шорун кайнатты.
Сулуулугун сымбатын,
Арзан менен кымбатын
Адам өлчөп билбеген,
Жарагынын баары алтын,
Жаман кийим кийбеген,
Бейжообунан калмактан
Бенде үстүнө кирбеген,
Калктан ашык мында көрк,
Кайып даңдын кызы экен,
Атын уксаң Карабөрк,
Кылчаңдашып мусулман,
Батына албай ушундан,
Жанынан коркуп чочушуп
Бара жаткан канча адам.
Артынан Манас келгени:
«Азаматтар не болдуң
Алыңар олжо!» – дегени.
Акымбек уулу Меңдибай:
«Аркадан куру келдиң ай.
Эми келдиң эр болуп,
Эрдемсинип баргандар
Кара жер менен тең болуп,
Эки жагы капчыгай,
Жандап өтүп жан чыкпай,
Коктуну үркүн алыптыр,
Кайып даңдын кызы – дейт,
Кыз ошондой болорбу,
Кырып салды каапырай.
Жолоп болбойт буга окшош
Маңазын доңуз какайга,
Окусунан келе атып
Ок жаңылды Бакайга.
Мылтык эмес, жаа тартат,
Кез көрүм жерден көмө атат,
Көрүнгөндү жара атат.
Кыргыздын жолун бууду – деп,
Кызды кудай урду – деп,
Кылым элден ким көргөн
Кыздан мындай кууну» – деп,
Меңдибай кабар салганы,
Берен Манас баатырың
Айтканын угуп алганы.
Айтып оозун жыйганча
Омуроосун кан кылып,
Эр Бакай келип калганы.
Качып каапыр кайрылбай
Урушпайт ко дегенсип
Оюна мурун алыптыр,
Чарайна, соот, кыягы,
Качкан жоо кайрат кылбайт – деп,
Ойлонгон экен сыягы,
Омуроосу кызыл кан,
Сол өңүрү бу жагы,
Жоо-жарагын киймекке,

Шол кызга барып тиймекке
Келген экен кезенип,
Кебин айтып Меңдибай
Турган экен безенип.
Бакайды көрдү кан болгон,
Баатырдын көөнү карк толгон.
Өрттөй көзү кызарып,
Өрдөктөй мойну узарып,
Астындагы Кула атка
Аябай камчы салганы,
Найзаны колго алганы,
Үркүндүн арка жагынан
Манас жөнөп калганы.
Окус болот экен – деп,
Ор кызыл менен тепеңдеп,
Бакай барат бакырып:
«Майып болбо, Манас!» – деп,
Жетпей барат чакырып.
Ачуусу келген эр Манас
Желегин жерге жапырып,
Жетти жакын качырып.
Жамгырдан бетер жаа тартты,
Жазайыл менен топ атты,
Апкаарыган адамдар
Алыс атты, жерди атты,
Жебенин огу кыркырап,
Жең, жакасын ок. жулуп,
Өтүп кетти зыркырап.
Чаң артында буркурап,
Көч көтүндө жасоосу
Тоого качты быркырап.
Жаалына тура албай
Жалпы калмак кол качты
Жагалалап чуркурап,
Эркек качты, кыз калды,
Не бир кыйын уз калды.
Кызды таштап кетүүдөн
Карабөрк аны кызганды.
Кайыптын кызы Карабөрк
Кыздарын таштап кете албай,
Баары ошонун нөкөрү,
Астыңкы көчкө жете албай,
Ал кыздардын баарысын
Өнөр окко үйрөткөн,
Аралап кирди эр Манас
Октой Кула ат күүлөнткөн,
Жаа атууга маш кылып,
Жаа атууга бурулткан,
Таштап кетпе, эже – деп,
Жаңкы кыздар куруткан.
Курутпаса неткени,
Аккуланы чуратып
Арстан Манас жеткени.
Найза менен сайсам – деп,
Кыялына кеткени.
Кыя тартып ошондо,
Кылычы бар колунда,
Кыз Манаска жеткени.
Кызга кылыч чаптырбай,
Кылыч туткан колуну
Чапа кармап алыптыр.
Сол кол менен имерип
Ат тизгинин алганы,
Бура тартып жолунан,
Кылыч, жаа жарагын,
Колдон алды карагын.
Сары алтындан тону бар,
Тал чыбыктай бою бар,
Ошондо да Манаска
Жамандык кылар ою бар,
Колго түшкөн бу кыздын
Салтанатын коюңар.
Көөхардай жарык көзү бар,
Бал, шекердей сөзү бар.
Кирпиктери сайылган
Киши карап тургандай,

Анык жүзүн көргөндөр
Ашык болуп кургандай.
Коош мурун, калем каш,
Короз моюн, түймө баш,
Өтүгүнүн өкчөсү
Жаркыраган жакут таш.
Тиши тунук акактан,
Кыз да болсо айбаты
Арстандай кандай жан.
Бети жайык нурланган,
Бели назик буралган,
Бендеден тууган неме эмес,
Бет ажары жылдыздуу
Беризаттан кем эмес.
Кийген тону сары алтын,
Ким көрүптүр чын, калпын,
Кулак ташы зумурут,
Жаркыны жаанга куюлат,
Чачы кара жибектей,
Жубарланып буралат.
Колго кармап алганы,
Бул өңдөнгөн кыз кармап
Алардын недир арманы,
Кармаган жерде канкоруң
Ашык болуп калганы.
Сулууга көзүн салбаган,
Жыйырма экиге жеткенче
Суктанып карап албаган,
Кызга көзүн салбаган,
Баланча кыз дегенге
Кызыгып карап албаган,
Эркекмин – деп, ойлонуп
Эч аялга барбаган,
Жыйырма эки жарым жашында
Карабөрк кызды кармаган.
Отоголуу бөркү бар,
Оймок ооз, калем каш,
Ойротто жок көркү бар.
Коштоп кызды кармады,
Аркасында аскери
Аламандап ат коюп,
Чабуулдап далай өткөнү.
Байбичесин Кайыптын
Бара жаткан жеринен
Бакай кармап калыптыр.
Баары жүгүн арттырып,
Токсон төө нар экен,
Не сонундун баарысы
Ошол төөдө бар экен.
Кырмызы килем кымбат баа,
Кызыл дилде, жакут да,
Тубар-торгун асылы
Баары төөдө басылуу.
Ат коюшуп калышып,
Арткы келген аскерлер
Аламандап алышып,
Жүгү менен төө турат,
Жүрбөгөндөр жөө турат,
Ээри менен ат турат,
Ээси качкан мал турат,
Эмне кылып олтурат,
Эми кантер экен? – деп,
Эси чыккан жан турат.
Тоого качып өрмөлөп,
Мууну кетип чуркурап,
Кош аяктап жөрмөлөп,
Аралашты үркүнгө.
Ак асаба, кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу,
Көк асаба, кызыл туу,
Көк жаңырган улуу чуу.
Көрүп туруп аскерди
Кыздын айткан сөзү бу:
«Айбатыңкатуу, заарыңкүч
Азаматтын бирисиң,
Аңдап турсам өзүңдү

Атпай түрктүн уулунун
Жүк көтөрчү билисиң.
Атыңдын мойну бир кучак,
Аркар сындуу тобурчак,
Айбандан сындуу атың бар,
Ар сөөлөтүң жанда жок,
Адамдан башка салтың бар,
Саадагың түбү чапчактай,
Адамдын алпы сен кимсиң?
Бастырганда жолуң чаң,
Баатыр сындуу сен кимсиң?
Майданга кирген колу кан
Балбан сындуу сен кимсиң?
Омурооң тоонун керүүдөй,
Оозуң кандуу бөрүдөй,
Бу дүйнөдө душманың
Бири калбай жабылса
Ала турган сен кимсиң
Жан көзүңө көрүнбөй?»
Атын сурай калганы,
Арстан Манас баатырың
Айтты жөнүн акырын:
«Атам Жакып, Манасмын,
Аркы уругум алашмын,
Түбүм түрктүн уулумун,
Жалганы жок мунумун,
Жасагандын кулумун,
Жай сурайсың кыз менден,
Жаңы кармап турумун,
Өзүң айткын өзүңдү,
Мен да угайын сөзүңдү.
Отуз нөкөр кызың бар,
Ок жаадырдың, жаа тартып,
Ойроттун баарын жадатып,
Касиеттүү карыга
Огуңдун учун кадалтып».
Жайын Манас сурады,
Кыз сүйлөбөй турабы.
«Көкүн шаа – дейт элибиз,
Өзүбүздүн жай алган
Саңыроо – дейт жерибиз.
Атамдын аты Кайып даң,
Алтымыш миңден дагы артык
Калмак-кытай элибиз.
Айтсам ушу кебибиз,
Үчөө эркек, эки кыз
Тууган экен энебиз.
Төрт атадан бер жакка
Жыйылбаптыр желебиз.
Малын жайып, үй тигип,
Башта үркүндү ким көрдү.
Уруш менен чабуулду
Ушу бүгүн көрдүк го.
Манасмын дейсиң кармаган,
Байласаң да өлдүң го.
«Атаңды Манас өлтүрдү,
Аскерин бери келтирди».
Айтып келген агам – деп,
Атамды жуткан Манассың,
Катылбагын мага – деп,
Карк алтынга көмсөң да
Катын болбойм сага – деп.
Олжо катын мен эмес,
Олжо болуп колуңа,
Ойло сөздүн соңуна,
Жүрүүчү кыз мен эмес.
Тирүүлүктөн кечемин,
Тим жүрбөй түпкө жетемин,
Катын болуп саа жүрбөй
Капилеттен бир күнү
Кардыңды жарып кетемин!
Ээ болсом өзүм башыма,
Тойсоң алгын жашыңа,
Эгер шол күн өлсөм да
Уу салармын ашыңа!»
Кыз сүйлөдү кыйынды,

Кыраан Манас баатырдын
Бул эмине жорук? – деп,
Кыздан бою жыйылды.
«Ургаачы эрге тиймеги
Нуска –деди-мурунтан,
Улук Манас мен болом
Олутуңду куруткан.
Бата кылып, мал алып
Атаң сенин Кайып даң,
Күйөөң барбы мурунтан?
Жанымдан кантип тоёюн,
Тикилдейсиң тик карап,
Сени өлтүрүп коёюн.
Өлтүрөйүн өзүн – деп,
Өкүм айткан сөзүн» – деп,
Кылычтын сабын кармады,
Кызга Манас карады.
Кыз сүйүнүп өлсөм – деп,
Кымырылып барады.
Кызга кылыч сууреганын
Кыраан Бакай карады.
Кашаттын үстү жагында
Кабылан Манас баатырың
Кармаганы сулуу кыз,
Ойдон Бакай чакырды,
Карынын сөзүн угуңуз:
«Алла берген насиби
Казатта жүрбүз биз – деди,
Байгамбар айткан шарият
Байыртадан түз – деди.
Кармаганың кыз – деди,
Кызга кылыч чапмакты
Каалабаңыз сиз!» – деди.
Бакайдын сөзүн алганы,
Байкап Манас бу кызга
Дагы көзүн салганы.
Көркү башка бендеден,
Көргөндө көңүл дегдеген,
«Жайылданып өлөм – деп,
Кимге өчөштүң сен?» – деген.
Кыз ошо жерде кеп айтат:
«Катын кылып алам – деп,
Кызыкпаңыз – деп, айтат.
Алар болсоң башында,
Аскериңдин кашында,
Атам түшүп колуңа,
Арстандардан сен болсоң
Аңдаар элең соңуна.
Колго түшкөн адамды
Коёр элең өлтүрбөй,
Асыр түшкөн адамды
Жебес элең башыны.
Өлгөн адам өлбөйбү
Өкүмөттүн күчүнөн,
Жанчкан найза учунан,
Чапкан аттын изинен,
Чабылган кылыч мизинен,
Атылган ажал огунан,
Кармап барып өлтүрдүң
Кайып даң менин атамды
Акылыңдын жогунан.
Кармаганды өлтүргөн
Канзаададан эмессиң,
Колго түшсө өлтүргөн
Кор журттардын бирисиң.
Түшкөн эрди өлтүргөн
Түбүң жаман журтсуң го.
Уруштан өлсө окко учуп,
Узунунан жер кучуп
Убайым недир атама,
Карматып барып өлтүрттүң,
Канзааданын иши эмес,
Кашында турган бакыр кыз
Катын болуп түркко
Тирүү жүрчү киши эмес.
Саңыроо сазым жерим кең,

Эл эмессиң сөөгүң тең,
Ары жагым ак сөөк төрөдөн.
Калкыма катын болот – деп,
Алдасам аман калат – деп,
Үмүт кылба түк менден».
Аны айтып бул кыз салганы,
Кыз коштоп кыраан Манасың
Бакайды көздөй барганы.
Айтар кеби жок болуп,
Алган бойдон бу кызды
Абаңа Бакай барганы.
«Кармаганың кут болсун!
Кабылан Манас баатыр!» – деп,
Акынбектин Меңдибай
Айтып сөзүн салганы.
Аралашкан көп аскер,
Алиги кокту ичинде
Айгайлашкан калмак эл.
Кыргый сындуу, кыйган каш
Кыз кармаган андан көп.
Кызыл кундак, жез карool
Түз кармаган сандан көп.
Кулундары кишинеп,
Бээ кармаган андан көп.
Куржун салып жетелеп,
Төө кармаган сандан көп.
Кул кылам – деп, калмактан,
Жөө кармаган андан көп.
Дүңгүрөтүп жылкы айдап,
Тийип жүргөн сандан көп.
Торгун, доолан, тубар тон
Тоноп алып каапырдан,
Кийип жүргөн андан көп.
Жорголорун бөжүтүп,
Минип жүргөн сандан көп.
Жамбы артыптыр буга – деп,
Билип жүргөн андан көп,
Жандай түшүп куржунун
Тилип жүргөн сандан көп,
Топулдап жамбы түшкөндө
Токтобой чаап келишип,
Кыргый алган торгойдой
Илип жүргөн сандан көп.
Котолотуп уй айдап,
Тозуп жүргөн андан көп.
Уйду эмне кыласың?
Илгертен жылкы издейм – деп,
Озуп жүргөн сандан көп.
Жолдошунан адашып,
Бозуп жүргөн андан көп.
Чуркуратып кой айдап,
Кошуп жүргөн сандан көп.
Таңылчактан бул чечип,
Чачып аткан андан көп.
Куржундарда не бар? – деп,
Ачып аткан андан көп,
Арам экен жүгү – деп,
Качып жаткан сандан көп.
Көй күлүктү октолтуп,
Көчтүн баарын токтолтуп,
Үркүндүн баарын жайнатып,
Ошентип шорун кайнатып,
Жасалуу кол жалпы аскер
Жайнап басып калыптыр,
Коштоп кызды, кол жакка
Бакайга алып барыптыр.
Колго түшкөн энеси
Кордукта турган немеси,
Бар эле эркек баласы,
Куруп калган энеси.
Күн батыш жакта бар эле
Тоборо деген белеси,
Тоборо тоону ашканда,
Үч баласы качканда
Көргөн экен энеси,
Кутулуп жоодон кетти – деп,

Кетпегенде нетти – деп,
Балдарга көзүн салыптыр,
Байбиченин көңүлү
Баштатан тынып калыптыр,
Кайып даң атам өлдү – деп,
Баласы айтып барыптыр.
Кара кийип, кан жутуп
Калган экен энеси.
Каптап аскер келгенде
Эри эсинен кетиптир,
Эсен калса балам – деп,
Балдарга жардам этиптир.
Кутулуп балдар кеткен соң
Байбиче кубаныч этиптир.
Кайрат кылган кызына,
Кармап алып эр Манас,
Алып келди өзүнө.
Кызы колго түшкөн соң
Бу дүнүйө жалган жай
Көрүнбөдү көзүнө.
Чырагым балам неттиң? – деп,
Колго түшүп, кор болуп,
Олжо болуп кеттиң – деп,
Энеси айтып салганы.
Олжо болбойм, эне – деп,
Өлдү деп, билгин мени – деп,
Кыз сүйлөдү мындай кеп.
Байбиче шондо кеп айтат:
«Андай дебе, балам –деп,
Кыз баланын баарысы
Жарабайт кылган намысы,
Эркек кармап, кызды алган
Мурунтан өрнөк калышы.
Өлгөн киши көмүлөт,
Өксөп ыйлап зарласа
Куру жерлер көрүнөт.
Куру кайрат бекер – деп,
Жайылдык жаман экен – деп,
Тирүү бенде тим жүрүп
Талабына жетер – деп,
Өчөшсөң балам өлөрсүң,
Өзүңдүн жаның кетер – деп,
Өзгө журт сени нетер – деп.
Калмактан келген бир күң – деп,
Талаага таштап кетер – деп.
Өлбө, балам, тил алсаң,
Өзүм экен энем – деп,
Мен айткан сөзгө ынансаң.
Жаман киши кармабай,
Жараган жигит кармаптыр,
Кыз-катындан сендейден
Кылайган неме калбаптыр.
Баарысынын алганы
Баашасы эмес түрктүн,
Манасы кармап алган соң
Бейжайлык кылып жүрүпсүң.
Калкына барып сүйлөшүп,
Катасыз билгин тилини,
Кандай экен түрк эли,
Байкап көргүн динини.
Тийиштүү сөздү сөз дейлик,
Дин жакшысын көздөйлүк.
Бер десем мага берерби,
Мерт болуптур атаңыз,
Бери кайтып келерби?!
Өлгөн киши келмек жок,
Колго түшкөн олжону
Коркуп кайра бермек жок.
Өлөмүн деп коркутпай
Өкүмүнө тургун – деп,
Өлтүрсө мейли өздөрү,
Өлүмгө моюн сунгун – деп,
Мен да сенин энеңмин,
Акыл айтып турам – деп,
Акыр атаң өлүптүр,
Алам десе алашка

Мен да тийген турамын.
Мени алып булар не кылсын,
Карып калган катын – дейт,
Кажылдаган каапыр – дейт.
Алар киши менде жок,
Арстандын бири туткан соң
Акыл балам сенде жок».
Байбиче сүйлөп салганы,
Энесине тик карап,
Кыз сүйлөнүп калганы:
«Атамды менин өлтүргөн,
Агам айтып билдирген,
Ушу Манас турбайбы
Айылынды бүлдүргөн.
Жесирлерди өлтүргөн
Тексиздердин иши го,
Башын жуткан адамдын
Манасыңар бу болсо
Башынан жаман киши го?»
Кыз сүйлөнүп калганы,
Кыйкырыгы баш жарып,
Кыраан баатыр Чалыбай
Кайда? Кайда? Кайда? – деп,
Кашына жетип барганы.
Канкор Манас кашкайып
Мына, мына, мына! – деп,
Көргөзүп кызды салганы.
Көргөн жерде көркүнө
Чалыбай айран калганы.
«Кас беринин өзү экен,
Кармалып калган кези экен,
Кандай жандын кызы экен?
Баракелде турпаты,
Башкача экен сымбаты,
Акыл ага жетпейт ко
Баары жандын кымбаты?»
Чалыбай сурап калганы.
«Өлүп калган Кайып даң,
Кайып даңдын кызы экен»,
Кан Бакай айтып салганы.
«Качан өлдү Кайып даң?
Колго түшкөн бендеден
Өлгөн эмес жалгыз жан.
Багылуу биздин кошто – деп,
Байлалуу эмес бошто – деп,
Кайып дандын өзү – деп,
Биздин кошто типтирүү
Караган кара көзү – деп,
Чалыбай айта салганы.
Атынан түштү кыз байкуш,
Апкаарый турган ошол иш.
Аттан түшүп бүгүлүп,
Арстан Манас баатырдын
Аягын кучту жүгүнүп.
Акты жашы бурчактап,
Атаң тирүү деген соң
Аягын келип кучактап.
«Кечкин – деди-катамды,
Өлтүрбөй өзү бар болсо
Көргөз – деди атамды.
Каар кылба бизге – деп,
Каталыкты көп кылдым
Кабылан баатыр сизге – деп.
Бердим сизге дилимди,
Мен тутайын диниңди,
Түрк уулу – деп билемин
Түбү-жайы зилиңди.
Өлгөн болсо атакем,
Өлүм жанга бат экен,
Өлөт элем акыр – деп,
Өзгөчө кылдым көп ката,
Кеч күнөөмдү, баатыр – деп.
Акка сундум мойнумду,
Ар кандай кылсаң мен турдум,
Кыларсың билген ойнуңду».
Басып келип ошо кыз

Манастын бутун кучактап,
Байкуштун жашы бурчактап,
Айгайды антип салганы,
Кубангандан үшкүрүп,
Байбиче түшө калганы:
«Байым болсо меники
Кыз-келиним кыйырыңа,
Бар дүнүйөм сеники!
Эскирип калган байымды
Эсен колго салгын – деп,
Эли-журтум, бар мүлкүм
Эсеп кылып алгын – деп,
Канышым жалгыз кызым – деп,
Как өзүңө ылайык,
Отун алып, суу куюп,
Кызматыңды кылсын – деп.
Кырк жыл кызмат кылсын – деп,
Кызматы бүтсө тынсын – деп,
Кызматыңдан аянса
Кырчынында сынсын!» – деп,
Эр Бакайга, Манаска,
Эгей-шыгай алашка
Атышкан душман эл болду,
Эл болбосо не болду,
Айтып-айтып бар дартын,
Агып жашы сел болду.
Айтканын Манас угуптур,
Айран калып туруптур.
Булардын айткан сөзүнө
Муңайып карап турады,
Мунун эри кайда? – деп,
Чалыбайдан сурады.
Эр Чалыбай кеп айтат:
«Ай, баатырым – деп, айтат
Жалган дебе баатыр – деп,
Кошто тирүү жатыр – деп,
Кордук, зордук көрбөстөн,
Аман-эсен акыр» – деп.
Манас угуп бу жерден
Баргын ылдам кошко! – деп,
Чалыбайды буйруп салганы,
Чапкылаган боюнча
Чалыбай жөнөп калганы.
Бакай баатыр бакырып,
Өң мусулман колуна
Жар чакырып салганы:
«Союштан артык сойбоңор,
Бүгүн душман, эртең эл,
Бүлүндүрүп койбоңор!
Кылыктуу киши кыз алат,
Кызматы жеткен эл алат,
Кылык-жорук билбеген
Кызыталактар нени алат?
Ургаачы кармап албаңар,
Улуу доого калбаңар,
Келин-кыз кармап албаңар,
Кеткен алып шондо – деп,
Кектүү болуп калбаңар!
Аман экен Кайып даң,
Алтымыш миң айылга
Болуп жүргөн мурда кан.
Аккелте атып түздөдүк,
Алтай тоодон бери жакка
Биз эмине издедик?
Ак болот кылыч мистедик,
Эл кылмакка душманды
Эски оорунду издедик.
Кордугунан кытайдын
Кошуун жыйдык, эл курап,
Коңшу болуп берсек – деп,
Кайып даңдын катыны
Асылып жатыр арыз кылып,
Амандыкты көп сурап.
Ар канча каапыр болсо да
Бу да кудай бендеси,
Тайгылып кетсек тактыдан

Буга окшогон жаман иш
Бизге да барбы келбеси?!
Куру муну бүлдүрбө,
Кубатыңды билдирбе,
Урушкан душман кезекте,
Ишенбесең эсепте.
Дүбүр баштап кан өлдү,
Түмөндөп канча жан өлдү.
Чаап алып бүлдүрмөк
Жамандардын иши – деп,
Жайнап жаткан бу калмак
Сен дагы бир, бу да бир,
Жан-жаныбар болгон соң
Жараткан жалгыз Алдага
Жандын баары жуда бир,
Кудай кылган киши – деп,
Куп жакшыдыр өзүңө
Сабырлыктын иши – деп.
Алтымыш миң айылды,
Ак кылды бизге кайырды,
Ажал жеткен кыйланы
Денден жанын айырды.
Колдон келди, кырсак – деп,
Кополдордун сөзү го,
Алыбыз келди, кырсак – деп,
Наадандардын кеби го,
Ал жеткенди кырганың
Ак кашына барганда
Абыдан жаман деди го!
Киши өлтүрбө, мал алба,
Эр өлтүрүп, мал алып,
Эсепсиз калба залалга!
Жан кыйганың жаман – деп,
Жанын койгун аман – деп,
Өлүп бара жатсаңар
Өзү берсин кол менен,
Өлчөөгө ченеп мал ал» – деп,
Эр Бакай айгай салганы,
Айткан сөзүн абаңдын
Ал эл макул алыптыр.
Баш-аягы күнчүлүк,
Барган тоосу Кең-Өзөн,
Эли, жоосу аралаш
А күнү конуп алыптыр.
Каалаган малын союшуп,
Калмактардын өзүнөн
Казанчы кылып коюшуп,
Кадимки конок өңдөнүп,
Айыл болуп конушуп,
Ошо бойдон тек жатып,
Калмак журту кайгыда
Канетебиз? – деп жатып.
Эртесинде кечинде
Кеч бешимде кезинде
Кайып даңды алыптыр,
Алты жигит кошчу алып,
Кайып даңды башчы алып,
Чалыбай келип калганы.
Чапкылашып чебендер
Кайып даңга барганы.
Өзөндөгү көп калмак
Өлдү го – деп, өкүргөн,
Ушундай кыргын болдук – деп,
Өлгөнүнө өкүнгөн.
Кара аты бар астында,
Канжыгасы башында,
Кайып даң келди ошондо,
Катын-кызы кор болуп,
Олтурганда ушунда.
Көрдү катын, баласын,
Көмдү Дукан калаасын,
Кызыл жойкун кан кылган
Ымалайдын талаасын.
Тирүү алып келген соң
Катыны менен кызынын
Кайып даң көрдү кашында

Карабөрк сындуу баласын.
Ашык болгон билиптир
Арстан баатыр Манасын.
Кызга салып көзүнү,
Кыйшык айтпай сөзүнү,
Олтурган экен кошунда,
Азыр келди Кайып дан
Отого динсе башында.
Кан сөөлөтү борумдуу,
Кызга салып көзүнү,
Олтурган Манас орундуу.
Салам кылып калмакча
Мөндүнү айтып салганы,
Кубангандан эр Манас
«Байна!» –деп, тура калганы.
«Олтур, олтур, балам!» –деп,
Оозунан чыкты жакшы кеп.
Бакай абаңбакылдап,
Кашындагы Меңдибай
Катуу күлдү шакылдап.
«Кантсең да кызды алдың – деп,
Кайып даң мөндү дегенде,
Ашыкканың курсун ай,
Байнаны айтып салдың – деп,
Кара жанга күч келип
Кабылан Манас баатырым
Калмак боло калдың!» – деп,
Баатырлар кылды тамаша,
Баары олтурган жайдак кош
Кыдырата жанаша.
Келген заман Кайып даң,
Кызматкери канча жан,
Үй көтөрдү, тай сойду,
Кыдырата чай койду.
«Душман болдук башында,
Урматтуу улук баласың,
Улук болдуң жашында.
Уругуң кыргыз улуу журт,
Дүнүйөгө жашынба.
Каканда эле каныбыз,
Кандан кайыр жок болуп,
Кырылды кыйла жаныбыз,
Кылам десең кылдыңыз,
Жайытта жатат малыбыз,
Колунда жатат жаныбыз,
Караламан калк түгүл
Кашында жесир олтурат
Кайып сындуу канының.
Коёр бекен жанды? – деп,
Тартуу кылган турабыз
Колумдагы барды» – деп,
Кайып даң туруп ордунан,
Кызга көзүн салыптыр,
Кылганында ишарат
Жүгүрө басып лыпылдап,
Кыз жүгүрүп калыптыр.
Колунан кармап, салам – деп,
Жалгыз жанга соогат – деп,
Башыңды алып карагым,
Манаска тартуу барам – деп,
Кайып даң айтып салганы.
Кыз ысынып, бою ийип,
Ыштанына бир сийип:
«Кабыл кылдым, ата – деп,
Кабылан Манас баатырга
Кылгамын кыйла ката – деп,
Кызмат кылып сиз үчүн
Жаныма салсам жапа» – деп,
Кызыккан Манас баатырга,
Кыз токтолгон акылга,
Кеңештери бүтүшүп,
Баары келди макулга.
Үркүп калган журтунун
Баарына кабар салдырды,
Үркүндөн калган үй жарак
Жыйнатып кайта алдырды.

Саңыроонун сазына
Эртеңки күн таң ата
Көчүрүп журтун бардырды.
Корук кылган саз экен,
Конор жери ушу экен,
Алтымыш миң үйлүүсү
Айлана консо бош экен.
Арстан эрдин кашында
Ар уруудан кошо бар,
Насият айтар кожо бар.
Насиятын укканы,
Эки күнү, эки түн
Насият айтып бүпбүтүн,
Тилинен Кайып чыкпады.
Тилге Кайып киргени,
Динден чыксын ким – деди,
Келме шаадат жар кылып,
Кудай бир – деп, билгени.
Көп журт болду мусулман,
Кудай бирөө, куран чын –
Абийир тапты канча жан.
Алты күнү болгон соң
Аябастан дүйнөсүн
Алиги көргөн Кайып даң
Кыз берүүгө камданган.
Уугун күмүш сырдатып,
Керегенин борумун
Кандай уста кылган? – деп,
Көргөн жанга суратып,
Ак манат менен жаптырып,
Керегенин кобулун
Алтындан накыш чаптырып,
Ичин кызыл сырдаган,
Чийин жибек менен чырмаган,
Салтанатын көргөндө
Жайсаң ырчы дегени
Жалаң үйдүн борумун
Жарым күнү ырдаган
Ак отоо үйүн көтөртүп,
Атилес, шайы, дүрүйө
Алар да өттү жалгандан
Опоосу жок дүнүйө,
Атилес төшөк, ак шейшеп
Алдарына салдырып,
Адам бою ак мамык
Башка ылайык алдырып,
Салган орун мамыктан,
Жаткан адам камыккан.
Дамбылданы чакыртып,
Күбө далил жыйдырды,
Окуп кутпа дубасын,
Кызга нике кыйдырды.
Кызга нике байлады,
Төшөк көтөр жеткенче
Кыргыйдай көзү жайнады,
Коржоңдоду кокую,
Баатырдын шору кайнады.
Төшөк көтөр жеткени,
Кыз койнуна келген соң
Кыраан эр кыймыл эткени.
Ачасын белге алыптыр,
Алиги кызды караса
Акылынан таныптыр,
Аялуу жерге баатырың
Аябай аспап салыптыр.
Бүгүштүн баары жазылды,
Бүктөөдөгү кара кан
Бүркүрөй түшүп басылды.
Баатырдан себил берилди,
Бүрбүйүп жаткан баягы
Кириши чыгып керилди.
Чирене түшүп, чоюлуп,
Чиркин жеңең карасаң
Аркардай көзү коюлду,
Баатырың менен Карабөрк
Баякы жери тоюнду.

Туюгун оюп бузуптур,
Туйгун эрдин себили
Асылын азыр кузуптур.
Кара тер басып камыгып,
Кара бою ымыгып,
Сөөгүнөн суу чыгып,
Төрөң солуп калыптыр,
Суусун төгүп алыптыр,
Суурарында Карабөрк,
Тубар жоолук колунда,
Шыпырып туруп калыптыр.
Баары келген тептегиз,
Таң атканча абаңыз
Жеңеңди минди он сегиз.
А күнү антип жатыптыр,
Таң сөгүлүп атыптыр,
Алтын кумган, жылуу суу
Азырлаган жери бу.
Баатырың сууга жуунуп,
Алтындуу кемер, бото кур
Белди бекем буунуп,
Баатырың тышка барыптыр,
Баягы бойдон шол үйгө
Кыз токтолуп калыптыр.
Аяк-башын аскердин
Алгын угуп кабарын.
Алиги кеткен көп элге
Кууганы кеткен үркүнгө
Кууп жеткен көп элге:
«Качпаган журт карайсың
Жай-жайыңа тарайсың».
Кошой, Көкчө барыптыр,
Эламандын Төштүгү
Кошо жөнөп калыптыр.
Эштектердин Жамгырчы
Элүү миң үй алыптыр,
Качкандарын токтотуп,
Калкына кабар салыптыр.
Канап-бутап камбылдар
Канчалык олжо алыптыр.
Жыйырма күндө жыйнатып,
Эл эсебин алыптыр.
Сура тоодон башкасы
Алты жүз миң эл экен,
Аяк-башын чогултуп,
Эсебин эсен алыптыр.
Кайып даңды кан кылды,
Тартуусуна келгени
Эсеп-сансыз мал кылды.
«Баягы Дукан калааң–деп,
Ымалай тоо, Маймуна
Жай-жайыңа тара – деп,
Мал-жайыңа кара!» – деп
Төрө жарлык салганы.
Төлгөчү кара Төлөктү
Төлгөсү журттан бөлөктү
Канга аны бек кылды,
Калайыктын баарысы,
Кошой баштап карысы
Бек кылганды эп кылды.
Берен Манас баатырды
Бенде жеңип болбос – деп,
Уккан-көргөн шек кылды.
Жеркендикке караган,
Көрбөй ишке жараган,
Акылын баштан учурган
Ороңгудай каапырды
Дал ашуудан качырган
Агыдай далы көрүүчү,
Ашкере айтып берүүчү
Алты шаарга бек кылды,
Аны дагы шол жерде
Ааламга маалим кеп кылды.
Арстан Манас баатырды
Алдырбайт ко жанга – деп,
Ай-аалам журт шек кылды.

Кыз алды Манас Кайыптан,
Кызык көрдү канча жан.
Карк алтындан дейилде
Каттап жүргөн дагы бар,
Карачы менин атымды
Кас тулпардын өзү – деп,
Балан калмак берди – деп,
Таптап жүргөн дагы бар.
Асыл тон экен мына бу – деп,
Мактап жүргөн дагы бар.
Желкилдетип төө алып,
Желини карыш бээ алып,
Кубанганы дагы бар.
Калың олжо көп малдан
Олжо албаган көп калган.
Куру койду мени – деп,
Куураганы дагы бар.
Кудай урсун олжону,
Бир тууганым өлдү – деп,
Буралганы дагы бар.
Кылыч, мылтык жарактан
Мага муну берчи? – деп,
Суранганы дагы бар.
Өлүп, дене суушуп,
Сулаганы дагы бар.
Өлгөнүмө кун бер – деп,
Кун алганы дагы бар.
Азынатып айгырын,
Минип жүргөн дагы бар,
Алтындуу жаа, сыр жебе
Алсак кантет муну? – деп,
Карысына каржайтып
Илип жүргөн дагы бар.
Агала калпак, көк күбө
Кийип жүргөн дагы бар.
Атын кармап калмактын,
Минип жүргөн дагы бар.
Өгүз алып шаа мүйүз
Жыйып жүргөн дагы бар,
Бейбаштыкты кылба – деп
Жамандарын жакшысы
Тыйып жүргөн дагы бар.
Кун бүттү – деп, бөлүшүп,
Талдан алган көк чыбык
Калысы келип бирөөсү
Капортодон чыбыкты
Кыйып жүргөн дагы бар.
Аскер токтоп калыптыр
Окуган намаз көрүшүп,
Ушунун дини ак ко – деп,
Намаз окуп көнүшүп,
Көнүп аткан дагы бар.
Мусулманды таңыркап,
Жолу мындай экен – деп,
Көрүп аткан дагы бар.
Көрүп алып кайтышып,
Үйгө барып көргөнүн
Үч-төрт кылып айтышып,
Кетип аткан дагы бар,
Талабына бу колдо
Жаңкы Манас баатырдай
Жетип аткан дагы бар.
Келинден кармап алышып
Келгенде жаба салышып,
Көпчүлүккө көргөзбөй
Нетип аткан дагы бар.
Абал жатты бир айы,
Аяк-башын жыйганча
Каны-бегин которуп,
Калк дүрбөөнүн тыйганча
Алтымыш күн эки айды
Арадан үч ай өткөрүп
Арбынын алды бир жайды.
Урушкандан бер жагы
Үч ай токсон күн болду,
Калба салып кармашып,

Калмакка каран түн болду.
Кайып кан бааша болду – деп,
Калк ичине дүң болду.
Элге маалым жомогу,
Эрегишсе душманга
Эр Манастай ким болду?!
Казатка чыккан кандарга
Канча заман күн болду.
Кашындагы жолдоштор
Алтын жамбы, ак күмүш
Дүнүйөгө карк толду.
Немески койбой жыйыптыр
Өлгөндөн калган көп колду,
Бутка салган коргонду,
Бузбай аны койгону.
Бутту бузуп алдырып,
Медиресе салдырып,
Мусулмандын дининин
Чырак отун жандырып,
Калктын баары жамданып,
Каапырды бузган чаң салып,
Кайтабыз – деп, камданып,
Ат жарагын оңдошуп,
Алты шаар адамы
Ээрсиз келген кыйласы,
Жекен алып чомдошуп.
Нургапты көздөй нээт алып,
Баатыр Кошой бет алып,
Алайды көздөй бет алып
Арстан Төштүк аттанып,
Агыш менен Кожошу
Алты шаарга кошулуп,
Акбай менен Мамбети
Ак куудай мойну созулуп,
Алты шаарга кошулуп,
Туура-туура бүктөшүп,
Тулпарга кошун жүктөшүп,
Камканы кайрып бүктөшүп,
Качырга кошун жүктөшүп,
Кажылдаган каапырдан
Кутулдук аман шүк дешип,
Кара-Кыштак шаарына
Керме-Тоону түптөшүп,
Бачым жетсек экен – деп,
Кашаң аттуу тепеңдеп,
Үй жагына тиктешип,
Кашкар калкы тарады.
Казак Көкчө, Жамгырчы
Алтай жакка карады.
Алиги Манас баатырың,
Анын кара акырын,
Кайната болгон Кайып кан,
Карабөрккө ээрчитип
Кашына кошту канча жан.
Жамбы менен дилдесин,
Санатын бенде билбессиң,
Отуз төөгө жүктөтүп,
Асыл булду бүктөтүп,
Кызыл кымкап, ак шайы,
Кыйла сонун баашайы
Кырк атанга жүктөтүп,
Бакайы бар башында,
Манас баатыр кашында,
Жыйып-жыйнап караса
Сырттан Манас дегениң
Жыйырма үч жашында,
Алган жары Карабөрк,
Айдаган малы сандан көп,
Аскер колдон бир бөтөн,
Кызматкери эки жүз,
Кыз нөкөрү андан көп.
Ириктен беш миң айдатып,
Ири аттан төрт миң карматып,
Элден жыйнап алдырган,
Элүү бука салдырган,
Эки миң уй танадан,

Нени аясын Кайып кан
Карабөрктөй баладан,
Каалаганы табылган.
Канкорго кызын кошкон соң
Аз болгондо бир айда
Ат алтымыш чабылган,
Балбан жыгып, олжо алган,
Баштан-аяк кызыгы
Ашкан экен болжолдон.
Сегиз миң катын аттанып,
Кыз көчүрүп жол-жолдон,
Алты күндүк жол басып,
Алар жолду мол басып,
Дагалакка жеткирип,
Даяр кылып келтирип,
Кайып кандын катын-кыз
Как ушу жерден кайткане,
Аман баргын бийкеч! – деп,
Катындар кош-кош айткане.
Амандашып алардан,
Эр Манас жолго салыптыр,
Эки күн жарым жол жүрүп,
Дайрага келип калыптыр.
Жээгине конуп тим жатты,
Эртеңки күн таң атты.
Эрте туруп жолго салыптыр,
Эсеттиктин журттары
Эки миң жылкы, беш жүз уй
Соогат сурап алыптыр.
Малы бекер жаткандай,
Кытайды жалгыз чапкандай
Кызыталак канкор – деп,
Кылымды бузган анткор – деп,
Соогат эсет алыптыр,
Ороздунун он уулу
Калган жылкы кара мал
Талап кетип калыптыр.
Кан Жакыптын агасы,
Агасынын баласы,
Өз тууганы минткен соң
Манастын недир дабасы.
Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Күлкүлүүсү Абдылда,
Каратоко Мажиги,
Камбар бийдин Чалиги,
Агыдай далы көрүүчү,
Ашкере айтып берүүчү,
Төлгөчү Каратөлөгү,
Атка минип жигиттер
Бул эмине шумдук? – деп,
Аркасынан жөнөдү.
Бакай чыкты бакырып,
Балдар бери токто! – деп,
Барбаңар – деп, акырып.
Барып бирин койбо! – деп,
Манас айтып сүйлөнүп,
Барамын – деп, күүлөнүп,
Ачуусу келип калыптыр,
Аны көрүп Бакайы
Басып кирип барыптыр.
Ак кочкордой маңкайган,
Ак маралдай шаңкайган,
Ак жүзүнүн ажары
Аткан таңдай чаңкайган.
Кашында бар Карабөрк,
Калкта жоктур мындай көрк.
Аркадан кууп жеткенде
Атып окту кеткенде
Жарадар болгон абаңыз
Жаңы келди караңыз.
Ушуну не үчүн аттым – деп,
Абаңды көрө салганы,
Чыдап карап тура албай
Чыга качып калганы,
Колун алып бооруна
Таазим этип салганы.

Бай бол, балам, бай бол! – деп,
Бакай айтып салганы.
Эркек туугун, балам – деп,
Не үчүн айтып салбады.
Заманада бир кезек
Кайнагадан каччу эле
Келиндердин баарысы,
Үлгү болуп калганы.
Аткан ок үчүн уялып
Карабөрк качты Бакайдан,
Жаңы келген келиндер
Кайнагадан качам – деп,
Убара болду канча жан.
Аларды коё салыңыз,
Ороздунун уулу үчүн
Бакай кирди Манаска,
Кабарын угуп алыңыз.
Малын тийип жүргөнүн
Көрдүң эле баарыңыз,
Акыл айтып Манаска
Кирди Бакай карыңыз.
«Тууган деген ушу –деп,
Экө .бүзгө эреркеп
Малга тийген тушу – деп,
Алганынча алар – деп,
Артканы бизге калар» – деп,
Эр Бакай айтып салганы,
Арстан Манас баатыры
Насыятын алганы.
Алиги чапкан аскерлер
Аркасынан барыптыр,
Анча-мынча мал берип,
Айдап жолго салыптыр.
Айдаган малдын баарысын
Алар кайрып калыптыр.
Кесип башын, өлтүрүп,
Кызыталак канкорго
Кылабыз – деп, кекенип,
Жаман сөз айтып салыптыр,
Жаалданып Чагатай
А бойдон кетип калыптыр.
Астында болгон ага жок,
Артында болгон ини жок,
Жакыптын жалгыз уулу го,
Жара тартсак бир күнү
Болушар тууган бири жок.
Күн карама Бакай – деп,
Көптөп кирсек бир күнү
Манас өлүп калбайбы.
Барарына байы жок,
Батаарына жайы жок,
Башын бизге салбайбы,
Манас өлүп калган соң
Кет дегенге болбостон
Келип Бакай калбайбы.
Орозду уулу онбуз – деп,
Ону бирдей жабылса
Ойротко түйшүк салбайбы,
Онубуз турсак биригип
Ногой уулу биздерге
Кыңк эте албай калбайбы.
Муну айткан Чагатай,
Макул көрдү Бабатай,
Ошол-ошол-ошол – деп,
Ошо сөзүн куп – дешип,
Оолуккан экен Ордобай,
Ойрон болор аягы,
Алардын сөзү бир далай.
Алар кетсин ошондой,
Айылына барсын жайма-жай.
Чагатайдын бир уулу
Берилген аты Бердибай.
Бабатайдын бир уулу
Ат коюлган Алапай.
Акырында Манаска
Алар күйөт жайма-жай.

Ай караңгы түн болсо,
Ай-талаада жер болсо,
Же болбосо кара ормон
Караңгы токой чер болсо
Айсыз түндө азбаган,
Келген изин жаңылып
Бир изин жаза баспаган,
Айгай каптап чуу чыкса
Алла кандай душман – деп,
Акылынан шашпаган,
Ат жыгылып турганча
Ашыгыштуу күнүндө
Алты ооздон акыл баштаган,
Ат сүрдүгүп жыгылчу,
Жыгылган ат турганча
Алты ооз акыл чыгуучу,
Алыска болсо көрөгөч
Азыркы болсо билегеч,
Азыркы аты Алапай,
Акылы көп бир далай,
Элге маалим билинген,
Ар нерсеге себепкер,
Акыр заман журтуна
Серек атка илинген.
Чагатайдын баласы,
Тууган жери Чагарчык,
Бычак салды калаасы,
Атасынын аты Бабатай,
Акылы мол бир далай,
Атасынын аты Чагатай,
Анын уулу Бердибай,
Акылы мол бир далай,
Душманга найза кездеген,
Каршылашкан жоо көрсө
Кантемин? – деп, сезбеген,
Чочуса чогоол айтпаган,
Жоо жүзүнөн кайтпаган,
Сундурса найза сулаткан,
Беттешкенин кулаткан,
Миңди көрсө шашпаган,
Миң душманы бир чыкса
Көп экен – деп, качпаган,
Санды көрсө шашпаган,
Сан душманды көрсө да
Көп экен – деп качпаган,
Жолборс кыял, бөрү көз,
Жоруну билдей, жайык төш,
Ачуусу токтоо, жатык сөз,
Ар кылган иши Манаска эп,
Акыр заман журтуна
Аты калган Сыргак – деп,
Сыны сыргак, өзү эр,
Сырттандардын бири дээр.
Сыны Серек акылман,
Жакшылык менен жамандык
Башка келген күнүндө
Чыкпады Манас баатырдан.
Ороздунун уругу
Сыргак, Серек эки жан.
Маалым болор аягы,
Манасыңа баралы,
Көргөн ишиң баягы.
Алтайды көздөй жол менен,
Алты миң төрт жүз кол менен,
Арстан Бакай зор менен,
Карабөрк сындуу жар менен,
Канча дүйнө мал менен,
Катар, катар нар менен
Барды баатыр жерине,
Казак, кыргыз көп алаш
Кайнап жаткан элине.
Туучунак аты болкоюп,
Бай Жакып бай золкоюп,
Астына барган кабары,
Төрт жарым жыл болуптур,
Төрөнүн барды чабары.

Туучунакты моюндап,
Ак сакалын коюндап,
Ээрчитип Жакып бай
Эки жакшы баланы,
Тогузга Манас чыкканда
Кичи энеси Бакдөөлөт
Жаңы тууп салганы,
Келген экен он бешке,
Акебайлап жалынып,
Манаска келип калганы.
Көбөш деген бирөө бар,
Көт жагынан ээрчип Жакыптын
Ал Манаска барбады.
Чакырып Манас алганы,
Не келбейсиң жаман? – деп,
Эркелетип салганы.
Ээрчитип алып Манасы
Жеңесине барганы.
Алтындуу күрмө, зерлүү тон
Ал экөөнө кийгизип,
Баштап жолго киргизип,
Аңыртынын оюна,
Аккан суунун боюна
Ордого анда үй тикти,
Ойронуң Манас минтиптир.
Көрүндүккө жамбы алып,
Көргөн-уккан таңданып,
Байбиче Чыйыр барганы.
Барып келин көрмөккө
Бакдөөлөт да камданды.
Айылдагы катын-кыз
Барбаганы калбады.
Баргандардын баарына,
Жашы менен карыга
Астына берди дейилде,
Аягына кара тон,
Карабөрк кылды канча жол.
Эсен келип элине,
Аман көрдү эр Манас
Ата менен энесин,
Адам уулу болгон соң
Азмын, көпмүн дебесин.
Айта берсе угасыз,
Арстандардын кеңешин.
Абыке, Көбөш иниси,
Алтын үй болду кириши,
Бай Жакып бай атасы,
Кудай билет бул иштин
Артык, кем, канча катасы.
Августтун бир нечесинде
Ошол кепти баштадык,
Ойлонуп жаздык, шашпадык,
Он үчүндө октябрь
Бир казатын бүтүрүп
Тамам кылып таштадык.
Эсеп кылсак санаты
Тогуз жүз жыл арасы.
Айтса сөзү көп экен,
Көрүнбөгөн карасы.
Көргөн молдо дуба кыл
Кан Жакыптын баласы
Кадимден жомок Манасты.
Башта билбейт башка жан,
Өтүп кеткен Манас кан,
Казак, ногой айткан жок,
Кыргызга калды нускасы,
Ага болом айран-таң.
Манас аттуу суусу бар,
Базары арбын бу бир шаар.
Үрбү– деген эриң бар,
Үрбү турган жер үчүн
Үрүмчү – дейт, улуу шаар.
Азим шаар Ажыбай,
А дагы бар бир далай.
Баба, Кары, Кутубий.
Баары турат көрүңүз,

Манас кандай экен? – деп,
Ынабаса көөнүңүз.
Бай өткөн сон дүйнөдөн,
Баштагы элден сурасам,
Байдын өткөн жери – деп,
Байыркылар сүйлөгөн.
Бай дегендин шаары бар,
Эр Манастын нөкөрү
Токсон деген дагы бар.
Угуп турсам калаасы,
Ушулардын баары бар.
Күмөн, Бөзөк дагы бар,
Манас күткөн кырк жигит
Так Камбылга жеткенче
Кырк шаары дагы бар.
Атагы калган, өзү жок,
Азыр жүргөн адамдар
Аны көргөн көзү жок.
Биринчи казат тозулду,
Муну айткан Сагымбай
Айта берсе жомогун
Билбей турган сөзү жок.
Акылмандар баарың ук
Жазып нуска чыгарган.

## МАНАСТЫН ЭКИНЧИ КАЗАТЫ

Канкор Манас баатырың
Карабөрк катын алганы.
Кан атасы Жакып бай
Калкына кабар салганы,
Акылмандын баарысын
Алаштан жыйып алганы:
«Нече жылга жоголду
Эсен көргөн болдук биз
Эрбейген Манас баланы.
Эр азамат боз балдар
Бекерге кетпей талабы,
Барса-келбес жол – деген,
Балакети мол – деген,
Башы Сооса көл – деген,
Баранды жүрбөс чөл – деген,
Чытырман токой-чер – деген,
Чылгый жолборс-шер – деген,
Нече түрлүү жан барса
Эч амандык бербеген,
Ар жагы Лоптун көл – деген,
Түрк уулунан түк барып
Түбүнөн бери көрбөгөн,
Санамар жолун чалыптыр,
Сабыркашып түрк уулу
Санаасы тынбай жүрчү эле,
Сансып жаткан даңгыттын
Сапырылтып калаасын,
Алган болуп келиптир
Кайып даңдын баласын.
Атабыздан бабабыз
Накыл кылып кеп айткан,
Арбыныраак жойлогон
Карышкыр менен түлкүнү
Капканга түшөт, – деп айткан.
Билбей туруп эч нерсе,
Бизден мурунку өткөндөр
Биле албаса нени айткан?!
Акбалта менен Бердикем,
Ак ала сакал Ошпур бай,
Акылга дыйкан Байжигит,
Айдаркан менен Саламат,
Аңдаңарчы жамагат!
Алаштын баары жыйылып,
Алдасына сыйынып,
Аттанган болуп барыптыр,
Алалбайт эле барса да,

Алла Таала жар болуп,
Аталык уулу эр Кошой
Астынан чыгып калыптыр.
Алла колдоп кыргызды
Талкалаптыр урушпай
Дагалактан Кырмусту.
Бегиш, Көйүш аярды,
Берген экен аларды,
Бербердигер бир билер
Бээжин каптап кол чыкса
Мерт таппай аман каларды.
Баарыңарга эп болсо
Бай Жакып айтар кеп болсо,
Алтайдан көчүп алсак – дейм,
Анжыян жакка барсак – дейм,
Эгер кытай жоолосо,
Арманы жок калсак – дейм.
Бу Бакбурчунга конуптур,
Баашанын зору болуптур,
Каканчынга толуптур,
Бу кандардын зору болуптур.
Бизден мурун жүз жылда
Пааң деген түрк уулун
Кан көтөрүп коюптур.
Атагы Бээжин арбын жер,
Ары жагы күн чыгыш,
Аспи Искендер Паңгу дээр,
Түштүк жагы Маңгүбө,
Түк угулбас өңгөгө,
Жетигендин тарабы
Жеринин аты Салаңгуу,
Жерге кирген кытайды
Жеңип адам алабы?!
Муңиянын көлү бар,
Болжолсуз арбын эли бар.
Мен болжоп сөзүн уккамын,
Көпчүлүгүн көрүп ал,
Аяк жагын сурасаң
Мухиттин кара көлү бар.
Ар жагынан угабыз
Аңгиренин жери бар.
Токтоктун кара тоосунда
Каңгайдын калың эли бар.
Какан, Мухит арасы
Каспаң кара бели бар.
Каарданса каапырдын
Каптап кетер сели бар.
Сел каптаган оңорбу,
Жеке кытай журтунда
Сексен уруу эли бар.
Байкадыңар, көрдүңөр
«Барбайбыз» –деп, түрк болуп,
Башкы атаң Алаш тушунда
Маңгулдан калды көөнүңөр,
Баралы десек тил албай,
Дин кадырын биле албай,
«Калабыз» – деп, калгандан,
Калмак болдуң көбүңөр,
Жараткан жапар Алданын
Таратышын көрүңөр.
Уйгурга салдың урушту,
Угуп, көрүп келдиңер
Кайсы түрлүү жумушту,
Дагалакта Кырмусту,
Далай түрктү тер кысты,
Даңгыттагы Дүбүрө:
«Кытайга кыргын салдык!» –деп
Дардаңдап келди кай бирөө.
Азы кытай, арбын түрк,
Аралашкан кытайга
Атасы Туран биздин мүлк.
Ары жагында Ымалай,
Анда да калмак бир далай.
А да бизге уруктур,
Байгур барып чаап алып,
Алар байкуш болуп куруптур.

Кайып кан кызы Карабөрк
Манас алып коркутуп,
Колубузда туруптур.
Кадимден жайын куп билем
Кытай эмес, калмактан,
Балдарга жардам тийиптир.
Баштагы өткөн арбактан,
Берен калсын Бээжини,
Каран калсын Каканчын,
Кайсы бирин айтайын
Кайнап жаткан каапырдын.
Баа жеткисиз Бакбурчун,
Туңша деген шаары бар,
Туюнтайын сиздерге
Душманыңдын баары бар.
Кең калаасы Кентун бар,
Кайнап жаткан Каспаң бар,
Чылгый динсиз Чынмачын,
Кене деген калаа бар,
Билсеңер кыйла балаа бар.
Бээжин жердин атагы,
Бекер болду – деп ойлойм
Кыргыздын кылган чатагы.
Орто-Бээжин, Чет-Бээжин,
Ойротто жок көп деген.
Түп-Бээжин деген чоңу бар,
Бу түгөнүп калган каапырдын
Уругун төккөн кору бар,
Уламадан уккамын
Урушкан эрдин шору бар.
Аяк жагы Кумулду,
Атагы бизге угулду.
Орто Азия түрк уулу
Ойлоп көргүн сен муну.
Самар деген кыргыз кан,
Тагдыр ажал Алдадан,
Сапар кеткен далай жан.
Самар бааша өткөн соң,
Жер атагы Самаркан.
Самарканда дуу-ду бар,
Бу кытай деген заңгардан,
Ойлонсом чочуп турамын
Ошондон берки кандардан.
Ташкен деген калаасы,
Төрт атага толгон – дейт
Жанадил деген бабасы,
Азыр чыгып турат – дейт
Көкдөө деген баласы.
Макатил деген балбаны
Бешинчи ата болду – дейт,
Мураскорлук калганы
Баймырза деген бала – дейт,
Адыры чөптүү, жери кең,
Ар тарабы талаа – дейт.
Токсон уруу өзүбек,
Бабам Көгөй мага айткан
Жакын тууган өзү – деп.
Канча кыйын болсо да
Урушууга жарабай,
Түгөлдөп түркүн карабай,
Алым берип кытайга,
А да турат шол жайда,
Арадан чыгып уруштук,
Бизге алардан болбойт эч пайда,
Кат көтөрүп, арыз айтып,
Каткал деген калдайга.
Ошо Каткал калдайдын,
Акылын алган далайдын
Кызык угам кептерин,
Кызы чыккан кыйын – дейт,
Кеңеш-кебин кыз билип,
Кең Ташкенге жыйын – дейт.
Өкүмүндө кытайдын,
Өзүн өзү биле албайт,
Өрттөнүп кеткен түрк уулу
Өлүшөлүк дегенге

Өмөлүп келип тил албайт.
Чыйырчыкты жердеген,
Байгур уулу бу дагы
Баштатан бенде жеңбеген,
Бабасы Кийик кан болгон,
Айган деген жан болгон,
Айылы дүңкүп сан болгон,
Дүнүйөсү карк толгон.
Анын уулу Жанай – дейт,
Баатырлыгы далай – дейт.
Абалкы аты Абан-Суу,
Ойлоп көргүн жакшылар,
Ортоңорго сөзүм бу.
Алаш кандын тушунда
Намутка барып ушунда,
Кайра тартып келгенче
Калмак ээлеп жерди алып,
Биз калбалашып чуу салып,
Кыпчак, кыргыз, казагың
Кытай менен калмактын
Кыйла берип азабын,
Үч жүз жыл уруш салыптыр,
Чуу басылбайт бу жер – деп,
Ушу күндө ошо жер
Чүй атакка калыптыр.
Сары кыяр калдай – дейт,
Салтанаты далай – дейт.
Акунбешим каны – дейт,
Адамзат бендеси
Алып болбойт аны – дейт.
Адыры жайык, жери түз,
Акыл жетип биле албайт
Адамынын саны – дейт.
Мунарыктап көз жетпей
Булуң-булуң талаасы,
Мурунтадан токтолгон
Баласагын калаасы,
Муну бийлеп турганы
Туңша кытай баласы.
Сүрөттөрүн булта – дейт,
Сүйлөгөнүн жан билбейт.
Кара чоюн куйдуруп,
Кабарын шайтан туйдуруп,
Каар аяр тушунда,
Туңшадан барып ушунда,
Шайтан келип сөздөгөн,
Көөхар таштан көздөгөн,
Эрини жакут, инжүү тиш,
Не десең болор ушул иш?
Каар булта сүрөтү,
Кары-жашың олтурсуң,
Кайда барып жай алдык,
Кана, акылмандар сүйлөчү!
Кызыл чака булуңду
Кытай келип албады.
Кызыл чоктуу ойротко
Кылбаганың калбады.
Кара чака булуңду
Каапыр келип албады,
Кара чоктуу ойротко,
Кастыгыбыз калбады.
Калмак, мангул, түрктүр
Кайсы экенин биле албай,
Каңгырашып жүрүптүр.
Кара кандын тушунда
Каңгыратып кытайлар,
Күн батышка сүрүптүр.
Кайта келип маңгулдар
Жажуч болгон кытайдын
Жарлыгында жүрүптүр.
Тыргоот аке балдары
Тыйпыл мында калганы.
Кайрылбай бизге тууган – деп,
Калмак болуп алганы.
Кытайдын чыкты канынан,
Кыйынынын жанынан,

Эсенкандын өзүнөн,
Байкадыңар баарыңар
Баштан-аяк сөзүнөн.
Алтоо кытай, он маңгул,
Он алтынын баарысын
Өлтүрүп салдың дапдаңгыл.
Он уйгур-сарты жөө калды,
Коколору көнөктөй,
Кырк кызыл нар төө калды,
Дүнүйө сонун бул калды,
Али да эрим келет – деп,
Он эки жылдан бер жакка
Катындары тул калды.
Манастан Кортук өлгөндө,
Алтайлыктын калмагы
Манжуулукту бөлгөндө
Калмактан өлдү канча жан.
«Түгөнүшө берсин – деп,
Түрк уулунун баарысы».
Элебеди Эсенкан,
Алеңгир салып Алтайга,
Алтайлык калмак кырылып,
Алиге жетпейт бир тайга,
Аңдабай мында жатабыз,
Айылыбыз жакын бир жайга.
Тоо Алтайга таяндык,
Турактуу Чылан жолунан,
Тозоку Жолой колунан
Тогуз жүз төөдө чай алдык.
Жолой калмак балбаны,
Качкан бойдон кутулуп
Жоголуп кетип калганы,
Жолдошунун баарысын
Сойлотуп кырып салганы.
Аралдан келип Нескара,
Алты миң экен черүүсү,
Аккан каны суу болуп,
Кыпкызыл болуп жер жүзү,
Кызыталак Нескара
Жалгыз качып кутулду.
Жан-жоросу кырылып,
Жааннамга тутулду.
Жалган беле бул сөзүм,
Жалпы көрдүң ушуну.
Анын арка жагынан
Дагалактан, даңгыттан,
Бири Кумул канынан,
Кумулда Култаң каны бар,
Култаң канга караган
Айланасы, эл байы
Анжуу калмак далайы,
Алты жүз миң жаны бар.
Ар өнөрдүн баары бар,
Аралары бөлүнгөн
Жети бөлмө шаары бар,
Төгөрөктөн кабардар
Төрт аяры дагы бар.
Биринин шаары Даңгуу – дейт,
Жазийре деген жери бар,
Жети уруу байман эли бар,
Элинин түбүн сурасаң
Зуң кытай деген кеби бар.
Саңыроо деген шаары бар,
Ар жагында жердеген
Алаткак журту дагы бар.
Ажыдаар жыланы,
Анысын баян кылалы.
Адамды көрсө өлтүрөт
Сан жетпеген куланы.
Сапар кылып бардыңар,
Санааңа алчы буларды.
Адамдан болгон жапайы,
Ашка-тойго жыйылган,
Отуз-кырктан топтогон
Адамдай болгон уланы,
Анык көрүп аралап,

Аңдадыңар буларды.
Күлкү билип күлбөгөн,
Эл ичинде жүрбөгөн,
Акыл ойлоп билбеген,
Баары бирдей жылаңбаш,
Басып жүрөт жылаңач.
Аны көрдү көзүңөр,
Аңдап келдиң өзүңөр.
Эркин жалган дүйнөдө
Нелер бар да, нелер жок.
Эргежээли, итаалы
Элинен келди Жайнагың,
Эрдемсинбей жакшылар
Сен да бир-эки жагың карагын!
Катыны адам, эркеги ит,
Кандай сонун кеби бар.
Кара-Шаар, Камбылга,
Алакандай түрк уулу,
Он бирдин бирин жиберген
Байгүш деген беги бар.
Шашкелигин караса
Лоптун кара көлү бар,
Бир айчылык барганда
Ындыстандын чөлү бар.
Бери жагына караса
Мынабы тоонун бели бар,
Жети күнү жол жүрсө
Көйнө деген жери бар,
Көйнө боюн жердеген,
Көптүгүн адам жеңбеген
Паңдуу кытай эли бар.
Күн жүрүшү жагында,
Күйөнүн Кара-Тагында
Илбирс, жолборс, кабылан,
Издегениң табылган
Жырткыч айбан баары бар,
Көрбөсөң да көбүңөр
Көргөн элге бардыңар.
Кырк күндүк андан бери бар
Жармысы жапыш, жармы кам,
Чанды талы эли бар.
Баштагы аты Көкөнө,
Койнотко бүткөн шаары бар.
Адам уулу анда экен
Алкымдары шишиген,
Агып жаткан суусунда
Алданын кылган каары бар.
Каракыш аттуу калаасы,
Жапыш уулу азыраак,
Көбү кытай баласы.
Көрүп келдиң көзүңөр,
Көп адамын сандалтып
Ала келдиң өзүңөр.
Арсалаң аттуу каны бар,
Жеке өзүнө караган
Жетимиш эки шаары бар,
Айтып келдиң баарыңар.
Аркы чети адамы
Белин байлап буубаган,
Өмүрүнүн ичинде
Бир күнү колун жуубаган,
Тырмагын кесип албаган,
Жүз жылы өмүр көрсө да
Боюн сууга салбаган.
Чокунууга буту бар,
Чоюндан куйган куту бар,
Чуушаңгыр деген журту бар,
Ургалуу деген тоосу бар,
Бил, кериктен жоосу бар.
Ашкачы деген бели бар,
Табачы деген эли бар,
Бер жагына келгенде
Күсараш деген көлү бар,
Токонарат чөлү бар,
Будаңчаң деген каны бар.
Айтып келдиң өзүңөр,

Аңгемелүү сөзүңөр,
Аярлары дагы бар,
Алты күндүк бер жакта
Дарыянын жээги бар.
Жээкте болгон шаар үчүн
Жээккент деген кеби бар.
Ал Жээккентти жердеген
Жер жайнаган эли бар,
Мурунтадан билебиз
Бурчак аттуу беги бар.
Аягы Сооса көл болгон,
Арасы Коңго бел болгон,
Анын баарын жердеген
Анжы кытай эл болгон.
Ар жагы Намут чөл болгон,
Тоосу толгон эл болгон,
Кашкар, Түмөн, Кызылдын
Кошулуп суусу сел болгон.
Ар тараптан кошулган
Саңыроо деген эл болгон.
Аягы Күчөң шаары бар,
Ургалы деген каны бар,
Даңгытка бара жаткканда
Ушуну басып бардыңар.
Марал-Башы, Долонду,
Басып өттүң олорду.
Кудай билет бул иштин
Арты кандай болорду.
Кайсадың Кашкар каныны,
Караттың канча жаныны.
Эсеп кылып келдиңер
Элинин алып саныны,
Бозкертик менен Будаңчаң,
Бойбойлоттуң баарыны.
Алтай тоонун тарабы
Аргасы жок карады.
Чаркуруш деген шаары бар
Он беш күндүк ары жакта,
Ойрон салдың бары жакка.
Эсеттин элин алыпсыз,
Эң артыкча аяр кыз,
Кызыр чалган Кошойго,
Кызматкер кылдың ошого,
Чаркуштун шаарын алдыңар,
Кырмуска кыргын салдыңар.
Кырк бөлүнгөн шаарыны
Кыргын кылдың баарыны.
Мурунку аты Таз-Кара,
Көөнө-Турпан журтунун
Баарын кылдың маскара.
Аярын союп нан кылдың,
Адамын союп сан кылдың.
Талкалап баарын алыпсыз
Дакы Жунус калаасын,
Зар ыйлатып келипсиз
Алты-Шаар баласын.
Баарың кырдың Догонду,
Байкаңарчы олорду,
Бадышадан үч кайта
Келген киши жоголду,
Бар кудайым бериптир
Баладан бирди чогоолду.
Баштан-аяк өлтүрдүк
Бадышасы айткан буйругун,
Бастык бекен деп ойлойм
Ажыдаардын куйругун.
Байкаңарчы көбүңөр,
Балчык эмес, көлүңөр.
Бар кудайым башыңа
Салган ишти көрүңөр.
Адам болгон атабыз,
Ары түбүн которуп,
Сөз баштоого жатабыз.
Бенделикте не түрлүү
Иште болгон катаабыз,
Жерде болгон энебиз,

От менен суу, топурак,
Желден бүткөн денеңиз.
Уккамын Ногой атамдан,
Жок сөз экен дебеңиз.
Адамдын уулу Шиш экен,
Баарын байкап отурсаң
Жаратқандын иши экен.
Андан Ануш болуптур,
Аяк жагы адамга
Дүнүйө жүзү толуптур.
Ануштан Кынан калгандыр,
Аңдасаң дүйнө жалгандыр.
Асилибиз кара жер,
Акыры бир күн барганда
«Кайда барып келдиң?» – дээр,
Коюнуна салгандыр.
Кынандан болгон Мелабил,
Кыйла адамдар олтурсуң,
Кыял ойлоп өзүң бил,
Карып кетти дебесең
Кан Жакыптын сөзүн бил.
Мелабил уулу Жарыттыр,
Бербердигер Алдага
Бенденин баары барыптыр.
Бекер кайгы кылбаңар
Мен өңдөнгөн карыпты,
Четин чаптык бүлдүрүп
Бээжиндик кытай тарыкты.
Байгамбарлык жетиптир,
Бейишине кудайдын
Тирүү кирип кетиптир
Жарыттын уулу Ыдырыс.
Жаратканга жалбарып,
Жан айласын кылыңыз!
Ыдырыстан Митошак,
Ырасын айтсам калайык
Кыйын ишке катыштык,
Камалап каапыр кол салса
Биз, кай бири менен атыштык?!
Митошак уулу Ыламик,
Башка кыйын мүшкүл го
Көпчүлүктү бийлемек.
Бизге дагы бир жумуш,
Ыламик уулу Нук болду,
Ырасын айтсам, калайык,
Экинчи атаң бу болду.
Дүнүйөнүн жүзүнө
Асманга жакын суу толду.
Алтайга дарыя токтолду,
Адамдар өлүп жок болду.
Кайыкта калды бабабыз,
Нуктун уулу Жапес – дейт,
Түрк уулу тыңдап отурсаң
Түп атаңды табабыз.
Намут дарыя бер жагын
Атабыз Жапес алыптыр,
Эч ким барбай ал жерге,
Эрендер ээлеп калыптыр.
Жапес уулу төрт болуп,
Алардын бет алган жагы
өрт болуп,
Эки-экиден бөлүнүп,
Элге шаңы көрүнүп,
Эрегишкен душмандын
Эзелден каны төгүлүп,
Алган экен атабыз
Күн чыгыштын тарабын.
Жери салкын, суу тунук,
Жетик экен акылы,
Жер алышын карагын!
Ошол заман кезинде
Бабаңар бар Кара кан,
Бары Жапес балдары
Күн чыгышка тараган.
«Малдуулар малың жайла – деп,
Бакырлар аштык айда – деп,

Аланча кан атабыз
Адамын эки бөлүптүр.
Айтканына көнүптүр,
Малдуусу кырга калыптыр,
Бакыры шаар салыптыр.
Кырда калды малдуу – деп,
Кылымга маалим ушу кеп,
Байгур атка конуптур,
Барган сайын дүркүрөп,
Бар дүйнөсү толуптур.
Улуу тоого таянып,
Чөптүү жерге жай алып,
Кырдагы Угуз балдары
Төрт түлүк мал бардары,
Уй, жылкы, төө баарыны,
Урматтап күтүп малыны,
Төлдөтүп багып коюну,
Бакырларга бериптир
Чөл-биябан оюну.
Бакырлар барып муюшуп,
Ондон-бештен уюшуп,
Топурак, жыгач үй кылып,
Тобуна бирин бий кылып,
Калдайтып калаа салыптыр,
Уюшуп шаар салгандан
Уйгур атка калыптыр.
Баары Жапес уругу,
Ар жерде болду турагы,
Ал заманда болуптур
Ак байгамбар убагы.
Араптар келип ар качан
Ыслам жолун айтыптыр,
Ар жердеги адамдар
Эски жолго кайтыптыр,
Кутпадин чыккан араптан,
Аскер келип, кол келип,
Арбын келип, мол келип,
Ак динине зор берип,
Аткарган экен Мекеден,
Ак байгамбар жол берип.
Олуя-Ата, чоң Ташкен,
Оро-Төбө, Самаркан,
Орчун-Кокон, Маргалаң,
Испараны, Жизакты
Ырас динге узатты.
Чаржуй менен Букарды,
Арал-Көлдү, Кырымды,
Аралап кыйла кылымды,
Алардан мурун ал жерди
Азирет Аалы алыптыр,
Ак жолуна салыптыр.
Ага да болбой түрк уулу
Атабыздын жолу – деп,
Минсук динге жаныптыр.
Кырк жылдан кийин Кутпадин
Кыдырып келип калыптыр.
«Ак жолуна тарт – деген,
Ата динден кайт!» – деген.
Биздин тилге «тарт» болду,
Арабыча «сарт» болду.
Ушу күндө балдарың
Уйгурга кыргын салганы
Билгендерге дарт болду.
Баары Жапес баласы,
Бакырлыктан бөлүнгөн,
Байкап турсам силерге
Башка журт болуп көрүнгөн.
Башын кесип, кан төгүп,
Бут сындырып, кол сөгүп
Уйгурга уруш салыпсыз,
Уккан жерден түк койбой,
Уйпалап баарын алыпсыз.
А да Жапес тукуму
Орус деген бирөө бар,
Нордун кара көлүндө
Немис деген бирөө бар

Зымбур арал чөлүндө.
Кытай жатыр кыр жакта,
Кыйлаң жатыр төмөнкү
Кара Деңиз, Сыр жакта,
Кары-жашың олтурсуң
Акыл кылгын шул чакта.
Кытайга салдык бүлүктү,
Кызыл чок ойрот каптаса
Кыргызга салар түлүктү.
Биз Каңгайга салдык бүлүктү,
Кара чок маңгул каптаса
Казакка салар түлүктү.
Мен кордук көрдүм жашымдан,
Ага-иниден айрылып,
Азап тартып башынан,
Маңгулда жүрдүм мал сактап,
Манжуулардын журтунда
Басып жүрдүм жан сактап,
Ногой уулу туугандан,
Он жетимде бөлүндүм,
Ойлоп келсем шолорду
Суудай жашым төгүлдүм.
Атам өлгөн, жетиммин,
Ага, иниден айрылып,
Айдоо менен кетипмин.
Азапты алдым мойнума,
Агып жашым койнума.
Бөйөндүн уулу Чаянды
Жашында Жакып таянды,
Актап кызмат кылган соң,
Чаяндан таптым аянды.
Кызматымды билген соң
Кызын берди өзүмө,
Кыргыз, казак олтурсуң,
Андап жооп бериңер
Айтып турган сөзүмө.
Жапес уулу жана бар
Татар менен Дүк – деди,
Айтып жооп бериңер,
Олтурбаңар шүк» – деди,
Ошону айтып бай Жакып
Орчун топко тиктеди.
Камбардын уулу Айдаркан,
Карыядан Эштек бар,
Кан Жакыптын сөзүнө
Кайтармакка эсеп бар.
Кыпчактардын Тазы бар,
Кыргыздардан Байжигит,
Нойгуттардан Акбалта,
Ногойдун Чагоо кары бар,
Ошо топтун ичинде
Ата уулунун баары бар.
Аргын Каракожо бар,
Ата уулулар кошо бар,
Алчындан Каракезек бар.
Акылмандан отурган
Алтымыш – деп эсеп бар.
Бердике туруп бек айтат,
«Бербердигер кудая
Мерт кылдың Жакып –деп айтат,
Дүнүйөнү чачабыз,
Кытайга тийип койдук – деп,
Дүрбөп кайда качабыз?
Малды бекер чачабыз,
Маңгулга тийип койдук – деп,
Баш алып кайда качабыз?
Орто Азия жерибиз,
Орчун кыргыз элибиз,
Бу жакта кытай жатат – деп,
Бузулду кандай бейлибиз?
Энибиз жатыр Эртиште,
Аягы Орол тоосунда,
Күн чыгышың жогору
Аңгердин Кара-Коосунда.
Түштүгүң жатыр түгөнгүр
Кара-Шаар, Кумулда.

Аттанган балдар аз барып,
Кууратып келди Кумулду.
Кытай келе жатат – деп,
Кайдан кабар угулду?
Конушташ жүрүп маңгулга
Коркуп калган экенсиң!
Жакын жүрүп кытайга
Жадап калган экенсиң,
Жайытына малыңдын
Карап калган экенсиң!
Анжыян менен Алайды
Самап калган экенсиң!
Анжыянда Алооке
Азыр бизге жаман жоо,
Айтып-айтып болбойсуң,
Арзысаң Жакып баргын шоо,
Анжыян менен Кашкардын
Арасы кыйын улуу тоо,
Ашуусу бийик, жери тик,
Аны көздөй бет алсак
Табылбас бекен биздин жик?
Көрүнөө айттым бир сөздү,
Көңүлгө албай кир сөздү.
Көбүңөр билгин муну» – деп,
Бердике сөзү токтолду.
Мунун да сөзүн «жаман» – деп,
Айткан киши жок болду.
Байжигит шондо кеп айтат:
«Бай Жакыптын өзүндө,
Баштан-аяк сөзүндө
Жаманы жок – деп айтат.
Мурут бар жерде сакал бар,
Мурунтадан макал бар:
«Сактын саны калат – деп,
Саңыроонун төгүлүп
Сайда каны калат» – деп.
Кытай деген жакырга,
Кыжылдаган каапырга
Кыйырына жатып албайлык,
Кылым кытай кол келсе
Кыргын таап калбайлык.
Жетиген жагын карасак,
Жерин өлчөп санасак
Илепси бар, Кара-Кум,
Күн чыгышы Сары-Арка,
Күлдү баары казакта.
Күн батышка бет алып
Калбайлык бөөдө азапка.
Эсил, Нура суусу бар,
Эсен-аман ушу бар.
Ар жагы дүк татар бар,
Аз гана казак, кыргызга
Асыла кетсе катар бар.
Ойдо деңиз-көлү бар,
Ойлоп көбүң көрүп ал.
Оролдун узун тоосу бар,
Ошого жакын барсак – деп
Бир кыйла элдин оозу бар.
Эдил, Жайык жери бар,
Эне-атабыз өскөн – деп,
Бир кыйла элдин кеби бар.
Кеңешип билчи баарыңар,
Кетте-кичик карыңар!»
Байжигит сөзү басылды,
Байжигит токтоп калганы,
Камбардын уулу Айдаркан
Калкка сүйлөп салганы:
«Баштан-аяк баарыңар,
Кан Жакып баштап карыңар,
Кайратты таштап салдыңар,
Качууну сүйүп калдыңар.
Карап турсам, калайык,
Үмүттү таштап салдыңар,
Үркүндү сүйүп калдыңар.
Кырып ием сени – деп,
Кытайдан келген кеп барбы?

Кыргыз, казак жыйылып,
Ушу сөздөрүңдө эп барбы?
Кагып ием жерге – деп,
Каңгайдан келген кеп барбы?
Казак, кыргыз жыйылып,
Калжыраштa эп барбы?
Алтайдын тоосун жөлөндүк,
Кыйла жылдан бер жакка
Кыпкызыл канга бөлөндүк,
Кыргыз, казак чогулуп,
Бүгүн кыжылдап сүйлөп
не көрдүк?
Так ушинтип олтурсак
Далайда болор жай алуу,
Ар качандан, бир качан
Жамандын жаны аялуу.
Аябаңар жаныңды,
Айткым келди баарыңды,
Акбалта, Жакып карыңды.
Колунан келсе кызыталак
Коёрбу кытай жаныңды?
Келе калса колунан
Кетирмекчи саныңды,
Кемпир менен чалыңды,
Кемшеңдетип ыйлатып,
Кейитпейби баарыңды.
Жүздөн алып наарынды,
Жүдөтпөйбү баарыңды.
Туулмак бар, өлмөк бар,
Жакшылык менен жамандык
Туш-тушунда көрмөк бар.
Аманат берген куу жанды,
Ажал жетсе өлмөк бар!»
Айдаркан айтып салганы,
«Аңдаңарчы, балдар!» – деп,
Акбалта сүйлөп калганы:
«Өңчөй алаш балдары
Орто жери ачылып,
Ойго-тоого чачылып,
Аягы Намут боюнда,
Башын көрсөң мына бу,
Алтай тоодон жогору
Аңыртынын оюнда.
Анын баары бир болсок,
Арбак урган кытайга
Алдырбас элек оюмда.
Каканчынга караган
Бабылга чети барыптыр.
Маңгул, кытай биригип,
Душмандыгы билинип,
Туш-тушка кандай тараган?
Акунбешим, Кеймен бар
Кетпей ушу санаадан.
Баласагын бу да бар,
Олуя-Ата, чоң Ташкен,
Орчун Кокон, Маргалаң,
Ошолор да жуда бар.
Оро-Төбө, Самаркан,
Олордо бар канча жан.
Кан Самардын тушунда,
Качкын болуп ушунда
Сыяда суунун боюна
Коконбай аттуу бир адам
Кош коргон тамды салыптыр,
Каны көрүп, калк билип,
Козголбой улуу шаар болуп,
Кокон атка калыптыр.
Алты жашар жашымда
Ойноп турсам кашында
Чоң атам Аскар кеп айткан:
«Дорго келди кытайдан,
Тозуп чыкты далай жан.
Көргөнүм жок көз менен,
Уктум айткан сөз менен.
Кытай кыстап ийди – деп,.
Кыжылдаган кызыталак,

Коконго толуп кирди» – деп.
Көчүп чыктык Алайга,
Кызылдын тоосун кыдырып,
Кылчая албай далайга.
Агып жүрүп акыры
Аягы көрдүк Алтайды,
Айттыңар балдар далайды.
Ашып келдик Жылдызды,
Алтайдан таптык кыргызды.
Көрдүңөр балдар көзүңөр,
Көбүлсыра тоосун
Жердеп турсуң өзүңөр,
Куп кулакка сыйымдуу
Сак болсок – деген сөзүңөр!»
Көрүнгөн сөзүн Акбалта
Көбүнө айтып салганы.
Айтып оозун жыйганча,
Көсөл Манас, эр Көкчө,
Көт жагынан Жамгырчы,
Абдылда, Болот ал экөө,
Манжуулуктун Шакуму
Манаска көөнү жакыны,
Аксакалы Айнакул
Айтылуу Кыргыл мына бул,
Жергелешип жетөөбү
Жетип келди жыйынга.
Жыйынга келген адамдар
Калдык дешти кыйынга.
Келип Манас кеп сурайт:
«Ага-иниңиз, атаке,
Качан келген?» – деп сурайт.
«Кечээ келген, балам, – деп,
Чын ушунун баарысын
Чыкыртып алган бабаң – деп,
Чымындай сенин жаныңды,
Аман койсун Алдам!» – деп,
Кан Жакып сүйлөп калганы,
Кайра басып, канкоруң,
Өз үйүнө барганы.
Өскөнбай менен Ыйманды,
Ар качандан, бир качан
Айдап жылкы жыйганды:
«Бачымыраак чабыңар,
Байталдан семиз табыңар,
Он эки байтал алыңар,
Камбарбоздун үйүрүнөн
Ээгинен бирин чалыңар,
Эртелеп келип калыңар.
Эркегинин баарысын
Нээти казат караткан,
Ургаачысын ар качан
Ак түлөөгө жараткан,
Дартман эмес, сагынан,
Карасы эмес, агынан,
Андан бирди алыңар!»
Ыйман менен Өскөнбай,
Алар чыгып ат минип,
Ат минсе да бат минип,
Жылкыга жөнөп калганы.
Жыйындын баарын дүргүтүп,
Чыкырып Манас алганы.
Жайлоо эмес, жаз экен,
Ачыган кымыз аз экен.
Алты азамат чаптырды,
Алты жүз меште кымызды
Аял кылбай таптырды.
«Айылда киши калба!» –деп,
Адамдын баарын чакырды.
Жер очокту каздырып,
Жез капкактуу казандан
Жетимишин астырып.
Күчтүү болсун арак – деп,
Күчаладан салдырып,
Үч элиге келгенде
Үзүп-үзүп алдырып,
Каалагандар жутушуп,

Кайраттуулар куршугуп,
Кара бою тутушуп,
Алты жүз мешке куйдурган
Алып келген кымызды,
Аксакал бою балкышып,
Аны ичкен соң карпаңдап
Аңгемени кылышты:
«Алла Таала берген – деп,
Бала да болсо башкача
Манас аттуу ырысты!»
Карыялар муну айтып,
Канжардай болгон жигитти
Майыштырып мас кылып,
Бастырып койду буралтып,
Көгала майдан шиберди,
«Көңкүң мындай отур!» – деп,
Көкжалың айтып жиберди.
Тегерек тартып тең болду,
Ортосу ачык кең болду.
Аземин минтип арттырып,
Сары казы, кыйма жал
Адамдарга тарттырып,
Ар кандай опкоксуганын
Аппак майга тойдурду.
Эки жүз чанач кымызды
Эңсегени жутсун – деп,
Элдин ортосуна койдурду.
Кырк көөкөр аркыт алдырды,
Каалаганың муну ич – деп,
Аркыттагы аракты
Ата уулулап таратты.
Арстан Манас келди да,
Арада туруп кеп айтат:
«Ай, ага-ини,
журтум –деп айтат
Астыңда бар кара жер,
Жер экен – деп тим болбой,
Айлананды карай бер.
Ушунчаны көтөрүп,
Акы албаган кандай эр?!
Бендесиңер, билбейсиң,
Безилдетип сүйлөтүп,
Бенде кылган ким дейсиң?
Төбө жасап, баш берген,
Баштын көркү чач берген,
Көздүн көркү каш берген,
Көр напсиңер тойсун – деп,
Ачуу-чүчү аш берген,
Тал чыбыктай бой берген,
Акыл жасап, ой берген,
Эстээр бекен мени – деп,
Эркиң менен коё берген
Эгеңдин барын билбейсиң,
Эгем Таала сактаса
Эңшерип кетчү ким дейсиң?!
Шамал эмес, жел эмес,
Шайтан эмес, бери эмес,
Дөөдөн эмес, жин эмес,
Төөдөн эмес, бил эмес,
Жырткыч эмес, куш эмес,
Олтургандар ойлоп көр,
Укпас кебиң ушу эмес!
Кабарчысы как өзүң,
Байгамбарың адамдан,
Бар кудайдын барлыгын
Байкабаган кай наадан?
Жазгандыр жазуу башында,
Лам-Мафүд кашында,
Ал жазуудан кутулуп
Чыгаар айла бизде жок.
Жыйылып алып кайгырган
Кыргыз, казак карысы
Таруудай акыл сизде жок!
Жазуудан артык жан өлбөс,
Тактада жатып кан өлбөс,
Өлбөсө бенде не көрбөс.

Өзү жазган кудурет,
Өкүмүнө ким көнбөс.
Баарың карап турасың
Жер үстүндө көрүнүп,
Кутулуп көрчү өлүмдөн
Жергеңерден бөлүнүп,
Жетимиш түмөн алашсың,
Жеткен болсо ажалың
Жесе дагы жер тойбойт,
Жергеңерден бөлүнүп,
Жетимиш жылы качсаң да,
Жеткен ажал түк койбойт.
Кара да өлдү, кан өлдү,
Кабардарсың баарыңар,
Канча түрлүү жан өлдү.
Бекер да өлдү, бек өлдү,
Бендесинин баарысы
«Мен кыйынмын!» –деп, өлдү,
Алла берген насибин
Туш-тушунда жеп өлдү.
Абал башта мен өзүм,
Ойротко маалым бу сөзүм,
Сегиз жашар жашымда,
Чеге бала кашымда,
Баянчор деген мадгулдун
Тартып алдым белинен
Оттук менен бычагын,
Ошондон кийин кычадым.
Кайып кан кызы Карабөрк
Бу күндө кучат кучагым.
Жалгыз уулу Жакыптын
Жанын жутат – деп жүрдүң!
Жаңгызың эмес, көп жүрдүң,
Жарып берген майымды
Жалпы баарың жеп жүрдүң.
Элким бала Манасты
Эртең өлөт дедиңер,
Эгем Таала сактады,
Эрегишкен душмандын
Нечөөнүн башын жедиңер,
Эгем Таала сактады,
Эсен-аман келдиңер.
Эгей-шыгай көй кашка,
Эсиңер элден бир башка,
Эми эмине дедиңер?
Колунан келсе Каканчын
Коё турган ою жок,
Тартып калар бою жок.
Алы келсе кытайдын
Албай турган кеги жок,
Айылын жыйып атакем
Дарбытыштын эби жок.
Мен, Ошпурдан уктум бир кепти,
Ошондон бөлөк бул элден
Кулакка сыяр кеби жок.
Башыбыз Оркун суусунда,
Аягыбыз Көбүл тоосунда,
Азыр карап турабыз
Кайнап жаткан Какандын
Капкасынын оозунда.
Жерге кирсин кытайың,
Сексен күндүк жолдо экен,
Текес деген дуу-дусу
Ала койсок колдо экен.
Куяс деген балбаны,
Куп жыйылып келдиңер,
Кудайдын берип салганы.
Баарыңарга эп болсо,
Бала да болсом кан кылдың,
Мен бийлеген кеп болсо
Казат кылбай тынбаймын,
Кара боюм чыңдаймын!
Алым келсе аламын,
Ак жолуна саламын,
Ажалым жетсе арамдан
Акыретке барамын!

Кара оорудан катпайбы,
Мага окшогон балдарды
Кагын алып жатпайбы.
Чегилбей чечек албайбы,
Жер кучактап калбайбы.
Жашым жаңы жыйырма төрт,
Жаанга салып кызыл өрт
Урушта өтсүн өмүрүм,
Узакка калсын өнөрүм.
Атышта болсун өмүрүм,
Артымда калсын өнөрүм.
Сайда болсун изибиз,
Сапардан болсун ишибиз.
Жолдо болсун изибиз,
Жоодон болсун ишибиз.
Көктө болсун жаныбыз,
Көөкөрдө болсун каныбыз.
Көңкү алаштын балдары
Көөсөрүң болсо калыңар,
Көсөмүң болсоң барыңар.
Карк ажалым жетти – деп,
Канжыгага байланып
Кара башым кетти – деп,
Башыңды байлап өлүмгө,
Чачыңды байлап өрүмгө,
Аягың байла кишенге,
Айылда жүрсөм өлбөйм – деп,
Аманат жанга ишенбе.
Колуңду байла күндөгө,
Корстон болбо дүйнөгө.
Короодо көп коюм – деп,
Кор болбоймун оюм – деп,
Комсоо кепти сүйлөбө.
Өрүштө жылкы малым – деп,
Өзгөчө кыйын алым – деп,
Өкүнүчтүү болор айткан кеп.
Жайытта сыйыр-уюм – деп,
Сандыкта дүйнө, буюм – деп,
Санааңа алсаң жаман кеп.
Жүк артсам арбын төөм – деп,
Төөм бардан жүрөм – деп,
Дөөрүгөнүң жүдөө кеп.
Конокко сой бир койду,
Корооңо кой миң койду,
Бир карышкыр кириптир,
Миң койду кайдан тим койду?
Корооңо канды толтурду,
Таң атырбай таптаза
Кырып баарын болтурду.
Курсагым жеп тойдум – деп,
Кунум бүттү, койдум – деп,
Бекер кайдан олтурду?
Аны кылды бөрүңүз,
Артын кийин көрүңүз.
Конокко бирди сойдуңуз,
Кошо жедиң, тойдуңуз.
Короо толгон миң койду
Не иш кылып койдуңуз?
Жылдырып жылкы айдадың,
Сызылтып казы чайнадың,
Зыңкыйтып күлүк байлайсың,
Сыдырым сыртты жайлайсың.
Жоо сыртыңдан багыптыр,
Кыйкырып добул кагыптыр,
Куйругун сыртка салыптыр,
Куюндай учуп жылкыңыз
Жоого кетип калыптыр.
Ээм мында калды – деп,
Ээлеген мендей малды – деп,
Эстебей турган болгон соң
Жылкым менин арбын – деп,
Жыргап айтыш кандай кеп?
Желеде келе уюм – деп,
Сандыкта зарым булум – деп,
Көңүлүңө жетиптир,
Көмүр түшүп, от жанып,

Көмүркөйүң кетиптир.
Көп деп турган уюңа
Көтөрмөсүн колго алып,
Көк көйнөк энең жетиптир,
Көрө-сала койгун – деп,
Айрып албас болгон соң
Аны көп дебей койсоң нетиптир!
Көрүп турсуң көп алаш,
Көбүңө айтам мен Манас.
Көңкү журттун баарысы
Көрдүң төөнүн чоңдугун,
Жүрүмүнүн тоңдугун.
Жолго сыйбайт таманы,
Тикенек сайбайт тамагы.
Кирпигиндей чымындан
Кидирбестен кырылган.
Кандайлыктан дүйнө – деп,
Кайрат бизге кылынган?
Алаш урук ага-ини
Артыкча болор ак дини.
Азыр элден көрбөдүм
Атакемдеи жиндини.
Өрнөк сөз айтып торгоду,
Өчөшкөндөй иш кылат,
Бу өлүмдөн кантип коргоду?!
Арман сөз айтып торгоду,
Бу мени ажалдан кантип
коргоду?!
Кырк күндүк кыштын суугунда,
Өлүмгө жаның жуугунда,
Кырк күнкү жайдын ысыкта
Аманат жаның кысылса,
Бааналарга сарай бол,
Салтанатың далай бол.
Көрдүңөрбү көй кашка
Ысык менен суукту,
Ойлонуңар орчун топ,
Ыраак менен жуукту.
Кышында суук бууптур,
Жайында ысык кууптур.
Бааналап бардың сарайга,
Байкап көрсөң бул иштин
Аягы барсын далайга.
Сарайга кирдиң сыйынып,
Жаңгыз эмес, бир өзүң
Жалпы кирдиң жыйылып.
Ошончо жан сеп алган,
«Жакшы үй экен!» – дей алган.
Эшиги болбой, төрү бол»
Миң кой өлдү бөрүдөн,
Кой болбогун, бөрү бол.
Сандык болбо, от болгуй,
Санааңа бул сөз токтолсун.
Саадак болбой, ок болгун,
Бас болбогун, тоо болгуй,
Ээси болбой жылкынын,
Эңшерип алган жоо болгун!
Төө болбогун, чымын бол,
Тегеректе чырың бол.
Бирок элге айтарым,
Төгүнү жок, чының бол!
Ошпур байдан кеп уктум,
Терс-Суудагы Текес кан,
Теңир ургур кандай жан?
«Баш жакты алаш алды –деп,
Арадан чыгып төрт бурут,
Бу кандай айылга дүрбөөн
салды? – деп
Оролду алаш алды – деп,
Ортодон чыккан төрт бурут
Бу кандай дүмөк салды – деп,
Ушу баштан өргүтпөй
Ойрондоюн аны – деп,
Кылымдын Какан каны – деп,
Кыпчак, кыргыз, казагын,
Колуна берип азабын,

Кыйратайын аны – деп,
Баш ылдый келсе Бакбурчун,
Аяк өйдө кол барса
Акунбешим зор бааша».
Кемен деген жаң-жуңга
Кетириптир кабарга
Көңгөш деген аярын
Чаптырыптыр чабарга.
Аты Кер-Көл жери – дейт,
Баң кытайдын эли – дейт.
Орго деген каны – дейт,
Ойрот жеңбейт аны – дейт.
Эсеби жок, эли көп,
Аз болгондо аскери
Алтымыш миң саны – дейт.
Бээжинге берип эсебин,
Бешим канга карайт – дейт,
Беттеше келсе душманга
Ар ишине жарайт – дейт.
Азы кытай, көп маңгул,
А да Жапес баласы,
Алты күндө айланып
Адам көрүп боло албайт,
Базар кылып турганы
Баласагын калаасы.
Алардан да алыс – дейт
Ташкен менен Кокону,
Туташтырбай аларды,
Тагдырда Алла буюрса,
Талкалайлык ошону.
Аяр Култаң качыптыр,
Аксынын белин ашыптыр,
Акылынан шашыптыр.
Арадан Жылдыз басыптыр
Терс-Суудагы Текеске
Кутурган Култаң барыптыр.
Ошпур бай мага кеп айтты:
«Терс-Маёнун боюнда,
Темирдиктин оюнда
Текеске кабар барды –деп,
Куяс деген баатырын
Куп чакырып алды –деп,
Кужулдашып кытайды
Кудай уруп салды –деп.
Анын туура жагында
Илебин деген каны –деп,
Издетип ийди аны –деп,
«Алма-Коюр бою –деп,
Адам арбын ою –деп,
Анын баары келген соң
Алакандай алаштын
Абыдан болор тою» –деп,
Айткан экен мындай кеп.
Агабыз Ошпур угуптур,
Алты күн болду келгени,
Анжым уруу калмактын
Арасынан чыгыптыр,
Жалпы олтурган ага-ини
Жалынсаң жаның калабы?
Корусаң коюп салабы?!
Эркек козу туулуптур,
Не жумушка туруптур?
Эр азамат туулуптур,
Не жумушка туруптур?
Эркек козу болгондо
Курмандыкка караткан,
Эр азамат болгондо
Намыс үчүн жараткан!
Мал караган чалдар бар,
Баспай жаткан балдар бар,
Кызыл ээк чалдар бар,
Кызыл муштум балдар бар,
Эселек жүргөн катын бар,
Катын алып, үй тигип,
Эркек деген атың бар.
Атка минип эрбейип,

Найза кармап сербейип,
Эсенкан кыйын эле – деп,
Беш айчылык Бээжинден
Бу жерде коркуп селейип,
Жалтанышың жарабас,
Машар күнү байгамбар
Үмөтүм – деп карабас.
Башка кудай салган соң,
Бадышага жоо болуп
Майдандашып калган соң
Аянарга жан барбы,
Ал адам эмей акыры
Бери, дөө заңгарбы?
Эске кудай салган соң,
Эсенканга жоолошуп,
Эрегишип алган соң
Эзелден кызыган каның бар,
Эми не деп аяр жаның бар?!
Укканың бардыр карыдан,
Уламалап баарыдан
Залим туулса бир даары
Бир атанын баласы,
Өкүмөттү талашып
Өлүмгө кандай кириштi.
Эрен менен Туранды
Эрегишип эки журт,
Баатырлардын канчасы
Барса келбес жөнөлдү.
Жомок кылып айттыңар
Самнаарман арстанды-
Эр Үрүстөм Дастанды,
Баары Жашкүр уругу,
Эл талашып, жер бөлүп,
Эрегишип куруду.
Азыркы кылган жумушуң
Алардан арзан турубу?
Чыр салганың бүгүнкү
Чынмачындын улугу.

Элчи кандын тушунда
Эл талашып, жер бөлүп,
Эзелки душман кытайга
Эрегиштик ушунда.
Баңүт кандын тушунда
Майдан түзөп, кол жыйып,
Баш кесиштик ушунда.
Атаңар экен Алаш кан,
Ар заманда азамат
Намысына талашкан
Маңгул менен татары
Башка болуп катары,
Кыргыздыктан бөлүндү
Кылым маңгул балдары,
Кызыталак иттерге
Кытай жакын көрүндү.
Татардын болгон уругу,
Мөөр кара деңизге,
Оруска жакын турагы.
Бир тууганы Дүк болуп,
Бизди билбейт бу дагы.
Кыргыз аттуу бабаңыз,
Кыйла жерден табабыз.
Азирет Айып баласы,
Тууган жери күн батыш,
Туура Азия калаасы,
Туташ болгон түрк уулу,
Тунук жердин баласы.
Бабабызды бузду – деп,
Басылбаса санаасы
Башкы тарых Шаа нама,
Барып андан карачы!»
Баары түркко айтып тур
Бай Жакыптын Манасы:
«Кытайдын түбүн ким билет?
Жараткан Алла бир билет,
Аты Кызыр эр билет,
Андан бөлөк не билет?!

Бузук салып атышмак
Мусулманга чоң милдет.
Казан асып, кар салып,
Катын алып, үй тигип,
Аспап алып, ат минип,
Адам болуп турган соң
Жолун кууп бабаңдын,
Жоодон качып калбагын.
Жолу каткан кытайдын
Жоголор жерин карагын.
Бербердигер кудурет
Берерин өзү билер да,
Бербейт экен кудай – деп,
Белгиси барбы силерде?
Жанчышпастан сабыркап,
Шалдаясың бу жерде.
Атышпай туруп алдырап,
Айтышпай жүрүп жалдырап,
Букара болуп мурунтан
Эки жүз жылдан бер жакка
Эринип жүрүп куруткан.
Адам болсоң ага-ини
Аңдатайын ушунда,
Абылкайыр кан болуп,
Ааламды алган тушунда
Муса болду байгамбар.
Бу дүнүйө жалган – деп,
Бузулуптур көп жандар.
Бадышасы Бургандыр,
Абулкайыр каным – деп,
Бузукунун тилине
Бузулбагын жаным – деп,
Бу да айнытып тургандыр.
Башка журттун баарысы
Баашага көңүл буруптур,
Байгамбар – деп Мусаны
Түрк баласы туруптур.
Барбайбыз – деп Мусага
Маңгул, тыргоот балдары
Калмак болуп куруптур.
Угуз кан болду уулу – деп,
Урууга маалим ушу кеп.
Угуз кандын үч уулу,
Ушу жерде калсак – деп,
Бу да айнып туруптур.
Акырында чыдабай
Акка моюн сунуптур.
Калсак деген сөз менен
Казак атка туруптур.
Тыргоот байдын балдары
Калабыз деп, калгандан
Карыя Соорун барганы,
Кайым дүйнө болгончо
Калмак атка калганы.
Баарың турсуң ага-ини,
Барбы сөздүн жалганы?
Баш тартпа – деп,-өлүмдөн!»
Манас айтып салганы.
«Чоң бойдон жүргөн чоң барбы,
Эгер келсе жай чилде
Эрибей турган тоң барбы?
Кан бойдон жүргөн кан барбы,
Кайтарса кудай сыймыгын
Карып болбос жан барбы?
Эсиме алып не кылам,
Эсенкан деген заңгарды.
Барча кыргыз түрксүң,
Башың Булгар, Кара-Кум,
Байкап аны карагын.
Көкө-Ноор көлүндө,
Күн чыгышың бу кезде
Көбү-Шаму чөлүндө.
Аяк жагы Арал-Көл,
Көргүстөндүн белинде,
Түштүгүң Балык, Ыспана,
Түбүнөн бери чоң журтсуң,

Бу күндө кытай кысканы.
Кыспаганда неткени,
Кызыталак ит сасык,
Кырымга чейин кеткени.
Ойду-тоону алыптыр,
Аяк жагы арамдын
Оролго чейин барыптыр.
Билген болсоң түрк уулу
Бизге жакын калыктыр,
Бир чекеңиз түштүктө
Бадакшан менен Балыктыр.
Каш кайтарар неме жок,
Каапыр басып калыптыр.
Сүрүп жүрген кытайды
Түмөн кыргыз элидир,
Түп атабыз ээлеген
Түркстандын жеридир.
Суракчы келген кытайды
Султан кылып алыптыр,
Султандарын сулатып,
Ултан кылып салыптыр.
Арага келген кытайды
Аким кылып алыптыр,
Акимдерин бас кылып,
Алсыратып салыптыр.
Өңкөй түрк балдары
Алла берген акимдик
Өзүнө ыраа көрбөгөн
Арам заада калыктыр.
Арамын айдап соёюн,
Алла Таала жар берсе
Атамдан калган Түркстан
Албай кантип коёюн.
Мажузу динин жоёюн,
Бар кудайым буюрса,
Бабамдан калган Түркстан
Барбай кантип коёюн.
Орто Азия, Түркстан,
Оболку аты Наамандыр,
Ак байгамбар тушунда,
Кутбидин келип ушунда,
Түрк жердеген жер үчүн
Түркстан атка калгандыр.
Берген кудай түрккө,
Ким коюптур бу жерди
Бээжинден келген бүрүккө.
Ата жерим Түркстан,
Алла берген түрккө,
Акимдикти ким койду
Анжуудан келген бүрүккө.
Алтайда кантип туралык,
Арбын аскер куралык.
Атышкандан баш тартпай,
Ата жолун кубалык.
Мажүрөө кантип туралык,
Балбандан аскер куралык.
Бабанын жолун кубалык,
Бу бадирекке бет алып
Барбай кантип туралык!
Казак, кыргыз калыксың,
Канчаңарды мурунтан
Калмак кылып салыпсың.
Кыймылдаарга шайың жок,
Кыйла жылдан бери жакка
Кытайга карап алыпсың.
Кыямат күнүн эстебей
Кырылган кандай калыксың?!
Абунасыр кожону
Ак байгамбар буюруп,
Жибериптир ошону.
Айттырып уктук жарлыгын,
Андан билдик, ага-ини,
Алла Таала барлыгын,
Тартып калба бир күнү
Тараза-мыйзам тарлыгын.
Албай койбойт акырет,

Азыр жүрсүң капилет
Тириликтин жообуну.
Теңшербей койбойт бир күнү
Күнөө менен сообуну,
Казат үчүн жаның кый
Тез берүүгө жообуңду.
Шейит өтсөң дүйнөдөн,
Кыйналбайсың кудайга
Кылганыңды сүйлөөдөн.
Учмакты көздөй учасың,
Нур кызынан кучасың.
Жаннатты көздөй жанасың,
Шарабан тоор суусунан
Абыдан ичип канасың.
Ташы көөхар, суусу бал,
Салтанатын карап ал!
Зунурут, көөхар, терек, тал,
Жыйырма беште жигитсиң
Көп жашаган көксөө чал.
Үч-төрт айлык баласың,
Туулбастан энеңден
Кокус түшүп каласың.
Жыйырма беш жаш менен
Жыргап бейиш барасың.
Үйлө кийип, нур кучуп,
Ачып көздү жумганча
Алты айлык жерге барасың.
Бейиште бар нур кызы,
Беш-бештен чачы өрүлсө,
Бенделерге бирөөбү
Бетин ачып көрүнсө
Бехуш болуп өлөсүң.
Бу жерде турган ага-ини
Бел байлап шейит болбосок,
Бейишти кайдан көрөсүң?!
Жай сурабайт ал жерде,
Жааннамга жөнөөрсүң.
Жайы тозок жамандыр,
Жакшылык кайдан көрөсүң.
Мусулман, каапыр – эки журт
Мурунтадан бөлүнгөн,
Жалган дүйнө жай болбойт,
Жан аяба өлүмдөн,
Акылыңар ушу го
Акыреттен келдик – деп,
Адам жок – деп, көрүнгөн.
Дакы Жунус тушунда,
Узайыр аттуу байгамбар
Өлүп жатып жүз жылы,
Өкүмү менен Алданын
Өзү келген ушунда.
Жыйырмада калган баласы,
Жылбайт, көчпөйт калаасы.
Кайып болду эрим – деп,
Кан ыйлаган энеси.
Кайтып өзү келгенче
Жүдөп болуп калыптыр
Жүз жыйырма жашап баласы.
Атасы келген кырк жашка,
Азыр турган ага-ини,
Алдырбагын жалганга.
Ак амири бир башка,
Тогуз жашар жашымда,
Чеге бала кашымда,
Бадалдуу тоонун башында
Бир козуну бөрү алды,
Бийик тоого жөнөлдү.
Алып качкан козусу,
Кызыл канга бөлөндү.
Адамзат бендеге
Айтылбаган бу сөзүм,
Аркасынан кубалап,
Барган Манас мен өзүм
Аккан канын кубалап.
Ашуусу бийик тоо экен,
Аскар бийик зоо экен.

Ашып барып калгамын
Аркасынан кубалап,
Шашып барып калгамын.
Өкүматы Алданын,
Өзүм айран калгамын.
Адамзат заты бар,
Канаты бар, аты бар,
Санап көрсөм кырк киши,
Санаага келбейт ак иши.
Козум өлгөн чагы жок,
Бир жеринде тагы жок.
Жалдыратып каратып,
Жанына коюп мааратып,
Кеп сурады өзүмдөн,
Келгенимди жаратып
Билгенимди сөздөдүм,
Кырк кишини көздөдүм.
«Кыр ашып келген биз –дедим,
Канаты бар ат минген,
Кандай жансыз, сиз?» –дедим.
«Кырк чилтен деген биз –деди,
Кылымга бааша сиз!» –деди.
Мындан кийин Манасың
Ыслам динин издеди.
Көрүнгөн чилтен көзүмө,
Көргө кирер кезимде
Көп болушкан өзүмө.
Көбүңөр кулак салсаңар,
Айткан накыл сөзүмө.
Соо-саламат, тагы жок,
Колума берди коюму.
Баатырларым, сага айтам,
Барбы, жокпу кудай? – деп,
Башка кылба оюңду.
Кырылышып жеңбесек,
Кытай берер тоюңду.
Барган адам өлөт – деп,
Бас ойлобо оюңду.
Барсылдашып жеңбесек,
Маңгул берер тоюңду.
Тууган да болсо калмагың
Туш-тушунда көрдүңөр
Душмандык кылып салганын.
Кызыталактар көп тилейт
Кытайдын жеңип алганын.
Кылайып өзү биле элек
Кыяматтын күнүндө
Кызыл чокко калганын.
Олуя-Ата, чоң Ташкен,
Орчун Кокон, Маргалаң,
Оро-Төбө, Самаркан,
Алар да калган атаңдан.
Кара тейит, катаган
Кайрылып калган Сабылда,
Эрендин журту эркексип
Уруш салган чагында.
Маңгыт, найман, абагы
Башта турган Бабылда,
Байкап көргүн баарыңар,
Бадыша өтпөйт тагында.
Жедигердин уругу
Жазыйранын чөлүндө,
Кыргыздын кыйла тунугу
Жергеден азып куруду.
Коросон, Ыспан арасы,
Конуш кылып турганы
Даң-Дуң тоонун талаасы,
Чыгып-кирип турганы
Чырашанын калаасы.
Бостон, жөөкөс, думара,
Болжоп көрсөң буларга
Баары кыргыз баласы.
Өлүк да болсоң билесиң
Өзүбектин уругу,
Өтүп кеткен Сапар шаа
Өңкөй алаш улугу.

Сапардын уулу Самарды,
Кара кыргыз уругу
Кан көтөргөн аларды.
Каалап турам, калайык,
Каапырга кыргын саларды.
Өзү жалгыз кудурет,
Жалгыздыгын билмекке
Адамдарга чоң милдет.
Күн жараткан бцр өзү,
Күйгүзүп ийсе бендесин
Күчү келбей жатабы,
Күндө тийип турат ко,
Күндүн бузук мүнөзү.
Ай жараткан бир өзү,
Аят келип турат ко,
Айттырып ийген бар сөзү.
Алы келбей жатабы
Аңтарып жерди таштаса
Алла Таала бир өзү.
Атышкандан өлөм – деп,
Алаштын акмак бу сөзү.
Үйдө калды карыңар,
Ушу жерден көрдүң баарыңар,
Даңгыттан келген жүз миң кол
Жарым ай жатты токтолуп,
Жазайыл мылтык октолуп,
Аяк жагын көрдүңөр
Даамын татып өлүмдүн,
Талкаланды жок болуп
Түрк уулунан түк өлбөй,
Эштектин элин камаган
Жүз миң колду жүз киши
Жолун тосуп караган.
Тар капчыгай жол үчүн,
Өткөргөн жок ол үчүн.
Кабарсыз Эштек калганын,
Кары-жашың көрдүңөр,
Баарыңарга белгилүү
Манастын кабар салганын.
Бейли бузук бетпактар:
«Бере көр, кудай!» – деген жок,
Миңдеп жаткан түрктөн
Бир токтусун жеген жок.
Ачкасынан оболу
Ат союп, ичти каныны,
Кетүүчү жолун биз тосуп,
Кетирдик минтип саныны,
Алдарын өзү билген соң,
Өздөрү кыйды жаныны.
Мылтык калды, жаа калды,
Мыкты жарак баарысы
Казак, кыргыз саа калды.
Булгарлык ногой бу да алды,
Булардан калган жарагын
Мусулман уулу жуда алды.
Андан мурун көрдүңөр
Аксынын Аңгел бел менен,
Арык казган алты миң,
Азар түмөн эл менен
«Манасты барып тутам –деп,
Балаңызды жутам!» – деп,
Кылымга маалим болду го
Кыйын айткан сөздөрү,
Өлтүрмөк түгүл Манасты
Кыргын тапты өздөрү.
Ушу олтурган ага-ини
Нескара эсен кутулду.
Эли кыргын болгонун
Көргөн жок беле көздөрүң,
Алла кандай болот – деп,
Айныбасын көөнүңөр.
Андан мурда көрдүңөр
Кармап кел – деп, Манасты
Кан жиберген он миң кол,
Нуркундун улуу суусунда,
Уруш кылдык ушунда

Марал-Кечүү тушунда.
Баатырсыган Нуукердин
Башын жуттук ошондо.
Баарың көрдүң көзүңөр,
Баралык десе Нааманга
Коркосуңар өзүңөр.
Кумулдун он бир балбанын
Куп көрдүңөр баарыңар,
Кулагы менен мурунун
Куп окшотуп алгамын,
Кубарган башы калганын.
«Алың келсе койбо!» – деп,
Алты шаар журтуна
Айдап жолго салгамын,
Айтканымдын ичинен
Табыңарчы жалганын?
Кара-Кыштак калаасын,
Катылдың, катык ичкин – деп
Канга боёп талаасын,
Зар ыйлаттык баласын.
Сапарга барган сай кашка
Өзүңөр көргөн өнөрдү
Жашырып кандай каласың?!
Күчөңдүн шаарын күбүдүң,
Күн чыгыштын журтуна
Күйүт салды дүбүртүң.
Оронго салдың ойронду,
Ойлонсоңчу жаш-карың
Ошондо алган олжоңду,
Оңдурбай турган жоо экен
Ойлоп турсам болжолу.
Агыдай далы баланы,
Аярынын зору экен,
Ал колуңда калганы.
Аралаш жүрдүң баарыңар,
Айтуумдун барбы жалганы?
Оноонун белин ашырдык,
Орчун шаар Бээжинге
Оронгуну качырдык.
Үч жүз миң үйлүү кишисин
Алып калдың өзүңөр.
Үч жүзгө толбос киши алып,
Оронгунун качканын
Көрүп калды көзүңөр.
Даңгуу деген шаарыны,
Тасырайттыщ баарыны.
Саңыроо журтун сапырдың,
Көйүнүн журтун күйгүздүң.
Күнөкүл деген бегини
Күнүн таптың эбини.
Төлөк аттуу бала экен,
Төлгө өнөрү бар экен,
Жигит кылып алганың,
Жиндисиңби көп алаш,
Дагы барбы арманың?!
Токонарат жери бар,
Тозоку кытай эли бар.
Салманча деген беги бар,
Санды-түмөн эри бар.
Будаңчаң деген жери бар,
Бузуп алдың калаасын,
Буркураттың баласын.
Тегеренди тейтейи,
Элдиреди эжийи,
Аянып алар калдыбы,
Алы келсе биздерди
Эсиркеп коюп салдыбы?
Соосага салдың согушту,
Соолондору жер күчтүү.
Басып өттүң маңгытты,
Кырмус шаасын кыйраттың,
Түтүнгө камап аярын,
Түнү-күнү ыйлаттың.
Түк койбодуң Котонду,
Түрк уулу барып уйгурга,
Дүнүйөсүн которду.

Даңгыттагы Дүбүрө,
Миң кишилик бир бирөө.
Бадышасын камадың,
Мантка салдың балбанын.
Он жети жүз миң аскерин
Ойрон кылып салганың,
Ырас беле, калайык,
Ымалайдын тоосунан
Кайып даңын алганың?
Саңыроо журтун сапырдың,
Сарасын антип житирдиң
Сансып жаткан каапырдын.
Сура тоонун Догону
Беш жүз миң аскер кол менен
Мээнет басып жоголду.
Мен көрбөдүм Догондой
Күчү толук балбанды,
Эки түнү, үч күнү
Эринбей уруш салганы.
Бекзаададан беш киши
Мени менен барганда
Элүү билге сүйрөткөн,
Бил тилчисин үйрөткөн
Замбирек менен барганы.
Телегейи тең талаа,
Эки жагы кең талаа,
Орток тоонун башында
Отуз миң аскер кашында,
Алты күнү урушту,
Андан көрдүң калайык
Абыдан сонун жумушту.
Тирүүдөн бирөө кайткан жок,
Тигиндей экен чантуу – деп,
Баашага кабар айткан жок.
Лоп боюнан элүү миң
Ойрон кылдың өзүңөр.
Он жети жүз миң аскердин
Кыргыз кыргын салганда
Кызыл каны жошулду,
Аккан кандын аягы
Лоп көлүнө кошулду.
Көлдүн чети кан болду,
Көргөн адам таң болду.
Адам ичпей суусунан,
Адам түгүл ал суудан
Айбан ичпей токтолду,
Кылымдагы кыргындан
Кызыктуу мындай жок болду.
Башын жарып бутуна,
Бадышасы өзү өлдү,
Манасыңар сойлотту
Балбан Догон көзөлдү.
Түркстанга барууга
Манасыңар көжөлдү.
Нойгуттан кары Акбалта,
Ногойдон кары эр Эштек,
Олтурбаңар баарың тек
Алчындардын Бообеги,
Наймандардын Көбөнү,
Аргындын Каракожосу,
Кыпчактардын Тазчечен,
Кыйындарсың бир нечен.
Өзүбектен Акынбек,
Өз тууганым Базылбек,
Өлсөңөр да айтпаңар
Нааманга барбай басыл – деп.
Манжурия калмагы,
Манаска кошо арбагы.
Манжуулукка бек коюп,
Макжуу бегим – деп коюп,
Билгендерге Манжыбек,
Билбеген айтат Мажик – деп.
Орчун жыйын улуу топ,
Орус, кытай мында жок.
Кара аймандын Калдары,
Кабылан Манас бакырдын

Өзүнө жакын зардалы,
Күлдүр шыйкуу калмагы,
Таштан оор салмагы,
Чаган аткан күнүндө
Катыны тууп эркекти,
Чйганбай коюп салганы.
Зркек тууган катыны,
Чаган күнү тууду – деп,
Чаганбай коюп атыны,
Азыр адам өлчөбөйт
Ал баланын зат?лны.
Тыргооттордун Деркембай,
Өнөрү чыкты кийин жай.
Мусулман койду Абыш – деп,
Бу да журтка маалим кеп.
Аңгир уулу Конойду,
Артында көргөн олорду.
Атын атай буларды,
Акбалтаның Чубагы,
Болот эле өз аты,
Чубак атка атанып,
Чууну көп салгандан
Чубак болду бу дагы.
Сыргак, Серек тургансың,
Жаңы келдиң кошулуп,
Сыр ала элек туугансың.
Уругуң дөөлес улуу журт,
Урматтуу Шаабек баласың,
Узакка жанар банарсың,
Арбак берсе кудайым
Атактуу арстан, бек болуп,
Эл сураарсың жудайын.
Түркстан казат кылууга
Түк айныбай бел байла,
Аттанып улуу черүүгө,
Алдадан жардам сурайын.
Өз тууганым Абдылда
Барып келдиң Мекеге,
Так үч жылы жоголдуң
Чыгып кетип чекеге,
Аман көрдүң элиңди,
Нааманга казат кылууга
Абыдан байла белиңди.
Караңгыда кол жүрсө,
Калың алаш жол жүрсө
Карсактын изин жаңылбас
Кадыр Жайнак баласың,
Нааманга казат кылууга
Кайгырып айнып каласың.
Кандайлыктан айныйсың,
Кашыңда карап турбайбы
Каалап келген Манасың.
Жапастардын Саламат,
Жалпы олтурган жамагат,
Өлбөймүн – деп ойлобо,
Жандын баары аманат.
Атаңдан калган Түркстан
Албай калсаң жаман ат.
Жаным пидаа эл үчүн,
Жалпы Нааман жер үчүн,
Туулмак бар, өлмөк бар,
Жакшы менен жамандык
Туш-тушунда көрмөк бар.
Абунасыр кожодон,
Абыдан уктум ошондон
Жамандык менен жакшылык
Жараткандын өзүнөн.
Аят уктум айтылган
Ак байгамбар сөзүнөн.
Кудай жалгыз, куран чын,
Акырет камын жеп алсаң,
Абыдан артык кубанчың.
Абалыңда түрк уулу,
Ойлонуп көр сен муну,
Отко, сууга табындың,
Ошончолук жаңылдың.

Ырас десең эски дин
Ыйманыңдан кагылдың,
Айды көрсөң чокундуң,
Намазым – деп окудуң.
Күндү көрүп табындың,
Күнөөгө минтип кабылдың,
Күйүп турган тозокту
Өзүң тилеп сагындың.
Кай бир түркүн калкыңар,
Кара чоюн бут куюп,
Табынган кандай наркыңар?
Жылдызды көрсөң чогулдуң.
Жыйылып алып чокундуң.
Жадаганда колуңда
Жалгыз сыяр ишиң жок
Жараткандын жолуна.
Көк бука көрсөң бүгүлдүң,
Көк сыйырды көрсөң жүгүндүң.
Анын баары наадандык,
Ата-энемдин жолу – деп,
Арзыганың жамандык.
Жок элеңиз, бар кылган,
Жолдош-жоро, жар кылган,
Билдирмекке дил берген,
Сүйлөмөккө тил берген,
Көргөзмөккө көз берген,
Көкүрөккө эс берген
Бербердигер бир Алда,
Бирлигин билбей кудайдын
Бетпак болуп тим калба!
Табына турган кудайың,
Даана билгин жудайын,
Туудура турган ата жок,
Турат колдоп ката жок.
Тууй турган эне жок,
Туш келишер неме жок.
Өкүмүнө чара жок,
Өнө турган бала жок,
Өзүнөн бөлөк даана жок.
Өзгө тууган, урук жок,
Өзүнөн бөлөк улук жок.
Кирпик ирмем кидирип
Капилети болбогон,
Маклукаттын баарысын
Базилинде колдогон.
Эгер амыр кылса асман-жер
Бир мистеге толбогон,
Өлбөй, житпей бу жайга
Жүрө албасың билген соң
Жалынгын жалгыз кудайга!
Атадан не үчүн тубамын,
Кантип билем өлүмдү,
Кылымга канча турамын?
Аманат жаным чыкканча
Намыс жолун кубамын!
Атамдан калган жеримди
Алдырып коюп кытайга
Аңкайып кантип турамын?!
Энеден не үчүн тубамын,
Эгер ушу жалганга
Нече күнгө турамын?
Эрлердин жолун кубамын,
Эски жерим албасам
Эс алып кантип субамын?!
Алтын айчык кызыл туу
Асмандата көтөрүп,
Аягын жерге сайбасам,
Асабасын жайбасам,
Атым өчүп калбайбы
Атамдан калган Нааманды
Алты айга койбой албасам.
Түркстан барган кытайды
Түгүн койбой кырбасам,
Дүйнөгө маалым кылбасам!
Ээн калган Нааманды
Эренге чейин алыптыр.

Эндээлеген сасык ит
Эркексинип калыптыр.
Бекерге калган Нааманды
Берстоого чейин алыптыр,
Бейли бузук ит кытай
Бек атанып калыптыр.
Кадыр Алла буюрса
Канын кагып тагынан,
Карасын сүрүп шаарынан,
Өрт өчкөндөй өчүрүп,
Өбөктөтүп көчүрүп,
Өч албасам баарынан!
Кытайга кыргын салбасам,
Кырымга чейин албасам.
Маңгулга балаа салбасам,
Багдатка чейин албасам
Манас болбой калбасам!
Токсон уруу өзүбек,
Тозгону болсо жыяйын,
Тозоку кытай журтуна
Тополоңду кылайын.
Алтымыш уруу алаштын
Азганы болсо жыяйын,
Арбак урган кытайга
Азапты мындай кылайын!
Айрып жерим албасам
Атадан туубай калбасам!
Эңшерип элим албасам
Мен, энеден туубай калбасам!
Казатка белим буубасам,
Кандай жүрөм дүйнөдө
Каапырдын журтун куубасам.
Же, кармашкан болсо каапырдын
Канын ичип суубасам.
Мени менен ойнобо,
Азыркы турган ага-ини,
Жалтанар – деп ойлобо.
Жалтанган жаным курусун,
Жалпы аламан бу жерде
Жардап карап турусуң.
Жаратканым жар болсо
Жайыл кытай каапырдын
Бүтүрөмүн жумушун.
Мээнетке белим байлайын,
Берсе кудай тилегим
Бээжинин көздөй айдайын.
Казатка белим байлайын,
Кадыр Алдам буюрса
Кайраттуусун жайлайын,
Каканчынга айдайын.
Тил алса динге салайын,
Тиктешкени бар болсо
Басташса башын алайын,
Бабамдан калган Түркстан
Мен барбай кантип калайын!
Атагы Нааман улук жер
Анжыян менен Алайдыр.
Аркы жагы Самаркан,
Арманда болуп чыктык – деп,
Ата Журтум самаган,
Оро-Төбө, Маргалаң,
Орчун Кожент, Жызагы,
Ойлонсом Кокон улуу шаар,
Ойдо Ташкен тоосу бар,
Абалында түрк уулу
Өскөн жери ушулар.
Аяк жагы Букарды,
Аштык айдап, мал багып,
Абдан жыргал жерибиз,
Атадан уккан кебибиз.
Алтымыш уруу алашты,
Алдырып коюп кытайга
Наамандан минтип адашты.
Оролдун оюу Арал-Көл,
Ошондон чыккан биздин эл.
Жошобам менен Ак-Жайык,

Чыккан экен биздин эл,
Атабыз өскөн жер экен
Аштык айдап, мал жайып.
Эдил, Жайык эки суу,
Эзелки жериң мына бу.
Эрдемсип кытай алыптыр,
Эсирген экен сасыктар,
Ээлеп жатып калыптыр.
Байгамбардын парзы үчүн,
Алла салган карс үчүн,
Аалымдардын дарсы үчүн
Аттанып казат жүрбөсөм,
Алла берсе андагы
Ант урган кытай тукумун
Айдап кууп сүрбөсөм.
Башы Барскан, Сарканды
Туурасы Бабыл, Дарканды,
Шүмшүңдөгөн сасыктар
Түрк уулунун мойнуна
Сүйрөткөн экен арканды.
Аркандан мойнуң чечиңер,
Ала албасак кытайды
Аманат жандан кечиңер
Кытайга кыргын салалы,
Кыйратып, жерди алалы!
Кызыктуу жерди алдырып,
Кыяматта жүргөнчө
Кыргыз уулу болгону
Кырылып жатып калалы.
Каапырга каран салалы,
Кайтарып жерди алалы,
Кайтарып жерди албасак,
Казак уулу болгонуң
Кан жөткүрүп калалы.
Капал менен Кара-Көл
Калган экен атаңдан,
Аягы деңиз аталган,
Алдырыптыр кытайга,
Ата-бабаң кандай жан?!
Жердин кеңи Илени,
Жети өзөндө суусу бар,
Жер соорусу ушулар
Жердебесе билеби.
Эки-Баш менен Суншону,
Эсиңе алгын ошону.
Узун-Тоо менен Кер-Көлдү,
Сүргөн экен бу кытай
Ошондогу көп элди.
Түгөнүп калган түрк уулу
Түркстан сындуу кеп жерди
Таштап атып, салпылдап
Бу Түп-Бээжинге не келди?
Тапкан жерин көрдүңүз
Тарбагатай, Шыйкууну,
Бура-Талаа, Чыйкууну,
Эчки такалаган жер,
Да жерибиз жакшы дээр.
Башы Маңгут, Тактакта,
Ээлеген экен кытайлар
Баш көтөргөн жок чакта.
Көрүп жүрсүң өзүңөр
Көкө-Ноор көлүнү,
Адам арам өлгөндөй
Көбү-Шаму чөлүнү,
Тегеренип келдиңер
Темир-Ноор көлүнү,
Текши көрүп келдиңер
Текшигердин чөлүнү.
Азыр жердеп турдуңар
Алтай тоонун арасын,
Атаңдан калган Түркстан
Көрбөй жердин карасын.
Атактуу суу Аңырты,
Кара-Корум, Кажырты,
Башы Үркүн дайрасы,
Барып Нааманды албасак

Алаштын кетер айласы».
Айтып Манас токтолду,
Ал жыйылган кеп элде
Кой дээр киши жок болду.
Аксакалы Акбалта,
Акылга толук Ошпур бай,
Кыргыздардын Байжигит,
Кыпчактардын Тазчечен,
Казактардан Айдаркан,
Карап турган канча жан.
Ногойлордон Жамгырчы,
Нойгуттардан Акымбек,
Тейиттерден Саламат,
Текши олтурган жамагат.
Калмактардын Күлдүрү,
Казактардын Бообеги,
Аргын Каракожосу,
Албандардын Бийназар,
Акылмандын баары бар,
Аксакал Жакып дагы бар,
Акылмандар олтуруп,
Манастын сөзү макул – деп,
Кол көтөргөн чагы бар.
Бердике туруп кеп айтат,
«Берендер, уккун –деп айтат,
Бу жерди жаман дебейлик,
Алтайда жаттык жай алып,
Аңгире тоосун таянып,
Кара-Шаар, Кумулдан
Каптал кара чай алып.
Кабарың калкка дүң болуп,
Карып калган чагында
Бай Жакыпты көрдүңөр
Эч болбосо жылкысы
Элүү, алтымыш миң болуп.
Калмакка калба баштайлык,
Калба салдык эле – деп,
Алтайды кантип таштайлык?
Кытайга кызык баштайлык,
Кытайга жоо болдук – деп,
Кыңгырды кантип таштайлык?
Маңгулга балаа баштайлык,
Маңгулга жоо болдук – деп,
Манжууну кантип таштайлык?
Бу жерге белги салалык,
Берсе кудай тилекти
Бээжинге чейин алалык.
Калдайтып калаа салалык,
Кадыр Алла буюрса
Каканга чейин алалык.
Талыкшып карап олтурбай,
Талаага элди толтурбай,
Тарагыла, кетиңер,
Талапкер болгон боз балдар,
Талабыңа жетиңер!»
Анда Жакып муну айтат:
«Атак жерге барыңар,
Ата уулу болуп алыңар,
Аябай калаа салыңар,
Баланчанын шаары – деп,
Атын атап калыңар.
Башында аты Салкын-Суу,
Манасым туурган жери бу.
Кечө албаган бакырдан,
Жарыбаган жакырдан,
Кумулдун сартын алдырып,
Курап шаар салдырып,
Ак боздон бээ соёюн,
Насип кылса кудайым,
Азыр салган шаардын
Атын Манас коёюн».
Бай Жакып сүйлөп салганы:
«Макул болду бул сөз!» – деп,
Эл дүңгүрөп калганы.
Таз чечен туруп кеп айтат:
«Макул экен ушу кеп,

Баламдын аты Үрбү – деп,
Жыйырма үчкө киргенче
Кызмат кылып, мал бакпай,
Кызык иш менен жүрдү – деп.
Туюмбай деген жер эле,
Туташ талаа, кең эле.
Кум-Арык деген суу эле,
Менин балам Үрбүнүн
Туулган жери бул эле.
Уругум кыпчак өзүммүн,
Уксаңар журтум сөзүмдү,
Кум-Арыктын боюна
Курап калаа салайын,
Үрбү деген шаар – деп,
Атагын атап алайын.
Макулбу? – деп,-баарыңа,
Жашың менен карыңа?»
Таз аны сүйлөп салганы.
«Өз жериңди өзүң бил,
Несин элге айттың?» – деп,
Эр Манас айтып калганы.
Ар жерин куру койбостон
Базар салмак болушту,
Макул кылып баарысы
Баталашып коюшту.
Эки күн эли конуптур,
Эч болбосо эр Манас
Элүүчө жылкы союптур.
Сары казы, жал берип,
Кымызга чайкап, бал берип,
«Тарагын – деди көпчүлүк,
Так беш күндөн калганың
Үй-малыңдан айрылып,
Үстүңө түшөр көп түлүк.
Атка минип эрбейген,
Найза кармап сербейген,
Адаммын – деп дердейген
Азаматтан калбасын.
Казан асып, кар салган,
Катын алып, үй тиккен
Кары-жаштан калбасын.
Он жети менен он сегиз,
Ошондон койбой тептегиз,
Асты болсун жетимиш,
Айткан ушу сөзүмдүн
Олутуна жетиңиз.
Сундуруп найза салчуудан,
Жулкушканын алчуудан
Журтта бири калбасын.
Бетке алган мерген көсөмдөн,
Бели катуу көзөлдөн
Бу жерге жатып албасын,
Бекерге бенде калбасын.
Союл чабар камбылдан,
Жоопко жүйрүк даңгылдан,
Балтыры жоон балбандан,
Басташканын алгандан,
Кылыч чабар машынан,
Кызмат кылар жашынан,
Кызыл чалган башынан
Кылайып бирөө калбасын.
Айбалта чабар ыктуудан,
Айбаты бар мыктуудан
Айылда бирөө калбасын.
Көзгө аткан мерген машынан,
Көп жалтанар башынан
Көрүнбөй жатып албасын.
Билеги жоон балбандан,
Билими артык сардалдан
Бирге келсин барча жан.
Кайраты ашык камбылдар,
Талаага көнгөн даңгылдар,
Тилге жүйрүк чеченден,
Динге балбан эшенден,
Жол адашпас жерчиден,
Көз байлоочу серчиден,

Атагы чыккан баатырдан,
Акылы жарым бакырдан,
Өнөрү бар өткүрдөн,
Өлүмдөн коркпос жеткирдеы,
Намысы бар арстандан,
Бардашы бар барктуудан,
Иш билүүчү нарктуудан,
Амал билчү аярдан,
Алаштан калбай жалгыз жан,
Молтолуу дуба билгенден,
Болумдуу күлүк мингенден
Болбой жатып албасын.
Алысын көрөр көздүүдөн,
Айтышаар жүйрүк сөздүүдөн,
Акылы толук эстүүдөн
Асты неме калбасын.
Айткан Манас сөзү – деп,
Аңдабай жатып албасын,
Алыска сапар жол жүрөм.
Азыкты ар кыл камдасын.
Колосолуу душмандан
Коркуп жатып албасын,
Ата жолу нускадан
Антип куру калбасын.
Келгенди аскер алармын,
Аскерден кечтеп калгандын
Келдесин кесип салармын.
Жүргөндү колго алармын,
Жүдөгөндүн баарысын
Жүлүнүн кыйып салармын.
Аттансаң аскер аламын,
Айныгандын баарысын
Азапка минтип саламын.
Ойротко айтам мен Манас,
Ойнойт экен Манас – деп,
Ойлобосун көп алаш.
Кылымга айтам мен Манас,
Кыят беле бизди – деп,
Кыргын болбо көп алаш.
Уктуңарбы баарыңар,
Улуу-кичүү, карыңар!
Бейшемби бүгүн, беш күндө
Бу жерге даяр болосуз.
Шейшемби жалгыз күн деген,
Бейкабар бенде билбеген.
Шейшемби жалгыз, мен жалгыз,
Серпилип атка минермин,
Жер жайнаган каапырды
Бир кудайдан тилээрмин.
Жалгызга жардам күн деген,
Жайсыздар ойлоп билбеген».
Кары-жашын каратты,
Каарданып канкоруң
Калктын баарын таратты.
Жекшемби күнү кечинде,
Бай Жакыптын кызыл туу,
Байкаганга сөзү бу:
Кыргыздын кыйла тобунан,
Алыс жерден калган туу.
Азирети Акеше
Өз колуна алган туу,
Сары Эшен, Кыркан, Бууракан,
Баарысынан калган туу.
Башкы атасы Бабыркан,
Баашалык кылган канча жан
Рашит дил, Аналак,
Алар да минген алтын так.
Андан калган ушу туу,
Атышканда душмаига
Сала жүргөн ызы-чуу.
Сары Эшендин Бууракан,
Жанчышкан душман кууараган.
Мурунку өткөн Сапар шаа,
Мурас болуп калган аа.
Катарда калкы көрүнгөн,
Камбарканды кан кылып,

Казактын журту бөлүнгөн.
Бууракан уулу Көгөйдү,
Мында кыргыз көбөйдү.
Көгөйдөн болгон Түбөй бек,
Көптөп кытай алды кек.
«Төмөнтөн келген төрт чантуу
Саа, кандык кайда калды?» – деп,
Кандыкты кытай алыптыр,
Каапыр тартып кетет – деп,
Түгөл бек катып салыптыр.
Түгөлдөн болду үч бала,
Жүргөң жери булардын
Ыспаранын кең талаа.
Үлкөн жерден заттары,
Үч баланын аттары
Ногой, Шыгай, Чыйыры,
Ошо кезде кыргыздын
Бузулган экен кыйыры.
Ногой дүйнө салыптыр,
Кенжеси экен бай Жакып,
Туу колуна калыптыр.
Атасынан бул тууну
Арстан Манас алыптыр.
Эркегинин баарысын
Нээти казат караткан,
Ургаачысынын баарысын
Ак түлөөгө жараткан
Камбар боздун үйрүнөн
Кармап келди бир байтал.
Абыке, Көбөш иниси
Аркасынан жүгүрүп,
Ак сакал болгон Жакып бай
Аксай басып бүгүлүп,
Байбиче Шакан, Бакдөөлөт,
Балдары ойноп турган соң
Баштатан күткөн чоң сөөлөт.
Бабаңардын казатын
Байкасаңар чоң сөөмөт.
Акбалта менен Бердике,
Ак ала сакал Ошпур бай,
Ага-иниси жыйылып,
Азыр келди жайма-жай.
Кырка турду баарысы,
Жакып баштап карысы.
Кыдырата жанашып,
Кыбылага карашып,
Кол көтөрдү буркурап,
Койдой маарап чуркурап:
«Акыретте жай алган
Азыздардын жаны үчүн,
Шейиттердин сызылган
Мубарак кызыл каны үчүн
Бир жараткан кудайдан
Тиленебиз ал үчүн,
Көөдөктөрдүн ыйлаган
Көзүнөн аккан жашы үчүн,
Көп карыган магулум,
Аппак болгон чачы үчүн,
Ыслам дини ак үчүн,
Адил бааша тагы үчүн-,
Кайып эрен бак үчүн,
Карып калган чалдардын
Сакалынын агы үчүн
Бербердигер бир өзүң,
Бере көргүн тилегим,
Оң колум ойноор кезинде
Сына көрбө, билегим,
Сыздай көрбө, жүрөгүм!
Бакырып ыйлап бай Жакып,
Бала үчүн башта жүдөдүм.
Канатым кайчылашканда,
Кайратым толуп ташканда
Кашайта көрбө, кудайым!
Куйругум жерге жеткенде,
Кубанчым алыс кеткенде
Куурата көрбө, кудурет!»

Бай Жакып айтып баркырап,
Төгүлгөн жашы жаркырап,
Байбиче көрүп заркырап,
Мойнуна курун салынып,
Боздоп турду бай Жакып
Жаратканга жалынып.
Бурчак салып мойнуна,
Бакдөөлөт менен Чыйырды
Жашын төгүп койнуна.
Абыке, Көбөш иниси
Чыркырашып ыйлашып,
Чымын жанын кыйнашып,
Чыбыктайын буралып,
Айылдагы адамдар
Алтымыштай куралып,
Үйдө киши түк калбай,
Үшкүрүшүп чыгышып,
Ай туягын жыгышып,
Мууздап канын төгүшүп,
Камбылдар бычак алышып,
Буту-колун сөгүшүп.
Балта чал менен Бердике
Бай Жакыпты жандашып,
Ногойдон калган кызыл туу
Байрактарын камдашып,
Оболотуп көтөрүп,
Жекшемби өткөн күнүндө,
Дүйшөмбү келген түнүндө
Атасынын кызыл туу
Угуз кандын нускасын
Аягын жерге сайылтып,
Асабасын бу туунун
Асман жакка жайылтып.
Бир кудайга зар айтып,
Бил баштаган нар айтып,
Атакеси бай Жакып
Антип жатып калганы,
Аңдасаңыз билерсиз
Аманат дүйнө жалганы.
Эки ай мурун эр Манас
Алты шаар журтуна
Айтып кабар салганы,
Абдылда, Болот ал экөө
Чакырчуга барганы.
Агыдайды бек койгон,
Айтканың болсун – деп койгон.
Алты миң аскер кол менен,
Аксыдан ашып жол менен
А да келди шашкеде.
Кошойго болгон кайната,
Кошунун алып жайната,
Ат арытып жол менен,
Алтымыш миң кол менен
Мунаркан келди буркурап,
Мурун душман, азыр эл,
Жаа Алдалап чуркурап.
Азыркысын эл болуп,
Аскеринин көптүгү
Аккан дайра сел болуп.
Анын арка жагынан
Кара-Кыш шаардын Бурчагы,
Каркап кырк миң кол менен
Каптап келди бу дагы.
Канчасы аяр айлакер,
Эсебин санап биле бер.
Бегиш, Көйүш бектери,
Жети миңден кол алып
Жетип булар келгени.
Дагалактан жол алып,
Таамай жүз миң кол алып,
Кайнатасы Кайып даң
Каптап келип калганы.
Төлгө билген Төлөгү,
Кыжылдап кырк миң кол менен
Кыраан эрге жөнөдү.
Ак асаба, кызыл туу,

Айгайлаган ызы-чуу.
Көк асаба, кызыл туу
Көк жаңырган улуу чуу.
Эки жүз миң жыйырма төрт,
Бет алган жагы болор өрт.
Жыйырма төрт миң ашыгы,
Уйгурдан келген аскерге
Кайып кан болгон баштыгы.
Алаштан аскер алганы,
Айткан күнү дүйшөмбү,
Алты жүз миң кол болуп,
Айдаркан баштап барганы.
Кыргыз, казак мол болду,
Алты жүз миң кол болуп,
Желеги туудан бөлүнбөй,
Жердин жүзү көрүнбөй,
Асаба туудан бөлүнбөй,
Алтайдын бою көрүнбөй,
Найзанын учу жылтылдап,
Аскердин башы кылкылдап,
Жер союлуп былкылдап.
Желеги алтын туу болду,
Түрк уулунун түмөн кол,
Жер жарылган чуу болду.
Жеке Манас түштөнтүп
Ошо келген көп колду,
Алтайдын ара талаасы
Аскер менен жык толду.
Кебе курсак чалдарды,
Кейпи жаман балдарды,
Жарасы бар майыбын
Барып бак – деп, зайыбың,
Тил чыкпаган дудугун,
Кулагы укпас мулугун,
Көзү көрбөс кароосун,
Көңүлгө толбос жадоосун,
Аягы майып чологун,
Айтышкан кепке ногогун,
Мурду бузук сасыгын,
Бул экен – деп, жазыгың,
Эки жүз миң кайтарды.
Көксөө болгон карысын,
Көрүп туруп баарысын,
Эгебей жарак майтарды,
Эки жүз миңди кайтарды.
Алты жүз миң кол менен
Нааманды көздөй жол менен,
Наадандар коркуп битиреп,
Алты жүз миң кол менен,
Аралап өзөн жол менен
Айгайлап аскер жүргөндө
Алтайдын жери титиреп.
Карaанына көз жетпей,
Караган көзү кайышып,
Кара талаа, боз чыбыр
Жердин бети майышып.
Күрөөкө, соот жаркылдап,
Күлүк буудан алкылдап,
Кемерлер белде жаркылдап,
Кең багелек балкылдап,
Кетте черүү кол болуп,
Жөнөй берди шартылдап.
Кылычтар белде кыңгырап,
Найзалар колдо зыңгырап,
Айбалта, канжар кагышып,
Аралаша шыңгырап.
Калкандын баары калкылдап,
Каруу-жарак шаркылдап.
Кас бууданды минишип,
Казак, кыргыз аскери
Кайкайлап жолго киришип.
Түркстан көздөй бет алып,
Түмөндөп аскер аттанып,
Бара турсун көп алаш,
Башкарганы эр Манас.
Аны таштап салыңар,

Наамандыктын элинин
Кабарын угуп алыңар.
Үч-Турпанды жердеген,
Урушуп адам жеңбеген,
Кара-Сууда калаасы,
Каар аяр баласы
Кутурган Култаң качыптыр,
Азаттын тоосун ашыптыр,
Арадан Жылдыз басыптыр,
Терс-Маёодо Текес кан,
Темселеп ага барыптыр.
«Аналдын тоосун жердеген,
Азыркы адам жеңбеген,
Кара-Шаар экен калаасы,
Ары четин сурасам
Кара-Корум талаасы,
Атын уксам Манас – дейт,
Бабыр кан экен бабасы.
Өз атасы бай Жакып,
Өскөн экен салкында
Өз алдынча жай жатып.
Башкы атасы Түрктүр,
Күнөөкөр болуп айдалып
Атасы Жакып жүрүптүр.
Чоң атасы Ногой кан,
Оңбой турган бу бир жан.
Уругу кыргыз алаштан,
Уйгурлуктун баарысы
Урушуп өлдү Манастан,
Убара болду канча жан,
Кылыч чаппай, ок атпай
Кыямат кетти Кырмуз кан.
Дагалакта Дүбүрө,
Талкаланды кай бирөө,
Эсенкандын артынан
Орунун басчы ойрону,
Ордосунда сойгону,
Так мингенин даңгыттын
Талкан кылып койгону.
Кара-Кыштак, Котонду,
Жер жайнаган Жеркенди
Калкы менен которду.
Ороңгу качты Чын жакка,
Ойрон кылды бу чакта.
Даңгуудагы Мунарды,
Такыр алды буларды.
Беггап, Көйүш аярды,
Бербей алды аларды.
Лайлама билбесе
Азиялык калкынан
Алдырбай адам каларды.
Камынбасаң курудуң,
Кабарга келип турумун,
Каар аяр баласы,
Турганым Турпан калаасы,
Жалганы жок мунумун.
Жандан үзүп үмүтүм,
Жалынып келип турумун.
Себепчи болгун сен – деди,
Сенде калың эл – деди,
Үстүңдөн караар улугуң
Акунбешим эр – деди,
Ат аябай, тон тосуп,
Ашыгып кабар бер – деди,
Кер-Көл деген жери бар,
Баштыгы бар маңгулдан,
Суң кытайдан кан кылган,
Орго деген кан – деди,
Ого кабар сал – деди,
Алма-Коюр жердеген,
Адам уулу жеңбеген,
Аяры бар алтымыш,
Сээрчиси жетимиш,
Лаанатка жалбарып,
Ылдамыраак жетиңиз.
Илебин деген кан деген,

Июң калмак тукуму,
Ийилбеген жан деген,
Аяк жагы элинин
Арал көлдө бар деген.
Июң калмак сардалы,
Душмандын чыккан далдалы,
Илебинде бар деген
Төрт жүз бөкө балбаны.
Кер-Көлдүн аягы тоо деген,
Тар капчыгай коо деген,
Бөйрөктө бөтөн жердеген
Кеймен аттуу эр деген.
Тунук аккан Кашка-Суу,
Турган жери мына бу.
Каалагандын баары бар,
Кара-Сууда шаары бар,
Айланасы дубалы
Алты миң алты жүз кулач,
Адамында көп кубаныч.
Кубанганы куту бар,
Куюп алган күмүштөн
Алтын баштуу буту бар,
Жанжу тырмак, акак тиш,
Жараган болсо ошол иш.
Кейменге кабар салыңыз,
Акунбешим баашага,
Айттырыңыз ошого.
Булагасын шаары бар,
Элинин санын сурасаң
Эсенканга барабар.
Эртелеп кабар салбасаң,
Эстүүсүн жыйып албасаң,
Эртең, бүгүн билбеймин,
Эгер келбей койбойт саа.
Лаайлама жолуна
Мен да кызмат кылайын,
Жолдош кошуп берсең маа».
Текестин бутун кучактап,
Көзүнөн жашы бурчактап,
Манасты айтып майышып,
Кошойду айтып кайышып,
Коркуп Култаң турганы.
Каны Текес калтырап,
Коркуп кирди бу дагы.
«Келип улук болгонум
Түрк элинин арасы,
Бээжин түгүл бу жерден
Кара-Шаар, Кумулдун
Түк көрүнбөйт карасы.
Лаайлама колдой көр,
Кыйыныраак болгон бейм
Кыргыздардын Манасы.
Ар канча кыйын болсо да
Наамандын журтун алалбас,
Уялбай уруш салалбас.
Салган менен урушун,
Акунбешим бар болсо
Азыр жеңип алалбас.
Алтайдагы кыргыздан,
Айдоодо жүргөн кыргычтан
А кандай чыккан
баатыр? – деп,
Андай болсо мен дагы
Камданайын акыр» – деп,
Доргосунан чаптырды,
Күндүк жерде Куясын:
«Тез келсин!» –деп чакырды.
Чапкынчысын жиберип,
Чаңгеш деген буту бар,
Бутка кирди имерип.
«Жалынамын мен – деди,
Жарым көкө сен – деди,
Жакшылыкпы, жаманбы,
Жалпы журтум аманбы,
Жайын айтып бер» – деди.
Ибилис кирди ичине,

Карагын Текес күчүнө.
Бутту шайтан жылдырды,
Аяктуу адам баскандай
Ары-бери кылдырды.
«Бутубуз кандай басты – деп,
Бу журт неден жазды?» – деп,
Чочуду Текес каныңыз,
Буртак болуп сүйлөгөн
Шайтанды көрүп алыңыз:
«Не коркосуң, сен? – деди,
Элди-жерди жараткан
Ээси болом мен – деди,
Арзып келген чантуунун
Азабын колго бер – деди,
Аман-эсен жатыр го
Акун бааша эр – деди,
Ушу жерге ким келсе
Оруну болор жер!» – деди.
Куп сүйлөдү бу шайтан
Кырылсын – деп, адамды,
Кубангандан тердеди.
«Буртак тердеп калды – деп,
Мусулманды кыргын – деп,
Буйрук айтып салды» – деп,
Кубанып Текес чыгыптыр:
«Какайдан кармап келгин!» – деп,
Он бир доңуз жыгыптыр.
Доңуздан кылды түлөөсүн,
Кайдан калмак жыргасын
Шайтандан кылган сүйөөсүн.
Бербердигер барганда
Бетине тартар күйөсүн.
Он бир доңуз этини,
Буртак мага жар го – деп,
Бузган мындай нээтини,
Түштө түлөө тарттырды,
Шайтандан уккан сөзүнү
Түмөн журтка айттырды:
«Алты-Шаар журту азды –деп,
Алтайлык түбүн казды» – деп.
Анда Текес муну айтат:
«Ачууланып буртагым
Ары-бери басты – деп,
Ачуун угуп буртактын
Акылым жаман шашты – деп.
Берди кабар биздерге,
Мен айтамын сиздерге.
Атканын жазбас мергениң,
Айтканын жазбас берениң,
Ашыкпай турган эрениң,
Элүү, кыркың аттанып,
Эңкейиш жолго салыңар,
Күңгөй тоо барып түгөнөт,
Күн чыгыш жакка барыңар.
Эчки-Өлбөс деген улуу тоо,
Эки жагы улуу зоо,
Келер болсо бизге жоо
Көрүп алып кайтыңар,
Көпкө кабар айтыңар.
Эчки-Өлбөстүн бийик чат
Эңкейип бар да, карап жат,
Эгер душман көрүнсө
Жарымың кел да, жарымың жат».
Аны айтып Текес кан,
Амырында канча жан,
Көзгө аткан мерген машынан,
Көп жалтанган башынан,
Акылга толук эстүүдөн,
Айтууга даңгыл сөздүүдөн,
Алысты көрөр көздүүдөн
Алтымышын чыгарды.
Алла билер бул иштин
Артын кандай кыларды.
Дүрбөлүп Текес калганы,
Ошолордун баары өткөн
Дүнүйөнүн жалганы.

Түн ортосу болгондо
Куяс аяр барганы.
Куяс аяр келгенде
Маңгулдуктун баарысы
Куп сүйүнүп калганы.
Алардан мурун миң жылда
Алган экен дүйнөнү,
Акылмандар сөз кылып,
Ар бир жерде сүйлөдү,
Азирети Искендер,
Кытай журту дагы айтар
Бани Искендер чантуу дээр.
Сүрөтү бар тартылган,
Дүмөгү журттан артылган.
Жажуз менен Мажуздун
Чыга турган жолунда,
Али болсо сүрөтү
Чын баашанын колунда.
Ал Искендер тушунда
Абылатим илекер,
Аңдап муну биле бер,
Аскер баштап, кол жыйып
Ар өнөрдөн үйрөтүп,
Жүргөн экен ушунда.
Куяс келип калыптыр:
«Теңир урган Текестин
Шашып турган кези – деп,
Култаң качып келди – деп,
Куп чочутту элди» – деп.
«Айла тап – деп чакырдым,
Ашыктырып сени» – деп,
Текес кан сүйлөп салганы.
Аяр Куяс мактанып:
«Коркпоңуз!» – деп калганы.
«Алтайдагы жердеген
Алтымыш үйлүү буруттур,
Арбак аны уруптур,
Ажал айдап, кан тартып
Ал чочоңдоп туруптур.
Баш жакта каспаң, каканчың
Күн батышта жатпайбы
Күлдү тыргоот, Акбешим.
Ортодо төрт буруттур,
Ойрон болгон туруптур,
Ошондон коркуп жүргөнүң
Сени да кудай уруптур».
Ошону айтып Куясы
Атына минип алганы,
Алтоо экен жолдошу,
Ар тарапка барганы.
Сээр окуп дубалап,
Жайыттагы малдарын
Айдатып ийип кубалап,
Мейли терек, мейли тал,
Бу бери ургурдун өнөрүн
Кыйындыгын карап ал,
Арып дуба салыптыр,
Жерден чыккан киеси
Адам болуп калыптыр.
Мейли камыш, мейли чий,
Баатыр болсоң барып тий,
Мейли куурай, мейли чөп,
Аскер болду сансыз көп,
Адам кылып жыгачтан
Аңгемелүү кандай кеп!
Карагайы, кайыңы,
Каптап барган аскердин
Чыгар эмес дайыны.
Өйүз менен бүйүзүн
Аскер кылды баарыны.
Ортодо дайра суусуну,
Ойлоп көрсөң ушуну,
Суунун үстүн өрт кылды,
Туу көтөргөн ар жерде
Султандарын кеп кылды.
Ат минбеген жөө болду,

Ар бир чынар теректер
Адам эмес, дөө болду.
Мылтык, кылыч бар жарак
Бутагынан бөлүндү,
Абылатундун өнөрү
Артык калган шекилдүү,
Найза, кылыч көтөргөн
Айбаттары көрүндү.
Сээр менен кол кылып,
Таң атканда Куясы
Текес жакка бөлүндү.
«Келгин, мына, каным –деп,
Көрүп келгин аскерди,
Адам жеңбес аны – деп,
Кол коёрбу жанды – деп,
Коркутабыз не үчүн
Акунбешим канды – деп.
Кыргыз деген немене,
Кыйналбаңыз дегеле.
Казак деген немене,
Кайгырбаңыз дегеле.
Алтай тоонун арада
Алакандай түрктүр,
Ары-бери урунуп,
Азап тартып жүрүптүр.
Текес дөөдөй каным – деп,
Тез чочуптур жаның – деп,
Тентиреген бурутту
Келген болсо бу жерге
Кетирейин санын – деп.
Кел, аттангын, барып көр».
Куяс айтып салганы,
Бу аскерди кайдан жыйдың – деп,
Текес айран калганы.
Элүү-кыркча аттанып,
Эр Куяс баштап шаттанып,
Кол көрүүгө барганы.
Жогору жагын караса,
Муз дабан ашуу бел болгон,
Орто жерин караса,
Өрт күйгөн кызыл сел болгон,
Өйүз менен бүйүзү
Күрсүлөрүн көтөргөн
Күлдү балбан эл болгон.
Жаңы көргөн адамдар
«Бу кайдан келген кошун?» – деп,
Башы катып тел болгон.
«Аралайлык аны» – деп,
Текес айтып мындай кеп,
Дабырата желгени,
Колго жакын келгени.
Жарагын колуна алыптыр,
Жалпы аламан жалдырап
Келе жаткан буларга
Кезенип көзүн салыптыр.
Шүңгүр деген бакыры
Кандай экен билмекке
Адамбы – деп, акыры,
Найзасын алып качырды.
Найзасы жакын жеткени,
Түк билбеди сайганын.
Сээрден найза жеткени,
Шалак этип эр Шүңгүр
Чалкасынан кеткени.
Кутуруп кеткен Куястын
Өнөрү эмей неткени.
Өлтүргөнчө дем салып,
Айырып алып кеткени.
Куястын көрдү өнөрүн,
Куясым барда недир – деп,
Уруп кеткен Текес кан
Унутуп койду өлөрүн.
Илебин менен Оргого
Издеп кабар салбады,
Акунбешим баашага
Айтып киши барбады.

Кеймен, Сары кыярга
Кебин айтып барбады.
Кесири тиер аярдын,
Келсе да бурут өлөр – деп,
Кенебей жатып алганы.
Төртүнчү күндө төрөңүз
Манас жетип барганы.
Аз гана эмес, мол менен,
Алты жүз миң отуз миң
Азар түмөн кол менен,
Башта көргөн жер эмес
Маңкан, Кордой, Үч-Куштай,
Башчылары бар экен,
Баштап келип калыптыр,
Чабырларын айылына
Таштап келип калыптыр,
Бай Жакыптын кызыл туу
Аштап келип калыптыр,
Азыркысын бу колго
Камбардын уулу Айдаркан
Кан көтөрүп салыптыр.
Калдайган колду көргөндө
Айран-азыр калыптыр:
«Кабарчы кайдан жеткен –деп,
Бу каапырга неткен? –деп,
Дүйнө жүзүн аскери
Кандай каптап кеткен?» – деп,
Дөөнү көрсөң иерсиң,
Ыштаныңа сиерсиң.
Көпчүлүгүн көргөндө
Көңүлдөрү кайтылган,
Көппүз – деп келген түрк уулу
Ошол сөз шондо айтылган.
Аскер көрүп ар жерден
Айран азыр калышты,
Адам жеңер кеп эмес,
Алыстан көзүн салышты,
Найза, кылыч, бар жарак,
Ал мүнөзүн көргөндө
Айран болуп калышты.
Азыркы турган кан экен
Айдарканга барышты.
Дагалактын Кайып кан
Дагы келди кашына,
Даңгудан келген Мунарды
Чакыртып алды буларды,
Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Күлдүргүчү Абдылда,
Кыргыздан чыккан Кутубий,
Кыпчактардын Таз чечен,
Кымтырылган Үрбү бар,
Аргын Каракожо бар,
Акылмандар кошо бар.
Каратоко Мажиги,
Кайраты ашык Чалиги,
Кабылан Манас баатырга,
Кан Айдаркан баш болуп,
Баары келди акылга.
«Көз жеткисиз көп экен,
Терс-Маёнун боюнда,
Темирдиктин оюнда
Аяк-башы күнчүлүк
Аскер басып калыптыр,
Ай-талаага кол толуп
Адам туруп алыптыр.
Аргасы кандай болуучу,
Акыл тапкын эрлер?» – деп,
Айтышып турду бир-бир кеп.
«Алты жүз миң аскербиз,
Алты жүз туугa бөлүндүк,
Акыры мунун жанында,
Төгөрөктү карасам,
Төрт кишидей көрүндүк.
Кандай сонун болду – деп,
Кан Текеске мынча кол
Кайдан келип толдуң? – деп,

Кан Айдаркан, Мунар кан
«Катылбастан каапырга
Кайтсак кандай болду» – деп,
Келип турган кеңешман
Бу сөздү айтып салганы.
Кептерине Манастын
Ачуусу келип калганы:
«Кана, кандарым, кандай айтасың?
Катындын кылар иши го,
Катылбай кантип кайтасың?
Улуктар кандай айтасың?
Ургаачы кылар иши го,
Урушпай кантип кайтасың?
Жазуудан артык жан өлбөйт,
Тактада жатып кан өлбөйт.
Каапырдан качып кетесиң,
Каптап чыкса мынча кол
Андан кийин нетесиң?
Же жер алдына жатпасаң,
Малың менен башыңдын
Баарын жерге катпасаң,
Мынча черүү коёрбу
Же асманга барып жатпасаң?!»
Ачууланып, сүйлөнүп,
Аккула минип күүлөнүп,
Бармак болуп калганы
Бастырып жолго салганы.
Абасы Бакай кеп айтып,
Ай, токтогун, – деп айтып,
Кароолдоп мен бир барайын,
Көрүнүп коюп каапырга,
Качкан болуп калайын.
Кууган болсо мени – деп,
Мен карайын сени – деп,
Тосуп уруш саларсың,
Тоз-тоз кылып каапырды
Мени ажыратып аларсың.
Кыйкырып уруш саларсың,
Кыйратып ийип каапырды
Айырып мени аларсың!»
Аны айтып эр Бакай
Быйыл отуз жашында,
Дөөлөт кушу башында,
Жаракты белге чалынып,
Жаратканга жалынып,
Арстандай бою жыйылып,
Азирет Аалы шерлердин,
Шейит кечкен эрлердин
Арбагына жалынып,
Алмабаш мылтык жонунда,
Боосун моюнга салынып,
Саадакты белге байланып,
Сары-Учуктан айланып,
Кутусун тыгып койнуна,
Саадагын асып мойнуна,
Аңдап тургун Бакайдын
Азыр кылар ойнуна.
Моюлду деген бел менен,
Боз талаа кубаң жер менен
Көрүнөө Бакай барыптыр.
Кууганы болсо саям – деп,
Көт жагында чукурда
Көк жал Манас калыптыр.
Көк чолок атты чуратып,
Көтүнөн чаңын буратып,
Аскерге жакын жеткени,
Абакеңиз Бакайдын
Акылы эмей неткени.
«Көрүп мени турду – деп,
Көптү кудай урду – деп,
Кандай мени качырбайт,
Амал жумуш болбосун,
Арып кылып койбосун?»
Аны ойлонуп эр Бакай
Жарым бута жапжакын
Жанына барып туруптур.

«Качырсам!» – деп кыялы
Кан Бакай найза сунуптур.
Жайнап турган көп аскер
Жалпы найза сундурду.
«Канетесиң каапыр?» – деп,
Кан абаң, Бакай акырды,
Алиги турган көп аскер
Андан бетер бакырды.
Айгай кулак тундурду,
Кан Бакай айгай баштады,
Каапырдын кыйкырыгынан
Аттан кулай жаздады.
Атсамбы? – деп бирөөнү
Колуна мылтык алыптыр,
Жалпы мылтык сундуруп,
Каапырлар кезеп калыптыр.
Кантер экен дагы – деп,
Кан Бакай кылыч алыптыр,
Карап турган көп аскер
Кылыч алат, кыңк этпейт,
Кыйкырбаса эр Бакай
Бирөө унчугуп былк этпейт.
Көрдү Бакай көз менен,
Сүйлөдү Бакай сөз менен.
Аста-аста эр Бакай
Ар бир сөздү сүйлөдү,
Эмнени айтса, шону айтып,
Алиги черүү дүүлдөдү.
Абаң Бакай билди эми,
Амал экен бул иш – деп,
Арсаң-арсаң күлдү эми.
Аскер да күлүп калганы,
Катылбады кан Бакай,
А жерден кайра салганы.
Арстан Манас баатырга
«Амал экен, кол эмес!»
Аны айтып жетип барганы.
«Аткан болсо аткандай,
Мыктысып мылтык аткан жан
Бир балаага баткандай
Сайган болсо сайгандай,
Баатырсып найза салган жан
Бир балаага калгандай,
Өнөр экен ар кандай.
Чапкан болсо чапкандай,
Турат экен жазганбай.
Күрөшсө күрөш кылгандай,
Акылын мунун таппасак
Аскерди бөөдө кыргандай.
Азыр мындан кайталы,
Акылман аяр кыйла бар,
Аларга барып айталы.
Не дээр экен эл? – деди,
Эми жүргүн, кел!» – деди.
Муну уккан соң эр Манас
Эр Бакайга кеп айтат,
Ачууланып бек айтат,
«Не дейсиң, аба – деп айтат,
Бекерге карап турбаска,
Бетимди жоодон бурбаска
Айтып койгон сөзүм бар,
Ант кылып койгон өзүм бар,
Эми ушу жерде карап турайын,
Бетим турсун жоо жакка,
Жүзүмдү кантип бурайын».
Муну айтып Манас калганы,
Угуп сөзүн шо жерден
Колду көздөй эр Бакай
Узап кетип калганы.
Карап туруп канкордун
Кайраты боюн кармады,
Аккелте мылтык алганы,
Атайын – деп, бу колго
Акыл кыла салганы.
«Арасы алыс кыйла бар,
Аккелтем огу жетер – деп,

Алыскы каапыр нетер – деп,
Ушунча келип каапырга
Ок чыгарбай кетишим
Ойлоп турсам бекер» – деп,
Аккелте менен бир койду.
Алиги турган көп аскер
Баары да мылтык күр койду.
Мылтыктын үнү күркүрөп,
Шашкелик жаткан калың кол
Тамам бою дүркүрөп,
«Жер оюлуп кеттиби,
Же болбосо каапырай,
Бир учкан тоо жеттиби?
Жер дүңгүрөп калды – деп,
Жеке Манас барды эле,
Не иш кылып салды – деп,
Билеликчи аны» – деп,-
Абыр-шабыр ат минип,
Ат минсе да бат минип,
Аскер жолго салыптыр.
Сары сеңир урчуктан,
Ач кайкалак бурчуктан
Бакай чыгып калыптыр.
Көргөн, билген жумушун
Көбүнө айтып салыптыр.
Көрөлүк – деп Манаска
Көңкү аскер жетип барыптыр.
Жетип барса Манаска
Көп аскер аткан мылтыктан
Көк жал Манас баланын
Көзү көрбөй калыптыр.
«Эрлигиң бар, эсиң жок,
Кагылайын каралдым,
Карап турган аскерге
Кайрат кылар кезиң жок.
Бул адам эмес, сээр экен,
Сээр да болсо, каапырай,
Адам жүрбөс жер экен.
Карап туруп, каңкорум,
Карама сокур болгойуң
Как өзүңө эп экен!»
Ачууланып эр Бакай
Айгайлады бир далай.
Мойнун салып кылкыйып,
Арстан Манас аш бышым
Жерге карап шылкыйып:
«Айтсаңыз баягы сөз – деди,
Айласын кылгын ачылар,
Ачылар бекен көз?» – деди.
Анда Бакай кеп айтат,
Акыл ойлоп, бек айтат.
Абунасыр кожону,
Алып кел – деп ошону,
Эки жагын бир карап
Эр Бакай көзүн салганы.
Бозуул деген бар экен,
Ошол күндө Бозуул
Он төрттөгү бала экен
Атка жеңил, тайга чак.
«Айкожого ылдам чап,
Күчөң калаа сыртында
Кум-Арык деген жер – деди,
Кум-Арыктын калаада
Абунасыр кожого
Айтып кабар бер – деди,
Алып ылдам кел – деди,
Аттан, балам, сен» – деди.
Каралөк деген бар экен,
Күткөнү калың мал экен.
Өзүнүн аты Каралөк,
Жылкысы бар сандан көп.
Каскара деген аты бар,
Он күнчүлүк жүгүртсө
Оюбай турган каркыбар.
Каскараны каргытып
Бозуул жолго салганы.

Өзүнүн аты Чынаалы,
Кумсарып турган себептен
Бозуул атка калганы.
Анын да түбү кыргыздан,
Окчу кыргыз уругу,
Ыдырандын арасы
Ушу күндө туругу.
Жөнөдү бала, өзү жаш,
Жаш да болсо жолго маш.
Бара турсун Бозуул,
Ак амири мына бул.
Аны таштап салыңыз,
Абунасыр азиздин
Кабарын угуп алыңыз.
Келе жатып Алтайга
Калаага токтоп калыптыр,
Алты конгон түнүндө
Түшүндө Меке барыптыр.
Саабаларга кол берди,
Байгамбарга кол сунса,
Албай туруп колуну
Ачууланып коё берди:
«Айтпадымбы мен –деди,
Аманатым Манаска
Тапшырдыңыз сен – деди.
Атышарга жоосу көп,
Ага жардам бер – деди.
Жардамыңды аябай,
Жадал баргын, сен!» – деди
Бишарат алып түшүнөн,
Байгамбардын ишинен,
Жүрөгү чочуп алыптыр,
Таң атканда аттанып,
Жети жолдош кошчу алып,
Он үч күнү жол жүрүп,
Алтай келип калыптыр.
Аскердин кеткен артынан
Тогуз күн жолго салыптыр.
Тооруңкай деген өзөндөн
Каскара минген Бозбала
Каршы чыгып калыптыр.
Кагазын берип, кат сунуп,
Кат сунса да бат сунуп,
Кабарын кожо алыптыр,
Жаш балага кошулуп,
Жарышып жолго салыптыр
Аш бышымча болбоду,
Айкожо келип калыптыр.
Көргөн, билген жумушун
Эр Бакай айтып салыптыр.
«Апсун экен бул иш!» – деп
Айкожо сүйлөп калыптыр.
Ыкласын окуп Айкожо,
Манаска демди салыптыр.
Дем илеби чачылды,
Алиги Манас баатырдын
Айнектей көзү ачылды.
Абунасыр кеп айтат:
«Жетимиш киши барыңар,
Чекселеп дары алыңар,
Калың турган жеринин
Арасына салыңар.
Алыстан отту бериңер,
Аңгемесин көрүңөр!»
Ал сөздү сүйлөп салганы.
Алты жүз миң аскерден
Акылмандын баарысы,
Чекседе белен дарысы,
Жетимиш эмес, жети жүз
Балбан, баатыр барыптыр.
Көрдү көп аскердин баарысын,
Аягы турган жерине
Аябай төгүп дарысын,
Өздөрү чыгып дүргүшүп,
Өзөнгө чыгып үркүшүп,
Оолакка чыгып от берди,

Дүнүйө жүзү солк – деди.
Аалым күндү жайлады,
Кара шамал дубасын
Кара ташка байлады,
Каапырдын шору кайнады.
Жалын күйдү дүркүрөп,
Шамал тийди күркүрөп.
Камыш, чийи, куурайы
Жалынга токтоо кылабы,
Жалпы күйдү бу дагы.
Кайың, талы, тереги
Түк болбоду кереги,
Өрттөп аны салганы,
Ошо күндөн ушу күн
Ошо жердин атагы
Өрттөн атка калганы.
Алиги турган мусулман
Аянсынбы ушундан.
Калаасын көздөй ат койду,
Ат койсо да бат койду
Эрөөлгө чапчу эрендер,
Бедөөнү минген берендер,
Мен баатырмын! – дегендер.
Маёнун жери жай экен,
Текестин эли бай экен.
Өзөн-өзөн сайы бар,
Малга жакшы жайы бар.
Алма, жаңгак, тереги
Адамга жайлуу кереги.
Мусулман журту дүркүрөп,
Баатырлар күндөй күркүрөп,
Кышкы кирген буурадай
Балбандын баары зиркиреп,
Караламан көп аскер
Чабуул коюп буркурап,
Жаа Алдалап чуркурап,
Айгайы жерди көчүрүп,
Ындынын жоонун өчүрүп,
Найзанын учу чабышып,
Адамдын башы кагышып,
Аламан коюп калышып,
Адырмакта жылкыдан
Алты миң, беш миң жылкыны
Ар жерден айдап алышып,
Жылкыларын чуулатып,
Жылкычысын сулатып,
Жоо-жарагын сыртынан
Кийип жүргөн андан көп.
Жондон жылкы кубалап,
Тийип жүргөн сандан көп.
«Жерге кирген калмактын
Желесин таштап салбайлык,
Кымыздан куру калбайлык,
Ала жүргүн аны» – деп,
Жыйып жүргөн андан көп.
«Ургаачыга катылба,
Жолуңа кесир болот!» – деп,
Бирин бири токтотуп,
Тыйып жүргөн сандан көп.
Минерине жорго алып,
Миң дилделик торко алып,
Минтип жүргөн андан көп.
«Ката салган мүлктөрүн
Как ушундай жерден таптым.»
Эски коргон чалдыбар
Немесин койбой оодарып,
Тинтип жүргөн андан көп.
Чагалалап чуркурап,
Талаага качып быркырап,
Катын менен баласы
Үй-үйүндө чыркырап.
«Кармап бурут алат – деп,
Кайрат кылган кишинин
Канын төгүп салат – деп,
Көрөр күнүн көрө албай,
Көмүлүп жатып калат – деп,

Көрбөйбүз бири-бирибиз,
Көкө теңир урду го,
Төгүлдү минтип жинибиз.
Ургаачыбыз күң болдук,
Урууга минтип дүң болдук,
Эркегибиз кул болдук
Эрлердин баары өлгөн соң
Катындар калып тул болдук,
Кан Текес, Куяс жатыр! – деп,
Көргөнүбүз бул болдук!»
Жүгөнүн кармап жүгүрүп,
Жөө жүргөнү дагы бар.
Кай бирөөнө карасаң,
Тердиктерин колтуктап,
Тегеренген чагы бар.
Коюн айдап маaратып,
Уюн айдап мөөрөтүп,
Төөсүн айдап топтотуп,
Эсебин кийин алмакка
Ата уулусун жоктотуп,
Кара журт олжо алыптыр,
Кандарга кандар бет алып,
Каптап кирип барыптыр.
Мусулмандын аскерин
Арбындыгын көргөн соң
Жаалына чыдабай
Жанындагы Куясын
Жара тартып салыптыр.
Куясты Текес жарганы,
Текес кандын ордого
Мусулмандын аскери
Куюлуп кирип барганы,
Кутуларга жери жок,
Курчап аскер калганы.
Өжөрлөнүп Текес кан
Өзүнө бычак салганы.
Өткүр Манас акырып,
Өзү жетип барганы.
«Муну дагы жан кылып,
Эсебин нече сан кылып
Жараткан кудай өзүң – деп,
Кандарынын өлгөнүн
Калайык көрдү көзүң – деп,
Белгиси го сеңирдин,
Каапыр да болсо карарган,
Кайнап жатат канча жан,
Бендеси го теңирдин.
Кылыч чаппай, ок атпай,
Кыйынсынып жаа тартпай
Алдырып салган ким дейсиң?
Ак амирин билбейсиң!
Албаңар жырык ийнесин,
Не кыласың калмактын
Эзелден жыйган дүйнөсүн.
Кош-кошко союш алыңар,
Короoндо калды малыңар,
Байынан союш алсаң да,
Коңшусун коюп салыңар.
Кабар уккун мусулман
Кары-жашың, чалыңар,
Дүйнөдөн куруп калгандай,
Кантесиңер баарыңар?!»
Аны айтып акырып,
Аскердин четин жапырып,
Арстан Манас токтотту,
Ата уулунун баарысын:
«Айдап кел!» – деп, жоктотту.
Уруш-талаш көрбөгөн,
Өзөн-өзөн жылганы
Уңгучулдар өрдөгөн,
Ушундай душман көрбөгөн.
Коктулардын башында,
Кол келгенде кашына,
Колдорун кагып чапкылап.
Жагалалап буркурап,
Жан соогалап чуркурап.

Айылдан чыгып дүрбөшүп,
Ата-энесин жүр дешип,
Жаштары ыйлап чыркырап,
Жайыттагы жылкысы
Жарышып үркүп дыркырап,
Кулундары кишинеп,
Куруп калган бу бир кеп.
Кой жамырап, маарашып,
Уйлар эмди мөөрөшүп,
Уңгучулдун баарысы
Үйдө турган куржунун
Асыл дүйнө бар го – деп,
Атка салып жөнөшүп.
Шуптуулардын баарысы
Дорбуп чыккан кыз-келин
Аралап кирип барышып,
Көзү түшкөн сулуусун,
Көрөр болсоң мунусун,
Ач билектен алышып,
Ат сооруна салышып,
«Олжолоп келдим муну!» –деп,
Орчун топко барышып,
Ордунда калган калмактар
Ойбойду катуу салышып:
«Кыргыз түпкө жетти – деп,
Кызымды алып кетти!» – деп,
Кыйкырганы андан көп.
«Казак түпкө жетти – деп,
Катынымды алып кетти!» – деп,
Кайгырганы андан көп.
Кара малдан жыпжылас
Айрылганы сандан көп.
«Канетелик, өлдүк – деп,
Капилет чабуул көрдүк!» – деп,
Айылдан чыгып чогулуп,
Акылы баштан жоголуп,
Таз карадай жөөлөшүп,
Тасмадай сулуу келин-кыз,
Көрсө бурут алат – деп,
Көмүргө бетин көөлөшүп,
Калмактар минтип калыптыр.
Каңкор Манас желдети:
«Кайдасыңар, жүргүн!» – деп,
Бөлүнүп бөлөк барыптыр.
Ойдон-тоодон жыйнады:
«Сенин баланчаң кайда
кетти?» –деп,
Башчыларын кыйнады.
Кадыр Алла кудурет
Каран калган дүйнөгө
Карабасак кээ кылат,
Каңкор Манас түгөнгүр
Калмакты аяп не кылат?
Үйүрү өскөн айгырлар
Кысырагын бээ кылат,
Кызыталак куу каңкор
Кытайды аяп не кылат?!»
Күнкүү сөзүн айтышып,
Акыястын оюна
Аскер келди кайтышып.
Ошондо да көпчүлүк,
Кара чоктуу ойротко
Бүгүн түштү көп түлүк,
Түрк уулунун баарысы
Түгөнгүс алган көп мүлүк.
Кайтып алып берет – деп,
Каңкор Манас көрөт – деп,
Кызыктуураак дүйнөнү
Ката койгон андан көп.
Суктанып турган кай бирөө
Сулуу келин-кыздарын
Суу боюна алып барып
Жата койгон сандан көп.
«Жолобогун, алба – деп,
Жоонун малы болбойт» – деп,
Кайтып жүргөн андан көп.

«Катын-кызга катылба,
Жолго кесир болот!» – деп,
Айтып жүргөн сандан көп.
Эл жыйылып келгени,
Алты жүз миң элүү миң,
Эсебин эсеп бергени.
«Каныңар Текес өлдү – деп,
Кашындагы Куястын
Карынын өзү бөлдү – деп,
Калайык көзүң көрдү – деп,
Каныңды кудай урду – деп,
Катын менен баласы
Кашында карап турду – деп,
Насыят айтам акыр – деп,
Баштагы диниң каапыр – деп,
Ата уулудан түк койбой
Азыр бери чакыр!» – деп,
Төтөнүн Түрсө белине
Түгүн койбой чакыртты.
Тыргоот, калмак элинен
Эки жүз миң он алты
Эсен келди бар калкы.
Эми Манас кеп айтат,
Карап турган калмакка
«Эй, калайык, – деп айтат.
Жараткандын кулусуң,
Ар канча карып болсоң да,
Жалпы карап турусуң.
Ары түбүң куп билем,
Аланча кандын уулусуң.
Билсең бизге туугансың,
Билбестиктен баарыңар
Динин тутуп кытайдын,
Тилиң бөлөк тургансың.
Каалаcаң мына мен Манас,
Калкым бүтүн көп алаш.
Жок жаныңды бар кылган,
Каратып койбой өзүңдү
Катындан жолдош жар кылган,
Урунганга дүнүйө,
Ак мөңгү жасап, кар кылган,
Айдооңо канча мал кылган,
Тамагыңды бир бөтөн
Ак буудай, арпа дан кылган.
Буларды берген ким дейсиң?
Бир жараткан кудайың,
Байкап баркын билбейсиң!
Алтын, күмүш бутуңуз,
Бурканым мындай деди – деп,
Буйругун күтүп туттуңуз.
Буртагыңдан көрүнбөй
Айтканыңыз шайтандыр,
Адам уулу өлсүн – деп,
Азгырып кебин айткандыр.
Көрүп турсун көзүңөр,
Көкүрөктө эсиң бар,
Не деп айткан сөзүңөр?
Көөрүктү устаң салабы?
Көмүрүн камдап алабы?
Алтын, күмүш дегениң,
Жерден чыгып калабы?
Аласың таштын ичинен,
Алтын, күмүш ар асыл
Ак тааланын күчүнөн.
Көгөргөн асман көгүңүз,
Көрүп турсуң көбүңүз,
Көл дарыя суу экен,
Куюлтуп бери келтирбейт,
Кудаанын күчүн көрүңүз!
Эстүүң болсо элиңде
Эгем Таала кудаанын
Өкүмүнө көнүңүз!
Айтамын аяк басканды,
Үстүңдө турган асманды
Ат менен жүрүп билдиңби?
Агарган булут көктө бар,

Арасына кирдиңби?
Булутту мурун миндиңби?
Атаң, энең баары өлдү,
Бу дүнүйө жалганын
Акыл ойлоп билдиңби?
Маана деген бир молдо
Башта келип сиздерге,
Азезил аны азгырган,
Айтканына кирдиңби?
Адамга шайтан чоң душман,
Акыретте куруурсуң
Акыры кылып чоң бушман.
Көңүлгө алгын көбүңөр
Көгөргөн асман көгүңөр
Он эки катар суу деген,
Обо болгон буу деген,
Оп менен тиреп тур деген.
Төрт катар көлдөн көрүнгөн
Күнүң менен аяңыз,
Күн тийгенде жапжарык
Басып турган жайыңыз.
Андан нары төрт катар
Жана дарыя суусу бар,
Жайнап турган жылдызың
Жалпы турат ушулар.
Айың менен күнүңдөн
Адамзат уулунун
Акылы жетпей бүлүнгөн.
Андагы жылдыз чоң экен,
Ай-күнүңдөн зор экен,
Адамзат уулунун
Акылы жетпес жол экен,
Бер жагында суу экен,
Бериштеси мол экен.
Андан нары да барса
Тогуз кабат балек бар,
Тозок деген кыйын жай,
Топчудай башка алек бар.
Торголуп мында калган соң,
Толтуруп күнөөнү алган соң
Кутулмакка куп кыйын,
Бир жараткан кудайга:
«Куткаргын!» –деп куп сыйын.
Топурак, отту, суу, желди,
Тен жаратты, жан берди,
Көрсүн – деди, көз берди,
Көкүрөк жасап, эс берди.
Калбаны шайтан салганы,
Жаралдың эле бейишке,
Шары менен шайтандын
Бейиштен чыгып калганы.
«Жалган эмес сөзүң – деп,
Жансактаткын өзүң!» – деп,
Жараткан жапар Алдага
Жалынып жатып алганы.
Жадаган соң кудурет
Тозок жакка жиберип,
Төрт азамат алганы.
Жалпы турган адамдар
Жалгызмын дейсиң оюңда,
Тозоктон келген төрт жигит
Баары сенин боюңда.
Ишенбегин күчүңө,
Баары кирген ичиңе.
Ак сакалы напси экен,
Ар тарапка бакчу экен,
Көрүнгөндү кылсам – деп,
Көңүлүңө салчу экен.
Ичмек, жемек, тоймокко,
Көрүнгөндүн баарысын
Ичиңе салып коймокко.
Экинчиси эринчээк,
Эгеңе такаат кыла албай
Эртели-кечти эринсек.
Үчүнчүсү ачуу экен,
Кол сындырып, баш жарып,

Бирөөнүн канын чачуу экен.
Төртүнчүсү текебер,
Өзүңдү өзүң көтөрүп,
Дүнүйөдө жеке дээр.
Көтөрүлтөт сөзүңдү,
Бу жүргөндүн баарынан
Мыкты кылат өзүңдү.
Жансактаарын биле албай,
Жадаткан соң тил албай
Жана буюрган бериште,
Жардамды бирге беришке
Барган экен бейишке.
Акыл, нысап, сабырды,
Уят менен төртөө экен,
Актын кылган амыры,
Бейиштеги төрт жигит
Бериште кармап алыптыр,
Бел кырчоондон жогору
Бербердигер салыптыр.
Акыл кирди дилиңе,
Аның үчүн калайык
Алла кирди тилиңе!
Уят турду көзүңдө,
Бейиштен келген төрт жигит
Урмат болду өзүңө.
Дилиңе нысап, сабырды,
Бул төрт жигит болбосо
Бир чымындай жаныңа
Кылмак элең жабырды.
Жаратканым бар го – деп,
Акыл тапкан ыймандыр,
Напси балаа, ачуудан
Акыл, сабыр тыйгандыр.
Уят менен нысабың
Текебердик, эринчээк
Тозоктон келген жигит – деп,
Тозот экен бу дагы.
Аяк бастырган ким дейсиң?
Ак тааланын өз күчү,
Ал жардамын билбейсиң!
Кармап турган колуңду,
Кайрат берген кудайың,
Тазалагын жолуңду!
Жолуң канга жошулган,
Асты-үстү кан сөөгүңө
Алла Таала кудаанын
Өз күчүнөн кошулган.
Көрүп турган көзүңүз
Бир тамчыдай суу экен,
Не себептен көрөт? – деп,
Көңүлгө алгын өзүңүз.
Даам билет оозуңуз
Ачуу менен таттыны,
Ак амыры экен – деп,
Аны билбей ага-ини
Акыреттин күнүндө
Абыдан шоруң каттыбы?!
Жыт билет экен мурдуңуз,
Жыпар жыттап, гүл искеп,
Жыргап карап турдуңуз.
Кудуреттин күчү – деп,
Куп билиңиз баарыңар,
Жайнап турган көпчүлүк
Жашың менен карьщар,
Бата алган кыйла баашадан,
Бу жерде турган Айкожо
Беш жүз элүү жашаган.
Ата-энебиз алыптыр,
Жансактаппыз муздакта,
Эки жүз сексен жыл болуп
Мединадан өтүптүр
Ак байгамбар Мустапа,
Баар алдык айткан сөзүнөн,
Калган экен Айкожо
Ак байгамбар өзүнөн.
Атын уксаң айтайын

Абунасыр самани,
Манжурия, тыргоотсуң,
Баарың турсуң тамамы,
Акыреттин тозогу
Абыдан кыйын жаманы.
Чин баашада алтын так,
Акыл ойло ушул чак,
Чын ээрчисең жолум ак!
Зордугум жок ынансаң,
Жолго киргин тил алсаң,
Кудай жалгыз, куран чын,
Байгамбар ак, диним ак!
Каның өлүп, өзүң бар,
Калкыңа айтар сөзүм бар.
Кааласаң ана Каканчын,
Каапыр болуп кетиңер,
Арзысаң мына ак дини,
Айтып турган сөзүмдүн
Макулуна жетиңер!»
Ушуну айтып эр Манас
Бет-бетине каратты,
Жайнап турган жесирди
Жай-жайына таратты.
«Текес өлдү дуу-дуңар,
Текши баарың турдуңар.
Баашабыз өлдү дедиңер,
Башы жок калса денеңер
Тирилигиң болобу,
Тим койсо Манас оңобу?
Тууганың бар, уругуң,
Өзү өлдү Текес улугуң,
Каныңарды каала – деп,
Калкыңа айтып турумун,
Жакыныңдан кан шайла,
Жалганы жок мунумдун.
Көтөрүп тууңду байла – деп,
Көпчүлүк каньщ шайла!» – деп,
Көкжалың Манас айтты кеп.
Көпчүлүк баары дүрбөшүп,
Бирин бири жүр! – дешип,
«Капилет өлдү каныбыз,
Калдык аман жаныбыз,
Акылмандар бирөөнү
Атап канга салыңыз!»
Көпчүлүк муну айтышты,
Көөсөрлөр үйгө кайтышты.
Көсөмдөр токтоп калышты,
Канга ылайык ким? – дешип,
Кары-жашың бил! – дешип,
Ортосуна салышты.
Үйшүмбай деген бар экен,
Бир өзүнө караган
Ую, төөсү, жылкысы
Үч жүз миңче бар экен,
Бир өзүнө караган
Үч миң үйчө жан экен.
Аны айтышты кан бол! – деп,
Кадырың элден жам бол! – деп,
«Малым болсо канмын –деп,
Баштатадан кан болбой
Нече жерде калдым!» –деп,
Үйшүмбайы болбоду,
Болбой моюн толгоду.
Дардак деген бар экен,
Далай балбан жан экен.
«Сен болгун!» – деп кармады,
«Күчүм бар да, эбим жок,
Айтууга жакшы кебим жок.
Мен болгон кандай кан – деди,
Жерде калган ал – деди,
Жетиктердин бирөөнү
Дуу-ду боло сал!» – деди.
Төкө деген жан экен,
Бир өзүнө караган
Төрт миң ую бар экен.
«Бол!» – деп айтып салганы,

«Болбоймун!» – деп ордунан
Тура качып калганы.
Карача деген бар экен,
Как өзүнө караган
Токсон миң үйлүү жан экен,
Мурунку алган амалы
Доотайлык мансап бар экен.
Кан бол! – дешип камалап,
Ошону улук кылууга
Ороло журту чамалап
Карачаны кармады.
Болбоймун – деп айталбай,
Көптүн көөнүн кайтарбай,
«Өкүмөткө аралаш
Өсүп келген башым – деп,
Өзүңүздөр да билесиз
Сексенге жакын жашым» – деп,
Карача сүйлөп салганы.
«Карысаң да болгун!» – деп,
Калайык айтып калганы.
Болор менен болбостун
Ортосунда турганда,
Болууга моюн сунганда
Акыястан калаасы,
Азыр жетип барганы
Сайкал аттуу баласы.
Эт чыбыктай ийилген,
Эркекче кийим кийинген,
Акак тиштүү, кыйган каш,
Жазы маңдай, түймө баш,
Ак-кызылы бөлүнгөн,
Айнектей көзү көрүнгөн,
Нурдуу кызыл бети бар,
Ууздан аппак эти бар,
Короз моюн, кобул кол,
Атанын сонун сулуу бол!
Талабы журттан бөлүнгөн,
Жуткан кызыл кымызы
Тамагынан көрүнгөн
Кыз Сайкал келип кеп айтат:
«Кантесиң ата, –деп айтат,
Өкүмдөн жутап калгандай,
Өлүп калган Текестин
Тоноп тонун алгандай,
Жакшы болбос мунуңуз,
Жайыңызга туруңуз!»
Кыз кыйкырып салганы:
«Балам болбойт экен!» – деп,
Карача айтып калганы.
«Катаалдык кылдың бизге!» – деп,
Калайык айтып мындай кеп,
Каткалаң атка калганы.
Атасы Темир кан эле,
Акылдуусу, акмагы,
Алты уулу бар эле.
Улуусу Текес кан болгон,
Урматы журтка даң болгон.
Эң кенжеси Темирдин
Тейиш аттуу жан болгон.
Акылы бар, даана экен,
Он сегизде бала экен.
«Карап турган калайык
Не сүйөсүң кейишти
Баарың качып болбосоң
Кан көтөрдүм Тейишти!»
Карача айгай салганы.
«Калк кадырын биле албас,
Капа кылар, тил албас,
Көтөрбөс айла недир?!» – деп,
Көпчүлүк сүйлөп калганы.
Алып кел! – деп каныңды
Арстан Манас, Айдаркан
Алар айтып салганы.
Темиркандын калаасын
Тегеретип баласын,
Ак кийизге салганы,

«Кан кылдык, – деп, Тейишти,
Таштадык, – деп кейишти»,
Оңпоңдошуп калмактар
Үч айлантып алганы.
Отого динсе сайынып,
Тоту куштун куйругу
Эки ийинге жайылып,
Айдаркан менен Манастын
Азыр келди кашына.
Анда Манас сүйлөдү:
«Мырза, кан кылдык жашында
Тим койсок акыр болбос» – деп,
Куттуктады кандыгын,
Дилде чачты башына.
Анда Тейиш кубанды,
Айдаркан, Манас астына
Кызмат кылып буралды.
«Туттук Манас жарлыгың,
Кудай жалгыз, куран чын,
Ырас билип ынандык
Байгамбардын барлыгын!»
Келме келди тилине,
Ыйман кирди дилине.
Ыкылас менен кол берди
Абунасыр пирине.
Тобуна Тейиш жар салды:
«Тобону акка кыл! – деди,
Торопой бар, доңуз бар,
Токтотпогун, кыр! – деди,
Какайдан кармап калды – деп,
Камандан катып салды – деп,
Укпасын – деп, кулагым!»
Өкүматын оздурду,
Өлтүрүүгө көз кыйбай,
Тоого сүрүп доңузун,
Торопоюн тоздурду.
«Аккелте мылтык ат – деди,
Ашыкпагын арстан эр,
Алты күнү жат – деди,
Алла буюрса аларбыз
Акунбешим баашаны!»
Айтып Тейиш ошону,
«Менин кылган оюм бар,
Бере турган тоюм бар.
Той берейин мен – деди,
Токтоп бер, баатыр, сен!» – деди.
Улуктар муну укканы,
Урматын кылып чыкканы.
Тойго сойгон карасы
Тогуз жүз малды жыкканы,
Уй, төө, жылкы, кой болду,
Урматтуу жакшы той болду.
Текестен калган кызыл туу
Айчыгын алтын аштады,
Тойду бүгүн баштады.
Мусулмандын аскерин
Кыйбас ысык досундай
Кызмат кылып үй-үйгө
Таратып бөлүп таштады.
Ат чабар жерин караса
Текшигердин талаасы,
Базар кылып турганы
Темиркандын калаасы.
Байгесинин башына
Төрт жүз жылкы, үч жүз уй,
Төөдөн жана жүз болду,
Ат чабар жери түз болду.
Байге сайды келишип
Как Төтөнүн белине,
Ат алдынан чыкпа! – деп,
Жар салды жалпы элине.
Эң аягы байгенин
Эки жылкы, бир төө,
Ээлигип барып бир адам
Болбосун – деди ат сүрөө.
Кырк атка байге сайылды,

Текес кандын кызыл туу
Кырга койду токтотуп,
Асабасы жайылды.
«Маңкан менен Кордойду
Басып өтүп барсын – деп,
Эчки-Өлбөстүн тушунан
Коё берип салсын – деп,
Чоң күлүк байге алсын – деп,
Чобуру куру калсын!» – деп,
Ат чубатып болуптур.
Аттын санын караса
Тогуз жүзгө толуптур,
Токсон киши шол элден
Ат айдоочу болуптур.
Көтөрмөчү жок болду,
Көңкү журттун баарысы
Көк жайыкка токтолду.
Эки күн ары айдасын,
Эл ашыкпай жайлансын,
Үчүнчү күн болгондо
Келип алсын байгесин.
Атты жолго салганы,
Алты жүз кара, он миң кой
Тейишкан жыйнап барганы.
«Мына бу келген кой – деди,
Эки конуп жатасыз,
Коногуңа сой – деди.
Алты жүз кара мал – деди,
Ачыгып кетип баратсаң
Андан да союп ал!» – деди.
Кырга жылкы айдатып,
Кызматкерди даярлап,
Кырк миң бээ байлатып,
Кымызды көлдөй жайнатып,
Үлкөндөрү ичсин – деп,
Озуп арак алдырып,
Күчү кайтып калат – деп,
Күчаланы салдырып.
Ат айдалды, эл калды,
Ар өнөрдөн не калды?
Тогуздан кара жайлатып,
Башына төө байлатып,
Балбан болсо чыксын – деп,
Күчү артыгы жыксын – деп,
Ортого күрөш салсын – деп,
Ошондой кылды жарлыкты,
Тейиш кан кылды барлыкты.
Казак, калмак бөлүндү,
Байкап деген балбаны
Казактан чыгып калганы.
Жаңы тууган болдук – деп,
Биз күрөштү койдук – деп,
Калмактар жатып алганы.
Уйгурга келген кошулуп,
Урушка кирмек озунуп
Окчу кыргыз уругу,
Ыспаранын улугу
Көк бөрү чыкты бу жактан,
Баскан бойдон байпактап
Байкап келди тыяктан.
Майданда күрөш салганы,
Барган жерден көк бөрү
Башынан үч айлантып,
Көтөрүп уруп алганы.
Көңкү уйгурлук күңгүрөп,
Айгай салды дүңгүрөп,
Олжосун алар алганы.
Карап турган көпчүлүк:
«Бу калмактар кандай калат? – деп,
Казактар күрөш салат – деп,
Калмак жактан чыксын – деп,
Кара кыргыз, уйгурдан
Бир балбанын жыксын» – деп,
Казактын журту кармады,
Калмактын Талоо балбаны
Калдайып басып барганы.

Кара-Кыш калаа шаарында,
Жан турбаган каарына
Көшөн балбан барганы,
Көпкө күрөш салганы.
А жерде да Көшөнү
Көтөрүп уруп алганы.
Кыргыз, сарты кыйкырып,
Ураанын бийик салганы,
Ошолордун баарысы
Уят болуп калганы.
Казак, калмак бир болду,
Кандай күчтүү булар – деп,
Көңүлдөрү кир болду.
Балбан чыкпай токтолду,
Баатыр сайыш салсын – деп,
Башчылардан жооп болду.
«Казак менен калмагын,
Кайраттуусун кармагын,
Намыс алып азыр бир
Калмак, казак болмокко,
Же өлтүргүн, же өлгүн,
Ызалыкка чыдабай
Жакын калдык өлмөккө!»
Казак, калмак биригип
Айгайды антип салганы,
Намыстанып калганы.
Кандайсың? – деп бир-бирин
Каштарына барганы.
Мен барам! – деп чыга албай
Камалышып калганы.
Кайсы бирин айталы,
Он жетиде жашы бар,
Башында тулум чачы бар,
Сары буурул аты бар,
Сайкал чыкты каркы бар,
Беттешкенди мерт кылып
Кетсем деген дарты бар.
Жоого кийчү жарагын,
Баарын кийди карагын!
Карыпчы менен кыягы,
Кыз да болсо, каапырай,
Каармандай сыягы
Туулга менен калканы,
Туюк болот, көк темир
Тула бойго салганы,
Тогуз кулач найзасын
Толгоп алып, майданга
Токтолбой жүрүп калганы.
«Мейли кыргыз, сарты – деп,
Өтүп кетти дарты – деп,
Өкүнүчтө болбо – деп,
Өлтүрө сайышты ойло!» – деп,
Айдаркан айгай салыптыр.
Бул эмине сөзүң! – деп,
Атпай журт айран калыптыр.
Жекесан бутта чойкоюп,
Желектүү найза койкоюп
Кыз Сайкал туруп алыптыр.
«Кана, талапкер болсоңчыгыңар,
Бу даңкайган күндү жыгыңар!
Эренден болсоң чыгыңар,
Бу эсирген күндү жыгыңар!
Катындан эркек качарбы,
Атаа, кара мындай басарбы?!»
Уккан, көргөн баары айтты,
Уламалуу кары айтты:
«Ушу кызды көргөндө
Текестин журту тек! – деген,
Атасы доотай бек деген,
Кара чоктуу калмактын
Кандай кыйын баатыры
Кармашып алы жетпеген.
Жаңы быйыл келди – дейт,
Жаңы он жети жашка – дейт,
Баатырлыгы күч менен
Бу жүргөн жандан башка» – дейт.

«Өчөшүп чыккан каапырга
Өлөмүн деген барбаса,
Өзгө киши не барсын!
Айбаты катуу каапырга
Ажалы жеткен барбаса,
Асты киши не барсын!»
Казак, калмак төрт жүз миң,
Камалышып турду тим.
Сарт, кыргызы төрт жүз миң,
Сайышууга жан чыкпай
Сабыркашып турду тим.
Бердике менен Акбалта
«Бердиңер – деп, намысты!»
Бекем айтты бу калкка.
Бай баласы Бакай бар,
Бакылдады күүлөнүп:
«Катындан качкан не жорук,
Туубай кал!» – деп сүйлөнүп.
Канча айтса киши укпады,
Камалды, коркту, чыкпады.
Шашкеде кирди майданга,
Чак түш ооп болгончо
Жан барбады Сайкалга.
Эч ким чыкпай койгон соң,
Байгесин алып бакырып,
Казак менен калмагы
Кайта турган болгон соң
Туруп Манас кеп айтат:
«Туубай калсын баарыңды,
Сайыштырып катынга
Кетирдиңер арымды.
Ар канча баатыр болсо да
Аты го – деп, ургаачы,
Аксаргыл атты алып кел,
Абаке, Бакай турбачы.
Ар канча кыйын болсо да
Алармын сайып акыр – деп,
Аксаргылды ээрдеп,
Алып келгин, баатыр!» – деп,
Бар жарагын байланып,
Жоо жаракты шайланып,
Кайра жаачу булуттай
Каары жүзүнө айланып,
Аксаргыл минип болкоюп,
Накери кийип чойкоюп,
Сыр найза колдо койкоюп,
Сырттан Манас жөнөлдү.
Кыз Сайкал эми кызыкты:
«Ар тарапты караткан
Арстаны бул деген,
Кылымдын баарын кыйраткан
Кыйын эри бул деген,
Боо беттешкен бенденин
Катыны калат тул деген.
Атпай алаш жыйылып
Азыркысын ушуну
Кан көтөрүп тур деген.
Бээжинге салып бейпайды,
Каканга салып каранды,
Барып чаап келиптир
Дагалакта калааны.
Кырмустун элин кыйраткан,
Дүбүрөнү түгөткөн,
Ороңгуну качырып,
Ойроттун баарын жүдөткөн,
Кашкардын журтун караткан,
Күчөндөгү Нескара
Бээжинге кууп тараткан,
Алтайдан келип биздерди
Атышпай туруп жадаткан,
Куяс менен Текести
Акыретке караткан
Өлтүрүп Манас каныны,
Наамандыктын баарынын
Тынчытайын жаныны.
Оюндан окус кылайын,

Ногойдун журтун кырайын.
Кыйынын окус кылайын,
Кыргыздын журтун кырайын!»
Муну ойлонуп кыз Сайкал
Сарыбуурул тулпарга
Санына камчы салганы,
Сарала байрак найзаны
Колго имерип алганы,
Заары катуу Сайкал кыз
Сандыргалуу төрөнү
Жанчмак үчүн барганы.
Астындагы Аксаргыл,
Арстан Манас баатыры
Атка камчы салганы,
Астын тосуп Сайкалдын
Качырып Манас барганы.
Карап көрсө кыз экен,
Как сулуунун өзү экен,
Жазы маңдай, жайык төш,
Кобул мурун, көөхар көз,
Жүзү нурлуу, инжи тиш,
Кандай болду ушул иш?!
Кабылан Манас ойлонду:
«Катуу сайсам нетер –деп,
Кокус өлүп кетер – деп,
Өзүм алчу кыз экен,
Өлүп кетер бекер!» – деп,
Оң далынын мүрүгө
Оңдоп найза салганы.
Оңолбогон Сайкал кыз
Кагып ийип найзасын,
Кабылан Манас баатырга
Найза шилтеп калганы.
Найзасын колдо түздөдү,
Арстан Манас баланын
Өлөр жерин издеди.
Алтын ээр кашы – деп,
Как жүрөктүн башы – деп.
Найза тийди төшүнө,
От чагылды баатырдын
Ошол жерде көзүнө.
Бирин бири сайышып,
Минген аты майышып.
Эки жактан эки журт
Айрып кетти бөлүшүп,
Эстүүлөрү чогулду:
Албагай эле шол жерде
Кокус бири өлүшүп.
Кайра тартып калышты,
Каңкор Манас, Сайкал кыз
Катуу кылды намысты.
Каңгайлап ураан салганы,
Кабылан Манас баатырды
Качырып келип калганы.
Бай Жакып! – деп бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Каарданып Манас жетиптир,
Кыйкырган бойдон кыз Сайкал
Кыраанга найза нетиптир,
Оң колтугун жырганча
Аркасынан Манастын
Оркоюп чыгып кетиптир.
Карыга тийип калыптыр,
Карчыты менен чарайна,
Кыягын үзүп салыптыр.
Сынып кетип кыягы,
Жыгылгандай сыягы.
Ат жалдашып алыптыр,
Кармашкан бойдон эки дөө
Жанашалап жарышып,
Тай чабым жерге барышып.
Сайкалдан найза жетиптир,
Сандыргалуу Манасты
Жанчып найза кетиптир.
Колтукта найза короңдоп,
Тепчилип калып сороңдоп,

Сол колу менен бу Манас
Ойрон болгон Сайкалды
Оң капшыттан кармаган,
Канча тартса Манаска
Колуна Сайкал барбаган.
Оң кол менен бу Сайкал
Ойрон Манас баланы
Омуроодон алганы,
Калкан, соот, жарагы
Чыгып калды далдалы.
«Ургаачыны жыга албай
Үшүм кандай кетти – деп,
Кызга кокус алдырсам
Кылым угар кепти!» – деп,
Ачууланып эр Манас
Жаканы көздөй кол сунду,
Жаалданып Сайкал кыз
Айбалта менен озунду.
Айбалта башка чабылды,
Оң колунда танабы,
Калканы башка жабылды.
Манасты башка чабам – деп,
Калканды чаап калыптыр,
Кабылан Манас бу баатыр
Сайылган бойдон Сайкалдын
Колтугун жырып салыптыр,
Колунда найза калыптыр.
Сол колу менен эр Манас
Айбалтасын алыптыр.
«Оңолбогон катын!» – деп,
Оройдон ары салыптыр.
Кызга калкан жабылды,
Болотко болот чагылды,
Жан-жагына караса,
Кызарган жалын жагылды.
Жалын чыкты дүркүрөп,
Алиги көргөн Сайкал кыз
Жаалданып күркүрөп.

Калмактын Сайкал балбаны
Кабылан Манас баланы
Оң далыдан алганы,
Ат күчүнө салганы,
Оодара тартып алууга
Ойлонуп Сайкал калганы.
Сарыбуурул Керкөкүл
Санына атын салыптыр,
Сандыргалуу Манасты
Эңкейтип аттан алыптыр,
Ээрден көтү кылтайып,
Үзөңгүдөн бут тайып,
Султан Манас баатырга
Сунуп найза салыптыр,
Кыз Сайкал сайган найзасы
Суурулбастан Манастын
Оң далыда калыптыр,
Оодармакка Сайкал кыз
Ойлонуп аны алыптыр.
Ошонгуча болбоду
Акбалтанын Чубагы
Октой атын чуратып,
Ортого жетип калыптыр,
«Эңиш эмес, сайыш – деп,
Жанчышып боюң салыш!» – деп
Сайкал минген сары атты
Башка кагып өткөнү.
Сайкалдын Сарыбуурулу
Жалт этип үркүп кеткени.
Кыз да болсо Сайкалды
Кылым журт көрүп таңданды.
Жонунан алган Манасты
Кармаган бойдон каапыр кыз
Калабаны баштады,
Сандыргалуу төрөнү
Акбалтанын Чубагы
Сол ийнинен жөлөдү,
Акбалта уулу болбосо

Алып кете таштады.
Дого деген бир казак
Тобунан чыга чапканы,
Ал кыз Сайкалды жактады.
«Кызыталак кыргыз –деп,
Жанчышканыңбир кыз –деп,
Эсердин бирө . экенсиң
Экө .лөп неге кетесиң?»
Эр Дого айтып салганы,
«Эңиш эмес, сайыш – деп,
Сайбай эңем дегени
Санталак казак кай иш?» – деп,
Акбалтанын Чубагы
Ачууланып Догонго
Айтып турду бу дагы.
Казактан чапты Айдаркан,
Кыргыздан чапты Бакай кан:
«Кокус уруш болот – деп,
Элдин баары жарактуу,
Койгулаша кетишсе
Коктуга каны толот – деп,
Калыс бол!» – деди Тейишти.
Тейиш келип кеп айтат:
«Коюңар – деди кейишти.
Жанчышкан эки бала – деп,
Баарың Туран уругу,
Намыстанба ага!» – деп,
Тейиш кан сүйлөп салганы,
Абаң Бакай, Айдаркан
«Макул кеп!» – деп калганы.
Айрып Манас баланы,
Сайкалдын сайган найзасын
Шыпырып салып түпөгүн,
Жылдырып сууруп алганы.
Суурулган жерден кан кетти,
Жаман жара экен! – деп,
Көрүп кыйла жан кетти.
Эти ачынып алыптыр,
Эринбей турган эр Манас
Ичи күйүп калыптыр.
Оржемил деген дарысын,
Жутуп алды баарысын.
Аккан каны басылып,
Айнектей көзү ачылып,
Каары бойдон чачылып,
Оңдоп алган кыягы,
Ачууланып бу Манас
Оңдурбастай сыягы.
Аксаргыл атты чуратып,
Артынан чаңды буратып,
Майданга Манас барыптыр,
Аны көрүп акырып,
Зубундап ураан чакырып,
Сайкал жөнөп калыптыр.
Мурунтадан бу Манас,
Ач көз тууган куу Манас,
Сулуусуна суктанып,
Сундурган найза бош салып,
Кызылына кызыгып,
Жараттуу кылбай алсам! – деп,
Кыраандын көөнү бузулуп
Аяп жүргөн эр Манас
Ачуусу келди ушунда,
Жоо аяган жаралуу,
Жара түшкөн тушунда.
Сайкал, Манас жетишти,
Жанчышып өтүп кетишти.
Көөдөнгө найза такашып,
Шилекей жутпай чакашып,
Эки сапар сайышып,
Эсен өтүп алышып,
Эрегишип калышып,
Эми Манас баланын
Оң көзүнөн от чыгып,
Сол көзүнөн чок чыгып,
Жаалы чыгып сөзүнөн,

Жалыны чыгып көзүнөн,
Астындагы Аксаргыл
Атка кылып өкүмдү,
Эмине үчүн бу карды
Албадым – деп өкүнүп,
Манас да жөнөп калыптыр.
Сарала байрак найза алып,
Жаалданып Сайкал кыз,
Ат күчү менен өз күчү,
Сайкалга каршы жеткени,
Жаалданып эр Манас
Төшкө найза неткени,
Тоодой болгон сары аттын
Дөөгүрсүгөн Сайкал кыз
Соорусуна кеткени.
Төшүнө найза кагылып,
Көзүнөн оту чагылып,
Эсинен Сайкал жаңылып.
Ачууланган Манастын
Азыр жыгар жайы жок,
Бир сайганда жыкпады,
Мингенинин шайы жок.
Астындагы Аксаргыл
Бакпаягы майышып,
Кабыргасы кайышып,
Тула бою тууш күч,
Кара бою катуу күч,
Кайрат менен эр Манас
Найзасын тиреп өчөйүп,
Астындагы Аксаргыл
Оңоло албай союлгур
Олтурган иттей чочоюп.
Сайкалдын сайган найзасы
Акырекке сайылып,
Бооруна Манастын
Асабасы жайылып.
Жаалданган Сайкалдын
Заманасы тарылып.
Буруп башын сары аттын
Бучкакка камчы салганы,
Буластаган Сайкал кыз
Элин көздөй барганы.
Оңолтуп алып атыны,
Кутургандай көздөнүп,
Кутултат экен атым! – деп,
Кудайга айтып датыны,
Аксаргыл атын аргытып,
Артынан чаңын баргытып,
Куба Манас барыптыр.
Кыз Сайкал көрдү урушун,
Майданда Манас бакырып,
Манастын көргүн турушун,
Жана барса Сайкалдын
Бүтүргүдөй жумушун.
Эстен танып элдиреп,
Акылдан танып алдырап,
«Өлчөөсү кандай экен?» – деп,
Калмактар сурайт балдырап,
Акылы кетип башынан,
Сайкал турат жалдырап.
«Чыгаргын!» – деп бакырып,
Чымырканып акырып,
«Сайышыңа чыгар!» – деп,
Манас турат чакырып.
«Колунан келсе жыксын – деп,
Коркпосун Сайкал,
чыксын!» – деп,
Ат ойнотуп эр Манас,
Айгайлап туруп алыптыр.
Атпай журту жабырап,
«Бар, Сайкал!» – деп бабырап,
Көпчүлүк сүйлөп калыптыр.
«Барбаймын!» – деп Манаска,
Көсөм сулуу Сайкал кыз
Көжөлүп туруп алыптыр.
Барбаган соң Сайкалды,

Баарысы билип байкады.
Калмактардан кан Тейиш,
Казактардан Айдаркан,
Карап турган канча жан
Калктын баары чочунду
Каары катуу Манастан.
Чапкылашып барышты
Бакай менен Мунарга,
Сарт, кыргыз болгон буларга:
«Токсон жылкы, тогуз тө .
Байгеңерди алыңар,
Баатырыбыз чыкпады,
Сайышты коё калыңар!»
Антип айтып барганы:
«Келгин, Манас мында – деп,
Кебибизди тыңда – деп,
Алмак болдук байгени,
Азын-көбүн байданы».
Көйүш менен Мунаркан
«Коёлу – деп, Манас жан!»
«Базар көргөн байкушсуң,
Маа жарабайт айтышың.
Токсон экен алуучу,
Байгеден алчу малыңыз,
Томаяк болсоң дүйнөдөн
Менден тогуз жүз жылкы алыңыз,
Майдандан мени кайт дебей
Топко экөөңүз барыңыз.
Катынды сайып жыга албай
Кантип элге барайын,
Кайнап жаткан кары-жаш
Анын бетин кантип карайын!
Кызды сайып жыкпастан
Кыргызга кантип барайын,
Кызыр чалган Айкожо
Бетин кантип карайын!
Же жыгылсын, же жыксын,
Саалыкпай Сайкал бат чыксын.
Тейиш кан менен Айдаркан,
Жыгылбай байге берем – деп,
Теңир ургур кандай жан!?»
Муну айтып Манас салганы,
Бура тартып бул экөө
Өз колуна барганы.
Кошуп алып Бакайды,
Төлгөчү кара Төлөгү,
Төрт баатыры кошулуп,
Айдаркан менен Тейиш кан,
Аксакалы Карача
Аларга көздөй жөнөдү.
Барып көрсө баарысы,
Карача, Үйшүн карысы
Тегеректеп калыптыр,
Терек бойлуу кыз Сайкал
Атынан түшүп алыптыр.
«Башымды кессең барбайм!» –деп,
Жообун айтып салыптыр,
Эр Манас кайра барганда
Эти ачынып калыптыр.
Чарайнадан өтө албай
Найза токтоп калыптыр.
Өпкө боорун куушуруп
Жаман кылып салыптыр.
Этинен тери сызылып,
Эки таноо кысылып,
Өңү жаман бузулуп,
Сокмогу менен найзанын
Солуп Сайкал калыптыр.
Күчү менен найзанын
Күйүгүп Сайкал калыптыр.
Аны көрүп баарысы,
Айдаркан, Эштек карысы,
Калмактан Тейиш, Карача,
Карасаң мындай тамаша,
Майданда турган Манаска
Барып калды баарысы,

Бакай, Мунар карысы.
«Сайышууга Сайкал жан
Чыкпайт экен баатыр – деп,
Казак, калмак жыгылдык,
Алдың намыс акыр!» – деп,
Айтып турду сегизи.
Анда Манас кеп айтат,
Ачууланып бек айтат:
«Же жыгылып, же жыкпай,
Кете албаймын! – деп айтат,
Баш байладым өлүмгө,
Чач байладым өрүмгө.
Чыксын Сайкал кыз – деди,
Же жыгылбай, же жыкпай
Кайталбайбыз биз!» – деди.
Алардын кылган ишин көр,
Акылга келген кишин көр.
Ачууланып бу Манас,
Өлүмдөн качпас куу Манас,
Арага келген кишиге:
«Айранмын, – дейт ишиңе!
Карачанын канчыгы
Кабак жерге балалап,
Баласына каралап,
Каптырып алып колумду,
Казатта жүргөн чагымда
Кесир кылып жолумду,
Качып жатып алабы,
Качканды коё бергидей
Манас көөдөк балабы?
Чын ырас сөз айталы
Чыгаргыла Сайкалды!
Чын ушу жерден кетпеймин
Чыгарбасаң Сайкалды!»
Арадан келген он киши,
Баары да улук чоң киши:
«Жүрү эмесе, кайталы,
Сайкалга барып айталы.
Чыгар бекен Сайкал? – деп,
Чыр болушуп ушинтип
Кокус болот шайтан!» – деп.
Бай Карача кеп айтат:
«Баарыңарга эп болсо,
Мен бир айткан кеп болсо
Сайкалдын атын тарталы,
Сандыргалуу Манаска
Сабыр кыл – деп айталы!»
Арачылар бу сөздү
Абыдан макул алышты,
Атын алып Сайкалдын
Арстан эрге барышты.
«Көктүк кылба, баатыр, – деп,
Көжөлбөгүн акыр!» – деп,
Көпчүлүк сүйлөп калганы.
Анда Манас муну айтат:
«Айтууңарга көндүм – деп,
Тартууңарды көрдүм – деп,
Калмактарга карыя
Карача байга бердим!» – деп,
Атын берип өзүнө,
Аңдап көргүн эрлердин
Ашепке жок сөзүнө,
Андан кийин кыз Сайкал
Арстан Манас баатырдын
Көрүнбөдү көзүнө.
«Нак ушуну алсам!» – деп,
Манастын кетти эсине.
Токсон жылкы, тогуз төө
Олжосун айдап алышты,
Уйгурлап ураан салышты.
Кыйкырышып кыргыз! – деп,
Кылымга маалим ушу кеп.
Кыргыз, казак чогулуп,
Олжосун бөлүп алышты.
Отуз жылкы, он төөнү
Санап бөлүп алыңар

Сарт болгон жери баарыңар.
Эл тарады, кеч болду,
Конок болор кез болду.
Конок болуп алышты,
Койдой чуулап көпчүлүк
Кош-кошуна барышты.
Түндүгүнө бээ союп,
Түштүгүнө тай союл,
Жагынага кой союп
Жатып калды көпчүлүк
Жапас уулу көп түрк.
Эртеси эңиш салышып,
Эки жүз балбан чыгарып
Эрмек кылып алышып,
Ортодо оюн салышты,
Ошо күнү кечинде
Ат келет, – деп калышты.
Көңкү журт калган токтолуп,
Көтөрмө, сүрөө жок болуп.
Эртеси жок кечинде,
Кечки салкын бешимде,
Агыястын чатынан
Аттын чаңы көрүнүп,
Манастын аты Аккула
Маралдай чуркап бөлүнүп.
Маңдайында багы бар,
Кулагында шамы бар,
Куюндан бүткөн жаныбар,
Аттардан чыгып бөлүнүп,
Аркардай шаңы көрүнүп,
Тар колтуктан суу чыгып,
Таноодон кара буу чыгып,
Астында кула ат келгенде
Орчун кыргыз оюлтуп
Бай Жакыптап чуу чыгып.
Аккула өттү дыркырап,
Туягы тийген таштары
Туш-тушуна зыркырап.
Аркасынан караса,
Казактын журту акырып,
Айдаркандын Карасур,
Жүгүрүшүн карап тур,
Коёндой кулак жапырып,
Мунун арка жагынан
Мунардын аты Көктелки,
Анын арка жагынан
Ошпурдун аты Оркызыл,
Анын арка жагынан
Саламаттын Сарала,
Санаган менен сөзү көп,
Кырк атка байге сайылган,
Күлүгү жоктор сабылган.
Байгеге кырк ат келгени,
Байгесин санап Карача,
Башкарып бөлүп бергени.
Аккуланын байгесин
Атпай журт көрдү байдасын.
Төрт уруу журтка төрт бөлдү,
Казак, кыргыз, калмак, сарт,
Теңдеп бөлдү олжосун,
Кабылан Манас кандай март!
Олжону бөлүп алышып,
Оюн-күлкү салышып,
Алты күнү бүткөн соң,
Эки күн атын өргүтүп
Эркин жатып алышып,
Аскер арбын мол эле,
Алты-Шаар, Алтайдан
Алты жүз миң кол эле.
Текестин элин текшерди,
Туу көтөрүп коюптур
Текшигер деген бир жерди.
Текшигерге кол жыйды,
Тектүүлөрүн мол жыйды.
Кара келте ыктуудан,
Камбыл чабар мыктуудан,

Сундуруп найза салгандан,
Журт бийлеген сардалдан,
Билеги жоон балбандан,
Билими артык далдалдан,
Көзгө аткан мерген машынан,
Көп жалтанар башынан
Тандап аскер алганы,
Талапкерден калбады.
Жүз миң аскер алганы,
Кер-Көлдү көздөй бет алып
Жүрмөк болуп калганы.
Улуу черүү кол болду,
Көптүгүнөн аскердин
Бет алган жери жол болду.
Каркыра, Төтө-Бел жакка,
Суң кытай, маңгул эл жакка,
Ат-Башы, Кер-Көл жер жакка
Желек туудан бөлүнбөй,
Жердин жүзү көрүнбөй,
Асаба туудан бөлүнбөй,
Асман чаңдап көрүнбөй,
Найзанын учу жылтылдап,
Адамдын башы кылкылдап,
Жер союлуп былкылдап,
Жети жүз миң жүргөндө
Жер кайкалап дүңгүрөп,
Добул согуп күңгүрөп,
Керней тартып бапылдап,
Сурнайдын үнү такылдап,
Жарактын баары жаркылдап,
Асабалар калкылдап,
Мубакүл найза солкулдап,
Буудан аттар болкулдап,
Тууну тууга урушуп,
Тозоңду тоодой бурушуп,
Чуудан кулак тунушуп,
Башкы атасы түрктүр,
Баатыр, балбан жүрүптүр,
Баштаганы эр Манас,
Баскан жолу бүлүптүр.
Барча журту мусулман
Жети жүз миң кол жүрүп
Жердин жүзү бузулган.
Төтө, Кайнар, Былчакай,
Төңкөрүлгөн көп аскер
Жүрө турсун жайма-жай.
Башка уруудан маңгул бар,
Баштап чабар камбылдар,
Баатыр Жайсаң даңгыл бар.
Күлдүр, Калдаң беги бар,
Манжуулуктан кошулган
Бала Мажик эри бар.
Баштатан Дөгөн кары бар,
Андан бөлөк бу жактан
Алтайлыктын баары бар.
Алчын, үйшүн, жапасы
Алтайлыктын жакасы
Аргын Каракожо бар,
Найман, дуулат кошо бар.
Тарактан Тана бийи бар,
Таргыл аттуу кары бар,
Талапкердин баары бар.
Абактан Айдар каны бар,
Ата уулунун баары бар.
Орчун кыргыз уругу,
Окчу Каракесек бар,
Орто жолдон кошулган
Ногойдон он миң эсеп бар.
Кыргыздардан Саламат,
Кыпчактардан Таз чечен,
Ногой уулу Бакай бар,
Нойгуттардан Чубак бар.
Тотунун Токон эри бар,
Набаттын Акун беги бар,
Токсон уруу өзүбек
Шол заманда биригип

Чогулду деген кеби бар.
Каракалпак Бердике,
Каңгайлардан Келдике,
Өзүбектен Дамбылда,
Өткүр чечен Абдылда,
Чымыр кара Бообек бар,
Чынарстандын Шаабек бар,
Жайсаң, Ботпай, Шүкүр бар,
Жалтанбаган баатырлар,
Жайын кийин билип ал.
Котондон Талоон балбан бар,
Коркпой турган зардалдар.
Кыпчактардан Көкбөрү,
Кыйла күткөн жөкөрү,
Кыргыздардан Жүгөрү,
Кызайлардын Байкабы,
Кылымга толгон алаштын
Кайсы бирин айталы!
Калмактын Күшөң балбаны,
Байгыр, уйгур баарысын
Баштап Манас алганы.
Каркыранын оюна,
Кара суунун боюна
Кайнап түшүп калганы.
Конуш кылып аралды,
Атып бугу, маралды,
Жата турсун жай алып,
Таңшаң тоого таянып,
Аны таштап салыңар,
Кер-Көлдө Орго каныңар,
Кебин угуп алыңар.
Аяр Култаң келиптир,
Терс-Суудагы Текеске
Айтып кабар бериптир.
Аярлык менен кол кылып,
Адам өткүс жол кылып,
Кубанып Куяс турганда,
Кабар салбай кандарга
Текести теңир урганда
Бейкут жатып алдырып,
Киеден кылган аскерин
От күйгүзүп жандырып,
Куяс, Текес өлүптүр,
Култаңдын көзү көрүптүр,
Былчакай, Төтө ашыптыр,
Адам албай шашыптыр,
Эки күнү, бир түнү
Арада жолду басыптыр.
Үчүнчү түн кечинде
Эл жатары кезинде
Ордого кирип барыптыр,
«Ойрон болдуң Орго!» –деп,
Ойбойду анда салыптыр:
«Алтайлык кыргыз алды –деп
Ага-иниңдин баарына
Азап түшүп калды – деп,
Куяс, Текес өлдү – деп,
Жер-суудагы калмакты
Кыргыз, казак бөлдү – деп,
Бөлгөнүн көзүм көрдү – деп,
Балдар калды баркырап,
Баш көтөрбөй чалдары,
Таланып кетти малдары,
Эр-азамат жигиттен
Эчтемеси калбады.
Алты-Шаар журтунан,
Аңдап уккун ушундан,
Албаганы калбады,
Ары чети Ымалай,
Ындыстанга үч күндүк
Аскер арбын барганы.
Даңгытыңдын элинен
Такыр неме калбады,
Күн чыгышы Сура-Тоо
Күлдү баарын алганы.
Уятынан чоң Бээжин,

Какан араң калганы.
Казып таштап Текести,
Сени көздөй салганы.
Сел аккандай кол келет,
Жок сөзүмдүн жалганы.
Үч-Турпанда мен калдым,
Уруша элек сен калдың.
Камданбасаң курудуң,
Кабарга келип турумун,
Катасы жок мунумун.
Кармабай колуң сөгүлбө,
Кармашпай каның төгүлбө.
Уштабай колуң сөгүлбө,
Урушпай каның төгүлбө.
Жарым бааша дуу-дусуң,
Жамандык көрбөй турусуң.
Жалмады кыргыз далайды,
Жалган дүйнө курусун.
Жатыптырсың бейкапар
Дарыя Кер-Көл башында,
Караганың канча жан,
Калдайдан нечөө кашында?
Жаң-жуңдан барбы жанында?
Доотайдан барбы тобунда?
Эсеп кылып жыйнасаң
Нече миң аскер колуңда?
Чыйтайың болсо чыгаргын,
Чын урушка ыйгаргын.
Жаң-жуңуң болсо жамдагын,
Жарагың болсо камдагын.
Балбаның болсо баптагын,
Барсканың болсо саптагын,
Күлүгүң болсо таптагын,
Күрөөкөң болсо сактагын,
Күрүчүң болсо актагын,
Баатырың болсо баптагын,
Улуу черүү кол келет,
Урушка боюң чактагын.
Атарга мылтык октогун,
Аярың болсо жоктогун,
Акыры кыргыз келбесе
Аябай мени боктогун.
Илегер болсо издегин,
Кылычың болсо миздегин,
Кыргыздан бирди көрбөсөң
Ит экенсиң сиз дегин!»
Аяр Култаң барганы,
Айтып кабар салганы,
Аны уккан соң Орго кан
Айран азыр калганы.
Алты дорго чакырды,
Ар тарапка чаптырды.
«Ары чети Тыңчыса,
Эки-Башка бар – деди,
Элинде калың мал – деди,
Эртелеп кабар сал! – деди.
Кабар айткын баарына,
Карабасын малына,
Кара жанын каркыттап,
Казан асып, от жаксын
Минген аттын жалына.
Аты Буркан калдай бар,
Арты кандай билбеймин,
Азап азыр далай бар.
Эки-Баштан эл жыйсын,
Эл жыйса да эр жыйсын!
Эмгекке башын салбасын,
Эркектен эме калбасын!
Ара-Талаа, Чатыр-Көл,
Арбын анда биздин эл,
Айтып кабар берип кел.
Элебей жатып албасын,
Эки күндөн калбасын!
Саяң-Жайлоо, Үч-Суу бар,
Саятта жаткан ушулар.
Суңшоо деген жери бар,

Суң кытайдын эли бар.
Кулутка деген калдай бар,
Куралган эли далай бар.
Кул, байынан калбасын,
Кубатына карасын,
Куруганын биле албай,
Көзүн ачып жумганча
Көк теңир уруп салбасын.
Арасында бели бар,
Аркы-терки жери бар,
Анжым калмак эли бар,
Бир жери шамал, бири кар,
Кубан аттуу жаң-жуң бар,
Кар жаабаган жери бар,
Канча калмак эли бар.
Кар ордуна шору бар,
Арсылан аттуу зору бар,
Андан бери келсеңер
Арал-Токой жолу бар,
Кер-Көлдөн кечип алыңар,
Күңгөй өйдө салыңар,
Соорун деген калдай бар,
Сонундугу далай бар,
Байлыгына мактанган,
Мал бактырган мүңкүрү
Так тогуз жүз малай бар.
Ары калдай, ары бай,
Ал жатпасын жайма-жай.
Түптөн өтүп келиңер,
Айтылган жердин баарына
Түгөл кабар бериңер!
Жакынымда олтурган
Жаң-жуңум Кулус келсин – деп,
Жаныма жардам берсин – деп,
Тарагайга жайлаган,
Жаратып күлүк байлаган,
Сандатып мөрүн айдаган
Алтаң, Култаң доотайлар,
Азыр келсин ушулар.
Коңур-Саз бар, Тоңу бар,
Колпоң, Шибен чоңу бар,
Алтооң жүрүп айтыңар,
Алты күндөн калбастан
Аскерин алып кайтыңар.
Черүүнү ченсиз алыңар,
Инжинин Ырдык аяры
Сен экөөң бөлөк барыңар.
Ала-Белден ашыңар,
Ар жагы Чуунун башы бар.
Адыры тулаң, кашка суу,
Агыны суунун башка суу,
Адырга жакын кара суу,
Дөңгө деген калаа бу,
Киймен аттуу каны бар,
Кечикпей кабар салыңар!
Сепили бийик тамы бар,
Тегеректеп калаасын
Сексен миң үйлүү жаны бар.
Андан өтүп барыңар,
Акунбешим зор бааша,
Айтып кабар салыңар.
Кан салыгы ат минип,
Кайра тартып калыңар.
Чечер менен Саманым,
Кечиксеңер курудук,
Кетер менин амалым.
Кызыл-Белден ашыңар,
Кыйыныраак шашыңар.
Чарынга жолду салыңар,
Чапчаңыраак барыңар.
Алма-Коюр жердеген,
Адам уулу жеңбеген
Илебинге барыңар,
Ылдам кабар бериңер.
Күн батыш көздөй салыңар,
Күн-түн калбай барыңар.

Кашкел дуу-ду каны бар,
Аз болгондо аскери
Алтымыш миң саны бар,
Чуу боюнда Чулу бар,
Ага Акбешимден угулар.
Кашкелден кайра кайтыңар,
Кабарды батыл айтыңар!»
Чапкынчыны чаптырды,
Чылмарданды кактырды.
Ордого добул согулду,
Орго кандын үстүнө
Ойроттун баары чогулду.
Аралдагы Кулусту,
Алаңдап кытай курушту.
Жаң-жуң Кулус барганы,
«Не чакырдың каным!» –деп,
Жайын сурап калганы.
Кан Оргосу кеп айтат,
«Камдангын ылдам! –деп айтат,
Турпандан Култаңкелди –деп,
Тууралап кабар берди –деп,
Туу көтөрүп, кол жыйып,
Душман жакын келди – деп,
Жалгызын койбой жалмады,
Кыйынын койбой кырды – деп,
Кыямат кайым кылды – деп,
Куяс, Текес өлдү – деп,
Терс-Маёодо элди – деп,
Темселеп Култаң келди – деп,
Алтайдагы кыргыздар,
Аты Манас бирөө бар,
Алты-Шаар уйгурду,
Ар жагында Дүбүрө,
Лопто жаткан ургурду,
Дүнүйөдөн бейкабар,
Түйшөлбөгөн кургурду
Түбү менен казыптыр.
Токсон миң шаар Котонду,
Жетимиш шаар Жеркенди
Жергеси менен басыптыр,
Марал-Башы, Долонду,
Баарын алып олорду.
Кудай билет биздерге
Кандай заман болорду.
Уркундун улуу суусунан
Улуу черүү алыптыр,
Токтоктун Кара-Тоосунан
Толгон аскер алыптыр.
Боо Манжурия калмагы
Баары кирип калганы.
Шибенден шилеп алыптыр,
Мангулия журтунан
Баарысы кирип калыптыр.
Алтайдагы кыргызды
Аким кылып алыптыр.
Казак, кыргыз баарысы,
Кар Айдаркан карысы,
Казатка чыгып баарысы,
Мен укканым кыйын кеп,
Сансыз аскер жыйды – деп,
Жанчышкандын баарына
Заман акыр кылды – деп,
Адам өтпөс Санамар
Аюу менен жолборсун,
Арстандарын кырды – деп,
Алтайдан Манас чыкты – дейт,
Адам жеңбес мыкты – дейт.
Салкындуу сууну жердеди,
Мен угушум Култаңдан
Зайыппуруш эр – деди.
Текес кан элин алыптыр,
Жер жайнаган кол менен
Бизге жөнөп калыптыр.
Каркыранын Кара-Суу
Ээрдей белиң нетер – деп,
Эмеле бизге жетер – деп,

Кайрат кылып, калк жыйып,
Камданбасак бекер!» – деп,
Орго кан айтты Кулуска,
Кулуска да көт керек
Бекер карап турушка.
Акылы кетип башынан,
Алдырап Кулус калганы,
Култаңдан уккан сөздөрүн
Айтып Орго салганы.
Ал аңгыча болбоду
Айбалта тийген башына,
Кан куюлган кашына,
Ошо кезде келиптир
Отуз эки жашына,
Түнөгөр деген бир калмак,
Карагын кыргыз ойнуна,
Кан куюлуп мойнуна,
Баштан аккан кара кан
Боордой уюп койнуна,
Түндө качып алыптыр,
Орго кандын үстүнө
Ойбой салып барыптыр:
«Казак, кыргыз калкы – деп,
Бу дүнүйө жүзүнө
Жан койбостой салты – деп,
Көрүп келдим көз менен,
Сөзүмдүн жок калпы – деп,
Токсон кош эле жылкычы,
Толуп жаткан жылкысы,
Тоого-ойго тараган
Мурунтан саны мол эле,
Астыңкы кошко караган
Он миңден жылкы ол эле.
Арткы кошко караган
Эки-үч миңге толо эле,
Аяк жагы жылкынын
Чарынын кирген ою эле,
Былчакай, Төтө белинде,
Мында жылкы мол эле,
Куш-Мурун менен Куурайды,
Куп көргөнбүз мындайды,
Акыястын башында,
Кайнап жаткан жылкы эле
Каркыранын сазында,
Чети Челек тоосу эле,
Бери чети жылкынын
Чет-Каркыра коосу эле.
Эңшерип бурут алды – деп,
Сансып аткан мөрүндөн
Немеси калбай калды – деп,
Аз болгондо алты жүз
Жылкычысын алды – деп,
Жыргап аткан малчыны
Жыпжылма кылып салды – деп,
Жок издеп жүрүп мен байкуш,
Жаным араң калды – деп,
Кароолчуга капталып
Жарадар кылып салды – деп,
Көк теңири жар болуп
Көрдүм Кулус канды!» – деп,
Аягын келип кучактап,
Агып жашы бурчактап,
Түнөгөр келди түн катып.
«Түгөндүк!» – деп, сөз айтып.
Арадан барган Кулусуң
Анык укту мунусун.
Ашыгып минди атына,
Калаасын көздөй салганы,
Кайра жөнөп калганы.
Кан Оргонун кашынан
Ордо баккан аскерден
Отуз миңин алганы.
Аралды көздөй бет алып,
Жаң-жуң Кулус шаттанып,
Көк болот кылыч байланып,
Отуз миң кол алганга

Көңүлү тынып жайланып,
Көлдүн башын айланып.
«Кум-Арык суудан кеч – деди,
Кулус жаң-жуң кет!» – деди.
Орго кан жана кеп айтат:
«Олтурбаңар! – деп айтат,
Желдеттен жетөө кириңер,
Жел кайыкка миниңер!
Жерге кирген Соорунга
Жетип кабар бериңер!
Менден кабар тийгенге
Беш күн тамам болду – деп,
Мээнет баскан бай Соорун
Менменсинип койду – деп,
Келбей неге калдың – деп,
Каркырада жылкынын
Казып түбүн алды – деп,
Качкан бойдон Түнөгөр
Мында келип калды – деп,
Сен дөөгүрсүбө бай Соорун,
Алаштан келген аскерге
Боло албайсың кайсоорун,
Кайсоорун кылбайт өзүңдү,
Кабыл ал айткан сөзүмдү,
Бүгүн түндөн калсаңыз
Кашайттың кара көзүмдү,
Кабардан ук – деп, сөзүмдү!»
Кайыкка салып жөнөттү
Желдеттен жети кишини.
Дагы карап көрүңүз
Кабылан Манас баатырдын
Кандай кылган ишини.
Жети жүз миң кол алып,
Эки күн жүрүп жол алып,
Төшүнүн баары карагай,
Толкуп келген көп аскер
Токтолуп бекер жатабы
Тоодон кийик карабай.
Тоого мерген бөлүндү,
Бийикке чыгып караса
Топтогон жылкы көрүндү.
Санаттан мерген бөлүндү,
Сандаган жылкы көрүндү.
Өйүз менен бүйүздөн
Адам өтүп болбогон
Жайытта жылкы жүрүштөн.
Жылкыны көрүп алганы,
Жайнап аткан көп аскер
Чабуул коюп калганы.
«Чаппагыла кол деди,
Жарлыгымда бол! – деди.
Эрөөлгө чапчу эрлерден,
Аты күлүк элдерден
Эки жүз киши чык – деди,
Жарлык айтам, ук! – деди,
Чарыны бар, Челек бар,
Каскастын Кара-Дөбө бар,
Ар тарапка жөнөңөр,
Кызыл-Кыя бели бар,
Кыжылдаган каапырдын
Кайнап жаткан эли бар.
Кабар тиет кокустан,
Жолоочу адам өңдөнүп
Жол-жолуна салыңар,
Аралап өтүп ар жагын
Ашуунун белин алыңар,
Жылмакай өткүн баарыңар.
Жылкычыга жолукпай,
«Текестен келген элбиз» – деп,
Баары көпкөн жылкычы,
Илебин белге бет алың,
Доо доолай барган эрбиз» – деп,
Жооп берип өтүңөр,
Жол-жолуна жетиңер.
Мылтык алып, жаа алып,
Мыктылардан барыңар,

Ар тарапта жолу бар,
Ар жолго азыр болуңар!»
Эр Манас буйруп салганы,
Эл ошентип турганча
Тейиш кан жетип барганы:
«Аттиң, төрөм, неттиң – деп,
Акылың кайда кеттиң – деп,
Аткарганың эки жүз,
Мунун алы кимге жетти – деп.
Ар тарапта жолу көп,
Арбак урган каапырдын
Аялуу аскер колу көп.
Аялуу балбан, дөөсү көп
Ат жетпеген жөөсү көп.
Өлүмүн билбес өткүр бар,
Жегенге тойбос жеткир бар.
Баатыр сизге эп болсо,
Мен бийлеген кеп болсо,
Азыр турсуң төрт урук,
Аскер турат жутунуп,
Адырда жаткан жылкыны
Алсак дешип умтулуп,
Калмак менен казактан
Төрт миңди алсак бүтүнүп,
Сартыд менен кыргыздан
Сактанбасын жалгыз жан.
Сегиз миң аскер барсын – деп,
Айлана жолун алсын – деп,
Ашуу-ашуу бар жерин,
Ат жүрө албас тар жерин,
Тосуп калсын жолун – деп,
Арбын барса өткөрбөс
Илебин кандын колун – деп,
Челек, Чаптар, Чары – деп,
Ушу жерге жай алат
Малдарынын баары – деп.
Соорун кандын элинен
Анча-мынча мал келет.
Эли менен өзүндө
Токсон миң жылкы бар деген,
Мал багары Соорундун
Тогуз жүз киши кар деген,
Эң аягы кедейде
Элүүдөн жылкы бар деген.
Аштык алдык, күз болду,
Оторго малын чыгарып,
Орчун байдын баарысы
Ойго барар кез болду.
Отоодон түтүн бөлүнөт,
Ойго кетип орчун бай,
Малдарынын баарысы
Оторго калган көрүнөт».
Аны айтып Тейиш салганы,
Арстан Манас баатыры
Айтканын макул алганы.
Сегиз миң колун бөлүн – деп,
Кыргыз, казак, сартынан,
Караткан калмак калкынан
Сегиз миң колу бөлүндү,
Ар тарапка чапкылап
Селдей каптап төгүлдү.
Алтайлык жолун алыптыр,
Алды каткан жылкычы
Аңдабастан калыптыр.
Кыраан Манас кошууну
Кыймылдатпай ошону,
Жолдор турсун тосулуу.
Кымызын ичип кыйкырып,
Арагын ичип айкырып,
Ала чакмак көздөрү,
Алар аңгеме менен өздөрү,
Айылындагы ургаачы
Нак ошого жетсем – деп,
Айтууга ошо сөздөрү.
Кысырак байтал союшуп,
Кымызын жыйып коюшуп,

Бирин бири коноктоп,
Кызматында болушуп.
Жеген кымыз, этинен,
Жерге кирсин жылкычы,
Азыр чыгар көтүнөн.
Чыкпаганда неткени,
Сегиз миң аскер кол чыгып,
Чырмалып ага кеткени.
Кегенди көздөй кылкылдап,
Кетте черүү былкылдап,
Алды-аркасы үч күндүк,
Баатырдын баары шылкылдап,
Улабастын учунда,
Туу тигилди ушунда.
Кабылан Манас баатыры
Кызыл-Кыя, Тологой
Кыркасы менен алыптыр,
Кыргыздын кылым аскери
Башы Кайнар, Жылуу-Суу,
Басып калган жери бу.
Бейкапар жатып жылкычы
Мээнетке бекер калыптыр,
Өжөрлөнүп кай бирөө
Өзүн сууга салыптыр.
Жыйылган бойдон кош калды,
Жылкынын баары бош калды,
Калмактын журту карк толуп
Карк байыган кези экен,
Карымбайдай бай болуп
Тогуз жүз миң жылкы экен.
Тоодогусу, ойдогу,
Жалгыз тайын чыгарбай
Толкуп барып көп аскер
Торгоп алып койгону.
Кош башына бир семиз,
Колдун баары тептегиз,
Коштоп келип союшуп,
Өз алдынан болушуп.
Жата турсун көпчүлүк,
Жайнап жаткан көп түрүк.
Аны таштап салыңыз,
Алиги Орго каныңыз,
Алла эмине сөзү бар
Кабарын угуп алыңыз.
Ордого жакын Боз-Дөбө,
Ортосу кайкаң кош дөбө,
Ошо жерге барып туу тикти
Орчун жыйын, көй төрө.
Каптаса бурут колу – деп,
Казылар тасма жолу – деп,
Кандай заман болду – деп,
Тескейге кабар салыптыр.
Алтаң, Култаң доотайы
Азыр келди алар да.
Бугулук ашып жол менен,
Отуз миң аскер кол менен,
Мурунку аты Бугулук,
Бугулук ашып буркурап,
Булдурап калмак чуркурап,
Мурун келип калганы,
Буйругун кандын алганы.
«Колуң арбын экен – деп,
Отуз миңге аскериң
Кандайлыктан жеттиң – деп,
Эл алдында келипсиз
Кабыл алып өзүмдөн,
Кабар уккан сөзүмдөн,
Жакшы келдиң, жандарым,
Кара учканда көзүмдөн!»
Анда Култан кеп айтат:
«Камыкпа, каным! – деп айтат.
Кулак кайчы буруттур,
Көбөйүп кетти дейсизби,
Көк теңир аны уруптур.
Сырт жолуна салгандыр,
Жыйылган болуп алгандыр.

Айтыптырсыз ашыгып,
Чабарчың барды жан чыгып,
«Кырмак болду бизди – деп,
Кыргыз Манас кан чыгып.
Аскери арбын, колу көп!»
Ашыгып айтты бизге кеп.
Аның үчүн ашыгып
Бугулук тоону буздум – деп,
Бузуңар – деп, ашууну
Колдун баарын кыстым» – деп,
Култан айтып салыптыр,
Ошо күндөн ушу күн
Жуук экен ашуу – деп,
Жууку атка калыптыр.
«Суңшоонун башы Үч-Арал
Калкына кабар салдым – деп,
Кагуучу менен Кара-Саз
Кабар айтып айдатып,
Калкынын баарын алдым – деп,
Кашыңызга ашыгып,
Азыр келип калдым!» – деп,
Култаң балбан, эр Алтаң
Канына сүйлөп жайма-жай
Олтурганда ал экөө,
Жыйырма миң аскер кол менен,
Жылдырып тескей жол менен,
Кулпан, Шибен доотайы
Боло электе кол жайы,
Эки-Баштын элинен,
Ара-Талаа жеринен,
Үч-Суудан аскер алыптыр,
Он алты миң кол менен
Буркан каны барыптыр.
Суңшоонун аягы Култка,
Кабар айтып көп журтка,
Отуз миң аскер алыптыр,
Тескей басып жол менен,
Термелген калың кол менен
Баатыр Култка барганы,
Барып түшүп калганы.
Калаасына караган
Алтымыш миң кол экен,
Аскери арбын мол экен,
Отуз миңин жардамга
Кулуска берип салыптыр.
Жүз элүү алты миң кол болду,
Кара-Суу бою карк толду.
Караанын көрсө кара кол,
Соорундан аскер да келди,
Кырк миң аскер кылкылдап,
Түп кыдырып дүңгүрөп,
Добул согуп күңгүрөп.
Кыргыздын коркуп колунан:
«Каралды болуп тургун!» – деп,
Кулус түштү жолунан.
Аскерин таштап салганы,
Канга учурап келем – деп,
Карк жүз киши алганы,
Канына Соорун барганы.
«Кырк миң болду колум – деп,
Чаң болду баскан жолум – деп,
Карлуу бийик тооң – деп,
Кайда жүрөт жанагы
Камашуучу жооң? – деп,
Кайдан чыккан журт? – деп,
Бу кандай каны тарткан
бурут? – деп,
Кайда, кыргынды сүйгөн
кыргыз? – деп,
Кайда, калбаны сүйгөн
казак? – деп,
Мээнет тарткан бурутка
Мен салайын азап!» – деп,
Калдай Соорун сүйлөдү,
Кара боюн күүлөдү.
Урматташып болуптур,

Баарын жыйып караса,
Үч жүз миңге толуптур.
Көтөрүлүп, көпсүнүп
Комсуудан кечип алыптыр,
Кулуска көздөй барыптыр.
Аскерди көрүп алганы:
«Аз экен – деп, колуң – деп,
Атышсаң, болсун жолуң!» – деп,
Турпандан барган Култаңы
Турбаймын! – деп муңканды.
«Жооп бергин бизге – деп,
Жолуктум, болдум сизге – деп,
Бу жерге туруп нетейин,
Уруксат бергин кетейин,
Акунбешим зор улук
Нак ошого жетейин».
Аны айтып Култаң салганы:
«Барсаң баргын, жаным» – деп,
Кан Орго сүйлөп калганы.
«Акбешимге бара көр,
Айтып кабар бере көр!
Душмандан кетти саны – деп,
Суудай акты каны – деп,
Көрүп келдим аны – деп,
Көөкөргө кетти каны – деп,
Талоонго кетти малы – деп,
Таамай көрдүм аны – деп,
Бала ыйлады коюнда,
Аз-маз эле жоодур – деп,
Байкабасын оюнда.
Буруттун колу чөптөн көп,
Күн жүрүшү чекеси
Кумдуу суунун боюнда,
Жетиген жагын карасаң
Табылгыты, Ичкеде,
Жанга жаман күч келди.
Кызыл-Кыя, Тологой,
Кыркасы менен алыптыр,
Кыргыз, казак биригип
Кылымга сыйбай калыптыр.
Каркырада калкымдан
Кабар чыкпай калыптыр,
Жалгыз бирөө кутулса
Аны дагы соо койбойт,
Жарадар кылып салыптыр.
Коркуп чыгат жаным – деп,
Эртелеп айрып албасаң
Кыяматта мойнуңда
Кыпкызыл аккан каным!» – деп,
Катчыга катын жаздырды,
Кандык мөөрүн бастырды.
Күлүк тандап мингизди,
Күрмөнтүгө узатып
Култаңды жолго киргизди.
Култаң жөнөп кетиптир,
Эки күндө, бир түндө
Шаа Кейменге жетиптир.
Акунбешим улугу
Айтканын угуп алыптыр,
Алтымыш миң кол алып,
Азырланып Кеймен шаа
Аттанганы калыптыр,
Аттанам – деп турганда
Азып-тозуп алсырап
Астына Култаң барыптыр.
Култаңдын укту сөзүнү,
«Куп келдиң!» – деди өзүнү.
Култаңдын укту кебини,
Көлдө жаткан Оргонун
Ылдамыраак барбаса
Кетирер – деп эбини.
Алтымыш миң аскерин
«Аз!» – деди Култаң элини.
Анда Кеймен кеп айтат:
«Анда, Култаң – деп айтат.
Ашыгыш кебиң уктум – деп,

Өз колумда аскерим
Алтымыш төрт миң экен,
Аны менен чыктым – деп,
Эми бизден өтөрсүз,
Булагасын шаарына
Түш болгондо жетерсиз.
Аскерин арбын алды де,
Кер-Көлдөгү Оргого
Кеймен жүрүп калды де.
Каканчындын калкы элек,
Калкыңыз биз, көздө – деп,
Камсыккан болсок эсте – деп,
Белге таңуу кылчу элек,
Беттешкендин баарысын
Бээжинден аскер келет –деп,
Бет алдырбай кырчу элек,
Он жылда берип бир эсеп,
Олуя-Ата, Ташкенди,
Ойроттун баарын бүт жыйып,
Ойрон болуп калбайлык,
Акунбешим күтүн – деп,
Айта көргүн сен да кеп.
Как бөйрөктө-тушунда
Кашкел аттуу калдай бар,
Кайраты ашык далай бар,
Алма-Коюр, Илебин,
Айтпаса өзү билеби,
Айтып кабар берсин – деп,
АрАлла Чулу калдайды
Аскерге алып келсин – деп.
Карабулта Сейин кан
Калың аскер жыйылган.
Токтолук деген жаң-жуң бар,
Кабарды катуу салсын де,
Олуя-Ата калаасы,
Ошондогу улугу
Даанаткер дөө баласы,
Чынмачынга кан болгон
Сырабы деген бабасы,
Аярлыгы ашкере
Жетилик аттуу баласы,
Жеткирбей кабар калбасын,
Жетим кылып баласын,
Жердей кылып калаасын,
Жергедеги азамат
Баарын кырып салбасын.
Дыйкандын күчү жер менен,
Катындын күчү эр менен,
Айбандын күчү бел менен,
Улуктун күчү эл менен,
Суунун күчү сел менен,
Султандын күчү эл менен,
Беттешкен жоонун кубаты
Бели катуу эр менен.
Кер-Көлдөн алса Оргону,
Мурда Текес кан өлүп,
Бузулган экен аңдасам
Наамандыктын коргону!»
Аны айтып Кеймен шаа
Катчыга катты жаздырды,
Кандык мөөрүн бастырды.
Ат которуп мингизди,
Айтып-айтып жөн-жайын,
Култаңды жолго киргизди.
Акунбешим баашага,
Култаң кетти ошого,
Булагасын калаага,
Булар калган көрөрсүз
Кутулбаган балаага.
Аны таштап салыңар,
Арстан Манас, Орго кан,
Алла эмне сөзү бар
Кабарын угуп алыңар.
Желбиреп желек туу болуп,
Жер жарылган чуу болуп,
Бир жагында Кумдуу-Суу,

Бир жагында Кара-Суу,
Эки жагы суу болуп,
Түштүккө жакын жол болуп,
Кулус жаң-жуң үстүндө
Түмөн аскер кол болуп,
Желеги туудан бөлүнбөй,
Жердин жүзү көрүнбөй,
Тозоңу тоодой созулуп,
Туу, байрагы кошулуп,
Кылкандай найза кылкылдап,
Таскылдын ара талаасы
Аскерге толуп былкылдап.
Төрө Манас, эр Бакай
Төрт жүз миң аскер кол менен,
Куюлуп алып жөнөдү
Кулусун жакка жол менен.
Аскерине карасаң
Аяк-башы ат чабым,
Түштүк жагы Кумдуу-Суу,
Жетиген жагы улуу тоо,
Жер жайнаган улуу жоо.
Туу көтөрүп, кан жайып,
Турна канат сап тартып,
Төш таянып лыкылдап,
Төрөнүн колу былкылдап.
Туу орнотуп ак жонго,
Таскылдын башы как жонго,
Кыргыздан калган кызыл туу,
Кыйкыйлаган улуу чуу,
Төгүнү-чынын ким билет,
Төрөндүн иши мына бу.
Алар бүгүн конгондо,
Кароолду катуу койгондо,
Орго кандын Көк-Дөбө,
Ошо жерге туу тиксен
Орчун жыйын көй төрө.
Орго согуп добулду,
Аралга баштап көп колду,
Кулус жаң-жуң калаасы,
Аскерине жык толду
Аралдын сары талаасы.
Орго жонго барыптыр,
Күңгөйдүн Соорун калдайы,
Улуктардын далайы
Учурашып Оргото
Кан кашына барганы.
Каркырадан бер жакка
Качып жалгыз кутулган,
Кара бою жаралуу,
Кароолчуга тутулган
Баягы барган Түнөгөр
Малчысы экен Соорундун.
Байын көрүп бакырып,
Ыйлап жашы бурчактап,
Аягын барып кучактап:
«Бай сени көрдүм тири – деп,
Малчың менен малыңдан
Кутулбаптыр карасам,
Менден бөлөк бири» – деп,
Аягына чокунуп,
Аскери турду чогулуп,
Айтканын угуп алганы,
Алиги жерде Соорун бай
Ачуусу келип калганы.
Мал менен баштын күйүтү,
Бары-жок келди оюна,
Кайраттанып бай Соорун,
Калтырак кирди боюна,
Мындан көрө өлсөм – деп,
Өлүмдү алып оюна.
Орго канга карабай,
Андай-мындай кеп айтып,
Акылдашуун санабай:
«Алып кел! – деди атымды,
Көк теңир билсин датымды!»
Муну айтып Соорун калдайы,

Мунайып турду далайы,
Буурканды, буксанды
Буттай темир курчанды.
Муздай темир кийинип,
Лаанатка сыйынып,
Алатек деген аты бар,
Айбандан улук заты бар,
Атын минди бай Соорун.
Арыстандай чамынып,
Аты менен өзүнө,
Алтын калкан жабылып.
Күрсүсүн кыстап белине,
Саадагын илип ээрине,
Найзасын алып колуна,
Мылтыгын асып жонуна,
Мыктыланып жөнөлдү,
Не болор кара соңуна.
«Бурут Манас кайда? –деп,
Мурунку каарман болсо да
Жанын тирү . койбосмун
Бул дүнүйө жайга!» – деп,
Алатек атта күркүрөп,
Айбатын көргөн адамдын
Оно бою дүркүрөп.
Калдай Соорун барыптыр,
Кароолго чыккан кыргыздан
Көйүш аяр деген жан
Алыстан көзүн салыптыр.
Келе жаткан Соорундун
Кейпин көрүп билиптир,
«Мыктууланып келет» – деп,
Мыйыгынан күлүптүр.
Кароол карап жолунда,
Канжасы бар колунда,
Бийик болбой, бас болду,
Бир илбийген жаман таз болду.
Топого демди салганы,
Талкан кылып агартып,
Ууртунан агызып,
Мурунунун үстүндө
Буламык болуп жабышып,
Ийри таяк таянган,
Ич жагына караган
Бир калмак бүкүр чал болду.
Көкүрөгү кирилдеп,
Көзү-башы ириңдеп,
Күн чыгыштын Сары-Бел
Аястан үшүп зирилдеп,
Манастын качып колунан,
Сонун жаман чал чыкты
Соорун калдай жолунан.
Чалды көрө салганы,
«Сонун жакшы чалсың – деп,
Кайдан чыгып калдың» – деп,
Жайын сурап калганы.
Анда чалы кеп айтат:
«Улугум, уккун! – деп айтат.
Орго менин каным – деп,
Ойлоно көр жаным – деп,
Талды-Суунун чатында
Калаа-коргон жайым – деп,
Каркыраны көстөптүр
Кайнар аттуу байым – деп,
Жүн алганы бардым – деп,
Коюн суугa малды – деп,
Кой кыркканча болбоду
Кыргыз басып калды – деп,
Канчасы болсо баарысын
Карарган малын алды – деп,
Катын-бала, кары-жаш
Жесир болуп калды – деп,
Айтайын баатыр сөзүмдү,
Өлтүрбөдү өзүмдү.
Кол көтүнөн тамтайып:
«Элимди эсен көрсөм!» – деп,
Келдим эле самтайып.

Ачкалыктан буралдын,
Аскерден тамак сурадым.
Элимди эсен көрсөм – деп,
Жүрө албастан турамын.
Кошуңузга мени да
Жеткирип салсаң экен – деп,
Өзүңүздөн өтүнүп,
Жардамчылык сураймын!»
Айылымдын баарын ушинтип,
Алдыраткан экен – деп,
Калкымдын баарын ушундай
Карайлаткан экен – деп,
Каарланып бекемдеп,
«Кайдасың?» – деп акырды,
Кабылан Манас баатырды.
«Бадирек Манас, бат жүр!» – деп,
Урушмакка чакырды.
Соорундун үнүн угуптур,
Соңундагы аскерден
Токсон миңи чыгыптыр.
Муну көрө салганы,
Мусулмандар ат минип,
Ат минсе да, бат минип,
Каруу-жарак алганы.
Жүз миң аскер ат койду,
Ат койсо да, бат койду,
Эки кошуун беттешти,
Бул уруштан калганың,
Аяп жанды алганың,
Адам болбой кет дешти.
Аккула минип чуратып,
Артынан чаңын буратып,
Арстан Манас жеткени.
Алатек атын кындыйтып,
Ак найзаны зыңкыйтып,
Арстан Манас баатырга
Найзаны Соорун салганы.
Найза тийди төшүнө,
Арстан Манас баатырдын
От чагылды көзүнө,
Ээринин минди көтүнө,
Каарланып карады
Калдай Соорун бетине,
Арстан Манас баатырдын
Ар нерсе келди нээтине.
Эшик эндүү айбалта
Бүлдүргү салган билекке,
Оң имерип алганы,
Сайып турган найзасын
Талкалай чаап салганы.
Найзасы анын сыныптыр,
Арстандын көөнү тыныптыр.
Оптулуп атка мингени,
Айкырган бойдон арстан эр
Оң далыдан илгени.
Албайтып аттан алыптыр,
Аскери карап туруптур,
Булгап-булгап колуна,
Соорунду жерге уруптур.
Тебетейдин ордуна
Тегеретип алганын,
Темирден тону шарк этип,
Жанында кылыч жарк этип,
Жер кучактап далп этип,
Соорун өлдү, көз көрдү,
Жолой албай өзгөсү,
Эки жакта эки кол,
Аскерди көрсөң кумдан мол,
Качырышпай токтошту,
Мергендер мылтык октошту,
Милтелерин чоктошту,
Минтип аскер токтошту.
«Соорун калдай өлдү – деп,
Сонунду бүгүн көрдүк – деп,
Алатек атын алды – деп,
Ат коюп келип мусулман

Азыр токтоп калды – деп,
Жекеге барган Соорунду
Жер кылды ага орунду.
Мергендер мылтык октошуп,
Ушу күндө тим турат
Уруша албай токтошуп».
Аркасында Оргого
Айтып кабар салыптыр.
Ачууланып Орго кан,
«Соорун болбой жерге кир,
Кеңешсиз кеткен кандай жан
Чала болот ага – деп,
Бир ооз келип кеңешип,
Урушам дебей мага – деп,
Бара салып бат өлүп,
Болгон экен жаман кеп.
Калтаң, Шибең калдай – деп,
Бара сала өлгөнү
Кордук эмей, кандай?! – деп,
Кулус жаң-жуң кайдасың?
Алтаң, Култаң доотайлар
Табыңар мунун айласын.
Култка, Буркан кандарым,
Журт бийлеген сардарым,
Аргасын кандай кылабыз?
Арсы менен Кубаным
Алсырап азыр турамын,
Акыл качып башымдан
Силерден кайрат сурадым».
Муну айтып Орго калганы,
Алтаң жаң-жуң колунда
Азыр мунун бар экен
Атан аттуу балбаны.
Бир күнкүсү бир кара
Тамагына жайлаган,
Куршукканда жеке өзүн
Жетимиш балбан байлаган.
Эки көзү желкеде
Шор кудуктай кайнаган.
Эриккенде бу каапыр
Эки жүз балбан ойногон,
Элдирётип кай бирөөн
Эс-акылын койбогон,
Этинин баары жанчылып:
«Оюну менен курусун!» –деп,
Дө .гүрсүгөн балбандар
Төрт-беш күнү сойлогон.
Алтаңды салып майданга
Акыры бир көрөлүк,
Ажал жетсе арга не,
Айныбайлык уруштан,
Атышып жатып өлөлүк».
Кайрат кылды кандары,
Капаланып Орго кан,
«Куп!» – деп айтып салганы.
Чоң казандай башы бар,
Комдонуп жаткан кара иттей
Эки кара кашы бар,
Үч Кулачтай бою бар,
Ушу жалган дүйнөдө
«Менмин!» – деген ою бар.
Жоондугу үч кучак,
Азуу тишин карасаң
Албарс кылыч, курч бычак,
Минер атын карасаң
Даңкара деген тобурчак,
Кең соорусу үч кучак.
Алдырып келди атыны,
Орго баштап улуктар
Ошого айтты датыны:
«Кылым кыргыз эл деген,
Түп атасы булардын
Түркстанды жердеген,
Азып-тозуп ар жагы
Аз болгондо бу жерге
Беш-алты жүз жыл болуп

Андан бери келбеген.
Билбейбиз кайда жүргөнүн,
Азыркысын угабыз
Алтай тоосун жердеген,
Аты Манас бирөө – дейт,
Адам уулу жеңбеген.
Бай Соорун калдай барды – деп,
Баладай алып жерге уруп,
Балчыкка кирип калды – деп,
Барар киши жок болуп,
Баарыбыз коркуп токтолуп,
Кубат кылып, бел байлап,
Алтаң барса алар – деп,
Ар кандай кыргыз болсо да,
Акыр заман салар – деп,
Сизге турбуз дем байлап.
Барасызбы, баатыр? – деп,
Баарыбыз турбуз бел байлап!»
Орго айтып салганы,
Одурая бир карап,
Оңдонуп каапыр алганы.
«Кыргыз деген ким эле?
Дүнүйөгө толсо да,
Кыйратайын тим эле!»
Алачык үйдөй чоюн баш
Алды күүлөп колуна,
Алтын курбу калканды
Тартып алып жонуна,
Көпкөк темир кийинип:
«Көкө теңир колдо – деп,
Азыркысын жар бол!» – деп,
Азезилге сыйынып,
Токсон кулач найза алып,
Согушмакка бой салып,
Минген аты Даңкара,
Тоңкочактап суй салып,
Майданга кирди күркүрөп.
Аны көрүп кубанып,
Соорун калдай аскери
Жолун ачты дүркүрөп.
Жолунан аскер бөлүндү,
Бүжүрөгөн жаман чал
Эл ичинен көрүндү.
Көкүрөгү кирилдеп,
Көзү жаман ириңдеп,
Калмактардын колунан,
Кол жарыла бергенде
Атаңдын чыкты жолунан.
Мүргүп жерге жыгылган,
Мурунунун үтүнө
Торгойдой талкан тыгылган.
Соорундун чыгып жолунан,
Каркырадан келдим – деп,
Калбады аман элиң – деп,
Соорундун ичин күйгүзүп,
Акылы жок, кеңеш жок,
Эр Манаска тийгизип,
Майданга Манас келтирип,
Баатырсыган Соорунду
Кара жер кылып орунду
Манас барып өлтүрүп,
Мылтыктуу мылтык октошуп,
Атышпастан токтошуп,
Аскер туруп калыптыр.
Өбөктөгөн чал болуп,
Өлө турган жан болуп,
Калмак-кытай колунун
Өз элиме келдим – деп,
Арасына барыптыр.
Аны менен иши жок,
Кимсиң? – деген киши жок,
Кол бөлүнө бергенде
Жол боюнда калганы:
«Жолуна турба, өлдүң!» – деп,
Калмактар айгай салганы.
Айгайына карабай,

Аста басып жайма-жай,
Ийри таяк таянып,
Чыкпай жаны жай алып.
«Бүжүрөгөн бу чалды,
Ким келтирди бу жерге
Өлө турган куу чалды?!
Кет десе болбой кедейип,
Жүр десе болбой жүжүрөп,
Менин жолумду тороп бүжүрөп,
Качырса бурут окустан,
Ашыгыш болсо кокустан,
Ат кагынып алат – деп,
Бөөдө кылып бутуна
Мүдүрүлүп калат – деп,
Курган чал жолдон кет – деди,
Майданда сендей чал жүрсө
Кандай курган кеп?!» – деди.
Алиги турган жаман чал
Он эки кадам койсо да
Бир карыш жерге жетпеди.
Тепсөөрүндө деги өлөт,
Лаайлама – деп өлөт,
Орго кандын эли экен,
Оңолбогур сырт жактан
Келе жаткан неме экен.
Керектүүсүн мусулман
Терип-тепчип алыптыр,
Бу керектен чыккан каапырды
Өлтүрбөй таштап салыптыр».
Атан балбан ойлонду:
«Жолу каткан бу чалды
Жоодо өлбөсүн, колдо өлсүн,
Жонунан кармап алайын,
Эл жакка атып салайын.
Мейли өлбөсүн, мейли өлсүн,
Жолуман чыкты жалдырап,
Не болсо да эл көрсүн».
Атан ойлоп алганы,
Аярлыгын билген соң,
Астындагы Даңкара ат
Кошкуруп үркүп калганы.
Аны көрүп Атан дөө
Ачууланып атына
Аябай камчы салганы,
Эти ачынып Даңкара ат
Жаман чалга барганы.
«Жолу каткан чалсың!» – деп,
Жондон кармап алганы,
Алиги көргөн Атан дөө,
Атан аттуу, чалың жөө,
Астындагы Даңкара ат
Жылоосунан кармады.
Далыдан Атан алыптыр,
Белден алып Атанды
Далбайтып аттан алганы
Дагалактын балбаны,
Ары балбан, ары аяр,
Көйүш акең турсунбу
Көтөрүп жерге салганы.
Көөдөсүнөн бир басып,
Чала бышкан коондой
Чарт дедире Атандын
Башын жулуп алганы.
Марал сындуу Даңкара ат
Баса Көйүш мингени.
Баягы турган көп аскер:
«Адамбы? –деп, жинби –деп,
Ушундай кылат дечүэле
Дө . менен жини –деп,
Адам эмес, дө . окшойт,
Атандын башын алды –деп,
Атына минип калды –деп,
Мындайын билсек өлтүрбөй
Кирилдеген чалды – деп,
Киши кылбас жумушту
Жаман чал кылып салды – деп,

Качырып кирсе бу колго
Кан төгүлөр оң-солго,
Кер-Көлдүкмүн менмин – деп,
Кутулуп жоодон келдим – деп,
Таң эртеңден бер жакка
Олтурду эле талкан жеп.
Анын чайнап турганы
Талкан эмес таш экен,
Талкалачу ушу экен.
Мындан барган Атандын
Аты-тонун алды – деп,
Тетигине майданда
Жалгыз туруп калды – деп.
Урушка келген токсон миң
Токтой турган буга ким?»
Кулус, Соорун элдери:
«Кудай урду бизди!» – деп,
Орго шаанын кашына
Кужулдашып келгени.
Ат соорусун салганы,
Айбатынан Көйүштүн
Канына качып барганы.
Орго каны кеп айтып:
«Олтурбаңар! – деп айтып.
Жалынсаң жаның коёрбу,
Жаткан менен болорбу?!
Балбандар күрсү алыңар,
Баатырлар найза салыңар,
Камбылдар кылыч чабыңар,
Кайраттууң жөнө баарыңар.
Саадакчың жаа тартыңар,
Чаң созулсун алтыңар.
Айбалта, канжар алыңар,
Минтип бирден өлбөстөн
Аламан уруш салыңар,
Акыры жанга бир өлүм,
Арманы жок калыңар!»
Муну айтып Орго кан,
Урушка сокчу барабан
Дүңгүрөтө кагыптыр.
Үч жүз миң экен аскери,
Үргүлүп атка мингени,
Чоң уруштун кернейин
Кернейчи тартып ийгени.
Оргодон бөлөк жан калбай,
Кара түгүл, кан калбай,
Баары урушка киргени.
Төрт жүз миң экен келгени,
Төрө Манас элдери.
Кыйкырган Кыргыл кары бар,
Кыраан Бакай каны бар,
Алмамбеттен бөлөгү
Кырк чоронун баары бар.
Айкырып найза алышты,
Аралашып калышты.
Арманы жок салышты,
Аркы-терки чабышты.
Мусулман, каапыр бир-бирин
Бура тартпай каптады,
Ажалы жок адамды
Алла Таала сактады.
Замбирек үнү күркүрөп,
Кокус найза тийгендин
Койнуна каны бүркүрөп.
Калкандар сынды быркырап,
Кан төгүлдү шыркырап.
Жебенин огу кыркырап,
Мылтыктын огу чыркырап,
Жер титиреп күңгүрөп,
Кулак тунду дүңгүрөп.
Арал, Тасма талаасы,
Аяк жагын көрдүңүз
Кулус жаң-жуң калаасы.
Жүрөгү чыгып, үйдө өлдү
Он жаш, беш жаш баласы,
Ойрон салган кытайга

Кыргыздын кыраан Манасы.
Койгулашып эки кол
Чаң обого бурады,
Жер силкинген немедей
Тамдын көбү кулады,
Качып чыккан катындар
Чагалалап чуулады.
Бешиктен өлдү баласы,
Бейпай болду калаасы,
Урушкан жери ушу элдин
Эки суунун арасы,
Тасманын сары талаасы.
Кайра тартып бөлүнбөй
Эки колдун арасы,
Катындар чыгып караса
Урушка кеткен эринин
Эч көрүнбөйт карасы.
Азууларын аркайтып
Ат жыгылып сулаптыр,
Муруттарын чычайтып
Эр жыгылып кулаптыр.
Чопкуттары сөгүлүп,
Жээктери булайып,
Кытайдын баары таа-таалап,
Калмактын баары жаа-жаалап,
«Мөндү-мөндү-мөндү – деп,
Мындай бурут көп болбос,
Жерден-суудан өндү» – деп,
Жабуу-жабуу-жабуу – деп,
Бу жабуу демек кайсы кеп?
Каапыр менен мусулман-
Аралашкан эки көп.
Колу сынып коркурап,
Козголо албай буркурап,
Койгулашып эки кол,
Али кыргыз басылбай
Чабышып жүр чуркурап,
Буту сынып буралып,
Боору менен суналып,
Топодогу жыландай
Сойлоп жаткан андан көп,
«Үйдү көрбөй өлдүм!» – деп,
Үмүтүн үзүп жанынан,
Ойлоп жаткан андан көп.
Ат-тонунан айрылып
Алсыраган сандан көп,
Каны суудай төгүлүп
Кансыраган андан көп,
Аңкап, чөлдөп жүрө албай
Алсыраган андан көп.
Кылыч тийип колуна
Чолойгону дагы бар,
Шыпыра чаап кулагын
Молойгону дагы бар,
Найза тийип көзүнө
Олойгону дагы бар.
Чоюн баш тийип мурдуна
Былчыйганы дагы бар,
Союл тийип ууртуна
Чулчуйганы дагы бар.
Айбалта тийип кашына
Алжайганы дагы бар,
Кара бою жарадар
Калжайганы дагы бар.
Шашкеде келип урушуп
Түш эңкейген чагы бар.
Орго кандын аскери
Үйдү көрүп ык салып,
Ойрон кылып калмакты:
«Азирет!» – деп, көп кыргыз
Найза, мылтык, топ салып,
Каптап кирип калганы,
Качып каапыр бузулуп
Ат соорусун салганы,
Эми качар кезинде
Жетимиш миң кол менен,

Таштуу күңгөй жол менен
Жетип Кеймен барганы.
Кыргыздын колун кыйратып,
Сарттын колун сапырып,
Сартологой тоо жакка
Кайра сүрдү жапырып.
Айдаркан, Тейиш эки кан,
Ар жактан душман келет – деп,
Аңдып жаткан канча жан
Кырдан көзүн салыптыр,
Кыргынды көрүп алыптыр.
Сексен миң аскер кол менен,
Кыйкырып алып эр Көкчө,
Кызыл-Кыя жол менен
Кайра сүрдү каапырды,
Ойду көздөй жапырды,
Ойрон салды, качырды,
Бир мүнөткө дем албай
Урушуп күндү батырды.
Суулуу жерге тигишип
Отоо менен чатырды,
Көзгө илинбей калганын:
«Балан киши барбы?» – деп,
Кош-кошунан чакырды.
Эки кол эки бөлүндү,
Майдандан көрсөк өлүмдү
Жуушаган койдой көрүндү.
«Жатындашым өлдү – деп,
Жатканын көзүм көрдү!» – деп,
Бошоп келген дагы бар,
Салактатып жарадар
Коштоп келген дагы бар.
Кызыл канга чөмүлтүп
Бөлөп келген андан көп,
Өбөктөтүп атына
Жөлөп келген сандан көп.
Кайтып келип кошуңа,
Калың аскер кашына,
Жарадардын баарысын
Жастык коюп башына,
Ок жуткуруп окшутуп,
Тинтүүр менен түрткүлөп
Бекиген окту копшутуп,
«Сом этинде калды – деп,
Чыкпай туруп алды» – деп,
Наштар алып колуна
Тилип аткан андан көп,
Кол-аягы сынганды:
«Былк этпе, кыйшык бүтөт!»
Шакшак жонуп даярдап,
Тай мөңкүткөн эмедей
Минип аткан сандан көп.
«Баланча жаман жатыр – деп
Мал болобу, болбойбу
Биле албадык такыр!» – деп,
Кабар берип калкына
Келип жүргөн андан көп,
Учкаштырып кай бирөөн
Желип жүргөн сандан көп,
Шалактатып өңөрүп,
«Өлүгүндү алгын!» – деп,
Берип жүргөн андан көп.
Өлгөндөрдү көрүшүп,
Өкүнбөстөн көмүшүп,
Кемегедей бир жерди
Кемире чаап оюшуп:
«Акыретте оңду – деп,
Анык шейит болду!» – деп,
Кызылала боюнча
Кийими менен бүпбүтүн
Коюп аткан сандан көп.
Калмак, кытай кансырап,
Калгандын баары алсырап,
Калдык – деп, теңир каарына
Качып кирди калганы
Жаң-жуң Кулус шаарына:

«Эсендер эсеп берсин!» – деп,
Жар чакыртты баарына.
Ушу жерге келген аскери
Үч жүз миңден ашыптыр,
Уруштан жаман шашыптыр.
Өлгөнүнөн калганын
Эми көр эсеп салганын.
Санатып эсеп алыптыр,
Жүз отуз миң адамы
Өлбөй тирүү калганы.
Кечки урушта Кеймен шаа
Жетимиш миң кол алып
Жерге сыйбай барганы,
Он беш миңин өлтүртүп
Ойрон болуп алганы.
Эсеп кылса аскери
Эки жүз миңге толо албай
Эндирешип калганы.
Катыны калып, эри жок,
Айрылган соң эринен
Алсырабас жери жок.
Тулум чачын жайышып,
Тулга олтуруп калышып,
Атасынан айрылып,
Бала калды майышып,
Агасынан айрылып,
Ини калды кайышып.
Ошондо да Орго кан
Урушам – деп тайышып.
Балдар ыйлап чыркырап,
Тирүүсүнүн баарысы
Калаага кирди быркырап,
Өлгөнүнөн калганын
Көргөндөрү чуркурап.
«Кыргыз кыргын салды –деп,
Кыймылдабас биздин эл
Кызыталак кыргыздын
Эминесин алды?! –деп,
Казак каран салды –деп,
Калабалуу биздин эл
Каражолтой казактын
Эминесин алды?! –деп.
Төгүлгөн жерде кан калды,
Төрт жүз миң болгон аскерден
Эки жүз миң жан калды,
Чуудан келген Кеймен кан
Он беш миңден айрылып
Ал бизден бетер сандалды.
Эске албаган эл эле
Казак, кыргыз журутту,
Жүрдүк эле жан дебей
Түркстандык бурутту,
Түптөнүп бурут алган соң
Дүмүрдү казып курутту.
Адамбы – деп, ойлобой
Наамандагы бурутту,
Алданып бурут алган соң
Азыркысын биздерге
Азапты салып курутту.
Талкаланды тамыбыз,
Талоонго калды малыбыз,
Кейиш менен өлдү го
Кемпир менен чалыбыз,
Бузулмак болду шаарыбыз,
Муңайып калдык баарыбыз.
Жүздөн кетип наарыбыз,
Жүдөп турбуз баарыбыз,
Урап калды жарыбыз,
Узакта жатат Эсен кан,
Угулбайт ага зарыбыз,
Чөгүп калды нарыбыз,
Чөмүлдүк канга баарыбыз,
Тиктегеним улуу жоо,
Тирүү калбайт жаныбыз.
Акунбешим бааша – деп,
Айрып алат ушу – деп,

Арам өлдүк баарыбыз.
Алакандай Анжыян,
Аны да аман койбойт го.
Алооке, Дукан каныбыз,
Андабай туруп кыргыздан
Алсырадык баарыбыз.
Балыгы тайдай туйлаган,
Бакасы койдой чуулаган,
Балык жеп бакыр дуулаган
Кетеби Кер-Көл жерибиз,
Кейишке калып элибиз,
Кенебей туруп буруттан
Сынат белем белибиз!
Жаң-жуң, доотай жакыным,
Табыңар мунун акылын,
Кыйратып салды, көрдүңөр
Кыргыздын Манас баатыры.
Кызылды туура жаныбыз,
Кызыл канга бөлөнүп,
Кыйрап калды теңибиз.
Кыямат мындан кыйынбы,
Кыйырымдын баары кырылды!»
Олтуруп, кооп ордунан
Ошону айтып үшкүрүп,
Көздүн жашы төгүлүп,
Көп аскерин санаса
Көңүлү түрлүү сөгүлүп,
Аны айтып Орго алсырап,
Найза тийбей кансырап.
Аны көрүп алдырап,
Акимдердин баарысы
Тилден калган немедей
Тим олтурду жалдырап.
«Буртак менен Култка
Табыңар акыл бу журтка,
Талкаланган куу журтка.
Колпоң менен Шыбаңым,
Кордук көрүп куурадым.
Арсы менен Кубаным,
Азыркысын көрдүңөр,
Азап тартып куурадым.
Улуктар сага эп болсо,
Нускадан калган кеп болсо,
Акылга кеңеш курайын,
Арстан Манас бала – дейт,
Бала да болсо баатыр го,
Баш жутушуп жатыр го,
Аз күн нөөмөт сурайын,
Акунбешим баашадан
Кол келгенче турайын.
Кол келген болсо көрөрбүз,
Кол келбесе Бешимден
Корксок качып жөнөөрбүз.
Коркпогон болсок буруттан
Аскер жыйнап, кол курап,
Жана да бир жанышып
Койгулашып көрөрбүз.
Жаң-жуң, доотай, калдай – деп,
Жагабы, кандай ушу кеп?»
Орго кан айтып салганы,
Олтурган улук сардалы,
Оюу терең жандары:
«Макул айттың, каным!» – деп,
Баары сүйлөп калганы.
Катчыга катын жаздырды,
«Жазыңар!» – деп, шаштырды.
«Баатыр Манас балам! – деп,
Бардыр мендей бабаң – деп,
Наамандыктын акими,
Баарыбыздан салам! – деп,
Аз күн нөөмөт бербесең
Арманым менен калам – деп,
Элимин чети Кашкарда,
Эп болсо жыйып алам – деп.
Атаңыздай адаммын,
Айткан ушул саламым,

Алды-артымды жыйынып,
Арманы жок калайын,
Аңдап турсам Какандын
Алыптырсыз далайын.
Биз да ошонун бирибиз,
Уруксатсыз урушсаң
Көңүлдө калар кирибиз,
Аз күнү нөөмөт сурадык,
Алыбызды билиңиз!»
Муну айтып Орго кан
Катчыга катын жаздырды,
Аягына мөөр бастырды,
Бодоң деген аярын:
«Барып кел!» – деп чаптырды.
Бодоң түштү жолуна,
Шаша жүрүп Бодоңу
Арстан Манас баатырдын
Шашкеде келди колуна.
Кандай жүргөн кытай – деп,
Кара журт айран калыптыр.
«Каныңдын кошу кайсың» – деп,
Калмакча сурап калыптыр.
«Кандын кошу ушул» –деп,
Бир адам айтып салыптыр.
Кирди Бодоңчатырга
Көзү түштү баатырга.
Көргөн жерден бүгүлдү,
Көк жал эрге жүгүндү.
Жүгүнүн көрө салганы:
«Жүгүнбөгүн каапыр!» – деп,
Жүгүрүп келип Мажыбек
Колдон кармай калганы.
Койнунан алып наамасын
Баатырга тута салганы.
«Окуңуз!» – деп, Ошпурга
Жооп берип калганы.
Ошпур алып окуду,
Ойроттун баары олтурду.
«Сураган экен аз күндү,
Берееликпи, жокпу?» – деп,
Эр Бакай сүйлөп калганы,
«Көпчүлүгүң билгин!» – деп,
Көкбөрү айтып салганы
Анда Кыргыл кеп айтат:
«Акылмандар! – деп айтат,
Аз күн экен, сураптыр,
Азыркысын Оргонун
Оозунан түтүн бураптыр.
Азайып калып куураптыр,
Аңдасак Акунбешимден
Жалынып жардам сураптыр.
Сураса бере салсакчы,
Суудан тартыш болгончо
Биз да сурап Оргодон
Бир суулуу жерин алсакчы!»
Кыргыл айтып салганы,
«Макул айтат, Кыргыл!» – деп,
Манас сүйлөп калганы.
«Токой, талы мол экен,
Кыштак экен кызылдай,
Кыштагынын ичинде
Кыжылдаган кол экен.
Сундуруп найза турушат,
Биздин эл менен кытайлар
Суу талашып урушат.
Суусун берип салбайбы,
Андан кийин Орго кан
Сураган күнүн албайбы».
Аны айтып Манас салганы,
Арага келген Бодоңду
Аш-тамакка тойгузуп,
«Бар!» –деп жолго салганы.
«Сурап калган күнүңдү
Кидирбей берип салды – деп,
Улуу сууга жатсак – деп,
Ушуну сурап калды!» – деп,

Барып айтты Оргого.
Орго буйрук айтыптыр
Ордо баккан доргого:
«Отуз дорго жүр – деди,
Ойдо жаткан адамды
Ортокту көздөй сүр! – деди.
Моюндунун туура суу,
Болжолдуу жерим мына бу.
Андан өйдө карата
Бурутка берип салдым – деп,
Жер кесип берип буруттан
Жети күн сурап алдым!» – деп,
Төмөнкүсүн төмөнгө,
Жогоркусун жогору
Түрүп айдап салыптыр,
Ошо күндөн ушу күн
«Түргөн» атка калыптыр.
Жети күн уруш салбаска
Жер кесип берип салыптыр,
Жетилер – деп, канатым
Көңүлүнө алыптыр.
Ошо күндөн ушу күн
Кесип берген бир суусу
«Жергес» атка калыптыр.
Табылгы бою Тасмадан,
Талаада жаткан канча жан,
Оттун баарын өчүрүп,
Отоонун баарын көчүрүп,
Чатырдын баарын бүктөтүп,
Чапчаңдатып жүктөтүп,
Жылып аскер барганы.
Улуу тоонун оюна,
Улуу суунун боюна
Жыш ургандай барыптыр,
Шыкала конуп алыптыр,
Жыргап жатып калыптыр.
А жердин атын ушулар
Жыргалаң коюп салыптыр.
Арадан алты күн өттү,
Аскерди алты түнөттү,
Аттанып чыккан адамдар
Калмакты канап жүдөттү.
Алтынчы күнү кечинде,
Дигерге жакын кезинде
Күңгөй бою күңгүрөйт,
Күн батыш жагы дүңгүрөйт.
Көрбөгөндөр көп ойлоп,
Көлү көчүп бир жакка
Баратабы? – деп, ойлоп,
Толгонун карап көп ойлоп,
Тоосу көчүп бир жакка
Баратабы? – деп, ойлоп,
Алиги турган көп аскер
Алыстан көзүн салыптыр,
Акунбешим баашанын
Аскери келип калыптыр.
Барабан үнү күңгүрөп,
Добул согуп дүңгүрөп,
Чилмерден кагып чакылдап,
Кернейдин үнү бапылдап,
Сурнайдын үнү такылдап.
Туунун башы жаркылдап,
Асабасы жалпылдап.
Аргымак аттар алкылдап,
Алтын калкан жаркылдап.
Кылычтар белде кыңгырап,
Найзалар колдо зыңгырап,
Ай балта жанда шыңгырап,
Күрсү таяк дөңкөйүп,
Күчү жоктун баарысы
Көтөрө албай күрсүнү
Үзө албай жерден өңкөйүп.
Отого диңсе сайылып,
Тоту куштун куйругу
Далысына жайылып,
Аралды кечип жол келди,

Акунбешим баашадан
Алты жүз миң кол келди,
Аскер чуулап мол келди,
Ал аскерди башкарган
Кордой, Чулу зор келди.
Илебин, Кашкел калдайы,
Ушу жерден табылды
Издегендин далайы,
Жана келди кол менен
Сары кыяр аяры,
Каткал калдай, суң кытай
Жанчышкан жоого даяры.
Кызматына соймокко
Кырк күнөкөр кул алып,
Алсырап жаткан Орго кан
Аскерди көрүп кубанып,
Кырк жың алтын бул алып,
Алты атанга жамбы алып,
Амбалды тосуп камданып,
Капканын оозун ачтырып,
Кырк жың кызыл алтынды
Көпүрөнүн оозунан
Көп аскерге чачтырып,
Кара-Суунун калаага
Каалаганын таптырып.
Күнөөкөфдөн кырк киши
Урматына улуктун
Ушу жерде чаптырып,
Учурашты Чулуга.
Амбал Чулу улукка
Көргөнүн айтып ыйлады,
Көзүнүн жашын тыйбады:
«Атым Орго болгону,
Алтымыш жашка толгону,
Келиптир бабам Кер-Көлгө,
Эки жүз элүү жыл болуп
Элибиз мында конгонго,
Дөөлөт толуп, мал болуп,
Шуңшаңдын уулу Орго! – деп,
Тегеректе даң болуп,
Зыяны жок жан элем,
Калба сүйбөс кан элем.
Калкым менен байлыгым
Карынбайдай бар элем.
Азыр көрдүм азапты,
Алтайдан келген төрт бурут
Абыдан кылды мазакты.
Төрт жүз миң аскер жыйнадым,
Эки жүз миң аскердин
Төгүлүп каны кыйналдым.
«Төгүн болсоң токтол – деп,
Төрө болсоң жети күн
Нөөмөт бер!» – деп ыйладым.
Төгүн эмес, төрө экен,
Төгөрөгүн жыйганы,
Жети күн берип сыйлады,
Бейбаш менен айбашын
Кол салдырбай тыйганы.
Ушунчалык шашканым,
Үлкөн согуш баштадым,
Жети күндү бербесе
Үстүңөргө силердин
Үркүп бара таштадым.
Арзып жаттым сиздерди
Ак дидарын көрсөм – деп,
Арманым жок өлсөм – деп.
Акбешим каның аманбы?
Алтайлык кыргыз маа салды
Аябай акыр заманды!
Өргүбөгөн бадирек
Өзүбектин өзү экен.
Өкүмөткө ээ болуп,
Толукшуган кези экен!
Терс-Маёнун терең суу,
Тегеренген берен суу,
Аягы деңиз-көл экен,

Аркы өйүздүн баарысы
Алаш урук эл экен.
Алтайдагы кыргыздан
Ашкере чыккан эр экен,
Атын Манас дээр экен.
Алты шаар уйгурду,
Дагалакты талкалап,
Кан Дүбүрө кургурду.
Албаганы калбаптыр,
Көкө-Ноор көлүнө,
Көбү-Шаму чөлүнө,
Баштап түйшүк салыптыр
Маңгул, какан элине.
Манжурия калмагы
Эзелде таңуу болуптур
Эр Манастын белине.
Терс-Суудa Текес дуу-дуну
Жерге жанчтап ушуну,
Каратып калкын өзүнө,
Куяс сындуу аярын
Кум толтуруп көзүнө.
Омуруп Текес чүкөсүн,
Калкынын баарын каратып,
Кан көтөрүп алыптыр
Тейиш аттуу үкөсүн.
Тейиш деген азыр кан,
Ага карайт канча жан,
Текестин кенже иниси,
Тейиш кан моюн сунган соң
Терс-Маёнун журтунан
Термеле турган кимисиң!
Токсон жүз миң моруну,
Каркырада болчу эле
Мал бүткөндүн оруну.
Куубай, сүрбөй тынч алып,
Куп кайнатты шоруму.
Союшу кенен, малы көп,
Аңдабай жатып алдырган,
Азапка калган кандай кеп?!
Алдың каткан калдай – деп,
Барган жерден өлтүрүп,
Башын кести Соорунду,
Бардырбайт элем мен көрсөм,
Байкушка ичим оорунду.
Андан кийин жекеге
Атан балбан барганы.
Аяр Көйүш бар экен,
Ал абыдан күчтүү бала экен.
Барган Атан балбанды
Башын үзүп алганы.
Бу кордукка чыдабай
Аскеримдин баарысы
Аламан уруш салганы.
Аламаны курусун,
Азаматтын баарысы
Набыт болуп калганы.
Эр өлүп, катын тул калды,
Нече жетим уул калды.
Урушту катуу баштады,
Аскеримдин баарысын
Койдой кырып таштады.
Кыргыз бөрү, кытай кой,
Кыргын тапты алаштан,
Кызыталак Манастан,
Кылымга болдум улуу той,
Мынчалык келбесеңиздер
Салдым эле чын ойбой!»
Айтып муну Орго кан,
Кашындагы турганы
Калдай, жаң-жуң, канча жан,
Дуу-ду Орго турганы,
Амбал Чулу бутуна
Ийилип башын урганы.
Аягынан кучактап,
Агып жашы бурчактап,
Барабан, добул согулуп,

Бар улугу чогулуп,
Аскерге барган аларга
Аш бышымдай чокунуп,
Кубанычтын туун аштады,
Чулунун колун баштады,
Кара-Талдын оюна,
Кашка-Суунун боюна
Колду алып барып таштады.
Какайдан канча сойдурду,
Үкүрдөн алып келгин – деп,
Үч миң беш жүз сыйырды,
Үч саатка койбой кырдырды.
Элүү жүз миң коюну,
Орго кылды тоюну.
Аскер түштү кумдан мол,
Андан мурун Кара-Тал,
Акыры кыргыз алган соң
Акыр заман журтуна
Атагы калды Кара-Кол.
Алиги көргөн Орго кан,
Арбак урган кандай жан?!
Сыйбады аскер бул жайга,
Сыйынбады кудайга.
«Сегиз жүз миң колум – деп,
Катырармын таң атса
Мусулмандын жолун – деп,
Мынча кошуун келген соң
Эми алдырсам шорум – деп,
Камбылсыган бурутка
Кара жер болор орун!» – деп,
Мурунтан күткөн бурканы,
Бутуна кирип турганы,
Мындан артык болобу
Каапырды кудай урганы?!
Сары алтындан иштеген,
Инжи менен тиштеген,
Көөкар менен көздөгөн,
Көкүрөгү челектей,
Шайтан кирип сөздөгөн,
Эрини жубар, инжи тиш,
Не десе болор ушул иш?
Кулактары зумурут,
Курсактары акактан,
Шайтан сүйлөп ичинен
Оргонун боюн балкыткан,
Орго чыгып элге айтып,
Элинин көөнүн жаркыткан:
«Кыргыздан кыргын көрдүм – деп,
Кыйла адамым өлдү – деп,
Казактан кайгуул көрдүм – деп,
Канча адамым өлдү – деп,
Жалынарың мен элем,
Жалгоочу кудай сен элең,
Жакшылык менен жамандык,
Жамандыкты кетирип,
Жакшылыкты жеткирип,
Жардам кылчу эр элең.
Жалпы журтум кырылды,
Жалгабасаң эминең?!»
Аны айтып Орго салганы,
Азезилдин бирөөбү
Сөзгө кирип калганы:
«Мен колдобой койгонум
Ыкыласың жалганы,
Турпандыктын Култаңы,
Куп билемин мен аны,
Өзүңө качып келгенде,
Алты-Шаар уйгурун
Алып койду дегенде
Кирсең менин өзүмө,
Салсаң кулак сөзүмө,
Табат элем акылың,
Мени эсиңен чыгарып,
Өзүңдүн кылган капылың.
Неме калбай кырдырдым

Эки жүз миң кишиңди,
Бүгүн мынча келбесең
Бүтүрөт элем ишиңди,
Койбойт элем бу жүргөн
Колго жыйган кишиңди.
Өзүң мынча келген соң
Өттүм эми күнөйүң.
Мааракеге бата бер,
Барып үйүңө жата бер.
Менин бары чагымда
Не кыласың кейишти
Өлгөнүңдүн баарысы
Нур улманга кошулуп,
Аралады бейишти,
Аның үчүн кылба кейишти.
Кайраттуу болор тиригиң,
Кандар менен кошулуп
Ынтымагың биригиң!»
Азезил антип кеп айтат,
Адам уулу түк калбай
Кырылса экен! – деп айтат.
Азыр ар бир сөздү айтып
Акмак кылды каапырды,
Малгун шайтан сөз айтып,
Маарупатка батырды.
Дүнүйөгө мас болуп
Магурор болгон каапырды
Бири калбай өлсүн – деп,
Минтип шорун катырды.
Азыр келген аскерди:
«Бир күн тынчтык алсын – деп,
Арадан өтүп бир күнү,
Аркы күн уруш салсын – деп,
Жардамымды көрөр – деп,
Жайнап келген мусулман
Жалгызы калбай өлөр!» – деп,
Жайын айтып азезил
Буйрук кылып салганы,
«Кетиңиз!» – деп калганы,
Кетенчиктеп Орго кан
Кере бута барганы,
Азыр чыгып аскерге
Айтып кабар салганы:
«Кудайымдан уктум – деп,
Куп сүйлөшүп чыктым – деп,
Мен сурадым беттешип,
Көп олтурдум кептешип,
Алдырамбы, аламбы?
Албасам жок, аскерим,
Аман-эсен каламбы?
Көңүлүмү тындырды,
Көп сөз айтып тундурду.
Бузуп сени албайт – деп,
Бу келген мусулмандардан
Жалгыз неме калбайт! – деп,
Токтолуп укту зарымды,
Мусулманды бу келген
Тозоку – деди баарыны.
Калбагын – деди кейишке,
Өлгөнүңдүн баарысын
Алдым – деди бейишке!»
Аны айтып Орго барганы,
Адамынын баарысы
Кубанышып калганы.
Конок кылып колуну,
Тазалатып жрлуну,
Жата турсун Орго кан,
Кызматында канча жан.
Эртеси жок кечинде,
Дигер жакын кезинде
Кол келгенде күңгүрөп,
Добул согуп дүңгүрөп
Кыргыздардын Манасы,
Кыпчактардын Үрбүсү,
Ногойлордон Жамгырчы,
Нойгуттардан Акбалта,

Казактардан эр Көкчө,
Кара ногой Бакай бар,
Акылмандар отуруп,
Арстан Манас кеп айтат:
«Айгай менен каапырлар
Жер көчүрдү – деп айтат,
Чабуулдап каапыр бүлүштү,
Ушунчалык кубанып
Эминени билишти?
Добул сокту кубанып,
Тосоңу тоодой буралып,
Кол келдиби бир жактан?
Койдой чуулап кубанды,
Бирин койбой аралап
Билер жан барбы буларды?»
Минтип Манас салганы,
Агыдай аттуу далычы
Далыны карап алганы,
«Келген экен кол – деди,
Аскер арбын-мол – деди,
Амбал Чулу зор – деди,
Илебин, Чулу, Кашкели,
Акунбешйм жиберген
Булагасын көп эли,
Сары кыяр калдайы,
Аскерине келиптир
Аярлардын далайы».
Агыдай турду аны айтып,
Адамдын баарын далайтып.
Төрө Бакай кеп айтат:
«Төлгөчү, ботом, төлгөңдү
Тартып көрчү?!» – деп айтат.
Төлгөчү төлгө алыптыр,
Төрттөн бөлүп таш санап,
Төлгө тартып калыптыр.
Төлгөчүсү кеп айтат:
«Агыдайдын айтканы
Анык экен! – деп айтат,
Аскер арбын мол экен,
Атасынын көрү каапырдын,
Алты жүз миң кол экен!»
«Кечээ күнкү урушта
Мусулмандын аскери
Каапырдын колун как бөлдү,
Кыргындан кийин санасак
Алаш менен түрктөн
Эки миң төрт жүз киши өлдү.
Жеринен чыккан мол экен,
Тейиштин эли кошулуп
Жети жүз миң кол экен.
Отуз миң эле артыгы,
Эки миң төрт жүз өлүптүр,
Эл дайындап көмүптүр.
Жыйырма алты миң алты жүз,
Уруш кылдык коңур күз.
Али да каапыр көп эмес,
Дүкөнү болор жерге түз!»
Муну айтып Манас салганы.
Кош башына бир семиз,
Колдун баары тептегиз,
Коштоп келип союшуп,
Сары казы, кыйма жал
Жай баракат тоюшуп,
Жаратканын эске алып
Көңүлүнө токушуп,
Миң кишиге бир ыймам
Намаз дигер, намаз шам,
Намаздарын окушуп,
Балдар атка карашып,
Кош-кошуна тарашып,
Чыңоолду чыңдап коюшуп,
Чыйрагы чыңоол болушуп,
Кароолду катуу коюшуп,
Кайраты кароол болушуп,
Арал, Тасма талаасы,
Аягы Кулус калаасы,

Аскер менен жык толуп
Түп, Жыргалаң арасы,
Акка айтып теспесин,
Дин мусулман баласы
А күнү антип жатыптыр,
Таң саргайып атыптыр.
«Убадам жети күн эле,
Ушу бүгүн толду – деп,
Урушаар күнүм болду!» – деп,
Туу көтөрүп, сап байлап,
Мусулман колу курт кайнап,
Керней тартып бапылдап,
Сурнайдын үнү такылдап,
Майдан жерге жакындап.
Караанын көрдү каапырлар,
Наамандан келген баатырлар,
Кытай, маңгул, калмагы:
«Кыргыздын колу келет!» – деп
Кыжылдашып калганы.
«Ушу бүгүн уруксат
Дагы сурап алсак – деп,
Ат өргүтүп-тынчытып,
Анан уруш салсак!» – деп,
Орго канга барганы:
«Ол сөзүңөр макул!» – деп,
Орго кан кубаныч алганы.
Шөкөн менен Бодоңду
Катчыга катын жаздырып,
Калдайлар мөөр бастырып,
Бир күн сурап жиберди.
«Мусулмандын аскери
Көрдүк, – деди силерди».
Кан жарлыгын укканы,
Кагаз алып колуна,
Шөкөн, Бодоң чыкканы.
Аскерге каршы барыптыр,
Алтын туунун түбүндө
Арстан Манас баатырга
Алар көзүн салыптыр.
Аттан түшүп, бүгүлүп
Наама кармап, жүгүнүп,
Келип сунду баатырга,
Аягында ушулар
Калар заман акырга.
Ошпур катын окуду:
Айткан экен: «Салам! – деп,
Арстан Манас бала, – деп,
Бүгүнкү күндү, бир түндү,
Биздин эл жарым күтүндү,
Сөздү кабыл көрүңүз,
Жаңылбаса көөнүңүз
Сураганым али түн,
Бир күнкү күндү бериңиз!»
Айтканын макул алганы,
«Азыгыбыз азайды,
Атышаар болсо келсин – деп,
Эгер атыша албаса
Бир күндүк союш берсин!» – деп,
Элчисин кайра жиберди.
Урушар жоосун кубантып
Не дейсиңер бул эрди!
Шөкөн, Бодоң барганы,
Наамандыктын кандары
Ал түндөгү азыгын
Алты миң жылкы камдады,
Алты жүз киши айдады.
Эртеси жок кечинде,
Дигер жакын кезинде
Алып жетип барганы,
Ата уулулар ат коюп,
Аламандап кармады.
Кош башына бир семиз,
Колдун баары тептегиз,
Алып келип союшуп,
Ак майына тоюшуп,
Кароолду катуу коюшуп.

Каапыр жактан кабардар
Калктын баары болушуп,
Таң ата добул согушуп,
Дүркүн-дүркүн дүңгүрөп,
Жер көчкөндөй күңгүрөп.
Каапыр жактан жети туу,
Каңгайлаган ызы-чуу,
Мусулмандан жети туу,
Жаа Алдалап ызы-чуу.
Туу көтөрүп, сап тартып,
Маңдайлаша калганы.
Маңгүлүк деген бир калмак
Алабайрак аты бар,
Арстандай заты бар,
Коргошундан куту бар,
Мойнуна аскан буту бар,
Кырк кез найза кармаган,
Кыйырына бенде барбаган,
Беттешкендин баарысы
Кыйылбай жаны калбаган,
«Мөндүлөп!» ураан салганы,
Бөлүнүп колдон бер жакка
«Лаайламалуу!» – деп,
Алабайрак тулпарды
Аргытып чыгып калганы.
Аны көрө салганы,
Кыргыздардын кыйыны
Карабек уулу Калдарбек:
«Кадыр Алдам колдо!» – деп,
Качырып чыга калганы.
Маңгүлүк калмак бакырып,
Байракты желге жапырып,
Каапырыңдын найзасы
Калдарбекке жеткени,
Жетип найза саларда
Астындагы тору аттын
Капталына кеткени,
Ээрге тийип найзасы
Тайгылган бойдон өткөнү.
Айласы анык кеткени,
Кетпегенде неткени,
Атынын оозун тарта албай
Аркасына өткөнү.
Октой болгон тору атка
Оңолуп кайра миниптир,
Ошо кеткен Маңгүлдүн
Аркасынан кириптир.
Ай далыга келтирип
Найза менен илиптир,
Көтөрөмүн дегенде
Нак жонунан найзасы
Кере карыш тилиптир.
Алабайрак тулпардын
Күлүктүгүн салыптыр,
Өпкөгө коюп алганча
Өз элинин ичине
Кире качып калыптыр.
Караган калмак таң болуп,
Далыдан ылдый карата
Кызыл ала кан болуп.
Жону жаман алжайып,
Соорусуна кан жайып,
Кызыл ала кан болуп,
Тобуна барды балжайып.
«Адам болбой калгын – деп,
Же өлтүрүп, же өлбөй,
Аялуу экен жаның!» – деп,
Салагал аттуу калмагы,
Атар жаа-саадагы
Жаш баланын белиндей,
Астындагы сары аттын
Басканы сырттын желиндей,
Сары кыйгак найза алган,
Майдандагы Калдарды
Качырып каапыр калганы,
Каарданып Калдарбек:

«Каның тарткан каапыр – деп,
Казармын түбүң акыр!» – деп,
Сундуруп найза салганы.
Найза төшкө такалды,
Айтса сөзүм макалы,
Дүмпүр кара сакалы,
Найза тийип төшүнө,
От чагылып көзүнө
Алеңгир жаа, сыр жебе
Оройпо окту чалганы,
Жааны тартып иерде
Тартып алып найзасын
Саадагын кагыи калганы.
Калдарбек шондой күчтүү эле,
Жаа колунан түштү эми,
Октой болгон тору атка
Оңдоп камчы салганы,
Жаа колунан түшкөн соң
Жаалына тура албай
Кайра качып калганы.
Куткарбады каапырды
Тору ат чуркап жеткени,
Бото курдун чети – деп,
Кыр арканын бети – деп,
Кыйкырып найза салганы.
Ээрден көтү кылтайып,
Үзөңгүдөн бут тайып,
Карай албай кылчайып,
Соот сөгүлүп быркырап,
Жондон чыккан кара кан
Чачылуу кара түпөккө
Жаба коюп шыркырап,
Аттын кетти мойнуна,
Карап тургун калайык
Калдарбектин ойнуна.
Элге кирип элдиреп:
«Эсен-аман келдим!» – деп,
Алдырап коркуп алыптыр,
Акылынан таныптыр.
Аны көрүп айкырып
Маңгүлүк жетип барганы:
«Баатырсындың, Салагал,
Өлбөй тирүү келгенче
Адам болбой калагал!»
Акылы кетип айланып,
Айтар тили байланып
Салагал токтоп калыптыр.
Салагалдын жакыны,
Сандан чыккан баатыры,
Жаман өзү бутпарас,
Кашкел деген каапыры
Мылтык, саадак, бар жарак
Асып алып мойнуна,
Алтындан куйган буту бар,
Салып алып койнуна,
Карап тургун Кашкелдин
Кыла турган ойнуна.
«Атым Кашкел эрдирмин,
Адам уулу беттешсе
Тири койбос мендирмин!
Улугум аты Илебин,
Угузайын өзүңө,
Жалган дүйнө жарыгын
Зар кылайын көзүңө.
Кыргыздардын Калдарбек
Кыямат тилеп келдиң – деп,
Бир башыңда миң жаның
Болсо дагы бадирек
Мен барган соң өлдүң!» – деп.
Ал сөздү айтып Кашкели,
Кашкел барса койбойт – деп,
Аңдап турду өзгө эли.
Кайраттанып Калдарбек:
«Таш оозуңа, каапыр! – деп,
Таш да болсоң талкалап
Кыйратармын акыр!» – деп,

Качырып Калдар жеткени,
Найза менен бир-бирин
Койгулашып кеткени.
Найзаны колго алышып,
Алты-жети качырып,
Бирин бири жыга албай,
Аман-эсен калышып,
«Эми экөөң койгун!» – деп,
Аскерден адам барышты,
Эки бөлүп алышты,
Аз болгондо ал экөө
Жарым күнгө салышты.
Кашкел кайтып барыптыр,
«Кара ташка окшойт!» – деп,
Калкына барып Кашкел дөө
Кабарын айтып салыптыр,
Калайык айран калыптыр.
Мусулмандын элине,
Кулак салсаң кебине,
Калдарбек айтып барыптыр:
«Кыйын баатыр окшойт!» – деп,
Кылганын айтып салыптыр.
«Кыйын болсо көрөйүн,
Кысталакка жөнөйүн!»
Аны айтып Айнагул,
Атагын кийин билерсиз
Айтылуу Кыргыл мына бул,
Майданга Кыргыл туруптур,
Жөңгөр аттуу бир калмак
Майданда турган Кыргылга
Качырып найза уруптур.
Урганына жыгылбай,
Ушу келген Кыргылдын
Өнөрү бар бир далай.
Жөңгөр найза салганы,
Кагып ийип Кыргылың,
Кылычты колго алганы.
Ачууланып сүйлөнүп,
Найза сайып күүлөнүп,
Жөңгөр жакын барыптыр,
Найза сайбай, ок атпай,
Кылычын шилтеп калыптыр.
Кыргылдын кылган ойнуна,
Кызыталак Жөңгөрдүн
Кылыч тийип мойнуна,
Чапкан Кыргыл күчтүү эди,
Шалак этип Жөңгөрдүн
Башы жерге түштү эми.
Денеси атта, башы жок,
Атын алып, Кыргыл чал
Колду көздөй салыптыр,
Элге жакын келгенде
Тоо кулаган немедей
Зоңкоюп келип Жөңгөрдүн
Өлүгү түшүп калыптыр.
Майданга барды бакырып,
Айбаттанып акырып:
«Атамдын аты Саламат,
Атаңдын көрү каапырлар
Саа салайын алаамат!
Өзүмдүн атым Айнагул,
Өнөрүм көргүн мына бул.
Өлөмүн! – деген келгин – деп,
Өңкөй калмак элиң – деп,
Жакының алаш, түрктүр,
Жакыныңды жат көрсөң
Сага түшкөн мүлүктүр.
Жалпы маңгул, калмагың
Жакыш болгон кытайга
Жардам берип жүрүптүр.
Келип көргүн эриң – деп,
Кан куюлар жериң – деп,
Баатырың менен балбаның,
Мага келсең өлөрсүң,
Баарыңдын чыгар далдалың!»
Майданда турду Айнагул,

Каарданып каапырга
Айткан сөзү мына бул.
Аны уккан соң чыдабай,
Айбаты бар бир далай,
Сары кыяр калдайы
Салып келип калганы.
Аны көрүп Айнагул
Астын тосо барганы.
Бери жактагы Бөгүшү
Аяр экен, барба!» – деп,
Айнагулга айгай салганы.
«Аяр – деп коркуп турарбы,
Азамат уул болгон соң
Бетин жоодон бурарбы.
Мерт таптырбай, мерт кылбай,
«Бери качкын» –дегениң
Беш жашар бала болсом да
Мындай кудай урарбы!»
Аны айтып алып Айнагул
Калдайды көздөй бет алып
Качырып калган жери бул.
Кыргылдан найза жеткени,
Эми Айнагул саярда
Үшкүрдү эле калдайы
Айнагул баатыр далдайды.
Карап турган мусулман,
Айран болду канча жан.
Акборчук аттан бөлүнбөйт,
Атпай алаш журтуна
Алиги Кыргыл көрүнбөйт.
Караса көзгө илинбейт,
Кай кеткени билинбейт.
«Кыйла баатыр эр эле,
Кыргыл чал койгон неме эле.
Жашы жыйырма тогуз – деп,
Эмине кылып жоготту
Сары кыяр доңуз!» – деп,
Эр Манас муну сүйлөдү.
«Азыр Кыргыл аман!» – деп,
Бөгүш аяр шо жерден
Узундугу беш карыш
Бир түтүктү үйлөдү.
Түтүктөн түтүн чыгыптыр,
Түрмөгү менен бир тийип
Сары кыяр калдайды
Далдайтып аттан жыгыптыр.
Алеңгир жаа, сыр жебе
Кармап калдай алыптыр,
Киричтен огун чыгарбай
Бөгүш кармап калыптыр.
Апсун окуп эр Бөгүш
Бир үшкүрүп салыптыр.
Жоголуп кеткен Кыргылы,
Найзасы бар колунда,
Азыр болуп калыптыр.
Айрып калып Кыргылды
Азыр Бөгүш туруптур,
Жыгылып, башын көтөрүп
Сары кыяр калдайды
Аны кудай уруптур.
«Лайламүлүк неттиң? – деп,
Кайсы жакка кеттиң? – деп,
Азыр мында келбесең
Эми түпкө жеттиң!» – деп,
Калдай айгай салыптыр.
Айтып оозун жыйганча
Жоондугу жүз кулач
От күйүп келип калыптыр.
Өкүмөтү кудайдын,
Ойлоп көрсөң иш кызык,
Бу жаккан оттон он эсе
Анын оту дагы ысык.
Анча-мынча мусулман,
Аламан койгон канча жан
Набыт болуп калыптыр,
Артындагы баргандар

Кайра качып алыптыр.
Он беши отко жетиптир,
Ат-тону менен неме жок
Баары күйүп кетиптир.
Дагалактын Көйүшү
Апсун окуп калганы,
Жоондугу миң кулач
Асмандан дайра төгүлдү,
Өкүмөтү Алданын
Кайнап турган каапырдын
Аскери жик-жик бөлүндү,
Аламан койгон каапырдын
Далайы сууга чөмүлдү.
Дарыяга карк болуп
Аскеринен бөлүндү,
Аз болгондо алты жүз
Агып өлгөн көрүндү.
Суудан оттун өчкөнү,
Акыретке бет алып
Алты жүз каапыр көчкөнү.
Отун суу каптады,
Сары кыяр, лайламүлүк
Эч амандык таппады.
Көйүш аяр, эр Бакай
Азыр жетип барганы,
Бир сүйлөм тилге келтирбей
Эки аярды кармады,
Тилдерин бекем байлады.
Аярсынган ал экөө
Телмирип көзү жайнады.
Лайламүлүк аяры
Али дагы тим жатпай
Алты бөлөк башы бар
Ажыдаар болуптур:
Бир башы бар адамдай,
Бир башы бар жыландай,
Көргөн жан коoп кылгандай.
Бир башы бар жолборстой,
Дүйнөгө тарып болбостой.
Бир башы бар камандай,
Жакын барса чалгандай,
Ар кандай жандар барса да
Жара тартып салгандай.
Бир башы бар куш өңдүү,
Дүнүйөнүн аярын
Тамам жыйып келсе да,
Боло албастай ушу өңдүү.
Бир башы бар бөрү өңдүү,
Баарысы бир денеде
Бир-биринен бөлүнбөй,
Адам кармаар жери жок,
Тутар жери көрүнбөй.
Көпчүлүк айран калганы,
Көйүш аяр барганы,
Сегиз кулач сабы бар
Темирден амбар алганы,
Арстан болгон башынан
Аяр Көйүш кармады.
Жанындагы жанагы
Сары кыяр калдайы
Даакы жүнү түшпөгөн
Сары ит болуп калганы.
Сүйрөп барып ал экөөн
Бир чуңкурга камады.
Эр Көкчөнүн тобунда
Бар экен Калдаң аяры.
Бир чуңкурга таштады,
Астын-үстүн туюктап,
Азап кыла баштады.
Ак тикенди жактырып,
Түтүн менен ыштады,
Кыйналган соң бадирек
Сырын айта баштады:
«Айтканымды ук – деди,
Азыр тышка чык – деди,
Абада учуп айланган

Ала канат бир куш бар,
Аны атып жык – деди,
Так ошонун ичинде
Санаты сайгак кырк – деди.
Жалгызын да куткарбай,
Баарын анын кырганың
Маа жакшылык кылганың,
Баарысы өлүп болгон соң
Менин өлүп тынганым!»
Лайламүлүк аяры
Ырасын айтып салганы.
Айтканын угуп эр Калдаң
Абунасыр азиздин
Кусуруна барганы,
Каапыр мындай деди – деп,
Кабарын айтып салганы.
Муну уккан соң ал азиз
Айран-азыр калганы,
Башын ылдый салганы.
Баш көтөрүп кеп айтат:
«Балдарым ойло! – деп айтат.
Карпайып конгон кажыр бар,
Жорпоюп конгон жору бар.
Канаттуу куштун зору бар,
Куркулдап жүргөн кузгун бар,
Айланып көктө учкан бар.
Макулугу кудаанын,
Байкабасаң булардын
Нечөөн атып кырасың?!
Жанын сактап жүргөнү
Ала канат куш болсо,
Адам билбес бир жумуш
Андай сонун иш болсо
Бир жүз мылтык алыңар,
Баарын бирдей чогултуп,
Бир жолу атып салыңар.
Куштун бары дүркүрөп,
Атканда мылтык күркүрөп,
Көт жагында калдактап,
Көтөрүлбөй далдактап
Кала берген куш болсо,
Как ошону атыңар.
Кардын жарбай апкелип,
Өзү жаткан үңкүрдүн
Түтүн чыгар жерине
Морго жакын катыңар
Куштун башын алыңар,
Денесин отко салыңар.
Чымын чыгар жери жок
Чылк бүтүрүп алыңар.
Чың ошентсең бир жумуш
Көрөрсүңөр баарыңар.
Айткан кебин угушту,
Арбып-дарбып чыгышты.
Мылтыктан жүзүн бир атты,
Кушту учуруп таратты.
Чоңдугу бар жорудай,
Ала канат бир кушу
Уча албады калдактап,
Узай албай далдактап
Арт жагында калганы,
Аднис мерген Табагыр
Аны атып салганы.
Канаты сынган ал кушту,
Башын кесип ушуну,
От үстүнө бекитти,
Чымын чыгар жери жок
Бүтүрдү шыбап тешигин,
Ак тикенди түтөтүп
Куп жедирди кешигин.
Чокко түшүп жаны өлдү,
Чогулган аскер куп көрдү.
Күн карарып күңгүрөп,
Жер чайпалып дүңгүрөп,
Чакыр-чукур чаң болду,
Анык аяр өлдү! – деп,

Аскердин баары таң болду,
Аны таштап салыңар,
Сары кыяр дагы бар,
Кабарын угуп алыңар.
Сары ит болуп алыптыр,
Жаны чымчык куш экен,
Жаман аяр ушу экен.
Түтүндүн заары жетиптир,
Сымап болуп сызылып,
Жерге кирип кетиптир,
Сары ит болгон сүрөтү
Сабсем күйүп калыптыр.
Немеси калбай күйүптүр,
Күйүп өлгөн экен – деп,
Кашында калды аяры.
Чок менен кошо үйүптүр,
Эки аярды сойдук – деп,
Элдиретип койдук – деп,
Оюна шону алыптыр.
Баягы келген көп аскер
Маңдайлашып калыптыр.
Каапырлардын жагынан
Каткал аттуу калдайы,
Эрдиги эмей кандайы,
Кара коңур аты бар,
Карап турсаң каапырдын
Каармандай заты бар,
Дин мусулман уулунан
Ала турган даты бар.
Очогор кара мылтыгы
Оң ийинде шаркылдап,
Кийген тону көк темир
Ай тийген муздай жаркылдап,
Астындагы Коңур ат
Даңканы ташты омурат,
Бет алышкан бендесин
Ал каапыр кайдан оңдурат!
Ата турган жаасы бар
Асый өгүз белиндей,
Астындагы Коңур ат
Басканы сырттын желиндей!
Саадагынын огу бар
Он канат үйдүн уугундай,
Айбаты катуу, заары күч
Кыш чилденин суугундай,
Чарайна болот куру бар
Чагарагы билектей,
Чаптап белин буугандай,
Чымырканып келатат
Чын тажаалдан туугандай.
«Короготу жерим –деп,
Суңкытайдан элим –деп,
Каныңтарткан ким болсоң Как
ушу жерге келгин!» –деп,
Каарданып акырды.
«Өлүүчүң өзүң келгин!» – деп,
Өчөшкөндөй чакырды.
Чакырыгын угуптур,
«Чак келбес өңгө адам!» – деп,
Чаап Манас чыгыптыр
Жарагын белге чалынып,
Жаратканга жалынып,
Азирет Аалы шерлердин,
Шейит кечкен эрлердин
Арбагына жалынып,
Алеңгир жаа, сыр жебе,
Жаа моюнга салынып,
Аккелте мылтык асынып,
Астындагы Аккула ат
Атырылтып бастырып,
Арстан эр жөнөп калыптыр.
Ачууланып ит Каткал
Келе жаткан Манаска
Керилип туруп жаа тартты.
Жаа тартканын билиптир,
Жаап калкан ийиптир,

Жапкан калкан сыртынан
Жаанын огу кириптир.
Он эки кабат калканы,
Ок теше албай калганы.
Чарайнага чагылды,
Болотко болот тийген соң
Кыраан эрдин төшүнөн
Кыпкызыл жалын жагылды.
Ак күбө тонго токтолду,
Ачуусу келип эр Манас
Өзүн аткан окту алып,
Кайтып атты өзүнө,
Каткал сындуу баатырдын
От чагылды көзүнө.
Соот менен кыягын,
Кабат жарып калканын,
Куп кетирип сыягын,
Чопкутка огу токтолду,
Октун тийген дүмүнөн
Каарданган Каткалдын
Акылы башта жок болду,
Эр Каткал эми далдайып,
Мууну бошоп шалдайып,
Жүрө албай токтоп калыптыр.
«Жүрбөйсүңбү, каапыр?!» – деп,
Манас айгай салыптыр.
Айгайын Каткал угуптур,
Уккан менен шайы жок
Алдырап токтоп туруптур.
«Алың ушу болгон соң
Артык сөз айттың каапыр!» – деп,
Аккулага камчы уруп
Аткан октой жеткени,
Алдырап турган Каткалга
Арстан эр найза неткени,
Боордон сайган найзасы
Сыртынан чыгып кеткени.
Чын ажалы жеткени,
«Лаайлама жагы!» – деп,
Чыгып жаны кеткени.
Аны көрүп айкырып,
Айбаттанып бакырып,
Желегин желге жапырып,
Алтың деген бир суңдуң
Азыр жетти качырып.
Айкырып найза салганы,
Кагып ийип найзасын,
Канкор кылыч алганы,
Өтө берген жеринде
Өткүр болот-курч кылыч
Как шилиге салганы!
Тамдан түшкөн коондой
Шалак этип каапырдын
Башы түшүп калганы,
Аты-тонун кыйкырып
Кыргыл барып алганы,
Кыпым неме таштабай
Алып кетип калганы.
Аркасынан токтолбой
Кубаң аттуу баатыры,
Кужурланып акыры,
Койбой турган кишидей
Кабылан Манас баатырды
Кайраттанып качырды.
Күрсүсүн күүлөп алганы,
Күп дедире Манасты
Баштан ары салганы.
Башына калкан жапканы,
Шилтегенин тарта албай
Калканды катуу чапканы.
Калканга катуу чабылды,
Шыркыраган ширенди
Туш-тушуна жабылды,
Көргөндөр эстен жаңылды
Ачуусу келип эр Манас
Арстандай чамынды.

Кутургандай кууганды,
Күч менен күрсү урганды,
Күркүрөп келип турганды
Жаалданып эр Манас
Жакасынан кармады,
Күрсүсүн жулуп алганы:
«Чабыш андай эмес,
мындай!» – деп,
Өзүнө күрсү салганы,
Күч менен баатыр чапкан соң,
Күл-күл болуп калганы.
Кубаң өлдү, көрүштү,
Куп мазакка көнүштү,
Бара албады жекеге,
Чыга албады чекеге.
Орго кан, Чулу улугу,
Олорго кыйын турубу,
Култка, Бурткан калдайы,
Бу турган жандын далайы,
Калбаң, Шибең, Арсысы,
Култаң баштап баарысы
Үч жүз миң аскер ат койду,
Ат койсо да бат койду.
Манаска баары бет алды,
Айгайлашып ат салды.
Каапыр койду чабуулду,
Муну көрүп мусулман
Жаа Алдалап жабылды.
Мылтыктын огу чагылды,
Добулдун баары кагылды,
Кужурланган эрлердин
Издегени табылды,
Көргөндөр эстен жаңылды.
Көктүн, жердин арасын
Көз айныган чаң кылды.
Жебенин огу кыркырап,
Тийген жери быркырап,
Кан төгүлдү шыркырап.
Чаң обого буркурап,
Эки колдун айгайы
Асманга жетти чуркурап.
Коркоктордун жүрөгү
Айрылып кетти болкулдап,
Дүбүртү менен аскердин
Дүйнө жүзү солкулдап.
Замбирек үнү күркүрөп,
Уккандын бою дүркүрөп.
Жаанын огу учушуп,
Тамагы жаман соргоктор
Түшүп чычаар жайы жок
Ыштанына чычышып.
Барандын огу кыркырап,
Ок тийгендин баарысы
Оонап жатат тырпырап,
Өлүүчүнүн баарысы
Өңгөчүн тартып кыркырап.
Туу түбүнө турушуп,
Туусун таанып урушуп,
Арстан эрдин баарысы
Ач бөрүдөй жулушуп.
Аркы-терки турушуп,
Арманы жок урушуп.
Колу сынып, жыя албай
Салаңдаган андан көп,
Коркуп, жаны чыга албай
Аландаган андан көп.
Буту сынып, сүйрөлүп
Чолоңдогон андан көп,
Көзү чыгып, көрө албай
Олоңдогон сандан көп,
Шыпыра чаап кулагын
Молоңдогон андан көп.
Ичегиси чубалып
Сүйрөлгөнү сандан көп.
«Ит чиркин, бура тартпа!» – деп,
Сүйлөнгөнү андан көп.

Айбалта тийип башына
Алжайганы сандан көп,
Кара бойдо чолоо жок,
Кан жайганы андан көп.
Жал-куйругу жайылып
Ат өлүгү булайып,
Сакалдары жайылып
Эр өлүптүр сулайып.
Ат соорусу даңкайып,
Адам өлүп чалкайып,
Көт жайылып далпайып,
Кутуларга жери жок
Жамандар жүрөт салпайып,
Мылтык жатыр огу жок,
Милтеси жатыр чогу жок,
Бузулбаган тобу жок.
Жарасы жок киши жок,
Жабдыктын баары мизи жок,
Ооздо бүтүн тиши жок,
Ошол уруш күнүндө
Оңуп калган киши жок.
Мусулман, каапыр-эки журт,
Көптүгүн көрсөң кара курт.
Жоо бөрүсү эрендер,
Тобокел акка дегендер
Жолборстоюн алышып,
Камбылдарды карасаң
Карагай найза салышып,
Каршы-терши чабышып,
Камандайын чалышып,
Кытай, кыргыз-эки журт
Кырылышкан эл болду,
Кызыл кан агып сел болду.
Суу кошулуп суюлду,
Агып келип аягы
Кең дарыя Кер-Көлгө
Аскердин каны куюлду.
Ала албады адамдар
Асыл сонун буюмду.
Найза жатыр бөлүнүп,
Аркы-терки көрүнүп.
Айбалта жатыр сабы жок,
Аны алууга олжо – деп,
Азаматтын табы жок.
Кылыч жатыр кыны жок,
Кыйынсынган кытайдын
Кыргынынын саны жок.
Коштун баарын талкалап,
Кыйрабаган чыны жок,
Шыйрак жатыр, шымы жок,
Ат бош жүрөт, ээси жок,
Топчудай болгон куу баштын
Чачылбаган мээси жок.
Маңгул, кытай, калмагы
Баштатан орун алганы,
«Бабамдан калган жерим!» –деп,
Манас уруш салганы.
Майдан курган жер экен
Тасма жон сары талаасы,
Аяк жагы АрАлла
ЖаңжуңКулус калаасы.
Атышкан жери жапжакын
Ат чабымдай арасы.
Талкаланды калаасы,
Кыргын салып кыйраткан
Кыргыздын баатыр Манасы.
Казак Көкчө, Жамгырчы
Калбаны катуу салганы.
Көчөсүнөн кан агып,
Көргөндөрү таңданып,
Жашы менен карысы,
Маңгул, кытай – баарысы
Чагалалап буркурап,
Чалпылдатып кан кечип,
Тескей тоо жакка чуркурап.
Жыйылган бойдон жүк калды,

Мал талаада шүк калды.
Чачылган бойдон дан калды,
Чала жан кыйла жан калды.
Салынган бойдон там калды,
Кылынган бойдон кам калды,
Жагылган бойдон шам калды.
Алып качып жаныны,
Аралдагы көп маңгул
Аркы өйүзгө жабылды.
Орго кандын калаасы,
Кан ыйлап канча баласы,
Мурунку аты Кашка-Суу,
Мындагы аты Кара-Кол,
Качкын болуп камалып
Үркүн барды кумдан мол.
Шашкеде уруш салыптыр,
Аламан катуу урушта
Оён Манас кезигип
Орго кан өлүп калыптыр.
Майданда уруш салыптыр,
Баш жагында кезигип
Эштектин Жамгырчысынан
Эр Кеймен өлүп калыптыр.
Аламан уруш болгондо,
Аккан кан суудай толгондо,
Эрегиш уруш салыптыр,
Эр Көкчөгө кезигип,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып жатканда
Алма-Коюр Илебин
Айдаркан уулу Көкчөгө
Алтымыш жара салыптыр.
Үйшүндөрдүн Үмөтү
Үстүнөн чыгып калыптыр,
Эки жүз миң кол экен,
Үстүн-астын салыптыр.
Кырк миң аскер кол алып,
Кыраан Бакай барыптыр,
Кыйрашып жүргөн Илебин
Кыябына келгенде
Кыйык атып салыптыр.
Кыяматка бет алып
Кан Илебин барыптыр.
Илебин кандын өлгөнү,
Өлгөнүн көзү көргөнү,
Кыргыз, казак кыйкырып
Илебин, Кашкел колуну,
Тосуп алып жолуну,
Бөлөк-бөлөк бөлгөнү.
Эртеси жок кечинде,
Күн батаары кезинде
Ат соорусун салганы,
Аралдагы көп аскер
Каны өлүп, кайрат кыла албай
Калааны көздөй бет алып,
Жапырылып калганы.
Качып кирди калаага,
Карабай катын-балага,
Кара жанын калкалап
Эркегинин баарысы
Качып чыкты талаага.
Ийри-буйру кара суу,
Ичи толгон кырчындуу,
Камышка жанын калкалап,
Калкалабай канетсин,
Кан жүргүзүп келиптир
Казак, кыргыз талкалап.
Кырчынга жанын калкалап,
Калкалабай не кылсын
Кызыл канын жүргүзүп,
Кыргыз, казак талкалап.
Туу жыгылды, кан өлдү,
Тутушкандын баарысы
Туш-тушка качып жөнөдү.
Жамандар жинди-нез болду,
Урушканы басылбай

Көз байланды, кеч болду.
Кайраттуунун баарысы
Карысынча кан болуп,
Карсылдашып жүргөндө
Кара бою нан болуп,
Чамбылала чаң болуп,
Эси бастын баарысы
Эчтеке билбей маң болуп,
Камбылдардын баарысы
Олжолоп атын коштошуп,
Бир тууганы өлгөндөр
Ойбой салып боздошуп.
Көз байланган кечинде
Отуздан, кырктан топтошуп,
Көрдүңбү? – деп бир-бирин
Көзү жогун жоктошуп.
Жыбырап жылдыз толгондо,
Эл жатар маал болгондо
Жарадарлар сүйрөлүп:
«Өлгөнү жаткан жеримде
Карабай кетип калдың!» – деп,
Капааттанып сүйлөнүп,
Баланчага ок тийди,
Тастанчага топ тийди,
Аламан койгон аскердин
Кыйласына карасаң
Кызыл жалын чок тийди.
Баланга найза тийиптир,
Баданасын кыйратып,
Мына мынча кириптир.
Жонуна найза тийиптир,
Соотун кошо талкалап,
Соорусуна кириптир.
Кудай алсын аны – деп,
Аялуу экен жаны – деп,
Аркасында жарасы,
Ажырабайт катындан
Андай эрдин арасы.
Жоону көрүп алган – деп,
Жонун жоого салган – деп,
Токтобой качып калган – деп,
Кутулам – деп, ойлонуп
Аны кудай уруп салган – деп,
Баланчанын жанында
Жарасы бар, жашырат,
Жолдошу айтып шыбырлап.
Сизде да эрлик бар экен,
Жонуңузда жара экен,
Бирөөлөрү шылдыңдап.
Кошко келип калышып,
Баландай киши жоголду,
Бар бекен? – деп кошуңда,
Бакырып айгай салышып,
Барын таап алышып,
Жогуна жооп кылышып.
«Өлүү-тирүү болсо да
Өзү билип жатар – деп,
Азганакай уктайлык,
Эми эле таң атар – деп,
Элге болгон бу да бир
Ажал, өлүм катар!» – деп,
Жараттын оозун буушуп,
Урушка минген аттарын
Таң ашырып суутуп,
Урушка кийген тондорун
Каткан канын жуушуп,
Алаштын колу бөлүндү,
Казак, кыргыз мусулман
Арасы ачык көрүндү.
Соолору тынчтык алыптыр,
Созулуп уктап калыптыр.
Жаралуулар жата албай,
Тоңкочуктап үшкүрүп,
Төшөгүнө бата албай,
Аскер антип жатыптыр,
Эртеси таң атыптыр.

Коборунан эринип,
Козголо албай керилип,
Турарынан эринип,
Туташып бою керилип
Жөн дегени дагы бар,
Түгү чыгып бетинен
Жүдөгөнү дагы бар.
«Каапырда каруу калбады,
Каруу-жарак алалы!
Кантесиңер, майданга
Жүр!» – дегени дагы бар,
Үшү кетип уруштан
Сүрдөгөнү дагы бар.
Колу сынып, таңдырып
Байлап жүргөн дагы бар,
Коркпой уруш салгын! – деп,
Койдой кылып дүрбөтүп
Айдап жүргөн дагы бар.
Буту сынган мунун – деп,
Теректерден табышып,
Челек кылып чабышып,
Оюп жүргөн андан көп,
Колу чыккан экен – деп,
Колтугунан көтөрүп
Чоюп жүргөн сандан көп,
Өлгөндөрдү суңкуйтуп,
Өзөн бойлой жер казып
Коюп жүргөн андан көп.
Жер очоктой бир жерди
Жемире чаап оюшуп,
Акыретте онду – деп,
Наала шейит болду – деп,
Кызылала боюнча
Кийими менен коюшуп,
Көөмп аткан андан көп.
«Кут болсун, баатыр, жара! – деп,
Кудайыңа кара!» – деп,
Жаңы келип жарасын
Көрүп аткан сандан көп.
Сом жеринде ок бар – деп,
Тинтүү менен копшутуп,
Ок жуткуруп, окшутуп,
Кустурма берип кустуруп,
Жүрөктөгү кара кан
Оржемил берип буздуруп.
Буту-колу сынганга
Момия дары издешип,
Баланчанын мылтыгы
Атканын жазбайт, түз дешип,
Кыйрап калды мизи – деп,
Кылычын кайрап миздешип,
Кызыталак кытайга
Кыңкайбайлык биз! – дешип,
Айбалтасын сапташып,
Найзанын баарын тапташып,
Мылтыктын баарын майлашып,
Мыктынын баарын урушка
Бүгүнку күнгө шайлашып,
Эсебин элдин алыптыр,
Ой-тоодогу өлүгү
Отуз мин болуп калыптыр.
Токсон миңи жарадар,
Шондо дагы калганын
Эсебин алып караңар.
Алты жүз миң аманы,
Каапырларга түшүптүр
Дүйнөнүн акыр заманы.
Үч жүз миңи өлүптүр,
Алты миң жети жүз кишини
Бүтүргөн экен ишини.
Эсебин алар көрүптүр:
Жүз отуз миң жарадар,
Жети жүз миң кол эле,
Эми мындан калганын
Эсеп кылып караңар.
Эсен калган аскери,

Кырылыптыр көп эри,
Эки жүз миң калыптыр,
Эсепсиз арбын калыптыр,
Алтымыш миң жана үч миң
Үч жүз аскер калыптыр.
Жүз миң аскер жарадар,
Жүдөгөнүн караңар!
Жана отуз миң аскерде
Жаманыраак жара бар.
Кандар өлдү, кара бар,
Кабылан Манас баатырдын
Кайратына караңар!
Токтоторго киши жок,
Бирөөнө бирөө иши жок,
Түн боюнча түмөн кол
Тоону көздөй тарашып,
Карагайга карашып,
Кай кеткенин биле албай,
Кабардашып тил албай,
Бир-биринен адашып.
Агасы өлгөн, ини бар,
Акимдери өлгөн соң,
Акыл табар кими бар?
Атасы өлгөн бала бар,
Аскер тос-тос болгон соң
Не кыларга чара бар?!
Алыстан келген аскери
Бет-бетинен тарады,
Жаман-жакшы дебестен
Жан аманын карады.
Орго кандын калаасы
Магруп-Тал дээр эле,
Ойго-тоого тарады,
Ээн калды тамдары,
Эңгиреди калганы.
Орго кандын катыны,
Санамкүл дээр атыны.
Ээрчитип эки баласын,
Ээн таштап калаасын,
Кайыкка качып киреерде
Мында катын ойлоду
Мусулмандын Манасын.
«Кара эместир, кандыр го,
Мынча ааламды терметкен
Касиеттү . жандыр го.
Темселеп кайда барайын,
Теңир башка салган соң
Деги өзүнө карайын.
Качып кайда барайын,
Как өзүнө карайын!»
Муну ойлоп катын калганы,
Казыналык коргондон
Окшоштон он ат алганы,
Аттын баарын келтирип,
Наападан бешин салганы.
Орго канга увазир,
Насили казак, улуу жүз,
Ыраман деген увазир
Башчы кылып алганы.
Ырамандын баласы,
Кызыл-Сууда калаасы,
Атын уксаң; Каратай,
Акындыгы бир далай.
Атасына каралап,
Баашалык багын аралап
Барган экен а дагы,
Ат тизгинин кармады,
Наапаларын айдады.
Жыргалаңдын боюнда,
Жылуу-Суунун оюнда
Жыргап жаткан Манаска
Супа садык чалганда,
Таң саргарып калганда,
Арабасын сүйрөтүп,
Адамдарды дүрбөтүп,
Эки араба алтыны,

Эми барды Манаска
Эр Оргонун катыны.
Эки араба күмүшүн,
Элинин көрдүң бүлүшүн,
Тартуугa сактап алыптыр,
Сандыргалуу Манаска
Заар менен барыптыр.
Кызыл кымкап, тубардан,
Кымбат баа булдардан,
Баштап-баштап булардан
Арбын дүйнө алыптыр,
Арстан эрдин астына
Тартуу менен барыптыр.
«Алаштансың сен да – деп,
Ата-бабаң баарыңды
Артыкча күттүм мен да» – деп,
Санамкүл катын кеп айтып:
«Аманат жандын айласы,
Ал домбура!» – деп айтып.
Арабадан-наападан
Түшпөй туруп сүйлөдү,
Домбуранын кулагын
Толгоп алып күүлөдү:
«Кабылан Манас баатырсыз,
Казатка келе жатырсыз,
Ак дин жолун издеген
Айбаты бар бакырсыз,
Аманат жаның өлбөсөң
Ааламга туздай татырсыз.
Кылымдын баары жем болуп,
Кызыр чалды жашыңдан,
Кылганың жутка эм болуп.
Кырылышып эч душман
Жеңе албады тең болуп.
Аскериң дайра сел болуп,
Алашка дабаан бел болуп,
Кайып ерен кырк чилтен
Камалганда жар болуп,
Казаттан жолуң шар болуп,
Уйгурду алдың уйпалап,
Кара-Кыр каны Оронгу
Каканчын көздөй кубалап.
Ымалайда Кайып кан,
Такаар берип урушкан
Талкаланды канча жан,
Кылымда болбойт андай көрк,
Кызын алдың Карабөрк.
Терс-Маёдо Текести
Айбатыңдан өлтүрдүң,
Андан калган адамын
Айтканыңа көндүрдүң,
Амансыңбы, жолборсум?!
Ак байгамбар саабасы,
Алты жүзгө жашаган
Абунасыр жолдошуң,
Ак динине жол ачып,
Акыреттин күнүндө
Ак байгамбар колдосун!
Оргого ойрон салыпсыз,
Орчун шаар Магуруп
Оюңузга алыпсыз.
Талкаланды калаасы,
Кара жанын соогаттап
Кашыңызга келип тур
Катын менен баласы.
Уруш кылдым мен дагы
Урматына канымдын,
Амандыгын тиленем
Аманат кара жанымдын.
Ар жагы алаш уругум,
Арстан заада улугум,
Астыңызга арыз айтып,
Амандык тилеп турумун!»
Аны айтып ырчы салганы,
Абакеси Бакай бар.
«Акын экен бакыр!» –деп,

А сөздү айтып калганы.
Наападан түшүп катыны,
Өткөрдү тартуу баарыны,
Сандыкта алтын зарыны.
«Өлтүрсөң мен турупмун,
Өтүнүп көп сураймын
Эки уулумдун жаныны!»
Ошондо Манас кеп айтат:
«Ук, байбиче, – деп айтат.
Бири өлтүрмөк, бири өлмөк
Бабабыздын жолу экен.
Баракелди Орго шаа,
Ар өнөрү мол экен!
Өлдү биздин колдо – деп,
Өлгөнүнө өкүнбө,
Байбиче камкун болбо – деп,
Арга жоктур акыры
Ак тагдыры өкүмгө.
Балдарың кечтим күнөөсүн,
Жакшы киши окшойсуң,
Байкоо менен сүйлөйсүң.
Турсун аман балаңыз,
Турсаң мына калааңыз,
Өз жаныңа караңыз.
Ырамандын баласы,
Атпай журтка көрүндү
Акылынын даанасы.
– Эби болсо сизге – деп,
Эртели-кечти бир жүрүп,
Эрмек болсун бизге!» – деп,
Эр Манас айтып салганы.
«Макул болот, баатыр!» – деп,
Байбиче кабыл алганы.
Санамкүл менен Ыраман
Санаасы тынып булардан
Кайта берсин калаага,
Беш миң үйгө бек кылып
Таажы берди жанагы
Каратай аттуу балага.
Ошонун жайы мына бул:
Айтканынан баар таап
Талабына жеткен кул,
Ырамандын Ырчы уул.
Ычкыры бапик
кырк муун,
Тебетейи чоктуу кул,
Айтар сөзү шоктуу кул,
Кылабына толгондо
Кырк чоронун бири бул.
«Качкан экен каапыр –деп,
Калкынан калбай такыр –деп,
Карап жатпай бу жерге
Шаарына баралык,
Тамашалап алалык.
Калаасы кандай экен –деп,
Карап жатыш бекер –деп,
Аралайлык шаарын,
Алты күн, беш күн ичинде
Адамдар ачсын баарын».
Аны айтып эр Манас,
Аскери арбын көп алаш,
Башка уруудан маңгул бар,
Баатыр Жайсаң даңгыл бар,
Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Калдар беги дагы бар.
Манжурия журтунан
Мажик баатыр дагы бар,
Баштатан Дөгөн кары бар,
Андан бөлөк буларда
Алтайлыктын баары бар.
Алчын, үйшүн, найман бар,
Аргын Каракожо бар.
Абактардын ичинде
Айдаркан баатыр кошо бар.
Кыргыздардан Байжигит,
Кыпчактардан Таз чечен,

Ногой уулу эр Эштек,
Нойгуттардын Чубагы,
Тотулардан Саламат,
Топ кылышты жыйылып
Толуп аткан жамагат.
Өзүбектен Дамбылда
Өзү чечен, өзү ажы
Өткүр баатыр Абдылда.
Набаттардан Акымбек,
Анжияндык Акылбек,
Каракалпак Бердике,
Каңгайдан келген Келдике,
Алты-Шаар бектери,
Аскерге алып келгени
Агыдай менен Төлөбек,
Аларды да билиңиз
Аскер башы төрө – деп.
Бегиш, Көйүш аяры,
Беттешкен жоого даяры,
Даңгыттан келген Кайып кан,
Дагалактын Мунары,
Атпай улук чогулуп,
Акылга келди булары.
Арстан Манас баатыры,
Айдаркандын Көкчөсү,
Абакеси Бакай бар.
Дөөлөстүн Медер султаны,
Төбө бийдин Кулжаны
Төрө Манас баатырды
Тегеректеп турганы.
«Калкылдатып туу алып,
Караан тартып, чуу салып,
Каапыр күндө келчү эле.
«Кайдасың бурут?»-дечү эле.
Калаадан бери бөлүнбөйт,
Карарып чыгып көрүнбөйт.
Кандай болгон болду?» – деп,
Кара журт айтып мындай кеп,
Кужурашып токтолду,
Каапырдын кандай болгонун
Көргөн адам жок болду.
Айтканын угуп алыптыр,
Арстан Манас ордунан
Азыр тура калыптыр:
Дин ыслам көй баатыр
Тилегениң кабыл келатыр.
Тиктегенин көргөндөр,
Тилегин кудай бергендер
Аябадың жаныңды,
Агыздың суудай каныңды.
Азапка коюп тениңди,
Алыска таштап жүрсүңөр
Жериң менен элиңди!
Кубаттуу болгон билегиң,
Кабыл болгон тилегиң.
Абунасыр саабаны
Азиз адам билемин,
Астына барып көрөлү,
Айтканына көнөлү.
Өлөңдүү жерди өрттөдүк,
Өчмөндүү жоону көптөдүк.
Тулаңдуу жерди тутантып,
Кара суу көрсөк кан куйдук,
Казаттын жолун куп туйдук.
Суу ордуна кан төктүк,
Конч ордуна кол сөктүк.
Бөрк ордуна баш кестик,
Бөз ордуна кез тештик.
Айтканымды туюнчу,
Ай, калайык, сүйүнчү!
Качкан экен каапыр – деп,
Калбай баары такыр – деп,
Орго кандын катыны,
Санамкүл дээр атыны,
Сандык толгон зар менен,
Сарпайы сонун мал менен

Тартуууга келди таң менен.
Калды – деп каран калаасын,
Канын сурап келиптир
Кашында эки баласын.
Баатырлары маңгулдун
Жесир калган жеңеңди
Кайсы бириң аласың?»
Айтып Манас салганы,
Аны уккан соң аскерден
Эр жайсаң чыга калганы:
«Андай болсо төрөм, – деп,
Жеңем экен Санамкүл,
Берсең алып, баатырым,
Мен бакыр кабыл көрөм!» – деп,
Таңгыл эр айтып салганы.
«Катындуу болдуң, Таңгыл!» – деп,
Калайык күлүп калганы.
«Жесир жерде калбасын,
Жер жайнаган маңгул тур,
Жеңеси көрүп баарысын,
Жергесинен тандасын.
Эрк катындын өзүндө,
Мага тийбей койду – деп,
Дагы башкасы калбаа салбасын!»
Муну айтып Манас салганы,
Түшкө жакын күн болду,
Алигече каапырдан
Адам чыкпай калганы.
Качканын калк билишти:
«Качкан экен каапыр!» – деп,
Каткырышып күлүштү.
«Калбаган белем такыр – деп,
Не да болсо калаасын
Аралайлы акыр!» – деп,
Арстан Манас айтып кеп,
Аскердин баарын ээрчитип,
Дубанасыр кожого,
Алып келди ошого.
«Каршылык кылган душмандан
Калбаган окшойт жалгыз жан,
Уруштан өлүп өңкөй кан.
Баатыр менен балбаны
Баарынын чыгып далдалы,
Ар жандын келет башына
Акыры дүйнө жалганы.
Көпчүлүктөн көрүнбөй
Дагы бардыр калганы.
Көпчүлүктү ким тыят,
Көрүнө калса, каапыр! – деп,
Көмө чаап, жан кыят.
Кырда жаткан мал калды,
Кызыл куйрук нар калды,
Кызыл дилде зар калды,
Калса кемпир, чал калды,
Кырып ийсек болобу
Кыбыраган жандарды,
Динге салсак көнөрбү
Кытай, маңгул заңгарды?
Өрттөп ийсек болобу
Үйүлүү калган буудайын,
Өчмөндүү болгон кытайды
Өлтүрүп ийсек болобу
Көрүнгөнүн жудайын,
Берди мынча душманды
Бербердигер кудайым,
Ак байгамбар мустапа
Алар кандай кылды экен,
Шариятын сурайын.
Качкан экен каапыр – деп,
Кандай кылсак таксыр?!» – деп,
Жүз миң аскер кашында
Мунар баатыр башында,
Мына ошондо Манасың
Жыйырма беш жарым жашында
Аскерди арбын жыйнады,

Айкожом – деп, сыйлады,
Зүкүт тартып Айкожо
Наалыш кылып ыйлады:
«Орго кандын тукуму
Олутуна конор –деп,
Акыбаты, азабы
Мусулманга болор –деп,
Кыйыны болор кыргызга,
Кыйырыңа жакын тургузба.
Төртүнчү ата болгондо
Төрөлүккө атанар,
Төгөрөккө чаң салар.
Аты болор Тинмочор
Алдам өзү бир билер
Анын кандай кылуусун.
Кайырлуу болор арты – деп,
Ал мусулман болгончо
Калайыкка көп өтөр
Заар-закмат дарты – деп.
Кеп кылып айтып боло албайм
Келе турган кайыпты,
Ак кашына барганда
Боломун – деп айыптуу,
Дегдеген эрлер алышсын
Тием деген зайыпты.
Келме айттырсың тилини,
Келин-кызга кызыгып
Кетирбесин динини.
Кеп билбеген нонок бар,
Кеби жаман чолок бар,
Кейитпесин бирини,
Кызыл ээк чалдар бар,
Кызыл муштум балдар бар,
Кыйнабасын бирини.
Айтып мактап көндүрсүн
Ак ыслам динини.
Чыгарбай жашын жыйнасын,
Адам түгүл бул аскер
Талма-Куруп шаарынан
Чымындын жанын кыйбасын,
Абунасыр сөзү – деп,
Айтканымды сыйласын.
Жетим калды балдары,
Жердей болду тамдары,
Кыйылып кетти жандары,
Кыйрап калды тамдары,
Кыйналды мунун калганы,
Ар жандын келер башына
Аңдасаң дүйнө жалганы.
Баашасы өлүп кетиптир,
Балбандары нетипдир,
Баарыңа айтар ниетимдир,
Балдардын баары жетимдир,
Катындын баары жесирдир,
Катаалдык кылсаң кесирдир.
Кыз бала калды, күйөө жок,
Кыйрады булар сүйөө жок.
Кер-Көлдүн бою түз экен,
Мыйзам учкан күз экен,
Кызыл кырман кези экен,
Куурал менен жыргалың
Кудай кылса тез экен.
Күйгүзбөңөр аштыгын,
Күбүбөңөр баштыгын,
Башынан алдың жаздыгын,
Баш көтөргөн калбаптыр,
Басылсын эми каздыгың.
Жамандык кылба, жан кыйба,
Жесир калган баарысы,
Жетим уул, тул катын,
Айтканымды алсаң эсиңе
Жетилсин сенин урматың!»
Айтып сөзүн Айкожо,
Алакан жазды күңгүрөп»,
Атпай алаш оомийин – деп,
Кол көтөрдү дүңгүрөп.

Ак байгамбар өткөнү
Эки жүз сексен жыл болгон,
Анын дагы оолаты
Ичкерип мойну кыл болгон,
Жезит алып башыны,
Селдей төгүп жашыны.
«Каапыр да болсо эл экен,
Каркап толгон неме экен.
Казылды дүмүр тамыры,
Муну ушундай кылдырган
Кадыр Алла амыры.
Нысап берсин өзүңө
Бир жараткан кудурет,
Өзгөнүн баары бекер дээр,
Өкүмүн өзүнөн бөлөк ким билет,
Билгенимди айтмагым
Бейжардамга чоң милдет!»
Айкожо сөзү басылды,
Аягы менен аскердин
Жыргалаң бою казылды.
Ногойдон калган кызыл туу,
Оболку атаң сөзү экен
Ойлосоң жомок мына бу,
Башы Байгур кыргыздан,
Биргул Муса тушунда,
Эл бөлүнүп ушунда,
Каламын – деп, калгандан
Калмак болду канча жан,
Бүткүл Жапас уулуна
Абылкайыр шондо кан.
Калсак, – деп жүрүп калбаган,
Кадыр Алла жалгаган,
Казак деген канча жан,
Калсак аты өчүптүр,
Айтууга арзан болгондон
Казак атка көчүптүр.
Бир уругу кыргыздын
Кыпчакбыз – деп, турушкан,
Колун тартпай душмандан,
Койгулашып урушкан.
Кылымга бүлүк салыптыр,
Ошо күндөн ушу күн
Кыпчак атка калыптыр.
Түп атасы булардын
Кыргыз деген калыктыр.
Айкожодон бата алып,
Аскердин баары аттанып,
Урматка бүгүн толушуп,
Урук-урук болушуп,
Маңгулдар башка бөлүнүп,
Манжурия калмагы
Бир четинде көрүнүп,
Казактын калкы калдайып,
Камбаркандын кызыл туу
Асабасы далбайып.
Кара Ногой Манасы
Бабыр кан мунун бабасы.
Көп аскерди төрт бөлүп,
Бет алган жагы өрттөнүп.
Көтөргөнү туу болду,
Көк жаңырган чуу болду.
Азирет, – деп буркурап,
Алдалашып чуркурап,
Асаба желек дыркырап,
Айбатынан аскердин
Таш чачылды быркырап:
«Ак ыслам динибиз,
Абунасыр пирибиз,
Асман-жердин ээси
Алла Таала билебиз!»
Кубанычка добул кагылып,
Кудуретке жалынып,
Кулус жаңжуңшаарына
Маңгулдун колу жабылып.
Мылтыктын оту чагылып,
Кара-Сууда Дөң-Калаа

Казактын колу жабылып.
Манжурия калмагы
Күңгүрөтүп добулун,
Күңгөй жагын алганы,
Барабан согуп дүңгүрөп,
Байсоорун көздөй барганы.
Ногойдон калган кызыл туу,
Обо жарган ызы-чуу,
Оргонун шаарын бет алып
Оён Манас барды бу.
Калаасынын аты экен
Талмак-Кырып аталган,
Лайламалуу! – деп,
Адамынын баарысы
Азезил атын жат алган.
Калаага кирди мусулман,
Калбаган экен жалгыз жан.
Заңгырап сарай үй калган,
Опоосу жок шум жалган.
Жыйылуу бойдон жүк калган,
Жайытта малы шүк калган.
Амбарда аштык чок калган,
Оюгу менен кок калган.
Суң кытайдын элдери
Сайдырып салып аскери
Сапырылып калыптыр.
Алдырганын билиптир,
Калаасын өрттөп ийиптир.
Калганынын баарысы
Качып көлгө кириптир.
Түпсүз кара көлү бар,
Түгү калбай көлгө өлүп,
Жайылдыгын көрүп ал!
Өрттөп ийип калаасын,
Өзү өлтүрүп баласын.
Күйгүзүп ийип тамдарын,
Өчүрүп ийип шамдарын,
Өлтүрүп кемпир-чалдарын,
Аты бардын баарысы
Өңөрө качып балдарын.
Кытай кыргын салыптыр,
Маңгул менен калмактын
Малы толо калыптыр,
Ээн калган калаага,
Калайыктын баарысы
Качкан экен талаага,
Орго кандын ордого
Оён Манас барыптыр.
Оргонун зайыбы Санамкүл:
«Кадамыңыз кут болсун
Кабылан Манас баатыр!» – деп,
Кулдук уруп, кол созуп,
Астынан басып жол тосуп,
Арстан Манас баатырга
Амандашып жол кошуп,
Сепилден капка ачтырып,
Астына жубар чачтырып,
Баркөө тигип чатырды,
Баштады Манас баатырды.
Олтуруп Манас кеп сурайт:
«Оболдон акыр сыйынып,
Орчун дүнүйө жыйылып,
Кудайым – деп адашып,
Куру бутка сыйынып,
Алгандыр го азезил
Бутканага жыйылып.
Азгырып жүргөн Оргону
Кайда болот, байбиче,
Бутканаңдын коргону?!
Айтканын катын укканы,
Баштап алып Манасты,
Бутканага чыкканы.
Капкасын ачып кириптир,
Кабылан Манас көрүптүр:
Сары алтындан иштеген,
Инжи менен тиштеген,

Көөхар менен көздөгөн,
Көкүрөктө көңдөйдөн
Ибилис кирип сөздөгөн.
Кудурети Алданын,
Баатыр көзүн салганы:
«Өлүү эмессиң, тирүүсүң,
Зайыппуруш эрлердин
Санаттагы бирисиң!»
Бу сөздү айтып салганы,
Ачып көздү жумганча
Бузулуп түшүп калганы.
Муну көрдү Санамкүл,
Акылдуусун анын бил:
Буткананын жалганын,
Мурунтан буга сыйынган
Пейлибизди биздин да
Бербердигер алганын!»
Асыл экен баарысы,
Жыйып-терип алганы.
Абунасыр кожого,
Алып барып ошого,
Назир кылып бергени.
Атпай журттун баарысы
Аңгемесин көргөнү.
Тула бою баарысы
Тунук алтын сары экен,
Зумурут, көөхар, инжи таш,
Аз болгондо баасы
Алты миң төөлүк бар экен.
Калаага кирип канкоруң,
Казынасын ачтырды,
Агар алтын, ак күмүш
Карып-мискин алсын – деп,
Алып чыгып баарысын,
Көчөсүнө чачтырды.
Ат өргүтүп, эр тынып,
Алты күнү жаткырды,
Андан кийин той баштап,
Ат, кунанды чаптырды.
Алиги көргөн төрт урук
Ата уулусун чакырды,
Кубанычка минтип батырды,
Кутуруп ойноп жаткырды.
Тогуз жүз очок ойдуруп,
Тогуз жүз бээ сойдуруп.
Аскердеги ач-арык
Аппак майга тойдуруп,
Жонгурчка – беде чөбүнө
Аттарын байлап койдуруп,
Үлпөт ойнун тим кылган,
Үзүрдү мындай ким кылган?!
Тоо жагында карагай,
Токтолуп аскер турсунбу
Карагайда не бар? – деп,
Тоону чыгып карабай.
Таардан куржун бүктөшүп,
Жамбыны таштай жүктөшүп,
Каапырдын баары бөлүшүп,
Калдыратып жамбысын
Карагайга илишип,
Кайрыла албай дүйнөгө,
Кара жанын каркыттап
Качып жолго киришип:
«Кеткен соң кыргыз аларбыз
Кененип шондо каларбыз!»
Белгилеген болушуп,
Бекиткенсип коюшуп,
Атилес менен шайыны,
Аңдагын кытай жайыны,
«Торгун, тубар, дүрүйө,
Чүштө, буулум дүнүйө
Кайткан соң келип аларбыз,
Кайтып байып каларбыз!»
Карагайдын калыңын
Балталашып оюшуп,
Буулум-бута дүнүйө

Бутакка илип коюшуп,
Өлүү малын жайлаптыр,
Тирүү малдын баарысын
Оозу туюк жылганын
Төрүн көздөй айдаптыр,
Кач-кач болуп бузулуп,
Каапырдын шору кайнаптыр.
Кайнабаса неткени,
Кара жандын айласы,
Качып өзү кеткени.
Көсөмдөрдүн кыйласы
Көтүнөн куба жеткени.
Көрүнгөн мүлкүн алышты.
Кара малды көп алып,
Көлүккө жыргап калышты.
«Көрбөйсүңбү, баатыр – деп,
Көк өтөктө мал жатыр,
Арбын окшойт акыр – деп,
Алалык койбой такыр!» – деп,
Төрдөн айдап малыны,
Жылкы, сыйыр баарыны
Жыйып жүргөн андан көп.
Башында сонун бул турат,
Койбой алсак экен – деп,
Карагайдын түбүнөн
Карсылдатып балталап
Кыйып аткан сандан көп.
«Асылба аска ташка – деп,
Анын жолу башка – деп,
Шаты коюп алабыз,
Ашыкпагын, шашпа!» – деп,
Тыйып аткан андан көп.
Буйласы менен төө калган,
Буйга жерде жөө калган,
Ар жерден айдап алып жүр
Бурушка калган көп малдан.
Жол билген ашуу ашыптыр,
Билбегени шашыптыр,
Малы менен курсун! – деп,
Башын алып качыптыр.
Мал, дүйнөсү калыптыр,
Мусулмандар барыптыр,
Буюрганын алыптыр.
Кытай жайыл калыктыр,
Канча сонун асыл бул
Как ошого жеткенче
Карагайда калыптыр.
Талма-Куруп шаарына
Оюн кылып эр Манас
Он беш күн токтоп калыптыр,
Он беш күндүн ичинде
Ойдон-тоодон кытайдан
Отуз миң таап алыптыр.
Кара куйрук нар алып,
Айдап жүргөн андан көп.
Кажылдатып качпа – деп,
Кара кытай журтуну
Байлап жүргөн сандан көп.
Кызыл куйрук нар алып,
Айдап жүргөн андан көп.
Кыжылдатып кытайды
Байлап жүргөн сандан көп.
Минемин – деп, жорго алып,
Минтип жүргөн андан көп.
Эски коргон чалдыбар
Көмүктөрүн көп ачып,
Немесин койбой оодарып,
Тинтип жүргөн сандан көп.
Уюктан доңуз көрүшүп:
«Кырс каапырды өлтүр!» – деп,
Кылыч менен бир салып,
Белинен эки бөлүшүп,
Жолдун эки жагына
Таштаганы андан көп.
«Жолуң болгур, бери кел!» – деп
Балан жерде мал жатат

Барып шону алууга
Баштаганы сандан көп.
Отуз миң тапкан адамдын,
Ойлоп артын карагын,
Жыйырма үч миңин караса
Келин экен, кыз экен,
Кендир бойлуу, тасма бел,
Келишимдүү уз экен,
Өң-түсүнө ишенип
Өлбөгөндөр ушу экен.
«Өчөшүп төкпөй канымды,
Өзүм кыйбай жанымды,
Тулумдуу чачым өрөрмүн,
Душман да болсо колуна
Тирүү түшүп көрөрмүн.
Өлтүргөн болсо дүйнөдөн
Өкүнчү жок жөнөөрмүн.
Өзүм өлүп калган соң,
Өкүнчүм бойго сыйбас – деп,
Өңү-түсүм көргөн соң
Алар да адам уулу го,
Өлүмгө мени кыйбас!» – деп,
Ою терең ойлуулар,
Копшогондой бойлуулар,
Алтындан түймө баштуулар,
Акак тиш, кыйган каштуулар,
Аялдан болгон жакшылар
Кай бирөөсү калыптыр
Карагайга бааналап.
Кай бирөөсү кириптир
Кара көлдө камыш – деп,
Кана билип дааналап.
Кай бирөөсү калыптыр
Ашмачы үйгө тыгылып,
Кай бирөөсү калыптыр
Атканага жыгылып.
Кай бирөөсү калыптыр
Карагайдын оюнда,
Кай бирөөсү калыптыр
Кара суунун боюнда.
Кай бирөөсү калыптыр
Саман салган үңкүрдө,
Кай бирөөсү калыптыр
Кыян жеген чуңкурда.
Он беш күндүн ичинде
Ойдон-тоодон табылды,
Ошо күнү аскерге
Ордо добул кагылды.
Куралып чыгып көп аскер,
Кулус жаң-жуң шаарына
Барып булар жабылды.
Жыйып-терип аларды,
Жыйырма миң таап алыптыр.
Жыйырма миңдин ичинде
Төрт миң эркек калыптыр.
Он бир миң болуп эркеги,
Ушундай өткөн эртеги.
Он алты миңи келин-кыз,
Ушундай болуп өтүптүр
Оболку өткөн көп кыргыз.
Казаттын туун аштады,
Кара-Суунун калаага
Калдайтып колду баштады.
Кара-Суунун боюнан,
Тоосу менен оюнан
Токсон миң таап алыптыр.
«Түп калган экен мында!» – деп,
Түмөн аскер айткан кеп.
Түгөлдөп эсеп алыптыр,
Кыйырынан бузулган
Кырк миң адам калыптыр.
Элүү миңи кыз-катын,
Эрлердин кылып кызматын,
Алар токтоп калганы.
Бачым мында келсин! – деп,
Манжурия Мажыбек

Баатырга кабар салганы.
Соорун калдай шаарынан,
Сонунунун баарынан
Сексен миң таап алыптыр,
Селдей каптап кол менен
Мажик баатыр барыптыр.
Ортосу күндүк жер экен,
Отуз миңи эр экен.
Элүү миңи ургаачы,
Эл болуп келген жесирдин
Эсебин албай турбачы.
Түрмөгүн түмөн кырба – деп,
Түп калган экен мында! – деп,
Түгөлдөп эсеп алганы,
Ошондон бери ошол жер
«Түп» атанып калганы.
Сексен бир миң эркегин
Абунасыр кожого
Алып келди ошого,
Насиятын айтсын – деп,
Динге кирбей койгону
Өз жолуна кайтсын – деп,
Аткарышып жумушту,
Айкожонун астына
Алып келип турушту.
Жүз миң отуз тогуз миң
Өңкөй жесир ургаачы,
Калбасын – деп, алар тим,
Алдырып келди кашына,
Абунасыр олуя
Чыкты мунар башына,
Алтын жазуу куранды
Асып алып мойнуна,
Акыреттин камы үчүн,
Аманат курган жан үчүн
Жашын төгүп койнуна:
«Кашымда калыңжыйын –деп,
Кадыр Алла кудайга
Капилет калбай сыйын! –деп,
Тилин алба азгандын,
Тирө .чүн таап көрүңөр
Үстүндө турган асмандын?!
Басып турган жер – деди,
Суусу канча, таш канча,
Түшүрүп не жибербейт,
Танабын таап бер? – деди,
Ошончону көтөрүп,
Сурап акын албаган,
Бербейсиң – деп, – акымды
Оодарып таштап салбаган
Ушу кандай эр? – деди.
Жок, андай эмес, айтайын,
Отуз күндө жаңырып
Ай көрөсүз ай сайын,
Азилин анын ким билет?
Алла Таала бир билет.
Күндө чыккан күнүбүз,
Күндө ойлонуп бүлүңүз,
Жарыгы көздү жайнатат,
Жай саратан күнүндө
Шакардай сууну кайнатат.
Күн эсепсиз ысык ко,
Күндүн ээси бардыр – деп,
Ойлонбосоң кызык ко.
Жылтырайт жылдыз асманда,
Жобоном жолдон азганга,
Бирлигимди билсин – деп,
Баарысына буйругу
Мурду менен дем алып,
Буту менен басканга.
Көзгө илинбес жандар бар,
Чоңдугу тоодон кем эмес
Көгө деген заңгар бар,
Айбандын жаман айбаны,
Эгер акыл-эс берсе
Койбос эле жандарды:

Кичүү менен чоңуңду,
Эрүү менен тоңуңду.
Көрдүңөрбү, калайык,
Чоң жансактап алганын,
Көз илинбес кичине
Жандардын өлүп калганын?
Кичи да аман, чоң да аман,
Баарынын жансактамагы
Бир жараткан Алдадан,
Бир кудайым бардыр – деп,
Ойлоңбогон кай наадан!
Көзгө илинбес жандарга
Ырыскы бербей калган жок,
Керик жүрөт, пил жүрөт,
Таап жегин чоңсуң – деп,
Алла Таала кудурет
Ачка таштап салган жок.
Бир жараткан кудаанын
Барлыгы чын, жалган жок!
Ушунчанын баарысын
Бол! – дегенде болтурган,
Баранданын баарысын
Асман-жерге толтурган,
Бири жандуу, бир жансыз,
Бир жандар бар түк кансыз.
Топурак дейсиз жаны жок,
Таш жарсаң тамган каны жок,
Кудаанын кудуретинин
Эсеп-кысап саны жок.
Жердин жаны жок болсо
Тербелишке көнөбү
Көктөн түшкөн жамгырга
Көгөрүп кие өнөбү.
Таш да жандуу, жер жандуу,
Дарак болуп мөмөлөп
Өнүп турат кээ жандуу.
Баары жандуу болмогу
Кудуреттин күчүдүр,
Ар жаныбар жай алган
Асман-жердин ичидир.
Кудайдын күчү кошо бар
Өзүңдүн алты мүчөңдө.
Балбанмын – деп, эрмин – деп,
Башка жанга күчөнбө.
Күчтүүмүн десең бекерсиң,
Күбүлүп талдын бүрүндөй,
Билбей туруп алыңды
Бир күндө учуп кетерсиң.
Алың мүшкүл, бир күнү
Арасатка жетерсиң.
А жерде барып боло албас
Мындагыдай заманың,
Так ошондо эсептээр
Жакшы менен жаманың.
Жакшылык кылсаң сооптуу
Так берерсиң жоопту.
Жаман ишиң көп экен
Таразаң кылдай ооптур.
Көп болду күнөөң нетерсиң?
Жаныңызга ээлик жок,
Жааннамга кетерсиң!
Оттон кылган орун бар,
Ошого кирсең шоруң бар!
Оттон чаян, жылан бар,
Малейик – дейт баарысын,
Бендеге каар кылган бар.
Оттон болгон улан бар,
Оттон күрсү урган бар,
Ойбой салып курган бар!»
Арасаттын сөзүнү,
Аскерге салып көзүнү
Абунасыр баштады,
Аңдап уккан адамдар
Агызып көзүн жаштады.
Куран китеп өзү – деп,
Куп өтөдү аскерге

Кудайдын айткан сөзү – деп.
«Акыры барып көр – деди,
Арасатта кыйынды!»
Айран-азыр таң кылды
А жердеги жыйынды.
Билип, тилеп калмактар
Бир жараткан кудаага
Ошо жерде сыйынды.
Буттун баарын талкалап,
«Кудай болсо бул заңгар
Айрып бизди койбойбу
Бу кыргындан калкалап.
Асман-жердин ээси
Алла Таала бар экен
Бенде кылып жараткан.
Бери менен дөөсү,
Бендеге душман шайтаны,
Бурканга кирип сөз кылып
Бузуп жүргөн биздерди
Шайтан экен айтканы.
Келме келди тилине,
Ыкка кирген калмакка
Ыйман кирди дилине:
Кудай жалгыз, куран чын!
Ыклас менен баш коюп
Абунасыр пирине,
Ак ыслам динине.
Сексен бир миң аскердин
Бир миңчеси туруптур,
Алла насип кылбаган
Динден моюн буруптур.
Жүз отуз миңче эле,
Аялдар моюн сунуптур.
Сексенче кемпир калыптыр,
Жерге кирсин, болбойт – деп,
Жайына таштап салыптыр.
«Кудай жалгыз, куран чын,
Пайгамбар бар, ак дини!»
Келме шаадат келтирди,
Шум напсини өлтүрдү.
Каапырга каар салмакка,
Каяша кылган душмандан
Кайтарып кегин алмакка
Үртүктөп атын токушуп,
Үйрөнүп намаз окушуп.
Үлкөн, кичик кыйла жан
Өлгөн экен окко учуп.
Өлгөнүнө өкүнүп,
Мурунтадан билбей! – деп,
Муңканып ыйлап өкүрүп.
Качканыбыз келер – деп,
Каруу-жарак белендеп,
Казатка белин байлашып,
Каруу-жарак шайлашып,
Капилеттен өлдүк – деп,
Калмактын баары кайлашып,
Казаттын жолу кайда? – деп,
Өлүмгө башты байлашып,
Алты жүз миң кол болуп,
Арал колго жык толуп,
Алтындан доол урганы,
Арстан Манас баш болуп,
Аскерди жыйып турганы.
Акылмандын баарысы,
Айдаркан, Ошпур карысы,
Байжигит, Бакай калысы.
Эми Манас кеп айтат:
«Бербердигер бир кудай,
Берееринде бендесин
Өзү билет – деп айтат.
Алыста Алтай жерибиз,
Намыс үчүн жан кыйган
Атпай алаш элибиз.
Кайратың оттой жайнадың,
Каның суудай кайнадың,
Казатка белиң байладың.

Жарым кылба ишиңди,
Ак таалам сактаптыр
Жардамчы аскер кишиңди.
Акунбешим бааша – деп,
Атышар жооң ошо – деп,
Эки кайта кол келди,
Эсил жанга зор келди.
Душмандык кылды биздерге,
Мен ойлонуп турамын
Бешим шааны издээрге.
Ажал берсе кудурет
Атышып жатып өлөргө,
Берген болсо кудурет,
Берекесин качырып,
Бет бетинен бөлөргө.
Кадыр Алла буюрса
Калаасын каран саларга,
Катын-кызын олжолоп,
Кармап жесир аларга.
Базарын майдан кылууга,
Барктуусун басып кырууга,
Бутканасын бузууга
Мурункунун жолу – деп,
Казат кылып ушуга,
Мусулмандын колу – деп,
Бел байлаган тушунда,
Акка кылып тобокел,
Аттанып Акун баашага,
Барсак кантет ошого.
Дарбазасы таш коргон,
Капкасы алтын босого,
Казат кылып ошого
Барып калса канетет?
Катарыңда кары-жаш
Казып алып алтынын,
Байып калса канетет?
Булагасын шаарыны
Бузуп алсак не болот?
Мусулмандын аскери
Бузук салса не болот?
Кара-Төлөк калаасын,
Кадыр Алла жар берсе
Какшатып катын-баласын,
Канап алсак –деп турам,
Кара малын талаадан
Талап алсак –деп турам.
Толкуп аткан жылкысын
Тийип алсак –деп турам,
Торгун, тубар тондорун
Кийип алсак –деп турам,
Тобурчагын токутуп,
Минип алсак –деп турам,
Баашалыкка бактырган
Билип алсак –деп турам.
Эзелден азем чарбагы,
Шаарын алсак –деп турам.
Ажарланган жүзүнөн
Наарын алсак – деп турам.
Аялуусун түк койбой,
Баарын алсак – деп турам.
Үстөмдөгөн дүйнөдөн
Борумун алсак – деп турам,
Ойбойлотуп улуу чуу,
Орунун алсак – деп турам.
Бабамдан калган Түркстан
Жерин алсак – деп турам,
Маңгул, кытай куралган,
Элин алсак – деп турам.
Көк сүлөөсүн кундуздуу
Бөркүн алсак – деп турам.
Көп ичинде шаңдактуу
Көркүн алсак – деп турам.
Алтын айчык аштаган
Туусун алсак – деп турам.
Бабамдан калган Абан суу,
Суусун алсак – деп турам.

Он бешке толгон жаштуудан,
Олоңдой кара чачтуудан,
Инжиден аппак тиштүүдөн,
Жыйындан чыккан иштүүдөн
Кызын алсак – деп турам,
Кыжылдатып кытайга
Кыргын салсак – деп турам.
Көбүңө салдым көп түлүк,
Көңкү турган көпчүлүк:
«Көргөзбөйт экен үйдү – деп,
Самап калды Чүйдү» – деп,
Көңүлүңө албасаң,
Көз кыйыгын салбасаң,
Жаман көрүп калбасаң
Акунбешим баашаны,
Арзып турам ошону.
Кадыр Алла буюрса
Канын суудай жошолу,
Алтайлык менен Наамандык
Айылын бирге кошолу!»
Аны айтып Манас салганы,
Айдаркан уулу эр Көкчө
Ордунан тура калганы.
«Уругуң кыргыз-улук журт,
Урматтуулар, баарың ук!
Атаңдан калган жер үчүн,
Алаш урук эл үчүн...
Түркстан экен жерибиз,
Түпкү атаңды карасак
Түмөн кыргыз элибиз.
Башында маңгул бөлүндү,
Бар кудаанын буйругу
Мына ушундай көрүндү.
Маңгулга кошо татары,
Баштагынын бир кезек
Өткөн экен катары!?
Кыргыз, казак, калмагы
Кыйла жер экен алганы.
Айткандардан угабыз
Наамут деген дайраны.
Ал дайранын бер жагын
Алган экен бабабыз.
Атадан калган жер-сууну
Качан издеп табабыз?!
Түркстан экен жерибиз,
Түмөн алаш элибиз,
Жер талашып өлгөндөн
Тая койбос эбибиз.
Аягы Ноот, Арал-Көл,
Четиң Жазыйра, Жемин,
Арал чөл Андан бери биздики,
Атабыз алган жерибиз.
Азыр сен болуп турасың
Атанып Манас эрибиз,
Алың келсе Самаркан,
Букарды алып бериңиз!
Бу турган Булагасынга
Барбайт деген эмине?!
Казатта жүрүп бел байлап
Кандай айткан кебиңиз?
Жазуудан артык жан өлбөйт,
Тактада жатып кан өлбөйт,
Ажал бирөө, айда өлбөйт,
Адам уулу кайда өлбөйт?!
Карсылдаштык Оргого,
Кан жүргүздүк ордого.
Каапырдан канча кан өлдү,
Казак менен кыргыздан
Анча-мынча жан өлдү.
Маңгул, калмак, сарты бар,
Баш байлаган өлүмгө,
Баракелде марты бар.
Карыш турган Акбешим,
Карап турсам ошо жерге
Кандай барбас дарты бар?!»
Муну айтып Көкчө салганы,

Кайып даң менен Мунары,
Кабыл алды булары.
Маңгулдун баатыр Даңгылы,
Кара калмак журтунан
Кадимки Мажик камбылы.
Ошпур, Бакай карысы,
Олтургандын баарысы:
«Казаттан кайтпай өлөлүк,
Ак жазганын көрөлүк,
Аскерди үчкө бөлөлүк.
Кыйынсып келип, кыйласы
Кыргын тапты Кер-Көлдөн,
Тос-тос кылып кытайлар,
Колунан келген чагында
Аз болгондо жүз бөлгөн.
Кудайдын берген тушунда,
Бириктирип арабыз,
Кошулалык ушунда!»
Кайраттанды баарысы,
Жашы менен карысы.
«Оомийин!» –деди Айкожо,
Бата кылып алышты.
Бөлмөк болду колуну,
Алмак болду жолуну.
Камбардын туун аштады,
Жүз элүү миң кол алып,
Айдаркан жолду баштады.
Кызыл-Кыя жол менен,
Жүдөбөгөн көй баатыр
Жүз элүү миң кол менен,
Дуулат, Үйшүн зор менен,
Каркыра басып калкылдап,
Каруу-жарак жаркылдап,
Асабасы жалпылдап,
Алтындуу туусу калкылдап,
Чабдар, Чарын жол менен
Бара турсун эр Көкчө
Жүз элүү миң кол менен.
Суңшоо деген жери – дейт,
Кулутка, Буртак беги – дейт,
Башчысы маңгул, кытайдан,
Калыңы калмак эли – дейт,
Манжурия, тыргооттон
Баары турган жери – дейт.
Кайып кан менен Мунарды:
«Казаттан жолуң болсун!» – деп,
Жүз элүү миң кол менен,
Кер-Көлдүн тескей жол менен,
Кабылан Манас баатырдын
Как өзүндө калганы,
Каркап санап үч жүз миң
Аскеринен алганы.
Ашыгы жана элүү миң
Азаматы шаңдагы.
Арбынын алып элинин,
Ара күндүк жол экен
Ченин алып жеринин,
Түптөн кечип жол менен,
Түмөн аскер кол менен,
Тууну тууга урдуруп,
Чаңды обого бурдуруп,
Сурнай кулак тундуруп,
Жаа Алдалап буркурап,
Ак байгамбар колдо! – деп,
Шаймерден! – деп чуркурап,
Күңгөй бойлоп күркүрөп,
Күлдү кыргыз аскери
Күйгөн оттой дүркүрөп,
Кызыл айчык туу аштап,
Кыраан Бакай кол баштап,
Кыргыл баатыр жол баштап,
Аргымак аттар алкылдап,
Алтындан калкан жаркылдап,
Арстан Манас аскери
Бара турсун шартылдап.
Ала-Бели көрүндү,

Жүз элүү миң кол менен
Үрбү баатыр бөлүндү.
Аны таштай туруңуз,
Акунбешим баашанын
Аңгемесин угуңуз.
Чулу менен Ардайды,
Көкүрөктөн Кеймен кан:
«Орго шаага баргын!» – деп,
Жөнөткөн эле далайды.
Жети жүз миң кол келип,
Жерге сыйбай мол келип,
Кеймен, Чулу зор келип,
Урушуп жүрүп өздөрү,
Баатырлардын өлгөнүн
Баарынын көргөн көздөрү.
Сары кыяр калдайы,
Ары кыяр, ары аяр,
Колго түшүп далдайды.
Бегиш менен Көйүшкө
Мээнет чырмап тутулуп,
Өрткө күйүп, чок болуп,
Өлө жазып токтолуп,
Өнөр менен кутулуп,
Барган экен канына,
Жапаа түшүп жанына.
Ачып-арып, тамтайып,
Акунбешим баашага
Араң жетти самтайып.
Көтүнөн барган көпчүлүк
Көрүп барды көп түлүк.
Ат-тонунан айрылып,
Өзү барды кай бирөө.
Кулагынан айрылып,
Көзү барды кай бирөө.
Сол колунан айрылып,
Оңу барды кай бирөө.
Кичисинен айрылып,
Чоңу барды кай бирөө.
Оң колунан айрылып,
Солу барды кай бирөө.
Муздап калган эмедей
Тоңу барды кай бирөө.
Көздөрүнөн айрылып,
Кашы барды кай бирөө.
Бала-чака жуда жок,
Башы барды кай бирөө.
Башын бууп кур менен
Бөрксүз барды кай бирөө,
Мурунунан айрылып,
Көрксүз барды кай бирөө.
Эки буттун бири жок,
Чолок келди кай бирөө,
Эптүү айткан сөзү жок,
Нонок келди кай бирөө.
Балдак менен таянып,
Басып келди кай бирөө.
Башы-көзү кызыл кан,
Жашып келди кай бирөө.
«Балакетке калдык!» – деп,
Шашып келди кай бирөө.
Омуроого ок тийип,
Онтоп келди кай бирөө.
Оозуна келген кепти айтып,
Оттоп келди кай бирөө.
Төртөө-бешөө чогулуп,
Топтоп келди кай бирөө.
Төрөсүнөн айрылып,
Жоктоп келди кай бирөө.
«Бир тууганым өлдү!» – деп,
Боздоп келди кай бирөө,
Минген аты ушу – деп,
Коштоп келди кай бирөө.
Кыдырып Абан суусунан
Кечип келди кай бирөө,
Кызылала кандуу тон
Чечип келди кай бирөө.

Кыргыздын көрүп азабын,
Кыпкызылдай жанынан
Кечип келди кай бирөө.
Көрүп туруп Акбешим,
Көлдөй төктү көз жашын:
«Жайы жакшы, суу тунук,
Жатуучу элек кутуруп,
Алаш курчап алыптыр
Аяк менен башымды,
Атаганат дүнүйө,
Кайда барам кутулуп?!»
Акунбешим баашасы,
Түгөндү бүгүн нашаасы.
«Менмин» – деп ойлоп жүрчү эле
Наамандыктын сыртынан
Кара коргон кашаасы.
Кыжылдап барган кытайдын
Кыйласынан кеп сурайт:
«Кыйын бекен кыргыздар,
Кылганын айткын?» – деп сурайт.
Кажылдаган каапырдын
Канчасынан кеп сурайт,
«Катуу бекен казагы,
Канеттиңер?» – деп сурайт.
Көсөл калдай барганы,
Сары кыяр аяры
Көргөнүн айтып зарлады:
«Эбин-чагын журт күтүп,
Эл көрө элек экенбиз,
Эрегишип урушуп,
Эр көрө элек экенбиз!
Ала мөңгү бел ашып
Тоо көрө элек экенбиз,
Айгайлашып урушуп,
Жоо көрө элек экенбиз!
Ат арытып сапардан
Жол көрө элек экенбиз,
Арбын черүү, улуу топ
Кол көрө элек экенбиз!
Ар тараптан арбыган
Эл көрө элек экенбиз,
Агып, ташып каптаган
Сел көрө элек экенбиз,
Айтканынан кайтпаган,
Ажалдан башын тартпаган
Эр көрө элек экенбиз!
Өпкө чайкап, кан ичип,
Өт көрө элек экенбиз,
Өзөн күйүп туташкан
Өрт көрө элек экенбиз,
Башыбыздан ар ишти
Өткөрө элек экенбиз,
Көрүп келдим кыйланы!»
Айтып туруп аяры
Көзүн жаштап ыйлады,
Муңун айтып канына,
Бурчактап жашын тыйбады:
«Ат көтөрбөй, бил минген
Жөө көрө элек экенбиз,
Көпкөк темир кийинген
Дөө көрө элек экенбиз!
Мунарадай зоңкойгон
Бой көрө элек экенбиз,
Бузукчулук, урушкан
Той көрө элек экенбиз!
Сакал менен мурутту
Тереби, – деп ойлоймун,
Сазайыңды колуңа
Береби, – деп ойлоймун.
Алеңгир жаа, сыр жебе
Кереби, – деп ойлоймун,
Аркабыздан аз күндө
Келеби, – деп ойлоймун.
Көңүлдөн кеткис кеп экен,
Култаңдын сөзү төп экен,
Куруп калсын дүнүйө,

Көрө элегим көп экен!»
Сары кыяр калдайы
Айтып турду далайды.
Аны уккан соң каныңыз
Акылы кетип шалдайды.
Карап туруп бир кезек,
Калкына сүйлөп тил безеп:
«Тулпар минип, туу аштап
Турушканда көрөрбүз,
Түп көтөрүп, сап тартып
Урушканда көрөрбүз!
Кара болот калканды
Жабышканда көрөрбүз,
Каршы-терши майданда
Чабышканда көрөрбүз,
Каза жетсе, күн бүтсө
Кайда да болсо өлөрбүз!
Өмдөп кыргыз кол келсе,
Өзөн тартып жол келсе,
Өрт күйгүзүп мол келсе
Өкүмөтүн көрөрбүз,
Өжөрлөнүп урушуп,
Ажал жетсе өлөрбүз.
Төкпөй туруп канымды,
Кыйбай туруп жанымды
Төрт атам өткөн Абан суу
Таштап кайда жөнөөрбүз?!
Кайда кеттиң жанагы
Топ аралап билгендер,
Тон жакшысын кийгендер,
Бечараны жегендер,
Мен жакшымын! – дегендер.
Күлүк тандап мингендер,
Күрөөкө тонду кийгендер,
Күүлөнүп үйгө киргендер.
Агача келин, сулуу кыз
Айылда жандап өпкөндөр,
Атасынын көрү! – деп,
Аргасы жок көпкөндөр.
Кең багелек шым кийип
Балтырына батпаган,
Аттанам, түшөм, эрмин! – деп,
Айылга тынчып жатпаган.
Учуп өлөр коо таппай,
Узун күн жаны соо таппай,
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Бууругуп жүргөн мырзарлар,
Бул шаардын ичинде
Нечен албан адам бар.
Адамым арбын тараган,
Нак өзүмө караган,
Торгой аттуу жаң-жуңум
Тоо түгөнгөн учунда,
Толкуп жаткан ушунда.
Аяк жагы элимдин
Арал көлдүн тушунда.
Адыры жайык, жери түз,
Адамы шатман, нурлуу жүз.
Бер жагында беш күндүк
Канардын кара тоосу бар.
Катуулап кабар салбасам
Капилет калар ушулар.
Тоо түгөнгөн учу бар,
Толук журтум ушулар.
Тороңго калмак эли бар,
Тороңгону бийлеген
Улаңгы деген беги бар.
Суу түгөнгөн чөлү бар,
Куруйдун кара көлү бар,
Кубандар калмак эли бар,
Түбүнөн бери аралаш
Түрк, алаштын көбү бар.
Жамыра деген жайсаң бар,
Жарлык тийсе токтолбос,
Балыктан бөлөк малы жок,

Маа келбеске алы жок.
Жаяндан бөлөк эти жок,
Жатып калар нээти жок.
Күн батышы жагында,
Алты күндүк арасы,
Ак-Дөбөнүн талаасы,
Кашаңгер аттуу калаасы,
Ошо жерди жердеген
Отолуу калмак баласы.
Арада Сырдын суусу бар,
Арбын элим ушулар.
Чыйырчыктын тоосу бар,
Бер жагында беш күндүк
Күйүктүн кара коосу бар.
Ушуларды бийлеген
Дабашы деген калдай бар,
Дагы эле менин душманга
Жеңдирмегим далай бар.
А да мага караган
Абилетун Чакмак бар,
Алдырат – деп Акбешим,
Качып келип кыргыздан,
Айтып жүргөн акмак бар.
Чымдан кылган кенти бар,
Чакырсам анын баарысын
Маа келбес кандай мерти бар,
Алардын бери жагында
Олуя-Ата, Мерки бар,
Кымбатым Мерки амбал бар,
Кыйынсып келген кыргызга
Кылсам кыйла жаңжал бар,
Сыртында Талаш жерим бар,
Жыргалдуу шөкүн элим бар.
Тыргооттон бөлүнгөн,
Алар тырп этип качпайт өлүмдөн.
Тунуп аткан жуда шаар,
Тулус аттуу жаң-жуң бар.
Кара чоюн куюлган,
Кайыптан кабар туюлган,
Өзү бүтүп токтолгон,
Өчөшкөндүн баарысы
Өз алдынан жок болгон,
Өкүмөт айткан душманга
Өпкөгө тийген ок болгон,
Жоктон минтип бар кылган,
Жолдош-жоро жар кылган,
Кусур айткан кишини
Куп бүтүргөн ишини,
Калкы менен кар кылган,
Туубаган барса туудурган,
Бала берип тундурган,
Көрбөгөн барса көз берген,
Дудук барса сөз берген,
Эсер барса эс берген,
Үзүлүп барсам улаган,
Үзүрүмдү сураган.
Жыгылганды жөлөгөн,
Кемигенди төлөгөн,
Жарды барса мал берген,
Чабал барса ал берген,
Калкка сөзү мунайым,
Караганы жүз миң жан,
Карабулта кудайым,
Аным аман турбайбы,
Алдыра койсом кыргызга
Мени пери урбайбы!
Көкө теңир Бултам бар,
Көрүп аман турганда
Мага көтөрүлчү кай заңгар?
Карабулта колдосо,
Калайык сага белгилүү
Катылган душман оңбосу!»
Айтып муну Акун шаа:
«Какайларым кайда? –деп,
Азыр бери айда!» –деп,
Алты жашка толгондон,

Азуусу чыгып болгондон
Алтымышын айдатты.
«Үкүрлөрүм кайда? – деп,
Отуз өгүз айда, – деп,
Тебин малым кайда? – деп,
Терип-тепчип айда!» – деп.
Атан төөдөн жыйырмасын
Азырлады жыласын.
«Мөрүн малым кайда? – деп,
Тобу менен айда – деп,
Өңкөй кула байталдан
Тогуз кылып айда – деп,
Кечилден отуз келсин – деп,
Карабулта теңирге
Алып барып берсин – деп,
Жарлыгына көнсүн – деп,
Жаман душман келет – деп,
Жардам сурап көрсүн – деп.
Эки жүз сексен жыл мурун
Кара аяр жалынган,
Кайыптан өзү табылган,
Андан бери карата
Кара калмак, суң кытай
Абийири артык жабылган,
Карабулта барыңар,
Кабарды менден салыңар,
Жакшылап жообун алыңар.
Каптап келет чантуу – де,
Ушу малдын баарысы
Жолуңузга тартуу – де.
Чантуунун элин карасак
Чарк жеткисиз баатыр – де.
Келе жатыр бурут – де,
Бурут кыйын журут – де.
Сыйынарым сыңар сен,
Немесин койбой курут – де.
Казак, кыргыз жаады – де,
Эсеп жетпейт саны – де,
Эгер келсе биздерге
Аман койбо аны!» – де.
Аны айтып Акун шаа
Жөнөттү кечил баарысын,
Айлалык баштап карысын.
Топ башысын чакырды,
Тоосу менен оюна
Токсон дорго чаптырды.
«Торгой менен Улаңгы,
Токтолбо!» – деп буларды.
«Жамыра жайсаң тез келсин,
Жарактуусун текшерсин.
Кол келсин Мекер амбалым,
Коркуп жаным калбадым.
Оргону ойрон салыптыр,
Орчун шаар Магуруп
Омура чаап алыптыр.
Оңолбогон бир кыргыз
Алтайдан чыгып калыптыр.
Казакта Камбар кан деген,
Кайраты ашык жан деген.
Айдаркан деген баласы,
Айдаркандан Көкчө – дейт,
Адамдын жетпес дабаасы.
Алтайдын салкын суунда,
Анда тууган неме – дейт,
Кыргыздын кыраан Манасы.
Эртиштин суусун жердеген,
Эрегишкен адамдар
Эгерде аны жеңбеген
Бала Көкчө, эр Үмөт,
Башкасы канча ким билет?!
Тушарык деген жер деген,
Тутушуп душман жеңбеген,
Туташ кыпчак эл деген.
Кытайдын барган бетине,
Кыргыздын барган четине.
Кыргыздан чыккан бөлүнүп,

Кызматы журтка көрүнүп.
Кытайды кылган кар деген,
Кызыталак кыпчактын
Кырк миң үйү бар деген.
Ар жагы Камбыл шаар деген,
Так ошо жерде кыпчактын
Таз деген эри бар деген.
Жердеп кыпчак жаткан – дейт
Тушалыктын талаасын,
Атын Үрбү коюптур
Таздан тууган баласын,
Баласына энчилеп
Сексен үйлүү калаасын.
Ушу күндө шол калаа
Үрбү атакка конгон – дейт,
Үлкөн шаар болгон – дейт,
Ошол Үрбү чоңоюп,
Отуз жашка толгон – дейт.
Аяр Култаң келгени,
Айтып кабар бергени.
Атасы Таз, Үрбү – дейт,
Айдап алып Манасы,
Ай-ааламды сүрдү – дейт.
Жеркен, Котон уйгурду,
Жер жайнаган кургурду
Аскерине алыптыр.
Кыргыз, кыпчак, сарт болуп,
Кыябына карк толуп,
Каралаш кылып казагын,
Каяша кылган душмандын
Колуна берип азабын,
Терс-Маёодо Текести
Терип-тепчип алыптыр.
Темселетип Оргону,
Каңгырап куру калыптыр
Кандык сарай коргону.
Элимден мен да жибердим
Не бир баатыр, балбанды,
Баргандан бири калбаптыр,
Чыккан окшойт далдалы.
Өлгөнүнөн калганы
Мында менин үстүмө
Үркүп келип калганы.
Барганына өкүнүп,
Баарысы келди өкүрүп.
Оңдуруучу көрүнбөйт,
Оргого уруш салыптыр,
Мен жиберген Илебин
Беттешпей өлүп калыптыр.
Амбал Чулу барыптыр,
Аз күнү уруш салыптыр.
Алды каткыр Манастан
А дагы өлүп калыптыр.
Кеймен дуу-ду барыптыр,
Кездешип уруш салыптыр,
Кезиккен жерде соо калбай,
Кесилип башы калыптыр.
Мурун башын алыптыр,
Байлыгына мактанган
Баатыр Соорун калдайды.
Баргандардын баары өлүп,
Талпагы ташка далдайды.
Байкап турсам куу бурут,
Бизге да келбей калбайбы!
Алма-Коюр жердеген,
Адам уулу жеңбеген
Илебин менен Кашкелди,
Как өзүмдөн кеткенден
Кесилип кыйла баш келди,
Көргөндөрүм соо эмес,
Көздөрүндө жаш келди!»
А сөздү айтып Акун шаа,
Катчыга катын жаздырды,
Кандык мөөрүн бастырды.
Токтолбостон тез кел! – деп,
Токсон жигит чаптырды.

Ордого добул кактырды,
Ордосунун сыртына
Отуз миң балбан бактырды.
«Кеймендин Даңгул шаары бар,
Айланасы алты таш,
Каалагандын баары бар,
Аягында сепил тамы бар,
Ар сонундун баары бар.
Кеймен шаанын турганы
Айланасын карасаң
Алты миң кулач дубалы,
Обоо мелжийт бийиги
Ордокана сарайы,
Ушу жалган дүйнөнүн
Жетер эмес далайы.
Нак ошого барыңар,
Айтып кабар салыңар.
Айбаты толук балбандан,
Акылга толук зардалдан
Алты миң балбан алыңар.
Бейшекел деген жаң-жуң бар,
Менден кабар салыңар.
Бели катуу балбандан
Беш миң аскер алыңар.
Ойрок деген жайсаң бар,
Ондон бир миң алыңар.
Он эки миң кол болуп,
Ала-Белге барыңар.
Жарагың болсун колуңда,
Жалгыз аттын жолунда,
Күнү-түнү уктабай,
Күзөт кылгын баарыңар.
Ала-Белге жайлаган,
Алеңгир жаасын шайлаган,
Алачолок байлаган,
Аяр сундуң Дөрө бар,
Алты жүз үй караган
Анжуулукка төрө бар.
Кашыңарга алыңар,
Кароолчу болгун баарыңар.
Каптап бурут кол келсе
Кабарды ылдам салыңар!»
Калдаң аттуу жайсаңды
Көтөргүн! – деп, найзаңды,
Кат кылып берди колуна,
Кеймендин салды жолуна.
Акун бааша кеп айтат:
«Аттаныңар! – деп айтат,
Шамың шаа деген балбансың,
Салышкандын баарысын
Далдал кылып алгансың,
Чапчышканда душманга
Заман акыр салгансың.
Кызыл-Сууда Бооңду
Жолдош кылып алгайсың.
Он алты миң кол алып,
Ордодон аскер мол алып,
Ушу бүгүн жол алып,
Көтмалдыга баргайсың.
Капчыгай чыккан коосунан,
Омполдун кызыл тоосунан,
Кароолду катуу карагын,
Чының менен чыңоолго
Чын ушу жол жарагын!
Жаздым болуп кокустан
Өткөрүп ийсең бурутту
Бурут бизди курутту.
Элебей жатып албагын,
Элге кыргын салбагын,
Катын-бала, кары-жаш
Абандагы ойроттун
Убалына калбагын!»
Аны салды жолуна,
Он алты миң аскерди
Ордодон берди колуна.
Шамың шаа жүрдү жолуна,

Бооң деген жайсаңды
Эки миң аскер кол менен
Кошуп алып кашына,
Катуу жүрдү Шамың шаа
Капчыгайдын жол менен,
Миң санаты он сегиз,
Баарын бирдей карасаң
Баатыр, балбан тептегиз.
Алар чыгып баратыр
Капчыгайдын оозуна,
Кароолчу болгон Шамың шаа
Омполдун кызыл тоосуна.
Аны таштап салыңар,
Бут жагына жөнөткөн
Отуз оён кечил бар,
Кабарын угуп алыңар.
Кечикпей кечил жүрүптүр,
Бер жагында шиберден
Беш жүзүн айдап сүрүптүр.
Алты жаштуу камандан,
Азуулары жамандан,
Аскер менен камаган,
Алтымышын кармаган.
Отуз өгүз айдаган,
Жыйырма атан төө шайлаган.
Кой айдаган токсон бир,
Как ушунун баарысын
Кара чоюн бутка айдап,
Калмак болбой жерге кир!
Сүрөттү билбей кудай – деп,
Сүрүп барды богун жеп.
Сопулары-кечили,
Солондон барды нечени,
Алардын бейлин көргөн соң,
Астын тосуп тез барды
Азезилдин чечени.
Насыр кылып чыгарган
Жаңкы малдын ичинде
Тогуз кула байталы,
Тобуңа сөзүн айталы,
Жылас кылар акыры
Сыйынып барган шайтаны.
Оордугу он батман,
Ооп келген бир жактан.
Үч-Турпандын учунан
Кетек деген бир дөө,
Төрт ибилис кошулуп,
Бутканадан учурган.
Капчал ашуу дээр экен,
Капчал ашуу талаасы,
Калың экен калаасы,
Маңгул, калмак, кытайдан
Баарысынан жыйылган,
Таганак деген эл экен,
Азгыруууга аларды
Алып барган неме экен,
Баштагы базар жер экен.
Баары келип чогулуп,
Базардан көрүп чокунуп,
Мана, мана батман чөк,
Калмакча намаз окунуп,
Баары келип жыйылып,
Батман чөк, – деп сыйынып:
«Мал базарда калат –деп,
Аяк асты кылып салат –деп,
Ачууланса бир күнү
Бир жакка кетип калат!» – деп,
Мал базарын көчүрүп,
Бөлөк жерге алдырып,
Айланасы миң кулач,
Аземдүү коргон салдырып,
Алтындан накыш ойдуруп,
Жубардан минаа койдуруп,
Күмүштөн чеге кактырып,
Күнү-түнү күзөткө
Жүз кечилге бактырып,

Ал мүнөзүн көргөн соң
Азезил анык жактырып.
Насырга көп мал келчү экен,
Келген малдын кыйласын
Кетек дөөгө берчү экен.
Кетек дөө көрүнбөй,
Келип тамак алчу экен.
Келген малдын баарысын
Союп алып, бүпбүтүн
Чоң казанга салчу экен.
Кетек дөө жеп кетсе,
Кудайыбыз жеди – деп,
Кубанышып калчу экен.
Деги ушу Бултанын
Теги-жайын айталы,
Айта түшүп кайталы.
Ак байгамбар тушунда
Азирети Кутбидин
Келген экен ушунда.
Кашкарга каар салыптыр,
Каратып баарын алыптыр.
«Үч-Турпанга барам – деп,
Урушсам да алам – деп,
Ак жолуна салам!» – деп,
Казат кылып келгенде,
Кармашканын жеңгенде
Какандан келген кара аяр
Кармашып каруу келе албай,
Качууга болуп дапдаяр:
«Карабулта сүрөтүм,
Качантан мени сүрөдүң,
Кармашканда чантуудан
Каруум келбей жүдөдүм.
Калкым кетти айланып,
Мен качууга турмун ойлонуп,
Кантемин?» – деп келгенде:
«Качкын, кеткин, балам! – деп,
Кайтарып журтуңду алам!» – деп,
Азезил анык сүйлөгөн.
Абан суунун ойротун
Оң колуңа салам – деп,
Турпанга чантуу тура албас,
Турса дагы чантууга
Элибиз динин бура албас.
Азгынын азыр сөздөп ал,
Абан суунун элинен
Аз жылдан кийин көздөп ал».
Аны айтып бу сүрөт,
Азезил кирген куу сүрөт
Каар аярды качырып,
Каапыр дөө, төрт шайтан
Караңгыда учуруп...
Көргөндүн көөнү тоюптур,
Каарбулта деген – деп,
Ээсинин атын коюптур.
Алиги малдын баарысын
Алып барып союптур.
Кечилдердин баарысы,
Айлалык баштап карысы,
Астына малдын төө барды,
Эки таш жерден эсерлер
Атынан түшүп, жөө барды.
Чогулушуп чуркурап,
Чокунушуп буркурап,
«Карабулта атың–деп
Калкка окшобойт затың–деп,
Карып кулуңбиз келди,
Кеткирегөр датын – деп.
Кор дечү элек бурутту,
Чантуу келип чаң салып,
Алтайлык салып азапты,
Азыр бизди курутту.
Кара калды, кан өлдү,
Канча түрлүү жан өлдү.
Көрүп туруп көзүңүз,
Бар беле бизде өчүңүз?!

Эми өлтүртпөй колдо – деп,
Өтүнүп айткан сөзүбүз!»
Ал бейлине жараша
Азезил кылды тамаша.
Арбак урсун баарыңды,
Айлалык баштап карыңды.
Аңгеме мени кылдыңар,
Аябай малды кырдыңар.
Адамдан кыл – деп, – насырды»,
Азезил сөзү басылды.
«Таарынган экен теңир – деп,
«Талабың курсун – деди!» – деп,
Адамдан насыр дегениң
Кечилдер кебин угушту,
Кеңешип алып чыгышты.
Акунбешим баашага,
Азыр бар – деп, – ошого,
Айлалыкты чаптырды.
Алиги кечил Айлалык,
Канынын кирди кашына,
Койну толуп жашына.
Акун шаага кеп айтат:
«Алдандын сөзү – деп айтат.
Азыр айтпайм жооп – деди,
Адамдан насыр жок! – деди.
Айтканы ушу каным – деп,
Көкө теңир таарынды,
Көп чочуду жаным!» – деп,
Канга салды кабарды.
Кан чыгарды ар тушка
Алтымыш беш чабарды,
Калайык уксун кабарды:
«Жамандык албай көөнүнө,
Жанын байлап өлүмгө,
Барып түшчү жан барбы
Жаратккандын көлүнө.
Адамдан насыр жок болуп,
Аз жылдан бери токтолуп,
Таарынган экен кудайың,
Аны үчүн бурут талкалап,
Наамандыктын кыйласын
Алган экен жудайын.
Кудай үчүн жан кыйып,
Кубандырып жаш тыйып,
Насыр кылып башыңды,
Агызып көздөн жашыңды,
Айткандан угуп арзымды,
Ак жолуна жан кыйчу
Азаматтан барсыңбы?»
Алтымыш жигит аттанып,
Айгай салды баарына,
Аралап жүрүп шаарына.
Анык калар анткен эл
Ак тааланын каарына.
Пейилине жараша
Бербердигер кудурет
Берген ажал баарына.
Эки жүз кемпир, токсон чал,
Эсерлерди карап ал,
Сексен бир кечил жыйылды.
Шайтанды билбей, кудай – деп,
Кур чоюнга сыйынды.
Баштан-аяк баарысы,
Жашы менен карысы
Жети жүз киши жыйылды.
Билимин шайтан туйдурган,
Миң батман чоюн куйдурган,
Алты жүз анын кулагы,
Ар качандан, бир качан
Асылып анын турганы.
Адамдарга көрүнбөй
Кетек дөө куп баккан,
Миң өгүздүн отунун
Ачууланса бир жаккан.
Казаны – деп,-кудайдын
Каапырлар жүргөн жудайын.

Жайы ошондой болуучу,
Агызып келип куйганда
Бир арыктын суусуна
Жарым күндө толуучу.
Кайнатып суусун турганы,
Каапырды кудай урганы.
Урбаганда неткени,
Кийим-кечесин чечкени,
Кайнап турган казанга
Каргып түшүп кеткени.
Кайнап турган казанга
Жыпжылаңач кириптир,
Жан чыкканча кай бирөө
Сийип-чычып ийиптир.
Баары бышып болгон соң,
Адамдарга көрүнбөй,
Алиги дөө кириптир.
Дөө баарысын жалмады,
Жети жүз киши этинен
Үч жүзү араң калганы.
«Кудайдан калган кешик!» –деп,
Калганын каапыр талады.
Ыпкап-шыпкап казанды,
Түк немеси калбады.
Карап көргүн калайык
Каапырды кудай алганы,
Мындан артык болорбу
Дүнүйөнүн нааданы.
Азезил турду кубанып:
«Алла ыраазы болду!» – деп,
Каапырлар чыкты куралып.
Куп сүйүндү көпчүлүк,
Аңдап турсаң артына
Аларга түшөр көп түлүк.
Аларды таштап салыңар,
Арстан Манас каныңар,
Алла эмине сөзү бар,
Кабарын угуп алыңар.
Күңгөйдөгү Байсоорун,
Атына болбой кайсоорун.
Төрө Манас зор менен,
Үч жүз миң ашык кол менен,
Таштуу күңгөй жол менен,
Ак асаба туу менен,
Айгайлаган чуу менен,
Көк асаба туу менен
Көк жаңырган чуу менен,
Добул согуп күңгүрөп,
Тоо көчкөндөй дүңгүрөп,
Сел жүргөндөй күркүрөп,
Өрт күйгөндөй дүркүрөп,
Эркин күңгөй жол менен,
Эки жүз миң кол менен
Эр Манас жолго салыптыр.
Төрө Манас зору бар,
Жөөлөшкөндүн шору бар,
Төрт бөлүнгөн жолу бар.
Он эки жолдун ортосу,
Тогуз жолдун тоому,
Кароолчусу каапырдын
Кантип болбой койсун? – деп,
Канкор Манас кообу,
Карайлык – деп, – тоону
Алты жолдош алыптыр,
Аттанып чалгын чалыптыр.
Адыр-адыр коосу бар,
Ар тарабын караса
Аркайган бийик тоосу бар.
Кызыл-Омпол дөбөсү,
Кароолго чыгып келгени
Кызыталак каапырдын
Шамың шаа деген төрөсү.
Кашына жолдош алганы
Кызыл-Сууну жердеген,
Кылымдан аяр жеңбеген
Боон деген эр деген.

Дөбөдөн көзүн салыптыр,
Дүрбү салып көзүнө,
Аскерди көрүп алыптыр,
«Арбын экен колу!» –деп,
Айран-азыр калыптыр,
Талды-Суунун оюнан,
Кер-Көл ата боюнан
Келе жаткан аскердин
Түрүн көрүп алыптыр,
Айбаты катуу, заары күч
Сүрүн көрүп алыптыр.
Он сегиз миң балбаны,
Ойбойду булар салганы,
Каарына тура албай,
Кантип турсун уялбай,
Качып жолго салганы.
Алты жолдош кошчу алып,
Арстан Манас барыптыр,
Атынын изин чалыптыр,
Анча-мынча кол жатып,
Качып кетип калыптыр.
Күн батыш жагын караса
Ач кайкалак бели бар,
Аркырап шамал жели бар.
Жойгундуу жолун караса
Үч бөлүнгөн жери бар.
Арбынырак немеси
Артуу жолго салыптыр,
Ар тарапка из кеткен,
Баатыр айраң калыптыр.
Бир азыраак немеси
Капчыгайга салыптыр.
Байкап көрүп баарысын,
Кабылан Манас баатыры
Баарын байкап акыры,
Көрүп алып кайтыптыр.
Көтмалдыда көп колго,
Көк жал Манас баатырың
Көргөнүн айтып оң-солго:
«Капчыгайга салсак –деп,
Каптап кирип барсак!» –деп,
Кабылан Манас айтат кеп.
Ороздун уулу Чагатай
Оозуна келген кепти айтты.
«Оңдурбайт бизди! – деп айтты.
Тоосу жаман чеп экен,
Тозоктой кыйын жер экен,
Токой менен чер экен,
Катылып кыргын болгончо
Кайта кетиш эп экен!»
Айтканын Манас угуптур,
Акырая бир карап,
От көзүнөн чыгыптыр.
Агасын кудай уруптур,
Ошо бойдон жер карап,
Үндөй албай туруптур.
Ошпур аке кары бар,
Орчун жыйын баары бар,
Акылман Бакай дагы бар,
Ата уулунун баары бар.
Абасы Бакай кеп айтат,
«Аңдаңар, балдар, – деп айтат.
Отуз төрт быйыл жашым – деп,
Оң-солду көргөн башым – деп,
Ар жылгага миң киши
Өрдөп чыгып калсын – деп,
Беш-алты миң кол барып,
Тоонун башын алсын – деп,
Тосоту болсо тостуруп
Таш кулатып салсын – деп,
Тоо башында кол болсо
Тарсылдатып атышып,
Талкалашып калсын – деп,
Так ушундай кылбастан
Капчыгайга кокустан,
Каптап кирсек окустан

Тосоту тоосун албайбы,
Таш кулатып, ок атса
Талкалап кырып салбайбы!»
Аны айтып Бакай салганы,
«Акылын өзүң тапкын!» – деп,
Эр Манас кабыл алганы.
«Артуу белге салайын,
Аскерди арбын алайын,
Не да болсо береги
Күн батыш көздөй барайын.
Асты-үстү болгон тоо экен,
Адыры терең коо экен.
Акылын кылып а жерден,
«Колдой көр! – деп, –
Шаймерден»,
Жүз элүү миң кол менен
Жүрдү Манас шартылдап
Ач кайкалак жол менен.
Кырк миң аскер кол менен
Кыраан Бакай жөнөлдү
Тилке-тилке коо жакка,
Капчал бийик зоо жакка.
Кырк миң кол батпай кыжылдап,
Кыр-кырга батпай быжылдап
Күн чыгыш жакка тоосуна,
Көз учкан бийик зоосуна.
Чыкканы тоонун башы экен,
Чылгый мөңгү таш экен.
Эңкүүсүндө эчки бар,
Тектиринде теке бар,
Курбусунда кулжа бар,
Кайыптын баары мында бар.
Артылмакта аркары
Арага түшүп калганы.
Бу колдон качса, а колго,
А колдон качса, бу колго,
Урунуп жүрүп оң-солго
Чарчап болду кийиги.
Адамга толуп кетиптир
Тоо-ташынын бийиги.
Текенин баары жыйылып,
Таш бетине сыйынып,
Топ-топ болуп калыптыр.
Көрүнөө келип атышып,
Көп кызыкка батышып.
Ок тийген теке шалактап,
Ойго түшүп калыптыр.
Ойдогусу союшуп,
Отту жага коюшуп,
Шишкебек кылып какташып:
«Тетигине бир топ эчки
турат!» – деп,
Түнкүсүнө сакташып,
Урунуп жүрүп чарчаган,
Жүрбөй калган кийигин,
Адам тосуп алыптыр
Кийик чыкчу бийигин.
Кырк миң аскер барыптыр,
Кыйласы кырга чыгып алыптыр.
Жетиген жагын караса
Бөөт, койнот жери бар,
Карап турса өлчөөсү
Алты миң, беш миң эли бар,
Карарып аткан багы бар,
Каалагандын баары бар,
Калдайып аткан тамы бар.
Күн батыш жагын караса
Көз учунда мунарык,
Көз жетпеген тунарык.
Асты жагын караса
Аккан кашка суусу бар,
Ар түрлүү кийик көп экен,
Аңгемеси ушулар.
Жүрбөй калган кийигин
«Карма кокуй, ушта!» – деп,
Уштап жүргөн андан көп,

Каруусу келбей сүйрөсө:
«Кара жолтой, мына!» – деп,
Канжар менен карынга
Муштап жүргөн мындан көп.
Найзасын кылып укурук,
Колго жаба түкүрүп,
Мойнуна курук салышып,
Алы келбей бирөөнүн:
«Акетай, бери келгин!» – деп,
Алтоо-бешөө жабылып,
Араң жыгып алышып,
Көзөл Бакай баш болуп
Көп аңгеме салыптыр.
Ошо күндөн ушу күн
Ошо тоонун баарысы
Көр-Кол атка калыптыр.
Кырктын башы Кыргылы
Кылымды бузган дыңгылы,
Жетимиш миң кол экен,
Жер жайнаган мол экен,
Байдамтал деген жер экен,
Баары токой чер экен,
Ошо колдун баарысы,
Ошпур баштап карысы
Эки күнү, бир түнү
Ат өргүтүп алыптыр.
«Кыраан Бакай нетти? – деп,
Кырк миң аскер кол менен
Кырга чыгып кетти – деп,
Кырк миң кол батар тоо эмес,
Кылайып кабар бербеди,
Кыраан Бакай соо эмес.
Кантип жатып алалы,
Капчыгайга салалы,
Кабылан Манас не болду,
Кабарын таап алалы!»
Муну айтып Ошпур карысы,
Кыргыл баштап баарысы
Абыр-шабыр ат токуп,
Ат токуса бат токуп,
Карыга найза салышты,
Капчыгайга бет алып,
Каптап жүрүп калышты.
Аккан кашка суусу бар,
Аңгемеси ушу бар.
Күн батыш жагын караса
Аз гана кызыл жары бар,
Андан өтүп кеткенде
Капчыгайдын тары бар.
Тар жолго жакын барыптыр,
«Тарт кайра!» – деп акырган,
Кабылан шердей бакырган
Добуш чыгып калыптыр.
Орою чочуп баарысы,
Ошпур баштап карысы
А жерден токтоп калышты.
«Алла кандай неме?» деп,
Алыстан көзүн салышты.
Он киши баткан отоодой
Дүңкүйгөн кара башы бар,
Өрттөнүп кеткен токойдой
Дүмүр кара чачы бар,
Алтымыш менен жетимиш
Арасында жашы бар,
Куйругу бар тайгандай,
Тырмактары караса,
Найзадан мурун сайгандай,
Көк ала болгон чачы бар,
Жолум үйдөй башы бар,
Жалга чыккан жантактай,
Көк тикендей кашы бар,
Кара үңкүрдөй көзү бар,
Каар айткан сөзү бар.
Ар тиштери араадай,
Чечекейи чарадай.
Жоондугу кырк кучак,

Жүз кулач келген бою бар,
Жетимиш миң аскерди
Жеке өзү бу жолдон
Токтотом деген ою бар.
Он сегиз миң аскердин
Сегиз миңин алыптыр,
Он миңи менен Шамың шаа
Канына кабар салыптыр,
Кабылан Манас баатырдын
Каарына тура албай,
Кантип турсун уялбай,
Качып кетип калыптыр.
Бооң аяр бул экен,
Болбой турган кул экен.
«Капчыгайга барайын,
Кармап жолун алайын,
Кандай душман болсо да
Калабага салайын!»
Жолдошун жолго салыптыр,
Баатыр менен балбанын
Барктуудан тандап алыптыр,
Жолдош болуп кашында
Токсон балбан калыптыр.
Тегерете терс окуп
Кешмир дуба кез окуп,
Кечиктирбей тез окуп,
Алтоono абсун салыптыр,
Узундугу жүз кулач
Ажыдаар кылып алыптыр.
Алтоон кылган ажыдаар,
Төртөө жолборс болуптур,
Капчыгайдын ичине
Карандай балаа толуптур.
Бооң аяр жөкөрү
Отузу болгон көк бөрү,
Кырkы кызыл чөө болуп,
Экөөн кылып кабылан,
Караан көрсө чамынган,
Сегизи илбирс болуптур,
Ону кара куш болуп,
Ондурбастай иш болуп,
Таш башына конуптур,
Ар кайсы жерден карпайып,
Алачык үйдөй барпайып,
Өйүз менен бүйүзгө
Кара куштар толуптур,
Азыркы келген аскерге
Акыр заман болуптур.
Тогуз каман кыл кыйма
Жолго жатып алыптыр,
Муну көрүп Кыргыл чал
Жоболоңго калыптыр.
Алиги көргөн кемпирди
Алты жолборс артынан
Күчүктөй ээрчип алыптыр.
Кыргыл баатыр кыйкырып,
Жетимиш миң аскерди,
Жер жайнаган көп эрди
«Мылтыктууңканча бар экен,
Мыктыларыңкана экен?
Кемпир чыкты каргаша,
Кел, көрүңөр тамаша!»
Муну айтып Кыргыл акырды,
Көткү колду чакырды.
«Көрүңөр – деди,-береги
Жолдо жаткан каапырды!»
Жалпы колду карасаң
Жаңы үйрөнчүк мергендей,
Жайытка кийик келгендей
Тоону көздөй жабылды,
Көңкү аскердин баарысы
Көрмөк үчүн сабылды.
Жетимиш миң аскердин
Жыйырмасы – саадак тартуучу,
Отузу – мылтык атуучу,
Жана дагы беш миңи-

Күрсү уруучу балбаны,
Он беш миңдин баарысы-
Найза, кылыч алганы,
Кырдан чыгып кыргыздар
Көрбөгөнү калбады.
«Бербердигер кудай аа,
Бендеде мындай болорбу,
Бетине келген оңорбу?
Дөө менен периби,
Акунбешим баашанын
Адам уулун жүргүзбөс
Тилсымат койгон жериби?!»
Көргөндөр аны айтышты,
Көрүп, көрүп кайтышты.
Карыясы Ошпур бар,
Кайраттуусу Кыргыл бар.
«Саадактууң саадак октоңор,
Мылтыктууң милте чоктоңор.
Алыстан туруп баарыбыз,
Жакын барсак каапырдан
Калар эмес жаныбыз,
Алыстан туруп ок атып
Аңдайлычы баарыбыз!»
Аны айтып Кыргыл салганы,
Айтканын угуп алганы,
Ырамандын баласы
Ордунан тура калганы.
«Ошпур, Кыргыл баатыр – деп,
Ойлонуңар акыр – деп,
Болуучу эле баашада
Бооң деген каапыр – деп,
Аярлыгы ашкан – деп,
Алышкан душман шашкан – деп,
Ар сүрөткө кирет – деп,
Адамдардын баары айткан
Ачууланса бу каапыр
Ара күндүк жерлерге
Өрт күйгүзүп иет – деп!»
Ырчы бала сөздөдү,
Угуп алды баарысы,
Жашы менен карысы.
Муну айтып Ырчы салганы,
Адамдар айран калганы.
Айтып оозун жыйганча
Оргонун Ырдык аяры
Ордунан туруп кеп айтат,
«Ой, калайык, –деп айтат.
Аярдын иши бул экен,
Астында тосуп туру экен.
Өтө албайбыз мындан – деп,
Ат, адамдын баарысы
Ачка кантип жаталы,
Ар тараптан, тоосунан
Камалап мылтык аталы.
Оту болсо көрөлү,
Менин да бир аз бар өнөрүм».
Аны айтып Ырдык калганы:
«Азаматым, бали!» – деп,
Кыргыл чал айтып салганы.
Жетип барып Ырдыгы
Жети кесе суу алды.
«Аяр экен бу да!» – деп,
Аскердин баары кубанды.
Жети үшкүрүп дем салып,
Жети кесек топурак
Кармап алып колуна,
Каршы барды кадимки
Бооң аяр жолуна:
«Мылтык менен аткын!» – деп,
Жарлык айтты колуна.
Мылтыктарын октошуп,
Милтелерин чоктошуп,
Жүздөн, миңден топтошуп,
Мергендер жөөлөп барганы.
Атат экен булар – деп,
Аяр Бооң билиптир,

Апсун окуп, дем салып
Бир үшкүрүп ийиптир.
Тоодой кызыл от болду,
Топ-топ болгон мергендер
Отко кантип токтолду?!
Жети кесек топурак
Ырдык үйлөп ийгенде
Жети кат болду булуту.
Жети чыны суу барган
Жети дайра көл болуп
Күйгөн отун курутту.
Оту суудан өчкөнү,
Бооң туруп кыйкырды,
Капчыгай ичи көчкөнү.
Капкараңгы түн болду,
Карайлатты көп колду.
«Ачарга арга барбы?» –деп,
Кыргыл чал калды кыйынга,
Кыйкырып айтты жыйынга.
Аргасын анын биле албай,
Алдырашып бир далай
Алар турсун токтолуп,
Абакеңиз эр Бакай
Эки күнү, бир түнү
Кетпеди беле жок болуп.
Тоонун башын алыптыр,
Жон-жондун баарын чалыптыр.
«Аруу экен жолу – деп,
Арбак урган каапырдын
Кайда жатат болду экен
Камдап жаткан колу?» – деп,
Эр Бакай айран калыптыр,
Эңкейип астын караса
Аскердин жаткан үстүнө
Кара түн түшүп алыптыр.
«Тоо башында биздерге
Толук тийген күн – деди,
Колдун жаткан жерине
Карарган кандай түн?!» – деди.
Абаңыз айгай салыптыр,
Кырк миң эле адамы,
Кырга чыгып барыптыр.
«Кол конгон жери Тал – деди,
Капчыгайда жол кана,
Карарган калың кол кана?
Караңгы кара түн болгон,
Жарымы кара, жарымы ак,
Кандай сонун күн болгон?
Бул аярдын иши – деп,
Буга айла кылуучу
Кырга чыккан кырк миңден
Өз колумда бар бекен
Өнөр билген киши?» – деп,
Эр Бакай сурап калганы.
Бабылдан келген эр эле,
Байкүш аяр дээр эле,
Баатыр Кошой абаңа
Шакирт болгон неме эле.
Куркулдаган кузгундан
Бирөө калды көрүнүп,
Көрө салып кузгунду
Көп турбады эринип.
Алиги жерден Байкүшүң
Апсун окуп салганы.
Өкүмөтү Алданын
Табындагы шумкардай
Аяр Байкүш колуна
Кузгун конуп калганы.
Колуна келген кузгунга
Апсун окуп демдеди,
Ашыктай этке жемдеди.
Куйругуна үч кулач
Төө жүнү жиптен байлады,
Бу кузгунду учуруп
Байкеңиз жолго айдады,
Бооңдун шору кайнады.

Ок болуп кузгун жетиптир,
Оң көзүнөн тийгенде
Шилиден чыгып кетиптир.
Кешмир дуба керемет,
Кузгун аттуу ок кылып,
Караңгыны жок кылып,
Бооңдун башы жарылды,
Караңгысы арылды.
Баягы барган мергендер,
Атсак экен дегендер
Кетерге жолу жок болуп,
Түшкө жакын болуптур,
Шашкеде келген аскерлер
Түшкө жакын токтолуп,
Ар кайсы ташка жармашып,
Олтурган экен олор да
Мылтыктарын кармашып,
Керип жааны кездешип,
Түн түшкөн соң өлдүк! – деп,
Өлүм жагын эстешип.
Жарыкты көрүп кубанып,
Балбандардын баарысы
Саадакты кестеп буралып.
Караса Бооң аярды
Башын кузгун жарыптыр,
Ошондо да тим жатпай
Узундугу жүз кулач
Ажыдаар болуп алыптыр,
Көлдөлөң тартып суусуна
Көпүрө болуп калыптыр.
Бооң аярдын жолдошу,
Болгон алты жолборсу:
«Адам элек, неттик? –деп,
Айбан болуп кеттик!» –деп,
Ажыдаар болгон Бооңду
Жолдошу жатыр тытып жеп.
Бооң аяр кыйкырды:
«Лайламалуу!» – деп.
Кырга кеткен кырк миң кол
Куюлма шагыл кум ылдый,
Куюшканын кармашып,
Куюлуп келет бул ылдый.
Какыраган таш кыя:
«Тайгылбайт менин атым!» – деп,
Жандай салып бир-бирин
Жөнөп жүргөн андан көп.
«Кысталаң кылбай тура тур,
Кызталак, атым өлөт! – деп,
Так кожом!» – деп аттарын
Жөлөп жүргөн сандан көп.
«Эки күнү, эки түн
Жоголдуңар бүпбүтүн,
Кырк миң колдон кылайып
Бирөөңөрдү көрбөдүк,
Чыйраксынып чыдабай
Капчыгайга жөнөдүк.
Баары туюк бадал тоо,
Көмүркөй экен өзү, – деп,
Көп аскер кирип жоголду,
Көр экен мунун тоосу!» – деп,
Көпчүлүк айтып салыптыр,
Көлдөлөң жаткан ажыдаар
Көрүп аны калыптыр,
Отуз миң мерген курчашып
Оюн-тоосун алыптыр.
Жанындагы жолборсун,
Жолборс болгон жолдошун,
Бөрү болгон, чөө болгон,
Аярдын бети көө болгон,
Кабылан болгон, шер болгон
Токсон баатыр, балбаны
Ойрон кылды баарысын
Оруну кара жер болгон.
Ажыдаар болгон Бооңду,
Аңтарды Бакай тоонду,
Кыргыл чал, Бакай барганы,

«Кызыталакты карма!» – деп,
Кыйкырып кирип калганы.
Кызыталак тим жатпай
Кырк миң колду жалмады.
Арка жактан барганы,
Аяр Ырдык арбады.
«Ажыдаар болсоң мына!» – деп,
Байкүш тилин байлады,
Дуба айтарга тил калбай
Бооңдун көзү жайнады.
Бир буту менен бир колу
Жок болгон экен бир жолу.
Ортого курчап алганда,
Ок жаадырып салганда
Бир жүз токсон ок тийип,
Жазайыл менен топ тийип
Кол-аягы сыныптыр,
Кошуундун көөнү тыныптыр.
Качарына шайы жок,
Тура турган жайы жок,
Сокур болгон көзү бар,
Соо жатпаган өзү бар.
Ажыдаар болуп алыптыр,
Көзү көрбөй жатканда
Аскер курчап калыптыр.
Кутуларга жери жок
Кудай уруп салыптыр.
Анысын билбей кыйкырып,
Бакай, Кыргыл барыптыр.
Кыргыл, Бакай зор менен,
Кырк миң аскер кол менен
Ажыдаар болуп жалмаган,
Аркасынан тез барып,
Байкүш, Ырдык кармаган,
Тил тартаар алы калбаган.
Жана Байкүш тим турбай
Жан-жагына караган,
Ала канат сагызган
Апсун окуп кармаган.
Эт кайнамдай токтолуп,
Байкүш апсун окуду.
Ар канаты бир кулач,
Чоң аяктай көзү бар,
Жолум үйдөй өзү бар,
Ала канат куш болуп,
Ажыдаар болгон Бооңдун
Мээсин барып чокуду.
Баштап кешмир дубаны,
Байкүш мыктап окуду,
Окуган сайын ала куш
Чокусун мыктап чокуду.
Болбойт экен мунум – деп,
Көңүл менен жандырып,
Куш чокушу өткөн соң,
Жаны жадап кеткен соң
Ажыдаарлык аярдан
Жаны жадап кеткени,
Кайтып адам болууга
Жандырып апсун чечкени.
Көк түтүн чыкты буркурап,
Азыр турган токсон миң
Түтүнүнөн көрө албай,
Жүдөп турду чуркурап.
«Төкпөйүн кызыл каныңды,
Азат кылып бу жерден
Коёюн – деп,-жаныңды,
Кырк миң киши туттуң – деп,
Ажыдаар болуп оп тартып
Ат-тону менен жуттуң» – деп,
Байкүш сурап калганы.
Айтпай башын чайкады,
Айтпаса да мейли – деп,
Байкүш, Ырдык байкады.
«Ажыдаар эмес, киши экен,
Ажыдаар болуп жол бууган
Арып-дуба иш экен.

Колу-буту, баары сынып,
Колго түшүп, жан тынып,
Колдо кармап турган соң,
Элди эмине кылдың? – деп,
Эми мындан сураарбы,
Эми коркор не калды,
Атаа мындай кудай урарбы?!»
Муну айтып Ошпур салганы,
Алты карыш канжарын
Кындан сууруп алганы,
Айбалканын төшүнөн
Канжар менен малганы,
Чатын көздөй бет алып
Жара тартып салганы.
Кан чыкпады, суу чыкты,
Жаа Алдалап чуу чыкты,
Кара башыл туу чыкты,
Суунун арка жагынан
Түтүн чыкты буркурап,
Ажыдаар жуткан кырк миң кол
Түгөл чыкты чуркурап.
Жарылган соң карыны,
Чыгарып колдун баарыны,
Башын кесип алыптыр,
Башын кессе дагы өлбөйт,
Балакетке калыптыр.
Шыйрагынан байлады,
Чындап шору кайнады.
Ташка-сууга урунтуп,
Заманасын куурултуп,
Сүйрөп алып жөнөлдү,
Илинип калды жыгачка
Ичеги менен карыны.
Көтүнөн ээрчип келе атыр,
Көрүп турса баарысы
Башы келет артынан,
Тоголонуп токтобойт,
Токсон бөлүп салса да,
Өлө турган окшобойт.
Ошпур баштап карысы,
Орчун колдун баарысы
Кыргыл менен Бакайдан,
Кырк миң колдун баарынан:
«Кантип жаныңкалдыңар
Ажыдаардын заарынан?
Оп тартканда жеттиңер,
Оозуна кирип кеттиңер.
Дубасынын күчү – деп,
Кандай экен ичи?» – деп,
Капчыгайда чуулашып,
Кары-жаштын баарысы
Бир-биринен сурашып.
Минтип жолго салыптыр,
Ичине кирип чыккандар
Көргөнүн айтып калыптыр.
«Алыстан көрсөк ажыдаар,
Айта берсек узун сөз,
Ат койгон бойдон жеттик – деп,
Ачылуу капка шаарга
Барып кирип кеттик – деп,
Не сонундар бар экен,
Аяк-башы ат чабым
Аземи артык шаар экен.
Анда кирип калдык – деп,
Урап калган дубалдан
Ушундан чыгып алдык» – деп,
Көргөндөр сүйлөп салганы.
«Ушундай жандар экен!» – деп,
Көп аскер сүйлөп калганы.
«Бул адам эмес, арып ко?
Арып менен иш кылган
Баары аяр чалыш калк ко?
Тоого-ташка сүйрөдүк,
Тырмактай эти калбады,
Таш, жыгачка жабышып
Бирөө да орун албады».

Кужулдашып сүйлөшүп,
Шыйрагынан сүйрөшүп,
Муну алып жүрүп нетели,
Жайык жерге чыгарда
Жерге көөмп кетели.
Кыргыл, Бакай баарысы,
Ошпур баштап карысы
Кооп кылган тоосунан,
Аман-эсен кол чыкты
Капчыгайдын оозунан.
Бооң жаткан жол менен,
Келсе душман кол менен,
Өлө турган келбесе,
Өзгө бенде келе албас,
Ажалы жеткен келбесе,
Асты киши келбес – деп,
Бейкут таштап салыптыр,
Абакеңиз эр Бакай
Жүз отуз миң кол менен
Жайнап чыга калыптыр.
Аны таштап салыңыз,
Арстан Манас баатырдын
Алла эмине сөзү бар
Кабарын угуп алыңыз.
Асты-үстү болгон тоо экен,
Тилке-тилке коо экен,
Аягы калың чер экен,
Ач кайкалаң бел экен,
Ат жүргүс жаман жер экен.
Күндүн мурду чалганда,
Тоого тийип калганда
Чыккан экен белине,
Айран-азыр таң болот
Акунбешим элине.
Карк эткенден карга жок,
Караан-бараан калган жок.
Курк этерге кузгун жок,
Же жол кармаган тоскун жок,
Кандай курган эл экен,
Ач кайкалаң бел экен.
Токтолуп колго кеп айтат:
«Оң жагында бийик кыр
Мен чыгайын!» – деп айтат.
Жүргөн аскер мол экен,
Манас менен барганы
Жүз элүү миң кол экен.
«Жүз миңиң белде калыңар,
Мага көзүң салыңар.
Жол болгон болсо кокустан
Байрак булгап бакырам,
Бара бергин элди – деп,
Байрактын башын жапырам.
Байракты көрүп албаңар,
Байкабастан ат коюп
Балакетке калбаңар.
Мылтыкка андис мергенди,
Мыкты атам, – деп келгенди
Астыңарга салыңар,
Найзакерден барыңар,
Артына түшүп алыңар,
Айбалта, кылыч, күрсүлүү
Катар жүргүн баарыңар.
Көрбөсөм да укканмын,
Бу коктунун оозунда
Булагасын шаары бар».
Мылтыктуу мылтык октошуп,
Жүз миң колдун баарысы
Көк кайкыга токтошуп,
Анда туруп калыптыр,
Оң жагында кыр жакка
Ойрон Манас салыптыр.
Ээрчигени Манаска
Элүү миң аскер кол экен,
Көргөндүн көзү учкандай
Көткү атынын мурдуна
Астыңкы ат жаба чычкандай,

Бас да болсо бадирек,
Бийик экен кыясы.
«Кыяң менен кургур!» – деп,
Минтип келет кыйласы.
Баатыр Манас кеп айтып:
«Макоосу экен кыянын,
Баарыбыз көрдүк зыянын!»
Аны айтып баатыр салыптыр,
Абыр-шабыр бастырып
Кырга чыгып алыптыр.
Асты жагын караса
Азганакай талаасы,
Акунбешим баашанын
А жерден чыкты калаасы.
Андан ары караса
Көк адырдын салаасы,
Андан ары көрүнөт
Абандын сары талаасы.
Элүү миң аскер кол менен,
Эр Манас чыкты жол менен.
Кашатка туусу сайылып,
Кайнап жаткан көп аскер
Ойдо-тоодо жайылып.
Тагылык аттуу баатыры
Таамай жүз миң кол менен
Жол тосууга акыры,
Чымырканып чыгыптыр
Кайраты ашык каапыры.
Кырга чыгып эр Манас
Байрагын төмөн жапырды.
Кайкыдагы жүз миң кол,
Кайраттуусу кыйла мол,
Астына мылтык салышып,
Саадактуусу сандан көп,
Найзакерден андан көп,
Кылычтуусу кылкылдап,
Кыядан чыкты былкылдап.
Кайнап турган калың кол,
Аскерди көрдү кумдан мол.
Тагылык баатыр акырды,
«Токтотпой тоого кама! –деп,
Ат мылтык!» –деп бакырды.
Жебенин огу кыркырап,
Мылтыктын огу зыркырап,
Эр Манастын аскери
Жаа Алдалап чуркурап
Беттешти калыңжоо менен,
Терскенду . тескей тоо менен.
Аккелте үнү чаңырып,
Арстан Манас баатырдын
Ач кыйкырык жаңырып,
Айгайын уккан калмактар
Акылынан жаңылып,
Ат соорусун салышып,
Кайгайлаган калмактар
Кача түшүп калышып,
Кашатка чыгып барышып,
Агылык менен Тагылык
Кайрат кыла салышып,
Кайра тартып токтошуп,
Милтенин баарын чоктошуп,
Мылтыктын баарын октошуп,
Жаанын баарын керишип,
Жакшысын жаман эришип,
Башынан түтүн ачылбай,
Мылтыктын үнү басылбай,
Жабуу-жабуу, жабуу! – деп,
Жаалдаган кыйын кеп,
Мөндү-мөндү, мөндү! – деп,
Мөндү деген кыйын кеп.
Каапыр менен мусулман,
Маңдайлашты канча жан.
Эр Манастын колунан,
Тагылык чыгып жолунан
Ок жаадырып урушту,
Ойду-дөңдү турушту.

Эми Манас ойлонду
Оңдурбай турган жумушту.
«Өлөрман гана куу калмак
Өжөрлөнүп токтолду,
Атышкан ара талаада
Ат жүргүсүз ок толду.
Соот, кыяк киейин,
Сонунсуган каапырга
Ач бөрүдөй тиейин!»
Муну ойлонуп эр Манас
Жаракты белге чалыгып,
Жаратканга жалынып,
Азирет Аалы шерлердин,
Шейит кечкен эрлердин
Арбагына сыйынып,
Ак күбө тонду кийинип:
«Шашкеде келип бу жерге
Түшкө жакын турарбы,
Мындай кудай урарбы?!
Аскерим арбын токтолду,
Атышкан болуп санталак,
Ара түзгө ок толду,
Бул эмине кордугу,
Минтип кылган зордугу!»
Маңдайында багы бар,
Кулагында шамы бар,
Куюндан бүткөн жаныбар
Жаадай болгон чоң Кула ат
Камчыны катуу салганы,
Кабылан Манас баатыры
Кайраттанып алганы.
Мубакүлдүү сыр найза
Булгап алды колуна,
Буластаган баатырдын
Мындай кайрат кылганда
Ким токтосун жолуна!
Тулпарга камчы салыптыр,
Туусун көздөй бет алып
Туйгун эр жөнөп калыптыр.
Калнактан чыккан Тагылык,
Калган экен камынып,
Каркыбарың а дагы
Кабылandай чамынып.
Күндөй болуп күркүрөп,
Көргөндүн бою дүркүрөп,
Сур кундактуу көк бараң
Тарс! – дедире бир коюп,
Алеңгир жаа, сыр жебе
Манасты көздөй бир чоюп,
Көк түпөктүү көк найза
Көтөрүп алып колуна,
Көсөмсүгөн куу калмак
Кылчайбастан соңуна,
Кыраан Манас көк жалдын
Элден чыгып бөлүнүп,
Эми келди оңуна.
Оңу болбой неткени,
Октой Кула ат жеткени,
Калмак ээр кашына,
Как жүрөктүн башына
Сыр найза менен неткени,
Боордон сайган найзасы
Сыртынан чыгып кеткени.
Калканын тоскон калкалап,
Кагып ийип, койгондо
Чарайна менен соотун
Кабаты менен талкалап,
Бир жарым кез оркоюп,
Сыртынан найза коркоюп,
Ачууланып арстан эр,
Найзаны силкип албастан,
Оор экен, – деп калбастан,
Көтөрүп колуна алыптыр,
Көп аскерге бет алып
Көк жалың жөнөп калыптыр.
Арстан Манас баатырдын

Ачуусу келген ушунда,
Найзасынын учунда
Тагылык келет тарбайып,
Эки колу, эки бут
Төрт аягы арбайып.
Агурукка бет алып
Атырылтып Кула атты,
Барган жерден баатырың
Туу түбүндө турганда
Найза менен урганда
Агурукту сулатты.
Тууда турган калмактар
Жамгырдай кылып жаа атты,
Мөндүрдөй кылып ок атты.
Мөндүлөтүп калмакты
Көк адыр ылдый чубатты.
Туу кармаган кишини,
Куп бүтүрдү ишини.
Бөксөлөй чаап салыптыр,
Туу жыгылып калыптыр.
Элүү миң аскер күңгүрөп,
Жер көчүрүп дүңгүрөп,
Адам толуп, жоо качып,
Көк адырдын салаасы,
Оюн көрсөң көз учкан
Абандынын талаасы,
Ал талаада жайнаган
Күртүк, Чебен калаасы.
Кыргын салып жапырып,
Элүү миң аскер кол менен
Кыргыздын кыраан Манасы
Ойду көздөй түрүптүр,
Орчун шаар калмагын
Ойбойлотуп сүрүптүр.
Алты күн мурун каапырлар
Айылына кабар салыптыр,
Калкынын баарын үркүтүп
Качып кетип калыптыр.
Бели катуу, бек айбат
Берендери калыптыр,
Мен урушка кирем – деп,
Бел байлаган душманга
Эрендери калыптыр.
Калаасы калган каңгырап,
Качкан калмак дабырап.
Көчөнүн боюн кан кылып,
Көргөндөрдү таң кылып,
Бакылдатып калмакты,
Далыга найза мылгытып,
Базарда калган тооктой
Башын үзүп ыргытып,
Жылгындынын Кең-Арал
Оюн көздөй дыргытып,
Элин сүрүп ириптир,
Ээн калган шаарына
Элүү миң аскер кол менен
Эр Манас баштап кириптир.
Аны таштап салыңар,
Көк кайкаңда жүз миң кол
Кабарын угуп алыңар.
Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Күйгөн өрттөй Абдылда,
Кыргыздан чыккан Кутунай,
Каратоко Мажиги,
Камбар уулу Чалиги
Алты баатыр астында,
Кылкандай найза кылкылдап,
Кылымды бузган көй баатыр
Кызыл-Суу кечип былкылдап,
Чатырлаган калың кол
Чабуулдап чыккан жери ошол.
Коктунун чыгып оозуна,
Көзү түштү көзөлдөр
Көп кытайдын жоосуна,
Аскердин ары чекеси
Таянган экен кыжылдап

Текеликтин тоосуна.
Бөтөн-бөтөн калаасы,
Калаасынын арасы,
Аскер менен жык толуп
Абандын орто талаасы.
Ак асаба, кызыл туу,
Айгайлаган улуу чуу,
Көк асаба, кызыл туу,
Көк жаңырган улуу чуу.
Жүз миң аскер кол менен,
Он-Бирдин ою жол менен,
Бологар деген суусу бар,
Болжолун көрдү ушулар.
Шамың шаа деген калдайы,
Шамың шаанын үстүндө
Аскердин арбын далайы,
Кызыталак Шамың шаа
Кырк миң үйдүн калдайы.
Кызматында туруптур
Кыйындардын далайы.
Кылган иши арбыптыр,
Кыжылдаган кытайдын
Заманасы тарыптыр,
Акунбешим баашадан
Беш жүз миң аскер барыптыр.
Шамың шаасы зор калдай,
Салтанаты бир далай.
Темир капка, таш коргон,
Аяк-башы ат чабым,
Аскер басып карк толгон.
Бологар суунун боюнда,
Күн чыгыш жаккы оюнда
Калагун деген калаасы,
Каркап толгон жер экен
Манжурия, маңгулдан
Кара калмак баласы.
Акунбешим баашага,
Аскер алып ошого,
Жамыра, Торгой калдайы,
Барган экен шаасына
Баатырлардын далайы.
Дабашы, Тулус жаң-жуңу,
Жер көчүрүп даң-дуңу,
Улаңгы, Көйгүр амбалы,
Ойротту билген кандары,
Барган экен душманды
Оңдурбайм, – деген заңгары,
Көтөрбөс тууну көтөрүп,
Көк темирден соотту
Көй күлүккө бөктөрүп.
Кылычтын баарын бүлөшүп,
Кыжылдаша сүйлөшүп:
«Кыйын эле балбан!» –деп,
Бирин бири кү .лөшүп,
Миңден-сандан дүүлдөшүп,
Найзанын баарын учташып,
Албарстын баарын курчташып,
Күрсүсүн салып мойнуна,
Кутусун тыгып койнуна,
Каапыр менен мусулман,
Карап тургун калайык,
Эки журттун ойнуна.
Саадагын асып белине,
Булар сапар келиптир
Булагасын элине.
Акунбешим баашага
Азап түшкөн ошого.
Кумдай журтун чакырып,
Кубанчына амбалдын
Күнөөкөрдөн чыгарып,
Сегиз киши чаптырып.
Он сегиз миң кол алып,
Омполду көздөй жол алып,
Кароолго Шамың шаа барыптыр.
Кайнап келген аскердин,
Талды-Суунун оюнан,

Кер-Көл ата боюнан
Карааныn көрүп алыптыр.
Качкан бойдон Шамың шаа
Калкына кабар салыптыр,
Элинин баарын дүрбүтүп,
Неме койбой үркүтүп:
«Карабулта барыңар,
Назырга малың чалыңар,
Ар жагы Талаш, Нааман бар,
Аягы Мазар улуу шаар,
Батып жатар жериң бар!»
Көлүктүүнүн баарысын
Көлүгүнө арттырып,
Аз көлүктүү адамын
Арабага тарттырып,
Үркүтүп элин ириптир,
Үлкөн шаа Бешимдин
Үстүнө Шамың шаа кириптир.
«Кароолго бардым, каным – деп,
Калбадым коркуп жаным – деп,
Кер-Көл ата боюнан,
Керме-Тоонун оюнан
Кыпындай неме көрүнбөйт
Кыргыздын келген колунан.
Көл менен тоонун арасы,
Көп көрүндү карасы,
Эсеп жеткис эл экен,
Каарданса бир жолу
Каптап кетер сел экен!
Аныктап көрдүм көзүм – деп,
Ашыгып келдим өзүм – деп,
Жетим уул, тул катын
Калкымдын баарын качырдым,
Адамымды аздырдым.
Анын жайын айтууга
Сизди көздөй бастырдым.
Үстүңдөн өттү үркүнү,
Талаага көмдү мүлкүнү,
Таштап атты кара журт
Тамаша менен күлкүнү,
Жайнап келген буруттун
Жаман көрдүм түркүнү!»
Шамың шаа айтып салганы,
Айтып оозун жыйганча
Шашкалактап кырк-элүү
Адам кирип барганы.
Омуроого ок тийип,
Каны чыгып шорголоп:
«Качып келдим, каным – деп,
Как өзүңө корголоп!»
Кашын көрсөң кан жайып,
Жаманыраак жарасы,
Кере сөөм жалжайып.
«Кызыл-Суунун башына
Кызматыңа бардык – деп,
Кыжылдаган кол көрүп,
Кыргын таап калдык – деп.
Бири миңден качпаган,
Көп экен – деп, шашпаган,
Айбаттары жолборстой,
Асты өлүмдөн качпаган,
Аскери арбын, колу көп,
Азыр келди мында – деп,
Арзымды таксыр тыңда!» – деп,
Элүү-кыркы жарадар,
Келгендердин баарысы
Келесоого барабар.
Үшү кетип үшкүрүп,
Кейпи кетип, кейишип,
Кээ бирөөнө караса
Келжирешип келишип.
Кызылала кан болуп,
«Келдим – деди, – канына,
Кыргыз менен челишип!»
Акун шаа айран калыптыр,
Айтканынын баарысы

Жаман айтып барыптыр.
Кармашканда жеңем – деп,
Өзү ишенбейт боюна,
Качсамбы? – деп,-мен дагы,
Ар нерсе алып оюна:
«Булагасын шаарыны,
Бул жерден мен качкан соң
Бузултармын баарыны.
Маңдай жакты карасам
Талуу-Көшөрт шаарыны,
Мен качкан соң бу жерден
Талкалаармын баарыны.
Көрүнөө калган экемин
Көкө теңир каарына,
Карабулта жетпеди
Какшап айткан зарыма,
Лайламалуга – деп,
Мен эмине кылгамын,
Колдободу бу да – деп,
Коркуп-үркүп эл-журтум
Бүлүнүптүр жуда» – деп,
Муну ойлоду каныңыз,
Мырдарчылык жумушун
Дагы көрүп алыңыз.
Кызыл алтын соктуруп,
Кылабына толтуруп,
Кылып алган буту бар,
Көөкар таштан көзү бар,
Адамга окшош өзү бар,
Ээрини жубар, маржан тиш,
Эң кыйын го ушул иш.
«Карайлады калкым –деп,
Кайда кетти мурунку
Колдоп жүргөн салтың? – деп,
Сыйынуучуң мен элем,
Чын колдоочум сен элең,
Теңиринен буруттун
Кайсы жериң кем элең?!
Уругум кытай улуу журт,
Суң-Туңшанын эли элем,
Беш атамдан бер жакка
Бадыша болгон мен элем.
Чуу атагы жеримин,
Манжурия, маңгул бар,
Туңша калмак уругу,
Карабайсың алына
Кайгы баскан элимин.
Колдоор сенин кезиң – деп,
Коркуп келди эсим – деп,
Тогуз жүз миң кол жыйдым,
Урушсамбы, койсомбу,
Угуз мага сөзүң? – деп,
Улук Көкө теңирсиң,
Жардам көргөз өзүң!» – деп,
Акунбешим бадыша
Жардам сурайт темирден.
Так ошондой тиленсе
Бербес беле тилегин
Жараткан жапар теңирден!
Мани, мани батман чүк,
Калмак сөзүн окунуп,
Аягына баш коюп,
Жашын төктү чокунуп.
Адам ата зарпынан,
Тил албаган дартынан
Бейиштен сүрүп айдаган,
Шайтан болуп ибилис,
Минтип шору кайнаган.
Тукуму калбай адамдын,
Тупатуура баарынын
Кырылганын сүйбөйбү,
Кызыл алтын бут болуп,
Кызыталак шайтан сүйлөдү:
«Беш атаңдан кансың – деп,
Берекелүү жансың – деп,
Бел байлагын урушка,

Бенденин көзү жете албас
Мен кылуучу жумушка.
Өзүң калып турупсуң
Өкүнүч менен кейишке,
Өлгөнүңдүн баарысын
Алдыргамын бейишке.
Алгандары нур болуп,
Бир-бирөөнө кызматкер
Кырк-элүүдөн берište.
Кайратың жок боюңда,
Качуу турат оюңда.
Карап бериш эсиңде,
Карабай катып калсаңчы
Каркап толгон кезиңде!»
Азезил айтып салганы,
Намыз шайтан деген сөз,
Нак ошондон калганы.
«Буруу-терүү каратпай,
Мусулман кылар өзүңдү.
Мурунтадан кылчу элең,
Буйрук айткан сөзүмдү.
Жалгачуңуз мен барда
Жаман кылат бурут – деп,
Жалтантпагын көзүңдү.
Токтолгон динден айрылып,
Тозоку кылба өзүңдү!»
Бут болуп шайтан туруптур:
«Кудайым кубат берди!» – деп,
Акунбешим баашаны
Абыдан арбак уруптур.
Урбаганда неткени:
«Кудайым кубат берди!» – деп,
Сүйүнүп чыгып кеткени,
Ордокана коңгуроо
Баңдуулуга жеткени,
Майканага туруптур,
Баңдуулусун уруптур.
Каңгыраган добушун
Бир күндүк жердеги угуптур.
Калмактын баары камданып,
Атка минип чыгыптыр.
Ордогого добул согулду,
Ойроттун баары чогулду.
Ак отого, көк диңсе
Айбаты бар көрүнсө,
Көк отого, ак диңсе
Көркү кыйын көрүнсө.
Желектери жалпылдап,
Жер көрүнбөй калкылдап,
Баңдуулунун түбүндө
Жети жүз керней бапылдап,
Аскерин жыйып асырлап,
Айбатынан алаштын,
Арбагы бийик Манастын
Акунбешим баашанын
Тула бою калтылдап.
Тура турсун каныңыз,
Кабылан Манас баатырдын
Туш-тушка кеткен колу бар,
Кабарын угуп алыңыз.
Айдаркан уулу эр Көкчө,
Айбаты журттан бөлөкчө,
Алтындуу наал, жез өкчө,
Көтөргөнү туу болуп,
Көк жаңырган чуу болуп,
Жүз элүү миң аскерин,
Дүркүрөтүп көп элин
Куш-Мурундун оюнан,
Куурайлуу деген жеринин
Чарын жаккы боюнан,
Ботонун саздуу талаадан,
Сакта! – деп, – кудай балаадан,
Аскерин Көкчө төрт бөлүп,
Ар тарабы өрттөнүп,
Чабдардын белин ашырып,
Чаң менен жерин жашырып,

Чатырлатып эр Үмөт
Чабдар ылдый салыптыр.
Жайсаң, Үйшүн, Албанды
Жанына жолдош алганы.
Бара турсун аныңыз,
Эл башкарган улугу
Эр Айдаркан каныңыз.
Бараң мылтык батырлап,
Чарын ылдый чатырлап,
Элүү миң аскер кол менен,
Эңкейиш тарткан жол менен,
Кыр ашып Челек жол менен,
Кырк миң аскер кол менен
Эр Көкчө жолго салыптыр.
Элүү миңдин он миңин
Каракожо алыптыр,
Курулуунун бел менен,
Куюндуу шамал жел менен,
Куюлма шагыл жер менен
Илебиндин элине
Издеп кирип барыптыр
Уруш кылар жерине.
Каны өлүп, карып болуптур,
Кайгыга калкы толуптур.
Беги өлүп, бейпай болуптур,
Мээнетке калкы толуптур.
Уруштан каны өлгөнү,
Өлгөнүн көзү көргөнү,
Өлгөнүн көрүп өкүнүп,
Өңкөй калмак өкүрүп,
Өлгөнүнөн калганы
Өксөп үйгө барганы.
Баргандын баары жарадар,
Байкап ишин караңар.
Алма-Коюр жер экен,
Ар уруу калмак эл экен,
Каркырада мал экен,
Кара камыш Иледе
Кара малы бар экен.
Жылкысын алаш алыптыр,
Жылкы малдан айрылып
Жыла алышпай калыптыр.
Карайлашып, кан өлүп,
Канча түрлүү жан өлүп,
Карап турган чагында
Эми казакең айгай салыптыр.
Азирет! – деп акырып,
Айдаркандап бакырып,
Ата-атанын уругу
Өз ураанын чакырып,
Жанчоролоп күңгүрөп,
Байчоролоп көп казак,
Баабедин! – деп дүңгүрөп,
Бекчоролоп буркурап,
Бет-бетинен чуркурап,
Чабуул коюп кириптир,
Жайыттан малын тийиптир.
Дагы бурут келди! – деп,
Катындары калмактын
Ыштанына сийиптир.
Чагалалап чуркурап,
Чачын жулуп буркурап,
Калмактар салды ойбойду.
Оюна келген жумушун
Казакең кылбай койбоду.
Короосу менен кой айдап,
Мааратканы андан көп,
Кокуйлатып ээсин,
Каратканы сандан көп,
Айдап алып төөсүн,
Таратканы андан көп,
Аңырайтып ээсин
Каратканы сандан көп.
Өрттөп отун канасы,
Таңыраңдатып кубалап
Өгүз менен танасын,

Кажылдатып ыйлатып
Катын менен баласын,
Камап барып түшүптүр
Илебин шаанын калаасын.
Жыйылуу аскер колу жок,
Кажылдаган каапырдын
Качып кетер жолу жок.
Үйүрүнөн алып күлүгүн,
Үйүнөн алып мүлүгүн,
Кан Айдаркан тушунда
Казак, кыргыз бир чакта
Калмакка салып түлүгүн.
Аламандап ат коюп,
Ат койсо да бат коюп,
Илебинге караган
Кара калмак мол экен,
Аяк-башы калаасы
Алты күндүк жол экен,
Башы Жаргент, Алматы,
Бай-байлатып калмакты,
Барбаган жери калбады.
Малдан койбой изүүлдөп,
Албаган жери калбады.
Куржун алып кубанып,
Кубулган сонун бул алып,
Бүктөп жүргөн андан көп.
Чабадандан жамбысын
Жүктөп жүргөн сандан көп.
Кадиктүү жерди карашып,
Тиктеп жүргөн андан көп.
Тээтиги жерде мал бар! – деп,
Чектеп жүргөн андан көп.
Чач учтугун келиндин
Кыйып жүргөн андан көп.
Катылбагын катынга,
Жолго кесир болот – деп,
Карыясы кой-койлоп,
Тыйып жүргөн андан көп.
Кырмызы көйнөк, кыпча бел
Кыздан кармап алышып,
Кабакка баса калышып,
Керип аткан андан көп.
Кесир кылдың жолго – деп,
Кейип жаткан сандан көп.
Көзү көсөм карысы,
Көрө салып баарысы
Уялат экен жаштар – деп,
Кетип аткан андан көп.
Талабына тал түштө
Жетип аткан сандан көп.
Өлтүрөм, кыймылдаба! – деп,
Өчөңдөшүп ар жерде
Нетип аткан андан көп.
Минемин – деп, жорго алып,
Минтип жүргөн сандан көп.
Миң теңгелик торко алып,
Таңылчагын оодарып,
Тинтип жүргөн андан көп.
Ээн калган эл болду,
Башчысы жок болгон соң
Байкуш болбой не болду.
Бошко калган мал болду,
Боздогон кыйла жан болду,
Убалына калганы
Акунбешим кан болду.
Урушунан өлгөнү
Жүз миңден ашык жан болду.
Илебин өлгөн улугу,
Башы өлгөн соң баарысы
Иттей чуулап куруду.
Камады кандын ордосун,
Какты баштык, дорбосун,
Калганымды кырба! – деп,
Калмактар тартуу чыгарды
Бир жүз токсон жоргосун.
«Атагыбыз Төрөндөн,

Азыр биздин боюбуз
Кызыл канга бөлөнгөн.
Илебин өлдү каныбыз,
Иттей болду саныбыз.
Койбойбу – деп, дүйнөгө,
Коркуп чыгат жаныбыз.
Арстаны өлгөн азадар,
Каныбыз өлгөн карадар,
Калмак да болсок тууганбыз,
Катарында турганбыз,
Ырайым кылып караңыз,
Азыркы сүргөн дооруңуз,
Аркы атаң бирге болгон соң
Азаттык берип биздерге,
Ачынар бекен бооруңуз?!
Тубардан жыйган тулдуубуз,
Туйгуну учкан муңдуубуз,
Жалыныш кылып сиздерге,
Жан соогат! – деп турубуз.
Барчадан жыйган тулдуубуз,
Баашасы өлгөн муңдуубуз,
Жайылган кара чачтуубуз,
Тамчыдай кара жаштуубуз,
Казат, – деп барып Оргого,
Калбаптыр жалгыз жакшыбыз.
Турабыз зарлап силерге,
Тукумсуз кылып жибербе.
Жетим уул, тул катын
Сыйлайбы? – деп сыйындык
Жетимиш атаң урматын.
Аркы атаң Жапас түрүктүр,
Арбагы колдоп жүрүптүр,
Мына бу турган ага, иниң
Атаңдан калган мүлүктүр,
Азыр ушу журтуңуз
Абыдан жаман бүлүптүр.
Эркеги жок, катын бар,
Элдиреген калкың бар,
Жан соогат! – деп сурандык,
Жакшылар кандай наркың бар?
Баш калкалаар бай да жок,
Бата турган жай да жок,
Кыз-катыны, кары-жаш
Кырк сан келер адамбыз,
Кырып ийсең айла жок.
Баңдан улук бабасы,
Илебиндин агасы
Чыңша деген байыбыз,
Чын кетти биздин жайыбыз.
Чыңшанын кызы Буудайбек,
Көргөндөрдүн баары айтат
Чыны менен сулуу – деп.
Жолдош тогуз кызы бар,
Топтон чыккан узу бар,
Көбүңө тартуу ушулар!»
Калмактардын баарысы,
Алеңгир баштап карысы,
Илебин кандын шаарына,
Ордосуна барышты.
Кең соорусу бир кучак,
Кара байыр тобурчак,
Жорток эмес, жоргодон,
Тандап чыгып ордодон,
Мойнуна тумар тактырып,
Таманына алардын
Күмүштөн така кактырып,
Куйругуна үкү байлаган,
Айнектей көзү жайнаган,
Жал-куйругун тараган,
Жаадай болуп жараган,
Кийимин кымкап жаптырып,
Кейпин көргөн жактырып,
Он тобурчак мингизип,
Отого диңсе шөкүлө
Оолжута кийгизип,
Жазык маңдай, кыйган каш,

Суксур моюн, түймө баш,
Кобул колдуу, колоӊ чач
Тартууга тогуз кыз келди.
Камбардын уулу Айдаркан,
Кайраты ашык бу бир жан:
«Бейбашыңды койгун!» – деп,
Араӊ тыйды бул элди.
«Каапыр да болсо кандуу журт,
Каардабаӊар эми – деп,
Кытай да болсо кылым журт,
Кыйратпаӊар эми! – деп,
Кысталганы жан үчүн
Кызынан тартуу кылды!» – деп,
Алма-Коюр базарын,
Айдаркан салды назарын,
Аскердин баарын жыйыптыр,
Аламанын тыйыптыр.
Атышпай карап бергенге
Алдага шүгүр кылыптыр.
«Карадык – деп, – казакка,
Карабайбыз дегендер
Калгыдай бөөдө азапка,
Карайт бекен, жокпу? – деп,
Кашына барган кишиден
Калтырбай айтсын жоопту – деп,
Кара-Корум, Уркунда,
Казактын башы ушунда,
Аягы Арал көл-деңиз,
Үркүндүнүн тушунда,
Бу жагы Букар, Кырымда,
Алаш да дайын кылымга.
Бир жагы Кебил, Балыкта,
Азыр мындан арбын жок
Орто Азия калыкта.
Бир чети Ыспан, Ындыстан,
Атагы алаш арбын жан.
Кармашып бенде өтө албас
Казак менен кыргыздан.
Алтайчылык Каканды
Арка кылып, бел байлап,
Алдырбайбыз жоого – деп,
Арзып жүрдүк дем байлап.
Байкап эми карасак
Басылган окшойт демибиз,
Балаага калды элибиз.
Чын артына карасак
Чыккан окшойт желибиз.
Айрабыз – деп, – Оргону
Адамдын баары шордоду.
Азаматтын баары өлүп,
Аксакалдан кары өлүп,
Жүк көтөрөр нар өлүп,
Жүргөн жандын баары өлүп,
Нечен албан жан өлүп,
Эр Илебин кан өлүп,
Жайсаңдардан жан калбай,
Жайытында мал калбай,
Дорголордон түк калбай,
Топ башыдан шүк калбай,
Тул болбогон келин жок,
Журтта мындай керим жок.
Туу көтөрүп, сап байлап
Уруш кылар эбиң жок.
Кашкел өлдү улугуң,
Кайрат кылсаң курудуң,
Капилеттен өлбө – деп,
Кабар айтып турумун.
Кабар айтмак биздерден,
Элес алып, эскерип,
Эл башкармак сиздерден,
Ишенгениң Акбешим,
Манас барып кол менен,
Куткара албай өз башын,
Кургата албай көз жашын
Камоодо жаткан кези бар,
Кайгыдан танган эси бар.

Сыр боюнан кол жыйып,
Сыпааларын мол жыйып,
Сырттан Манас баатырга
Уруш кылар кези бар.
Алган болсо бурутту
Аңдабай коёт дейсиңби,
Бизге окшогон бу жерде
Жесир-жетим журутту.
Азыр кыла туралык
Аманат жандын айласын,
Алдырбаса Акбешим
Кылбай коёт дейсиңби
Кызыл чок ойрот пайдасын?!»
Илебиндин агасы,
Агасынын баласы,
Айрык менен жыртыгы
Андан бүтүп туруучу
Алма-Коюр калаасы,
Жебен баштап баарысы,
Алеңгир баштап карысы
Акылдаша калышты.
«Карайбыз десе казакка
Калбасын бө .дөазапка,
Тартуусун алып тез келсин,
Карабас болсо казакка
Качар жагын эстесин,
Кутулар жерин көздөсүн.
Баланча болбой койду – деп,
Курутпасын өз десин.
Короготу, Кош-Көлдө,
Өлбөс жагын көздөсүн
Өкүнчү кылбай башка элге.
Элиңиздин ортосу
Бура-Кужур, Ак-Ташта
Карап бердик казакка,
Казаттын жолу бир башка.
Эдил, Жайык – эки суу,
Элиңдин чети мына бу.
Аягы Торгой, Калдайы,
Акбешимге караган,
Аңдап көрсөң ушулар
Алдырбай акыр калбайбы?!
Калың Канар тоосунда,
Кун чыгыш жагы элиңдин
Кара-Көл, Иле суусунда.
Кабар айтпай койдуң – деп,
Капа болбо ушунда.
Өйдө чети элиңдин
Өгүз кечүү, Калканда,
Өмдөп келип көп казак,
Өзүбүздү алганда
Айылыбыз туруп аралаш,
Калаабыз туруп караандаш
Айтпай койсок жаман – деп,
Кабарсыз коюш кандай кеп?
Сары-Арканы жайлаган,
Сан казагын айдаган,
Келиштирип кермеге
Кертөбөлдү байлаган,
Кезенишкен душмандын
Кесип башын чайнаган,
Саймалуу калпак, сары шым,
Шалдыркан кисе, бото кур,
Алтындуу наал, жез өкчө
Айдаркан уулу эр Көкчө,
Дөөлөт кушу башында,
Жыйырма тогуз жашында,
Көп аскери кашында.
Үйшүн, Үмөт, Жайсаңы,
Кызыл чоктуу ойроттон
Түк чагырбай кайсады.
Алма-Коюр, Челектен
Адамы чыкты керектен.
Чабдар менен Чарынды
Чаап түштү баарыны.
Жарбасардын оюнан,

Жандуу неме койбоптур
Жалаң-Суунун боюнан.
Алма-Коюр, Боролдой,
Алдырып салдык баарысын
Адам болуп торолбой.
Кутулбайбыз буруттан
Бу дүйнөдөн жоголбой.
Кашкел өлдү дуу-дуңар
Канын кимден куудуңар,
Калганыңдын баарысы
Кападар болуп суудуңар.
Чубар-Агач, Чамалган
Журтуңдун чети камалган,
Кашкел менен кошулуп,
Казатка барган канча жан
Кара жерге жамалган.
Калганыңдан кайраттууң
Кайсы экениң билбейбиз,
Кашкелден калган тагыңды
Биздер барып минбейбиз!»
Кабар берди калкына,
Кан жутуп жатып бир-бирин
Кабар берип аяган
Калмактын кара наркына!
Чагалак деген жайсаңы,
Алты жигит барышып,
Жайы-көйүн айтканы,
Айтып алар кайтканы.
Кашкел дуу-ду элдери
Кары-жашы чогулуп,
Ордосуна келгени.
Аңдап көрсөң кебине,
Анын дагы элине
Өлгөнү көп, өкүнүчтүү,
Кеткени көп, кейиштүү:
«Алтайлык казак келди – деп,
Алып койду жогорку
Алма-Коюр элди – деп,
Илебин амбал – канды – деп,
Эч нерсе койбой алды – деп,
Өлгөнүнөн калганы
Жан соогатка кыз тартып,
Жайына таштап салды – деп,
Башкы атасы Камбаркан,
Ар жагы келген алаштан,
Атасынан бабасы
Намысына талашкан,
Атышканда душманы
Акылынан адашкан.
Өз атасы Айдаркан,
Өзгөчө баатыр бу бир жан,
Азыркы баатыр Көкчө – дейт,
Абак, Тарак алаштын
Кайсынысы билбейбиз,
Кайраты журттан өзгө – дейт.
Оргого ойрон салыптыр,
Жер майышкан кол алып,
Жетип мында калыптыр.
Алма-Коюр журтунан
Алыс менен жуугунан,
Ысык менен суугунан
Неме койбой алыптыр
Эндигиси кезеги
Бизге келип калыптыр.
Карап берсек карадык,
Карабас болсок казакка
Калдык тирүү азапка,
Кайда качып тарадык?!»
Байкап көргүн мунусун,
Башаламан курусун,
Башкара албай жумушун
Аяк-башы жыйналды,
Айласын таппай кыйналды.
«Карап берсек казакка,
Каларбыз кыйла мазакка.
Көкө теңир буткандан,

Акыреттин жайы үчүн
Айткан сөзүн туткандан...
Жыгылганды жөлөгөн,
Кемигенди төлөгөн,
Кетилгенди толтурган,
Күндө жалгап олтурган,
Көк теңири бутканды
Кандай кылып таштайбыз?
Караган соң казакка
Кандай өрнөк баштайбыз?»
Кашкел дуу-ду калаасы,
Бир-бирине көрүнбөй
Миң-санынын карасы,
Бүтө албады жарасы,
Жымыкпады арасы,
Качар жагын карады,
Жыбырап жылдыз толгондо
Бет-бетинен тарады.
«Албан түрлүү сөз чыгар
Айта берсе тилден – деп,
Акыры бир күн өлүм ак,
Айрылбайлык динден – деп,
Кууса бурут нетербиз,
Куюлуп алып, төмөнкү
Кумга кирип кетербиз.
Аягы Арал, көлдөр бар,
Адам түгүл ал жакта
Карга учпас каран чөлдөр бар,
Кулан жүрбөс кумдар бар,
Куп сонундар мында бар.
Исең-жуушаң чөбү бар,
Издегендин көбү бар,
Орол тоонун учу бар,
Ойлонсоң сонун ушулар».
Бура-Кужур, Ак-Ташты,
Муну ойлонуп алышты,
Бурулбай жолго салышты.
Уландагы калмактар
Ошо жакка көөнү бар.
Короготу, Кош-Көлдүк:
«Коркпосок да, корксок да,
Козголгон соңдеги өлдүк!»
Качып калмак өмөлдү,
Качканынын баарысы
Каргалыда кабырап,
Качып алып жабырап,
Кара-Тоо көздөй жөнөлдү.
Аягы Короготудан,
Алтыбай деген коктудан,
Андан өөдө карата:
«Чууда Акунбешим!» – деп,
Аманат жандын камын жеп.
«Алдыра койбос Бешим!» – деп,
Калбай жанын аянып,
Кара капчал улуу тоо
Суук-Дөбөгө таянып
Үркгү калмак бу түндө.
Кач-кач кирип баарына,
Качсак качып кирербиз
Акбешимдин шаарына.
Дүңкү, Дөлөн шаары бар,
Не сонундун баары бар,
Аркы өйүздө шашкелик
Акунбешим каны бар,
Ар түрдүү журттун баары бар.
Аны көздөй жөнөөрбүз,
Акунбешим өлгөндө,
Анан да биз өлөрбүз.
Акунбешим бар болсо,
Бир жакшылык көрөрбүз!»
Аны айтып калмактар,
Алтындаган сарайды,
Аңгыратты далайды,
Үйдө турган үптөрүн
Үйүп-жыйып чыгышып,
Коргондун коюп түбүнө,

Койгулап бузуп жыйышып,
Там уратып көмүшүп:
«Сенин алың кандай?» – деп,
Жай-көйүн сурап көрүшүп,
Жайнап жатчу калмактар,
Жараткан салды башына,
Жамандыкка көнүшүп.
Кара-Кыштак, Каргалык,
Кара-Тоого бет алып,
Качып чыкты дүрбөшүп,
Калгандарын жүр! – дешип.
Төө боздотуп буркурап,
Кой мааратып чуркурап,
Уй мөөрөтүп күңгүрөп,
Калаадагы калмактар
Араба менен дүңгүрөп,
Талап минди бээсин,
Таңыркатып ээсин.
Аңгыратып айгырды,
Кылайып малга ээ болбой,
Кыйла байлар кайгырды.
Калбайм – деп казак колуна,
Качып кирди көпчүлүк
Чууга барчу жолуна.
Акунбешим бааша – деп,
Айрып коёр ошо – деп,
Бак-дарак калды кыйылбай,
Малдары калды жыйылбай,
Чалдардын жашы тыйылбай,
Какайы калды короодо,
Аштыгы калды ороодо.
Таок менен каз калды,
Толкуп жаткан калмактан
Тозбогону аз калды.
Дүкөнү менен бул калды.
Кээ бир үйдө карасаң,
Жүздүктөйлөр тул калды.
Асылуу калган казаны,
Алаштын журту бир чакта
Анжы калмак, маңгулдан
Абыдан алган мазаны.
Кытайга салган кыйынды,
Кыраан Көкчө, эр Манас,
Бул экөөнүн барында
Кыжылдаган каапырдан
Кыйла тамыр кыйылды.
Үркө турсун калмактар,
Үркүнүнүн астында
Үлкөн черүү кыргыз бар,
Жүз отуз миң колу бар,
Бакай, Кыргыл зору бар,
Чүйгө качкан калмактын
Түк арылгыз шору бар.
Аны ошо жерге коюңар,
Арстан Көкчө, Айдаркан,
Алла эмине сөзү бар,
Кабарынан болуңар.
Жүз элүү миң колу бар,
Алаштын арбын болжолу,
Илебин кандын элинен
Аябай алган олжону.
Карк алтындан зар алып,
Катары менен нар алып,
Канча дүнүйө-мал алып,
Татымга алды туздарын,
Тартууга алган кыздарын
Үч жүзгө үчтөн бөлүшүп,
Үшү кетип көргөндөр,
Үшкүрүшүп өлүшүп,
Ата улуулап алышты,
Андан куру калгандар
Арман менен калышты,
Талашып, мен алам – деп,
Далайлары салышты.
Алгандардын баарысы
Кызыгын кыздын көрүштү,

Албай калган тууганга
Аябай тартуу беришти,
Айтканына көнүштү.
Алма-Коюр журтуна
Айылы бирге конушуп,
Аралаш тууган болушуп,
Конушу бирге конушуп,
Коңшулаш тууган болушуп,
Алты конуп калышып,
Аралашып алышып.
Чыңшаа кызы Буудайбек,
Айтпады беле көргөндөр,
Чыны менен сулуу – деп,
Көңкү журтун жыйыптыр,
Көпчүлүккө той берип,
Көкчөгө нике кыйыптыр.
Асты катын алышып,
Ал заманда эрендер
Аңгемесин салышып.
Каапырга салып түлүктү,
Калмакка салып мүлүктү,
Казат үчүн арытып,
Баптап байлап күлүктү,
Алма-Коюр журтуну,
Айдаркан жыйып ушуну,
Аяк менен башыны,
Кары менен жашыны.
Баарысын жыйып кеп айтат:
«Байкагыла –деп айтат.
Айдай жаркыйт кечинде,
Алла деген кезинде.
Чыканак жерге салбастан,
Чырым уйку албастан
Ак жадысы эсинде.
Ыраатын кечкен бу жайдын,
Сүйлөөр бар сөзү адистен,
Сүкүтүн кылган кудайдын
Абунасыр өзү бар,
Ак байгамбар мустапа
Аны көргөн көзү бар.
Баашадан тези кайтпаган,
Сен! – деп адам айтпаган
Абунасыр кожо бар,
Арстан Манас баатырдын
Аскеринде кошо бар.
Беш жүз жашка жашаган,
Бендени жолго баштаган,
Өлүм десе шашпаган,
Сакалын ыйлап жаштаган
Айкожонун өзү бар,
Аят адис сөзү бар,
Кудай жалгыз, куран чын,
Куп ишенип, көөнүң тын!
Жалпы баарың билиңер
Жараткандын барлыгын,
Жалган дебе жарлыгын.
Жалынгыла кудайга
Тартпай тозок карлыгын.
Баарың анык билиңер
Байгамбардын барлыгын,
Бар кудайым билсин – деп,
Башыңа салган салыгың,
Бекер дебей, ырас бил,
Бериштенин барлыгын.
Куран китеп өзүдүр,
Кудайдын айткан сөзүдүр,
Башыңа келсе жамандык
Бар кудаанын өзүнөн,
Байкап уктук баарысын
Байгамбардын калтырган
Аят адис сөзүнөн.
Бадышалык өкүмөт,
Башыңа келсе жакшылык,
Башка жактан келди – деп,
Акылыңа келтирсең,
Анда ыймандан какшыдык.

Анык болор билсеңиз
Азирети Азирейил
Жерге чеңгел салганы,
Чыркыратып кыртышын
Амыры менен Алданын
Ала качып алганы.
«Кайта өзүңө берем!» – деп,
Калктын баары өлөрсүң
Калбай тирүү бириңер,
Кыяматтын күнүндө
Кылайып бирөө калбастан,
Кылым-кылым канча жан
Кыжылдап кайта тирилер.
Тараза мыйзам курулар,
Белинче чыгып турпактан,
Бенде жерден суурулар.
Зар-зар ыйлап буркурап,
Заманаң шондо куурулар.
Жер кызарар чок болуп,
Таңдайыңа тамарга
Бир тамчы суу жок болуп,
Аптап куяр төбөңө
Найза бою токтолуп.
Мээң кошо кайнап каныңыз,
Бек кыйналар жаныңыз.
Алың келсе чыдаарсың,
Эгер алың келе албаса,
«Кайдан бала кылдың?!» – деп,
Атаңа наалат кыларсың.
Эс алып кайдан тынасың,
«Не үчүн мени туудуң!» – деп,
Энеңе наалат кыларсың.
Буркан – деп койдуң бутуңду,
Биз да мурун билбестен,
Куп күткөнбүз ушуну.
Азап болор өзүңө
Алтындан куйган бутуңуз,
Акылың болсо ага-ини
Ак талаанын амырын
Анык билип тутуңуз!
Алтын менен күмүштү,
Албарс менен болотту
Аспап кылып урунуп,
Алып жүрбүз темир – деп,
Колдон кылып коройтуп,
Киши өңдөнтүп соройтуп,
Не үчүн айттык теңир? – деп.
Көктү көрдүң тирөөсүз,
Бутту кудай – деп алып,
Мырдар болуп жүрөсүз.
Жылдыз көрдүң, ай көрдүң,
Жылбай турат ордунда,
Жыргалдуу канча жан көрдүң.
Ысыгын күндүн көрдүңүз,
Көзүң көрүп турса да,
Ынабайбы көөнүңүз?
Арзандык менен адамдын
Колунан келер жумушпу?
Жан-жаныбар күн көрсө
Жаркырашып турушту.
Караңгылык түн болсо
Карайлашып курушту.
Карап, көрүп турасың,
Канча түрлүү жумушту.
Асман-жердин арасын
Аңдап адам карасын,
Нече күндүк жол экен,
Ошончону иштеткен
Ээси кандай болду экен?
Көк менен жердин арасын
Көргөнүң барбы көбүңдө?
Ушунчаны жараткан
Бут дейсиңби көөнүңдө?
Көзүң көрүп турасың
Асманда тийген айыңды,
Аягың басып турасың

Астыңдагы жайыңды.
Алдыңдагы кара жер,
Жер экен – деп тим болбой,
Айлананды карай бер.
Ушунчаны көтөрүп,
Акы албаган кандай эр!
Барча баарын жараткан
Бир жараткан кудай дээр!
Азис кылып жараткан
Асман-жерге тараткан,
Малайик бар берherşте.
Сүрөтүң күчү келеби
Ушу турган жандарга
Бир күнү ырыс беришке?
Ырыскы берген кудайың,
Жан-жаныбар баарысын
Сактап турат жудайын.
Нече мындай аалам бар,
Аршы-күрсү калем бар.
Дүнүйөнү төрт бөлүп,
Биринде биздей адам бар.
Үчөөндө бөлөк жандары,
Сүрөт кылып, кудай – деп,
Адамдын азган заңгары.
Сүрөттү кудай десеңер
Акыреттин күнүндө
Артык бушман жебеңер.
Баргандан соң ал жерге
Байда кылбас бушманың,
Аты азезил шайтан бар,
Азелден бүткөн душманың,
Сүрөтүң болуп сүйлөгөн,
Сүйдүм – деп коюп дүйнөдөн,
Акыретке барганда
Жолдош кылып өзүнө,
Тозок жакка сүйрөгөн.
Зордугум жок сиздерге,
Соңунда жакшы иштээрге
Жолдош болуп биздерге
«Алла Таала бирсиң» –деп,
Акыреттин камын жеп,
Келме шаадат келтирип,
Кесепетту . напсинин
Кесип башын өлтүрүп,
Айткандан угуп арзымды,
Анык билип дарсымды,
Калп эмес – деп, – бу сөзү
Тилге кирчү барсьңбы?
Келме шаадат келтирип,
Көрүнбөйт кудай азыр – деп,
Динге кирчү барсыңбы?!»
Айдаркан уулу эр Көкчө,
Айтып аны салганы.
Аны уккан соң калмактар
Айран-азыр калганы.
Алла насип кылганы,
Айгай салып ыйлады:
«Азыптырбыз мурун – деп,
Айтканын уктук мунун – деп,
Анык аалым дедик ко
Айдаркандын уулун!» – деп.
Жер жайнаган мол экен,
Жергесинде турганы
Жетимиш миң кол экен.
Элүү миңи ыйман айтканы,
Усбаса кылып шайтаны,
Жыйырма миң айтпай кайтканы.
Болбогонун мейли – деп,
Жолдоштору жобурап,
Кийин болгун дейли – деп,
Көңүлү менен көп адам
Мусулман болду буркурап,
Кудай жалгыз, куран чын,
Келме айтышты чуркурап.
Дининен азган калмакты
Шарият жолун карматты.

Ак жадысын сүйлөттү,
Жүз кишиге бир киши
Жүрүп намаз үйрөттү.
Антип-минтип арадан,
Аңдасын сөзүн ар адам,
Алма-Коюр калмагы
Айдарканга караган,
Андагы алаш балдары
Каапырды кылып мусулман,
Катаасыз ишке жараган.
Аскер жыйып чогултту
Алма-Коюр калаадан,
Насият угуп калмактар
Айтылуу Көкчө баладан,
Акунбешим баашаны
Алууга кеткен ошону
Манасты Көкчө санаган:
«Курдашым Манас не болдуң
Алып эми барайын
Куралган алач көп колду.
Жүз элүү миң кол элем,
Эки жүз миңге карк толду».
Аны ойлонуп Айдаркан,
Баласы Көкчө баатыр жан,
Башкарган колу эки сан.
Ата-бабаң санатын
Абирет алгын окуган.
Он миң болсо сан деген,
Он санды билген кишини
Ордолуу орчун кан деген.
Он сан болсо бир илек,
Оболку түрктүн сөзүндө
Миллионду ким билет.
Ата-бабаң санатын
Алмагыңыз чоң милдет.
Он илегиң бир түмөн,
Ушу санат түркү тил,
Ойлонбостон эл жүргөн.
Он түмөнүң топ деген,
Токтолду, санат жок деген.
Аңдаганга ушу экен
Атаңардын санаты,
Ал заманда алаштын
Жайылган экен канаты.
Жайылбаса неткени,
Төрт жүз миң аскер кол менен
Акунбешим баашага
Арстан Манас кеткени.
Уйгурдан келген Мунаркан,
Ымалайдын Кайып даң
Жүз элүү миң кол менен,
Баатыр балбан зор менен,
Анда кытай тилинче
Айтпайсыңбы Сагымбай
Аян болуп билинсе.
Нарынды айткан Суңшоо – деп,
Жиберген Манас буларды
Дагалактын Мунарды.
Аскер баргын ошоо – деп,
Манас деген жомогу
Бир миң бир жүз жылкы кеп.
Аны ошо жерге таштаңыз,
Айдаркан уулу Көкчөнүн
Аңгемесин баштаңыз.
Күрмөлтүп калың кол менен,
Күн батыш жакккы жол менен,
Көтөргөн алтын туу менен,
Көк жаңырган чуу менен,
Жаркылдатып асынып
Саадак, мылтык, жарагын,
Сандыргалуу көй кашка
Салтанатын карагын!
Найзага байлап байрагын,
Белге кыстап кайрагын.
Айбалта, кылыч байланып,
Жай булуттай айланып,

Жарактын баарын шайланып,
Жапма калкан байланып,
Күрөөкө, соотун бөктөрүп,
Күрсүсүнүн сабына
Жибектен боолук өткөрүп,
Бет алганы күн батыш,
Абан-Таш ата, Суук-Дөбө,
Оолжуган көй төрө,
Беттешүүгө жоо таппай,
Бери ургандай көй төрө,
Каптап кирди калың кол
Кашкел дуу-ду калаасын,
Караган менен көрө албайт
Бир адамдын карасын.
Каңгыратып бош таштап,
Качкан экен калаасын.
Кандар минген каарына,
Карап көрсө шаарына
Тоосу менен саз калган,
Тоогу менен каз калган,
Тереги менен тал калган,
Челеги менен бал калган,
Жайыттан жыйбай мал калган.
Уюкта калган доңузу,
Угулбайт да, көрүнбөйт
Бир адамдын добушу.
Качкан экен булар – деп,
Кайда барып турар – деп,
Акбешимге бу барса,
Анык арбак урар – деп,
Мингендери сай күлүк,
Белге жарак илинип,
Бет алган жагы бүлүнүп,
Кашкелдин элин табабыз
Улугу Чебен кытай – дейт,
Учураса чабабыз.
Ушундай акыл ойлошуп,
Узун-Агач, Чамалган,
Ушунда киши бар го – деп,
Суусун өрдөп бойлошуп,
Жан барбы деп камалган
Жоголгонун табышып,
Коңулчусун чабышып,
Калмагын коюп салышып,
Кытайын терип алышып:
«Кыжылдабай иш кыл!» –деп,
Кызматына салышып.
Абалкы аты Оюн-Суу,
Колдун конгон жери бу.
Аскерден киши чыгарып,
Ар тарабын чалыптыр,
Абандынын жонунан
Качкын болгон каапырдын
Караанын көрүп калыптыр.
«Абан-Тоодо жатыр – деп,
Көрүп келдик баатыр!» – деп,
Көкчөгө айтып барыптыр.
Азыр Көкчө чыгарды
Алтымыш миң кишини,
Кайра качкан каапырдын
Бүтүргүн – деп, – ишини.
Кара-Кыштак, Каргалык
Кармап жолун алыптыр,
Каршы чыккан каапырды
Каран түнгө салыптыр.
Эскинин кебин угуңар,
Эри Шекел уулу бар,
Аты Коңгор, жаң-жуңу,
Бабың маңгул дээр муну.
Коңгордун уулу Бейшекел,
Качып барып кошулган
Кашкелден качкан бир канча эл.
Бейшекелдин колуна,
Абан-Тоонун жонуна
Үч жүз миң аскер жыйылып,
Лаанатка сыйынып,

Азырланып алыптыр.
Кашка-Суудa Кеймен шаа,
Оргого барып ал өлгөн,
Өлгөнүн барча көз көргөн.
Ала-Бел ашып жол менен,
Жүз элүү миң кол менен,
Кыпчак Үрбү жөнөлгөн,
Көтөргөнү туу менен,
Көк жаңырган чуу менен,
Жүз элүү миң кол менен.
Азыркы аты Тору-Айгыр,
Ала-Белдин жол менен
Калың кыпчак, эр Үрбү
Кароолчусун кармашып,
Чыңоолчусун байлашып,
Даңгүл калаа башынан
Жайнап чыгып калыптыр,
Кара курттай көп кыпчак
Кайнап чыгып калыптыр.
Айгай кулак тундуруп,
Ала байрак найзасын
Каапырларга сундуруп,
Жоорунга найза салышып,
Жолуккандын баарысын
Алмадай башын алышып,
Көтүнөн тозоң булатып,
Көсөмсүгөн каапырды
Көчөсүнө сулатып.
Аркага найза мылгытып,
Акимсиген кай бирин
Аттан алып ыргытып,
Айдап шаар каапырын
Алды-алдынан дыргытып,
Базарын кыргыз аралап,
Бай-пайлашып калмактар,
Карагайга бааналап.
Тескей жагы карагай,
Темтеңдешип калмактар,
Бир-бирине карабай.
Кыргыз, кыпчак биригип,
Кытайдын шаарын бүлдүрүп,
Көрө элегин билдирип,
Көсөмсүгөн кай бирөөн
Тирсегинен илдирип,
Кажылдатып кай бирөөн
Куйкаларын тилдирип.
Баштан каны шорголоп,
Бакылдашып кай бирөө
Бастырмага корголоп.
Куйрукка найза мылгытып,
Кууп-сүрүп дыргытып,
Базардагы тоогунун
Башын үзүп ыргытып.
Каапырдын журту кумдан мол,
Кадимден аты Кашка-Жол,
Көөнүндө жогу табылып,
Көңкү качып каапырлар,
Көк-Жонду көздөй жабылып,
Казан сынды быркырап,
Катын-бала чыркырап,
Качып барат каапырлар
Көк-Адырда чуркурап.
Аяк жагы Булак-Жол,
Дангүл шаар калаасын
Басып калды жүз миң кол.
Ойрондоду көп калкын,
Отуз нөкөр кыз менен
Ордосунан былк этпей
Олтуруп калды Ойсалкын.
Ойсалкын дээр атыны,
Ушу болор Үрбүңдүн
Ойроттон чыккан катыны,
Маңгул, кытай баарынан
Башка дешти затыны:
Тили жатык, ширин сөз,
Короз моюн, кумар көз,

Ийини салык, жайык төш.
Жамынганы кара киш,
Бети нурлуу, бермет тиш,
Кашы кыйгач, сумбул чач,
Тамагынан көрүнөт
Кара мейиз, жеген аш.
Ордодон көрдү аларды,
Оттой жанган банарды.
Көргөндөр көзүн салыптыр,
Көп адамдар талыптыр,
Бейбактын бетин көргөндөр
Бехуш болуп калыптыр.
Беш жүзчө киши дал болуп,
Бериби? – деп таң болуп,
Өкүм кебин айта албай,
Кол салууга бата албай,
Таңыркашып бу кызга,
Тал чыбыктай куу кызга,
Карап алар калыптыр.
Калк таңыркап жатканда
Таңыркашы недир? – деп,
Таздын уулу эр Үрбү
Кашына жетип барыптыр.
Көпкөк темир сооту бар,
Көзүндө жанган оту бар.
Белине кисе байлаган,
Беттешкенин жайлаган,
Ээрдин кесе чайнаган,
Тамырында кайраты
Ташыган суудай кайнаган
Кыпчактын кыраан Үрбүсүн
Кыз көзүнө илгени,
Кыйла журтка ээ го! – деп,
Кыйындыгын билгени.
Так ошондо Үрбүнүн
Жашы жыйырма сегизде
Жайын билди Үрбүнүн,
Жаңы астына келишти.
Ойсалкын сулуу кеп сурайт:
«Ойноктогон сен бурут,
Кайдан келдиң» –деп сурайт.
Кыз Ойсалкын сулуунун
Кыйындыгын билиптир,
Кыраан Үрбү баатырың
Мурутунан күлүптүр.
«Атамдын келдим белинен,
Намыс кууп жүрөмүн
Анжым калмак элинен.
Энемден келдим ужутка,
Эски динин койсун – деп,
Жол айтууга бу журтка.
Келиптирбиз биз – деди,
Сүлөөсүндөй керилбей,
Сүйлөп көрчү, сиз?» – деди.
Чайкады бу кыз башыны,
Жамгырдай төктү жашыны:
«Адамда жок чечeнсиң,
Акылга дыйкан экенсиң,
Талашпастан, көрбөстөн
Талабыңа жеткенсиң.
Бердим сага башымды,
Ырайым кылгын ыйлаган
Көздөн аккан жашымды.
Сындырбагын белимди
Кырдырбагын элимди?!
Баштатадан көңүлүм,
Башкада жүргөн оюбуз,
Таалайыма табылдың,
Саа кошулсун боюбуз,
Талап-булап бүлдүрбөй
Эки-Сууну коюңуз.
Он жети жашка жеткемин,
Ойротко даңкым кеткемин.
Сураганым Эки-Суу,
Султаным, сага сөзүм бу.
Атам өлгөн муңдуумун,

Арамы жок мунумун.
Азыр түшүп колуңа,
Жесир болуп турумун,
Күйөө күтүп, жар кучпай,
Жетим болуп курудум.
Напсиси айдап куруткан,
Аламын – деп, – буруттан
Кара келди, кан келди,
Канча түрлүү жан келди.
Сундуң менен калдайды,
Сууттум далай жандарды,
Жаң-жуң, доотай заңгарды,
Чыйтай менен амбалды,
Чыйраксыган жандарды.
Атам Кеймен тандатты
Ар бир жерде ата уулу
Чырактай жанган балдарды.
Ообаган жанга көңүлүм,
Омурткам эрип сөгүлдүм.
Башымды тарттым алсырап,
Байкап турсам өзүңдү
Баатырлыгың азыраак.
Акылга толук эрденсиң,
Атканын жазбас мергенсиң,
Аркы атаң дегдаар элденсиң,
Кыргыз кыпчак атанып
Кыйладан бери келгенсиң.
Кабыл кылсаң өзүмдү,
Карайлатпай көзүмдү
Ченелүү бөлүк жеримди ал,
Жергеси менен элимди ал,
Желеси менен малымды ал,
Тереги менен талымды ал.
Аянарга алым жок,
Колумдагы барымды ал,
Казынада зарымды ал,
Катарда чөккөн нарымды ал.
Аздырбагын айылымды,
Аздырбаска айылымды
Абыдан тилейм кайрыңды.
Нак ушу жерге алып кел,
Мурдагы алган зайыбыңды.
Тоздурбагын тобумду,
Алар болсоң өзүмдү
Айт токтотуп жообуңду?»
Ошону айтып Ойсалкын,
Оюна алып көп калкын,
Атам өлдү, мейли! – деп,
Адамынын камын жеп,
Оолжуй басып турганы,
Кызыл жакут кесеге
Кыз аракты куйганы.
Кызматкер турду карашып,
Кыдырата жардашып.
Кыздары кырка турганы,
Кызыл жакут кесесин
Кыз Үрбүгө сунганы.
Мындан артык болобу
Бендесинин тунганы!
Кызыл жакут кесени
Кыз ийилип сунганы,
Кызматына турганы,
Алты аягын аянбай
Напсиге Үрбү урганы.
Заарбы, – деп санабай,
Өлчөмдүү болгон душман журт
Өчүрөт, – деп карабай.
Эрлиги эмей неткени,
Эзилип бою кеткени.
Кара тер басып камыгып,
Кара бою нымыгып,
Оолугуп Үрбү алыптыр,
Оюнга кирип калыптыр.
«Айтканыңды бердим!» – деп,
Ушу жерде Үрбүңүз
Убада кылып салыптыр.

Кызыл жакут кесесин
Үрбү кызга тутуптур,
Үч кесени аянбай
Ойсалкын алып жутуптур.
Эр Үрбү эки жолдошун,
Айкожодон окуган
Азармат, Эрмат молдосун...
Чапма нике байлады,
Оолжуй басып Ойсалкын
Төшөк-орун жайлады.
Кыраан Үрбү чечениң,
Жалган дүйнө жалмады
Кыйындардын нечени,
Кыздын көрдү кызыгын,
Оттой көрдү кадимки
Ойронунун ысыгын.
Жаман жерди тиретип,
Жан берчүдөй чиретип,
Көөкардай көзүн сүзүлтүп,
Көк тамырдын баарысын
Киричинен үзүлтүп,
Бүгүшү калбай жазылып,
Бүктөөдөгү кандары
Бүркүрөй түшүп басылып,
Шаабаты бойдон кеткени,
Кыз Ойсалкын, эр Үрбү
Талабына жеткени.
Напсисин антип өлтүрүп,
Мусулман кылды бу кызды
Келме шаадат келтирип.
Ал күнү түнөп калышып,
Аңгемесин салышып,
Ордодогу кыздарды
Ата уулдашып алышып,
Аламан чабуул чаптырбай,
Аскерин Үрбү тыйыптыр,
Аяк-башын жыйыптыр.
Алты күн өргүп алыптыр,
Абакеси Бакай кан
Боомго уруш салыптыр.
Жетинчи күндө эр Бакай
Жер жайнаган кол менен
Жетип барып калыптыр.
Жүрүптүр капчал жол менен,
Жүз отуз миң кол менен,
Желеги жибек кызыл туу,
Жер жарылган ызы чуу.
Боролдойдун талаасы,
Кичи-Абан-Суу калаасы,
Карарып жаткан багы бар,
Калдайып жаткан тамы бар,
Каалагандын баары бар.
Най менен бөлгөн суусу бар,
Алтын айчык туусу бар,
Айгайлаган чуусу бар,
Эки күндөн бер жакка
Эр Үрбүгө бой бербей
Уруш кылган ушулар.
Коңгур жаң-жуң беги бар,
Бейшекел аттуу эри бар,
Качып келип жыйылып,
Карк үч жүз миң толук эли бар,
Кандай бурут келсе да,
Канын суудай төгөм, – деп,
Кайрат кылган деми бар.
Бакай баатыр, Кыргыл чал,
Кыжылдаган кытайдын
Не болгонун көрүп ал.

# МАЗМУНУ

***Ч. Айтматов.*** БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗ РУХУНУН ТУУ ЧОКУСУ .................... 3
САГЫМБАЙ ОРОЗБАКОВДУН ВАРИАНТЫНЫН ТЕКСТТЕРИ ................. 11

*Илимий-популярдуу басылма*

**«Классикалык изилдөөлөр жана тексттер»**
**сериясы**

# САГЫМБАЙ ОРОЗБАКОВ
# «МАНАС»
## I ТОМ

Түзгөндөр
*Самар МУСАЕВ, Абдылдажан АКМАТАЛИЕВ,*
*Жазгүл ТОЙЧУБЕК КЫЗЫ*
Тех. редактору *Тилекматова Н.*
Корректорлору *М. Касымгелдиева, М. Көлбаева*
Компьютерде терген *Ж. Тойчубек кызы*
Комьпютердик калыпка салган *Б. Өмүров*

Терүүгө 10.09.2018-ж. берилди.
Басууга 30.10.2018-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 70x100. 1/16
Көлөмү 34,5 б.т. Нускасы 500. Заказ № _____

Басма-полиграфиялык комплекс
«Принт Экспресс» ЖЧК басмаканасында басылды.
Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Профсоюз көч., 49